
КАЧКЫНБАЙ ОСМОНАЛИЕВ


# ТҮН ЖАМЫНГАН АКЫН





КАЧКЫНБАЙ ОСМОНАЛИЕВ

# ТҮН ЖАМЫНГАН АКЫН



ПОВЕСТТЕР
ЖАНА
АҢГЕМЕЛЕР

84 Ки 7—4
О—74

Рецензиялаган *Аскер Карыбаев*

Сүрөтчүсү *К. Давлетов*

**Осмоналиев Качкынбай.**

О—74 Түн жамынган акын: Повесттер ж-а аңгемелер /Сүрөтчүсү К. Давлетов. — Ф.: Адабият, 1989.— 320 б.
ISBN 5-660-00027-4

Жазуучунун кийинки кездеги чыгармалары окуучуларыбыздын жылуу пикирлерине ээ болуп келүүдө. Бул китеп да өз окуучуларын таба алат деген ойдобуз.

$О \frac{4702300100—5}{М\ 455\ (11)—89}$ 27—89 **ББК 84 Ки 7—4**

Мурда жарык көргөн чыгармалардын мазмунуна жылдызчалар коюлду

ISBN 5-660-00027-4 © «Адабият» басмасы, 1989

# ПОВЕСТТЕР



## АК ШУМКАР

Тээ чокуларына мөңгү, бел курчоосун суйдаң булут курчаган «Кара-Тоо» аталат. Сагалары бүт кыштоо. Уюлгуган сары бетегелүү жогору жагын Жумгал элинин үчтөн бирин башкарчу Мырзакулдун ата өтүшкөн иниси Абдыбек баштаган бардалдуулар кыштайт. Жылкы менен кара боз койлору карды буркулдата чапчып, тээп, жон ачпай семиз чыгат кыштан. Адырдан-адыр болгон эңишинде кар жука. Тескейи тулаң, шыбак. Коктулары шыраалжын, чий. Бул аймакты «Кара-Өтөк» дешет. Чакан айылдуу кедейлер кыштайт. Ошол кедейлердин ичинде уругу «аюу» аталган алты үйлүү ага-ини бар. Арасында медер тутаары Бердигул. Ал кабак-каштуу, кызылдуу жүзүнө майлагандай жылтырак кара муруту жарашкан, ыманы ысык, жылдыздуу адам. Бир учур, бетинен нуру төгүлүп, көзү алая күлүмсүрөп, ак тайлактын жүнүнөн жасалган чепкени кара баркут менен жакасынан бери кыюулаган, башында шырма ак топучан Мырзакул болуш, дөбөдө жоон топ киши менен олтурат эле. Тетигиндейден аттан түшкөн Бердигул басып келип, салам айтат:

— Ассалоом алейкум болуш ата!

Болуш алик алат. Жигитти шакаба чалмакка:

— Толгон-токой урууларды ичинен не себептен «аюу» аталып калгансыңар аа? — дейт.

...Кыясы, Калмактар сүрчү замандарда го? Ары жагы Кетмен-Төбө, андан бери Сары-Камыш, Кичи-Жекат, Чоң-Жекат. Баары эле заңгел тоолор. Малдары кийик менен аралаш жайылчу бул жердегилерге жаратылыш дагы боорукерлик кылганбы, ар кайсы жерден тектирче, түз кездешет да, күрөк-кетменделинип жүгөрү эгишет. Тоо этегин кырчып Нарын дарыясына кошулчу Көкө-Мерен дарыясы чамынат.

Чыгыш тараптын өйүзү да заңгыл тоолор. Аттары: Карачүйлүү-Кармантүз, Киндик-Дөбө, Миң-Куш. Бир учур-

ларда күйөөгө узатылып жаткан кыздын көшөгөсүнө кирип, Тоголок Молдо ырчыминтип кошкон тура:

Карачүйлүү-Кармантүз,
«Как» деген жерге барасың.
Түтүн сайын бир малдан,
«Тап»! деген элге барасың.

Көкө-Мерен дарыя,
Копкон жерге барасың.
Үйлөгөн чанач байланып,
Өткөн элге барасың.

Ошонун Миң-Кушунда Бердигулдун түп аталары жашаптыр. Бир чоң атасынын атасы Эзилкемиш мергенчи экен. Кол малга көп асылбай жайы-кышы туугандарын кайберендин эти менен багыптыр. Кызыл зоонун курбулары жайнаган эчки-теке. Четкерээкте сур эчки. Жанында эгиз ак улак секирип ойноп турат. «Бу кандай болуп кетти? — дейт Эзилкемиш. — Үй малынан кошулуп кеткенби?» Тактап билмекке жашыл шибер, жапалак арча, караган черди аралап өңүп жетет. Мүйүзү каркая ийилип олтуруп чычаңыпа жеткен, быйылкы кышта карыганынан чөп кырчып оттой албай арыктап өлөөрү байкалган, ноопаздай текеге мылтыгын сундуруп, мээлейт. Милтеге жылдырып чок басат. Бараңдын сайынан түтүн бурк этип, өйүз-бүйүз тоолор көчкү көчкөндөй дүңгүрөйт. Зор теке кулап түшөт. Кайберендер жамырап качып жок болот. Эки ак улак эчки менен кошо кетет. Ошол жер кийин «Ак-Улак» аталып калат имиш уламыш сөздө. Атып алгандарын союп, көтөрүшүнчө алып, калганын үңкүргө илип, бекитип кетчү тура. Үңкүрдүн ичи буксуп, айланасына чымын-көгөөн толуп коңурсуганынан улам, «Сасык-Таш» аталып калган экен. Музоолорун ээрчиткен маралдар, мүйүздөрү каркайган бугулар жайылып жүргөнүнөн «Миң-Бугу» аталган деп да коюшат. Кекилик, чил тумандап, кыргоолу суу бойлоп, чар карга, сагызган батпай, ободо торгойлор сайрап, ачада булбулдар таңшып чуу түшкөнүнөн улам «Миң-Куш» аталган дешет.

Эзилкемиш бир күнү мөлтүрөп бышкан карагаттын шагын жапырып алып, жаланып-жуктанып оозу тынбай аймап жеп жаткан өгүз аюуну көрүп селт этет. «Ыя алла! — деп өңүп жөнөйт. Бул тараптын аюусу ак чаңдыр, күрөң болчу эле, арпанын тоолорунан оол келгенби айдай сары экен?» — деп күбүрөйт. Карагатка алаксыган аюу улам бир түнткө кирип, ачык корүнбөй көпкө алек кылат. Жашыл жалбырактарга аралашып сарала боло калганда, өңүп жаткан Эзилкемиштин бараңы баң этет. Аюу бир айкырып алат

да санын чапчып, күнгө чагылышкан жүнү сары атластай жаркылдап качып жөнөйт, Эзилкемиш артынан сая түшөт. «Мына жыгылат жок! Ана жыгылат жок!» Аюу капталдан-каптал, кырдан-кыр ашат. Адашып калбоо үчүн Эзилкемиш кадимки Кожожаш өңдүү арыштап баратат. Аюу бир чапка токтой калды. Мергенчи «кансыраган неме эми жыгылат!» деген үмүттө. Аюу топуракты буркулдатып чапчылап жиберди да, бирдемеге үзүлүп түшүп, ашыгып жеп жатты. Анан, таза балээ болду! Жыгылмак түгүл сылтыганы билинбей, урган бойдон качты, соо кезиндей анда-мында бир тийип.

Аңынан үмүтү үзүлгөн Эзилкемиш тердеп-тепчип, бышылдап-күшүлдөп аюу чапчыган жерге барат. Бараңын таянып, чөк түшүп олтурат. Чукулган жердин бетин сыйпалап, тырмалап көрөт. Тарам-тарам ак соё тамыр экен. «Не бар не жок», тамырды түгөл көөлөп, казып алат. Үйүнө келгенде көптөн бери төшөктө жаткан бейтапка кайнатып ичирет. Айыгып кетет. Буту сынганга, колу чыкканга кургатып койгон тамырдан кайнатып ичирет. Айыгып кетет. Ошондо «сен табып турбайсыңбы?» «Табыптыкты аюудан үйрөнгөн турбайсыңбы!» дешип, Эзилкемиш атын коюшуп, «Аюу» деген ат менен чакырып калышат. Кийин анын укум-тукумдары «катаган» уруусунун ичинде «аюу» аталып кетет.

Бл икаяны болуш мурда эле уккан. Бирок, экинчи дагы бир башка окуя айтылат бул тукумдар боюнча... Эзилкемиштен — Алчикен. Алчикен атасына окшошуп кабак-каштуу, мурду муштумдай неме экен. Кыштын күнү айылдын бир топ балдары жылгаяк тээп сазда жүрүшөт да, түнт камыштын арасынан короолу кармашат. Нокоттой кара көзү бар, башы-канаты сарала кооз, учуп кетсе камыштын бакалы зорго былк эткен кичинекей короолудан бешти кармашкан. Санай келсе төрт.

— Эй, бирөө кана?

— Болгону ушул.

— Бешөө эмес беле?

— Жутуп койду дейсиңби?

Балдар кужулдашат. Биринин колун бири ачат. Биринин жеңин бири шыкаалайт. Жок. Аңгыча бирөө бакырып калат:

— Байкетаай! Алчыкенде тура! Алычкен ууру тура?! Элеңдеген немелер «кана, кана» дешип, Алчыкенди тинтишет. Жок. Жанагы айткан бала ыкшып күлүп аткан өбөктөп. Эми күлкүдөн тыйылбай бети бырышып, Алчыкеңдин жүзүнө сөөмөйүн көзөйт:

— Тигине, тигине мурдунда жүрөт. Мурдун карасаңар! Кайран Алчыкен, бир короолуну тапоосуна кымыра койгон экен дейсиң... Куйругунун учу кылтыйып чыгып калыптыр.

— Оо, атаңдын көрү! — деп бир бала тартып чыгат тырмактай короолуну. — Мурдуң мурун эмес эле, ийин турбайбы?! Борбойгон мурдуңду... аюу таноо энеңди урайын. Ката койгонун карасаң ой?! Ошондон улам уруулары «Аюу» аталып калган деп да коюшарын билген Мырзакул болуш күлүп алмакка «Бул бала кайсынысын туура дейт болду экен?!» деп Бердигулду азилге чакырды.

— Болуш ата! — деди Бердигул төмөн тиктеп жылмайып.— Мергенчиликтен, же короолу жоготуудан болбогон күндө деле уруубуздун «Аюу» аталышы жакшы болгон. Чынында, биздин тукумга таап коюлса керек го?!

— Атеей, мырза! «аюу» деген атка арданат деп жүрсөм, сен ошого ыраазысыңбы? — деп ак чепкенинин этегин маасынын кончуна кымырып калды.

— Кадимки жапан аюу жайды жайлата жан багат экен: ал тоого бир урунуп, бул тоого бир урунуп,— дейт Бердигул.— Анан, күздөн жаз чыкканга чейин таманын соруп, үңкүрдө жатат экен. Биз деле жайлата жакада, андан бир аз өйдөлөп Кууганды капчыгайынын башындагы тектирлерде олтурабыз. Кыш бою Кара-Өтөктөн жылбайбыз. Аюудан айырмабыз кайсы? Ошонубуз үчүн, өзүңүздүн ырчы Карымбай аксакал:

Аюуларды тууганбы!»
Айдап жүргөн малын көр.
Кыштаганы Кара-Өтөк,
Жаз келгенде бир көчөт.
Жайлаганы Кууганды,
Талансын деп чымынга —
Аюуларды тууганбы!» —

— деп ырдап жүрбөйбү деди.

— Ии, тирүүдөн түңүлбө деген! — дейт Мырзакул.— Алты түтүн аюулардан да бир «камчы сап» чыгат бейм чагымда?.. Айтканың жүйөөлүү болуп калды жигит!

Ошол Бердигул, түнкүсүн чөптү кыроо баскан кеч күздө Кара-Өтөктө болчу. Ойдуңча өтөктүн кырларында аралары алыс, ууру-бөрүгө жолтоо болгудай дубалдары жапыс үч кепе. Ойдуңда эки таш короо. Былтыркы чапкан көңдөрү кырына тегерек тартып жыйылган. Короонун жогоркусу эки атанын балдарыныкы. Төмөнкүсү бир атанын улуу катын, кичүү катынынын балдарына таандык. Бирдени мал кезүүсүнө кетет. Чоңдору тестиер балдарына аралашып чүкө атышат же ордо ойношот короолорунда. Кыздары бир үйгө чогулат да бурчту ээлешип, куурчак ойношот. Оюнчукта-

рынын элечектерин, кийимдерин коздошот, сайма үйрөнүшөт. Аялдары жүн тытып, жип ийришет. Калак-Таш тарaптагы кыштоодон Чолок-Терек, Шоргоо тарапты карай бирин-жарым салт аттуу жолоочу, же айылчы өтсө, иттер түш-туштан чуркап абалашат да, аюулар оюндарын токтотуп, карап турушат делдейишип, кырды ашып, коктуга кирип кеткиче. Жолоочу кайрылып калса жабыла кол сунуп, ал-жай сурашат. Түшүп даам татып кетүүсүн өтүнүшөт. Жолоочу «шашылыш элем, ыракмат» деп жөнөй турган болсо бир баланы үйгө чуркатышат. Ал айран же жарма толгон чапма кара аякты чайпалтып, төгүп-чачып жетип келет. Бала атасына берет. Атасы жолоочуга сунат. Жолоочу жаак этин булкулдата жутуп, эңшерип туруп кайрат. Ыракматын айтып, мурут-сакалын сылайт да, кош айтышып атын теминип жөнөйт.«Кет» дегенди «чык» дегенди укпаган иттер атты жандап, куйруктан бурдап, ажылдап ээрчип, жолоочуну кырды ашыра, коктуну өрдөтө алыска жеткирип анан жаактары жап болушат да, шыраалжындын, чийдин түптөрүн шимшилеп, жойлоп кетишет.

Жолоочу аял болсо, баш ийкеп учурашат. Өзү кайрылбаса, токтотушпайт. Иттердин баягы чуусу. Кар калыңдаганда эртели-кеч уйларынын көчүктөрүн акмалашат. Омполосо жылуусун кетирбей көчүккө ылайыктап тегизделген кыктын үстүнө «челек түп» жасашат. Тоңгондо оодарышат. Артына кар коюп, суу себишет. Тоңгондо кайталап кар коюп, суу сээп, калыңдайт. Муну «орокпай» дешет. Алдында атайын тешиги болот. Ага жип өткөрүп, кармагыч жасайт. Түндөсү жон кыр ылдый зуулдап жылгаяк тебишет келин-кыз, жигиттер, тестиер балдарын ээрчитип, Ай жарык түнү аюулар жылгаяк менен таңды атырышат.

Түш ооп калган. Булар башкы короодо чүкө атып, кужулдап жатышат эле, төбө жак шуулдап калды. Ар кими элеңдеп эки жакты карагыча таш короонун айланасы доп-доп, шыбыр-шубур болуп, кычык-коңулдарга кекилик-көгүчкөндөр сойлоп быгып жатат. Катын-калач деле, ата-бала деле жүгүрүп жетип бирден-экиден кармап жатканы. Коркуп калган боз кекиликтер, көк көгүчкөндөрдөн колдору куру эмес. Күтпөгөн олжого тунган аюулар дүрдүгүп көккө карашты. Эки жаркылдаган ак неме кырды ашып кеткенин Бердигул көрүп калды. Буларды тобу менен ошолор кууп келгенин билишти. Ал эмне болду? Кушпу, ителгиби?

Арадан бир топ күн өткөндөн кийин таш короого дагы жоон топ чил-кекилик корголоду. Аюулар дагы кармап, дагы тамашага тунушту. Бая күнкү акчамбыл канаттууларды эми даана көрүштү. Чил-кекиликтердин тарпын чыгарган

алар, ызы-чуу түшкөн адамдардан жазгана обого көтөрүлүшүп, бөксөнү чаңдуулап Чолок-Терек кыштоосун карай сызып кетишти.

* * *

...Насип келин кезинде күйөөсү Сатылганды ээрчип, кайнилери Карабек, Калчакени алып,ирдениш үчүн Жалал-Абадга барат. Үчөө байлардын коругуна акчага баалап дубал согушат. Сааган сааны бөөн эмчек көк токол эчки. Эчки делинген менен үч маал саалган сүтү орто уйдан кем калбайт. Дубал ургандардын аш катыгына жарайт.

Казандын түбүнө кырмычыгынан башка бир сугум күрүч калтырбаган келин, жыгач табакка үймөлөп, үч кашык матырып, тигилерге жеткирет. Үйүнө келип казанын жалмалаган болот. Чөмүчүн алып чукулдагы оргуп чыккан кайнар булакка келет. Сузуп жутат. Булак кекиртет. Кайра жутат. Тигилердин шыбагасына канчалык тийбесе да топурак казып, ылай тебелеп, дубал соккон үчөө арык. Келин күндөн-күнгө өңдөнүп, эткээл. Үчөөнөн жашырынып тамактанган немече Насип ого бетер уялат. Кайнар булактан күчүн чыгарат. Булак жуткан сайын кекиртет. Кайрадан жутууга табити тарта берет.

Күзгө чейин үч коргон бүтүрүшөт. Ээлери келип, акыларын берет. Тирденген «аюулар» эл жерине токол эчкини улагы менен ала келишет. Сатылгандын мал башы ошол ургаачы улактуу көк эчкиден башталат. Калчаке келгенде үч борук сатып алат. Жазда үчөө тең эгиз төлдөйт. Кийин-кийин анын кара боз койлору төрт жүзгө чейин жеткен дешет. Карабек да мал күтөт. Ал «кембагал адамды ирдентээр эчки менен уй. Өлөң менен эрмен болсо жайлоону эңсебейт» деп, уйду жакшы көрчү экен. Ошондон алачыктай кара букасы, маңкайган кара ую, кара кунаажындары болгон.

Андагы келин Насип, сексен таяп калган. Бетинин кызылы өчө элек. Аюунун кичүүсүнөн улуусуна чейин атын атабай «чоң эне» дешет. Коңшу айылдагылар, куда сөөктөрү «кызыл байбиче», «кызыл кемпир» деп аташат. Өзү да көп жашаганынан, карылыкка моюн сунбаганынан улам «Жалал-Абадда мен «мүрөктүн суусун» ичкен окшоймун» деп, жакасын кармап, тобо келтирип кала турган. Ошол чоң апа бүгүн эки күндөн бери кекилик, чил кармаган небере-чөбүрөлөрүн көрүп, аса таягын таяна басып келип, урук-журматына мындай деп айтат:

— Айланайындар!.. Силердин түп атаңар уюткулуу, келалды болгон. Түшүндө кайберен колдоп, тууруна куш бай-

лаган экен илгери бир замандарда. Тыякта Терекбай айылы, капталда Күчүк уулунун айылы жатса, ортодогу Кара-Өтөкто «Аюуларды» имерчиктеп айланып келип аткан соо куштар эмес. Түлөө өткөрүп жибергилечи. Ата-бабаңардын арбагына сыйынып, ээндетип тор жайып көрсөңөрчү?!

Бирөө жарымы күлдү. Бирөө жарымы ыннанды. Чоң апанын айтканын туура көрүштү. Бердигул эркелеген кыяста:

— Чоң апа! Балким алардын короосуна дагы чил-кекиликти корголотуп аткандыр?

— Мүмкүн, балам. Алыс деле эмес, билип кайтпайсыңбы?

Кылаар иштери жок зериккен немелер тор түйө салышат. Тапыратып баарын ээрчитпей тор менен узундугу төш жары чырпык колтуктаган Бердигул, бутуна кайыш байлаган көгүчкөндү бир инисине карматат. Чөнтөгүнө буудай толтурат. Желе басып, айылдан көп окчун кайкычага келет. Итабар жердин шыбак, бетегесин жулуп, тасырайтат. Казык кагып, көгүчкөндү байлайт, талпынтып. Көгүчкөн жеткидей аралыкка жем чачат. Ар кайсы тарапка чырпыкты оңой жыгылгыдай кылып саят. Учтарына тордун четтерин илип, керип таштайт.

А күнү сыртта жүргөн аюулардын эки көздөрү ошол тор тарапта. Кеч кирди. Көз байланды. Жан-жаныбар түнөгүнө букту. Бердигулда уйку жок. Канчалык чымырканса да көзү илинип кетет. Сырттагы малдын дабышынан ойгонот. Бүкүлү жаткан неме ыргып эшикке чыгат. Таң небак атыптыр. Күндүн мала саргыч шаңы тоо артынан серпилип калган. Кечеги жайылган тор чырпык башында жок, будаланып жатат. Ал, Бердигул урган таштай анда-мында бир тийип чуркап жетти. Көзү балбылдаган, ар кайсы жеринде сары темгили бар акчамбыл бирдемени тор-мору менен, көгүчкөн-мөгүчкөнү менен кучактап алды. Көкүрөгүнө кыса көтөрүп туруп, бакырды.

— Чоң эне, чоң эне-ее! Мына-а, мына-аа!

Түнү менен баарынын оюнда тор жаткан го, үч кепедеги эркек-аял, бала-бакыра биринен сала бири жабылып сыртка чыгып, жарданышып, Бердигул тарапты тиктешет. Ооздору жалжайып, баарында күлкү. Жалгыз гана Насип чоң эне чепкенин желбегейлене, таягына салмак артып, ичинен кудайга сыйынып, жалынып-жалбарат: «Оо, кудай! Аксарбашылың азыр. Оо, кудай! Жети нан баабедин. Түп аталары, «Мындан кийинки тукумдарына төрт мертебе жолугаар. Кимисине жугуп, кимисине токтоор экен? Кимиси карманып калаар экен?» — дечү экен! Ошонун бири ушулбу?!.»

Бердигулдун аттары уйкаш коюлган инилери жарыша чуркашты. Эртең мененки чабытта торго чалынган кушту көтөрүшүп, барбалакташып, чимкириктерин жеңдери менен сүртүп жетип келишет. Алты түтүн аюуларың түшкүр! Мунун эмне куш экенин таанышпайт. Ажыратып, атын аташпайт. Өбөктөшүп күлүшүп, кужу-кужу:

— Жаныбардын көзү сонун экен!

— Кол менен жасагандай болуп, коозун нетесиң!

— Тумшугун кара, тумшугун, ороктой болуп...

— Тырмагычы?.. Атакеей! Колум тыс эте түштү, ийнедей курч тим эле...

— Ак чамбылына караганда карыган ителги го дейм?

Баары мындай боло бергенде чоң эне жетти. Тиктеп туруп жонунан, башынан сылап өптү:

— Жаныбарым, жаныбарым! Балдарымдын колуна түшүп бергениңден айланайын! — деди да кужулдагандарды тыйды. — Жаман жакшынын касиетин билеби?! Түлөөгө мал чалгыла! Кекилик-чил, күйкө менен кулаалыдан же турумтай, кыргыйыңдан коркуп корголобойт. Кыраандын канатынын күүсүнөн, шаңшыган үнүнөн коркуп корголойт. Таанoccupy ныбасаңар тааныганга көрсөтүп билип албайсыңарбы?!

Ошондон кийин бутуна кайыштан боо байлашат. Чөйчөктөй ташты тулупка салышып, боонун учу менен тулуптун оозун буушат да, козу күпкөгө алып киришип, ыңырчакка кондурушат. Кырчын кыштоосунда олтурган Абдыбек манап «аюулар бирдеме кармаптыр» дегенди угуп, мүнүшкөрү Топчубекке айтат:

— Атыңдын майын аябасаң барып көрчү эмне экен? — дейт да бырс күлөт.— Үшүгөн кулаалыны кармап алышып... элге күлкү болбосо болду аюулар!

— Болсо-болор! — деп мүнүшкөр кошо күлөт.— Ителги-кушту кармаар адамы жок эле аюуларда,— дейт да эңкейиште карагер атын өңкүлдөтө бастырып аюулар айлына жетип келет. Дүрбөгөн аюулар аттан түшүрүп жабыла ээрчип, козу күпкөгө алып кирише т. Салмоор ташты көтөрүп учкан боюнча куш чамгаракка конуп алыптыр. Ага абалы аюулар кубанышты:

— Акетай! Байлаган салмоор түшүп калган го?

— Түшпөй эле... кайышы чоюлуп турбайбы. Көтөрүп чыккан тура!

— Кантип!.. Күчтүү неме го, тобоо?!

Топчубек жалт карaары менен алаканын шак чапты:

— Катыгүн, шумкар турбайбы! Ак шумкар турбайбы!

Чокуларына союл тийгендей аюунун жаш-карысы делдеет. «Не бар, не жок» деп кесим булгаары алып чыккан

Топчубек арыдан-бери томого бычат. Тарамыш алдырат, тарам-тарамга ажыратып, эштирип, томогону тигет да ак шумкардын башына кийгизет. Колуна кондуруп, Бердигулду учкаштырып, жөнөп кетет.

Бердигул чепкен кийин кайтат. Ма, эмесе! Тапка кирген ак шумкардын кабары дүң-дүң. Абдыбек манап Чаектин маңдайындагы ак чаптуу адырдын этегиндеги Шортоңдун көлүнө келет. Көлдүн жээгин камыш менен жекен курчаган. Бетинде жайнаган өрдөк-чулдук. Бирөө өңүп жетип, мылтык атат. Өрдөк-чулдук уюлгуп учуп чыгат. Чокуда турган шумкардын томогосун алып, шилтейт. Ак шумкар сызып жөнөйт да, куткуп сайылып бир-экөөнү тээп өтөт. Кайрылып, барк-барк этип шаңшып, айланып учат. Үнүнөн чочуп, сүрүнөн корккон өрдөк-чулдуктар жапырылат. Топ-тобу менен уюлгуган камыш, жекендин арасына корголойт. Чапкылап жетип, аттан ыргып, баса калып кармап жүргөн жан. Бакылдашып, каткырышып, кызыкка баткан, кумардан чыккан жан.

Бул Мырзакулга угулат. Мырзакул озү да атайы келип, көрүп, көл жээктеп, черин жазып, ыракаттанат.

...Кезинде Мырзакул Беш-Теректен өйдө, Чаектин этегине келиштире короо-жай салдырган. Чоң бөлмө, кичи бөлмө, кыз бөлмө, аш бөлмө жана конок үйү болгон. Ар бөлмөлөрдө күн нуру куюлган экиден терезе, килемдер, туш туурдук, оймо шырдактар, адеми кооз, сонун көрүнөт. Кызы Сейилдин терезесинде куду Токмоктогу Галыйбай көпөстүкүндөй эшикче. Сейил аны өзү ачып, өзү жаап, ичинен илип алат. Элеттиктер үчүн бул бир шумдуктуудай, даап жан ача албастай бек. Четте мончо. Окчунда аткана. Күүгүмдөн кийин жабылчу көк дарбазасы далайдын кулагын делдейтип, таңдайын такылдатат. Оздон-оозго жетип кулак угуп жүрчү «хан ордосун» Мырзакулдун короо-жайына салыштырып элестетишет.

Бир топ аймактан бери ээлеп турган бак-дарагычы! Тээтиги Кара-Ойдун мелтиреген чоң сазынын маңдайындагы, Кара-Кече тараптан ачыган камырдай агып келип, Жумгал суусуна жетпей кашаардана кыр болуп туруп калган тумшуктагы түктүйгөн «Мазардын» тегерегинен да көп, түнт. Мазардагы теректер кылымдардан бери булактан демденишет. Мырзакулдун бак-дарагы адамдар чапкан арык аркылуу келген Чаектин суусу менен сугарылат. Бул өрөөндө биринчи жолу булбулдун таңшыган үнүн Мырзакулдун багынан угасың.

Короо-жайы салынгандан баштап Мырзакул малы менен малчыларын кыштоого чыгарып, өзү жакада калчу. Жаз

келгенде гана заңкайган үйлөрүн тиктирип көлмөнүн Арпа Тектирине, андан Ой-Кайыңдагы эки суунун куюлушундагы мелтиреген чоң конушуна, андан Түз-Ашууну ашып, Суусамырдагы Марал-Кечүүнүн маңдайына кончу.

Бүгүн жигитин чаптырып, чымын учуп кире алгыстай болгон дарбазалуу үйүнө Бердигулду алдыртты. Ал сүрдөп атып зорго кирет. Жез самоордон бууланган чай ичип, Мырзакул төрүндө экен. Колун бооруна алып, босогодон жүгүнүп салам айтты да, олтура кетти.

— Эй, аюу! Бери жыл... дасторконго чукул олтур,— деди келбеттүү болуш. Кысынган неме жамбаштап жылды. Колуна жыты жыпар күрөң чай куюлган ак чыны тийди. Чыныны коёрун же шар эле ууртай баштаарын билбей дабдаарыйт. Эсине өз атасы Карабектин окуясы түшөт. Ал киши дагы жолдошу менен жумуштап болуштун үйүнө кириптир. Анда да чай ичип жаткан болот. Жүйүртө отурган келин, ыз-быз түшүп шуулдап кайнаган самоордон стаканга куят да, Карабекке сунат. Какең, айран же кымыз сунуп жаткансып барбайган салаалары менен стаканды белден апчыйт. Жерге койгонду эрөөн көрүп, чайды ичип бүтөт. Сыртка чыгып, жолдошуна алаканын көрсөтүптүр: «Эр эле бекемин ыя, карачы?» — деп. Караса алаканы мөлтүрөп күйүп калыптыр.

Азыркы Бердигулдун колуна алганы, жакшы жери стакан эмес, чыны экен. Ошентсе да ысык немени шоркуратып ууртоо уят. Жутуп ийгидей максым же айран болсочу! Өз кара тамандарынын жоругун билген болуш мыйыгынан күлдү.

— Аюу, уурта чайдан? Берки набаттан ал. Чөптүн тамырын жеген «аюуга» менин тамагым өөп учурап атат го? Хе-хе-хе...

— Жо-жогуңуз, болуш ата! Тим эле... — деп мукактанды да, набаттан эмес, боорсоктон бирди алды. Чайдан ууртаган болуп, болушту туурап чынысын дасмал четине койду.

— Ак шумкарды сен кармаган экенсиң. Тай чабым жерде мен турсам, Чоң-Кырчындагы Абдыбекке неге бердиң?

— Болуш ата! Андай деле ой жок болчу. Биз анын шумкар экенин деле билбей... карыган ителги... тиги-бу... убалына калбай коё бер дешип... Чоң энем эле: «көзү жакшы экен» деди. Анан шаңшып жиберсе, «үнү ачуу экен, жарыктыктын» деп калды. Кимден укканын билбейм, Абдыбек аба мүнүшкөрүн жиберип ийиптир. Ошол киши көрө сала: «Бул шумкар! Ак шумкар тура!» — деген...

— Ал кулаалы болгон күндө да быякка билгизип койсоң болмок.

— Ошентсек да болмок экеп,— деп Бердигул олуттуу сөздү таштап койду. — Абдыбек аба деле башка эмес, сиздин урук-журматыңыз.

— Ыя?.. Ошондойбу? Жөндүү сөз, жөндүү сөз,— деген Мырзакулдун көзү кылгыра ойго кетти. Өзү качып келип тийген келинди Абдыбектен тартып, мурдагы тийген жерине кайра кайтаргандан бери экөөнүн арасы сууган. Мырзакул болуш болсо Абдыбек атасынын инисинен. Нары тең тууган, нары манаптыкка салып чиренет. Айыбы үчүн ийилип, кечирим сурабайт. Бура бастырып катышпайт.

Эшиктен Мырзакулдун карышкырдай төрт жигитинин бири Мамырбай кирди. Салам айтып, камчысын бүктөй көкүрөгүнө алып, таазим кылды да аттаган жерине жүүрүтө басты. Мырзакулдун улуу байбичеси Кадыча окчун олтура калган жигитке:

— Колуңду чайкап, даамга, бери дасторконго чукулда? — деди.

— Болушта жумуш бар... Мырзакул ээгин көтөрдү.

— Кандай жумуш?

— Сыртта жолоочу жигит турат. Сизге дидарлашсам болот эле, бир ооз өтүнүч айтат элем? — деп суранып, мени менен келди.

— Чоочун бекен?

— Айтымында ушул жерде туулуптур...

— Аа, кирсин. Киргизгин мында!

Мамырбай чыгып кетти. Көп буйдалбай каалга кайра ачылды. Темгилдене жүнү тайкы кой сүлөөсүндөн тебетей кийген, сур тыш жука ичикчен, томсоро тиктесе көзүнүн агы чыга алайган, учу келте мурдунун таноосу ичине ийилип, санааркап чарчагандай жаагы шимилген, карасур неме босогодон салам айтты:

— Ассалоом алейкум, болуш ата!

— Алейкума салам мырза,— деди Мырзакул шамдагай жигиттин чапчаңдыгын байкап. Жигит камчысын чубалта кармап, килемдин четине сыңар тизеледи да:

— «Кардың ачса карындаш изде, жооң күчтүү болсо башыңды сактап калаар баатыр изде!» — дептир. Калкалап калаар деп, асырап алаар сизди издеп келдим ашуу ашып, ат арытып,— деди.

Астыртан тиктеген болуш бырс күлдү:

— «Ууру тойгончо жейт, өлгөнчө карганат» дешчү эле. Качкансың го тууруңдан чагымда?

— Ошондой жагы бар, болуш ата!

— Кайсы жерден чыктың?

— Кетмен-Төбөдөн.

— Аа, мырзам. Байгазы менен Караталдын капсалаңы дебейсиңби! Бир белестин ары жагындагы жаңжал бизге угулбай калчу беле. Андай талаш-тартыштан биз деле кур алакан эмеспиз. Кана, ким дегендин баласы болосуң?

— Акы дегендин.

— Эмне дейт, чунак! — деп чочуп, мандашын оңдонду. — Бу биздин көп жылдардан бери дайынсыз болуп кеткен Акы устанын уулу болуп жүрбөгүн?

— Ооба, ооба. Ошол Акы устанын уулу, Калык деген болом.

— Ой, сенин атаңды кайта Кашкарга качты дешпеди беле? Кетмен-Төбөдө эмне кылып жүрөсүң?

— Анысын биле албайт экемин. Биз кеткенден эле ошол жердебиз.

— Оо, Калык мырза! «Ат айланып казыгын табат» болгон турбайсыңбы! Атаң тирүүбү?

— Тирүү, болуш ата. — деп Калык мукактанып, муңая ылдый карады. Жан чөнтөгүнөн булгаары чачыктуу тепкеси бар күмүш чакчасын сууруп, көшүлгөн казылуу Мырзакул алаканына насвай кагып жатып, сүйлөй берди:

— Акы уста агам Нойгутка да келиштире үй жыгач жасаган. Баласы Абдыбек тигип олтурат али. Тиги Нарын, Ак-Талаа, Тогуз-Торо, Жумгалдан бери кадыры жеткен Байзакка да келиштире үй жыгач жасаган. Быягы Кара-Кече, тыягы Көлмө, Суусамырдан бери төөгө жүктөп жеткирип, урунуп жүрөт... Бир уулу ырчы чыкты деп кулагым чалгансыды эле. Ошонусу эмессиңби?

— Ошонусумун. Ырымдын азабынан... — дегиче, Кадыча отурган тараптагы көк сыр каалга ачылды. Элге «Болуштун тастаңдаган кызы» аталып бараткан бой тартып калган Сейил чыкты. Ал бул бөлмөдөгү кобурду түгөл угуп, чоочун жигитти көрмөккө атайын келген окшобойбу. Тал-тал өрүлүп, шуру баскан топунун четинен куюлган жалтыр кара чачтарын кармалап, апасынын жанына жүүртө басты. Атайы тиктеген тайманбас көзү Калыктын көзүнө чабылды.

— Атаң уста болгон соң, сен деле жыгач менен кажансаң болмок. Кайдап ырчы болуп, ырдын азабын тартып жүрөсүң Акынын уулу? — деп болуш күлүмсүрөдү.

— Маңдайыма ошондой жазылганбы...

— Мүмкүн, мүмкүн. Акы уста тирүү дечи? Акы уста демекчи...

Детское отделение
Нарынской городской
централизованной
библиотечной системы

«Эл» деп адамдардын көп санын билебиз. Ошол адамдардан түзүлгөн элдин эсебиндеги жеке адам бир жаңжалдуу окуяны баштаарда «мен кандай ишти жасаганы жатам? Ушундайча башташым туурабы, же бул окуя эрте-кийин залалын тийгизчү немеби?» деп, мээсин кыйнап ойлонбосо керек. Баштап жөнөгөн көкжалы жайыттагы койго тап койгондо артындагы үйүрү жабыла жөнөгөн карышкырларча жоон камчылуусу «Тигил айылды чабабыз. Жүргүлө!» десе эле ошол айылдын атак да, бийлик да кылайып колуна тийбес томаяктары чобурун минген болуп, кайың укуругун сороктотуп дүргүп жөнөйт арттан. Сабашкан дагы ошолор, эриндерин кемирейте тиштенип алышып, бирине-бири кыжынышып. Аттан кулаган дагы ошолор, чокусунан кан жаая бергенде «Аа!» деп бакырып. Баарын билип туруп, айдап отко салган дагы болуш болчу неме жана анын жан-жөкөрлөрү. Баарын көрүп, мыйыгынан күлүп, кайра аларга айып тарттырып келеке кылчу дагы болуш болчу неме жана анын жек-жааттары. Элдин бейкүнөө токмоктошуп, бейкүнөө азапка түшүп жатканын көрүп туруп билмексен болгон дагы аймакты башкаруучулар. Элдин канга баткан дүрбөлөңүн териштирип, тергемиш болуу менен, өзүн биринчи кудайдан кийинки экинчи кудай экенин таанытып коюучулар дагы губернаторлор. Окуянын купуя сырын, саясаттын буктурма арамзалыгын кымырып, жаап-жашырып жаткан падышачылыктын чексиз бийлиги.

Аны аңдабаган караманча сабатсыз түркөй эл, отко айдаса отко кирет, сууга айдаса сууга кирет. «Падыша кудай эмес, кудайдан чоң эмес. Кудайдын кулу, элдин атасы. Ал кудайдын амири менен элге буйрук кылат. Ак адил, калыс буйрук кылат» деп түшүнгөн эл «болуштарды шайлап алгыла, көпчүлүк колдогондон экөөнөн бирөө болуштук орунга турат»,— дегенде: «Жаман да болсо, өз улагыбыздан теке салабыз!» — дешти да элдин бир тарабы Байзакты, бир тарабы Чойбекти колдоп чыкты. Чындап келсе бул экөө тээ небакқы кылымдарда ушул кең өрөөн Жумгалды чет жоодон бошотуп алып, жайланып жашап калган жоо качырган эрлердин тукуму. Тукумдан — тукум уланат экен. Ошол тукумдардын башкы аталары журт талабын талашып, журт камын жеп, күчүн үйрөт экен. Андан калгандар ата даңкы менен, ата баркы менен айылына баш-көз болот экен. Анан ал тынч турмушта ичинип-кийинип, ойноймdesе ойноп, жойлойм десе жойлоп, жасаганы ордунан чыгып, ага баары баш ийген болуп, манчыркоого өтөт экен. Дирижёрдун

колундагы ийик саптай чыбыктын учу кандай ыргалса, кандай шилтеисе жүздөгөн музыканттар аспаптарын ошондой күүлөгөн сымал, эл дагы башкаргандын буйругун угат экен. Аткарбаса, бийликтин күчү — баш жараар муз жүрөктөрү менен аткартат экен. «Шайланган болушту эл шайлады. Элдин каалаганындай болду» деп, кудайдын калпын айтат экен тобо, алмуздактан бери акылы толуп, амал-куулугу ашынган бийлик жүргүзчүлөр.

Ошол баарын чечмекчи болгон эл, баарын өздөрү билчү эл шайлоо алдында атка минет. Такымдарында көк тал союл. «Болуш, Чойбек болсун. Силер дагы колдогула!» — деп, бир тарабы чыгат. «Байзак болсун болуш. Өзүңөр бизге кошулгула!» — деп, экинчи тарабы теминет. Ач аарыдай ызылдашып жөнгө келишпегенде эрдемсип кол баштап турганга уруу башчысы «Капта!» дегенин билгизе баш булкуп коёт. Боо-олду! Мал көккө тоюнуп калган мезгилде, күкүктөп кирген Жумгал суусунун өйүз-бүйүзүндөгү казганактап турган көпчүлүк кыйкырык-чуу менен бири-бирине тап коёт. Серпилип жаткан союлдар, учуп жаткан тебетей, калпак. Кулап жаткан эр-азаматтар.

Кедей аталчу урууларынын арасында Акы да жүргөн. Күйгүзгөн кийиз менен жаагынын жаратын таңган ал, тору атын желдирип келип, үйүнө түшөт. Аялы Жийде бая эле көргөн. Жети жаштагы Орокбайы боз үйгө жөлөнүп, төрт жашар Калыгы этектеп, эмчектеги Бектурганын көтөрүп, сабыркап тиктеп турган. Эринин үрөйүнөн чочуп кетти да баласын коё коюп, үйүнө кирди. Кара аякка суу алып чыкты. Эңкее берген эңгезердей бойлуу, эңчер далылуу, эринин башынан үч айлантып, сууну тескери серпти:

— Саат-сабыр, балакет-салакет ушуну менен кетсин... Эмне болду катыгүн?..

Мурун-беттүү Акы жаагын тултуйтуп таңып алганга кейпи келишип, мокочо болуп калыптыр.

— Болоору болду го! — деди да, көзүн алайтып корко тиктеген Калыгын барбайган манжалары менен кармап, көкүрөгүнө кыса, таар чепкени менен кымтып, кобурай берди. — Он эки эр өлдү. Кан агып калды, Жийде!

Аялы алаканын шак чапты:

— Карангү-үн! Он эки... Кашайган турбайбы ыя, катын-балдары! Демейдеги тентек Калык атасын корко тиктеп жаратын көрсөтөт:

— Ата, бул эмне?

— Чойбектин «ити» тиштеп алды.

— Кантип?

— Оп этип. Атаң да аны соо койгон жок. Учура чаптым!

— Кокуй алат! — деп чочуйт аялы.

— Туруп берейинби? Эми бир шилтесе дардайып мен куламакмын. Үч балаң чырылдап, бетиңди тытып, жесир калмаксың.

Бир күн өтөт. Эки күн өтөт. Шаакенин багына чукул конгон саз жээгиндеги Акы ак тикен кайнатып, жаратын жууп, бака жалбырактан жаңылап тартып үйүндө. Жаш кезинен эмгекке көнгөн неме тынч олтура албайт. Керки-чотун алат. Чала сомдолгон теректен, кайыңдан: чара, чөмүч, чөйчөк, кашыктарды ойгулайт, жылмалайт. Балдары ыргыган чамындыларды чогултушат. Жийде эрине айран сунат. Айранын жутуп жатканда, очоктогу оттун жалыны тулгадагы казандын түбүн жалмалап жатканда, ишин таштап тынч алган Акыны бир санаа кошо жалмалайт да турат. «Төшү түктүү ошол кашкарлыктын каргышы жеттиби, же төрөлгөндөн эле маңдайга ушундай жазылганбы?» Көкүрөгүндө нечен кайталанып ичтен жегеп ошол санаа кечээтен бери дагы күч алды. Чала кайнаган каргыштуу эт жуткандай Акынын өзөгүн сыдырды. Бүлөөсүнө туйдурбоого ичтен сызат да сызат...

* * *

Кашкарлык демекчи... Акынын апасы Зулайка өңдүү-түстүү, келбеттүү болгон. Уулу он төрткө чыкканда жесир калат. Жумгалдын аягындагы Эмелге турак жайын калтырат. Ирденип, баласына энчи-менчи алып келмекке Ак-Талаадагы төркүндөрүнө барат. Ал кезде Тогуз-Торо, Ак-Талаа, Нарындан берки элди Осмон деген датка бийлеп турган. Падышанын амирине Түндүк-Түштүк кыргыздар өз ыктыярлары менен кошулуп берсе да, Осмон «кошулбаймын, мусулманчылыгымды жоготпойм» деп чыгат. Бура тарткан урууларды камчыга алат. Союлга алат. Эки миңден ашуун түтүн менен Кашкар тарапка күндөп-түндөп үркөт. Зулайка төркүндөрү менен кошо кетет.

Малдын көбү жер үшөп кырылат. Эл азып-тозот. Колунан иш чыккан уз, оозунан сөз чыккан кошокчу Зулайка, Осмондун иниси Бараканга кайрылат:

— Турак жайым бар, Жумгалга кетейин десем, байлап-матап кызыл камчыга алып айдап келдиңер. Оокатым өтпөй калды. Кайрылышкыла?

Баракан аялдын бой-келбетине, өңү-түсүнө мылжыйып карайт да:

— «Өгөгө бергис бүлөө бар, экөөгө бергис бирөө бар» дептир Зулайка! — деп бир коёт.— Өңгөгө табылбаса да сага табылат... Арадан көп күн өтпөй жоон топ киши ээрчит-

кен Баракан Зулайканын үйүнө түшөт. Куржун көздөрүндө дандыр нан, өрүк-мейиз. Атка минер кыргыздар арасында чоочун бирөө бар. Башында, кайрыгына бир эли кундуз карматкан тебетей, бапайган кара мурут-сакалчан, ак мата көйноктүн сыртынан кызыл нооту чапан кийип, белин беш сайма жоолук менен курчанган, кончу тизесин тиреген сары өтүкчөн немени Баракан көрсөттү:

— Терип-тепчиген бей-бечараларды кашкарлык туугандарга бирден-экиден тапшырып атабыз. Сени, уулуң менен бу Кошалбай...— деп Баракан мандашын оңоп, тамагын жасап жөтөлгөн болду.

— Аштан да, кийимден да кор кылбайт. Мынабу, белине беш жоолук чалып алганы, быяктагылардын «Баймын, жетиштүүмүн» деген белгиси.

Баракан атганып кетет. Көйнөгү бүчүлөнбөгөн Кошалбайдын төшү тайлактын чуудасындай эле уюлгуган жүн экен. Ошол кылжуугучка окшогон жүнгө көз салган Зулайка үп дебейт.

— Сиз, чочулабаңыз. Эч нерседен кем болбойсуз,— деп сыпаа сүйлөгөн Кошалбай да кетет. Эртеси кош өгүз чегилген, жыгачтары кыйчылдап, дөңгөлөктөрү кылдырттаган араба келет. Өмүрүндө арабаны биринчи көргөн апабала таң калышат. Көчүп барган Зулайканы Кошалбай тосуп чыгат. Жасалгалуу тамга киргизет. Килем тартылган, атлас-шайыдан көрпө-төшөк салынган тамды биринчи көргөн Зулайка, буга да таңгалат.

Кошалбай чоң казан палоо бастырат. Айыл-апасын чакырат. Кашкардык аялдарынын кийими кийгизилген Зулайкага нике кыйылат. Көрсө, кырк зээр, бир нече пуд күрүч, унга Баракан Зулайканы небак эле сыртынан пулдап жибериптир.

Эстүү жан Зулайканын акылынын тереңинде эмне жатканын, канында кандай санаалар ойноп, тамырын жойлоп жүргөнүн ким сезиптир ошондо. Жылдан-жыл өттү. Акы көзгө атар мерген чыкты. Аркар атып келатып, ата-энеден эрте ажырап, тентип жүргөн кыргыз кызга учурайт. Үйгө ээрчите келет. Аты Сакен экен. Зулайка Сакенди жууп-тазалап, жаңы кийгизет. Баласын үйлөнтүп, келин кылып алат. Зулайка келини менен жибек курт багат. Акы дыйканчылыктан, мергенчиликтен баар табат. Ирденишет. Уйлуу, койлуу болушат. Ага Кошалбайдын куйругу белин ийген койлору кошулат. Зулайка күзгү жүндөн кийиз бышырат. Үзүк-туурдук жасайт.

Төрт жашар итий баланы «бирөө багып алаар» деп мечитке таштап кеткен. Аны асырап алып, атын Кудайберген

койгон. Кудайберген кол-арага жарады. Мал кайтарган, мал саадырган ошол. Котен шаарынын базарында кулдар сатылчу. Мамыдүмүн деген жүз башчысына бир кой, бир серке берип, он сегиздеги Кечил аттуу кул баланы сатып алды. Атын Тойгонбай коюп, Акыга ини атады Зулайка. Алдуу-күчтүү Акы экөөнө өзөн боюндагы кара талдан тандап, кыйдырды Зулайка. Балдарына өзү үйрөтүп, өзү көрсөтүп, чок болуп тутанган дөбөлөнгөн кык корго аарчылган талды сойлоттуруп, суусу ызылдап солкулдаганда аштоолорго салып, ийдирип, түзөтүп, кереге уук жасашты. Карыштап ченеп, көзөтүп, бодонун терисинен тилинген чылгый көк менен айкалыштырып кереге көктөштү. Ууктун башын көзөтүп, боо такты. Билектей талдан ийдирип, жоон шиш менен көзөтүп, көлөкөгө катырып, кыкка көөмп кургатып, чамгарак аштап, түндүк жасатты. Түнкү соккон айдарым желде уктоону самаган Зулайка боз үй көтөрөт. «Сиз!», «Биз!» — деп, Кошалбайдын көңүлүн алат Зулайка. «Көчөгө тыгылбай жайыт тандап, мал семиртип келейин» деп Кошалбайды көндүрөт Зулайка. Куйругу титиреген ириктери менен, куйруктары шыйрагын койгулаган козулары менен улам алыстап, улам ыраактап көчөт. Өрөөндөн-өрөөн тандап конуп, журттан-журт жаңыртып жол чалат. Үч баласын, келинин маңдайына алып олтуруп, Зулайка эпе сырын ачат күндөрдүн бир күнүндө:

— Кашкардын караңгы тамында камалып жүрүп бук болдум. Эп көрсөңөр... макул болсоңор туулуп-өскөн жерге кетели. Ажалым жетсе, кагылайын Жумгалымдын топурагын жазданып жатайын! — дейт.

Манас атанын жубайы Каныкейдин акылы жуккан Зулайка апага кимиси каршы чыксын! Туура, жыйырма бир жылдан кийин, уулу Акы отуз бешке чыкканда Зулайка эл-жерге көчүп келген. Уругу да «кедей» аталган, атасынын аты да Кедей болгон Байзактын айылын баймактап, туруп калган.

Башка жер, башка абада көнгөндүк кылдыбы, же Жумгалдын таш жарган суугунун кесепетиби, айтор, колдо бар жандыгы кышында кар тээп оттой албай кырылат. Кийинки жылы Зулайка апа да, Сакен да каза болот. «Жок болуп барып, ирдендик эле. Баштуу болуп, үй-жайлуу болуп кайттык эле. Кудайдын бул эмне кырсыгы?.. Же Кошалбайдын каргышына калдыкпы?» деп Акы ичинен сызгап. Адам жан багуунун кулу эмеспи. Кайра эле кара жанды карч уруп, тиричилик баштаган. Жийдеге үйлөнгөн, бала-бакыралуу болгон минтип. Эми, эки эл чабышты. Өзүн коргойм деп, Акы бирөөнү жыга чапты. Мунун арты эмне болот? Жалып-

га тиктеген Акы санаага чөгүп олтурганда сырттан дүпүлдогон аттын дабышы угулду.

— Эй, Акы бар бекен?

Үксүйүп сыртка чыкты. Эшик талашып балдары кошо чыкты. Жүрогү оозуна тыгылган Жийде босогодон кулак түрдү. Мингени кара терге түшкөн неме:

— Байзактын айылында бир болуш элдин жыйыны болуп атат. Сени тез келсин деди.

— Куп болот! — деген Акы, башын ийкегилеп кала берди. Чабарман тизгинин терс буруп, чапкан бойдон дагы бир жакка кетти.

Кокон хандыгынын тушунда күнөөлүнү айдатып барып орго салчу. Ажалы жетсе өлчү. Азабы болсо көрчү. Туз-насиби түгөнбөсө айланып келчү. Орус падышасы бийлигин жүргүзө баштагандан бери «Абак» деген чыкты. Мылтык асынган, кылыч байланган немеге айдатып барып, дубалы бийик, каалгасы бек үйгө каматып коёт экен. «Жер котортуп ийүү» дегени чыкты. Өз аймагындын чегинен чыгарып, таанытбаган эл-жерге таштап коёт экен мөөнөтү бүткөнчө. «Сүргүнгө айдоо» дегени чыкты. Анда бутуңда кишен шалдырап, артыңда солдат балдырап «барса келбес» деген жерге жеткирет экен. Бир кишини ат үстүнөн соройто чапкан Акы ушуларды ойлоп үрөйү учту. Барбай эле, түн катып качсамбы?» — деп ойлоду. «Качкыдай, мен баштаган иш эмеско? Баары аттанганынан мен дагы аттанбадымбы? Баары ат койгонунан мен дагы ат койбодумбу? Неси болсо да бара көрөйүн! Эмне дешээр экен?» деген чечимге келди. Тору атын минип, жөнөп кетти!

Кудай бетин салбасын! Дөбөнүн үстү олтурган адамдарга толгон. Баары эле күнү каран калгандай жер чукушат, моюндары салаңдап, жерден чөп термелеген болушат. Ортодо кескен теректей зоңкоюп кара сур, эрин-ээгинде суйдаң сакал-муруту бар көксө Байзак. Эки жагында эки бийи. Бийлер тарп талашкан сагызгандардан бетер эриндери эриндерине тийбей эбиреп, буту-колдору кыймылдап, сөз жаадырып чечен. Суудан кургак чыгып, өрттөн соо калышчудай.

Атын оттоп жүргөн унаалардын жанына өрөлөй койгон Акы мокочодой кейпи менен тонунун жакасы шалпайып дөбөгө жетти. Саламы оозуна келбей, бийлерден бери чөк түштү.

— Аа, Акы! — деди бийдин бири шыпылдап.— Эр өлүп, куп бөлүнүп, каран түн түшүп атат башка,— деди жаланып. Акыдан башка кыйды, жылма митаам бирөө болсо, бийдин сөзүнүн маанисин түшүнө коюп: «Эрөөлөгө чыксам бир жөн.

Чок ортодо койгулашып жатканда, иттин уулу байгашка да көрүп алмак. Аламан чабышта менин союлум тийгенин же башканын союлу тийгенин ким аңдып туруптур?» демей эмес беле. Өзүн күнөөлү санап келген неме какап-чакап алдын ала камынып:

— Ошондой болуп калды окшойт,— деди өзүнө-өзү күбө өтчүдөй.

— Болуп турганын көрүп турсаң,— деди бий,— алты кара салынды сага. Кайсы күнү бересиң, эртеңби, бүгүнбү? Канча малың бар колуңда?

«Мал башымдан садага!» — деген Акы тымызын үшкүрүп, жанданды.

— Төө турат! — деди, Байзакты жалт карап. Бир үй жыгач жасап берип, төөнү ушул Байзактан алган эле. Ошон үчүн карап алды шекилдүү.— Анан уй бар,— деди тонунун өңүрүн куудур эттире обдулуп.

— Төөсү зор атан,— деп колдогон болду Байзак. Төрт карага баалагыла.

— Ую бир кара үчүн болсун,— деди бий. Алтынчысын кантесиң?

— Алтынчысын...— Өңүрү менен алышып, кайра кымтыланган Акы тизелеп бийди карай жылды.— Алтынчысын... бирөө-жарымдан карыз чыгар? — деди да, акылына түшкөнгө сүйүнүп санын тарс чаап алды.— Эсиме жара чыгып атканын кара ой! Тиги, минип келген тору атым турбайбы? Ате, карыз кылбай ак түлөгө атым жаpады ээ ушул кысталышта!

— Жалгыз атыңды жыгып алып сени бооруң менен сойлотот белек,— деди жаланган бий.— Мылтыгыңды бергин. Бир кара үчүн жарайт.

— Мейлиңер! — деди акыл-эси ордуна келе элек Акы дале тизесин тарс чаап. Милтесиз бат атылчу жапон мылтыгын колго тийгизе албай жүргөн бий ошол замат киши чаптырып, Акынын мылтыгын алдыртып алат. Мылтык Эдигенин үйүнө илинет. «Көсөнүн акылы түштөн кийин» дегендей Акыга акыл эки күн өткөндөн кийин кирет.

— Ээ, атакөрү жаман! — дейт өзүн-өзү жемелеп күңкүлдөп.— Мен качантан бери ат минип иш бүтүрчү элем? Башынан мылтыктан баар таппадым беле? Тоонун кайберенин атып, курсагым тоюнбады беле? Терисин ийлеп, тон кийип, шым кийип бүтөлбөдүм беле? «Мылтыгыңды бир кара үчүн бер» десе эле кашайып кармата бергенимди кара ой? Ий, мени уруп өлтүрчү киши жок, мени уруп өлтүрчү киши жок! Кой, тору атты жеткирип берейин дагы, мылтыгымды алып келейин. Калганын кудайдан көрөрмүн».

Акы ушундай акылга келди. Өзүнө өзү кайрат берди. Өзүн өзү сүрөөнгө алып, бел бууду. Аттанып, Байзактын үйүн карай жөнөдү. Айыл көрүнгөндө тизгинин жыйып, токтойт. «Кашайгырдыкы кашайып «чылпагын аарчыйм деп, көзүн оюп алды» болбоймбу? Өлгөндүн бирин сен жайлапсың. Дагы төлөйсүң караны! Зындангa жабыласың. Жер котортуп иебиз. Сүргүнгө кубалатабыз! дебейби?..» — дейт. Кайратынан жанат. Баргандан айныйт. Үйүн карай кайра тартат. Ушинтип бир күндө Байзактын айылын көздөй үч жетип, үч кайра келди. Үчөөндө тең Жийде жол карап, эки баласы менен тосуп алды. Эри түшкөндө атын чылбырлап тартып:

— Кашайгырдыкы, кашайып атпайбы!.. Балаңан айланайын Жийде! — деди аялына жалооруй карап.— Керекке өзүң жарабасаң болбой калды. Зордун айылына сен баргын. Өйдөчектилердин ичиндеги бычакка сабы эле Койчуман. Ошо кайниңди акмалап, таап айткын: «Акы агаң бир жакшылык кылсын деди дегин. Эптеп мылтыкты алып берсин деди дегин. Мылтыгым колума тийсе, мен бир айла-амал таап көрөйүн?

Жийде Койчуманга жолугат. Эринин аманатын айтат.

— Мылтык Байзактын үйүнөн бийлер олтурган үйгө алынып келинди,— дейт Койчуман.— Күүгүм киргенде алып берейин. Койчуман алып берди деп жан кишиге оозуңуздан чыгарбаңыз?

Караңгы түшкөндө Койчуман мылтыкты кымырып чыгып, Жийдеге берет. Колуна мылтык тийген Жийде лепилдеп желип олтуруп үйүнө келет. Акы апасы Зулайка тирилгендей сүйүнөт. Тапкан айла-амалы ошол экен, асыранды инилерине, чукулдагы кара-жоролоруна билгизбей, үйүн тигилүү бойдон калтырып, тору атты тушайт. Мылтыгын асынат. Ала кийиз, жууркан, жайма кап талканды жонуна арчынданат. Калыкты мойнуна мингизет. Жийде асма казан, балта-чот, аяк-кашык салган куржунду мойнуна артат. Бектургaнды көтөрөт. Орокбай ээрчийт. Илгертен бери куугунтук жеген бей-бечаралар термип-тентип келип баш калкалап күн өткөрчү заңгил тоо-таштуу, чер токойлуу, Туура-Кабак кайдасың деп, түн ката качат.

## ЖОЛДО

Мылтыктын айынан качкан Акы куугунчу жетпесин деп, кап жолдон качат, төтө жолго салат. Эки конуп, үчүнчү күндүн бешиминде мурда кийик атып, аюу издеп жүрүп,

коён жатагынан бери билген Туура-Кабактын терецине жетет. Карагай-черлүү өрөөндүн бир коцулун баймактап токтойт. Өзүн балээден кутулгандай сезет. Үч күндөн бери шыбырагандан корккон неме катуу жөтөлөт. Бүлөсүнө катуу унчугат. Бир учур апасы Зулайка эңсеген Жумгалды, элди, бүгүн өзү таштап, качып баратат. Ушуларды ойлоп күрсүндү. Тиштенип көзүн жумуп, бою чымырап, жашыды. Ишенери өзүнө өзү болгондуктан кайрадан кайраттанды.

— Сен, эми Жийде! — деди аялына.— Бөжөңдөбөй боюңду жазгын. Жарма асып, балдарыңдын курсагын тойгузгун. Бутуңду кең сунуп, эс алгын. Мен мындай басып, кийик уулап көрөйүн.

Тескейи карагай, күнгөйү чер, ортосу каңылжардай кыр менен окчонтой бычагы курунда салбырап, жеңилденген Акы жөнөп кеткен. Ээн жерде балдары чочуркап, жүрөктөрүнө тамак барбай коркуп турушкан. Күн ылдыйлап, уясына чукулдаган. Аңгыча Акынын тамак жасаган добушу чыкты. Кыпкызыл түлөгөн үч ача мүйүздүү куранды көтөрүп жанагы кыр ылдый түшүп келатат.

Жаратылышынан жоош, апа-мынапы абайлабас уулу Орокбай:

— Атам келатат,— деп койду. Калык жалт карады да:

— Атакем! Ээй, атакем келатат,— деп чөп-чарга чалынып жүгүрдү. Баланын мүнөзү тил чыккандан эле ата-энеге байкала баштайт эмеспи. «Калыгым, тиргарак чыгаар!» деп болжогон Акы, эркеси жеткенде олжосун коё салды. Бышылдап-кышылдап жармашкан уулун кучактап, маңдайынан сүйдү.

— Бул эмне? — деди Калык, төрт буту сунала жашыл шиберди жарып жаткан жалындай кызыл куранды көрсөтүп.

— Куран!

— Куран деген эмне болот?

— Куран деген, эликтин букасы. Ургаачысын, телки дейт.

— Апий де! Кантип кармадың?

— Атып кармадым.

— Апий де! Кантип аттың?

— Кантип атчу эле. Моминтип, шыкаалап туруп, «тарс» бир койдум.

— Апий де!

— Бабыр итсиң ээ?! Калык макул боло башын ийкегиледи. Атасы каткырды.

Асманда түнөгүн издеген куштар. Очок тегерегинде коңулдуу беш жан. Акы арыдан-бери куранды сойду. Жарма

кайнаган асма казанга эт асылды. Чатырап от күйдү. Мала кызыл жалын соймоңдоду. Айлананы улам иңир чалды. Караңгы түштү.

Алаксып, байкабай жаткан экен. Эт жеп жаткан Калык элең этти. Көзүн алайтып, атасына карады. Акы баласынын коркконун сезди. Бирдеме дегиче чукулдаган карагайдын арасынан «Бауу» этип, куран бакырды. Аска-таш, өйүз-бүйүз, тоо кошо бакырып жаңырыктады. Жана ал курандын бакырганына башка багыттагылардын үнү кошулду. Бир Акыдан башкасы бүт чочуду.

— Атаке! Бул эмне? — дейт, Калык жакасына мойну бата кылтыйып.

— Булбу?.. Шымыңды булгап койдуңбу? — деп Акы карс-карс күлдү. Атасы коркуунун ордуна күлүп жатканынан Калык дем байлап, кайра сурады:

— Атаке! Бул эмне, бакырган?

— Бул, жанараак эле мен атып келген,— деп жалындын жарыгы түшүп, көзү жаркырай мүйүзүнөн бери көрүнгөн курандын башын көрсөттү.— Тээтигинин тууганы. Ал муну «Кайдасың? Кайда кеттиң?» — деп чакырып атат.

— Анан эмне болот?

— Чакырып атып чарчайт.

— Аны дагы атасың ээ?

— Сен этсиребесең атпайм.

Курандар бир эле бакырып токтобойт. Таң агарганга чейин ак уруп» чыгат. Анан алар кабактын ар өрөөнүндө топ-топ болуп жашайт да, түнкү бакырганына аскалуу тоолор дүңгүрөп турат. Бакырчаак немелерди атасы атып салаарына ишенген Калык Акынын төшүнө башын катып, кулуюп тыңшап жатып уктап калды.

* * *

Чымын жан чыркырап учуп кетип, денең сулк жатып калганга чейин адамга адам керек белем. Адамга элдүү жер зарыл белем. Акы куугунчу келет деп кылчактабай Дүңгүромө багытындагы бүркүт уялоочу көк зоого чыкты. Тектирлеринде жуушап, чымын-көгөндөн коруна кулак кагып сакалын жайкалта кепшеп, ийилген зор мүйүзүнүн учу менен капталын, жонун кашынган текелерден тандап атты. Тогуз-Торо багытындагы Эки-Жекатты беттеген ак зоону аралады. Аралыктын алыстыгынан «колго тийсе көтөрө албайм» деп өлчөп, чайк этип аска учуна чыга калган, жалтыр көзүн тостойто ыраакка тиктеген текечерден атты. Төмөн, Көкөмерен дарыясын карай түштү. Кыр-кырда шоро-

лонуп уюган ак кебер туздан алды. Күнгөй бетин бербей ыргалган согондон терди. Жийде балдарын ээрчитип чукулдан ышкын, кымыздык үздү. Козу кулак жулуп, жөргөмүш сыдырды. Баарынан сонундары тарап, эл четине кетүүнү эңсешти. Сүйлөшүүгө, катышууга адам керек болду буларга.

Кийиктин этинен даярдаган куурдакты чаначка шыкап, калган талкан менен эмеректерин көтөрүп, жыгач алачыктан чыгышты. Конуп, жыла жүрүштү. Самсаалап, Казарман аталган жердеги Нарын дарыясынын чыгыш өйүзүнө келишти.

Качкындык жүрөгүндө турган Акы, ак үйлүү, желе байлаган чоң айылдууну көрсө жапырылып, үйлөрүнүн жабуусу эски, жармачтарды баамдап, бир үйгө таяп жетти. Балдарын буйгага калтырды. Аса-муса таягын кере таянып, туурдугу түрүлгөн үйгө кирди.

Төрдө көк ала сакал бирөө. Ал саргыч мата көйнөктүн жакасынан оң колун жиберип, бети-башы бырыша ыкчынып, дал ортосун карт-карт тырманып жатыптыр. Сызма ычкырынын илмеги тартылып чатында жатат. Кашынганга жаны жыргагангабы, жыңайлак бутунун манжалары кошо кыбырайт.

— Ассалоом алейкум! — деди Акы. Кычуусу канганга жаны жыргап, көшүлгөн неме босогосундагы эңгезердей бойлуу, сакал-мурутун ак чалган чоочун кишини тиктеп, делдее калды.

— Алейкума салам,— деп арсар учураштьт.— Келиңиз... Олтуруңуз. Төрдө он үчтөрдөгү кыз, тежемел бөбөгүн кучактап уктап жатат. Ашканадан өйдө керегени карап аял уктап жатат.

— Жол болсун? — деди, тырманганын токтоткон неме колун кумгандагы сууга чайкап.

— Андай болсун,— деп Акы көчүк басты.— Үй сиздики го, ысмыңыз ким экен?

— Үй меники болбосо, эмне кылсам дедиң эле? — деп тиги киши бырс күлүп: — Бул жердин «кудайы» Чолук долу, жүз үйлүү Тагай менен Тезектин үй малдарын шыпырып алып... өздөрү Анжиян тарапка тентип кетишти. Сен менин үйүмдү алмакка келдиңби?

Тогуз-Торо менен Кетмен-Төбө элинин тамашакөй келээрин, сөздү түз кошпой сүйлөй албасын билген Акы жумгалдыктардын да какшыктан жарды эмесин эстеп, жымыйды. Мурут-сакалын сылагылап мындай деди:

— Бирөөнүн үйүн тартып алмакты мага ким коюптур! Өзүм тентип балдарыма баш маанек табалбай жүрөм.

Көрсө, быякта да болуштукка таш талашуу болуп, эки эл чабышыптыр. Эр өлүптүр. Кунду элдин жонуна бөлүптүр. Жумгалдагы Чойбекке таяке аталган Чопук деген чоң союл, жигит-жалаңдуу неме, Тезек, Тагай урууларын талаттырып, алардын тентип кеткени да чын экен. Ээн жердин бөрүсү аталган Чопук өзүнүн элин эле эмес, Жалал-Абад, Анжиянга мал сатчу Ат-Башы, Ак-Талаа элин жер танабынан жөн өткөрбөй туяк акы алат экен. Салам берип, кол куушурбагандарды сууга салдырып сабатат экен.

Акы учурашкан киши Багыш деген болуп чыкты. Багыштан чоо-жайды укту. Чопуктун Чойбекке таяке экенин билгенде чочуп, капылдап да калды.

Багыш тиги уктап жаткан аялын ойготту.

— Эй, байбиче! Тур. Бу кудайы мейманга даам сун. Аялы түйшөлүп, элеңдеп, түйтөңдөп күңкүлдөдү.

— Же өзү уктабайт, же уктаганды тынч койбойт! — деп, эрине. Чачын жымырып, жоолугун түзөп, буунду. Кыртышы сүйбөй турду, очоктун жээгиндеги кара кумганды булкуп көтөрүп, колун чайкаган болду. Сабанын оозунан чыккан пишкектин сабын аткып, үч-төрт ургулап, кара аякка уй кымыздан куя баштады. Саба эңкейгенде анын ичиндеги арча бишкек, кымыз толуп келаткан кырма кайың кара аяк өзүнүн колунан чыккан Акы ирмелбей тааныды. Чаңкап турган Акы уй кымызды шимирип ийди. Жүрөгүнүн башында буйгада калган катын-баласы турат. Алар дагы ушундан ичсе дейт.

— Аа, Акы уста турбайсыңбы! — деди Багыш, көчүгү менен берилеп жылып.— Байзакка үй жыгач жасап... көргөн манаптардын ичин күйгүзгөн Акы устанын өз көзү турбайсыңбы? Жакшы, жакшы. Өйдөчекти уругунан деп уктум эле өзүңдү? Бизди, жалпы жонунан саяк уруусу атаганы менен, анын толгон-токой болүнүшү, алыс-жакыны болот, сен уруу жагынан Сары-Камыштагы Райымбектин тукумдарына жакынсың. Кетмен-Төбө элин чаң ызгытып бийлеп жаткан дагы өйдөчектилер көп Акыбайым.

— Уруум экен деп эш туткан менен, арка-сүйөн болобу деп кайрылган менен..— деди Акы күңгүрөнүп. «Ата-энеден алтоо болсо да ар бирине көр жалгыз» дегендей, бир туугандардын өзү «бар болсоң көрө алышпай, жок болсо асырай алышпай» өз бүлөөсүн багам менен темселеп-тентип, маңдайга жазганды көрүп өтө берет окшойтко...

— Кадиксиз, Акы уста айтканың! — деп Багыш пейилин оң салды.— Байбиче, көөкөрүңө уй кымыз толтур. Уста балдарына жеткирсин. Жол басып келген немелер жыргап атат дейсиңби,— деп обдулуп турду.— Мен барып, Чопук

зөөкүрдүн чоо-жайын байкайын. Акынын келгенин айтайын, эмне деген сөз чыгаар экен.

Акы көөкөрдөгү суусунду көтөрүп балдарына жөнөдү. Багыш сыр угуп келмекке чобуруна тердик салып минип Чопукка кетти. Үй кымыз жуткан Акынын бүлөсү оңду. Жийде дагы балдарынан артканын шыпкап, тамшанды. Жылмайып, эрине бирдеме көрсөттү:

— Бакалдары шуудураган жоон камыштардын арасынан алдым, бул эмне?

— Муну жүгөрү дейт,— деди Акы.— Дүмбүлү сонун болот.

Акы ушул кечте Багышка кайра келди. Чобуруп кырчоосуна чалган Багыш жаңы эле түшүптүр. Өңү жайдары. Иш жакшы окшоду чагымда.

— Ээ, Акы устам кел! — деди Багыш ыкшынып, босогосуна далысын сүйөй чокчо олтуруп, тебетейинин ала куйкасын кашып: — Чопук зөөкүр бүгүн табында экен. Былтыркы таруунун бозосунан күркүрөтө жутуп алганбы... Комузчусун черттирип, Кокобайын ырдатып, казан-тамаша менен олтурган экен, баш багып, салам айттым. Босогосун аттап, олтура кеттим.

— Ээ, Багышым келип калыпсың! — деди.

— Келдим, Чопук баатыр!

— Бу, Тезек менен Тагайлардын журтунда ит улуп атабы?

— Улуп ататко, баатыр!

— Там-тарактары томсоруп турабы?

— Турат шекилдүү, баатыр.

— Дал ошондой болот, дал ошондой болмокчу. Кана, келгениң жөнүндө айтчы ой, белимчиче жүгүнүп маалкатпай!?

— Өзүңүз эле жеке уксаңыз болот эле?

— Анда бери жылып кулагыма шыбыра? — деди зөөкүрүң. Жылып жетип шыбырадым. Жутуп ийчүдөй олурая тиктеди дейсиң...көзүм жамандыкты көрбөсүн, эки кареги шилимден чыга түштү:

— Кайсы Акы? — деди олоңдоп.— Баягы Байзакка үй жыгач тартуулаган Акы уста эмеспи?

— Өзү, баатыр! — дедим.

— Ал эмне быякта темселеп жүрөт? «Качып кетти, мойнуна салынган салыкты бербей кайра Кашкарга тентиди» деп укпадым беле?!

— Ишенсең! — деди Багыш Акыга. — Чопуктун ороюнан коркконуман мата дамбалды булгап коё таштадым.

Суру качкан Акы:

— Иш эмне болуп бүткүдөй? — деп жиберди.

— Чопук зөөкүрдү жайкадым. «Жер арыса чогойно басат, эр арыса өңү азат» эмеспи. Ошончо жерден жөө-жалаң басып, Акы сени арка тутуп келиптир дедим. Кулагы делдейген зөөкүр мылжыйып күлдү. Өзү жүз түтүн уруунун талап алып, тентиткенин билбейт да. «Байзак менен Чойбек далайдын убалына калды» деп бети чымырабай айтып коёт ой! Анан, убада ушул болду. Сен Байзактыкынан ашып түшкөн кереге-уук жасамай болдуң. Ал сенин качып жүргөн күнөөңдү Жумгалдагы эки бөрүдөн сурап алмак болду.

— Үй жыгачты жаздан баштап, жыгач катканча бүтөт,— деди айласы кеткен Акы.— Азыр жай түгүл күз башталып баратат. Чамам келбейтко?.. Багыш, журтуңда эле олтурганың болбосо, сен деле мага окшош кембагал көрүнөсүң. Бир жакшылык кылып, Нарындын суусунан кечирип жибергин, Кетмен-Төбөгө кетейин?!

— Кокуй! — деп Багыш чочуп кетти. — Чопук эртең теримди тескери сыйрат го?! Көчүгүмө шимек урат го?!

— Акынын бүлөөсү Кармантүздө калган экен. Ошолорду алып келгени кетти деп, из суута турбайсыңбы?

Багыш акыры көнөт. Токойду аралап, суунун айрыктарынан кечүү чалды. Акыны үй-бүлөсү менен тигил өйүзгө өткөрүп жиберди. Сандалган качкын түн катып, Казармандан караанын жоготот. Тоо таянып, арылайт.

* * *

Көтөрүнчөктүү жөөгө жол арбыбайт. Жүрө түшүп, жыра түбүнө, чыргай көлөкөсүнө токтошот. Уктап тыныгышат. Экинчи күн өтөт. Тогуз-Торо менен Кетмен-Төбөнүн ортосундагы Байдамталга жетишет. Азыктары түгөнөт. Балдарынын эриндери кеберсип, көздөрү киртиет. Жаактары шимилет. Акы «ууга чыксамбы?» — дейт,— жер шарты таанып эмес. Алыстап кетеби? Адашып калабы? Ээн жерде ит-куш бүлөөсүнө кол салса кантти? Амалы түгөнүп олтурат эле, бадалдан жүк арткан эки өгүз чыкты. Алдыңкысы кара, арткысы таргыл. Үзөңгүсүн көк атынын кулагын көздөй чирене тепкен, таар чепкенинин этеги шалбыраган замбилдей, кара тебетейчен семиз киши удаа көрүндү. Ал чу-чулап өш-өштөп келатат.

— Аа, кудай! Ырыскыбыз бар экен! — деди Акы, тура калып. Чүлүктөрү каңтарыла, мурунтуктары мүйүзүнө чырмалган өгүздөрүнүн ууртгарынан ак көбүк самсаалайт. Ыңырчактар кычырап, экиден теңдеген семиз серке чанач-

тын бучкактары кулач жайып, кишиче керилип, жер чие, чөп жапырат.

Өгүздөр өтө берди. Чоң үмүт менен күтүп турган Акы:

— Ассалом алейкум! — деди көк атчанга жалбара тиктеп. Анын эриндери бүлк эткени болбосо, алик алган жок. Кабагы бүркөө, назар бурчудай эмес.

— Бай! — деди Акы ээрчий басып.— Балдарым ысыкта чөөлүгүп, жатып калды. Суусун кайрыла кет?

— Кадырың жан болсун! Чанач түшүрүп, чанач артынып олтура албаймын.

— Өзүм түшүрүп, өзүм кайра артып берейин, бай?!

— Айран аялуу чак, кымыз кысылуу чак. Тамымды салгандарга, чөбүмдү чапкандарга алып баратам,— деди да, өгүздөрүн сүрдүктүрө өш-өш деп айдап, ыкчамдап бастырды. Акынын баштагы токтоо өңдөнгөн коңур мүнөзү жип тийгендей өзгөрдү.

— Атаңдын гана оозуна...— деп айкырды. Аттап-буттап келип мылтыгын алды. Дүрмөтүн урду. Кылчая берген көк атчанга жүгүрүп жетип, анын оозу кыйшаңдап, аа-аалаганына карабай мылтыгын ошону карата керилте сунуп, атып жиберди. Мылтыктан түтүн булап, жер көчтү. Бай тебетейи бир бөлөк, өзү бир бөлөк талп этип кулап түштү. Чаначтардын бучкактарынча кулачы жайылып, көзү чакчая көктү тиктейт. Бирдеме айтмакчы болот, тили күрмөлбөйт байың түшкүрдүн.

Акы таргыл өгүздү кармады. Мурунтугун чыргайга чалып атып:

— Эй, Жийде! Чанач менен жан казанды алып кел! — деп кыйкырды.— Сыйды билбеген энеңди урайын! Куну качкан, энеңди урайын! Көктүн суусун (көк чөптөн чыккан сүт деген мааниде) аяган зыкым энеңди урайын! — деп, тигил жыгылган байды сөгүп жатты. Акы ар бирин кармалап жатып кымыз кайсы чаначта, жуурат кайсы чаначта экенин билди. Түшүргөн чаначтын оозун кайрып, өзү шашпай, келтире жутту. Жан казанга кымыз толтурду. Кол чаначына жуурат толтурду. Экөөнү эки колуна көтөрүп, Жийде тетигиндеги жарданып турган балдарын карай кетти. Акы, чаначтардын оозун бууду. Мурдагысындай артты. Таргыл өгүздүн мурунтугун мүйүзүнө түрдү. Оттоп жүргөн кара өгүздү карай айдап, жолго салды. Очоюп ордунан жылбай олтурган байга чукул келди. Байдан көңүлдү айныткан жыт буркурайт.

— Сасыган энеңди урайын! — деди ачуусу тарай элек Акы.— Ушунча жанды томсортуп кетмекчисиңби? Жоголтун! Кылчайсаң эле... жана алыс атсам, эми башка атамын!

Байда үн жок. Муун-жүүнү калчылдайт. Сүйрөлө басып көк атын чылбырлады. Минбей, өгүздөрдүн артынан сылтып жөнөдү аксак аюуча ыргалып.

Кетмен-Төбөгө жетип, тоюнушуп тынч алганда Калык ушул окуяны көп козгоп, атасынын эсин кетирчү:

— «Куранды атканда көтөрүп келгенсиң. Этин казанга салгансың. От жагып бышырып жегенбиз. Кишини атсаң жыгылды. Кайра туруп кетип калды?»

— Куранды өлтүрө аткамын. Кишини коркутуп аткамын.

— Эмне үчүн аттың?

— Сага айран бергин деп аттым.

— Ал бердиби?

— Берди.

— Качан? Өзүң куюп албадың беле?

— Болду! — Калык болбойт. Эсине түшкөндө эле кайра козгойт.

## УРУНУП-БЕРИНГЕН ТЕНТЕК

Хан каарына алып, бир милдетти орундоого «барса келбес» жолго салып жумшаган адам жоголуп кетип, акыры «уу көл», «сүт көлдөн» ажал менен тирилүүнүн дарысын таап кайткан каарман тууралуу «Аты ыргайдай болгондо, бити торгойдой болгондо келген экен» деп жомок башталчу. Сыңарындай, Акы жедеп зоругуп бүткөндө Кетмен-Төбөнүн Ичке-Сайына жетти. Курма дегендин эски тамына кирди.

Кызыл кырман маалы. Акынын үй жыгачка уста экени айланага маалым болду. «Кабактын кара бүркүттөрү» аталган беш манаптын бири Ырайымбек кийинки жылга «жүз баш үйдүн» жыгачын жасап берүүнү тапшырат. Эс алып, тоюнган Акы белди бууп, жыгач менен кажанып кирди. Туш тарап өрөөн-өрөөн, токой-чер. Лүкүйгөн теректен жыгып, чепеп, таарып-таарып таштайт. Тал-кайыңдан сокбилек сомдоп жыят. Жыгылган карагайлардан көмүр өчүрөт. Ичи оюла түшкөн сокуларды аш берген манаптардын самоорлорунча кыркаар тизет. Көмүр салып, тутантат. Улам кыдырып, эңкейип байкайт. Сокулардын ичи күйөт. Капталы кеңейет. Чуңкуру төмөндөйт. Токтотоор маалы болгондо чокту төгөт. Мизи өткүр алгы менен кырат. Жылмалайт. Оттун табына кургаган сыртын дагы жылмалайт. Сокбилектерди дагы жылмалайт. Кол кармаар тутка чыгарат. Кара жанын карч уруп, кажынып бүтүргөн Акынын соку-сокбилектерин ар кимдер алышат. Пуддап, чакалап эгин беришет. Үстүнө табак-аяк, чөмүч-кашык кошулгандарына козу беришет, улак беришет.

Курсактары тоюнуп, өндөрү чыккан үй-бүлөнүн ичинен Калык ойноок. Тынчсыз. Күн санап тентеги күчөдү. Койайды көп укпайт. Апасынан жакшы эле алакан жейт. Жакшы эле солкулдаган тал чыбык жейт. Токмок жегенде бир аз тыйылат. Кайра эле мурдун теңиреңдетип, бир жорук баштайт. Сыртта ойноп жүрүп келгенде чүкөлөрүн жаман тамдын төрүнө чачат. Өзү эки кишиге бөлүнүп, эки сака алып, өзү менен өзү жаатташып атышат. «Кана, аткын? — «Мына аттым!» — «Эненди урайын! Кара басып койдуң?» — «Эненди мен урайын! Мына, ак эле!». Сакалар чимирилет. Чукулдагы чүкөлөр чырылдап учат. Үйдүн ичи кыйсыпыр, чаң. Чырпыктын үстүнө салынган таар бырышып, булгалактанган. Чимкиригин билек менен жанып койгон Калык күчүндө. Дүпө-дүп, тарса-турс. Чийкил сака, куба сакалардын улам бирин алып, чүкөлөрдү чака-чак аткылайт. Күңүрт үйдө чүкөлөр жоголсо таарды серпип, алдына төшөлгөн бакалдарды куудуратып-шуудуратып аңтарып, издейт. Үйдүн ичи ансайын кыйсыпыр, башбакканга чаң жыттанат.

Чырпыкты артына жашырып, апасы кирет.

— Эмне тополоң салып атасың ой?!

Момурап калат мурдун шыр тартып, качынкырап, амал ойлоп. Жылаңач жонуна чырпык жаза тиет.

— Мындан кийин минтпейм, апа! Чаңдатпайм апа!

Качалбай калса убаданы ушинтип катуу берет. Ыгын тапса балыктан бетер булт коюп сыртка жөнөйт.

Кийим кийбейт. Ургу-берги менен кийгизсе сырттан келип эле шыпырып таштайт. Очоктогу отко кактанат. Жалындын табы өтүп, шыйрак көкүрөгүнөн бери кызыл ала. Ушундай жоругунан улам «Акынын жылаңач уулу», «Акынын чыт курсак уулу» деген атка да конду.

От өчөт. Кор калат. Жылаңач Калык акырын «бүр» эттирип коёт. Күлү мурдагыдан да бийикке көтөрүлөт. Өзүнүн маңдайынан жогору созулат. Бул сонунга Какең жанагысынан күчөп кызыгат. Бар күчү менен ыкчынып, очоктун ортосун карай «бүрктүрүп» иет. Ал эмесе! Ысык кор шакардай барпырайт. Күл бырыксыгандан бырыксып көтөрүлөт. Ишине алаксыган апасы чочуп:

— Ээ, кокуй! Эмне балээ болуп кетти? — дегиче, жылаңач Какең небак кийиз эшикти серпе салып, сыртка чыгып кеткен болот. Каргап-шилеп апасы жетпейт. Кутулган эргулуң ээр чаап жаткан атасына барат.

— Эмне болду? — дейт, сунган буттарына чамынды үймөлөнгөн Акы, сол колу менен ээрди кашынан кармай, оң колундагы керкини жанына жөлөп.

— Апам урду.

— Эмне кылдың эле?

— Жөн отурсам эле.

— Жөн отурган кишини кантип урсун? Кылгылыкты кылгандырсың да... Жерди тоң тиштеди, бутуңа чокоюңду кийсең боло?

— Аний, оор экен.

— Тур, тиги тонго оронгун.

* * *

Кыш кирип келди. Элдикиндей көң-тезеги жок, камдалган отуну жок Акы Чат-Карагай, Ийри-Суу деген отун-суулуу жерден жер кепе казды. Бир бурчунан очок чыгарды. Көчүп келип, ошондо кыштамай болду.

Кар калыңдады. Келерки жылда бүтүрчү үй жыгач үчүн насыяга алган жалгыз атына жем берип, чөп табылбай калса бетеге жулуп, чий-камыштын бакалын оруп салып, сылап-сыйпап семиз багып жүргөн. Эртең менен кийикке кеткен неме, текенин этин көтөрбөй ээр-токумун көтөрүп жөө кирди жер тамга. Жийде чочуп:

— Эмне болду? — деди үрпөңдөп.

— Аттан айрылдык... Жайдактап... оттоп алсын деп көчкү кеткен кагынга тушап койгом. Келсем учуп кетиптир. Төрт буту асмандап, мойну бүктөлүп жатат.

— Шордогон турбайсыңбы! — деп Жийде бышактады. Эс тарткан Орокбай да томсоруп, Бектурган да томсоруп ата-энесине жал-жал караштьг. Жалгыз гана Калык шаңдуу:

— Кудайым-кудайым! Эт жейбиз, эт жейбиз!

— Ок, эт жебей менин этими жегир! — деп какты апасы.— Ыйлабай, сүйүнөт да.

— Кой, байбиче! Балдар да өз ырыскыларын көрөт. Кудайдын токой-чери аман турса, дагы бир минги таап алармын. Кантебиз «Какаганга муштаган» деген ушул деди. Эсине түндөп качканы термип азганы түштү. «Алла таалаамдын маңдайыма жазганы ушундай беле? Мынчалык эмнеге эрмектейт?!» деп кейиди.

Үй ичиндегилерден эдиреңдеп Калык эле көңүлдүү. Атасы атты сойгону кайра жөнөсө, — ээрчимекке камынып жатат.

* * *

Арадан эки жыл өткөн. Жай аяктап, күзгө таяп бараткан. Акы жыгачын даярдап, Жийде ар кимдерден жүн чогултуп кийиз бышырып, томогодой торсойгон боз үй көтө-

рүп алышты. Жайлоого жетпесе да журт которуп, суу бойлоп конуп, оңушту. Музоолуу уй күтүп, он чакты кой-эчки аралаш жандык күтүп, айран-сүткө жетишти. Орокбай баягы эле боюнча жоош. Бергенди ичет. Улунуп-жулунбайт. Жети-сегиз түтүндүн кезүүсү келгенде мал кайтарат. Бектурган улак-козу кармоого жарайт. Тентеги күчөгөндөн күчөп, ойт берип турган эле Калык. Орокбайды ээрчип, мал кайтарганга да чыкпайт. Кечинде, мал кайтарышпасаң сүттүн көбүгүн бербейм деп апасы айтса, убада берип макул болот да, эртең менен төшөгүн чүмкөнөт. Култуң-култуң этип, жашырынат. «Барам дебедиң беле. Жүрбөйсүңбү?» — десе, «Баргандан корком, карышкыр жеп коёт»,— деп жооп табат.

* * *

Атасы ок куйчу темир кашыгына коргошун салып, май кошуп, отко кармады. Май жалбырттап күйүп, коргошун көлкүлдөп эриди. Куш тумшук кашыктан эки бөлүм калыптын тешигине чуурутуп куюп, толгондо калыпты ачса, тоголок ок топ этип жерге түштү.

— Уста, бир жакка барасыңбы? — деп калды Жийде.

— Чат-Карагайда бугу жүрөт дейт. Кудай деп, өңүп көрөйүн.

Калык кашыкты ала коюп, калыпка куюп жибергиси келип, шыйпаңдап турган баятан. Сөздү угуп атасына жабышты:

— Мен да барайынбы?

— Сага эмне бар ээн тоодо. Ээрчир маалың боло элек. Балтыр этиң толо элек. Тоо-ташта адашып каласың. Бөөчөөгө жем болосуң. Ушундай уулум. Атасынын ээрчитпесине көзү жетти. Акы кол чаначка айран куйдуруп, киймин кийип, мылтыгын сыйпалап жатканда Калык жылт койду озунуп. Итабар алыс таш кыя бойюна барып жапырылган чоң түп табылгынын алдына сойлоп, «атамы чочутайын» деп, жолун тиктеп бөк түшөт. Оо, деле бир топто мылтыгын асынып, таягын кере таштап бейкам Акы келатат. Калык атасын көрүп, жылмыңдай күлүп, «сени шашпа» деп тиктейт. Атасы дал табылгынын желкесин басканда:

— Бавуу! этип бакырып тура калды. Таягын жаза сермеген Акы чочуп:

— Оо, кудай ургур! Качан келдиң эле, жүрөгүм оозума тыгыла түштү.

— Бая, ээрчитпейм дегенде эле...

— Кет үйгө!

— Кетпейм! Эсим чыгат.

— Тикини, амалын мунун. Жана кантип эсиң чыкпай келдиң эле?

— Сени келип калат деп корккон эмесмин.

— Калпын.

— Калп эмес, атаке! Калп айтсам энемди алайын!

— Оо, кудай аткыр! Кимден үйрөнүп жүрөсүң? — деп Акы «карс-карс» күлдү.

— Чүкө ойногон балдар ошентип карганышат экен.

Айласы түгөнгөн Акы Калыкты ээрчитип алды. Көп бийиктеп, көпкө кыялап олтуруп, жапалак арчанын арасына жетип олтурду. Каңылжарды өрдөгөн кычкыл жыт. Түсү караланып, көк чамбыл, жашыл түс зор тоолор. Үзүм-үзүм булуттуу чаңкайган көк асман. Жапыстан учкан, бийиктен айланган сансыз канаттуу. Төмөндө кекиликтер безилдеп, боркулдарда көгүчкөндөр үүлөп, үстүдө күйкөлөр чаркырайт.

Эс алган Акы чыгыш тескейдеги калың карагайлуу бетке кол жаңсап:

— Ушунда бугулар жүрөт деп айтышты эле. Көзүң курч эмеспи, ачыктарды байкачы? — деди Калыкка. Калык бул сөзгө жантыгынан жата калды. Атасы да байкады. Калык мурда таба койчудай үзүлүп түшүп алаңдап тиктеп, далайга олтурушту. Бир оокумда түнт карагайдан берки, жаш балатыны аралай эки «кара кер ат» оттоп жүргөнүн Калык биринчи көрдү.

— Айланайын атаке, эки ат жүрөт да?!

— Кайда?

— Берки биз жактагы кичинекей карагайлардын арасында!

Баамдап жатып, Акы да көрдү.

— Балам, ушул ордуңдан былк этпе. Мен, тетиги нары жагындагы жапырак шилбиден чыгамын. Булар кайсы жакка бет алып оттосо малакайды ошол жака шилтегин,— деп малакайын уулуна карматты. Айран менен бел балтаны калтырып, мылтыгын колтуктап, дөңкөлөңдөй желе басып, эки «кер атты» көздөй өңүп кетти.

Калыктын эки көзү эки жылкыда. Алар оттоп жатат. Өрөөндөр ала көлөкөлөнүп, күн кылкылдап тоо башына барды. Көздөрү бакыракай, кулактары тик жапалак үкүлөр Калыктан окчундагы шоо арчага конушту. Тумшуктары шак-шак этет. Көздөрү жеп жиберчүдөй Калыкка кадалат да, «чайнайымбы!» дешкенсип, кайрадан тумшуктарын шакылдатышат. Учуп кетишет, кайра учуп келишет. Эси чыккан тентектин жини күбүлдү. «Атаке! Мени талап жешмек болду!» — деп бакырайын дейт, «үнүңдү чыгарба, ма-

лакайды гана булгап тур» деген. Ошол тапшырмадан коркот. Бакырбайын дейт күн батса эле булар тытып жегени турат. Калык бел балтаны алды да, жапалак арчанын арасына сойлоп, жок болду. Качан мылтыктын «дүп» эткен дабышын укканда гана бакырып тура калды.

— Атаке!.. Мени талап жемей болду!..— Коркуп бакырган баланын үнүнө өйүз-бүйүз жаңырды. Жапалак үкүлөр дуу учушту.

Күүгүмдө боргулданып тердеген Акы келди. Кайран адис мерген. Күзгү киргин маалындагы жини кайтып, оттоо менен алек болгон букасынан бөлүнгөн эки маралдын бирин жайлаган экен. Терисин чала сыйрып, төш эт менен санды сөгүп алып, көтөрө келген экен.

Эртеси таң сүрө айылдагылар унаа алып барып, калганын жүктөп келишти. Сегиз түтүн үй сегизге бөлүп алышты. Казандарына эт асылды. Атырылып жаш сорпо кайнады. Сыртта балдар кубалашып ойноп, үйдө чоңдор бакашака түшүп, жайдары. Пейилдери кенен, ынтымактуу.

* * *

Жаз чыккандан баштап көк талдуу өрөөнгө барып бир айлап, эки айлап жатып жасаган үй жыгачы, кыш бою чапкан кайың ээрлери, кадама арча ээрлери өтүмдүү болгон Акынын саар жадыгы арбып, үйү куттуу. Жийденин сызгырган каймагы, алган майы, уюткан айраны челек толо. Сүзмө куюп, курут кайнатты. Акы дагы бир чыгынса атка жеткидей.

Мал саан маалында козу-улак кармамай, аларды энесине салып, тартмай тестиер балдардын энчиси. Жаңы бышырган сүттүн көбүгүн ичмей, жаңы уюган айрандын каймагын жемей, кырмычыгын жемей да балдардын энчиси. Чөйчөккө куйган айрандын каймагын казандын түбүнө калың турган кырмычыкты тамшанып жеп жыргагандар да балдар. Мындай ширин каймак, ширин кырмычыктан Калык куру калбайт. Кашайып, саан жандыктар маарап кырдан көрүнгөндө эле Калыкты Жийде көп убакта таппай калат. Эми эле короодо ойноп жүргөн ал, заматта карайлатып эле жок.

— Калы-ык! Эй, Калы-ык! Баласынан дарек-шоолат билинбей, дым. Качан кара казандын чий капкагы ачылып, айраны челекке куюлуп, кытырап кырмычыгы кырыла баштаганда көзү алайган Калык, мурдун теңирейтип, эшикти акырын серпип, баш багат. Бешиктен бели чыкпай жатып куулугун кантесиң мунун. Амалын кантесиң мунун. Кап, кудайдан жеткир!

— Эй, балээ баскыр, кайда жүрдүң?
— Тыякта...
— Каякта? Сени туш-туштан чакырып атып, үнүм бүтподубу?
— Бутумду таш тилип...
— Кана, көрсөтчү? — Калык калп эле аксамыш этет. Таман-согончогунан жарат деле көрүнбөйт.
— Малдан эмне мынчалык качасың? Малдан курсагың тоюпуп атпайбы! Кичине эмессиң, жетиге чыктың?! Таштасаң боло мындай жоругуңду.
— Качпайм эми, апа!
— Качпасаң кайда жүрөсүң мени какшатып?
— Токол сары бутумду сыйра басканынан...
Өзүнүн улагынан башка козу-улакты сүзгүлөп, кулактарын тиштегилеп бакырткан, кыялы жаман, мулжуңдаган токол сары эчкинин бар экени чын. Ал малдан башкача, чатак. Кышында короонун кырына чыга калат, көңдөрдү кулатат. Жер тамдын төбөсүндө ойноп, ачылып калган бакалдарды тарткылап жеп, топурак уратат. Үйдөгү идиш-аякка чаң кубулуп, «чек эле, чек!» деп кыйкырышып, же бирөө чыгып кууп салмайынча азапты жедирет.
Калыктын бутун сыйра басканы да чын. Ал түгүл билегин тиштегилеп, куур шымын чайнап ийгенинен бала бакырып:
— Ии, кокуй! — деп олтура калган.
Үйүнө жөлөнүп ээр чаап жаткан атасы тура калып:
— Эмне болду? — деп үрпөңдөйт.
— Карачы, ата? — дейт эчкини коё берген Калык, жараттарын көрсөтүп. Кычы бутун сыйра басыптыр териси сыйрылып, канталаган. Билегинде тиштин тактары жүрөт. Акы баласынын буту-колун сыйпалап, бакылдай берди:
— Мал эмес, атаң көрү! Күз келсин, терисин чапач союп, козун тазалабасам, карап тур.
— Уулуңдун ичеги-карды чыгаар дейсиңби? — деп күлдү Жийде. — Токол сарыны соймок түгүл тийип көрчү!.. Боон эмчек. Сүттү арбыткан ошол.
— Сүтү менен жерге кирсин, баламы кууратып...
Ата ушинтип уулуна көп болушат. Атанын коргоосуна таянган неме өз билгенин жасап, бура басып кетет. Бүгүн дагы сары токолду шылтооломок болду да, саан мал маарап кырдан бери ашканда баягысынча тыз коюп, жоголду. Чоң түп куурайдын далдоосуна барып олтуруп, куурайдын арасынан короо жакка көз салат. Орокбай отунга кеткен. Апасы Бектурганды жумшап жандыгын саап бүттү. Сүтүн үйүнө кийирип, кайра көнөчөгүн каруусуна илип, уюна кел-

ди. Музоону салып, кайра байлап жатканда туш-тарапка көз таштап, Калыкты издеп жатканы белгилүү. Ачуусу тарагыча колуна тийсе көсөө-кычкач менен чаап калаары да айдан ачык.

Үйдөгү оокаттын бүткөнүн болжолдоп Калык сырттан баш бакты. Апасы байкамаксан. Көрмөксөн. Кылтыйган кылмышкер неме апасынын жүзүн окуса маңдайынан ачуу байкалбайт. «Кудайым, апам бүгүн урбайт экен!» — деп, шып капшытка өтө чапты. Бектургандын чөйчөгүндөгү кырмычыкты тартып алгысы келип, бирок апасынан этияттанып сактанат.

Башка аялдардай эле баланы келтире каргап-шилөөчү апасы эми эле: «Баягы, кан кускан Калык дагы жоголду, алдасам да болбоду, урсам дагы болбоду!» — деп аткан. Эми: «Мээнетиңди алайын! Өңүң азып кетти, маалында тамакты төтөлөп бербей!» — деп, аяган өңдүү кобурады. «Кайда жүрдүң берекем? Көбүк болгонго чейин чыдай тур! Бир аздан кийин сүткө айран кошуп, быштак даярдап берем уулума. Антпесем уулум өңүнөн азып баратат. Быштакка тойбой илмиңдеп арыктап баратат».

Калык апасынан уккан алкоого жыргай түшүп, төргө өтө чапты. Бектургандын кырмычыгынан аткып алаарында апасынын колу билегине чап жабышты. Жууркандын арасынаката койгон көк тал чыбык Калыктын жонуна, куйругуна чып-чып чабылды. Жийде небактан жыйылган ачуусу тарагыча бу сапар аябады.

— Кандай кара бооруңдан кан кускан немесиң! Айтканды кандай укпайсың! Быяк кулагынан айткан сөз, тияк кулагынан агып түшөт. Деле, тойдум сенден! Деле кечтим сенден! — деп бугу чыкканча урду.

— Кагылайын, апаке! Айланайын апаке! Экинчи качпайм!

— Миң айлан! Миң кагыл! Какшатып бүтүрдүң мени. Боздотуп бүтүрдүң мени! Алдап колго түшүргөн Жийде бул күнү Какеңди жакшылап «окутту». Колдон чыкса качып кетет деп, керегеге байлап салды. Ыйлап көзү шишиген неме ийни менен дем алып, солук тартып, сопу болду. Кудая шүгүр үч күнгө айтканды угуп, жөнтөк. Жумшаса элпек. Мал тосот, козу-улак байлайт. Саан саадырат. Апасына кол кабыш кылат.

* * *

Таруу башка эгин эгилип бүткөндө, алдынын көгү кыр жаап селкилдеп калганда айдалат. Андан дагы аны көрүнгөн жерге айдап, үрөнүн себе бербейт. Өзөн суудан алыс, бадал-садалдан, журдай боз шыбак кодо чыккан талаага ай-

дайт. Мунусу ысыктан корголоор көлөкө болбогондуктан чымчыктар жолобосун деген дыйкан кургурдун амалы.

Андан калса таруунун багылышы да азап, жерден көгү бат көтөрүлө албай жалбыракчаланып, жалпая баштайт. Анысы тикирейип созулгуча толгон-токой кара кыяк, көк чырмоок, сары чырмоок басып кетет. Учурунда кол менен искеп, отоп койбосо эмгек сая кетет. Баш алгандан кийин — кооругу. Орулгуча бала-бакыра, кошуна-колоңдор менен тамак айрылып, үн киркирегиче таң куланөөктөп, таранчылар жатканга чейин жанды сабап, чуркап, чарк айланып кооруп турмай. Бастырып, кызылын алып, тегирменге тартып, ачытып, шагын кайнатып; ун кошулган угутту салып чечтирип, ысык куйбай, муздак да куйбай, калың жаппай, жука жаппай таптап, жетилтип сүзгөндөн кийин ээсинин көбүн кантесиң! Тиги дагы кирет — бу дагы кирет. Аякка куюп сунса жуткуча тамшанат, шилекейин жутат. Шагы ысык куюлса жуткан адам бетин бырыштырып, бу-бу этип баш чайкайт:

— Абу! «Карагат даам канчокур болуп калыптыр» деп. Муздак куюлуп, жакшы жетилбей калса:

— «Ич көптүрмө боз килтир!» деп. Казанда ак барсылдак болуп кайнап, ортосу удургуп жарылып, аяктын кыры оозго тийгенде жыты каңылжаарды өрдөп, көздөн жаш кете кычуу канса:

— Оуу! «Чагарак куйрук чаар жон!» же «куйкум даам куучегир!» деп, болбосо «алкымдан алма ак буура күркүр!» — деп сынашат. Сынап эле тим болушпайт келгендер. Иче берип кызыгандан кызып, бири-бирине икаяны баштап, небаккы өткөн окуяларды чукулап, ага экинчиси каршы чыгып, тигиниси өз билгенин бербей көктөнүп, акыры жаңжал менен тарайт. Катын үрпөйүп, бала ыйлайт, бозочулардын үйүндө.

Ошондой жаңжалы көп тарууну сегиз түтүндүн бири Асан деген экти. Сегиз үйлүүнүн ортосундагы кош өгүз тарткан буурусунга төрт ноопасты алмак-салмак чегип, Боз-Текир деген аймакты коно жатып, бир жума айдады. Үрөнүн сээп, чычырканак менен келтире малалады. Караган көзгө жер көшүлүп эле калды. Канча теше жер экенин ким так эсептеди дейсиң? Чиркиндин үрөнү алтымыш кадактан ашты. Кезинде бирөө үч калпак таруу сээп күзүндө кызылы кырманга толуп, отуз чеч кап таруу алган үчүн ошол аймак кийин «Үч-Калпак» аталып кеткен экен. Анан бул Асан алган таруунун бозосу сегиз үйлүүнү гана эмес, мүлдө Ичке-Сайдагыларды күпүлдөткүдөй чамасы бар эле?

Таруу чычкан кулактанып чыкты. Учурунда жаан жакшы жаап бергендиктен жумшак топурак нымдан өксүбөй,

дегеле жоголуп кеткен чөптөр күндү карай кошо жулунуп, отоо басты. Айран-жармасын чанач, көөкөргө көтөргөн катын-бала Боз-Тектирге келишти. Бир четтен жабылып отоп киришти. Кудай бетин салбасын! Уятынап такымына куур шымды калтырып, дырдай чечипген Калык ичинде. Бала колу отоого эптүү. Таруунун өзүн таанытып койгондон кийин чоочун чөптү тырсылдатып-бырсылдатып жулуп кирди. Көңүлдүү жүрдү. Күн чымырап жонун кактай баштаганда маңдайын тегиз отобой, нары оюн сала калат, бери оюн сала калат. Намыркен маасыдай кара кычы болгон буту таруунун көгүн үзө басып кетет. Билип туруп эле отоонун өзүн жулбай, тарууну кошо жулуп жиберет.

— Эй, антпе! — дейт жоош Орокбай.

— Анан кантет? — дейт Какең. — Тиштеп жулайынбы!

— Жөн. Жанагыдай, шашпай отогун.

— Менин таруум беле? Энесин урайын,— дейт. Отоолорду өз төбөсүнө үймөлөй коюп, мойнуна чырмооктон каамыт жасай коёт.

— Эй, айран жутуп алсак кантет? — деди, нары жактан бирөө. Дагы бирөө:

— Жарма жутуп алсак кантет? — деди. Ойда, боштондукту уккан Какең турсунбу! Тайдын оюн салганын туурап, санын чапкылады да алда кайда кетти. Нары ойноп, бери ойноп, удургуду. Теңиреңдеп моокумдан канды. Чанач кармап, көөкөр кармагандардын жанына келди.

Асан кой оозунан чөп албаган, көп сүйлөбөгөн момун жан. Кулагы да жаңырыш угат. Калыктан кичүү кызы Дилде атасына түспөлдөш, кыр мурун, кызыл тору. Эбелектей жеңил, эрди кымтылып, бөйпөгөй. Бирок, тили быдылдайт да, быдылдайт. Жаакташса чоң-кичине балдарга жемин жедирбейт. Кыздын такылдап калышын чоң кишилер апасынан көрүшөт.

Барча какшыктап сүйлөп, жылдырып чагып киргенде башка аялдар «Адам ээй, бул Чоңконун айылынан эмеспи. Чоңко элинин кызы эмеспи деп, таң калып кечирим кылышат. Андан калса, Кетмен-Төбөдөгү Үч-Теректин аймагында жашоочу Ичке-Сайга чукул, ошол Чоңколордун жору катары, баласынан чоңуна чейин какшыктын казанын кайнатып, сөз тапкычтыгы түндүк-түштүк кыргыздардын кыйырына угулган. Чоңколордун четинен эле бирөөнө учурап: «Бу, жер жүзүндө чындык бар бекен?» деп сурап калса, ал токтолбой туруп: «Чындык асманда экен. Шатысы Николайдын акчасында экен, күү!» — деп жооп берет. Сөздүн машын келтире айтып, угуучуну аңкайтпаса кычуулары канбайт өздөрүнүн.

Бейтааныш гана адамдын тилин буубастан, өздөрү өздөрүн келтире какшатышат. Бир күнү, үч-төрт атчаны чаап баратса жол боюндагы балдары сурап калыптыр: «Акелер, кабар берчүдөй кайда ашыгып баратасыңар?» — дешип. Анда, атчандын бири тизгин тартып: «Ооба, сенин атаң өлгөн экен. Ошону угузалы деп баратабыз!» — дейт. Бала моюбай: «Акелер, токтоңуздар, биздин айыл артта калды!» — дептир.

Күздүн күнү эки чоңко кырман чабышат. Бири таз, экинчисинин бир көзү сокур. Кырманды чаап бүтүп, кырындыларды алыс ыргытып, иш аяктаганда эс ала калган сокуру озуна: «Атаңын көрү! Тастайттык ээ! Баскан адам сыйгалангыдай кылдык ээ?!» дейт. Камырабаган берки тазы: «Аны бир айтасыңбы, эки айтасыңбы, ийне табылгыдай эле болду!» — деп, жооп бериптир.

Дагы бир чоңконун үйүндө Үч-Коргондун базарын базарлап келген чоочун олтуруптур. Соодагердин кулагы каңырыш болсо керек. Сырттан кирген экинчи чоңко чоочун адамдын дайнын билмекке сурайт: «Кол серпип, ыңгыранып сүйлөгөн мунубуз ким болуп кетти?» — деп. Чоочундун дүлөй экенин туюнтуш үчүн үй ээси: «Ии, тиги Ничке-Сайлык Асандын жек-жааты окшойт» деп жылмаят. Кулагы каңырыш Асандын түйрүк эрин аялы Барча, ушундай чоңколор айылында туулуп-өсүптүр.

Таруунун отоосуна келгендер айран-жармаларын ичип, тынчып жатышканда тынчы жок Калык, Барчанын кызы Дилдени:

— Жүрү, «акыйнек» айтышалы? — деп калды. Кыз кыйылды. Тестиер кыздар, балдар Дилдени сүрөп ийишти:

— Коркосуңбу Калыктан? Жеңилмек белең Акынын баласынан? Сен деген Барча жеңенин кызы болосуң?

— Тур, айтыш. Айтышып көргүн. Киминер кыйын экениңерди билели?

Айылдагы эс кирген балдар ар кандай оюн-шоокторду ойношуп, жүгүрүп чарчаганда кыздары бир башка, эркек балдары бир башка бөлүнүшчү. Жаатка чыгып, бирине бири акыйнек башташчу. Күчтүү айткандары күчсүздөрүн жыгып, ызалап, мөрөй алышчу. Андай акыйнек айтышты Калык үйрөнүп алган. Акыйнек айтканда эдиреңдеп ээ бербей кетет. Кейпине балдар эле эмес, назар салган чоң кишилер дагы күлүшөт. Оң колунун муштумун түйүп, бармагы менен тамагын койгулаган Калык, жемин жедирбөөгө аракеттенет. Бир жаман жери тили такылдаган Дилде ич кийимден такыя кийгизип жибергенде, уялганынан качып жөнөйт. Азыр акыйнекке чыкмакка өзү умтулду.

— Кана, сен башта? — деди Калык эдиреңдеп, чоң балдардан арбытып үйрөнгөн акыйнектерине таянып.

— Өзүң чакырдың го, өзүң башта? — деди Дилде.

Көзүн алаңдатып, тамагын койгулап Калык кирди:

Улуу тоонун боорунан,
Улар аткан мен атам.
Улуу кызын ыйлатып,
Үйдө жаткан сен атаң, кантесиң?!
Акыя-акыя...
Иңки-иңки икия...

Токтолбой Дилде кирди бармагы менен тамагын койгулап:

Кичүү тоонун боорунан,
Кийик аткан мен атам.
Кичүү кызын ыйлатып,
Үйдө жаткан сен атаң.
Акыя-акыя...
Иңки-иңки икия...

— Мына эмесе! Дилде кыйын турбайбы?

— Ооба, Калык койбойт,— дешип, беркилер бирине бирин тукуруп, көкүтүп жатышат. Калык күчөп баратат:

Кыздар-кыздар кырылгыр,
Кырк дөбөгө жыйылгыр.
Атан төөдөн жыгылгыр,
Жаш өмүрү кыйылгыр.
Бир кудукка тыгылгыр!
Акыя-акыя...
Иңки-иңки икия...

— Ме, сага! Калык жеңет дебедим беле, жеңет эми!

— Согоор жерге эми келдиң. Сок, Дилдежан! — дешип чуулдайт чоң балдар отко май чачышкандай дүүлүктүрүшүп Дилдени. Дилде баштайт:

Эки көзүң чылпак,
Кийим кийбес тыртак.
Апасынап таяк жейт,
Калык деген жыртак.
Акыя-акыя
Курумшу сага такыя
Иңки-иңки икия...

— Оо, Калыкка калпак бычылды! Төбөңө күн өтпөйт, кийип алгын Дилденин «топусун»!

Ызалана түшкөн Калык кийинки үйрөнгөнүнөн баштады:

Чийдин башын бууп кет,
Чыйылдатып тууп кет.
Камыш башын бууп кет,
Какылдатып тууп кет.
Акыя-акыя,
Иңки-иңки икия...

Баятан кызым жеңсе деп, делебеленип турган Барча тура калды:

— Ии, өлүгүңдү көрөйүн тентимиш, кан кускур! «Тууп кет» деген эмнеси наристе кызымды?! Ушундайыңдан элден качып, жерден азып жүрөсүң да, сезгенгир! Жап жаагыңды, шаңырандабай!

— Өлүгүңдү мен көрөйүн! — деп уулуна болушкан Жийде тура калды. — Тентип келип, сенден талкан сурадыкпы, ыя? Акы кийик атып келсе, сорпону менин үйүмдөн сен аңдыйсың го!

— Ии, ары жок кемсан! — деди Барча. — Жумгалдын кийигин Кетмен-Төбөгө айдап келгенсип, айтып турганын?!

— Айдап келбегенде, кайберен сенин менчигиң беле? Же сен багып, сен чөп жулуп берип жүрөсүңбү?

— Менчигим эле! Тоо өзүмдүкү. Жер өзүмдүкү. Тентип-темселебей өз жеримде олтурам. Өз журтумда олтурам.

— Тигини, түйрүйгөн ээрдиңе түкүрөйүн!

— Сеникине так...

Экөө тең алкынып бирине-бири жулкунду. Колдору арбаңдап жулмалашып калды. Тургандар ажыратмакка жармашты.

— Ээ, кокуй! Ойногон балдарга да болушабы?

— Ушу кантип болсун? Зоокторуна күлүп алышпай, чачташып... Катыгүн, экөө тең албуут немелер тура!

Бейжайларды зорго дегенде ажыратышты. Саксайган чачын жымырып, жоолугун оңдоп, таноосу кыпчылган Жийде жер сыйпалады да ийиктей ташты ала койду.

— Жөн жүрбөгөн жайрагыр! Урунуп-беринип, бирдин ичинен чыгармаксың! — деп, кылмышкер болгонун сезип, имерчиктеп турган уулун көздөй шилтеди. Таш Калыктын чекесине тийди. Кан жая берди. Эси чыгып кеткен ал жаратын баскан боюнча бакырып, жанга жеткирбөөчүдөй куюндап качты.

— Таруусу отолбосо ойрону чыксын! Мөндүр уруп, кыян жууп кетсин! — деп улунуп-жулунуп, карасур өңү кумсарган Жийде Орокбайын жүрү дебей качкан уулунун артынан жөнөйт. Уулунун чекесинен жаа берген кандан чочулап, үйүнө келет. Үйдө жок. Сырттан издейт. Төш таянып, кырга чыгат. «Калык эле, Калык!..» — деп заңкылдап чакырат. Дарек билинбейт.

Күн бата отоочулар келет. Эки аялдын чачташкан жаңжалы Асанга угулат.

— Караң кал ай, караң кал ай! Балдар урушат, кайра табышат. Ушул дагы болчубу, ынтымагы кетишип! — деп, кейийт Асан, улам бирөөдөн кайталап сурап, каңырыш ку-

лагы жаза угуп, «ыялап» сөз тактай бергиче күүгүм кирет. Түн түшүп, жылдыздар жайнайт. Таң сүрө шалаңын жөн салдырбас чычаңдаак күрөң кашка ноопасына ыңырчак токуп минген Асан «Атасына кетип калбады бекен?» деген ой менен Калыкты издеп чыгат. Жолун билсе атасын таап алгандыр. Эртелеп барайын да «Айланайын Акы! Эстүү жан элең. Балдардын чатагына аралашпа. Айыл ынтымагы кетпесин? деп айтайын» — деп күбүрөп, таш кыяда өрүлөп баратат. Чүлүгү каңтарылган ноопасы күш-быш. Мурдун жаланып, шилекейи ууртунан чубалып, самсаалап, өдүрөңдөйт. Арча үзөңгүсүн тепеңдете ноопасын курсагына тепкилейт. Шапалагын шалп-шалп чабынат.

Күн тоо баштарына тийди. Сагызгандар ойкуп-кайкып учушту. Чакчыгайлар таштын үстүнө коно калышат да, куйруктарын кыбыңдата сайрап киришет. Бактектер бирин-бири жөөлөп, күү-күүлөшөт. Саңсаң кызыл көрпө тебетейчен, боз таар чепкенин кайыш менен курчаган Асан «өш», «чү» деп кетип баратат.

Арттан чакырык чыккандай болуп калды. Асан элең-элең каранып, жөнөй берди. Чакырык удаа-удаа чыкты. Күрөң кашканын чүлүгүн каңтара артына кылчайды. Көзүң жамандыкты көрбөсүн! Саксайган бир кичинекей желмогуз жеткени калыптыр. «Тоо-ташта боз тайлактай түгү бар мителер жашайт. Ал чыңырып ийгенде адам эс-учун жоготот. Кулайт. Мите канын соруп, жолго түшөт» деген сөздөрдү далай уккан Асан адегенде «Аа!» деп алды. Анан кашаң ноопастан түшө калып, жыгылып-туруп качып берди. Чедиреңдеген «желмогуз» арттан калбай жармашканы келатат. Жанталашкан Асан борчук ташка жабышып, тырмалап кырына чыкты.

— Асан аке! Асан аке! — дейт, арттагы сөлөкөтү суук неме. Жер сыйпалап таш алган Асан кекечтенип-мукактанып, энтигип:

— Сен кимсиң ой? — деди.

— Мен, мен элемин! — деди тиги.

— Мениң ким ой?

— Мен эле. Акы устанын баласымын.

Чеңгелинен ташы түшкөн Асан шалдайды.

— Калыксыңбы?

— Ооба, аке?!

— Ок, атаңдын көрү, жаным калсачы!

Көрсө, качкан Калык атасын таппай чоң таштын коңулуна шимүүрдүн жалбырагын оронуп түнөптүр. Кетип бараткан Асанды таанып, сүйүнүп, жүгүрүп жетип келген тура. Аккан каны бети-башынан бери катып мокочодон да

жаман. Бул түрү менен Асан түгүл Акы да таанып эмес.

Асан эми эсин жыйды. Ноопасын кармап, арча үзөңгүсүн тээп минип жатып:

— Тентегим! Мен сени издеп чыкпадым беле. Ырас болбодубу, жолдон табылып. Кел, учкашагой! Атаңа баралы,— деди. Бара жатып өөдөгө чыгарда Калык жылмышып кетти. Чычаңын таянып, илгерилеп алмакчы болгондо чычаңдаак ноопас ойдолоп, мөңкүп-мөңкүп жиберди. Асан жыгылып, аны кучактаган боюнча Калык кошо оодарылды. Ахалашып-охулөшүп капталдарын күбүнүштү. Калык сылтып басып, кайра учкашты ноопаска.

Акынын отоосуна келишти. Түзөңчөдөгү карагайдын түбүнө түнөйт экен. Тону турат. Балта, чоту, байтешеси жатат. Өйдөкү бутакта айран куюлган чанач илинүү.

— Сен ушерде калгын,— деп Асан Калыкты түшүрдү. — Мен Акыны издейин. Тал кыйып жүрөбү, же кийиктеп кетти бекен?

Асан кетти. Кечээтен бери ачка Калыктын эки көзү чаначтагы айрандан өтөт. Бирок, канча аракет кылса дагы жогору илинген чаначка жеткидей эмес. Байтешени алды да боону кырча чаап, чаначты түшүрмөкчү болду. Жогору секире түшүп, шилтеди. Курч миз боого жетпей, чаначтын буулган жерине тийди. Чанач дүп түштү. Коюу айран чачырап, жайнап төгүлдү. Эми, болоору болду. Коркту эмне, коркподу эмне! Айрандын калганын чаначы менен тигиндей сүйрөдү. Төгүлгөн жерине боортоктоду. Тойгончо жалап, соруп ичти да, атасынын тер жыттанган тонуна чүмкөнө оронуп жатты. Бат эле мемиреп, катуу уйкуга кетти. Карагайдын түбүнө күн да тийбейт. Кайсы убакыт экени да билинбейт.

— Атаңдын көрү ээй, муну ким ушintти? Отунчулардын кылганы го? — деген ачуулуу үн чыкты. Ойгонгон Калык тондун саңсаңынан шыкаалап, атасын көрө койду.

— Атаке, мен ошенттим! — деп бакырып тура калды. Атасы таанybай кетенчиктеп, анан барып:

— Эмне кылып жүрөсүң? Бети-башың эмне, кокуй? — деди.

— Апам чекемди жара чаап таштады.

— Алда катыгүн ай! Бир күнөө кылгандырсың да? Кантип эле, курдан кур жара чапсын! — деп уулун бооруна кысты. Ошончо жылдардан бери аягы сай таппай Кашкардан бери тентигени жанына баттыбы, же бир жерге байыр алып, күлү додо болбогон тагдырына ызаландыбы?.. Болбосо тоо-токойдо кажанып жүрүп үйүнө жолобогондуктан ба-

ласынын минтип башы-көзү жарылып жатканга жүрөгү тызылдадыбы?.. Айтор, карагайдын түбүндө уулун кучактап олтурган Акынын каңырыгы түтөдү. Мээнеткеч апасы Зулайкадан бери эсине түшүп, бул дүйнөнүн жалган экенине, калыстык эч качан болбосуна, кандай айла-амал жасаса да тагдырдын чийиминен чыга албасына наалыды. Көөдөнүн күйүт чыңагандыктан көзүн жаш каптап тумандады. Жер жылгансып, карагай чайпалды Акынын көзүнө.

* * *

Жийде менен Барчанын ынтымагы бузулду. Мал саарда, мал тоскондо бирине бири эриндерин бүлкүлдөтүшө мурчуңдашат. Терс айланышып, арка сала басып кетишет.

Дилде менен Калыктын акыйнеги тыйылды. Бир жолу Дилде улагын байлап жатат эле. Калык шак бурулду. Кишн жокпу дегенчелик кылып, эки жагын карады. Атайы келип, Дилдени куйрукка тепти. Туйтуң этип кылчайган кыз:

— Эмне тебесиң? — деди.

— Өчүмү албайымбы? Дилде жооп кайрыган жок. Күрмөсүндөгү седепти кармалап тиктеди да, акырын унчукту:

— Апамдардын урушаарын билсем, акыйнек айтышпайт элем... Дилденин кечирим сураган сөзүнө Калык корсойгонсуп:

— Апаңдын энесин... — деп, сөгүп жиберди.

— Кой сөкпө, уят болот?!

— Уятыңды... Чекемдин жарылганын карачы? Бул уят эмеспи!

Айыга элек жаратты Дилде бая эле көрүп, уялып да, аяп да турган. Азыр таноосу бүлкүлдөп, ыйлоочу кейиптенип кетти:

— Мындан кийин урушпай ойнойлу? — Кыздын өтүнүчүнө Калык унчуккан жок. Мойнун салып басып кетти.

* * *

Ушундай учурда Төрөгелди деген мал-жандуу, чоң айылдуу неме Акыны чакырат. Келишкен үй жыгач жасап берүүсүн, өзүнүн көчүп келүүсүн буйрат. Муну уккан Жийде чырагына май тамгандай сүйүнөт.

— Ырас болуптур! Түйрүк Барчадан алыс кеткениме жети нан баабедин,— дейт. Көчүүнүн камын жейт.

Акынын көчөөрү жети түтүнгө маалым болду. Бул кабар Асандын кабыргасын кайыштырды. Мурда эле Барчага «Эки бала урушат, эси кеткен болушат», бекерге жаман-жакшы айтышкансың, бекерге жулмалашкансың деген. «И-ий, ым-

тыраган өлүгүңдү көрөйүн! Кызыңды «чыйылдатып тууп кет!», «какылдатып тууп кет!» деп атса баласы, айтышпаганда, жулмалашпаганда... оозун карап турайынбы?! — деп алкынган Барча. Асан жооп кайрыбай кашынып, керегенин ачасынан шапалагын алып, чыгып кеткен. Азыр кабагына кар жаап, сакал-муруту бириндеп, жаагы тултуя кара көк тартып кирди, Барчаны жутуп жиберчүдөй карап:

— Эмне кылабыз, Акы көчмөй болуптур? — деди.

— Эмне кылмак элең? Көчмөктөн көмүлүп калсын! Көчпөй жүрүптүрбү башта? Жеринен эле тентип, темселеп жүргөн немелер экен...

— Бас, жаагыңды! — деди, турмушунда аялына биринчи жолу орой сүйлөгөн Асандын көзү чилденин музундай тунарып. Барча сестене түштү. Бирок, тишинин арасынан:

— Ии, өлүгүңдү көрөйүн ит! — деген көнүмүш сөз чыгып кетти. Туюк жүрчү ачуунун жарылышына ушул гана себеп болду окшойт.

— Ким ит ыя? Мен итминби, ыя? — деген Асан, бир каргуу менен Барчага жетти да, чапчып, көмкөрөсүнөн басты. Тулганын алдында күлдү сузуп жаткан дуңгул баш кычкачты ала коюп, дал куйрукка берип, берип калды. — Мына сага, мына сага! Ит моминтип кабат, ушинтип талайт! Ушинтип басып алып... Минип алып талайт ит деген!

Барчанын чаңырыгын, кокуйлаганын уккан кошуна-колоңдор:

— Эмне балээ болуп кетти? — дешип, жабыла чуркашты. Алар менен кошо бүчүлөнбөгөн күрмө тонунун этеги далдактап Акы да бараткан. Анан калса «Асанды аял урат» деген ой үч уктаса түштөрүнө кирбеген.

Ошол күнү Дилде эки көзү шишигенче ыйлады. Калык күнөөлүү немече кылыйып, Асандын үйү тарапты кылчак-кылчак карай берди.

## ШЫКТЫН СҮРӨМӨЛҮ

Жаңы көчүп келген Акы аймактагы жашагандарга татым туздай керек болгондуктан айылга баш-көз болгондордон макулдук алды да, Ничке-Сай суусуна жакын тегирмен курууга киришти. Жигиттер чогулуп суу буруучу арыкты чабышты. Ноого чейинки серени бийиктешти. Акы ноонун тактайын даярдайт. Бирине бирин улап, кынаштырат. Баранын көнөгүн сомдойт. Канаттар ашталчу орунду оёт. Айланчу мамыны камдайт. Бирөөлөр ташын чегип, тегиздеп, тешет. Айтор, азан-казан. Тарс-турс. Чак-чак. Жаргак шым-

чан жыланач Калык четте, өзү менен өзү алек. Ал дагы өз «тегирменин» салып жатат. Ушунчалык ынтаа менен ишине алаксыган баланы карай айыл башчысы Төрөгелди басты.

— Эй, Акынын уулу. Эмне бүтүрүп атасың? Улуу адамга кылчая калган Калык:

— Тегирмен! — деди такалбай.

— Кандай тегирмен?

— Атамдыкындай! — Мурда эле жасап жүрчү неме чымылдактын дүмүрчөсүнө сайган чамындыларды суунун шарчасына кармады. Барасы дирилдеп айланды. Мунусуна сүйүнө:

— Мына, мына. Жүрдү-жүрдү! — деди. Төрөгелди качанкы ойноо балалык кезин эсине салып, жылмайды.

— Дагы кандай өнөрүң бар? Калык... «өнөрүңө»... түшүнбөдү окшойт. Бир көзүн жума, экинчи көзүн кылыйтты:

— Эмне? — Калыктын кейпиндеги балага гана таандык жүрөктү кытыгылаган жылдыздуулукка жетине албаган Төрөгелди ымалалашын уламакка:

— Ыр билесиңби? — деди.

— Кандай ырды?

— Кандай ыр болсо деле?

— «Этмейдиби?» же «Колуктунубу?» — деп жиберди такалбастан.

— Эй, жыланач! — деди, Төрөгелди деле Калыктын ойдолоп турганына ичи жылып, кубанып. — «Этмейиң» эмне?

Калык чөгөрүлгөн төө, тушаган бээ, ноктолонгон торпок, айкырган эшек жөнүндөгү күлүш үчүн алжаңдар чыгарган ырды жобуратып айтты.

— Мына эмесе! Сенде жаткан го? — деген Төрөгелди баланын жоругу менен ырдын «иттигине» ыкшып күлдү. Көзүнүн кычыгын оромолу менен басып, сүрттү.

— Этмейиң курсун, чунак бала! Муну Жумгалдан ала келдиң беле?

— Жок?!

— Ким айтып жүрөт?

— Балдар үйрөткөн.

— Кана, «Колуктуңду» айтып жиберчи эми?

Калык киндигинен ылдый жаргак шымынын кашатын «чиңгилдиң-чиңгилдиң» деп, комуз кылып, чалып, өзүнчө обон, өзүнчө кейип-кепчиген кайрык менен ырдай баштады:

Кайненем катуу киши экен,
Катырма берип сыйлады.
Колуктум кокуй кыз экен,
Койнума жатпай ыйлады.
Чиңгилдиң-чиңгилдиң!

— Ой-боой, сенин баарынан дагы «Чиңгилдиңиң» укмуш турбайбы! Мактоого барбалаңдаган неме «комузун» күчөтө чалып-чалып жиберип, экинчисин улады:

Кара тоонун боорунан отун алдым,
Отунумду саттым да, катын алдым.
Катынымды кайненем тартып кетип,
Чегирткедей мен байкуш жетим калдым.
Чиңгилдиң-чиңгилдиң-чиңгилдиң-оо... ой.

* * *

Төрөгелди менен бала Калыктын жакындашуусу ушинтип башталат. Күндөр өтөт. Тегирмен да бүтөт. Нан менен максым кеңелген сайын Калыктын ыры да көбөйдү. Көсөө тиеби, жарака тиеби, колуна ала коюп чертип, башын шылкылдатмайы да күчөдү.

— Ой, жинди улактай болгон өлүгүңдү көрөйүн! Эмне болуп атасың? — дейт апасы. Калык эмне болчу эле, өз билгенин жасайт. Карды ток. Керек болсо оюн салып, секирип баратканда жаргак шымдын ичинен удаа-удаа дабыш чыгарат. Уккандар күлөт.

— Акынын бул баласы жалаң бадырак менен чала ачыган арпа максым ичет окшойт! Жаргак шымы калбыр болуп калмай болду! — дешет. Какең шылдыңды кулакка илбейт. Күчөтүп жиберет өнөрүн. Бир күнү угуп калган бирөө жамакчы белем, ырдап ийди:

Тойсо көчүк дуулаткан,
Тоодон теке сулаткан.
Ойдолоп коюп дуулаткан
Ойдон теке сулаткан.
Кандай адис мерген бу,
Аркар атпай, шымды аткан!

Уялып качып кетпей, жүгүрүп келген Калык:

— Аке, эмне дедиң? Айтып койчу, үйрөнүп алайын? — дейт. Арсылдап берки күлөт. Суранган немеге алжыган ырларды үйрөтөт. Бир күнү атасынын жанында, атасынын күрмө тонуна оронуп тоңкочуктап аткан Калык ак уруп бир ырды ырдады. Акы кулак тосо койду да, күлдү.

— Эй, жинди! — деди уулунун бетинен тондун жакасын кайрып.

— Эмне деп атасың?

«Чынбы ушулду» айтып атамын.

— «Чынбы ушулуң» менен кур! Уят болот, мындан ары айтпай жүргүн!

— Уят деген эмне?

— Уят деген бир уруу журт.

— Ал кайда болот?

— Албы? — деп атасы баласынын бетин чымчыды. — Так, мобу жердө болот!

Атасы тыйгандан кийин Калык бул ырды айтпай калган.

Жоро башталган маал. Жыты каңылжаарды жарып, күчтүү чыккан бозого сары май салдырып жылытып ичкен жорочулар үй толо. Төрүндө Төрөгелди. Куду чоң кишилерче кийиз эшикти серпип, босогону аттаары менен:

— Ассалоом алейкум! — деди Калык. Башында малакай. Малакайынын төбөсү шоңшоюп, кара саңсаңы маңдайына түшкөн. Тонун кайыш менен кындыйта курчанган. Бутунда чанач чокой.

Адатта, жородо жок киши жорочулардын үстүнө ушинтип салам айтып кирет. Башкарып олтурган бирөө саламчыны баланча сабак ыр ырда, же түкүнчө аяк бозону удаасы менен дем албай ичсин деп буюрат. Өзү кирген киши буйрукту кыңкы-мыңкысыз орундатат. Төрдөгү Төрөгелди Калыкты көрүп, күлдү:

— Мобу саламчыга бозо шыкасакпы, же ыр кустурсакпы? — деди да, Калыкка көзүн кысып: — Кана, ырдап жиберчи, баатыр! — деп калды.

— Аке, кандай ырды ырдайын?

— Сенде «Чынбы ушул» деген бир ыр бар деп уктум. Ошондон баштагын!

— Аны атам айтпагын, уят болот деп койгон.

— Атаң уятты билбейт.

Төрөгелдиден буйрук алган Калык шарт чөк түштү. Малакайынын маңдайын көтөрдү. Оң жеңди чыканактан ашыра түрдү. Муштумун түйүп, билекти сунду. «Чынбы ушулду» мурда эле билген немелер дуу күлгөндө үй жыгылып кеткендей жаздады. Калык, муштуму түйүлгөн билегин эки-үч силкип-силкип алды. Маңдайы жарыла, көзү бажырайып, мурдун кайкая, арасы ачык тиштери жаркылдап, эпостун ыргагына салды:

«Чынбы, ушул» өзү ушундай!
Теминишин карасаң,
Мүнүшкөрдүн кушундай! —

деп, күпүлдөтүп айта баштады. Аягында эси ооган немече шалдырап, көзү аңтарылып, кырынан жыгылды. Баланын жоругуна, үйрөнүүсү менен куп келиштирген кыймылына олтургандар кыйрап күлүштү. Жөтөлүп жатканы бар. Жашын сүртүп жатканы бар. Какең дендароо өңдүү көзүн кыбыңдатып, жамбаштап жатат, дагы эле солуп.

* * *

Калыктын жаркын паанайына ичи жылыган, анын жаратылышында демөөрлөнтүп турган артыкчылыктын бар экенин баамдаган Төрөгелди баланы үйүнө байралтты. Өзү дагы конокторуна кошулуп, куунап күлүп алчу бир топ жоруктарды үйрөттү Калыкка.

Төрөгелдинин үйүнө өгүзүнө ыңырчак токуп, шалаң байлаган жалгыз тондуу жарды, же жер караган жетим-жесирден конок келбейт. Жайдын күнү тай сойдуруп, жеш үчүн, же козу сойдуруп жеш үчүн, кышында сүр эт жеш үчүн булгун ичиктүү, суусар тебетейлүү мыктылар келет. Күн көрүүнүн айынан бирдеме үмүт эткен ырчы, «Манас», «Семетей» айтчу казалчы, небаккы өткөн элдин өмүрүнөн санжыра козгоочу окумал, таңшытып күү чертчү комузчу, бир окуяга экинчи окуяны жалгап, угуучуну кызыктырчу жомокчу келет Төрөгөлдиникине.

Төшөнчү-орунчусун сынаганы, казан-ашын сынаганы келгендерди Төрөгелди тамакка карк кылат. Кечинде казан астырат. Эртең менен окуйган жез самоорду кайнаган суусу менен шуулдата көтөртүп кийрип, жыпар жыт чайдан демдетип, дасторконго боорсок төктүрүп, набат чактырып, май кылгырып калган меймандарына пиялалар менен ысык чай сундурат. Ушундай марттыктын артында жеп-ичкендер дасторконумду мактап кетсин, үй жасалгаларымды кеп кылсын, уккандарга соболом көтөрүлсүн деген сыр да жок эмес. Ушундай меймандар сый көрүп олтурган учурда чакыртпас Какең өзү эле эшикти серпе салып, кирип келет.

— Ассалоом алейкум, аба-аталар!

Баланын алаңдаган көзүнө, мурдун кайкайткан шоктуу мүнөзүнө биринчи көргөн бейтааныш бырс күлүп:

— Ате, мобу баланын саламы катуу, семиз чыкты го! — дейт.

— Оо, бу биздин Ничке-Сайдын оюнчусу! — дейт Төрөгелди меймандарына көз кысып, Калыкка күлмүңдөй карап.— Кана, баягыңдан баштачы булар дагы угуп алышсын?

— Аке, кайсынысын?

— Өзүң каалаганыңдан.

— «Чынбы, ушулдубу», же «Этмейдиби?»

— Экөө тең эле мыкты эмеспи. Кайсынысын кааласаң ошонусун.

Чөк түшө калган Калык баштап кирет. Меймандар боору эзиле күлүшөт. Алдыларындагы чайлары сууйт. Ырды жаңы уккандай кошо куунап жаткан Төрөгелди:

— Кана, буларга төтири турганды үйрөтчү? — дейт. Ка-

кең кетенчиктеп кетет да, босогого төбөсү менен турат. Чо кусу менен имерилет. Меймандарга көзүн аңтарылтып, ти лин жалмаңдатып, бир шумдуктуу кейп жасайт.

— Эми басып кой? — дейт Төрөгелди. Калык туруп оңдонуп алат, кайра тоңкоёт. Буттарын түптүз сунуп, та мандарын чамгаракка каратып, колу менен капшытка, Тө рөгелдиге чейин басат.

— Биртке эс ал! — дейт Төрөгелди. Калык мурдагы ор дуна чөк түшөт. Демиккени басылат. Төрөгелди дасторкон дон боорсок алып, меймандарына көз кысат.

— Өзүңөр күбө болуп тургула! Мына, ушул боорсоктор ду менин Калыгым удаама-удаа чайнабай жутат эмеспи,— дейт Калыкка имерилип.— Кел, баатыр! Бери жылгын. Бая гындай? — деп үндөйт.

Калык тизелеп басып келет. Эки колун жамбашын коюп, мойнун созуп, оозун ачат. Төрөгелди бирден сала Какең, боорсокту тили менен күрмөйт. Кыйналып-кыста лып, көзүнөн жаш кылгырганга карабай чайнабай жута Жана жутат. Эми жутат. Баланын кейпине баары букулда күлүшөт. «Боорсок жутмай» бүткөндө Төрөгелди алдындаг сууган чайын алат. Дагы меймандарга көз кысып:

— Мына, ушуну менин Калыгым эң эле майда чайна жутат! — дейт. Какең пияланы колуна алат. Чайнап уур тап, кепшей баштайт. Чай ууртунан жылжыйт. Ээги ма ланыша көкүрөгүн карай агат. Бала жана ууртап, кепшей Меймандар ыкшып күлүшөт. Төрөгелдинин үйрөтүүсү боюн ча «чайды чайноо» милдетим деп сезген Калык «ойнун уланта берет. Көрүүчүлөрдүн чери жазылат. Алаксыга мейманадар алдындагы аштарын унутушат. Чайлары сууй Үйдүн ичи күлкү. Көңүл куунайт.

* * *

Калык Төрөгелдиге андан бетер алынды. Кийинки жыл сегизге толгондо Кероoз деген күлүгүн чаптырды. Башын ак патис жоолук буулган баланын көңүлү ошондо көтөрү дү. Алыскы айылдарды көрдү. Аш-тойго жыйылган эл көрдү. Алым сабак айтышкан акындарды көрдү. Күлүгү чаптыргандыгы үчүн Төрөгелди жаңы кийим кийгиздирди Баарыдан да куйрук-көкүлү шүйүлгөн элик сын топ күлү төр арасында ак жоолук буунган, күлүктүгүнөн баш ба гени бербес Керoccду минип бастырып жүрсө, миңдеге көздөр өзүнө жамырайт. Бул кандай сыймык! Бул эм деген атак! Анан калса ак жоолук, көк жоолук, сары жо лук, кызыл жоолук бардык ат чапчу балдардын башы

эле буула бербейт. Алардын ичиндеги чыга жүргөн беш-алты гана күлүктүн үстүндөгү баланын башына буулат эмеспи.

Кийинки жылы бир чоң тойдо Калык чапкан Керооз алда кайда чыгып келди. Бою эңгезердей чоң, сакал-муруту төшүн жаап жайкалган, көзү ымдашкан аксаргыл, буудай жүздүү Эшмамбет ырчы чыкты бир тараптан. Анын заңкылдаган үнү, арасы тай чабым өйүз-бүйүздөгү жардангандарга гапа эмес, ал кыр менен бул кырдагыларга да угулгудай.

Экинчи тараптан Жаңыбай ырчы чыкты. Анын умсунбаган сыпаа экени үстүндөгү тыкан кийиминен, ат тизгинин тартып жай бастырганынан байкалат. Эки ырчы тең Кероозду ортого алып, мактап ырдашты. Биринчи Жаңыбай баштады. Аягы уйкашкан эки сапты таштады. Сөздүн маанисин бузбай, ырдын уйкашын бузбай Эшмамбет эки сапка эки сап кошуп, алымсабак кошуп жатышты. Эки ырчы тең Төрөгелдиден бирдеме өндүрүү үчүн жан сабашат. Аттуужөөлүү жайнаган калың эл алардын ырына кулак түрүп, күлмүңдөшөт. Аземдүү камчы кармаган Калык ортодо Кероозду бастырып турат. Ырчылардын ырынан кулагын албайт.

Эки ырчыга баш байгенин эсебинен бирден ат тартуулашып той тараган. Жанындай жакшы көргөн Керооздун мойнун кучактап, кулак-жаагын кашып, таноосунан жыттаган Калык акырда жүргөн. Ал үч жылдан бери баш байге бере элек күлүгүн сүйүп, эркелетип тим болбостон, эки ырчынын ырын кайра башынан түшүп, кайталап жатканда капыстан үн чыкты.

— Калык, жүрү үйгө!..

Өз ишине берилген неме чочуп кетти. Карай салса босогодо Төрөгелди турат.

— Кайда барайын, аке?

— Үйгө барасың.

— Кайсы үйгө?

— Менин үйүмө.

Төрөгелди буга чейин эркелетип көргөн, бирок чакырып көрбөгөн. Балага бул өөн учурады. Бут ою чаржайыт болду. Кайталап, жаттап жаткан ыры оозунан тарууча чачылды. Жетекке көнбөгөн иттей саал кийиндеп, ээрчип олтурду, Төрөгелдини.

Үйгө киришти. Толтура киши экен. Төрөгелди капшытка олтурду. Калык тикесинен босогодо турат. Саамга тунжурап ойго чөккөн Төрөгелди, каадалуу кишиге кайрылгандай балага бет урду да:

— Калыгым, ырда? — деди.
— Эмнени, аке?
— Мурдагыларыңды эмес. Жаңыбай менен Эшмамбеттин Кероозду мактаганын?
— Аны билбейм, аке?
— Койчу?
— Чын, аке?
— Чын элеби?
— Чын эле...
— Бери болчу?
Калык чукулдап барды. Төрөгелди Калыктын эки колун сол колу менен куушура кармап туруп, оң колу менен жаакка «чу» эттире басып алды.
— Ырдайсыңбы, өлөсүңбү?!
Күтпөгөн кордуктан чочуп, шымына бүркүтүп алган Калык чөк түштү. Өң-алеттен кетип, таноосу кыпчылды. Күлкү салып эрке өңдүү көрүнчү неменин чымын жаны чырылдап, жүрөгү дик-дик. Көзү төбөсүн карай аңтарылып, агы чыгып жалбарып ийди:
— Айланайын, аке! Ырдайын, ырдайын. Баятан дымып турган кишилер дуу күлүшкөндө ызаланган неме ыйлап жиберди.
— Ыйлабай ырдагын! — Төрөгелди ансайын жекирди. Калык үчүн бул сапар анын өңүндө ырайым жоктой. Калык ансайын ырдын баш-аягын таппай демигет. Тамагын жасайт. Жөтөлөт. Көркыстоого түшүп, маңжаларын укалайт, Төрөгелди сурданып ашыктырат:
— Ой, айтасыңбы же өлөсүңбү? Акыры, Калык ырдын башын тапты.

Төрөгелди тапкан ат,
Иниси Мама баккан ат.

Аны устанын баласы,
Атырылтып чапкан ат.

Ат чаптым деп калп эле,
Кээ бир адам мактанат.

Саяпкери жарашса,
Кай жеринде тап калат.

Буудайды жара чайнаган,
Бугудай көзү жайнаган.

Бугу сындуу Кероозду,
Саяпкер Мама байлаган.

Капкандай бели ийилген,
Кайберендей түйүлгөн.

Кан Манастын тулпары
Аккуладай жүгүргөн.

Тайбуурулдай таптаган,
Сараладай сактаган.

Кетип калат курчу деп,
Кемегеге чаппаган.

Бүгүн, Төкөм бизге ат берет,
Кечиктирбей бат берет.

Төкөмдүн берген атына,
Менин ээрим чак келет,—

деп үйрөнгөн ырын Калык ырдап бүттү. Балага жанатан желдеттей көрүнгөн Төрөгелди күлүп ийди. Калыкты өзүнө тартып, маңдайынан сүйдү:

— Мен сени сынадым. Тартынчаак болбой жүргүн. Тартынчаак киши ырчы болбойт.

— Жаакка чаап атсаң,— деди олтургандын бирөө,— тартынмак түгүл, жоголуп кетпейби!

— Анан ушунуку жакшыбы? — дейт Төрөгелди.— Акырда ак уруп ырдап атат да, үйгө келип «билбейм!» дейт. Чапмак түгүл, теңирейген мурдун таптаза түзөп коёюн дедим эле, силер болбосоңор!.. Хе-хе...

* * *

Көпкө маалым-думана боло турган. Сарт топусунун жээгине тегерете селде чалынып алган ал, куржун салынган шалпаң кулак сур эшеги менен Төрөгелдинин эшигине келип, ак урду. Кудайы сунуп, думана менен кошо кол ирмеп бата тилеген Төрөгелди:

— Оо, Калык! Кайда жүрөсүң, кел мында? — деп калды. Чаап Калык жетти.

— Такыбаа думанам! — дейт Төрөгелди жанындагы Калыкка колун жаңдап.— Ушул айылдан кайтканыңызга чейин бул баланын сөөгү биздики, эти сиздики. Алыңыз, ээрчитиңиз. Бирге жүрсүн сиз менен.

Селт эткен Калык алайып ээсине кайрылды эле, ал жаак булчуңун кыймылдата сурданып койду. Жаалынан корккон бала сур эшекчен думананы ээрчип, жолго түштү. Төрөгелдинин эскерткен кекээр сөзү арттан угулду:

— Такпаа кандай ак урса төкпөй-чачпай үйрөнүп келесиң! Антпейт экенсиң, көргүлүктү көрсөтөм. Терекке кактырып таштайм тикенден!

* * *

Думана менен бирге жүргөн, бирге түнөгөн Калык кайтты. Убада боюнча Төрөгелдиникине кирди. Эртең менен даарат алып, намазын окуган ал, айылдагы бир топ кишилер менен чайга олтуруп жатыптыр. Калыкты көрөөрү менен:

— Кана, кечээки думананын сөөмөтүн баштагын дааратым менен угайын? — деди. Кыпылдаган неме чөк түштү. Колун бооруна алды. Думанача эки көзүн жумду. Шилекейин күрмөп жутуп, жобуратып ак уруп кирди:

Думана келет эшиктен, олдо үй,
Балакет качсын тешиктен, олдо үй.
Бала ыйласын бешиктен олдо, үй.

Бала кезде өлбөдүм, олдо үй,
Байтерекке конбодум, олдо үй,
Байтерек гүлүн сорбодум, олдо үй.

Чырымтал кезде өлбөдүм, олдо үй,
Чырпыгына конбодум, олдо үй,
Чын бейиште болбодум, олдо үй,—

деп Калык үйрөнгөнүн түгөл айтып токтоду. Бардап-бардап көзүн ачты. Башкалар назар буруп, Төрөгелди маңдайында олтурган экен. Ал күлкүсүн ичине катып, түйшөлүп. Анан ыңгырана:

— Дубана дегендин батасы болчу эле кудайысын алгандан кийин. Ал кана? — деди.

— Апей! — деп чочуп алган Калык көзүн кайра жумуп, колун жайып, божурап батаны баштады:

Айдан аман кылсын,
Душманыңды жаман кылсын.
Бооруң бүтүн болсун,
Өрүшүңө малың толсун.
Жылдан эсен кылсын,
Душманыңды кесел кылсын,
Акыреттен ыйман берсин,
Алладан дарман берсин.
Хандын каарынан сактасын,
Жыландын заарынан сактасын.
Ач аарынын уюгунан сактасын,
Кожонун кыйыгынан сактасын.
Омийин, аллоу акбар! —

деп бетин сылады.

Үйдөгүлөр дуу күлүштү.

— Думананыкынан да Калыгымдын батасы өттү окшоду! — деп Төрөгелди кошо күлдү.

* * *

«Жакшынын жашы өйдөлөсө жүгү оордойт. Жамандын жашы өйдөлөсө өмүргө тойбойт» дейт. Төрөгелди «Калык он бирге чыкты. Жилиги жоонойду, куйругу оорлоду болуп, күлүк чабуудан калды» деп он төртүндө баласы Караталга малайлыкка ыйгарды. Анын жоргосуна, жүрүштүү атына кыш бою чөп салат, жем салат. Коноктор келсе алардын аттарын суутуп, ээр токумун алуу, жем-чөп салуу, сугаруу, токуу да Калыктын мойнунда.

Ишин бүтүрүп, үйгө кирет. Коноктордун арасында комузчусу бар, сөзмөрү бар. Ырдап ийчүсү бар. Күпүлдөтүп «Манас», «Семетей» айтуучусу болот. Ошолордун өнөрүн кумдай шимирген Калык өзү ыр чыгарып, элдир-селдир жамактатып жиберет. Анысын эшиткен айылдагылар: «Акынын уулу ырдайт, устанын таңыракайы ырчы болуп кетти»,— дешет. Кыз берген жерге чакырышат. Ырдагын, келтире кошкун биздин кызды, дешет, Калык сыңар тизелеп олтурат. Жаагын таянат. Кемпирлердин, аягын «ыңоой» менен бүтчү обонуна салып, кошот:

Эркелеген кыз элең ыңоой...
Эркин учкан куш элең ыңоой...
Эми эркелигиң тыйылаар,
Куурчактарың жыйылаар,
Жакшы болсоң кайненең,
«Келиним!» деп сыйынаар,
«Шалта этек» атка сен консоң,
Төркүнүңө угулаар.
Кыз байкуш!
Апаңдын жашы куюлар ыңоой!..

— Адамей, айтса-айтпаса жөн.

— Жарады Калык кошогу — дешет. Акысына жоолук, же шакек тиет. Кээ бир жерлерден бир сом, жарым сом түшө калат. Калык олжосуна кубанат. Ырдоого делөөрүйт.

Какең, жорочулар олтурган үйдү көп тооруй турган. Алагүү немелер үнү каргылданып калган немени көргөндө чуулдашып, чын пейилден кабыл алышат.

— Кел, кел, ырчы!

— Төкчү болсоң, төккүн!

— Каалаганыңдай соккун!

Арак жыт, жутканды силкинткен таруу бозодон үч кайталап алган Калыктын көзү ымыр-чымыр. Жазганаар эч ким жоктой. Кысынаар алдаяр жоктой, эркин ырдайт. Жүрөгү эмнени буйруса ошону айтат.

Күнүгө ичем жорону,
Айтпасам жөн болобу.
Анда агалар көөнү толобу.

Баралына жете элек,
Балалыгым кете элек
Эрмегиңер жаш бала,
Ыр түйүнүн чече элек.

Бозо деген аш экен,
Боз куурайдын башы экен.
Боруму менен олтуруп,
Бозону ичкен жакшы экен.

Арак деген аш экен,
Ак куурайдын башы экен.
Ата-бабаң дешпестен,
Алжыбай ичсе жакшы экен.

Бозону ичет төрдөгү,
Бозоруп жатат көрдөгү.
Аракты ичет төрдөгү,
Азапта жатат көрдөгү.

Бозону ичкен бойдо мас,
Бойдок жигит тойдо мас.
Аракты ичкен айда мас.

Күлүктү минген күндө мас,
Сулууну сүйгөн түндө мас.
Күнүң барда күпүлдөп,
Эр азамат кумар жаз...

* * *

Калык ырдын артынан жыңайлак кууп калганда Төрөгелдинин Чоробай аттуу жакын агалары каза болду. Калыкка сырттан көз салып жүргөн Төрөгелди маңдайына алдыртты.

— Калык, бүгүн ажыны кошосуң. Кошпойт экенсиң кулагыңды кесип, өзүңө жедиремин! Тур, ылайыктап ыр даярдагын көкүрөгүңдөн.

— Төкө, аке! Менин андай ажы кишиге ылайык эч ырым жок! Ырларымдын баары эле жаман, уят ырлар эмеспи. Айтмакчы, баягы «Этмейди» айтсам болобу?

— Оо, атаңа наалаты! Касиеттүү ажынын табытында алжып, кускан жүрөсүңбү? Хе- хе. Аныңды курсагыңаката тургун.

— Анда, апакемди кошконумду айтайынбы? Калыктын «апакемди» дегенде көзүнүн жашылданганын байкап, Төрөгелдинин зээни кейиди. Оозунан сөзү түшүп, термеле калды. «Апаке демекчи... Байкуш Жийде эл оозуна кирип келаткан Калыгынын убайын көрбөй, жаңы үйгө жетип малы уланып бараткан оокатынын убайын көрбөй, жайрады. Баягы кажынган Акы жыгач менен алышып, үйгө токто-

бойт. Айыл-ападагы зайыптар бир аз күнчө Жийденин уюн, жандыгын саап беришти. Анан өз тиричиликтери менен алышып, жолобой калышты. Үй сааган да Калык, сүт бышырып, каймак алып, чөбөгө сызгырган дагы Калык. Орокбай баягы боюнча болжурап жоош. Кичинекей Бектурганды кийинтип-ичирип, кучактап жаткан дагы Калык.

— Ээ, ата! Үй оокат кууратмай болду, апа таап берсең боло? — дейт Калык бир күнү. Акы үшкүрүнөт, күңгүрөнүп сүйлөбөйт.

— Ар кимге сүйлөшүп көрдүм, балам. Кары деп чанып атышат,— деди да кемселинин этеги менен көз жашын сүрттү.— Бизге, Жийде табылмак кайда!

Калык боздоп жиберди. Берки экөө кошо улуду.

— Койгула, ыйлабагыла! — деп тыйды атасы.— Кадырбайдын үйүн бүтүрүп, кутулайын. Анан боору бар бирөө табылып калаар,— дейт да, аш катык кыла тургула деп, бир кой союп берип, жумушуна кетет, алыскы тоо арасына. Эки-үч күн өтөт. Отунга кеткен Калык чоң жүк куурайын көтөрүп келсе, койдун жарты эти жок. Каптагы ун эңшерилип калыптыр. Ошондо апасынын жогунан ушундай жоруктун болгонуна жүрөгү ачышкан Калык, бөбөгүн кучактап капшытка олтуруп, апасын кошот:

Аттанып үйгө токтобой,
Алыска кетет атакем.
Алмадай бизди зарлантып,
Акырет кетти апакем.
Азапты башка жиберген,
Ажалдан келген капа экен.

Же алыскы Жумгал жерде жок,
Же аталаш тууган элде жок.
Ажал менен өлүмгө,
Айла табаар пенде жок.
Айланайын апаке,
Азабың тартып ичим чок.

Чырмалбай калды ашканаң,
Чыркырап ыйлайт жаш балаң.
Чын өлүмдүн күчтүүсү,
Апаке, чырагын жетим таштаган.

Үйүң калды тигилбей,
Үзүгүң калды бүгүлбөй.
Үшкүрүгү таш жарып,
Апаке, үч жетим калдык тирүүлөй.

Бул кошокту Төрөгелди Калыктын өзүнө айттырып уккан. Азыр, «апакемди» кошконумду айтайынбы? дегенде, күрмөлө калды да:

— Аялдын кошогун эркекке айтчу беле?! Ажынын өзү-

нө ылайык ыр курап ырдагын,— деди. Аңгыча, оңдой берди болуп Жаңыбай ырчы келип калды. Төрөгелди бир милдеттен кутулгандай жеңилденди.

— Жаңыбай! — деди дити менен буйруп. — Калыгыма, ажыны кошкудай ыр үйрөткүн. Эртең силер менен эрөөлгө чыгарамын!

* * *

Тирүүнүн эл ичинде тирүү жүргөнүн билгизип, ишин жүргүзүп, көңүлүн көтөрүп койчу арка сүйөк демөөрү болот. Өлүүнүн көзү өтсө да жакынын томсортпой барын чыгарып, жогун билгизбей көмөөрү болот. Төрөгелдинин аркасыбы, же өзүнүн башы өсүп, малы оюлбай өткөнүнөнбү, айтор токсонго чыккан Чоробайга Кетмен-Төбөлүктөр аябай жыйылды. Бир даары ага-тууганынын ажыга болгон озуйпатын көргүсү келди. Бир даары «карынын ашы — той» дешип, ичип-жеш үчүн келишти. Табыт коюлган чоң ак үйдүн айланасында казганактап аттуу-жөөлүү. Бирдеме өндүрүүгө шылтоо сонун табылган беш ырчы ортодо. Улам бири жаагын жанып ырдап, Чоробайдын Мекеге барганын, жер майышкан жылкылуу, короо толгон койлуу экенин апыртып-сапыртып, мактап жатышат. Кудай сүйгөнүнөн токсонго чыккан, мунуку өлүм эмес тирүүлүк экенин, той экенин кырмандай сапырып жатышат. Булардын бирин укса көбүн укпай Калык арасында. Аны буурул быштыга мингизип Төрөгелди чыгарган. Башында кызыл топу. Кыска жең кара күрмө. Ак көйнөгүнүн жеңи колунун учуна түшөт. Көрүнүктүү болуу үчүн атайын ушундай кийиндирген Төрөгелди. Ээсине уят болбоо үчүн бала Калык дагы ичтен түйүлөт. Үйрөткөн ырдын маңызын, өзөгүн көңүлүндө ирээттеп жатат. Өмүрүндө биринчи жолу Эшмамбет, Жаңыбай сыяктуу даңктуу ырчылар катарында эл карап тургандыктан жүрөгү аптыгат. «Жаңылсам, Төрөгелди теримди тетири сыйрат!» — деп коркуп, чымырканат. Чоң ырчылардын кезеги бүткөндө Төрөгелди маңдайга чукул басып келди.

— Оо, агайын-журт! — деди Төрөгелди, жардангандарга бир сыйра айланып, анан Калыкты карай колун жаңсап.— Азыр менин ырчым ырдайт. Кулак каккыла!

Ашыккан Калык буурулду теминип алды. Балакай үнү каргылданып чыкты:

Ылайык айтсам арганча,
Ырыстуу болдуң карганча! —

деди да, жөтөлүп жиберди. Көпчүлүк дуу күлдү. Төрөгелди кошо күлүп:

— Эчтеке эмес. Майга-сүткө! Баштай бер? — деди. Калык улантты:

Дуулап өттүң Ажы ата,
Токсон тогузга барганча.

— Оову, ышкыртты бу бала! — деп бакырды бирөө. Күлкүгө жер дүңгүрөйт. Калыктын көзү алачакмак. Каякка жашынаарын билбейт. Арсылдаган күлкү аралаш үндөр чыгат:

— Чоробай быйыл токсондун дал өзүндө. «Токсон бир» деп жерге коёбуз. Сегизди кайдан кошо койдуң?!

— Оозуна кирип келсе айтып жиберди да! Ыкшыган Төрөгелди:

— Уланта бер, Калыгым! — деди. Калык кайра оңолуп жөнөттү:

Короого коюң жык толгон,
Коргонуң белден кык болгон.
Колуң ачык жан элең,
Ажы ата,
Коңшуңдун карды ток болгон.

Байлыгың балдай ириген,
Баканың майга чириген.

Түлкүдөн бөркүң ыргаган,
Түбүнөн бери жыргаган.

Кундуздан бөркүн ыргаган,
Күндөрү кошо жыргаган.

Акырет жайын ойлонгон,
Азанга болжоп ойгонгон.

Падыша минет алтын так,
Бардыгынан өлүм ак.
Пайгамбар жаткан Мекеге,
Барып келдиң күнөөң сап.

Кайта келдиң бурулуп,
Калкыңдан турпак буюруп.
Калың элиң өкүрүп,
Ажы ата, келип атат чууруп —

деп токтоду.

Төрөгелди небак даярдатып койгон карагер кунандын чылбырын Калыкка карматты:

— Мегин, оңбогудай акы алдың ырыңа! Алгачкы шыбагасы үчүн бала ырчы жарк эте күлдү.

Эртеден бери ат үстүндө жүргөн Калык мингенине кунанын кошуп, өз айылынан келгендердин унаасынын арасына байлады да, далдоого кетти. «Олжомо атам кандай

сүйүнөөр экен?!» деп, табылгы-шилбилердин арасында секирип-секирип чуркады. Кайра келатып, булакты көрдү. Жеңдерин түрүп, кемерди чаттап, жуунду. Күрмөсүнүн этегин кайрып, аарчынып жатканда ээрди кымтылбай, жүзүнөн күлкү аралады. Кубанычы кубаныч ала келдиби, күтпөгөн кызык иш болду бул сапар. Бурула берсе, шилбинин түбүндө Дилде турат! Калыктан да анын өңүндө сүйүнүч көптөй. Кыздын бою кыйла өскөн. Мурду кырдачтанып, сөйкөсү жарашып, жаагы узарган.

— Жакшы жүрөсүңбү? — деп, ал мурда озунду. Беркинин оозуна сөз кирбей алаңдап:

— Кайдан, Дилде? — деп жиберди.

— Акыйнек айтышалы деп, издеп жүрөм! — Дилде шыңкылдап күлдү.— Келгенден бери эле эл арасынан көрүп турдум сени. Мынчалык ырларды кантип көп үйрөнүп алгансың?

— Ошондой эле көп бекен?

— Ананчы!

Экөө бирине бири чукулдап, бойлошуп, сагыныч менен тиктешет. Дөмейде шайкелең Калыктын жини кагылгандай, салабаттуу кармайт өзүн. Ал, өмүрүндө биринчи жолу кызды өпкүсү келди. Колу жетип кармалап турса да, даап андай ишти жасай албады. Кичинесинен бышык Дилде азыр дагы чыйрактык кылды. Бөбөгүн эркелеткен немече Калыктын жаагынан чоп өптү.

— Апей! — деп чочуп алды Калык.

— Эмнеси апей? Бүгүн мага жакшы көрүнүп кеттиң! — деди Дилде. Аңгыча кырдын ары жагынан:

— Калы-ык! — деген үн чыкты.

Шашма неме чуркап кетти. Дилде кымырынып, шилбинин түбүндө калды.

* * *

Басса-турса Калыктын жүрөгүнө Дилде кылт түшө калып жүргөндө, Чоробайга удаа ушул айылдан дагы бир кемпир тоголонду. Кабар келип, ат келсе жөнөйүн деп Төрөгелди үйүндө олтурат эле. Калык кирди мергенчинин тайганындай шыйпаңдап. Карагер кунан тийгени өзүн адам болдум деп сезип жүргөнүн Төрөгелди билди. Караталдын жоргосунан мурда кунанын сылап-сыйпаарын, жаңы өргөн куюшканды тагып, кайыңдан аземдеп чапкан бала ээрди токуп, ак жабуу салынып, мырзасын ээрчип бастырса жарашып калаарын да билет. «Ат багаар эмес кийин ырчы жигити болуп кетсе, сонун болбойбу. Эшмамбеттей ырчысы

бар болушка балам теңелө түшпөйбү!» деп демөөрлөнөт эле. Азыр Калыкка кабак алдынан карап:

— Сүйлөй олтур, ырчы мырза? — деди.

— Төкө, аке! Байбиче өлүптүр. Аны да кошсом болобу?

— Болбой койчу беле. Сонун болбойбу! Ажеп эмес, дагы бир кунандуу болуп калсаң. Макул, кана эмне деп кошмокчусуң?

— Баягыдагы... «Ажы ата» деген жеримди «чоң эне» деп коюп ошол ырымды эле ырдай бербейимби?

— Эмне дейсиң? — деп Төрөгелди болк этип алды. Боору эзиле күлдү. Сакалынын алдын, кокосун тырмап күлө берди. Көптө оромолун алып, көзүнүн кычыктарын сүрттү. Таноосун чымчылап, суусун арчыды. Дендароо болгон Калыкка тиктеп:

— Ээ, кокуй! — деди.— Анда сени эл «ырчы» дешпей эле «келесоо» дешпейби? Ал эркек киши болсо, бул жүн тытып, ийик ийриген кемпир болсо... Кантип келишет ырың?

— Анда барбай эле коёюнбу?

— Баргын. Кошо ала кетемин... Кемпир бир кезде кыз болгон, келин болгон. Бала төрөп, аял болгон. Аялдар эмне кылчу эле? Үй тигет. Бээ саайт. Кызын күйөөгө берет. Уулун үйлөнтөт.

— Ошолордун баарын мактасам, жарай береби?

— Жарамак түгүл өтүп кетпейби? Өлгөндүн баарын мактагын. Ит болсо да мактоо керек,«сонундун сонуну болчусуң» деп.

— Билдим, билдим Төкө аке!

— Эшмамбет менен Жаңыбай ошол жерде жүрүшкөндүр. Сен абалы ошолордун кошконуна кулак төшө. Эмне дешет экен, кандайча мактап атышат? Качан кезек өзүңө тийгенде, жүн тытып, түйдөктөгөнүн, өрмөк сокконунан бери кошкун укпаган кишини көрөйүн.

Төрөгелдинин айтканындай болду. Ак жабылуу карагер кунан минген Калык атактуу эки ырчыдан башка дагы үч-төрт жамакчы үй сыртынан кошуп жатышканын көрдү. Кемпир болгондуктан, мында зайыптар көп экен. Элечекчен, жоолукчан, топучан болгон келин-кыздар, улгайгандар ырчылардын кошогуна кызыгышат, жарданып угушат. Таноосунан күлгөн Төрөгелди суусар бөркүн ыргап-ыргап кырданта кийди да, баягысынча:

— Бу, менин ырчымдын дагы кошогун угуп көрбөйсүңөрбү? — деп барк этти. Өзү Калыкка чукулдап келип, «башта» дегендей көз кысып койду. Эртеден бери Дилдени көзү менен издеп табалбай койгон Калык:

— Анда,— деп алды, адегенде. Анан жөнөттү кошогун:

Өкүрө түшүп токтоюн,
Өбөктөп алып боздоюн.
Кайран энем өтүптүр,
Кадырын бир аз жоктоюн.

Кылактап күзгү караган,
Кылдаттап чачын тараган.
Кызыл жүздүү кылчайып,
Кымызын куйган сабадан.

Керилип басты кең төрдө,
Келин болуп бир кезде.
Калаар эми денеси,
Балдары курчу күмбөздө.

Жалтырак күзгү караган,
Жасанып чачын тараган.
Жаш күнүнөн сыпаа элс,
Жатты өзүндөй сапаган.

Жагалмайдай күбүнүп,
Жалтылдады бир кезде.
Жашынат ээ катыгүн,
Жакыны курган күмбөзгө.

Ак никеси буюруп,
Асантур байга берилген.
Ак талдай бели буралып,
Бир кезде
Аялдын алды дедирген

Уштугу жибек кызарган,
Уулуп үйлөп, кыз алган.
Улуу менен кичүүнү,
Урматтап колу узарган.

Ак болот кайчы кармаган,
Абысын коөпү калбаган.
Ач арыктар, жоксуздар,
Алдына келсе жалгаган.

Оймогу кызыл миз болгон,
Ойлогону иш болгон.
Шакеги сары миз болгон,
Байбиченин
Самаганы иш болгон.

Кош колдоп уул улаган,
Дөбөдөн үйүп сынаган.
Берметке шуру кынаган,
Белестен үйүн сынаган.

Узун этек аялдын,
Улугу элең байбиче,
Төгүлгөн этек аялдын,
Төрөсү элең байбиче —

еп токтоду. Кемпирлер шыпшыныштЫ. Келиндер каш кеишти. Кыздар кылтыңдашты.

— Ырас эле. Жакшы кошту.

— Мындан артык эмне! Чоң апамды тирилтпедиби у бала.

— Көп жашасын, Акы устанын баласы! Өмүрүн берсин ечаранын.

«Дилде бул жерде жүрсө, береги аялдардын алкышын гуп атабы?» — дейт, Калык ичинен. Көзү менен эки жакты алгындайт. Бая күнкү Чоробайга караганда, чоң энени ошконум ага жагат эле. Эмне, келбей калганбы бүгүн?!»

Калыктан бул сапар чоң үмүттө калган Төрөгелди күлө агып:

— Ырчымдын энчиси кана? — деди. Чоробайдын ашында 'өрөгелдинин кунан бергенин билген байбиченин балдары тайын эрегишип даярдашкан го, чоң ырчыларга акча, кеземе, чапан жаап жатышты эле, Калыкка кара кашка бышайталыңы таштап койгун? Калык коркпондой селт этти:

— Ала бер! — деп Төрөгелди барк этти.— Айтпадым бее дагы бир кунандуу болосуң деп. Эми, эл күлсүн «боз айталыңы» таштап койгун? Калык коркпондой селт этти:

— Коюңуз, Төкө аке! Уят эмеспи?

— Уяттын сага эмне кереги бар? Ырдагын!

— Эй, бала! — деп бир карыя чыкты. — Бу, сексенден өтөн байбиченики той. Андай ырың болсо, жашырбай эле айа бергин! Күлгөнгө, куунаганга эмне жетсин бул жалган, паасыз дүйнөдө!

Калыктын уялганынан бою чымырады. Төрөгелдиден оркконунан, аймактагыларга аңаса болуп, күлкүгө айланган Боз байтал» — тууралуу ырды баштады:

Коктунун башы «кой кайтар»,
Корум таш сырды кимге айтаар?
Кош бутталып калыптыр,
Баягы, Коконбай минген боз байтал.

Эркектер дуу күлдү. Аялдар тетири бурулду. Элечекчен ирөө бетинин отун чымчып:

— Ии, кеңкийген өлүгүңдү көрөйүн! Оозу жаман нее тура!

— «Кокуүй, Дилде угуп койгон жокпу?» — деген Калык унанын камчылап, топ атчандарды аралай качып, караайын жоготту.

* * *

Кыш. Калык комуз үйрөндү. Кайда жүрсө комузу бирге. Катканда да башына коюп жатат. Аттарга чөп салганда, кем илгенде ала келип, акырда олтуруп үшүгөнчө чертет.

Андан калса комуз дегениң ырчы үчүн кош аттуу жолоочудай экен. Комуз ырчыга унутканды эстетип турчу акылдаштай экен. Бир обонду көмөкөйүндө нечен кайталап таппай жатсаң кылды бир-эки дыңылдатып койгун, кайрык менен уйкаштык «мына, мен боломун!» деп чыга келет.

Комузга ышкысы түшкөн неме акырдын башында жинди немече мойнун шылкылдатып, өзү менен өзү алакетке түшүп комуз чертип жатат. Ага комузчу: «Күүнүн башы Камбаркан болот. Ушундан башта»,— деп үйрөткөн. Азыр капкакты оңунан-солунан койгулап, Камбарканды чертет. Жабыратып ырдайт...

Күүнүн башы Камбаркан,
Күү баштаган Айдаркан,
Айдарканда зайып жок,
Апысында айып жок...

Түлкү ичигин желбегей жамынган Төрөгелди тыңшап туруп, бырс күлдү: «Бу кудайдын каары! Ырчы болбой эле, маскарапос болотко!» — деп күбүрөп кайра тартты. Аздан соң, Калыкты алдыртты. Канчалык күлбөйүн десе да, Калык молоң этип кирип келгенде бышкырып ийди.

— Астапырылла! — деп келме келтирип токтоду.— Олтур. Сөз ук! — деди. Мурдун шыр тарткан Калык чөк түштү. Анын кейпи күлкү эле чакырып турат.

— Кетмен-Төбөнүн тээ, көз жеткис батыш жагында,— деп Төрөгелди Калыкка туюнта баштады,— Узун-Акмат аталган чоң суу Нарын дарыясын карай созулуп агат, ага Таластын Беш-Таш тарабынан башталган Айыктын капчыгайынын суусу Чолпон-Ата мазарынан кошулат. Эки суунун кошулган жеринен төш таяна көтөрүлсөң, Сасык-Жийде деген кыштоо бар. Ошол сарттан уруусунун айылы.

Сасык-Жийдеде жашаган Сатылган деген жай адамдын уулу Токтогул деген ырчы чыкты. Ага Кетмен-Төбөдөн кыз жакпай ашуу ашып, Аксыга барыптыр. Алардын кыздары карлыгачтай ичке каштуу, куюлгандай кыр мурун, алма баштуу, оймок ооз, ак саргыл, кызыл тору келишет. Токтогул ошол элден тапкан экен бирди. Бирок колуна тийбей «Алымкан!» деп, боздоп кала бериптир. Аны, дээриңде болсо, дагы тактап, бышыктап кийин мага кайра айтып бересиң?..

Сөзгө кулак тоскон Калык кымыңдап, бутун алмаштырып алды да:

— Анан эмне болуптур, Төкө аке? — деди.

— Болгондо, сен күйөө жолдош болмокчу белең Токтогулга?

— Жок, түшүнтө айтсаңыз?

— Айттым. Ырчы Токтогул келиптир. Төмөнкү Жанаалыныкына түштү дейт. Сага эмне шам. Жөнөгүн да, өнөрүн көрүп, кокүрөгүңө түйүп, эртең мага кайталап бергин? Жаңылып, балдырыктасаң шилиңен терекке илемин. Кунан-сунаныңдан айрып, үстүңөн тонуңду сыйрып, кубалап жиберемин!

— Куп болот, Төкө аке! — деп жиберген Калык, комузун көтөргөн боюнча тура жөнөдү.

— Токто! — деди Төрөгелди.— Ташта, алдагы «жыгачыңды». Алаксып каласың. Колуң да үшүйт. Өзүң эле баргын.

## УЛУУ УСТАТ

Жанаалы жалчы күтпөгөн, жорго салдырып, күлүк чаппаса да карандай дыйканчылыгы, алма-өрүк өстүргөн багбандыгы менен аймакка маалым. Алымдуу. Ээгинен экиге бөлүнгөн сакалы ачакейленип, эттүү мурду жайык бетин жылдыздуу көрсөтөт. Бийик кабак, алдындагы чоң көзү тиричиликти кенебегендей жан жагына токпейил тиктейт. Ошол Жанаалы Токтогул ырчынын атайы кайрылып, конок болгонуна кубанды. Дасторконун кең жаздырды. Алма-өрүгүн төктүрүп: «Чай кайнагыча жүгөрү максым ичесиңби? Буурчак максым ичесиңби? Бозобайдан да сүзүлөт»,— деп жатты. Томпок маңдай, куш тумшук, бети дандыр панындай тастайган кызылдуу, толук эрдин тегизделген жээрде мурут кыюлаган, көзү көгүлтүрлөнө шоктуу, орто бойлуу толмоч Токтогул бир көргөнгө бала кыялданып, тамашакөй өңдөндү.

— Болгон даамыңызды бере бериңиз! — деди Жанаалыга.— Бирин жутамын. Экинчисин чайнаймын. Батпаганын чөнтөгүмө саламын. Ашып баратса, топумду тосо коёмун! Хе-хе...

— Баракелде, баракелде, ырчы мырза! Жөн сөз. Кеп качпайт дечи, өзүңдөн.

Алты жерден түркүк тиреп, устунга устун улап курган Жанаалынын тамы кербен сарайына окшоп кенен эле. Кенен үй «Токтогулду көрөбүз» деп келгендерге толду. Бир капшытта улуулардан жазганып кымырынган келин-кесектер, беттери албырган кыз-кыркындар. Босогодо боз улан аралашкан эркектер. Чарчаганды, уйкудан калганды сезбей турган уюлдай чулу Токтогул, бая адамдардын алды кире баштаганда сыртка чыккан. Жеңилденип, колу-бетин чайкап кирген. Дасторкон алынып салынып, төр бошогон. Ал бутун мандашына кымырып жатып:

— Соргок этке келет. Ырчы кепке келет! — деп күлдү.— Ырдайын деп келбегенде, Жанаалы акенин чала ачыган максымына ич көптүрүп, «таар айрыгандай» иш көрсөтүшкө келдим беле? — деп жөлөнүү турган комузун алды. Кулагын толгоп, күүлөдү. Чиркейдин учканы угулган там үйдө үнү эки эселенип кеткен комуздун кылы дирилдей баштаганда башын сол ийинине кыңырайткан Токтогул жанагы бала кыял мүнөзүнөн түгөл өзгөрдү; уюган ой, чымыраган, саналуу кейипке түштү. Күүнүн башталышы да муңдуу. Комузунун күүсү кулактан жылып кирип, адамды кейитип, басып, мүгүдүрөттү. Токтогул бул жолу, өмүр, дүйнө тууралуу узакка ырдады.

Келээриңде дүнүйө,
Аргымак минип ойнойсуң.
Кетээриңде дүнүйө,
Асманга житкен торгойсуң.

Келээриңде дүнүйө,
Шатыра-шатман күлкүсүң.
Кетээриңде дүнүйө,
Капканга түшкөн түлкүсүң.

Ырчынын мукам үнүнөн жардангандарды коргошундай оор ой-санаа басты.

— Аттиң ай, десеңчи!

— Улунуп-жулунган ит өмүрдүн арты ошол эмей эмне?!

Күүнүн кайрыгы дале муңдуу. Бирок, сөз маанисин башкага бурду Токтогул:

Кызыл оңбос болсочу,
Кыз карыбас болсочу.
Жигит менен кыз өлсө,
Жерге көмбөс болсочу.

Кайран өмүр жыйырма беш,
Жашка бараар болсочу.
Кайран жанды кол менен,
Жасап алар болсочу —

деп узарта ырдап, узарта күүсүн муңкантты. Комузун таяна токтоп, жарк күлдү:

— Жемин түшүрүп жиберген кушча жер карап калдыңар. Жакпай калдымбы?

Баары түйшөлдү. Үй ичи шуу-шүү... улутунуу... шыпшынуу...

— Жакпай калчу беле, катыгүн! — деди үй ээси Жанаалы, мандашын которуп.— Токо, кечирип кой!.. Бу дамбылдаң түшкүлөр айтат: «Ырчынын оозуна шайтан түкүрүп кеткен. Адамды арбап, азезилдей алдап кетет» — дешип. Ошол чын эмеспи? Сенин баятан берки күүң менен ырыңды

угуп жатып, жашообуздун жалгандыгын сездим. Күлкүнүн арты ый экенин, өмүрдүн акыры өлүм экенин сездим. Сезип, үй-жайды, оокат-тиричиликти таштап, жер безип тентиреп кетким келди, тоба!

— Бүгүнчө сабыр кыла туруңуз! — деди Токтогул.

Олтургандар дуу күлүштү.

— Тиги капшыттан кыз-келиндер шыпшынат,— деди Токтогул. — Дүйнөң түшкүрдү козгой берсе мыйлап ийчүдөйсүңөр. Кой, силерди каткыртпасам болбой калды,— деп комузун кайра күүлөдү.— Кембагал жайдак чобуруна минип, желдирип жөнөгөн экен,— деп күү дагы аттын добушун келтирип, өзү дагы кембагал болуп, жайдак аттын үстүндө алды жагын чакчая карады. Улам катуулап, домпулдай баштады. Жайдак атчанды дал келтирген жоругуна тургандар бүлкүлдөп күлүшөт.

— Кембагалдын көчүгүндө көр-жер салынган баштыгы бар экен,— деди куудул ырчы. Комузун ат кылып камчылапып, күүнү тездетти.— Чобур арыктан аттай бериптир! — деп, комуз ат болуп, күү кайрыгы аттады.— Аттаганда көчүгүндөгү баштыгы ыргып кеткен экен, моминтип! — деп, Токоң оң колу менен кемселинин этегин ак көйнөгүнө кошо бурап, шымынын кашатынан түрүп кеткенде, толтура куйган карын майга окшош өз курсагы болт этип, денесинен бөлүнүп, баштыкча сыртка түштү. Жанаалы «Токтогулдун ичек-карыны ыргып кеттиби?» деп чочуп кетти, беркилер ыкшып жатышты. Мурдагы тунжурагандык күлкүгө айланды.

— Ой, чунак! — дейт Жанаалы ыкшып, ырчынын бөйрөк тушун сыйпалап.— Бүтүнбү, деги? Эмне кылып ыргытып жибердиң?!

— Кереги тийбесе ыргытып жиберем. Кереги тийгенде жыйнап, салып коём! — деп, көйнөгүн кашатына тыккан Токтогул кемселин түзөйт.

Комузу кайра күүлөндү.

— Зыпылдап учуп чабыттап келаткан турумтай,— деди өнөрлүү Токтогул, күүсүнө турумтайдын учуп келатканын келтирип, балапандарына жем издеп жүргөн торгойду илип кетет. Таштын үстүнө конот. Ошондо бечара торгойдун жалынып, жан соогалап, дартын айтып жатканы:

Күндө туусам күндө жок,
Күндө жылан жеп коёт.
Айда туусам, айда жок,
Айда жылан жеп коёт.
Айланайын турумтай,
Жанымды кой, турумтай?!

Бийик теской, кубурдө,
Бетегенин түбүндө,
Шамал урбас, күн тийбес,
Издеп тапкыс, жан билбес,
Уям калды турумтай,
Коё берчи, турумтай?!

Ал уянын ичинде,
Бүт кызыл эт кичине,
Баары мага караган,
Ооз ачканга жараган.
Беш балам калды, турумтай,
Кагылайын, турумтай?!

Тырмагыңды жазсаңчы,
Башка жем издеп тапсаңчы,
Мага азаттык берсеңчи,
Чабыттап кайра көрсөңчү,
Айланайын, турумтай?
Согулайын турумтай!

Жүн, кыл менен токугам,
Баарын өзүм чокугам,
Уяма учуп барайын
Соолуп жатат балдарым.
Оозуна жем салайын?
Коё берчи, турумтай?
Сообума кал, турумтай!

— Турумтай укпайт. Торгойду улам катуулап мыжыгат. Торгойдон ал кетет,— деп Токтогулдун күүсү да соолуп, өзү да соолуп, көзүн аңтарылтып ал-күчтөн кетип баратты. Тетигинде олтурган белимчи кемпир шыпка чалкалап, кошо соолуду. Деги эле үйдөгүлөрдүн көбү берилгендиктен куудул сымал дем алып, бейпайга түшүп калышкан. Дал ушул маалда теңирейген Калык жаңы кирди да, олтургандардын артынан кокосун созду. Көзү аңтарылып дирт-дирт этип, торгой болуп жаткан Токтогулду көрдү.

— Бул эмне, өлгөн атабы? — деп күбүрөнө чочуду. Күү ылдырап барып бүттү. Аздан соң торгойчо диртилдеп, соолуган Токтогул калыбына келди. Бериле тиктегендер кошо жанданышты. Жанаалы да дем алып, күлө сүйлөдү:

— Комузуңду муңканта салып, үнүңдү кошкондо бир Токтогул болдуң. Баштык менен кошо курсагыңды «ыргытып» ийгенде, экинчи Токтогул болдуң, Турумтайдын тырмагына мыжылган бечара торгой болуп диртилдегенде, үчүнчү, башка Токтогул болуп кеттиң да? Бу, кубулуп кетме өнөрдү кантип үйрөнгөнсүң Токо?

— Анте албаса Токтогул болбой калбайбы! — деди бирөө.

— Ай баракелде, баракелде! — деген Жанаалы эки жагына кылчактап, оз бүлоосүн издейт.— Байбиче! Казан ас-

тыңарбы? Же, ырчыны ачка эле ырдата беребизби? — деп кобурап жатып, Калыкты көрө койду.— Мобу, биздин бозонун ырчысы кайдан жетип келди ой? Баятан жок эмес белең? Бас, бери, атакөрү! Токоңон үлгү алып калгын. Калык бүк түшүп, жашынмакчы болду эле, ар кимдер жамырап, сөздү жыра талашып, Калык жөнүндө, анын жоруктары тууралуу Токтогулга айтышты.

— Калык? — деп сурады ырчы жарк эте.— Аты оң экен баланын. Анан ырды бирөөдөн сурабаган Токоң ошол замат мойнун созуп, олтургандардын артынан Калыкты көзү менен издеп, коё берди:

Ырчысы кайда бозонун,
Көрмөккө моюн созомун.
Көлөкөдө калган бейм,
Көргөзчү көзүн ошонун?
Көтөрчү балам башыңды,
Көрүнбөй неге жашынды?
Жүрөгүм кетти кубанып,
Укканда «Калык» атыңды.
Бозо ичпеген элдерге,
Көрүнбөгөн ырчыбы?
Бозолуу элди көргөндө,
Көңүлдөнгөн ырчыбы?
Башыңды бекем катсаң да,
Балам,
Көргөзүп койчу сыртыңды?!

Олтургандар корунган Калыкты сүрөп, жаалап жатышат:

— Тур, өйдө. Токоңо учурашкын?

— Уялчаагын. Качантан бери уяттуу боло калдың?!

— Төрөгелди тур десе, турбаганыңды көрөөр элем!

— Ал аягы менен тургузмак түгүл, төбөсү менен бастырып жибермек.

Жаны күйүп тура калган Калык Токтогулду карап:

— Ассалоом алейкум! — деди. Баары дуу күлдү.

— Эшиктен эми киргенсиген чунак! — деди Жанаалы.— Бозонун саламчысындай болбой, Токоңо ырдап учурашкын. Көрүшүп, өбүшүп, чымын-чумунунан жуктуруп алгын!

— Бол, ырдап жибер?

— Ырчы болчу киши тартынбайт.

Калык мукактанып, үнү дирилдеп, жолдо карата көкүрөгүнө болжолдоп алган ырын баштады:

Оо, акын Током аманбы?
Амандашсам жаманбы?
Ашыккандан, коркკондон,
Аптыгып айттым саламды.
Уктум эле даңкыңды,
Уламалуу карыдап,

Ушул журттун баарынан.
Саламдашып алдыңда,
Токо, жүзүңдү көрдүм жацыдап.
Эптеп мени ырдатты,
Эки жактап жемелеп.
Эсимди жаман оодарды,
Улам бири тебелеп.
Он төрт жашта баламын,
Оңолмокто тилек бар,
Орундалса талабым.
Ойдо жокто кезигип,
Токо, өзүңө берген саламым.
Басылбаймын ырдасам,
Бозо салган жерлерде.
Адиссиң деп мактаймын,
Аркар аткан мергенге.
Атамдай ысык көрүндүң,
Токо, астыңды сала, бергенде.
Балапан куштай талпынып,
Канат күүлөп жүрөмүн.
Жакшы сөз айткан кишиге,
Жалындайт күйүп жүрөгүм.
Үлгүлүү нускаңды үйрөтүп,
Токо, чукул коштоп сүрөгүн?!

— Биздин бозочу жарады! — деген баш аламан сүрөөлөр.

— Мындан артык эмне демекчи?

— Токо! Мунун күйдүргү, күлдүргү ырлары көп. Ошонусунан айтсын?

— Кана, кана ырчы! Болсо жашырбагын? — деди Токтогул.

Башталышын башкадан угуп, өзү толуктамыш этип, ичине батыра албай турган ыры бар эле, өңү чаар келин жөнүндө. Калык ошонусун баштады сындан өтүп көрмөккө:

Беттерине карасам,
Сайдын бодур ташындай.
Каштарына карасам,
Албарстынын чачындай.
Коркуп жүрүп өзүнөн,
Калабы сырым ачылбай.

Эки эмчеги топудай,
Эңкейсе арты сокудай.
Эзилишип жатсам деймин,
Эсим чыгат кокуй ай!
Кирпиги ичке ийнедей,
Буту кыска чийнедей.
Эти жумшак темирдей,
Бети аппак көмүрдөй.
Сүйгөндүгүм ушунча,
Качып жүрөм көрүнбөй.

— Бали-и! Ушундай опорүм бар дечи? — деп Токтогул жагалданды.

* * *

Токтогул бул айылда жумача жүрдү. Токтогул чакырылган конгон үйдөн Калык да калбады. Дайыма төрдөн орун алчу болду. Токтогул кандай мааниде сүйлөсө, ошого жараша үнү да өзгөрүп тураарын, өңү да өзгөрүп тураарын Калык байкады. Ал Токтогулга андан бетер берилип, чакчелекей түшүп кетчү балалык кыялы боюнан кубулгөнсүдү. Токтогул бир жолкуда:

Токсон жылдыз бириксе,
Шооласы жалгыз айдай жок.
Тогуз улак бириксе,
Баасы жалгыз тайдай жок.
Өңчөй бөздүн сапаты,
Бир кийимдик шайыдай жок.

Карандай чайды көп ичсең,
Бир кесим казы-майдай жок! —

деп баалуу менен баасызды бөлүп билгизди. Үнү дагы сөз маанисине жараша биринде пас, экинчисинде күчтүү чыгат. Комуз капкагынын бетиндеги кыл терген колу да көрүүчүлөргө жаңдоо берип жаткансыган ойду туюнтат.

Элдүү түлкү ач калбайт,
Эки ат минген кеч калбайт.
Эр азамат белгиси,
Эч нерседен жазганбайт.

Кары да бол жашта бол,
Кадырлашкын тирүүңдө.
Калатко бир күн алтын баш,
Караңгы көрдүн түбүндө! —

деп, комузу да кошо күңгүрөнүп барып токтоду.

— Оо, атакөрү жалган дүйнө десеңчи! — деп арадан бирөө айтса, баятан сыңар тизелеп ырга берилген бала Калык үшкүрүп ийди. Өз үшкүрүгүнөн өзү уялып, элеңдеп оңолду. Мындан ары уйкаш болсо эле шыңкылдатып ырдай бербестен ыр дегенди да тандап, баалап ырдоо керек экен го? деген сыяктуу ой боюн чымыратты. Анан, адис мергенди ээрчип тоого чыккан жаш талапкер бороон-чапкында алдыда бараткан жол баштаарынан алыстап, адашып калгандай Токтогулдан Калык айрылды. Жолугушкандан аз жыл өтпөй...

Чоң күлүктүн «Ошол жыйында үч жүз аттан алда кайда алыс чыгып, туу жыкты. Баш байгени шыпырды!» деген эле даңкы болбосо, дайым тери алынат. Суутулуп, таң ашырылат. Байлоодо, байкоодо турат. Сыңарындай, таланттуудан шор кетпейт. Аны шор издебейт, шорго өзү барып уру-

нат. Токтогул дагы ошол болду. Адилеттикти издейм деп, чындыкты ырдайм деп жүрүп, «Ак эшен көторүлүшүнүн» шылтоосу менен бутупа кишен салынып, айдалган алтымыштан ашуун кишиге кошулуп, Сибирге сүргүнгө жөнөтүлдү.

Бир жыл, эки жыл өткөндөн кийин өлдү деген кабар келди. Токтогулдун табыты жок үйүнө эл-журту өксөп-өксөп өкүрүп, туш-туштан чууруп түштү. Атасынын эркелеткенин, атасынын жытын сагынып куса болгон баласы Топчубай да чарчады. Жылдыгы белгиленип, ашы өткөндөн кийин аялы Кетмен-Төбөнүн Үч-Терек тарабындагы бирөөгө токолдукка чыкты. Ыйлап жүрүп сокур болгон апасы Бурма кемеге кучактап олтуруп калды, арман күн!

## ЭЛ АРАЛАП ЖЕР КӨРҮҮ

«Атаң барда эл тааны, атың барда жер тааны» деп, «дарты» бар жаш жигиттин жүрөгүнө чок салып коёт эмеспи, эки жакка чыгууга дүүлүктүрүп. Калыктын атасы бар үчүн, азып-тозуп Жумгалдан бери кыдырып келбедиби. Эми аты менен дагы далай жерди кыдырмакчы эле. Ошончо жайнап жүргөн көп жылкынын ичинен жанын берип сылапсыйпаган жалгыз карагер кунаны жаталак болду. Билгендердин айтуусу менен тынч койбой ары бастырды, бери бастырды. Жетеледи. Болбой, шалактап жыгыла бергенинен «адал болсун» деп мууздап коюшту.

Үч-Коргонго мал сатып, соода кылып келаткан бирөөнү жолдо уурулар карактап кетиптир. Ындыны өчүп үлдүрөгөн ал Жумгалдын Көк-Оюнан экен. «Жумгалдыкмын» дегенине жүрөгү түтөгөн Акы: «Дүнүйө бирде бетин көрсөтсө, бирде көчүгүн көрсөтөт тура! Алдырганыңа муңайба, аман калганыңа сүйүн. Өлбөсөк оош-кыйыш болоор кийин. Жөө сандалбай муну минип кет»,— деп кашка быштыны жердешине мингизип ийген. Жаңы кийим деле ээсин таап жарашып, күткөн мал деле токтоочуга токтойт окшойт. Акы менен Калык абалкыдай эле аза таякка сүйөнүп, өз буттарына ишенип жөө калышты. Ошондо, Калыкты «Көрө-көрө көсөм болот. Сүйлөй-сүйлөй чечен болот», деген накыл сөз делөөрүттү да, жалданып иштеп тиричилигин оңоп келмекчи болгон он бир жигитке кошулуп, Анжиянга сапар тартты. Ырчынын эл-жер кыдырып мокогун бүлөп курчутуп, жакшыдан жаманды ажыратып, оюн кеңитип, айтаар жомогун арбытып келүүсүн чечмелеген Төрөгелди тос-

коп жок. Жөн койду. Анын эртеңки күткөн максаты да ушундай болчу. Атасы Акы, баласы Калык андай ыраакка койгон Төрөгелдидеги арамза марадап али кабарсыз.

* * *

Итабар сүзмө, итабар талканды жонуна арчындапып, кылычча комузду куруна кыстарган. Калык жигиттерден калбай келет. Кекилик, Кеңкол ашууларын ашышат. Үчүнчү күн дегенде Кызыл-Үңкүргө жетишет.

Жаштыктын деми менен байкабаптыр. Калыктын буту жоон санга чейин үйлөгөн тулуптай болуп шишип чыкты. Айылдан чыкканда эле «Комуз чертип, ырдап эрмек болосуң, бизге. Шарты келгенде колуңдан келген ишти иштейсиң. Тапканыбыз, чогултканыбыз он экибизге тең бөлүнөт» дешкен. Араларында алдар көсөдөн кем сокпогон куудулшылуун, жалаңдаган карасур жигит Алдаяр деген бар. Жонунан ошол башкарып, ошонун айтканындай болот. Алдаяр буту шишиген Калыкты Өмүралы деген эңиштен, күрөштөн алып жүргөн балбан жигиттин мойнуна мингизди. Комузун карматты:

— Кана, Акы устанын баласы, Караталдын малайы,— деди.— Таптаза көйнөк-дамбалы жок, энеден туума, уяттуу, адам укса кускудай ырларыңды баштагын? Биз кулак салабыз, эрмек кылып жол арбытабыз!

Балбан Өмүралынын жумшак мойнуна минген Калык жаагын жанып какшайт.

Ээн жол, тоо-ташта комузу чиңкилдейт. Беркилер, күлчү ырларга күлүшөт. Жол арбыбайт. Жин-периге жолуккан немелерче:

— Ойдаат! — деп кыйкырышат. Бырпырап канаттуулар учат; болт этип коёп ыргыйт, бугуп жаткан ордунан.

Өздөрүнчө бир топ болуп бака-шака түшкөн булар кызыл-тазыл жасалгалуу көчкө туш болушту. Көчтүн аркасында күмүш жабдыкталган, чоң карагер ат минген, сыйда сакал сулууча бирөө. Анын ат жабдуусу да ак, күрмөсү да ак жибек, калпагы да ак. Кыясы, көч ээси ушул окшоду. Алдынан суурула ойдологон карагер атын буларды карай бурду. Жетип, калжаң урган атынын тизгинин жыйып, Калыкты көтөргөн Өмүралыга камчысын сунуп:

— Бул эмнеңер? — деп сурады. Алдаярдан сөз качпай калсып:

— Алдындагысы — жинди, үстүндөгүсү — бакшы, таксыр! — деди, өңүнөн шек-шоолат билгизбей мостоюп.— Кереметтүү олуязаада бала бакшы жиндини жинипеп айык-

тырып алып, Анжияндагы Ажымат эшенге энди минип баратат!

— Көркөмдүү киши көзүн алайта таңдапып, жакасын карманды:

— Кудая тобо! Овлуя коп болоор экен аа? — деди. Момун пенделери көп, диндин доору жүргөн апенди чалыш ошол заманда бейтааныш карагер атчандын пейли оңолдубу, же үч күндөп бери желе-жорто жан үрөп келаткан буларга даамдуу аш, чаңкагапын кандырар суусун буйруп жатабы, айтор:

— Хуп десеңдер, бүгүн мага конок болуңуздар,— деди тиги киши.

— Жакшы болот! — деп, Алдаяр жантыгынан түштү.— Жети кишинин бири кыдыр дейт эмеспи улуу куранда. Сиз бизге кыдыр болуп жолуксаңыз, биз сизге кыдыр болуп калышыбыз ажеп эмес.

Бул бай түрк эле. Жүк жүктөлгөн төөлөрүнө кызыл-жашыл килем жаап, жылкы, коюн арттап малчылары айдап жайлоого көчүп бараткан. Түрк көчүн токтоттуруп, калың жаңгактын арасына конду. Окчунга өзүнчө ак чатыр тиктирди. Жолуккан жерге токтогон Алдаярларга тестиер бала келди.

— Жолоочулар,— деди бала колу менен ак чатырды көрсөтүп.— Ого жүрүңүздөр. Ошондо коносуздар. Бары чубап чатырга келишти. Калык Өмүралынын мойнунан түшкүсү жок. Бири «жинди», бири «бакшы» болуп калганы үчүн, Өмүралы аны түшүргүсү жок.

— Аа, бакшым! — дейт Алдаяр билгизбей оштонуп.— Бүгүнкү күнгө жиндиңизди бошотуңуз? Ошондо гана Калык Өмүралынын мойнунан жылмышты. Баары чукулдагы булакты бойлото тизилишти. Өңчөй эле «сопу», «такпаа» көрүнүшүп, буттарын чечип, даарат алгандай жуунушту. Аңгыча малайлар көтөрүп келген дандыр панга, кымыз-жууратка чатырга жайылган дасторкондун бети толду. Бай түрктүн малайлары кайра кеткенде булар жалбыракка кирген топ эчкидей шабыратып, чалпылдатып-күлдүрөтүп тамакка киришти. Бирок, бул иштен уят болбой кутулуу жагын ойлоп Алдаярдын чайнаган наны, жуткан жууратты, кылкылдатып шимирген кымызы жүрөгүн өйүйт.

Аңгыча болбоду. Жанагы эки малай жону килкилдеген, куйругу чычаңын омуруп түшчүдөй салактаган ак ирикти жетелеп, казан көтөрө келишти. Бири:

— Бай сиздерди өздөрү союп, өздөрү тамактапсын деп жиберди,— деди да, кайра кетишти. Алдаярдын «жүгү» ого бетер оорлоду. Шылуун жолдошторy торпоктой ак ирикти

жыгып, бирөөсү шыйрактарын буубай куушура кармап, экинчиси мууздады. Алеки саатта терисин сыйрып, ала-шала мүчөлөп, казанга салып, дагы камбылы алоолотуп от жагып жатканда Алдаяр жылып, четке чыгып, жок болду. Баятан ал эки жакты баамдаган. Сүрүлүп келген койлору жай жайылып, өзү таягын жанына коюп, бутун талтайта сунуп олтурган койчуга жетти. Мал бакканга келгенде казак, кыргыз байге бербейт эмеспи. Түрк байдын койчусу кудай жалгап кыргыз экен. Жыланды сылап ийининен чыгарчу Алдаяр койчу менен максатынын майын чыгара сүйлөштү. Чийки калтырбай аябай бышыктап сүйлөштү. Санаасы тынып, жаны жай алып чатырга келди.

— Колуңарга тийген тамакты койбой жегиле! — деди жолдошторуна.— Казан-мазаны менен кайсап салсаңар дагы кунунан кутулабыз. Сен Өмүралы соргок, байды көргөндө ого бетер келесоо сымалданып, делдейип, унчукпагын. Бакшым сен, кырданыбырак тартып, сурданып көрүнгүн. Теңиреңдегениңди бул чөлкөмдөн узап кеткенде баштайсың.

Болжогондой бай кечке жуук чатырга келди.

— Бала! — деди бакшыга карап.— Сизди жашыңыздан кудай кудуретчилиги менен касиетке ээ кылган кереметтүү дегенинен оюма бир ышкы пайда болду. Сиздин дубаңызды алууга атайын кондуруп, зыярат кылып турупмун.

— Тилегиңизге жетиңиз! — деп Алдаяр умтулду.— Балага алла тааламдан шыбаа болгон. Күзгү ачып, болгонду болгондой айтат.

— Күзгүсүн качан ачаар экен?

— Эртең менен «дааратын» алып, «намазын» окугандан кийин ачат. Бай кетти. Семиз койдун этине тойгон немелер бут серппей укташты. Ыксырашып, түйшөлүшүп шашкеде зорго турушту. Муздак булакка колу-беттерин жуушту. Чакыруу менен он экиси тең байдын үйүнө барышты. Бай чайын кайнатыптыр. Бар даамын жайнатыптыр. Кантын кардай омуруп, каймак майын томуруп таштаптыр.

Алдаярдын үйрөтүүсү боюнча Калык өзүн сыпаа кармады. Бир чегим кант менен, бир чыны гана чай ичти. Оозун күбүрөтүп, өзүнчө бата этти. Аземделип оролгон күзгүнү коюн чөнтөктөн алды. Бетине карап, дуба айткан болуп, байга карата Алдаяр кечээ койчудан тактап, өзүнө жаттаткан сөздү сүйлөп кирди:

— Атыңыз Султанмурат экен? — деди. Сыртынан байкамаксан көрүнгөн менен бүт дитин Калыкка бурган Алдаяр: «Ээ кокуй, качан ошенттим эле? — деп көңүлүндө селт чочуду.— Сактайгөр, кудай!»

— Султанмурат инимдин аты. Өз атым Султанмаамыт,—

деди башын ыргаган бай. Ушул жерден Калык сергектик кылып, ишти оңдоп кетти:

— Бир тууган адамдарга күзгү алмашып түшө берет. Алдаяр ичинен тобо кылды: «Чоң кудай! Бир тайгактан алып өттү, артын алжыта көрбө иттин?!»

— Үч аялыңыз барбы?

— Ооба, үч никелүүмүн.

— Ортончу аялыңыздан он жаштарда бир кызыңыз бар шекилдүү?

— Бар... касиетиңден айланайын! — деп жакасын кармайт бай.

— Үч мүчөлүгүңүздөн өтүпсүз. Ар мүчөл адамдын өзүнө, же жакындарына кырсык алып келет. Мусулман пендеси мүчөлү толоордо арбакка арнап түлөө өткөрүп, бейбечарага, азып-тозгонго кудайы берүүгө тийиш. Сиздин мүчөлүгүңүздөн эсен-соо өтүшүңүз алла тааламдан жакшылык шыбаа болгону.— Бакшы андан нары буйдалган болду. Токтоп, күзгүсүн ары имерип, бери имерип, карады. Келме келтирди.— Мартабалуу экенсиз. Эки миңге жакын коюңуз бар экен. Төөңүз сегиз экен. Улак тартыш менен чоң байгелүү ат чабышка салган кош күлүк атыңыз бар экен. Эки шаарда келишкен короо-жайларыңыз да бар окшойт...

— Бар, бар. Кудай ыракатын көрсөтсүн!

— «Бая эле ошондон козгобойбу! — деди, Алдаяр ичинен күбүрөп.— Жакшы эле жаттаттым эле го?»

— Ортончу аялыңыз кош бойлуу экен го, бай? — деп аттатып кеткенин билип, тез-тез сүйлөдү бакшы бала.— Ай-күнүнө жетип калыптыр. Аялыңызда эркек баланын периштеси ойноп турат, уулдуу болосуз. Менин күзгүм жаңылбаган болсо... баланын атын «Калык» коюңуз?

— Калык! — деп бай ойлоно калды да анан: — Айтканыңыз келсин! — деп, жашып жиберди. Аялына кол жаңдап, бакшыга чапан жаптырды. Алдаярга акча сунду:

— Жолдошторуңуз менен керегиңизге жаратып коюңуз? Ириктин бышкан жарты этин, нан, айранды олжо кылышып булар Султанмаамыттын үйүнөн чыгышты. Караан үзүп, далдоого жетишкенде шатырап күлүштү. Тыпыгып алган немелер шуулдап Базар-Коргонго кирип келишти.

* * *

Эң жашы Калык он беште. Баш-көз болгону Алдаяр жыйырма бешке толуп, азууга салып таш чайнаган немелер короо-жай, корук жерлерин жакага калтырып, өздөрү малы менен жайлоого кеткен байлардан, соода сатыктап колу бо-

шобогон көпөстөрдөн иш иликтей башташты. Кыш куйдураары бар экен. Кунан чабым жерден бери айланта ноолу соктураары да бар экен. Билегин шымаланган бул сырт жердин жигиттеринен эч ким качкыдай эмес. Бирок, булар да акыл-амалдарынын жетишинче кыйды эмеспи! Беденин биринчи чабыгын чапмай болушту. Ээлери менен акысын сүйлөшүп, макулдашып, Өмүралы күчүнө сыйына өзү менен беш болуп, Алдаяр шыпылдак өзү менен алты болуп экиге бөлүнүштү. Калык «чучукулак» атанып, суу боюндагы талдан жасалган чөп алачык кошунда. Күрүч ботко даярдап, максым ачытат. Чогулуп эс алганда комуз чертип эрмек болот. Куттуу үйдө айткыс ырдын күнү чөп алачыкта эки эсе тууду. Биринен бири өтүп ыкшып күлмөй.

Кыркаар тизилген жигиттердин колундагы өткүр чалгылар бир калыпта шилтелет. Шарт-шурт дабыш чыгат. Тизеге чапкан солкулдак беделер булгалана оролуп келип, сап-сап жал созулат. Алдыдагы Өмүралы далысын төш жары кылып тура калат. Төөнөлгөн жалбырак калпагынын маңдайын көтөрүп, чеке терин сөөмөйү менен сыдырып, серпет. Кайыш курга кыстарган кайракты суруйт. Карт-карт чалгы кайрайт. Арткылар да ошентишет. Таң салкынында баштап, түштүктүн күнү жерге түшүп келчү түшкү ысыктан желаргы соккон бешим маалга чейин эс алып, кайра ишке киришкен буларга беде түтпөйт. Ала булут көрүнсө асманга чалкалап, Алдаяр дарылдайт:

— Оо, теңир! Беде чабыгы бүткөнгө чейин тамчы тамдыра көрбө? Ийнинен адашкан момолой чычкандай шөмтүрөтө көрбө, бизди?

Экинчи, үчүнчү корукту чаап бүткөнчө биринчи чабыктыкы кургап, боологого жарайт. Колдоп, ороктоп боолап бүтүшөт. Ээсинин көрсөткөн жерине жыйышып, акысын алышат.

Жаздын аяк ченинде келген булар жай чилдеси түшкөнчө иштешти. «Анжыяндын пахтасынан эгини мурда бышат» дешип, ошол тарапка оошту.

Чайканага олтурганы, оюн-зоок көргөнү базарга чыгышат. Бир четте топ-топ болуп кочкор сүзүштүрүп жатканы бар, ар кими өздөрүнчө доо коюп. Бир четте короз тебиштиргени бар. Бир четте бөдөнө кармаштырганы бар. Алардын ар кими бүт дүнүйө тиричилигинен капарсыз боло, оюндарына алаксып, ызы-чуу. Кыйкырык-сүрөөн. Каткырык, күлкү.

Богоктору салактаган, ай-күнүнө жеткен аялдардай курсагы чытырап, белине ар түстүү үчтөн жоолук байлагандары да жүрүшөт. Экиден, бирден жоолук курчанган, эч нерсе курчанбай жалаң чапанчан шыңгалары да бар. Муунчак-

түйүнчөктөрүн асынып, таягына сүйөнгөн думаналар жүрот. Чүрүшкөн колун ар кимге сунган, териси соогүнө каткан кайырчылар да бир топ.

— Эмне үчүн бироонүн белинде үч, бироонүн белинде бирден жоолук? — деп сурады Калык Алдаярдан.

— Үчтөн курчангалы Төрөгелди,— деп, мылжыйн олтурбай тез түшүндүрдү Алдаяр. — Курчанбагандар экөөбүз. Салтты билгендер курчанган жоолугуна карап, мамилелешет. Бай экенин, кедей экенин ажыратышат.

Өздөрүнчө топ болуп топу, оролмо, дагы бирдемелерди сатып тургандар өңчөй аялдар экенин шакек салынган манжаларынан, узун этек көйнөктөрүнөн, сайма маасы, кепичтеринен баамдаган Калык:

— Булар эмне, кара тордон кап кийип алышат, кишиге жолошпой, үркүшөт? — деди.

— Баштарындагы кара тор кап эмес, паранжы. Быяктын аялдары эркекке жүздөрүн көрсөтпөйт. Кол беришпейт. Жалпактап, жаман үйрөнгөн эле биз тараптын катындары. Жорону чогу ичишет. Сармерденди бирге ырдашат. Кол беришип, көз сүзүшүп, оштоно кеткенин кантесиң! Ате, ошолорду быяктын эркектерине бир айга берип туруп кайра алса, курсагы ачкан мышыктай гана мыйоолобос беле! Мойнунан байланган иттей гана артыңдан кыңкы-мыңкысыз ээрчибес беле!

— Ошо кантип болсун?

— Эң сонун болот! Ашыңды бышырып, кириңди жууп, бала төрөп берсин... Калганын урганым да жок!

— Акча таап барып, үйлөнөм деп жүросүң. Соёсуң го жеңемди?

— Ысыгы суугуча жалынам! — деди ойшоктоп.— Анан жонунан камчы үзбөйм. Ошондо, «Алдаке! Алданбайым!» деп гана турат.

Калык күлдү. Өмүралы:

— Бул, былжырап атат! — деди.— Мындай оозу баатыр неме катынсаак болот. Аялынын кирпиги менен тең айланып, бирөө-жарым бойдоктор кире калса, уясын коруган чымчыктай ыз-быз түшүп, кызганып, өлүп кете жаздайт.

— Өзүңчү?

— Өзүм, өзүмдөй элемин.

* * *

Чайкананын ичинде супага салынган шалчанын үстүндө бир топтор тегерек тартып олтурушат. Ортодо бир чайнек көк чай. Аны жалгыз пияла менен кыдыртып, кезек менен

ичишүүдө. Бироосү тамашалуу сөз айтса калганы жабыла каткырышат. «Уургагандары карандай суу, эмнесине каткырыктары таш жарат?» — дейт, Калык көңүлүндө. Адам баласы даамдуу тамактын четинде олтурбаса да көк чайды эш тутуп, өмүрдү бир азга болсо дагы беймарал кармап, күлкү-зоок кылып жатышканына Калык баланын акылы толук жетпеди. Өзү айылдан жөнөп жатканда дыйканчылыктын мекени болгон түштүктөн күрүч, пахта, алмурут, алча жыйнап, аларды өткөрүп арка этектеп акча алчудай элестеткен. Жок. Андай эмес экен. Жанып жанга урса акча табылгыдай. Жонду күнгө какташып, жаактарынан тер сызылтып, иштешсе гана күн өткүдөй. Ар үчүнчү киши жакын турмушта жашаган элдин түрүн байкаган Калык, ушул ойго келгенсиди. Жумгалдан Тогуз-Торого чейин, Кетмен-Төбөдө, Базар-Коргон, Анжыянга чейин жашаган адамдардын бири дууласа, көбү куурап жатканын баамдады, али жакшы быша элек алашем акылында.

Эгин оруштү. Шалы жыйнашты. Жайдын илеби сууп, күз келди эртели-кеч асман менен булуттун өңү өзгөрүп. Бир күнү чаар топу кийип, кош жоолук курчанган өзбекче чалып сүйлөгөн Чыйбыл аттуу, кашка баш сары кыргыз буларды чакырды. Бастырмага окшошкон кенен чересинде элүү чамалуу киши. Он экиси чууруп, дарбазадан баш бакканда Чыйбыл тигилерге жарыя айтты:

— Бу, аркалык туугандар жуда көп күндөн бери шу жерде иштеп жүрүшөт. Араларында домбура чалган шайыры бар, ана! — деп Калыкка каш какты.— Ана күнү ушундай бир ырларды айтып күлдүрдү күү, боорум эзилип, ордумдан зорго турупмун. Бүгүн сиздерди тамаша уксун деп чакыртып келдим,— деди. Булар олтурганда колдоруна суу куюп, дасторконго нан үйүлүп, коон, дарбыз тилинип, чай сунулду. Куйругу чайпалган кара боз соолукту жетелетип келип, бата сурады. Алтымыштан ашуун адамдар «оомийин» айткандан кийин, койду сойгону ары жетелеп кетишти. Анда Алдаяр жолдошторуна күбүрөйт:

— Бата тилеп, сойгону жалгыз кой. Чакырганы бир айыл эл. Кимисине жетет аа?

— Чеңгелдеп сугунуу кайда! Кесимден сунуп, мурут майлашатко, чагымда? — дейт Өмүралы.

— Сыйлап чакырганына ыракмат! — деди Алдаяр кайра оңолуп.— Буйруганын көрөрбүз. Баягы, Султанмаамыт алдаткан ак ириктен кийин, малдын мууздалганы ушул, бизге.

Чай ичилди. Калык диң-диң эттире комузун күүлөдү. Ичкилик аталган кыргыз туугандарга алгач ырдап турган кези:

Туугандар анда баштайын,
Кетмен-Тобо кең жерден.
Он бир жигит, бир бала,
Ашып келдик белдерден.

Чалап чайкап ичем деп,
Чанач арттым мойнума.
Кааласа эрмек болом деп,
Комуз каттым койнума.

Алдаярга жалынгам,
Ээрчите мени баргын деп,
Оордугум тийбестир,
Азамат болуп калдым деп.
Баарыңа бөлүп берейин,
Тапканымдын жармын деп.

Эсептешип кол берип,
Эл коргонүм жаңылык.
Учурашып олтурам,
Ырым менен таанылып.
Өрчүтормүн өнөрдү,
Көптү көрүп, кагылып.

Бир ай бою беде чаап,
Жан кыйналып, оокат таап.
Жаагымдан ылдый шорголоп,
Жамгырдай кара терим таамп.
Жан багат тура биякта эл,
Кой, эчки саабай, акча саап.

Аркадан келдик жумушка,
Жыла-жыла саамыктап.
Базар-Коргон бүткөндө,
Анжыян боорун багыттап.
Колунда бар байлардан,
Жумуш сурап, чабыттап.

Баткакка сээп жаз менен,
Суугa бышкан шалысы.
Анжыянда турбайбы,
Жер-жемиштин баарысы.
Жаштарына катарлуу,
Кетмен чапса карысы.

Бооруму тулпар, мойну кез,
Аттарынын чалышы.
Баарыдан мени таңгалтты,
Балача пахта багышы.

Көк дарбызы көпөктөй,
Коону чака, челектей.
Жүгөрүнүн бакалы,
Асмандагы теректей,
Ачык күндө түрүлгөн,
Ак булут сымал пахтасы.

Сайма жоолук белинде,
Дал ошондо акчасы.
Алыста эл билбеген,
Анжыр, курма, алчасы.
Айтылбай калды туугандар,
Андан башка канчасы... —

деди, мактаганга көнгөн, мактоодон бирдеме өндүргөн ырчы.

Ар кимдер сүрөштү:

— Бали, бали! Жуда төгөт экен да, бала!

— Кыдыр даарып, оозуна ыр куйган го!

Булар менен сырдакана болбогондуктан «кырчаңгы» ырларына Калык түз кире албай эл дастандарынан үйрөнгөн үзүндүлөрдү айтты. Аңгыча ар бирине толтура аяктан сорпо сунулду. Өз айылында чөйчөктөргө бир аз куюлуп, төрдөгүлөрдүн экөө-үчөөнө сунулган сорпону ууртап-татып көрүшүп, эттин бышканын же дагы кайната түшөөрүн аныкташчу эле. Азыр жергиликтүүлөрдү алдыртан байкаса, үзгүлөп нан туурап киришти сорполоруна.

— Сойгон кою май жыты бар сорпочо менен бүткөн тура! — деп Алдаяр күңкүлдөп кейийт.— Нан жибитип, курсакты кампайталы тигилерден калышпай.

Көптөн кийин алты парага бирден үймө табак, майы кылгырган сарала палоо тартылды. Жыты табитти тарткан палоонун ширинин айтпа. Күрөктөп сугунса да Өмүралы тоёр эмес.

— Атаңдын көрү! — деп Алдаяр шыбырайт.— Биз жактагылардын аш-тойго сойгон малынын этин ушинтип, сабиз-күрүч менен тартсак дейм, бир дубан элге жетээр эле, ээ?

— Угуп жүрчү элем,— деди Өмүралы.— Жанагы койдун үчтөн бир эле эти кеткен болуш керек, ушунча кишиге даярдаган ашына.

— Мына эмесе! «Томуктай эт менен токсон кишини тойгузган экен» деген жомок чын турбайбы?!

* * *

Он эки Аркалыктын түштүккө келгенине үч ай болду. «Ушуга топук кылалы» дешип, тапкандарын ортого коюшту. Көздөрүн балбылдата, кулактарын делдейте тегерек тартып олтурушту. Ортодо акча, чапан, эндей кездеме, маасы кепич, самын, жип-шуу; тарак, топудан бери. Өлгөнгө жаназа түшүрчү молдодой оозу күбүрөп, Алдаяр акчаны санап чыкты. Самын, чапан, кездеме, жип-шуудан бери тактады.

Ар бирине отуз сомдон акча, үчтон чапан, жыйырма беш кезден кездеме, эки жуптан кепич-маасы болунду. Баарын ыр-чырсыз жайлаган Алдаяр саймалы сары жоолук менен бети-башы, мойнунан бери майланышкан терин сүрттү. Көңүл бурар жарыя айтты:

— Быякта баалуу үчүн жердин түбүнөн ашуу ашырып айдап келип, малын сатып атышат. Ат эңсегенибиз, айылдан иликтейли. Аякта быяктан эки эсе арзанга түшөт. А сен, бакшым! Атты дал ушул жерден алгын... Калыкка айтылган бул сөздүн чоң себеби бар. Алдаяр базарда жүрүп, бир четте кой имерип турган Султанмаамыттын кыргыз койчусун көрүп, жанында киши жок, жалгыз экенин баамдап кымырынып кеткен.

— Ассалоом алейкум! — Алдаярды койчу да тааныйт.

— Алейкума салам! — деп, кубана кол алышат.

— Кайдан мынча коюң менен?

— Бай күзгүсүн каалашынча саттырат. Өзү тааныш жабдаптарында иш бүтүрүп жүрөт,— дейт. Койчу күзгү ачтырган байдын аялы эркек төрөгөнүн, атын «Калык» койдурганын сүйүнчүлөйт Алдаярга. Алдаяр бир сомдук сунат. Тандамал кой күмүш акча менен элүү тыйын болуп турганда, бул эки койдун пулу, оңбогондой марттык эле. Койчунун айтымында Султанмаамыт өткөн-кеткенден булардын дайынын сурамжылайт экен. «Ичинде бакшы баласы бар он эки Аркалык өтсө, мага кабардагыла. Акыңарды төлөйм» — деп, жол боюнда жашагандарга табыштап жүрүптүр.

Калыкты ат сатып алгын дегендин себеби ушундан улам. Базарда ат баасы беш сомдон, сегиз сомго чейин. Мүчөсү келишкен чабдар кашка эки асыйды алты сомго түшүрүштү. Жүгөн, куюшкан, ээр токум, жабуусунан бери алдырды Калыктын өз акчасына. Анан Алдаяр беш тыйындан болсо да, баарыбыз чыгарабыз» деп, оймо-чиймеленген, күлтүкшимегинен бери даяр, кызыл-сары бейкасамдан туюк жабуу жабылып, ортосуна тумар кыйылып, үкүнүн жүнү тагылган бешик сатып алышты. Жаңы кийинген Калыкты бакшы болгондугу үчүн кастарлап, чабдарга мингизишти. Үкүлүү бешикти бөктөрүштү.

— Мен, Султанмаамыттан коркуп, же ак ирик менен эки сомдон кутулайын деп, ушул ишти кылып жатканым жок! — деди Алдаяр. — Абийирибизди ачпай, адамдык ыксабыбызды коргоп калган алла таалама сыйынып, чөк түшүп ушинттим. Жүргүло жүзүбүздү жаркыратып, «Бешик бооң бек болсун!» деп куттук айтып, Султанмаамыттыкына киребиз. Баары жондоруна көтөрүнчөктөрүн көтөрүштү. Чубап, кел-

ген жолдоруна түшүштү. Алдыда, шырылган жашыл топу кийген, башына аппак стампул селдече оронгон, селденин эки учу жаагынан чубалган бакшы бала Калык. Бул көрүнүштү ойлоп чыгарган да Алдаяр өзү.

* * *

Калык Базар-Коргондо казанын асып, максымын ачытып жүргөндө да, Анжыянда шалы оруп, шалы жыйнап, комуз чертип, эл казалдарынан үзүндү айтып жүргөндө да Дилде эсине түшө берчү. Эки жагына эленден, ал калган тарапты далдалап чеп болуп тосуп турган тоолорду тиктөөчү. Баягыда булакка жуунуп, аарчынып жатканда анын шилбининин түбүнөн кубанычы өңүнөн тогулуп турганы, шыңкылдап күлүп, жаагынан чоп эттирип өөп алган аны да бери көздой жүгүртүп, кол булгап кыйкырып, чакыргысы келчү. Кишиге айтпай турган, жүрөгүнө түбөлүк сактай турган ыр да чыгарган. Аны жалгыз калганда, арык бойлоп жалгыз басканда, кайрыгын кайрып, кыңылдачу.

Сапарлары бүтүп, айылга кетишмей болгондо өзүн мойнуна көтөргөн Өмүралыга да, башкарып жүргөн Алдаярга да билгизбей, Дилдеге арнап бир топ белектерди алды. Алар эндей матага оролуп, үйүнө берчүлөрдүн эң түбүндө.

Айылга, эл орунга олтуруп, коз байланып, караңгы түшкөндө келишти. Алдаяр баарын токтотуп туруп:

— Капа, үч ай бою очогунан безгендер! — деди. — «Дос болуштук кооп үзгөндө. Тактап сынашабыз бозо сүзгөндө». Чай бөлөк. Башчынын буйругу боюнча ар кими өз үйлөрүн карай антаңдашты.

Ат түрсүлү үйүнүн босогосуна токтогондо Акы эшигин серпип, сыртка чыкты. Оттун жарыгына каныккан көздөрү караңгыда эчтекени ажырата албады. Бирөө атынан ыргып түшүп, мойнуна асылды:

— Атаке! Саламат турасыңарбы?

— Эй, кимсиң? — деп Акы делдее түштү да: — Калыксыңбы? — деди сүйүнгөнүнөн калтаарып, алп көкүрөгүнө кысып.

— Анан ким болот? Калыктын кара көзүмүн. Калыктын даана өзүмүн!

Биринчи эле:

— Аке! — деп бакырып Бектурган чыкты. Ырсайып күлүп, босогону жөөлөп Орокбай келатты. Ата-балдар бириннин үстүнө бири үймөктөшүп кучакташып өбүшүштү... Алып келгендерин аттын үстүнөн алып үйгө киргенде таза кийинген Калык таанылбайт. Жаңы кийимдин жыты дагы башка

болобу, сары булгаары өтүгү кычырайт. Белин жоолук менен курчанган түштүктүн айчык этек, когүлтүр, кызыл бейкасамдан шырылган жука чапаны бир сонун кооз.

— Уулум, сагызган болуп кеткенсиң го? — дейт Акы жетине албай. Алдын атасы ооз тийгенден кийин Бектурган өрүк-мейизден чеңгелдеп, набаттан кемирип кирди.

— Азыр кеч болуп калды. Айыл-ападагыларды чакырып, түлөө өткөрөйүн эртең! — деди Акы. Калык илгирбей:

— Асан атамды да кошосуңбу, ат менен өзүм барып эле чакырып келем? — деди.

— Кошпой анан. Асандай момун адам болобу. Ал кудаасөөгүн узатты бекен? — деп Акы кобурай берди. Сөзүнүн бир жеринде кейиди.

— Экөөбүз тең бакырбыз. Кол кармашып, куда түшсөмбү деген тилегим бар эле. Андай болбой калбадыбы!

Тикенекке урунгандай жүрөгү тыз эткен Калык:

— Кандай куда-сөөк узатмак эле? — деди.

— Оо, Асандын энесинин төркүндөрү тарап сойко салып жүрчү экен. Ошолор келинин алып кетken келиниптир дешти. Орокбайдан мурда сени үйлөнтүп, Дилдени келин кылып алсамбы деп жүргөм. Атаңа наалаттыкы... алаканымды чаап олтуруп калбадымбы!

— Эмне дейт?!

— Эмне дечү эле, ошентти. — Жер тиктеп сүйлөгөн Акы, уулунун супсуну сууй түшкөнүн элеген жок. — Эмне, өзүңдүн да оюнда жүрчү беле Дилде?..

Калык сыртка чыгып кетти. Аны аттын белин бошотуп, өзү да жеңилденип жүрөт деп ойлоду атасы. Акы кездемелерди жазып, сыйпалап, бүктөйт. Маасы кепичти кычырата кармалайт. Жүгүрүп окчунга келген Калык, кучактаган тизесине чекесин коюп, апасы өлгөндөн кийин экинчи жолу өпкө-өпкөсүнө батпай шолоктоп ыйлап жатты. Өзүнүн анык жетим калганын, мактаныч менен бермекчи болгон белектеринин Дилдеге берилбей оролуу бойдон калганып кайта-кайта ойлоп, буркурап жатты.

## АКЫНДЫН ШОРУ ТИЛИНЕН

Беш жыл өткөндөн кийин катуу жут болду. Бодо мал, жандык мал боо түшүп кырылды. Тартып саар малынан айрылган жарды-жалчы, жетим-жесирлер тентип-телмирип, эл карааны суюлду. Мындай капсалаң жылдарда жүздөн бир гана адам сынын бузбай, башкаларга мамилесин өзгөртпөй турбаса, көбүнүн пейили тарыйт. Шүйкүм-жоругу бузулат.

Малдуусу, малсыздан оолактап качат. Сырттан ит үрүп, бироо-жарым үйүнө келатса, кайнап жаткан казанынын оозун жаба коюп, отун өчүрөт. Шылуундар жаланып, ууру-лукка киришет. Топтошуп, дидарлашып аш ичмей, сокур менен майрыкка күлмөй тыйылат. Уккандын көңүлүн кытыгылаган чымчыкей ырлар, суу көп кошулган айрандай шалдырап, мазасын жоготот. Муңканган, изденип тилеген ырлар туулат ошондо да көпчүлүк элдин тагдырын көңүлүнө сактаган ышкыбоздордон. Калыктын «Жокчулук» казалы ушундай учурда жаралды:

Куда келсе карызга,
Мал суратты жокчулук.
Курдашымдан кемитип,
Алсыратты жокчулук.

Колдон кетмен түшүрбөй,
Жер каздырды жокчулук.
Эки этекти түрүнтүп,
Жоо бастырды жокчулук.
Бет наары кетип, саргартып,
Өң аздырды жокчулук.

Кадыры жок, баркы жок,
Эсеп кылды жокчулук.
Калп айтышка тилиңди,
Чечен кылды жокчулук.
Оорусу жок онтотуп,
Кесел кылды жокчулук.
Белден күчтү кетирип,
Бечел кылды жокчулук.

Калык, атасынын жыгач өнөрүн колго алды. Жүгөн, куюшкан, камчы өргөндү үйрөндү. Өтүк-маасыултарганды үйрөндү. Колго тийген булгаары, шабыраны үлгү коюп кести. Тарамыш чыйратып тикти. Калыпка керип, тамандап, кайың мыктап какты. Жылан боор кылып өрүп, алакандап саптаган алтымыш камчы, үч жуп маасысын атасы Акы Анжиянга алып барып, беш кадак чай, эки соку кант, беш пуд күрүчкө сатып келди. Бөксөдө айыл олтурган жыйырмадай жармач коңшуларына күн алыс бир маал күрүч аш жасатып, берип турду. Кээде Калык бурчтагы комузун чалып, ырдай койчу болду:

Ачкабыз деп үшкүрбө,
Абышка, кемпир, карылар.
Ар кайсысын сапасаң,
Кетпейби кубат, алыңар.
Мөгдүробөй баш көтөр,
Өлбөсөк оокат табылаар.

«Капсалаң болбой жут болбойт. Кагыныш чыкпай кан

өлбөйт» деп жаңдоо айткандай, быяктагылар оокаттан кысылып жатса, Анжиян багытында жер титирөөдөн көчөлүү шаарлар, аарынын уюгу сымал кыштактар кыйраганы, көп адамдардын набат болгону угулду. Кайгылуу кабарга көңүл бөлүп, өзү кадырын көрүп келген Анжыянды аяп, Калык «Апаат» деген казалын ырдады.

Көргөндөр айтат абыдан,
Угулду укмуш жаңыдан.
Азыркы болгон «Апаат» ыр,
Анжыян, Кокон жагынан.

Жер титиреп, там баскан,
Жаман кабар угулду.
Каалгасы оймолуу,
Катар үйлөр жыгылды.

«Замап акыр күнбү» деп,
Зарын айтып кудайга.
Тоголонуп көп адам,
Көмүлбой жатат ылайда.

Шаршенби күндүз күнүндө,
Жер силкинген там урап,
Бейшембинин түнүндө
Бозоруп соолуйт көп адам,
Боз дубалдын түбүндө.

Козголуп жер титиреп,
Кожанттын шаары кулады.
Койнунан куран чачылып,
Кожонун көбү сулады.

Таш көчөлөр бузулуп,
Тарыды шаар Маргалан.
Оокат жайсыз аңгырайт,
Ордолуу шаар Барганаң[1].
Ойдо жок өлүм апаат бул.
Ошону ойлоп таң калам.

Он миңден ашык эл деди,
Озондоп үнү зарлаган.
Катын-бала, кары, жаш,
Өлүү, тирүү аралаш,
Асаке менен Кыйбадан,
Жан бага албай көп адам,

Кол сунуп кайыр сураган.
Тарчылыктын айынан,
Ташкенди карай чубаган.
Жамаатка боорум ачышып,
Жакамды бекем карманам.

---

[1] Баргана — Фергана.

Акырда турган тизилип,
Аттарыңды там басты,
Апырылтып сүйлөгөп,
Калптарыңды там басты.

Башына селде чалынып,
Кудайга беш маал жалынып,
Даарытыма суу деген,
Ар жуманын түнүндө
Таң атканча «үү» деген,
Эшендерди там басты.
Эптештирген сөздөрдү,
Чечендерди там басты.
Карып болуп калың эл,
Кандай балээ жармашты?

Арпаны жара чайнагап,
Алыскы жолдо талбагап,
Жорголорду там басты.
Беш убак намаз окуткап,
Молдолорду там басты.
Дүконго пулуп толтургап,
Дүнүйө жыйнап олтургап,

Алса дагы алам деп
Ар кимдерге кол сунгап,
Алдамчыны там басты.
Арзап алып берем деп,
Жанын сабап жалмангап.
Имамазан урсун деп,
Бир тыйып үчүп каргапгап.
Далдалчыны там басты.

Тоо-чуулар чыкты үч сомго,
Боз үйлөр чыкты жүз сомго.
Самоорго салаар чай калбай,
Кол майлаарга май калбай,
Убайым салган элдерге,
Ушул жыл, ушул ай кандай?

«Апаат» казалынан кийин Калык «ырчы» делинип, журт оозуна кирди. Ар кимдер аңыз кылып, атайы келип, ырдатып угушту.

* * *

Ала салып, ай өттү. Жылып, жыл өттү. Буралып, чөп чыкты. Күңгөй-тескей, көк-жашыл болуп кулпуруп, жер тоюнду. Оттоп мал тоюнду. Жер айдап, тукум сээп, кырман толо кызыл сузуп, эл тоюнду. Тоолуктар кайра оңолду. Топтошуп бастырып, арсактап күлүшүп, пейилдери кеңейди. Колунда барлар баягы атадан балага оошуп келаткан аш менен тойду баштады. Байгазы болуш тараптагы бир чоң

байдын ашы отту. Бүлөлөнүп кайралып курчу жетилип калган Калык эми Караталдын ат багар жигити эмес, анын намызын талашаар, заар тилдүү чечендерден коргоор ырчысы. Мырзасы менен жанаша бастырып калган неме чоң ашка кошо барды.

Коно жаткан көпчүлүк тамактанышып, күрөш, эңиш көргөнү, тыйын эңмей, ит тартыш көргөнү сыртка чыгышкан. Айылдан алыс ээндикте ортону бош коюп, эки жаат боло жарданып олтурушкан. Тамаша башталардан мурда Байгазы өз атасына жашташ Эшмамбет ырчысын шилтейт:

— Борбуую толуп келаткан Акы устанын уулун кордогун. Жер жеперине жеткире кордогун. Кайраты болсо бүгүн көрүнөт. Жалтак болсо, сенин заардуу тилиңе чыдабай көпчүлүктүн алдында көмүлөт.

Көзү жарк эте күлүмсүрөгөн Эшмамбет сакалын сылап:

— Болуш, сакалдуу башым менен жаш балага тийишкеним уятко? Эп келишпей калатко? — деди эле:

— Кызык киши экенсиң! Акы устаны кемсинткениң, Караталга тиет. Анын чоң атасы жыгаччы Самтыр эмеспи? Ошону чукулап тийишкип, эмне кызык чыгаар экен? —деди, Байзак.

— Андайы да бар беле? — деген Эшмамбет кара атын моюнга чаап, бурулду. Аштын озуйпасын, кайсы элден, кайсы уруулардан канча конок чакырганын жарыялап жар айтып, ырдап келатты. Калык күрөң атынан түшүп, чылбырын кармап, дөбөдөгүлөрдүн арасында көпчүлүктүн түрүн карап олтурган. Улам камчылана бастыра түшүп, жакындап калган Эшмамбет дөбөдөгүлөргө чукулдап тиреп келди да, бейкам Калыкты беттеп, заңкылдаган жоон үнү менен, кооз кайрыгына салып коё берди:

Акы устанын Калыгы,
Чарчагандай калыбы.
Аттанып ашка ырдабай,
Эминеге талыды?

Топко кирсең жанашып,
Токтобогон бала элең.
Толкундаса ээ бербес,
Токтогулча бар элең!

Жамгырдай төгүп ырдасаң,
Жаңылбаган бала элең.
Жаактууга жай бербес,
Жаңыбайча бар элең.

Чымыры элең чыйрактын,
Чыңк ылдыйда ат чаптың.
Эби жокко Калыгым,
Эрикkенсиң не жаттың?

Атаң уста Акы эле,
Ак кайың, терек кемиргеп.
Андан карды тоюнбай,
Жүргүзгөнү тегирмен.

Өмүр бою асылган,
Таарылган коңдой терекке.
Алкак салып арчадан,
Түп кынаган челекке.

Ак кайыштай чоюлтуп,
Карыскан ийген элекке.
Кажанган андай адамда,
Кантип болот береке?!

Үйүп корбой үч айлап,
Керегe матап үй кылган.
Кашык, чомүч артынып,
Катындарга сый кылган.

Ар кимдин кылган жумушун,
Оокаты менен курусун.
Ач курсагы тоюнбас,
Сен, Акы устанын уулусуң!
Караталга таянып,
Жетиштим деп турусуң!

Дүүлдөгөн күлкү, эл Калыктан жооп күттү. Төрөгөлди келген эмес бул ашка. Эшмамбет камчыны кимдин жонуна шилтегенин Каратал байкаган жок. Агасы саяпкер Мама сөзө коюп, Калыкка айкырды:

— Ой, сен мурдуңду муштумдай кылып отура бересиңби? Эшмамбеттин катын-баласын Таласка таштап, карызынан кутула албай мында качып келгенин, «бойдокмун» деп, көрүнгөн жесирдин босогосун жөөлөп, капшытын кычыратканын айтпайсыңбы?

Окуянын негизин ачык түшүнбөгөн, адамдын аяк-башын али анчалык ажырата элек Калык, атасын кемсинткенге ызаланды. Алабарман өкүм неме кыш чилдеде ылымта туюктан жайыкка чыгып жолоочуну кууруган шамалдай боройлотуп баштады ырын:

Жар чакырат деп турсам,
Жабышканы келдиңби?
Жатакчынын итинче,
Кабышканы келдиңби?
Жамандык менен Эшмамбет,
Таапышканы келдиңби?
Чарчаганча тил менен,
Чабышканы келдиңби?
Уя салып жылуулап,
Улар учпайт жеринен.
Уктатпай тынчты кетирген,

Сендей, уурулар качат элипен.
Ушунча элдин ичинде,
Эшмамбет, урушканың эмнең?

Таласта өстүң туулуп,
Дайынсыз качтың куулуп.
Калбада өстүң туулуп,
Калкыңдан качтың куулуп.
Минтип тирүү жүргүчө,
Өлбойсүңбү муунуп?

Аш-той десе жатпайсың,
Аралап кимди мактайсың?
Калжаңдабай куруп кал,
Катын-балаң бакпайсың.
Эрте бышкан ашты уулап,
Эптеп жанды сактайсың.
Минтип жүрө берүүдөн,
Эч береке таппайсың.

Катыны жок бойдоксуң,
Кайда барсаң ойоксуң.
Калыкты бүгүн сүрөм деп,
Качантан бери ойлопсуң.

Ырдап жүрүп ар кимден,
Тогуз байтал алам деп.
Сакалыңдай жалдуу чоң,
Торудан айгыр салам деп.
Топтоп айдап барам деп,
Журтта калган бүлөңдү
Тоюнтуп эми багам деп,
Сен жүрөсүң бу жерде
Кур кыялга семирип.
Ачка жатат деп уктум,
Балдарың, уй эмчек казын кемирип.
Аңги айгырдай Эшмамбет,
Асыла бербе ээлигип.

Ээрге чапкан кайыңдын,
Баары атаңдан калганбы?
Ээн чыккан тал, терек,
Дагы атаңдан калганбы?
Атамдын балта, чотунун
Сабы атаңдан калганбы?

Карагай беле кайыңың?
Кайыңбы сенин зайыбың?
Жыгачтан башка бар болсо,
Акынын айтчы айыбын?

Кок токойдо теректин,
Көңдөйүбү алганың?
Өрүк, жийде, алчанын,
Тикениби балдарың?

Бул кыялың барында,
Эч кимге тийбейт жардамың!

Сакалдуу башы менен баласындай немеден калың элдин алдында катуу соз укканга Эшмамбет уукту. Сабырды унутту.

— Тентиген-термиген атаңдын кана оозуна... деп сөгүп, жулуна атын теминди. Баштан ары тартып-тартып калмакка Калыкка тап койду. Тартынбай, жазганбай Калык дагы:

— Анык сөгүштү мына менден үйрөнүп алгын! Сени төрөгөн катындын так... деген жаман соз оозунан чыгып, качырды. Курчап турган көпчүлүк ортолоруна шыгырап толо калышып, бирине бирин жеткирбей ажыратып кетишти.

Каратал жигиттерин шилтеп, өз тарабындагы элдин башчыларын чогултуп. Булкуюп, камчысынын сабы менен жер чукуп олтуруп мындай деди:

— Бу, Байгазы... ашка чакыртып алып, шылдың кылганы эмнеси?.. Бироөнүн жыгач менен алышканында анын кандай иши бар? Ырчыма ырчысын өзү асылтты. Өзүнө жараша жооп кайрыса... камчы үйрүгөнү жүрөт. Ушинтип дагы сый көрүп, аштын этин жейбизби? Байгазыныкы эт эмес эле таш болотко ыя?

— Ооба, осолдук иш кылып атат.

— Кыр көрсөтүп турат.

— Туура түшүнгөн болсоңор, биздин тарап аттангыла! — деп, Каратал шарт турду. — Кетебиз! — деп этек-жеңин бүктөй кармаган камчысы менен тарс-тарс чапты.— Эр болсо ашын берип, атын чаап көрсүн!

Арыта байлоодо турган аттарын ар кими шып-шып чечти. Жапырт аттанып, дүпүрөп жөнөштү. Байгазы эңсеген «кызыктын» башталышы ушундай болмокчу экен. Бирок, башка болуштардан чакырылган калыс адамдар дүргүп, жөнөгөндордүн алдын тосушту. Жайкап, сөзгө келтиришти. Байгазыны Караталга ат тарттырып, тынчытышты. Аш уланды.

Деген менен, Каратал менен Байгазынын ортосу ачылды. Бирин-бири ит тиктешке салып, тоорушту. Ошол жылдын жазында элге шайлоо болмокчу. Бегат делинген бир уруу коп айыл, ич ара кагылыштан Байгазыга нааразы болуп бөлүнүшөт. Каратал тарапка өтмөкчү болушат. Каратал, Сатар, Кадырбай деген жигит күткөн башчылар Калыкты маңдайына алдырышты. Каратал сурдана тиктеп минтти:

— Бегаттыктарды биз дагы тособуз. Байгазы дагы тосот. Сен бүгүн Байгазынын жети өмүрүн жерге киргизе жамандап ырдагын. Айыбын чукуп, кордогун.

— Жеп койбойбу мени кийин?

— Биз турганда кайсы олуя кол сала алат сага? — деп Кадырбай теминди.

— Айтканды угуп, туздай берсеңчи? — деп, Сатар чыкты.

«Тоосу бийик текенин көзү кызыл» дегендей, үчөөнө таянган Калык макулдугун билгизе баш ийкеди. Каратал тараптан беш жүз чамалуу киши аттанды. Тартуулуктун кырына барып, жаачу булуттай чубалжый карара түнөрүп токтошту. Байгазы элүүдөй киши менен чыгып келди. Бегаттыктар бүт бойдон Каратал тарапка өтүштү. Эки мырза бири бирине бет маңдай, аргамжы бою аралыкта турушкан. Каратал жөтөлгөн болуп имерилди да, Калыкка каш какты. Мунусу «Эшмамбетке кордоткон өчтү алаар кезиң. Башта, баштоочу болсоң!» дегени болчу. Калык тизгинин тарта чалкалап, кырдан айкырыкты салды:

Оо, көзгө суук көрүндүң,
Көкүн бийдин Байгазы.
Көлдөй толкуп көрүнгөн,
Көптүн түрүн байкачы.

Көзүңө адам көрүнбөй,
Көптүң эле ашыгып.
Көпчүлүктөн ажырап,
Көчөөр кезиң ташынып.

Каратал, Сатар, Кадырбай,
Катар чыкты качырып.
Калаар күнүң Байгазы,
Кастарыңдан басынып.

Бардыгынан ажырап,
Бүткөнүбү жумушуң.
Байгеден чыгып келерде,
Башыңды чайкап турусуң.
Жек көрүнөт ушинтип,
Жемекейлик курусун!

Бегаттар өттү Сатарга,
Безе качып чубуруп.
Адетиңче түп катып,
Кылаар ишиң уурулук.

Залимдигиң көп өтүп,
Сарбагыштан аз калды.
Желмогуздай жалаңып,
Жаныңда Маамыт таз калды.

Кууп жүрүп жүдөтүп,
Кушубакты какшаттың.
Бир болуш элди тебелеп,
Жалгыз болмок максатың.

Жамактан бирөө калбаптыр,
Түптөй менен Базылдан.
Желкелеп айдап күнөөсүз,
Жигиттериң асылган.

Зыяның элге көп тийип,
Бүгүн, сыймыгың качты башыңдан.

Байгазы сабыр көрсөтүп, Калыкка каш алдынан тиктейт. Жаак тамырлары бүлкүлдөп, булчуңдары түйүлөт. Азуусунун кычыраганы өзүнө угулат. Каратал тарап кыйкырык-сүрөөн менен Калыкты куттуктады. Ат үстүнөн балбанды эңгендей, алдынан каршы чыккандарды карсылдатышып сабап жеңгендей болушту. Камчылары сербеңдейт. Калпак, тебетейлерин булгалакташат:

— Жара-айт, жара-айт!

— Байгазынын жал-куйругун кыркты!

— Мындан артык... ырчы кабакка алып барып, сүйрөйбү ары-бери аны?!

Бегаттык Кадырбай жең-ичинен пара алып, мамиле түздү да өз урууларын чиркеп, чуурутуп жетелеп, Байгазы тарапка кайра өттү. Жалал-Абаддагы төрөнүн алдында жүгүнүп, «Ваше превосходительство» деген сөздү так айтчу Байгазы, шайлоодо болуш болду. Каратал жыгылды. Бийлердин көбү Байгазы тараптан шайланды. Каратал үч бий менен калды.

Күз айларында бир болуш элдин бийлерин чакырып, жамдагандан кийин, Байгазы сурагын жүргүздү бейм! Абалы чоңураак арка сүйөгү барларды коё туруп, жалгыз аттуу, жалгыз камчылууларды тик карап, кайра сүйлөөчүлөрдүн оокатын талатып, өздөрүн түрмөгө кестирди. Жыгылган тараптагыларды дубайтарына урдуруп, ар кандай шылтоо менен аялдарынын башын ачтырып, башка бирөөгө малга саттырып, алсыратып ийди.

Абалды байкаган Калык ысык сүткө оозун күйгүзүп алган немече ичинен санааркап жүрөт эле. Атайы Жаңыбай ырчы келди. Четке, чакырып:

— Байгазы сага он эки ай түрмө кестириптир,— деди. Ал учурда «түрмө» дегенди атуудай көрчү кыргыздын баары. Калыктын жүрөгү оозуна тыгылды. Көзү алайып, өңүнөн сур качты.

— Кимден уктуңуз?

— Сатардан.

Калык ошол күнү түн катып барып, Сатарга жолукту. Бир учур «Биз турганда кимден тартынасыз!» деп, отко түрткөн манап:

— Чын,— деди, деле бул иште кымындай катышы жок немедей бейкам туруп. — «Акы устанын уулу көптү. Шиш уруп, желин чыгарыш керек!» — деп, Байгазынын таноосу кыпчылды. Биз үч бийдин айылы мөөрүбүздү басканыбыз жок. Сага кылган жардамыбыз ошол.

— Мен кантем эми?! Бир жакка качсам болобу?

— Качсаң кач. Байгазы түбөлүк болуш болуп турмак беле. Ал энеңди урайын, дагы жылмышаар.

Колтугуна суу бүрксө адырандап ырдоочу Калык, бул сапар куйругун кыпчып, үйүнө келди. Атасына сырын, чынын айтты. Чочуп алган Акы:

— Ээ, кокуй! Эми кантмекчисиң? — дейт делдейип.

— Жумгалга качам. Байгазы кайсы күнү жыгылса, ошол күнү келем.

— Кетсең кеткин. Туулган жериң, тузун таткан элең. Жакшы жүргүн... Кудай өмүрүңдү берсин! Мен карып калдым. Орокбай уюган эле айран. Бектурган жаш. Өзүңдөн топурак буюрса экен?! — деп жашып кетти. Чөнтөгүнөн оромол алып, көзүнүн кычыктарын сүрттү. — Ушинтип эле ары-бери тентий беребизби?!

## ӨЗҮНӨ ЧАКЫРГАН ОТ

Салт аттуу Калык түн катып, жолго чыкты. Айылга жолобой, буйгулап конду. Казарман тушундагы кайкыдан өттү. Жалгыз аяк жол. Чер токой. Өрүүлөйт. Капталдайт. Кыр менен бастырат. Дайнын данистелеп сурап алган жол менен жүрүп олтуруп, тескей тарабындагы жаракасынан кылайып мөңгү кетпеген, чокусунан булут үзүлбөгөн Жыланач-Бугу тоосунун этегине келди. Мергенчилер топтошуп ууга чыкканда аркы беттен ок чыгарышат. Жүздөгөн эчки-текелер мүйүздөрүн каркайтышып, берки бетти карай качышат. Касабаланган мөңгүнүн мерчемдүү жеринде тосотто олтургандар аяк өйдө, капталынан ок чыгарат. Кийиктин жарадары да, өлгөнү да оңкочук атып, ойду көздөй кулайт.

Манастын сөөгү Таластан жашырылынып келип, ушул тоого коюлуптур дешет эл уламышында. Кыл чокуда камыр[1] бар. Ага мергендин мергени чыккан. Адамдын адамы жетип көргөн. Болбосо ырылдап соккон шамалына, бороон-чапкынына жан чыдабай жетмекчи болгондор орто жолдон кайра тартышкан. Ошондой ыйык тоого жеткенде артына нечен ашуу, белес калтырган Калык балээден кутулгансып, коркуп качуудан көңүлү тынды. Мурда күнү же кече эле болуп өткөнсүп, балалык учуру түштү эсине... Эгин-тегин жыйналып бүтүп, боз кыроо болгондо Акынын тегирменине кимдер гана келбечү. Эки кап данын бир өгүзгө артып, бышылдатып-күшүлдөтүп айдап келип түшүрөт. Бири, эки

[1] Камыр — мүрзө деген мааниде.

тең жүктөн, башы менен шалпайган кулагы көрүнгөн эшегин тепеңдетип айдап келип түшүрөт. Нарыта тегирмендин күрүлдөгү, берите унаа, бакылдашкан адамдар. Мөөнөтү кимден кийин экенин такташып, кайсы күнү, кайсы маалда келүүнү Акыдан сурашат. Мөөнөтү чукулдары унааларын бир четке жайлап, кобурашып ошол жерде. Кеч кирет. Чыкыроон бети-колду каарыйт. Камдуулары үйлөрүнөн ала келген көң-тезегин ичке киргизишет. Бурчта чоң очок. Тигинде даны менен бөлөк-бөлөк жыйылган каптар. Андан нары бирде шак серпсе, бирде ун серпип, бирде талкан серпип оңдон — солго чимирилген тегирмен ташы. Сыртта суу уруп, күрүлдөгөн барааның добушу. Дубал бетиндеги оюлган ордунда тоң май менен шоола чаччу кара чырак. Кампанын боору толгон ак тоскок. Ал жерге барып, ишин жайлаштырып келгендердин өңдөрү да ак тоскок. Ошол өңдөрү менен үчөө-төртөө очокту тегеректешет. Божурап сөзгө киришет. Ырдап иймейи болот. Жомок айтмайы болот. Калыктын үйдө эмнеси бар! Малакайдын маңдайын көтөрүп, мурдун кайкайтып аңгеме баштагандардын жанында.

Эрди жука кызыл жигит: Табышмак табышалы? — деп калды. «Ошентели, түн бат өтөт» — деди чекир көз сарысы. «Мейли» — деп коштоду, болжураган чаары. Табышмакты мен деле билем дегенин билгизе Калык кымыңдады.

— Таап алгыла,— деди кызыл жигит. — «Ичи кызыл кыямат. Суулап урат, кургап чыгат!» — Үчөө бирин бири карашты. Күймөлүштү. — Таппадыңарбы? Келе бирден төө матек! Эмесе, жандырмагы «дандыр!» — деп жигит тура калды да, экөөнүн баш кийимин жулуп алып, нукуюн алды. Алардын шылк-шылк эткен баштарын көрүп, Калык каткырды. «Сен дагы берген турасыңбы»,— деди эле, Калык малакайын шыпырып, эңкее берди. Жигит күлүп, баланы да нукуп койду. Экинчисин тапкыла: «Узун эле кестим, жоон эле жондум. Кудайым ырайым кылды, көчүккө ылайык кылды». Муну да таппай калышты. Айтсаңыз, эмне? — деп жиберди чычкылуу Калык. Атаң Акы чапчу ээр,— деди. «Меникин таап бергилечи деди Калык: «Эртең менен турдум, эки айрык жолго кирдим?» — Ал, алдакы сенин жаргак шымың! — деп күлдү кызыл жигит. Апээй, таап койдуң,— деп Калык жалгыз табышмагын уттурду. Кара чырак үлпүлдөйт. Тегирмен күрүлдөйт.

Калык ушул түнү уктап да күлүп да чыгат. Атасы эртең менен, «жаман, түндө күлүп чыктың да, эмнеге күлдүң?» деп эркелеткен. Көрсө ошол Калыктын дүнүйө капар жыргал күнү турбайбы. Ал, өмүр менен кошо жоголгон табылгыс күлкү турбайбы!..

Анда, атайын арнап келген белегин тапшыра албай Дилденин кеткенин угуп ыйлоочу түн эмне эле? Ал, жан дүйнөңдү эриткен алгачкы сүйүү экен го, чиркин! Сүйүүнүн артынан түшүп эмнеге ыр менен алышпады экен! «Мурунуңду муштумдай кылып олтуруп аласыңбы?! Тур, өзүнө жараша жооп бер!» деп кайраштырган сөз маанисин түшүнбөй чамынам деп Эшмамбет менен суук-селки болду. Караталга таянып, Байгазыны шылдыңдап, ырдаганы үчүн куугунтук жеп, түн уурусунча коргоосуз качып баратат. Коргоп алабыз дечүлөр кана? Колдоп өтөбүз дечүлөр кана? Аха, адамдар башынан кагылышып, кан төбөлүшүп келишкен болсо, акыры деле ошондой боло береби?.. Кабагы бүркөө акын жол кыскартат.

* * *

Күн кечтеди. Тоо көлөкөсү улам ныктап барат. Күздүн муздак шамалы шуулдайт. Көкүрөктөн, жеңден кирип, денени салкындатат. Оздук кажыган күлүк тору аттын жал-куйругу сапырылат. Баятан бери учкан канаттуулардын кыйкуусу тыйылып, карагайлуу өрөөн тынчтыкта магдырап, караңгылыкка көөлөнүп, уюп, имерилип уктап барат. Калык жатууга ылайыктуу жер чалды. Атасы мергенчи немеден укканы боюнча «шамалдан ылымта» деп, чоң таштын түбүнө түнөөгө болбойт. Түндөсү шайтан оюн курат экен андай жерге. Ат-маты менен батса аска түбүндөгү үңкүр, же көчүп кеткендерден калган конуш, болбосо кыраң, кыраңда жалгыз турган арчанын, карагайдын түбү ылайыктуу дешет. Мындай жерге ач арбак жолой албайт дешет. Түнөгөн адамга илээшкен оору-илдет тийбейт дешет. Өткөн ата-бабалардын, кабылан-шер баатырлардын арбагы колдоп, түн караңгылыгынан агарган таңга аман соо жетет дешет түнөгөндөр.

Жашылы такыр өчө элек шибердин бышкан жыты буркурап, жол жээгиндеги саргарган жалбырактар туяк тийгенде шуудурап, кырт-кырт сынат. Тору ат эргип кыраңга чыкты. Калык тизгин тартты. «Жатсамбы?» — деп токтоду. Бул «Жылаңач-Бугу» тоо кыркаларынын түгөнгөн кайкысы. Келаткан жол ушул жерден экиге айрылат. Сол жагына түшсөң Кара-Чүйлүү, Кармантүздү басып, Кабак, Жумгалды карай кетмениң. Оң жагына түшсөң Дөдөмөлдүнү басып, кайра Тогуз-Торонун Казарманына — түштүк тарабынан келесиң.

Калыкка сол жагы оң. Бирок, бир аз жүрө түшкөндөн кийин чычкан жөрмөлөй алгыс чер-токой болот да, кийимиң-

ди караган тытып, көзүңдү олойтуп бутак сайып, түндө түгүл күндүз жолдон адашасың. Бир чечимге келе элек неме кыраң менен итабарга бастырып олтурду. Баятан сеңирдин далдоосунда турса керек, жылт эткен от көрүндү тээ ыраактан. «Бул эмне от? Көчө элек айыл болсо жылдыздай жабалактап, удаама-удаа жылтылдайт эле. Мергенчинин отубу? Же албарсты азгырып, отуна чакырып жатабы? Кандай болсо да бул отко жолдун оң тарабы менен барыш керек».

Алтын казыкча адаштырбас ошол от Калыктын көңүлүн ээледи. Көз ымдап өзүн чакыргансыган ошол жалгыз отто эмне керемет болду экен? Түнкүсүн жакынкы от ыраактан жанып жаткандай көрүнөт. «Ыраакко?» деп болжогонуң жакын да болуп калат. Ээн кыраңга жалгыз жаткыча барсабы?» От адамга таандык эмеспи. Жүрөгүң токтогонго чейин адамдар менен аралаш жүргөнгө эмне жетсин? Эмесе отту көздөй Калык атынын башын бурду. Түтүн жытын билген, адамдарды караан кылгысы келген тору ат да таманын жерге жугузбай алдыдан суурулуп, эргип, улунуп-жулунуп баратты.

Бат эле жетти. Боз үй турат. Нарытан дагы эки от жылтырады. Аз болсо да айыл бар экен. Иттери эмнеге үрбөйт? Дабышты ириде иттер сезип, ээсине иттер кабардачу эмес беле? Тоо арасында ити жок адам аз. Эшигинде ити жок үй да болбойт. Ит жугунду ичип, короо гана кайтарбастан, ээсине чоң эш, ишенчиликтүү сакчы эмеспи.

Караңгылыкка көзү үйүр алган Калык, беритедеги бозоро соройгон мамыны көрдү. Жанына токтоду. Үйдөн киши чыгаар деп, тамагын жасап, жөтөлдү. Ат үстүндө эки жакты абайлап, өңгүл-дөңгүл боло кепшеп жатышкан чакан жандыктарды, казыкка байланган музоолуу уйду көрдү. Үйдөн бала ыйлады. Термелген бешиктин дабышы угулду. Аңгыча:

— Тыңшачы?.. Киши келдиби? — деген жаш аялдын үнү чыкты. Калык Торунун тизгинин каңтарып, чылбырын бек орнотулган кайың мамыга казык баш чалып байлады. Отунун жарыгы алыстан чакырган боз үйдүн эшигин серпип, кирди. Үйдө эркек киши болсо, «ассалоом алейкум» десе болмок. Бешик терметкен тестиер кыз, айран уютмакка казандагы сүтүн сапырып жаткан келин гана болгондуктан Калык:

— Саламатсыздарбы? — деди. Эки күндөн бери элеңдеп жол жүрүп, ат үстүндө жанчылып калган неме кире бериштеги үстүнө токулга ташталган ыңырчактын үстүнө олтура кетти. Үй ичи күңүрттөнөт, чөмүчүн казандын үстүнө көмкөрөсүнөн койгон келин, оттон үлпүлдөгөн жалыны бар чы-

чаланы алды да, кара чырагын жандырды. Сүлөөсүн тебетейинин маңдайын көтөрүп, эрдин кымтый тунжураган мейманга жалт карап алып, селт этти. Айран куйганы идишине имерилди. Бирок, эмнегедир айнып, көнөчөк көтөрүп, сыртка чыкты. Үйдө бешик терметкен, төрт-беш жаштагы кыз калды.

— Айланайын. Айлыңарда ит болбойбу? — деп сурады Калык тестиер кыздан. Кыздын чыйрак-бышык экени үнүнөн, шар берген жообунан сезилди.

— Байке, иттен көп неме жок төрт үйдө. Байкем кийикке чыкса эле, Жезбилекти ээрчип жөнөшөт. Жезбилек тайган да. Көзүнө көрүнгөндү тиштейт. Аны менен кошо жешип, жаман үйрөнүшүптүр баары. Урса да болушпайт. Байлашса, көтөрмө жипти кырчып ийишет. Байкем келгиче, малга карышкыр тийбесе экен деп, жаныбыз жок.

Калык айылдан ит үрбөгөн себебин билди. Кыздын чоң атасы тирүү экенин да билди. Чоң аталуу неберелер атасын «аке», «байке» деп калышат эмеспи.

— Байкеңдин аты ким?

— Найзабек.

Чоң энеси тирүү балдар апасын атынан айтып калмайы да болот. Ошон үчүн чыгып кеткен апасынын атын атайы сураган жок. Бат эле үй ээси да кирди. Айранга караганда кымыз сый даам эмеспи. Жаңа береги келин айран куйганы баратып, «саамалда болсо мейли» деп, кымыздуу үйгө кеткен. Көөкөрдөгү саамалдан кырма аякка куйду. Кош колдоп, мейманга сунду. Үстү сиркелене шуулдаган саамалды чарчаган Калык, шыпкабай, жарымына чейин жутуп токтоду. Үстү тыкан, кыймылы чапчаң келин тулга астындагы отун күчтөнттү. Кичине казанын асты. Ары-бери бал каймак даярдай коймокко ысыган казанды чар эттирип, көнөчөктөгү каймакты көмөрдү. Ишин жасап жатып, мейманга улам жалт-жалт карап калат. Бир сөз айтчудай, бирок ийменип, өзүн-өзү кармап токтогондой. Калык сезип олтурат. Өткөндөр ичинде окторулуп, санаага бою чымырайт.

Акыры, келин чыдабады. Оттун жалынын бастатып, чычалаларды кийиндетип, бажырап кайнаган каймакты кыргыч менен кырып, түбүнө күйгүзбөй аралаштырып жатып:

— Мени таанымбай турасыңбы? — деди, үнү мукактанып.

— Кантип таанымбайын! Баш бакканда эле тааныгам.

Дилде да, Калык да бешиктеги бөбөгү уктап, бирдемеге алаксыган тестиер кыз тарапты жалт караШты.

— Аты ким кызыңдын?

— Сагынбү.

— Бешиктегиси уулбу, кызбы?

— Уул.
— Найзабекке «белбоо» кылып, ырас болгон тура.
— Күйөөмдүн атын кайдан билип алдың?
— Тиги сербегей айтты.
Дилде жылмайды да:
— Анын колунан келет! — деди.
— Өзүңдү тартпайбы! — Калык кошо жылмайды. — Келгенден, өңү да өзүңө окшош кызыңды көрүп, акыйнек айтышкан кездерибиз эсиме түштү. Ошол талаа, ошол чөлкөмдө дагы эле ойноп жүргөндөй болдум.
— Көрүп билгендерден эсте калчусу аз окшойт. Баягыда, өөп алганымчы?.. Жаш учурдагы жүрөктүн албырты тура, көрсө!
— Азыр карып калдыңбы?!
Дилде каткырып жиберип, кыргычын катуулатты. Казандын түбүнөн чыккан какыр күлкүнү басты. Сагынбү туурадан:
— Ая, кимди өптүң эле? — деди.
— Берекем! Сени күнүгө эле өөп жүрбөйүнбү?
— Ии десе...
Кыздан жазганган экөө таш тиштегендей болушуп, сөз токтоду. Дилде кызына карап «кап, сени...» дегенин билгизе, эрдин тиштеди. Калык чекесин кашып, төмөн карады.
Таң ашкан атын «жолдон чалдырып алаармын» деген Калык, куштар ойгонгуча жүрүп кетти.

## ТУУГАН ЖЕР, ТУЗУН ТАТКАН ЭЛ

Чыргайдын арасындагы төтө жолго салып, Киндик-Дөбөнү ашты. Ийри-буйру оюрма менен улам ылдыйлап, улам төмөндөп кең жайыкты жээктеди. Көп жыл мурда атасы баярланган, ача мүйүздүү, ак чандыр кызыл куран аткан аймакты баамдады. Каза болгон апасы, артта калган атасы, бир туугандары элестеп, жашыды. Ат тизгинин тартып, тунжурады. Кайрат жыйгандай камчыланып, ыкчам бастырды. Негедир көмөкөйүнө сагынычты, кусалыкты билдирген ыр саптары келе түштү.

Тегеренбей телидей,
Элимди издеп табайын.
Киндик кесип, кир жууган,
Жеримди издеп табайын.
Желмогуздан кутулуп,
Жаш жанымды багайын...

Эки тарабы аскалуу, борчук тоолор. Ортосу ташка согулуп, бермети жээкке чачыраган көк кашка суу. Өйүз-бүйүз

дүкүйгөн кайың, терек, ысырыктуу Табылгыты өрөөнүнүн оозунан чыкты Калык. Сары-Булуңдун асмандаган токоюн, жийде, караган, камышын аралап, Миң-Куштан куйчу сууну кечип өттү. Көкөмерен дарыясын бойлоп олтуруп, Жумгал суусу кошулган кең түзгө атасы Акы туулган Эмелге жетти. Көк-Ойдо чогулган көпчүлүккө туш болду. Бир чети өзүнүн дайнын билгизмекке, бир чети сүйүнгөнүнөн жүрөгү толкуп, ат үстүнөн айкырыкты салды көңүл буруп, жардангандарга:

Сагынып келдим тууган жер,
Кабак, Жумгал өзөнүн.
Аман, эсен барсыңбы,
Көңүлдү тарткан өз элим.
Карааныңдан эл-журтум,
Мен чабылып кетейин!

Балапан кезде адашып,
Барчын болуп мен келдим.
Таңдагы булбул сыяктуу,
Шаңшыр болуп мен келдим.
Аш-тоюнда ырдоочу,
Жарчың болуп мен келдим.

Жумгалда оозго алынган ырчы жок. Көбү майда жамакчы, шумданып ойдологон куудул. Үнү заңкылдап алыска угулган, ыры куюлушуп уйкаш чыккан жигитти жылуу тосуп тегеректешти. Бирөө ийилип, атын алды. Дайнын сурашып, ар кимдер тууган чыгышты. Далдайган сөөктүү, ат көтөргүс семиз, эки бети табактай, көк ала сакал кызыл киши Акылбек деген эле. Ал:

— Жол жүрүп келген жигитти чайландырып, тамактандырып кайра мага алып кел? — деп бирөөгө тапшырды. Күзгү кымыздан кана жутуп, бир жилик устукан жеген Калык бат эле келди.

— Ырчы балам! — деди Акылбек. — Бул, менин байбичемдин ашы. Менден өзүңө кабар жеткендей конок күнкү күндүн үстүнөн чыктың, нээтиң жакшы экен. Курманкожо, Суусамыр, Кара-Кече аталган үч болуш элди сыйлайбыз. Ошолорду «болуш болушуң боюнча бөлүнгүлө?» деп жар чакыргын? — деди да, өтүүчү тамаша-зоокту, чабылчу аттарды, берилчү байгелерди айтып түшүндүрдү. Кулак салып уккан Калык мулуңдап, өзүнүн тору атына минди. Уккандарын ырга айлантып, жаагын жанып кирди:

Акылбек ажы, Сураке,
Ашка келген эл деди.
Ар болушка угуза
Жар чакырып кел деди.
Болуш-болуш болгула,
Ондон-ондон бөлүнүп,
Буйруган жерге конгула.

Кой союшса майын жеп,
Жайланышып жатасың,
Жакшы болсо коногуң,
Эминеге капасың?

Жумгал менен Суусамыр,
Бет болушат эңишке.
Булчуңдардан аткышып,
Буйруктуу жетет жеңишке.

Эл көзүнө таанылган,
Күрөшөм деп камынган.
Бука моюн, буура сан,
Күндө күчү жаңырган.
Тоо текенин терисин,
Оё бычып тиктирип,
Кашаты өтүп кетет деп
Кайып сайып бүктүрүп,
Камданып шымын кийгенден,
Беттешкенин тез жыгып,
Намызы көпкө тийгенден.
Кара-Кече, Чородон
Жөөлөр чыгып күрөшөт.
Балбаны жыгып кетсе деп,
Баары өзүнчө тилешет.
Жыккан жактар барбандап,
Байгесин алып үлөшөт... —

деп, жар чакырып жүргөн Калыктын жанына бир жигит чаап жетти. Аты да демигип, өзү да ашыккан ал:

— Ырчы, сени Абдыбек чакыртып атат. Жүргүн, тез баралы,— деди. Таанышы жок, таянаары ким болоорун билбеген немеңин ыры оозунан түштү. Буйрукка моюн сунуп, ээрчип бастырды. Туурадан дагы бир үнү заар неме:

— Ой, ырчы, токто! Кайда баратасың? Тарт, бери? — деди.

Селт этип, кылчайса, көзү карышкырдын көзүндөй тикирейип кызарган, өңү карасур, белинде жазысы карыш күмүш кемер, кара чегирим өтүгүнөн суусар бөркүнө чейин мыкты кийинген, ак жабуу жаап, жабдыгы келишкен кара ат минген бирөө. Сүрүн көрүп Калыктын жүрөгү шуу дей түштү. Чочуганынан салам айтып жиберди.

— Сен бүгүн мени менен болосуң, башка жака барбайсың,— деди тигил. Бул Байзактын уулу Зарбат деген экен. Калык бөйпөктөй:

— Абдыбек чакырткан экен, ошого барат элем мырза? — деди.

— Аа, сен Абдыбекти издеп жүргөн турбайсыңбы? — деди Зарбат ууртундагы бопоростун түтүнүн бурулдата үйлөп, көз кыйыгын кадай кабак чытып. — Эр болсоң барчы? Бастырып көрчү?..

Зарбаттын түрүнөн ыманы учкан Калык жан жагына имерилсе, жанагы коштоп келаткан неме жок. Көрсө ал Зарбат «токто ырчы» дегенде эле куйругун кыпчып, житип жоголуптур. Аңгыча:

— Зарбат мырза конокко жүрүңүз? — деп калды дагы бир атчан, Зарбатты ээрчиген отуз кишинин арасында Калык да кетти. Жайланышып, чоң үйгө олтурушту. Сары май кошулуп ыкчам жылытылган, күкүрттөй чыккан таруу бозо, «Эртең, Абдыбегине эмне деп айтам?» — деп, санааркаган Калыктын көңүлүн алаксытты. Комузун чалып, ырын баштаганда көзү жайнап, шаттанып кетти. Ара-чолодо сыртка эки чыгып келген Калык, бул түнү таң атканча шаңшыды.

Эртең менен коштошуп, Зарбаттан кутулду. Атын минип, көпчүлүктү аралап бастырды. Абдыбекти издеп тапты. Ара жолдо Зарбаттын карактап кеткенин, кимдин ким экенин, кимдин манап экенин, кимдин бай экенин билбегендигин ырга салып, жалооруй кечирим сурап ырдады Калык күнөө кылган немече. Ушул жерде тургандардын бир билерманы Бокутай деген аксакал киши күлүп, ырчыга каш кагып сүйлөдү:

— Балам, жолуңду таптың, эгер Абдыбекке келип саламдашпай, дагы Зарбатты ээрчип кетсең Көтмөн-Төбөдөн эмес, Меке-Мединадан келсең дагы сен үчүн иш башка болмокчу.— Чынында билерман деген Бокутайдын бул сөзү, көз көрүнөө Абдыбек манапка кылган кошоматы болчу. Антпесе, жаратылыш өзү маңдайын сылап, талантты белине курчаган күндө да, таянычы жок ырчы шордуудa эмненин барк-баасы! Калыктан көп жыл мурда Жумгалдан Айтике деген нукура ырчы чыгат. Анын сүртүлгөн күмүштөй жаркылдаган ырларын угуп эрмек кылмакка манаптар ээрчитип, Чүй бооруна алып келишет. Солто элинен чыккан Балыкооз, Бекмурат деген ырчылар менен беттештиришет. Эки тараптын манаптары: «Тартынбай айтышкыла. Улуулар арасындагы айыптарды чукушкула. Күлүп, куунап алалы»,— дешип, ырчыларды эркин коюшат. Экөө чарчаганча айтышат. Айтике бир жеринде Балыкоозду минтет:

Сен солтодон чыккан Балыксың,
Акылыңдан таныпсың.
Сен солто ичинде чоң чарык[1],
Түбүңдү таппай калыпсың.
Көп мактадың солтону,
Солтодон саяк коркобу?
Кемсинтесиң саякты,
Саяктан жээрсиң таякты.

[1] Чоң чарык — уруунун аты.

Адегенде ырчыларга эркиндик берип, өзү сүрөгөн Жангарач манап убададан танып ошол жерден зиркилдеп, Айтикени суугa салдырып, өлөөрчө сабаттырган жигиттерине.

Нарындын чоро элинен чыккан жез таңдай ырчы Музоокенин тагдырычы? Кочкордо берилген бир ашта Музооке жар чакырып ырдап жүрсө, сарбагыштардын эки көпкөн манабы «Мен ээрчитем» дешип талашышат. Эрегиш күчөп, эки манап сабаша кетет. Сабаш ашка чоң тоскоол болот. Оюн-зоок токтойт. Ынтымактын ыркы кетет. Аштын ээси:

— Ашка сен келбесең, бул балакет болбойт эле. Баары сенин саатың! — деп, Музоокени жүндөй сабаттырат. Бутуна кишен салдырып, жесир кемпирдин үйүнө каматып таштайт. Ошол абалында Музооке:

Кең Кочкорду жердеген,
Сарбагыш деген эл экен.
Жанагы мени талашып,
Сабашкан экөө эр экен.
Ээсиз келип ашка ырдап,
Токмок жешим эп экен.

«Таяк жеп келдим!» деп айтсам,
Аялым эмне дээр экен?
Кайдан келдим саяктан,
Кутулбадым таяктан.
Олжо издеп келип Кочкордон,
Кутулбадым чочмордон,—

деп ырдайт. Чымындай жанымды өлүмдөн алып калыңыз? — деп, кемпирге жалынат. Кемпир боор ооруп, бошотуп жиберет. Музооке түн катып, жөө-жалаң качат. Балтыр эти толо элек, баалуу ырчы боло элек, Калык ким болуп калыптыр бүгүн. Ындыны өчкөн ал каякка оорун билбей эки анжы болуп турганда Мамырбай жолугуп, тааныштты. Андан, Жумгалдагы Кулжыгач элинин мыктысы Мырзакул экенин билди. Мырзакул болуш Бердигул менен ак шумкар дайнын козгоп олтурганда тигинтип, үстүнө кирип, дайынын айтып, абалын түшүндүрдү.

## АЙЛАНЫП КЕЛГЕН АК ШУМКАР

Аюулар быйыл күздө да, баягы Кара-Өтөк кыштоосунда болчу. Тоолор менен адамдын денеси окшошпу? Өзөн суулары менен адамдын кан тамырлары окшошпу? Булчуңдан булчуңдуу күрөө тамыр, каруу тамыр, салаа тамырлар бөлүп турган сымал, заңгил тоолорду дагы чоң, кичине суулар, тарам-тарам булактар өйүз-бүйүзгө бөлүп турат. Каруу

булчуң, төш булчуң, сан булчуң деген сыяктуу чоң, кичине көрүнгөн аскалуу, борчуктуу тоолор да тээ жер заманында коюлган өз-өз аттары менен аталып, биринен бири ажыратылат. Ар кимдер ошол аты боюнча табат.

Биринчи тоодон экинчи тоого жетүү — адамдар үчүн узак жол. Канаттууларга чек жок сыяктуу. Аларга асман кандай мейкин, кандай чексиз болсо, жер бети да ошондой эркин жол, эркин багыт берет тура...

Ат-Башы өрөөнүндөгү Ат-Башы суусу Ак-Сай тоо кыркаларынын башындагы Каманды тараптан булак болуп башталат да, Босого жайлоосун этектей, күжүлдөп көбөйүп, Кошой-Коргонго жетпей, Чеч-Дөбөнү көргөндө чочуп кеткенсип, аркы бети «Шайтан-Көпүрө» аталган капчыгайды аралай чаап, Нарын дарыясына куят. Ат-Башы жолу ошол сууну тепчип өтөт да, Кытай менен кыргыздын чек арасы — Толгартты карай созулат.

Ак-Сай тараптагы тоо кыркаары түгөнөт. Түгөнгөн тоонун ары жагы Чатыр-Көл, Бери жагы «Таш-Арбат» деп аталат. «Түбү кылымдардын чаңынын, кылымдардын чириндисинин алдында калган таш бөлмөлөрдү бир санасаң кырк, бир санасаң кырк бир болот. Кайра санасаң кайра ашат, кайра кемийт» деп, пайпайлап, баш чайкап, таңдай шыкылдатышат ар кимдер. Баса калбасаң учуп кеткидей чил болбогон соң жерге баткан бөлмөлөр такталатко? Бирок, апыртып, ар түркүндөтүп айтпаса ага кимдер кызыкты да, кимдер көргүсү келди?

...Илгери кыргыздар толгон мал айдап аркы Кашкар тараптагылар толгон мүлк алып келишип, жылдын бир айларында, ушул Таш-Арбаттан жолугушуп, баа бычышып, соодалашчу экен. Бул кербен сарайды кезинде сыйкырдуу алп уста куруптур. Ал өзүндөй алп уулуна үйүлгөн корум таштарды көрсөтөт имиш: «Уулум! Доош эшитсең да, чаңырык уксаң да эч качан алаксып кылчайбай ташыңды ыргытып тургун. Мен кынап, кырдап кербен сарайын бир күндө бүтүрөм»,— дейт. Уулу атанын айтканына макул болот. Тигил тоонун таштарын шап көтөрүп, бул тоонун этегиндеги атасына ыргытат. Атасы лып тосуп, бөлмөлөрдүн дубалын бийиктей берет. Эртең менен башталган иш, кызыгандан кызыйт. Түш болот. Бешим болот. Бөлмөлөрдүн дубалы улам бийиктейт. Ошол учурда чубашып кызыл-тазыл көч өтөт. Төө жетелеп, үкү сайылган топулуу сулуу кыз өтөт.

Таш ыргытып жаткан алп уул сулууга көңүл бурбайт. Шапа-шап алып, корум таштарын ыргытат. Жок. Келишкен сулуу күмүш жабдыктуу боз жоргонун тизгинин тартып тура калат да обонго салып ырдайт:

Аттиң ай, таш ыргытат төзек өңдүү,
Мындай алп, мындай жанды кимдер көрдү!
Сук арткан ак жүзүмө кылчайбаган,
Кандай жан жүрөгү таш, түшпү-өңбү?

Атага берген убадасын кылт эстен чыгарган жигит, кызга көз кыйыгын салат. Ыргыткан ташы атанын колуна жетпей өксүп, бери түшөт.

— Ате, уулум, болбостур! Азгырыкка алдандың,— деп атасы ишин токтотот. Дубал ошол боюнча калып, Кербен сарайы бүтпөй калган дешет уламада.

Эмне болсо да, Таш-Арбаттан кийинки түгөнгөн тоо кыркасынын тумшугу курбу-курбулу, жаракалуу бийик ак зоо. Бул «Шумкар-Уя» делинет. Шумкар-Уянын батыш түштүгүндө Арпа жайлоосунун кең аймагы мелтирейт. Заманында кылычынан кан тамган айтылуу Темирлан төрт жүз колу менен Арпанын түзүнөн чыгыптыр. Беритедеги өздөрүнөн бир топ эсе көп колго чабуул коюп, талкалаптыр. Ошондон Ысык-Көлгө өткөн окшобойбу. Кийин суу алдында калган шаарды курган окшобойбу. Арпадагы ак зоого шумкар жумуртка таштап, тукумдаган үч «Шумкар-Уя» делинсе, кыраандар тоо-бөксөнү чабыттап, чер жазып, эс алууга, түнөккө конгон жерин адамдар «Шумкар-Таш» деп аташкан го учурунда?!

Семетей таптатып, Семетей салган ак шумкар, ак куу кейпин кийип, амал менен Айчүрөк ала качкан ак шумкар, Күлчоро издеп чыгып, дайнын тапкан ак шумкар түбү ушул Шумкар-Уядан алындыбы, ким билет?

Кыргыздар Чынгызханга көзү кызыл, буту кызыл ак шумкар тартуулашкан экен санжырада. Ошол шумкардын бир шеги дагы Арпанын Ала-Тоосу тарапта жатпасын? Бердигул жайган торго чалынып, манаптардын колуна өткөн ак шумкар дагы ошолордон калган акыркысы болбосун? Акыркысы демек... Бердигулду Мырзакул чакырып кеткен күнү баягы тор жайчу бөксө менен канатын жаркылдатып учуп бараткан немени аюулардын бири, дагы көрөт.

— Атаке-ай, биз кармагандын түгөйү келиптир,— деп кыйкырат.

— Кана, кана? — дешип, моюн созушат дүрбөгөндөр.

— Куштан көп неме жок. Башка го?

— Ал болгондо кекилик-чилдер корголобойт беле короого?

Чынында, былтыркы кармалгандын түгөйү болучу. Торго чалынганы эркеги. Мунусу андан чоңураагы, демек ургаачысы[1]. Өткөндө экөө Нарын тоолорун, Соң-Көл кырка-

[1] Шумкардын эркеги ургаачысынан кичирээк, тоголок келет дешет билгендер.

ларын чабытташып, шаңшып, сайрандашкан. Аска-зоодон куркурап типтик учкан улардын канатын үзө тээп, боз талаадан сереңдеп качкан коёндордун көздөрүн чыгара тебишип; төмөндөп, бөксөлөп нечен ирет чабытташкан. Алардын сүрүнөн топ-топ кекилик чилдер чочушуп, аюулардын таш короосуна корголошкон.

Айрылган түгөйүн самап, ошол маалда бул кайра келди. Жогорку Мазар адырынан бери чабыттап, кайра төмөн тартып шуулдап бараткaнда жарданган аюулардын көбү көрүштү.

— Тигине-тигине. Былтыркы ушул болчу. Торго имерилип, түшпөй койгон ушул болчу?!

— Көгүш болуп атпайбы?

— Ооба, ак болчу.

— Ак болгондо эмне кылат элек?

— Тор жайбайбызбы, түшүп калгысы бардыр?

— Түшкөндө, биз салып аттык беле!

Аюулардын наарaзы болушунун башка себеби да бар. Өткөн жазда Кара-Өтөктөн төмөндөп, жаз, күздө баярлашчу Доңуз-Булак деген аймакка келишет. Төлдөрү торолгуча, жери айдалгыча туруп калышат. Бердигулдун бир иниси Ысманалы чүкө атышып жатып, жыла басып капталда бараткан, чоңдугу мышыктай таргыл жапайыны көрөт.

— Апеей, тетиги эмне? — дегиче болбой жанында турган чолок куйрук кара дөбөт качырып сала берет. Ызы-чуу түшүп кыйкырган балдар биринен бири өтүп, дөбөттүн артынан жүгүрүшөт. Дөбөт чукулдаганда таргыл жапайы чоң түп алтыгананын түбүндөгү жар таштын коңулуна житип жок болот.

Ысманалы балдардын алды болуп жетет. Келсе дөбөт тилин салып акактап, ийинченин оозунда туруптур. Ийинченин түбү бир топ алыс экен. Балдар ийинченин оозун биринен бири талашып, боортоктошуп, чуру-чуу.

— Көрүнбөйт.

— Жылтыраган эмне?

— Кана, кана?.. Калпын ой.

Кетмен, бакан алып келишет. Казышат. Ысманалы сойлоткон бакандын учу жумшак нерсеге урунат. Аны ныктап саят. Бакандын ачасын бурайт, тигини оролсун деп. Баканды тартса, өлүп калган неме кошо чыгат. Балдар чубалган куйругуна, кабыргаланган таргылынын коозлугуна, үлпүлдөгөн жупжумшак жүнүнө азуусуна, жалтыраган көзүнө кызыгып карашат. Биринчи көргөн да, ийинден сууруп чыккан да Ысманалы болгондуктан бул таргыл неме ошого тиет. Мунун да эмне жандык экенин аюулар таанышпайт.

Терисин туюк сыйрышат. Аңтарып кургатышат. Айран шыбап, сүт шыбап жумшартып, бөстөй кылып ийлешет. Тышы сур мата болгон, башына чоң келип калган таргыл тебетейди Ысманалы киет. Аюулар үчүн бул көп тебетейдин бир тебетейи болот да калат.

* * *

Дөбөдө бир топ киши, жуткандары кымыз. Тайчан балдарды ээрчиген Ысманалы да ошолордун тегерегинде жүргөн. Аңгыча Мырзакул болуштун үнү чыкты:

— Эй, Аюунун баласы. Бери келчи?

Тайын шапалактаган Ысманалы жетип барды, көзүн күлмүңдөтүп.

— Түш тайыңан? Олтургандар болуштун чакырганына көңүл бурушуп, баары Ысманалыга караштЫ. Ысманалы кула тайынан түшүп, тизгинин сүйрөй болушка чукулдады.

— Апкелчи, алкы тебетейиңди? Бала башынан жулуп, сунду. Болуш ары имерип карады, бери имерип карады. Силкип-силкип көрдү:

— Мадыл го?

— Мадыл, мадыл болуш! — деди арадагылардын бири.

— Муну кайдан алып жүрөсүңөр?

— Ит кууган болчу,— деди Ысманалы.

— Ит кууган?

— Ооба.

— Кайдан?

— Доңуз-Булактан эле.

— Ал жерде эмне кылып жүрөт бул?

Олтургандардын бири:

— Кекилик, чилди баса калып. Жардан көгүчкөн, таандын уясын талкалап жүргөн да,— деди. Мырзакул ары жакта олтурган уулун чакырды:

— Стамбек бери келчи? Бой тарткан уулу жетип барды.— Алчы, калпагыңды. Муну кийип көрчү? — деп, тебетейди сунду. Уулу кийди эле, башына чак келди.

— Жылаңбаш кетпесин. Калпагыңды аюулардын уулуна бергин? — деди. Ысманалы кыйылып:

— Апам урушатко? — деди.

— Болуш атам сурады дегин, апаңа. Бар, барагой.

Тартуулап барса бирөөдөн аяк уулоо өнчү мадылдын териси анда бааланган эмес. Бир аз күн өтпөй кызыл жибек жиптен жасаган чачык тагылып, кызыл тукабадан сырт-талган таргыл тебетейди Стамбектин башынан көрүп ичи күйгөн Ысманалы үйүнө ыйлап келет. Көзүн жанып, мурдунун суусун шор тартат.

— Тебетейимди кайра алып бергиле?

«Барса келбес, алса бербес» болуштан ташты тиеби. Небересинин ыйлаганына чоң энесинин жаны ачыйт. Эстүү эле кишилердин жоругуна наразы болот ичинен:

— Кармап алган «чымчыкты» да тартып кетишти. Баламдын башындагы «чычкандын терисин» көрө койгонун! Ошончо барк-баасы туруп, ошончо элден алып атып, топук кылбаган нысапсыз! Кудай жазанды бергир ач көз!.. — Ээги шалп этип, манжалары калтырайт. «Адамдын көз терисинен жасалган бөз баштык, үйүлгөн алтын-күмүшкө толбой, бир чымчым топуракка толуптур» деген ырас белем? — деди.

Азыр, сырттагы чабыттап жүргөн ак шумкардын дайынын айтышканда, колун кулагынын артына тосуп укту да:

— Бечара, дагы келиппи? — деди.— Эркине койгула. Кармаганда табын билип, үндөй албасаңар... Кадырына жетип, аң уулап убайын көрө албасаңар... Ал дагы бир жандык, жүрө берсин, катылбагыла.

Неберелеринин бири Кудуң купшуңдап, чоң энеге тийише кетти:

— Чоң эне! Жесирликтин азабын тартып атпайбы.

— Ким?

— Быйылкы келген шумкар!

Чоң эне аппак чачын кулагынан артылта салып, нурдана күлдү:

— Бокчу! Жесир экенин ким айтты?

Салып жүргөнү «эркеги» дептир саяпкер. Анан мунусу аялы болбойбу?!

Баары шатырап күлүштү.

— Сиз «жандык» деп бекер аяп атасыз,— Кудуң кайрадан чоң энесине асылды.— Аты сонун болгон менен, анык кан чокур да. Ак шумкарың түшкүр Кара-Өтөктөгү бизчилеп эч кимге залалы тийбей жан багып жүргөн илбесиндердин бирин тээп, бирин мыкчып, тымтыракайын чыгарат. Же көргөн жоксузбу? Баягыда канчаны корголотту таш короого?

— Антпесе кыраан болобу? — дейт Ысманалы, сөздү жыра тартып.

— Анда, акеси! — деп Кудуң шылдыңдайт.— Кыраандын зоогуна кызыккан мыктыларга кармап берип, тебетейиңди бошотуп алгын соксойбой! Болдубу?

Аюулар дагы каткырышат.

— Туура айтат.

Кужулдашып жатышып, акыры Бердигулга киши жибермей болушту. Кудуң, мен барамга чыкты. Ысманалы мен барамга чыкты. Экөө тең Бердигулду шылтоолоп барып,

болуштун үйүнөн майлуу тамакка курсак керип келебиз деген үмүттө. Ошол максат менен барышты талашып жатышат.

— Бокчуну жибергиле,— деди чоң эне.— Баарыбызга эле асылып атат. Жакшы карып, уул-келиндин арасында урматка жеткен чоң эненин буйругу эки болбой, иш чечилди. Кула кашка бээге жүгөн катпай ноктолоп, жайдак минген Кудуң оң жакты кыялап Кашка-Теректеги кан жолго салбай, кокту ылдый, түз эле Мырзакулдун көк дарбаза, ак тамын көздөй чапты. Төбөсү шоңшогой малакайчан, куур тондун белин колуна тийген жип-шуу менен кындыйта курчанган Кудуңдун кейпин карап, аюулар шакабалап күлүп жатышат:

— Шайтанды алдаган алдаркөсөө кебетеленип, бараткандын!

— Болушка чабарман кылып койсо, эмне болоор эле?

— Куурул жиберер айылды.

— Курама аба! Кудуңдун атын ким койгон.

— «Кудулуңдап» жүрсүн деп, чоң энең койгон.

— Деле, жайдак бээден жыгылып өлбөй жетсе экен!

Болуш жанындагылар менен сыртта турган. Шортоң көлүнөн учурулган өрдөктөргө томогосун тартып, куш шилтөчү чокунун чыгышындагы тик жылгадан куюлтуп чаап келаткан чыканактай балага баары карады. Үстүндөгү Кудуң экенин, мингени Курама абасынын кула кашка бээси экенин Бердигул тааныды.

— Бул эмнеге ашыгып келатат? — деди Бердигул ичинен.— Жана эле чыктым эле үйдөн. Сыртта киши жиберчү жумуш деле жок эле? Чоң энем бирдеме болгон жокпу?

— Аңгыча болуштун жигити Мамырбай:

— Тетиги, соо эмес, кабарга келаткан неме деп калды. Бердигулдун жүрөгү ого бетер шуу этти. Быяктын жери да, эли да көзүнө чоочун, Калык дагы назар бурду.

— Келаткан менин иним,— деди Бердигул.— Эмнеге жиберишти экен, билбейм?

— Ай күнүнө жеткен апа-жеңелериң жок беле? — деп Мамырбай тамашага чалды.— Сага сүйүнчүгө чаптырышкандыр, иниң болсо?

— Кудуң куюндатып, Шортоңдун түзүнө түштү. Баягыдан катуулап чаап, кашатка жетти. Кашат ылдый чуратып, Жумгалдын суусуна кирди. Кечип чыкты. Ар кайсы жерине каңылтыр муз турган сазда келатып, буларды көрдү да алдындагыны жүрүшү менен бастырды. Күнгө оңгон тери малакай, курушкан куур тон, каткан кайыш чокой кийген неме бутакта олтурган үкүгө окшоп, буларга тик карап ке-

латат. Бердигулдун жүрөгү түпөйүл. Эсинде чоң энеси.

Жал-куйругу булактап, таноосу делдең урган, кула кашка бээ үстүндөгү Кудуң алыстан салам айтты, жарчыдай кыйкырып:

— Ассалоом алейкум, абалар!

Жамажайы шилекей, үнү ичке балага чоңдор күлүштү.

— Айлыңар тынчбы? — деди Мамырбай. Бээнин ноктосун тартып токтогон Кудуң:

— Сонун, аке! — деди. Бердигул эс ала түштү.

— Сонун болсо бээни эмне мынчалык чапкыладың. Кулун салып койбойбу?

Бала чочуган кейипте бээнин быяк капталын, тыяк капталын элеңдеп карады эле, болуш баштап баары бышкырышты.

Кудуң энтеңдей:

— Ак шумкар келди, ак шумкар! — деди.

— Кайсы ак шумкар?

— Торго түшкөндүн аялычы?..

— Эмне дейт, чунак! — Мырзакул түшүнбөй күлдү. Маанисин тактап түшүнгөндөн кийин Кудуңдун кебине күлбөгөн кишини көрүп ал.

## ЭРКЕКЧЕ ӨСКӨН КЫЗ

Биринчи кар түштү. Тайганчыларга изине түшүп, түлкүнүн азабын берчү сонор башталды. Бүркүт салчулардын, куш салчулардын, аттын азабын берип, керели кечке чапкылап, кызыкка батчу, өлөрчө чарчачу учуру келди. Тиштээк тайгандын, кыраан бүркүттүн, илгир куштун аңазасы Кулжыгач, Курманкожо, Күрүчбек элдерине желдей жортту. А ак шумкар даңкычы? Ал мурда «Абдыбектин ак шумкары» делинчи... Кийинки жылдын күзүндө торго түшкөнүнүн түгөйү Кара-Өтөккө кайрылып келет. Аюулар көрүп, тор жайышат. Нэпаадан кекселенип торго түшпөй койсо, тапка киргенин шилтесе жапайысынтып алып калат ой менен мурдагысын буктурмага даярдашат. Качан, тордун алдындагы талпынып жаткан көгүчкөндү качырып, бирок кайра атып асманга чыга бергенде тапка киргенинин томогосун шыпырып, аны карай ыргытат. Ал жанаша түшүп, кол салуудан айныгандай болот да кошо шаңшып, кошулуп учуп качкан багытынан Ыманбай мүнүшкөр амал менен кармайт. Мырзакулга жеткирет. Ошондон «Мырзакул болуштун ак шумкары» аталды. «Бердигул кармаган ак шумкар, алты түтүн аюулардын ак шумкары» деп тал союл алып жүндөй сабасаң да эч кимдин айткысы жок.

Оо, бири бийик, бири пас,
Пендеси көп дүнүйө.
Кедейинен кытмыр ой,
«Селдеси» көп дүнүйө.
Азамат бутун чалуучу,
Кермеси көп дүнүйө.

Жумгал суусунун бою түнт чычырканак, тал, кайың, терек, камыш, жекен аралаш. Арасы көбүнчө кыргоол. Адыры менен тоо этектери чил, кекилик. Чаектин Көгүч-көн-Баймат тоосу тараптагы чий баскан, кыян жырып аңга айланган Жаман-Талаасы, Чет-Кууганды өрөөнүнөн чыгып батышка чыккандагы Орто-Кууганды суусунан бери ээлеген Киндик-Дөбөсү коёнго жыш. Ит-куш менен чуру-чуу түшүп, ат койгондо коён деген неме уюгу аңтарылган чычкандай жайнайт.

Ак шумкарды салдырган Мырзакул кыргоолдон көп кызыкка батпады. Кыргоол куду уларча күч менен барпырап типтик учуп, алыска узабай чукулга типтик түшүп жок болот. Ак шумкар бирди эле тээп, калганын камыш шиберген чычырканактын арасынан таппай калат.

Актатырдын чөкө таан, көгүчкөндөр мекендеген кызыл жарынын далысында бир топ аймакты ээлеген Кара-Суу. Кара-Суу кышта тоңбойт. Суук таш жарган чилдеде көк буу көтөрүлөт. Камыштар бубак киет. Түбү балык. Агыны билинбеген тереңдин үстүндө көгүлтүр агыш май кылгырып тургансыйт. Мындан өрдөк үзүлбөйт. Ак шумкардын өнөрүн көрүп, черин жазмакка Болуш ошол жакка жөнөдү. Жанында эңсеп атайы келген меймандары бар. Арасында Калык. Жигиттери кошо. Эс тартканы өзү менен кошо ала жүрчү уулу Стамбек. Көктүгүнөн, сергектигинен атасына батынып, аралашып кеткен кызы Сейил. Ал жабдыгы келишкен боз бышты жорго минген. Күрөң калтар тумактын бүчүсүн ээгине байланган. Суукта эки бети кызарып, кара саамай чачы ак маңдайынан булаят. Колунда туюк ак мээлей, элик сап камчы. Жорго боздун куйругу түйүлгөн. Кокүлү маңдайынан тең жарыла артка дирилдеп, деми бырылдап чыккан кош таноосунун тегереги менен суу кечкен жүндүү төрт шыйрагы мончоктогон муз. Жоргосун салып бараткамда кар буртулдап, чачпактары шылдырайт.

Өңүп кеткен жигит кур дүрмөт атып, көөлгүп, сүзүп жүргөн өрдөктөрдү чочутту. Мерчемдүү дөбөдө турган Ыманбай ак шумкардын күмүш томогосун алып, шилтеди. Ал зыпылдап учуп, өрдөктөн эки-үчтү катар тээп түшүрдү. Өйдө-төмөн, нары-бери сабалап учту. Шаңшып, заардуу үнүн чыгарганда, топ болуп бараткан өрдөктөр кайра жапырыл-

ды. Туш келди жерге конуп, камыш аралай тайтактай басып, жөрмөлөшөт. Байкаган кишилер жетип, аттан түшүп, баса калышат. Сейил да ыргып түшүп, өрдөк кармашууда.

— Эй ырчы! — дейт Калыкка карап. — Көрдүңбү, момуну? Ырчы эле дешет. Кошпойсуңбу келиштирип. Ал макулдугун билгизе баш ийкеп, күлөт. Моокумдан чыккан кыз үйгө келгенде көргөндөрүнүн бирин калтырбай апасына айтып берет.

* * *

Кезектеги аң улоодо, ар кайсы жерде топ-топ чийи бар, тушардан келген шыбак менен бетегеси кардын алдында калган, терең коолордун, кыян жырган бийик аңдардын ичи чыйырга тапталган Жаман-Талаага, андан Киндик-Дөбөгө чыкты Мырзакул болуш. Чачырап качкан коёндор урган таштай анда-мында бир тийип, кардан бутун тартып алалбай буйдалып баратканда ак шумкардын күмүш томогосу алынып, шилтенди. Сермелген канатынын күүсү менен жылаажындын шыңгыры кулакта калды. Ары кайып, бери кайып коёндорду тээп кирди. Эркин оттогон семиз коёндор болт-болт этип чалкасынан, көмөлөсүнөн, капталынан кар үстүндө жатат. Башкалар менен Сейил кошо жыйнашууда.

— Ата! — деп кыйкырат.— Итиң оой, ак шумкардын күчүн карачы? — Сары моюн, улактай чоң коёнду кулагынан көтөрүп көрсөтөт.— Башка тепкен экен эки көзү чекчейип чыга түшүптүр! — Колго чаап бышырган кара кийиз чокою карга батып, андан ары жүгүрөт. Таман алды катырап, кумдай шыгыраган карда изи чубалат. Чий түбүнө чукул сулаган дагы бир коёнго жетет. Жүнү жумшак, денесинин жылуусу кете элек немени мээлейсиз алып: — Мунусун көрүңүз, ата. Белге тээптир, шылкылдайт. Ак шумкардын буту бут эмес эле темир го? Тетиги ырчы немеге айтпайсызбы, ак шумкарды келиштире кошсун? — дейт да, Калыкты жактырбай мурчуңдап коёт.

Болуш кызына кош көңүл назар бурду. «Эркек баланы өз жолу менен, кыз баланы өз ыгы менен үйрөткөн дурус го?» деди көңүлүндө. Ушундан улам жайлоодогу бир окуя эсине түштү. Үйүндө мейман бар эле. Арасында кара мурут, кызылдуу жигит. Ал куюлтуп сөз сүйлөйт экен, Мукамын келтирип Манас айтат экен. Манас жарадар болуп, Каныкейдин айласы кеткен жеринен айтып калды:

Башында айтпай жашырды,
Жараты ырбап ашынды.
Айламды таппай дары издеп,
Агызбай каттым жашымды.

Ак тикенди кайнатып,
Ак дарыны жайнатып,
Ак даки менен байлатып,
Ак басты кундуз чачымды.

Аа болбой башын көтөрөт.
Күрсө-күрсө жөтөлөт.
Көтөрүп башын а десе,
Күрөк-күрөк кан кетет.
Күйүп-бышып тазалап,
Күнөөнү коюп жазалап,
Мен бейбактан ал кетет.

Жапында бирге болсомчу,
Талаага кошо консомчу.
Алдаарын аңдап билсемчи,
Ак куланы минсемчи.
Далыңа найза ураарда,
Ак шумкардай тийсемчи.
Аркадан боолук ыргытып,
Алкымынан илсемчи.
Ары карай сүйрөтүп,
Бери карай сүйрөтүп,
Коңурга, арсаң-арсаң күлсөмчү!

Отургандан бирөө шыпшынды:

— Ата көрү, аял болсо Каныкейдей болсун!

— Ага Манас гана жеткен да. Баары Каныкей боло берсе, катындын баркы кетпейби?

— Каныкей тукумсуз дейсиңби? Жүрөтко арабызда, дагы бир ургаачы.

— Андайын баалабай баса калып, сабап ийип атпайбызбы.

Күлүп калышты. Бирөө кийинкинин айтканын жалгап кетти:

— Көл элиндеги Бурулча Каныкейден кемби? Каныкейлигинен толгон азаматтардан бөлүнүп болуштукка шайланды да.

Бурулчаны Мырзакул билчү. «Анын өз ыры» дешип элге жайылган шылдың ырды уккан. Азыр кара мурут жигитке кайрылды:

— Өз аймагыңдагы окуяларды бизге караганда жакшы билерсиң. Бурулча тууралуу айтылган окуянын жалганы кайсы, чыны кайсы?

— Бурулча эжени сыртынан мурда эле көрүп жүргөмүн,— деп баштады сөзүн жигит. Турган турпатын, кыймылын көрүп, эркек го дечүмүн. Жыйындарда кең тигилген көк көйнөктүн ичиндеги боз шымы намыркен маасынын кончуна түшкөн ал эже, эркектер менен элдин баш жагында олтурат. Кеңештери узарып кетсе, ээрчите келген төрт-

беш жаштагы ээмп көнгөн уулу эмчек сурап артынан келет. Баласына алаксыбаган эже көйнөгүнүн көкүрөк бүчүсүн чыгарып, жоолугунун учу менен үстүн жапкан эмчегин мурдатан көнгөн уулу соруп-соруп алып, жолуна түшөт. Жабылуу эмчегин кайра ордуна коюп, кымтынып, бүчүлөгон эже кеңешмени жүргүзө берчү.

Бурулча, Осмонбек дегендин кызы. Ысык-Көлдүн Өрүктү, Ой-Тал аймагында торолгон. Кыз кезинен сайма сайганга, шырдак ойгонго шыктуу болгон. Темир комузду таңшыта каккан. Жыйындардан, комузчу-ырчы келген айылдан калбаган. Темир комузга өз күүсүн чыгарган. Анын күүлөрүнүн ичинен «Селкинчек» деген күүсү элге алынып кетет. Бурулча өзү эңиш-күрөшкө түшкөн, бойлуу, шыңга, кара сурдун оңдүүсү болгон. Биринчи нике буйруган эри Нурдөөлот каза болгондон кийин бети жаралуу, башы каралуу болуп, кара жоолук салынат. Жалгыз уулу Чолпонбай жетим калат. Ошондой учурда Мандырбай деген болуш кайниси кыйыр туугандык кылып, бой көтөрүп: «Бурулча эрге тие турган болсо, мага тийсин»,— деп арачы жиберет. Ыза болгон жесир мындай жооп кайрыйт: «Мандырбай кайним мени алары чын болсо, эртеңден калбай мында келсин. Намыс кылбай чечинип салып, өзү кыш куйсун. Агасынын күмбөзүн тургузсун. Ат чаап, ашын берсин. Куран окутуп, башымдагы кара жоолукту алдыргандан кийин, убара кылбай үйүнө өзүм барып, чайын кайнатып берейин».

Мандырбай ылай тебелегенди, кыш куйганды намыс көрөт. «Шуркуя! Мени күч күйөө кылып, анан тийгиси бар экен го?!» — деп, кекенет. Ызаланат. Ырчыларды жалдап, «Селкинчек» деген күүнү «Бурулчанын «селкинчек» дедирип, уятсыз ыр чыгартат.

Ал ырын элге жайып жиберет.

Ырды уккан Бурулча чычалабайт. Бырс күлөт. «Майга жетпей сасык экен» деп, басып кеткен мышык болуптур Мандырбай кайним! — дейт. Өлгөн эринин жылдыгын өткөрүп, милдетинен кутулат. Башындагы кара жоолук алынып, ак жоолук салынат. Элдин жүзүнө карайт. Тили курч темирден жасалган ооз комузун кармап туруп: «Менин «Селкинчек» деген күүм мындай болчу» деп, мурдагыдан да шоолдатып кагат. Күүсүн кайрып-кайрып келип, темир комузду оозунан алып, созолонто ышкырат. Кызгылт ээриндерине темир комуз жарашып, каккан сөөмөйү абада имерилип, ага кошулуп «Селкинчек» күүсүнүн ыргагы жанданат.

Кызыл жоолук желпинчек,
Кыздар тепкен селкинчек.
Кыз кездеги дооруң,
Кылчайып келбейт биз билсек.

Шырдак оюп, боо согуп,
Үйдү кооз дедирсек.
Кесир дартка жолобой,
«Кел, бери бол», келинчек.

Болмок эмес касиет,
Бой көторүп керилсек.
Кете электе гүл учуп,
Кел, тебели селкинчек.

Сайма сайып, чий чырмап,
Сарамжалга берилсек.
Жамандардын бир түрү,
Жалкоо болот эринчээк.

Аялдарга чоң сыймык,
«Ак көрпө жайып», дедирсек.
Теңтушту күтүп сый менен,
Төрдөн даам жедирсек.

Үйдүн куту бизде экен,
Ушуларды төп билсек.
Тебе түшкүн келинчек!
Кел тебели селкинчек!
Селкинчекти тебе албайт,
Кээ бир жаман эринчээк.

Ак жүргөн акылдуу Бурулча жаман аттуу кылмакчы болгондорду өзүнүн «Селкинчек» күүсү менен ага кошулган ыры менен жеңген. Эл оозуна жакшы аттуу болуп алынган. Кийин Мандырбай болуштук шайлоодо жеңилет. Бурулча болуш болот.

Ошондогу кара мурут көлдүк жигит айткан кеп-келечти, экинчи үйдөгү Сейил угат. Бултуюп, өзү менен өзү болуп жүрөт. Бир күнү апасына сыр ачат:

— Апа, мен Көл элиндеги Бурулча эжени туураймын?

— Кантип туурай аласың — дейт, Бурулча дайынын бая күнү мейман жигиттен билген Кадыча.

— Шырдак ойгонду үйрөнөмүн. Сайма сайганды үйрөнөмүн.

— Анын сага эмне кереги бар?

— Бурулча эже ошентчү турбайбы?

— Ошентсе ал кедей жердин кызы болгон. Башкалардан калышпайын деп, тырмышып үйрөнгөн. Сен башка жердин кызысың. Шырдагыңды бирөө оёт. Сайманды бирөө саят. Башка иштериңди да бүтүрчү күңдөрүң болот, кулдарың болот.

— Эңиш, күрөшкө түшүп күчтүү болбосом, болуштукту кантип аламын.

— Болуштуктун сага эмне кереги бар? Атаңдын ордуна болуш болчу агаң Стамбек турбайбы?

— Мен болуш болсом эмне болот эле, агамдын ордуна?
— Аялдан кантип болуш чыксын?
— Апеей, Бурулча эже аял болуп атпайбы?
Эне менен кыздын сөзү буулат. Сейил өз оюнда жүрөт. Бир үйдөн алкакка кара тукабаны керип алып, илме шибеге менен кызыл, көк сары, ак жибек жиптен илип, тырсылдатып сайма сайып жаткан келинди шынаарлайт. Бычактын мизиндей жукартылган ак самындын кыры менен тастая керилген кара тукабанын бетине көчөттөрдү салып алып, маанисин саймачыдан сурайт:
— Эже, тоо текелердин мүйүзүндөй иймейгендерди эмне дейт?
— Болуш акенин кызы! Иймейгендер мүйүз эмес, сөз болот.
— Кантип? Жөн эле кооздук турбайбы?
— Үйрөнүп алсаң мындан кооз сөздөр айтылат,— деп сөөмөйү менен көчөттүн беттерине жол салып, түшүнтө баштайт чыйрак, сөз билги келин.— Мунусун «кыял» дейт. Нарыраак туруп, булактын боюнда жакшы көргөн адамын күтүп турган же жүрөгүндөгү купуя сырың менен алек болуп олтурган өзүңдү элестетип көрчү? Хи-хи-хи...
Сейил саймачынын айтканына жылмаят.
— Муну «жаа тартаар» деди, ийилген жаа өңдөнүп, ортосунан кере тартылган жебенин учу кылтыйган көчөттү көрсөтүп.
— Окшош экен! — деди көзүн үлпүлдөтүп, кирпигинин арасынан шыкаалаган Сейил.— Кишиси кана?
— Ал көңүлдө болот.
— Апеей де?
— Момуну «ордо төрү» дейт. Болуш акемдин бөйрөгүн таянып, төрдө олтурганын элестетип көрчү?
Сейилдин жүзүнөн жылмаю кетпей, көпкө тиктейт.
— Атамдын, эки жагында олтурган кишилери кана?
— Ал дагы көңүлдө болот. Баарын түшүрө берсе, ботко болуп калбайбы, бийкеч?
— Үйрөнө аламбы?
— Эмнеси бар? Болбогон кергичке, болбогон чүпүрөктү кересиң. Болбогон жиптер менен чийип алган көчөттөрдү саясың. Ошентип жатып колуң көнүгөт. Шырдак оюу, шыруу деле ошол сыяктуу.
Саймачылыкка Сейил аракет кылды. Шибеге менен сөөмөйүн сайып алды. Буту-колу талыды. Бели ооруду. Акыры тажап, таштап койду. А күрөш менен эңишке кийин, Бурулча эжесиндей келин болгондо түшмөй болду. Бирок, болуш-

тун кызы болгондуктан уятко дейт. Бир күнү атасынын оң ыйыгында жөлөнүп турат эле, атасы эркелетип:

— Чырагым, салмагыңды салбачы? Чоңоюп калбадыңбы, чоңойгуча жөөлөй бересиңби? — деп, мандайынан сылап, мурдунун учунан өптү.

— Мени жакшы көрөсүңбү, ата?

— Жакшы көрөм, кызым.

— Стамбектен да жакшы көрөсүңбү?

— Ооба.

— А эмнеге мени ээрчитпейсиң?

— Каякка?

— Өзүң барган жерлерге. Эл чогулган жерлерге.

— Аякка кыз баланын кереги жок.

— Кыз эмне, киши эмеспи?

— Киши. Кыз баланын өз иши болот. Куурчак ойнойт. Сайма саят. Апасын ээрчип үйдө жүрөт көбүнчө.

— Ээрчитип алсаң ата, мен деле жаныңда кошо жүрөйүн?

— Жакында, Марал-Кечүүнүн өйүзүндөгү Чүй элинин үлүшү болот. Ошого ала барамын.

Сейилдин атасын ээрчиши ушинтип башталган. Үлүштөрдө, жыйындарда болгон ар түрлүү оюн-зооктор, комузчу менен ырчылардын тамашасы Сейилди кызыктырган. Эркелигин карматып, кежирленип жатып атасын ээрчип кетчү. Өзү да аялдар аткарчу үй тиричилигинен мурда, сыртта, эркектердин оргу-баргы одоно жоруктарына бат көнүп, мүнөзү да эркек балага айланып кетти. Азыр атасы кызынан ошолорду байкап, бушайман.

## СӨӨККӨ БАТКАН ЫЗАЛЫК

Кийин күрөк матырып, омуруп сыртка ыргытып ийебиз ой менен күрөлгөн дарбазанын ичиндеги кар, ортого алачыктай шоңшоюп үйүлгөн. Терезеден, үйдөгүлөргө көрүнбөгөн далдоосунда кара көрпө тебетейчен, жашыл тыш сүлөөсүн ичигин желбегейленген Мырзакул Абдыбек менен эмненидир кобурашып калды. Сүлөөсүн тебетейчен Абдыбек атынан түшкөн боюнча агасын ушул жерге чакырып алган. Кара көрпө жака, кара тукаба менен көбөлөнгөн ак тонунун бүчүсүн чыгарбай сурданат. Карышкырча тикирейген кызгылт көзү оттонуп, жээрде муруту кулагын карай шыйпаят. Ачуулу келгенин сыртта атын алып, мамыга байлаган Стамбек сезди.

Аңгыча Сейил жүгүрүп жетти. Ал саламсыз эле мышык-

ча секирип, Абдыбектин мойнуна асылды. Бетинен өпкөнү жатып:

— Бүт эле кыл экен! Бетиңиз кана? — деди. Абдыбек аргасыздан жылмайып:

— Таап албайсыңбы? — деди да, карындашын маңдайынан сүйдү. Деген менен бир боорлорунун мамилесинен улам ачуусу тарады. Агасы экөө күрөңдү далдоосунда сүйлөшө баштаганда балдар жылуу үйгө кирип кетишкен.

...Мүнүшкөр Топчубек Мырзакулдукуна өзү батына албай Абдыбектин тынчын алат:

— Жапайысын алдырабыз деп, алдап алып кетишип... Качырган болуп, кайра кармап алышып, бербей жүрө беришеби? Ушундай дагы зордук болобу? Ушундай дагы кордук болобу? Аны мен таптабадым беле? Аны мен үйрөтүп, мен салчу эмес белем? «Ийлеп-ийлеп итке салды» боломбу? Убайын качан көрөбүз?

— Беришээр. Кумарлары канганда жеткирип беришээр.

— Качан?

Мырзакулдардын аңга чыгып, көзгө көрүнгөндөрү ак шумкар куткарбай тээп, сайрандагандары айыл-айылга угулуп жатты. Тарттырып ийген колукту күйүтү жүрөгүндө кайра козголгон Абдыбек, бүгүн ак шумкарды алып кетмекке келген. Үйүнөн топтолгон ачуусу Сейилдин мамилесинен кийин жангансыды. Сөзүн сабырдуу баштады:

— Ак шумкарга ыраазы болдуңузбу?

— Аа, аюулар кармаган ак шумкар, кыраан экен, кыраан экен. Шилтегенин жаза кетире элек...

— Эмне үчүн аюулар кармаган болот? Ал меники да? Аюулар качантан бери шумкар таптап, шумкар салып жүрүшүптүр? — Абдыбектин ачуусу кайра келе түштү. Өңү сурданып, үнү катуу чыкты. — Акыңыз калган жок. Бериңиз, ак шумкарды? — деп корс айтты.

— Эмнеге беремин? Качып жок болмок немени ат коштоп барып, кууп жүрүп кармап келди. Ал жөнүндө ооз ачпай эле койгун. Ал мындан ары менин ак шумкарым болот.

— Кандайча болуп сиздики боло калат? Зордуктун дагы чеги болот го деймин? Бериңиз, сөздү көбөйтпөй?

Кыжыңдары ырбап кетти. Үндөрү үйгө угулуп жатты. Ат алганда түрүнөн чочуп калган Стамбек кайра чыкты. Бой келбети келишкен абасы уруша кетсе атасын эки чайнап, бир жутуп коёрун ойлоп чочуду. Шынаарлап, экөөнүн артында. Удаа Сейил да чыкты. Бакылдаша кеткендердин жанына жетти.

Илгери булардын чоң атасы Дыйканбайдын үйүнө ичкеридеги кыргыздардын бектери, өзбектердин соодагер баш-

чылары көп келип, көп катышчу экен. Анан, ошондон улам чыккан го? Тегерек кара көз, кашка баш, багалчак Мырзакул балким, чоң атасынын чоң атасына окшоштур. Бирок, «Мырзакул ойноштон туулган» деген ушак сөз бар. Ал ушак-айың жыла-жыла ар кимге жетет. Чоң кишилер эмес, боз уландардан Стамбекке да угулуп калган. Тартыша кеткен бир бала «ойноштон төрөлгөн атаңды...» деп сөгүп да жиберген.

Ак шумкарды бербеске карайып калганына ачуусу оргуп кеткен Абдыбек ар кимдер айткан ушакты азыр чындыкка айлантып:

— Арам, энеңди урайын! — деп ийди агасын.

— Акмак! Апама жаздык болдуң беле сен?! — Мырзакул ордунан атып турду.

Намызынан жарылып кете жаздаган Стамбек күүлөнө түшүп жүүрүтө олтурган Абдыбекти тепти. Коомай олтурган немепин башынан тебетейи серпилип, башы күрөндүгө кире түштү. Тура калгыча Сейилдин муштуму Стамбектин жаагына шак этти. Стамбектин башындагы таргыл тебетейи тетигиндей учту.

— Эй, бейбак! Эмне муштадың? — деп ызырынган Стамбек карындашына тап койду. Сейил жазганбай айбаттанып:

— Уятсыз! Кайсы бетиң менен абамды тептиң? — деди. Стамбекти жеп коймокчу Абдыбек Сейилдин түрүнөн ийбаа кылды да, дарбазаны аттап, атын көздөй жөнөдү. Мырзакул дулдуюп, үйүн карай басты.

Тоо баштары али кар. Улам ылдыйлап, кара темгилденет да Жумгал өрөөнү Кеп-Таштын оозу Аралдан Кызарттын алкымына чейин карарып, жаз башталат. Жондордогу түнкү чыкыроондо тоңгон эски бетеге, шыбактын түптөрү күн шашке болгондон баштап көлкүлдөп эрийт. Оттогон мал-жандыктардын шыйрактары байбелчегине чейип батып, туяктарынын ачакей издери жайнайт. Күнгөйлөрдө жабылган балдар. Колдорунда шиш. Калпак топуларын сол колуна кармаган алар моңкоңдошуп, эки көздөрү жерден өтүп, туш-тушка чачырап басышып:

> «Чөкө табыл, мага табыл,
> Чөпдөлөйдүн бири табыл»

дешип, мандалак издешет. Мыртыйган салалуу тамандары кумгайрак коңур балчыкка батып, издери кыйма-чийме. Мандалактын былтыркы көгүнүн куусу жабышып жердө жатканы байкалса, бала шашат да ошол жерди болжоп, шишин саят. Топуракты омурса ак соёнун учу көгөрө, күндү карай келаткан мандалактын сабагынын учу көрүнөт. Шиш менен кара кабыктуу түбүн омурушат. Чүкөдөн чоңу

бар. Чыйбыттай майдасы да бар. Кээ бир балдар кабыгын аарчып, оозуна салат. Кыртылдап дегеле таттуу. Көбү калпагын, же топусун толтуруп, үйлөрүнө алып барууга, атаэнесине, бөбөктөрүнө көрсөтүп мактанууга аракеттенишет.

«Кыш чилде муз бүркүп күчүндө турганда «Тогуз катар тонго» оронуп мен солкулдап жатамын. Баягы, жалгыз кара кементай менен мандалак байкуш кантти экен?» — деп, кабыгы көп кайың айтыптыр дешип, лакап кылышчу. Ошол кайың кейиген мандалак, жакада калган, өтөктөрдө кышталган кедей-кембагалдардын балдарынын колуна текей сарымсак, кемирчектерден мурда тиет. Улам жондордун, кырлардын түсү өзгөрөт. Асмандан кара жамгыр элеп, топуракты жарып, жыбырай чыгып келаткан көк кыр жабат. Булактардын агыны теминет. Жумгал суусу өлчөмүнөн көбөйүп, башаттарды жаба берип, жээктерди жемирип, чалмаланат. Кечкенден адам сүрдөйт.

Дал ушул маалда «Абдыбек каза болду» деген кабар айылга тарады. Белдик аяктап, мал кыштоодон түшө элек. Чоң-Кырчын, Орто-Кырчындын эли төөлөргө, өгүздөргө жүктөрүн жүктөшүп, кулундарын ээрчиткен арык жылкылары, козу-улагы жайнап, жүндөрү үрпөйүп самсаалаган жандыктарынын карааны калдайып, чубалжыган көчү, биринчи Кашка-Теректин оозунан көрүнчү. Дал ошол чоң коктуга тушма туш, сууну кечип чыккандан кийинки чоң саздын секичесиндеги кумгайрак боз дөбөдө Абдыбектин өткөн жылы курган тамы. Тамдын үлгүсүн Токмок шаарынан алган. Кара-Кеченин карагайынан төөгө сүйрөтүп келип, орус усталары курган. Курган усталар сууктун күчүнө карап сыртынан ылай уруп, кум шыбактаган акилешкен. Акисине боёк кошушканбы, деле көз жеткен жерде ырымга башка там жогунан, жомоктогу падыша сарайындай көгүлтүр тарта алыстан көрүнөт. Ошондоюнан эл «Абдыбектин көк үйү» деп калышкан. Ошол көк үйдүн тегерегинде жайнаган эрекек, аял жарданып, Чоң-Кырчындан келчү Абдыбектин сөөгүн күтүшөт. Бирок өз айылына баш-көз болчулардын көздөрү сөөктөн мурда тиги, көптөн бери иниси менен араздашып жүргөн Мырзакулга көз салышат. Колун артына айкалыштырган ал ары-бери басат. Тактай серенин четине көчүк коюп, үңкүйүп олтурат.

* * *

...Абдыбектин мурутуна кар самсаалатып күрөндүдөн башын жулуп алган учурун тирүү пенденин башына түшкүлүк кылбасын! Ал Сейилге ыраазы болгонунан Стамбектин мойнун толгоп салмакчы болгон ачуусун токтотуп, ат-

танган. Качан суу кечип чыгып, алыстап, жака тарап көрүнбөй кокту өрдөп бараткaнда бүгүнкү ызасы өлүмгө тете болгонун сезет. Жүзүнөн кан-сөлү качат. Өзүнөн-өзү чыйрыгат, титирейт. Аттиң ай! Атты алчактата бастырчу аймак, жаш учуру көздөн чубайт. Саамга ошол мезгилде жашайт. Сандыкты менен Окторкой жайлоосу эмес беле. Боз үйдүн эшигин серпип кирип барганда, жалгыз отурган Күласал сулуу, талталынан өрүлгөн чачтары куюлуп, ордунан тура калбады беле. Алоолонгон жаштык, от чачкан көздөр сулууга кадалып, тартынбаган Абдыбек баштатан тааныш немече шар тийишпедиби. Түшөөр жолун, чыгаар тоосун таппай турган ызалуу Күласал макул болуп, ошол түнү качышпады беле. Токсон жылкыдан качкан Мырзакул кайра тартып берди го Абдыбектин үйүнөн. Ошол күйүттүү Күласал кайындаган жерине кайра барганда эшигинин жанында мылжыйып, кыйынсынып уялбай карап турган күйөө сөрөйүн:

«Албаймып дедиң, эр издедим,
Аламын дедиң, сени издедим!»—

деп шылдың кылып түшпөдүбү аттан. Жыл айланбай анысын кайра дагы чанды. Абдыбекче тарттырып ийбес күчтүү жар издеди. Анысы, Кочкор элинен табылды.

...Колунда барлардан бирдеме өндүрүп алууну самаган ырчы мыкты аталгандардын алдынан чыкканда, уйкашы келе калган алты сап ырды таштап койгон экен:

Шабдан баатыр, Айдаке,
Шамбеталы, Дүр төртөө.
Ак калпактуу кыргыздан,
Теңдеши жок чөлкөмдө.
Бий, болуштан атайы
Төрөлөр келген көрмөккө.

Ошол аты аталган Шабданга урукташ, бир чети жезде болгон, Барат деген болгон Кочкордо. Анын Сатпай аттуу уулуна эбин таап Күласал качат. Качканын качкан экен, кайнатасынын алы жетип, кайра тартып кетпесин билип. Бирок, чыныгы сүйүүсү Абдыбекте калыптыр. Ушул жерлик көздөй бирөөдөн: «Азамат деп таптым эле, азабымды тарттырды. Кантели, кайда болсо аман жүрсүн!» — деп салам дуба айттырыптыр. Абдыбекти ичтен мүлжүгөн ушул санаадан ак шумкардын соогу алаксыткан. Аны алам деп келип анык тозоку кордукка жолугуп албадыбы. Ырас, биринчи оозунан өзү жаңылды, ачууга алдырып. Иниси Стамбек мээсинен жаңылды. Тоолуктарда мындай жаңылыш баш жутуп анан тынат. Ата-бабаларынан бери келаткан кандагы ар-намыстын күчү ушундай болчу тоолуктарда.

Абдыбек үйүнөн чыкпайт. Айылы бейтап деп ойлошот. Төшөк тартып жатпагандан кийин, ден соолугун сурап кирип-чыккандыжигиттери эрөөн көрүштү. Аны жеп жаткан ар-намыстын дарты экенин Топчубек сезет. Биринчи күнү эле ырайынан чочуп, акырын сураган:

— Ак шумкарды алып келген жоксузбу?

— Сонунубуз таркай элек дейт.

— Кыш аяктап баратат. Жаздап күзгө чейин салынбайт. Беришсе, биз деле чабыттап калбайт белек?

— Чабыттап алаарсың, эмдиги кышта. Ушул сөздү угуп Топчубек жылып кеткен. Бир топ күн өтөт. Табып келип, тамырын кармап:

— Тер бар экен баатыр,— дейт.

— Кандай, тер?

— Көл-шал түшүп, сөөк жибигиче тердесең... Куландан соо болуп кетесиң.

— Баарынан, «куландан соо болуп кеткеним» мыкты экен, айтканыңдай куландан соо болуп кетсем, кайсы тоолорду, кандай коолорду кыдырып чыгышым керек куландай ойноп арыштап?

Табып күлдү.

— Баатыр! Тоо жокпу? — деди азил баштап.— Кууган-дыны аралай албайсың. Тунжураң жаткан көчкү. Чокуларынын убайын улар менен бүркүт көрөт. Кийиктери дагы бери, Миң-Теке тоосун көздөй, тыягы Суусамыр капчыгайларын карай ооду го. Бул эмне, түп атаңдын аты коюлган «Качикенин Кара-Тоосу» турбайбы. Ушуну эле бир айланып кой. Хе-хе...

— Табыбым! Мен тоо айланып чыгуудан калдым,— деген Абдыбек, үшкүрүнүп алды.— Терде дегениңди аткарайын. Эрдимди кесе тиштеп дагы келтире тердеп көрөйүн. Андан соңу белгилүү болоор.

Табып бүшүркөө менен Абдыбектин табышмактуу жообун чече албай кетет. Тамакты тартып ичип, кайышып жүргөн Абдыбек күчала менен эки тап берим сорпо ичет. Эки бөлмөлүү кыштоосунун төрүнө төшөк салдырып, жуурканга чүмкөнүп, кырынан жатат.

— Үстүмө ала кийиз таштагыла. Төртөөң төрт бурчунан басып олтургула. Мен белги бермейинче турбайсыңар! — деп, жигиттерине эскертет. Жигиттери чай кайнам олтурушат. Андан да узакка олтурушат. Мырзасынан белги жок. Акыры, ала кийизди сыйрышат. Көк буу көтөрүлөт. Жуурканды ачышат. Кыйгыл жыттуу тер урат. Тумчуккан Абдыбек жантаслим болуп жатат.

Кашка-Терек аталган чоң коктунун оозунан чыгыш та-

рапка кыйгап кетчү кыядан атчан көрүндү. Жетегинде ак баш сары атан. Атандын жонуна керете коюп, керегеге суналта арчындап жүктөлгөн Абдыбектин сөөгү. Сөөккө сарала кымкап жабылып, сайма сызма менен оролуп, чырмалган. Атан бир капталындагы буттарын тең шилтеп, чайпалган өңдүү басат. Үстүндөгү Абдыбектин сөөгү ошого жараша ыргалып, ошого жараша кыймылдап келатат. Сөөктүн артында каралуу аялдар. Удаа, калдайган калың атчандардын алды.

* * *

Атасы менен абасынын тартышы, Стамбектин адамгерчиликке сыйбаган жоругу, кайберендин ойноок улагындай Сейилди эрдине толгоо салып үйрөткөн азоодой тыйды. Мурда кечке жорго бозду кара терге түшүрө чапкылап, түшө калып ак шумкар тепкен олжону жыйнашып, чарчап келсе да, үйгө түшүп жеңилденгенден кийин жоругу кайра ашынчу. Талаада көргөндөрүн бирде ортосунан баштап, апасына айтат. Кайра аяк өйдө чолуйт да, кызык окуяларга өзү тамшанып каткырат. Анан башынан кайра түшүп, бери болсо эки-үч кайталайт.

Тарсылдап атасынын үстүнө кирет. Эти оор болуш ат үстүндө жанчылганга жаздык чыканактап, төрүндө. Ортодо киши бою кара меш. Ичинде арчанын жаракалары чатырайт. Буруксуган сонун жыты буркурайт. Сары көңдүн табы темир мештин капталын кызартып, чоң бөлмөгө лапылдаган ысык тап жайылат.

— Эс алып жатасыңбы ата?.. Жаман көрбөйсүзбү, тиги ырчы немени комуз черттирсем? Каңкылдатып, жаагын жанытып ырдатсам?

Бирдеме демекчи ата тиктеп, тим болот. Кызы шарт бурулат. Босогону аттап, каалганы тарс жабат. Дубал солк эте, терезе кыңгырайт. Топучан, бешмант көйнөкчөн, чачтары жонуна чачылып, кепичти коңултак салган неме таштын аязы колу-бетин каарып, аш үйдүн каалгасын качырата чоң ачат. Анда идиш-аяк кармаган эки келин. Күйөөлөрү Мамырбай, Матек. Калык капшытта олтурат. От жаккан, эт бузган дагы бир-экөө. Олтургандардын алдында аяк толо бозолор, Сейил көрө сала өңгөчүн тартып:

— Кайран немелер! Бозо шимирип атасыңарбы? Кана, чөйчөккө куйгулачы, тартып жиберейин! Күчтүү болсо, мас кылат. Мастык жакшы да. Хи-хи. Канча сүйлөсөң дагы чарчабайсың, чынбы ырчы мырза! — дейт, Калыкты каптап.

Калык күлөт. Айтканын макул таап, баш ийкейт.

— Кана, кыйын ырчы экенинди билелик, ак шумкардын бүгүнкү тамашасын мактап жиберчи?

Сейилдин сөзүн олтургандар кошо колдошот.

— Туура айтат болуш акенин эркеси, мактасаң?..

— Келиштире шаңшысаң, дуулдап алалы.

— Сейилжандын айтканын ким аткарбай коёт экен?! — деп, Мамырбай мурут сылап кытмыр жылмаят. Ачык кыздын паанайы менен, Калыктын жүзүнө алдыртан көз салат. Көңүлүндө: «Булардын ымаласы күндөн-күнгө жуурулушуп эле баратат. Жакындыктары жокпу?» — деп арамзаланат. Калык комузду колго алып, баштайт:

Асманга чыгат теминип,
Жерди карай ээлигип.
Тумандап учкан көп өрдөк,
Четинен кирет жемирип.

Мурүүгө тепсе мурт кетет,
Жандап тепсе жалп этет.
Коёнду тепсе шалк этет,
Кыргоолду тепсе талп этет.

Шаңшыган үнүп угасың,
Чыгарат, кууп жыласын.
Айланып алса ак шумкар,
Бир кумардан чыгасың.

— Баракелде, баракелде!

— Кара-Суунун үстүндөгү өрдөктөрдүн тымтыракайын чыгарган ак шумкардын өнөрү кайра көз алдыма тартылды.

— Унутпайсыңбы? — дейт Сейил Калыкка, келиндерден өйдө жамбаштап олтуруп.— Анан, атама ырдаттырам өзүңдү. Ошондо жаңылып калбагын? Жөн эле көргүлүктү көрөсүң!

— Ырчы да унутчу беле! — дейт Мамырбай.— Унутса башкасын табат да. Анысында мындан дагы укмуш кылып мактайт эмеспи, ак шумкарды.

— Кантип табасың ырды? — деп кыз чыны менен таң калат.— Эми, күлө турган бирдемелериңди баштачы, угуп жыргайлы?!

Эрке мүнөздүү кыздын бул суроосу да аткарылчу. Калык айласы кетсе, бир дүлөй менен мурдунан киңкилдеп сүйлөгөн бучуктун ууруга барганын айтып берет.

— Эки ууру караңгыда таш короодон кой көтөрүп кетмекке келишиптир. Дүлөйү, бучукту шилтейт:

— Баргын дагы ээсинин жаткан-жатпаганын билип келгин? Жатса, мен түшөмүн короого. Сен кырында туруп, тартып аласың койду.

— Макул,— деп бучук жүрүп кетет экен. Дүлөйү күтүп олтурат. Көптөн кийин кеткени келет, моңкөлөңдөп.

— Жатыптырбы?

— Казаны мырк, мырк этип, кайнап атат,— деп шыбырайт, мурду ышкырган бучугу.

— Ыя? — дейт, укпай калган дүлөйү.

— Эй, мырк-мырк этип кайнап атат казаны,— деп кайталайт. Дүлөй дагы эле укпай үчүнчү, төртүнчү, бешинчи жолу «ыялай» берет. Ачуусу келип кеткен бучук:

— Кулагыңды...— деп сөгөт. Баятан апын кулагына түтүк кылган колун жулуп алып, бакырат. — Оо, казаны мырк-мырк этип кайнап атат дейм! Болдубу? Уктуңбу! Кулагыңды...

Үнду угуп, үй ээси жүгүрүп чыгат. Экөөнү колго түшүрөт.

Калык бучук менен дүлөйдүн шыбырашып жатышканын келтире туурап, «мырк-мырк» дей баштаганда эле Сейил тыбырчылап, эзилип күлөт. Бир канча кайталаса да уккандан тажабай кийинки жолкуда да айтып берүүсүн сурайт.

Абдыбек абасынын окуясынан кийин көңүл ачуу ыр сурамак түгүл, аңга чыккан атасын ээрчибеди. Аш үйгө жолободу. Күрөнду жанында болгон жаман окуяны «башкалар билбесе экен?!» деп, санаа тартты. «Кызым, сабырың эмнеге суз?»,— деп сураган апасына: «Билбейм, башым айланат»,— деп койду.

Бир күнү өз бөлмөсүндөгү Сейил, атасы менен олтурган бир топ кишилерге Калык «Жаныш менен Байыш» казалын айтканын укту да каалганын сыртында туруп кулак салды. Казалдагы Жаныш менен Байыш эки бир tууган куш салдырып, чер жазып жүрүшүп, «Айдың-Көл» аталган көлдүн жээгине келишет. Эки эрди сыртынан баккан көп жоо түк кабынан тегеректейт. Алышса, алдарынын жетпесин билген немелер качышат. Ошондогу алардын абалы казалда мындайча сүрөттөлөт экен:

Күмүш ооз, жез сурнай,
Тартып кетип баратат.
Күнүстөн эки эр жалгыз,
Качып кетип баратат.

Ак олпокко бир тийип,
Ак коргошун былчыйып.
Аз кошундун ичинде
Олгөнү көп шылкыйып.

Алтын ооз, жез сурнай,
Тартып кетип баратат.
Азамат эки эр жалгыз,
Качып кетип баратат.

Кок олпокко бир тийип,
Көк коргошун былчыйып.

Коп эмес кошуп ичинде,
Өлгөнү көп шылкыйып.

Байышка ок жаңылат. Аттан кулайт. Агасы Жаныш айланчыктап, имерилет. Жарадар инисин жерден эңип өңөрүп жөнөйт. Өзүнө да ок жаңылат. Ара жолдо жарадар Байыш колунан түшөт. Айласы кеткен өзү кууган жоого, кер жоргонун тулпарлыгынан жеткирбей олтуруп, асканын үңкүрүнө кирип, адаштырат. Аны «жер жутту» деп, куугунчулар кайра тартат.

Муңдуу обондо айтылган бул казалды, Абдыбек абасына чыгарылгандай кабыл алган Сейил ээгин эки тизесине коюп, берилип уккан. Муңайып, каңырыгы түтөгөн. Бир кезде ала качып келген сүйгөнү Күласалдан айрылган абасы, эми ак шумкарын алалбай ыза болуп, Кара-Тоонун коктусунда кетип баратканын элестетти. Аяды. Көзүнүн жашы салаалап кетти. Шакек салынган манжалары майланышты. Жүз аарчысын алып, аарчыды. Дабыш чыгарбай, мурдунун суусун сүрттү. Кимисине наарazы болоорун, кимисин аярын билбей телмирген кыз, Абдыбек абасын «өлдү» деп, атасы олтурган үйдө угузганда, жүрөгүнө жебе сайылган жейрендей калчылдап кеткен.

— Калп айтасыңар! — деп бакырат. Атасы, тегерек чоң көзүн кадай караганда терс бурулуп, бөлмөсүнө кирет. Мамыгына үстөмөнүнөн түшүп, эси оогончо ыйлайт. «Койгун. Ыйлабагын?» деп айткандардын эч биринин да сөзүн укпайт. Өзү басылып, ыйын өзү токтотот. Бүгүн, Абдыбектин сөөгүн күткөндөрдүн четинде Сейил да турду.

Салт боюнча тигилген көп боз үйлөрдүн четтеги, атайы арналган үйгө өлгөн адамдын денеси коюлуп, көшөгө тартылмайынча эркектер өкүрүүгө тийиш эмес. Аялдар да үн чыгарбайт, чыдап. Иштин бүтүшүн, эркектердин өбөктөй «ээзил кайран бир боорум!» деп бакырык салышын күтүшөт. Сейилди билгендер аны эч кандай жөрөлгө-салтына карабай «Абакем!» деп, бакырат деген ойдо турушкан. Андай болбоду. Атандын үстүндөгү сарала кымкап жабылган немени көргөндө бир булкунуп алды да, кечеги эле келбети келишкен агасынын азыр, оролуп-чырмалган көржөргө айланганына, ысык көөдөнү шыргалаң суу жуткандай муздады. «Басып жүргөн жандуу адам, бакылдаган алдуу адам, бат эле ушинтип калабы?» — деп, супарасы сууду. Күйүнүү, ыйлоо болбогон жорук өңдөнду. Кирип турган суута атчандын киргенин, атандын буйласын тартканын, бирөөнүн нарытан бачым бастырып жетип атанды айдаганын, биринчи кечкен аттын капталын суу жаба бергенин, атандын курсагына чейин суута малынганын, арткылардын да суута ки-

ришиш, кыркаарлапа чубашып кечип келатышканын «жыгылып акканы болбосуп» деп, быяктагылардан бир тобу чаап жөнөшүп, берки жээкке жетишкенин Сейил зоок кылгандай гана карап турду.

Аттар мүдүрүлүп, кайра туруп оңолуп кечкени болбосо, баары кирген суунун берки өйүзүнө аман чыгышты. Чуудалуу атандын шыйрак-боорунан суу тынбай сарыгып келатты. Каралуу үйдүн жанына чөгөрүлдү. Сөөктү бир топтор кармалашып, чечишип, үйгө алып кирип кетишти. Бат эле ишти бүтүрүштү. Башка үйдөгү каралуу аялдар сөөк үстүнө кийрилди. Ошондо Мырзакул эки жоон санын апчый обоктөп:

— Эзил кайран, бир боорум! Эми кайдан көрөйүн! — деп бакырды. Оозу ачылып, ичик ичиндеги денеси титиреди. Салаалап жашы акты. Сейил салт боюнча жер дүңгүрөгөн ызы-чууга аралаш каралуу жеңесинин үстүнө кириш керек эле. Апткен жок. Атасынын абалын көрүп: «Мурда эмнеге бирин-бири ушунчалык жакшы көрүшпөйт? Бирин-бири ушундай жоктоп, издеп турушпайт?» — деп ойлонду. Эки жактан көзү менен Стамбекти издеди. Көрүнбөдү. «Кудай алдында, ал чоң күнөөлү! — деди жүрөгүндө кектеп.— Мени көрсө, өкүрө да албайт. Ыйлай да албайт». Адамдар көп. Баары кымгуут. Сейил ушундан пайдаланып үйүнө кеткиси келет. Кайра туруп, «Абамдын өлгөнү калп го? Кыштоосунда эле жүрсө керек?» — деп ойлойт.— Өлгөнү чын болсочу?.. Анда, бир күнү мен деле ушундай болот турбаймынбы?.. Жашап атканыбыз... Басып жүргөнүбүз... Ойногонубуз... Күлгөнүбүз бүт эле калп турбайбы, ээ?! — деп, көзүн чылк жумду, коюу караңгылыкты, мемиреген тынчтыкты тапты Сейилдин жан дүйнөсү. Аа, атаңа наалат адам баласы! Ушунун баарын көрүп-билип туруп эмнеге жосунсуз жаман иштерди чыгарасыңар? Эмне үчүн тирүүчүлүктө силердин кемкарчыңар бүтпөйт? Алып-жулмайыңар токтобойт? Качан, качан аяктайт?!

## ЖАНСООГА

Жазгы кыркын аяктаган. Ой-тоо жашылданып, көркүнө чыккан. Саркындылары жылгалардан жылжуучу моңгүлөр эрип, бийик тескейлердин капкаларында гана көчкүлөрдүн бир көтөрүм булут түшүп калгансыган калдыктары агарып, өзөн суу тартылган. Чалмалангандан арылып, шары жаркылдап тунган. Кара-Суунун куймаларында, имерилген тынч жээктерде уруктан сойлоп чыккан өтүкчүнүн күлмыгы сы-

мал, майда балыктар жайнайт. Балдар кечип калса дуу коё чачылып, кирпик ирмемде жок болушат. Тентектердин тишиндей шыгырашат. Канатчалары жылт-жылт этип, бакалоорчосунун кыймылдары даана байкалат. Нары-бери зыргышат. Күндөн-күнгө ирденишет. Жээкке көрк беришет. Тээ терең ичиндеги канаттары керилген кер жон, аксаргыл, боор баштары кочуштай балыктардын өмүрүн ушулар улашкандай. Кийинки жылдары, аркы жылдары ошолорчулап чоңоюп, тереңдерде окторулуп ойношуп, шарларда дуулдап сүзүшүп, аймактан аймакка өтүшчүдөй бул майда көп балыктар.

Жылдын ушундай мезгилинде үч дубан элдин жыйынына катышууга Мырзакулга чакыруу келди. Кагазга жазылган корсөтмөлөр боюнча бийлерин чакырды. Өзүнө жазылтуу айылдардагы жабыркагандарды, айыпка жыгылчуларды чогултту. «Күнөөлү менен күнөөсүздөрдүн сурак иштери жайында чечилет» деп, элүүдөй киши менен жолго камынды. «Ата-бабаң көрбөгөн жыйынды көрөсүң, акылыңа келбечү талаш-тартыштын үстүнөн чыгасың» деп, Калыкты да коштурду. Ынтызар жаш акындын көңүлү көтөрүлдү. Кууса куткарбас, качса жеткирбес күлүк тору атын минип, жөнөдү. Көңүлүнө, уккандар жактыргыдай уйкаштырып ыр даярдады. Эл казалдарынын кызык жерлерин, өзү көркөмдөп жаңылантган жерлерин кайталады. Жигиттик учурдун кыл чокусунда турган Калык жаңы бакытка, жаңы чабытка бет алды. Шарттын кыйчалышы турмуштун кагылышы Калык күткөндөй болобу, жокпу? Турмуштун оомалуу-төкмөлүүлүгүнө, акылмандар айлакерлиги көбөйгөн сайын кийинкисин «отуз ойлоп, бир кесип» туруп иш баштайт тура. Ал ишинин оңго-солго чайпалбасы үчүн түбүнө шыкак уруп, зымырайтып, бекитет тура. Ал беттеген максатынын орундалышы үчүн каптоочулардан сактанып, тоскондордон буйтап, жол таап, болжогон чегине жетет тура жаңылбай, жем болбой, жеңилбей, багынып бербей.

Чакса учкун чачкан оттук таштай жарк дей түшкон Калыкта билермандык, турмуштан жуккан көп кырдуулук анча жок. Делөөрүткөн жалгыз талант. Үйдө учурган оттуу жүрөк. Ата күчүнөн, эне сүтүнөн бүткөн ачык-айрымдык, тубаса мүнөз.

Арамза кыйдылыктан журдай Калык, ошентип түндүк кыргыздардын үч уезди баш кошкон чоң жыйынга кирип келди. Жыйын айтылуу Ысык-Көл көк тоо өңдөнүп көрүнгөн Балыкчынын этегиндеги кең жайыкка белгилениптир. Жылгыны шыбыраган, талы-башын ийе сөйкөсүн ыргаган бул саз тээ, караан бүлбүл этип кылымдарга сиңген көп окуяларга күбө эле. Кокон хандыгы сыртынан бир коргондо

кыргыздар үчүн «короз» оңдонуп турчуда көл тегерегиндегилер да, заңгил тоолордун катмарларында жашоочулардагы «жан башына садага-секет», «мал башына чөп ооз» деп берээр жылкы, уюн, кой-эчкисин ушул аймакка айдап келишчү. Датка менен бектер койкойгон аргымак минип, кайкы кылыч байланган сарбаздарын сороктотуп чапкылатып, малды четинен хан ордосун карай сүрдүрчү. Кеткен жолоочу, кайткан жолоочу малдын көптүгүнөн өтө албай: «Азабымды жедим. Темселеп, жол табалбай түнөп калдым»,— деп даттанчу үйүнө жеткенде.

Жээк бойлоп, кечүү издеп жөнөгөндө терең жердеги суу токулгасына жете түшүп, толкундун серпиндиси чачырап, шөлбүрөп суу болгонунан: «Көчүгүбүзгө чейин суу болуп чыкты. Муну «Көтмалды» эле атоочудан экен»,— деп да айтышкан. Түшө калып даарат алган бир куудул:

Копмалдуу эй, көпмалдуу!
Даарат алып, чайкапып,
Сергитип алдык ит жанды.
Мындан ары сеп бизге,
«Көпмалдуу» эмес, «көтмалды»

деп кошкон. Балыкчынын аягындагы ушундай аймакка маштапкан күнү кымыз ачытып ичээрге бээлерин үйүр менен айдап, союштарын топ-тобу менен айдап, кирээр үйлөрүн жүктөп үч уезддин мыктылары, катышууга акылуулары, күнөөлөрү ылганчу кириптерлер келди. Аралары бөлүнгөн төрт жүздөн ашуун үй тигилди. Окчунга желелер керилди. Кулундар тизилди. Күндөрдү өткөрүп, саамыктатып, экчеме арабасына түшкөн, бутундагы кара хром өтүгүнөн шапкесине чейин жаркыраган губернатор төрө Боом капчыгайынын башындагы кайыш басмайыл сымал кубара созулуп жаткан кара жолдон көрүндү. Артында, аттары желсе отуруп-турган сымал сороктогон полициялар. Алардын далысында мылтык. Сол сандарында салактаган кылыч.

Төрөнүн чатыры жер ыңтайына карап, өзүн карай коңуз жөрмөлөп, бака секирип, жылан сойлоп келатса көрүнгүдөй ээндикке тигилди. Буйрукту аткарчулардын, кеңсалар жумушун кылчулардын, тамак-ашын даярдоочулардын чатырлары, кайтарууга алгандай төрөнүн чатырын тегеректей керилди.

Төрөгө куйрук улаш бай соодагерлер келишти, дүйнөлөрүн арабага үйүшүп, төөлөргө жүктөшүп. Көпмалдуунун аймагы жөө-жалаң адамдарга, көтөрмө дүкөндөргө толуп, азан-казан.

Пишпек уездин Шабдан деген, Пржеваль уездин Кыдыр аке деген, Нарын уездин Байзак башкарат экен. Ар уездде

бир нече болуш. Ар болушта үчтөн бий болот экен. Аттан түшпөгөн, «бөрк ал десе, баш алып» жаланган жасоол жигиттер жайнайт экен. Ушундай көрүнүшкө, ар түрдүү кылык-жоруктуу адамдарга Калык көз салып, байкап, өз жан дүйнөсүнөн, өз сын-сыпаасынан өткөрөт. Ар бир үч жылда бир өтчү мындай чоң топто эр өлтүрүлүп, кунга жыгылып кутулбай жүргөндөрдүн, жайлоо-кыштоо талашчулардын, калыңы төлөнүп, бирок башкага качып кеткен кыздардын чыры, эл арасын бузган дүрбөлөңчүлөрдүн иши чоң маанилүү түрдөгү окуя катары каралат экен. Мындай жаңжалдарды болуштар колго алып, уезддин башчысы менен макулдашып, жыйынтыкка келет экен. Жыйынтыкта эки анжы болуп, так бүтүрүлбөсө уезддин башчысы губернатор төрөгө чейин туюнтат экен. Айыпкерге малдан бир канча тогуз салып же түрмөгө, же болбосо жер котортуп алыска, сүргүнгө жөнөтүлөт экен. Андай адамдар полиция колуна өткөрүлүп, куралдуулардын кайтарымында калат экен.

Бир жума өттү. Калык адамдарга үйүр алышып, адамдарга тааныша баштады. Бийдин үйүнүн түбүндө олтурган энсейген чокчо сакал абышка кейип, кобурап жатат:

— Аа, караңгаргырдыкы ай! Көзүм кашайып, так байкабай калганымды карачы. Көрсө, ал күн сооп тапчы «жума күн» эмес эле, менин шорума туш келген «жума» тура!

— Аксакал, эмнеге кейип атасыз? — дей калды Калык. Сүлдөрү кеткен карыя өзүнө үйрүлгөн, үстүндөгү кийими түзүк жигитти тиктеди. Бир шоолат болобу дедиби:

— Айланайын, мырза! — деп Калыкты тааныбаса да жам тартты. — Орозо айында коюмду союп, колумду куушуруп, кечки дигерден кийин айылымдагы «оозун бекиткендердин» «оозун ачтырып» тамак бергемин. Кашайып, ошол күнү күн бүркөк эле. Чакыргандарым этке тоюп, колун жууп сыртка чыкса... булут тарап кетиптир, күн бата элек экен. «Ате, кокуй ай! Эрте ачтырып алган экемин ээ, ооздорун?» деп өзүм да чочуп, кейип калдым. Ооз ачкандар «чоң кудай өзү кечирер!» дешип, үйлөрүнө кетишкен. Муну, молдо угуп калыптыр. «Күнөөлү иш кылды» деп, бийге айтып коюптур. Андан болушка угулат. «Ушул күнөөң үчүн бодо тартасың» дешип, айламды кетирип жатышат суракчылар. Айтчы, айланайын мырза, күйбөй турган жорукпу ыя?

Калык бирдеме дегиче үйдөн жулунган эки жигит чыга калды.

— Эй, макулсуңбу, жокпу? — деп карыяны баса калчудай тап коюшуп.

— Кагылайындар, кантип макул болом? — деди карыя

Калыкка жал-жал карап. — Коюмду союп бергеним үчүн, бодого жыгыламбы? Убал-сообума караса боло бий мырзалар?

— Оо, сенин убал сообуңду! — деп ызырынган жигит бел курундагы камчысын тартып алып, карыяны жон талаштыра тартып-тартып:

— Шашып, эрте ооз ачтырып, кудайга күнөө кылганды билет! Аа, айып тартаарды билбей калат?! Көтөр итти! — деди жанындагыга чакчаңдап. — Мындайлар менен туткакташа берсек, башкаларды качан жыйнап бүтөбүз? Өзүбүз качан эс алабыз? Көтөр итти! Экөө карыяны далыдан апчып, буттан көтөрүп, бийдин үстүнө сүйрөп кетишти. Же арачы түшө албай, же жасоолдорго батынып каяша бере албай Калык дендароо болуп кала берди сыртта. Ойго түшүп, мойнун салып басты.

Калыктын көргөнү Нарын уездиндеги окуя. Пишпек уездинде деле ушундай окуялар экен. Каракол элиндеги бирөө бир балалуу болгондо жер ооппу, же колго түшүппү, айтор беш-алты жылдан кийин келсе аялы эрге тийип кетиптир. «Аялын алган немеден башында калыңга өткөргөн малын доолайт. Тыныша албай ыймамга түшүшөт. Башына селде чалынып, кулагына кебез тыгып, куран бетин ачып, теспесин эрмектеп олтурган ыймам экөөнүн дартын кунт коюп угат. Ыңгыранып, шарыяттан жол издейт.

— Каники? — дейт тили чалым ыймам. — Калың өткөргөнүңүз чынбы?

— Чын, таксыр. Үч жылкы, бир сыйыр, кырк жандык.

— Кимге бергенсиз малды?

— Арпагүлдүн атасына.

— Арпанын гүлү ким?

— Мен үйлөнгөн кыздын аты.

— Шундака деңиз. Энди сиздин кыз алган аялыңыз инсаныңызды ыраазы кылганбеди шол күнү?

— Ийе, ыраазы болгомун, таксыр.

— Шондо, ахибетиңиз кайтыптыр күү. Энди өткөргөн калыңыңызды доолабаңыз! Ол, сиз магдыраган шол жакшы күндүн куну гой.

— Мына, иш бүттү! — деп Арпагүлдүн кийинки эри тура жөнөгөнүн Калык көрдү. Бирок ыйман кол жаңдап, аны токтотту.

— Шашылмаңиз! Шүк туруңуз,— деди. — Мында бир чыр иштер бар күү. Сиз алган аял бечара, бу калың доолаган адамдын никелешкен катыны болгон, биринчи. Шондуктан бул адам «ажыраштым» деп үч талак айтмайын ал катынга экинчи эрге тийүүгө шарыят жол бербейт. Жана сиз

дагы алууга акысызсыз. Катын талактан кутулмайын сизге ыям нике жүрбөйт, шарыятта.

— Анда,— деди экинчи эр болгон неме алаканын жайып,— үч баламды өзүмө калтырып, катынын ала берсин бу?

Өткөргөн калыңын доолап жаткан неме секирип кетти:

— Ит балдасы чыккан катынымды кайра алгыдай, эмне, жинди болуптурмунбу?

Ыймамдар алдында чыры ырбаган ушундай иштер дагы бул чоң топто каралмак. Андай иште бири жөнүн айтып, доо коёт. Бири «ак элем, кандайча айып тартам?» деп, төлөмөлдөн качат. Жасоолдор качкан немелерди бий олтурган үйдү көздөй улкулдатып-жулкулдатып сүйрөшөт. Сабашат. Алдуу-күчтүүлөр жасоолдор менен таймашып, моюн бербей баратса, экөөлөп-үчөөлөп «Ал, көтөр! Сүйрө итти! Көтөр, итти!» дешип ур-токмокко алышып, зордошуп, бийге жеткиришет. Ушундайча, дагы башка толуп жаткан ызы-чуулу топ бир айга созулду. Кийин эл оозунда бул топ «Ит көтөр» тобу деп аталып кеткени Калыктын эсинде калган.

Ошол «ит көтөр» тобунан оор айыпка жыгылып, атынан ажырагандарды, ээр-токумун көтөрүп сандалгандарды, кепилге алып, туугандары мал топтоп куткаргандарды көрдү Калык. Каалап тийген эринен ажыратылып, доо койгон тарапка кайта тартылып берилген келиндерди көрдү Калык.

Көргөнү го көргөн. Жигит-жалаңын ээрчитип салт-атчан келген болуш-бийлер кайра кетээрде коюн-кончко акча шолоп, топ-топ жылкы айдап үйүнө жөнөшкону баш катырды. Ошондо ырдаар ырдын дарты эл ичинде, алыш-күрөш болгон жерде, турмуш башталып, турмуш кайнаган жерде экенин сезди Калык. Дагы терендеп турмуш бүктөөлөрүн ача түшсө комуздан башкача күү чыгып, акындан башкача ырлар жаралчудай экенин билди Калык.

* * *

Жыйын бүттү. Губернатор төрөнүн чатыры чечилди. Өзү экчеме арабасына олтуруп, кайтарчулары артынан түшүп, кара жолго түштү. Көкүрөгүн дагдайта артка имерилди. Мыктыларга кол булгады. Беркилер колдорун көкүрөгүнө каттап, тазим этишти. Ушуну менен бир айга созулган иштен жыйынтык чыкты. Кыргыздардын боз үйлөрү арыдан бери чечилди. Ар кими өз багыттарына калдайып жол тартышты. Оттогон малга, жасоолдордун ары-бери чапкылаган аттарынын туягына казылган, баскан-турган адамдардын таманына тапталып, көкмөк түсүнөн ажырап «аза» түшүп такырайган Көпмалдуу да ит улуп ээн калды. Ыпыр-сыпыр,

айрык үзүндүлөрдү, Кызыл-Омпол тараптан дайыма түш оой сокчу шамал кыймылдата баштады. Көк тоо өңдөнүп, бетинде кабырчыктап майда толкун башталган Ысык-Көлдү карай апырып-сапырып, уюлгутуп учура баштады.

Кабактарга чачылган сөөк-саактарга капкаяктагы карга-кузгундар кайкып учуп келишти. Каак-каак эте чуру-чуу түшүшүп, бучкагы сыйрылып, туяктары менен ыргытылган жылкынын шыйрактарын сүйрөшүп, сөөктө калган тарамыштарды чокулашып, үзүп-жулкушту. Чагылган жиликтердин ичине, арканын көңдөйүнө, жамбаштын тешиктерине, баш сөөктүн көздөрүнө тумшуктарын сойлотушуп, жанталашып моюн жүндөрү үрпөңдөп жатышты.

* * *

Башка болуштардан бул жолу Мырзакул коп олжолуу. Анын жең ичинен алган акчасынын эсеби так билинбегени менен жүз чамалуу жылкы айдатып келатканы көргөндөрдү сестентти. Мунун да себеби бар. Уездди башкарган Байзак менен Мырзакул эки ата өтүшкөн тууган. Мырзакул жыйынга келатканда Жумгалдын Курманкожо элинин чыбык кыркаарлары Көкүмбай менен Курман жол тосушат. Болушту бир топтору менен өткөрүп ийишип, артта келаткан эки жигитинин атын жыгып алышат. Өздөрүн жөө калтырышат. Алар ар кимден «майын» төлөмөккө аяк улоо алышып, арттан үч күндөн кийин келишет. Жол азабын тарткан кордуктарын болушуна айтып, датганышат. Качан, жыйын башталганда Байзак Нарын уезди боюнча бийлердин үстүнөн караган башка жаңы бийлерди шайлатат да, беш кишиден турчу ошол бийлердин мүчөлүгүнө Курман менен Көкүмбайды коштурат. Буга ачуусу шакардай кайнаган Мырзакулдун таноосу кыпчыла өңү кумсарат. Байзак агасына келип катуу айтат:

— «Ит, өзүн бычкан кишиге ынак» дейт! Сиздин бул эмне кылганыңыз? Курманкожолуктар жигиттеримдин атын жыгып алышып, жөө-жалаң сандалтып таштаса, мында келип, экөөнү башкы бийлердин мүчөлүгүнө кошосуз? Карып бараткансыз го? Айнып бараткансыз го, тууган менен душманды ажыратпай?!

Кырк жердин кыйырын баскан, жоо келатса да ашыкпай кыңылдап тактап-баптап сүйлөгөн баамчыл көсөө Байзак бырс күлөт:

— Өзүңүз айнып атасыз, мырза! — дейт тикирее тиктеп, көзүнөн ызгаар учуруп. — Күчүк кезинде жолборско үргөн ал экөөнөн... кийин бирдеме өнөт. Аларды да биздин аймак-

тын эки бөлтүрүгү дейт. Бүгүн «сизден» эки ат алган болсо... Эртең экиге экини кошот, төрт тартуу коёт. Антишпесинчи... Жантаслим болбой сабыр эте тур казылуу мырза!

Байзак билгендей эле айтыптыр. Башкы бий милдетин аткарган ал экөө Байзактын жакшылыгын актоо үчүн, түшкөн олжолордон Мырзакулга «кол кесээрди» арбын ыйгарышкан. Мырзакул Кочкордогу Надырбек элинин болушу Бекчоро кайнагасыныкына түшкөндө, экөө ошол жерде экен. Курларын моюндарына салышып, өтүнүштү:

— Байзак баатырдын иниси, Мырзакул болуш! Аз айып, көп күнөөбүз болсо кечирип койгун? — деди Курман карасур. — Кызартты ашып кетип баратканда үйдөн түштөнө өткүн. Жыгылып алынган аттарыңар бир айдан бери жал алып калган чыгар. Аларга ат коштой кеткиле бизден?

Өтүнүч жасап коюп, экөө аттанып кетишет. Болуш кайнагасынын мейман үйүнө болуш күйөө бала Мырзакул саналуу жигиттери менен отуруп калат. Арасында Калык. «Көп түкүрсө көл болот» дегендей, үч дубан элдеги болуштардын чакырган жерлерине ырдап, ыктуу олтуруштарда казалдардан таштап жүрүп, Калык да акча тапкан. Бутунан башына чейин жаңы кийинген. Мындан жашыраак кезинде түштүк элинде болуп көргөн неме ал тараптагы эл бийлөөчүлөр менен, быяктагылардын кыял-жоруктарындагы айырмачылыктарды байкады. Баамында, хан ордосуна чукул жүргөн, хан саясатын жүргүзгөнгө машыккан алар, сырын ичке катма, кылыйма келишет окшойт. Түндүктөгүлөр барк-барк этишип, шамалдап, сырын сыртка айдап чыгышат окшойт. Түштүк тараптагылар тапкан олжолорун канаттуу куштарча шып учуп жетип, жымырып алып, тумшугуна илип учуп, кыр ашып, карагандын арасына конуп, же жапсарлатып отуруп из таптырбай жок кылат окшойт. Түндүктөгүлөр тоо текени көтөрүп урган илбирстен бетер, куланды жара тарткан жолборстон бетер, түшкөн олжосун ачыкка таштап, тоюшунча кызыл ала болуп жеп, оолактап жаланып, анан аңдып олтурган башка ит-кушка, кузгун-жоруга калганын таштап кеткен азуулу жырткычтарга окшош келет окшойт. Зөөкүрлөр, залимдер, адамгерчиликтүүлөр, ынсаптуу сыпаалар эки тарапта тең бар дечи. Бирок, пендени аёочулары эки тарапта тең аз окшоду, Калыктын баамында. Эки тараптагылар тең алсам, жулсам, кийинсем, байысам, башкаларды желкеден ныгырып, өзүм көөдөнүмдөн өйдө көрүнүп турсам деп самашат окшойт.

Мырзакулдун үстүнө Ат-Башынын мыктысы Чоко, деген, Ак-Талаанын мыктысы Касымалы деген кирди. Алар

дүлөй немелерче бакылдашып, барбалакташып, кол алышты. Чайлашты. Касымалы Калыкка каш какты төрдө олтуруп:

— Кана, жигит! Комузуңду толгоп, үнүңдү кошпойсуңбу? Бүгүн төкпөгөн ырды, Акы атаңдын ашына калтырасыңбы?

— Ийе, жүйөлүү суроо. Шаңшысын ырчы! — деп коштоду Чоко. Ырчы ээрчип жүргөнүнө көңүлү куунактаган Мырзакул өзү дагы Калыкка алдыртан жылуу көз жиберип:

— «Өнөрүң болсо өргө чап, кор кылбай асыл жанды бак!» деген тура Кетмен-Төбөнүн ырчысы Токтогул,— деди мандашын которуштуруп. — Бир айдан бери далайын көрдүң. Ошолордон сокчу, күчүңдү үчөөлөп сынайлы азыр.

— Агаларынын алдында ырдабаган, Ала-Тоонун үңкүрүнө кирип ырдайбы?

— Ташта көргөндөрүңдөн!

Музоо кезинде сүздүрүп алган Калык, бу саам эстүүлүк кылды. Алдын ала өтүнүп:

— Болгонун болгондой суу кошпой чынын ырдасам... капа болушпайбызбы, акалер? — деди.

— Ырың тамтырап угумсуз болсо, капа болмок түгүл сабаймын! — деди Касымалы бакылдап. — Угумдуу болсо, уйкашы куюлушса акыңды аласың. Баштагын.

Убадалашып алганга буулугуп калган Калык боройлотуп, бурганактатып ыр түрмөгүн төктү:

Үч дубан эл топ кылып,
Эски доопу жок кылып.
Үйүңөргө кайттыңар,
Насыялуу эл тынып.
Төро эшигин сакчы алды,
Бий эшиги жыртылып...

Мырзакул, Чоко, Бекчоро,
Касымалы кулак сал.
Үч үйөздүн элдери,
Пишпек, Нарын, Пржеваль,
Төрө баштап, болуш, бий,
Ойлонбоду элге убал...

Айтылуу ата балдары,
Баарың топко бардыңар.
Оңго, солго кайсактап,
Очойто чыгым салдыңар.
Ээр, токум көтөрүп,
Жөө чубады жардуулар...

Жасоолдор жүрдү дарбышып,
Айдап кел десе барышып.
Айтканына көнбөсө,
Айкырып башка салышып.
Ажыратаар адам жок,
Жаак ылдый канын агызып...

Ылганган өңкөй чирендер
Букара элди жедиңер.
Буулукканың басылып,
Бүттү бекен кегиңер?
Тоютуң капаар топ кылып.
Толду бекен кемиңер?

— деп, андан нары силердин башкараарың эл, кайра силерди бакчу да эл экен. Ошол элди эмнеге аябайсыңар. Же азуулуу карышкыр баса калып, жарып алмайын, бүркүт тырмагын матырып, тумшугун канга малмайын ыраазы болбогон сыяктуу, бей-бечараларды сыздатып, тоздурмайын кыбаңар канбайбы, деп ырдады. Силер, ай караңгы кара нөшөрдө, же бороонду кышта адашып жүрүп акыры бир адамдын үйүнө туш келсеңер ал таанибайт да, ийилип атыңарды алат. Төрүнө олтургузуп, бар даамын коюп сыйлайт. Ошол өз кишиңерди силер да эске алып, аяп, кириптер болгон иштерин калыс, адил чечпейсиңерби деп ырдады. Калыс чечмек түгүл чөнтөгүңөр ошолордон өнгөн акчаны шолоп, ошолордон түшкөн жылкылардан отуз-кырктан айдап баратасыңар. Маңдай терсиз табылган опаасыз байлык кантип жанга эш болсун деп ырдады. Чини жаркыраган төрө да силер менен кеңешип, окуяны чечмелеп, билип-туюп туруп, анан силер каякка оосоңор ошого жараша чара көрөт окшоду. Ошондойдо андан бетер элиңерди аяп, элге тартпайсыңарбы Чүйдө жүргөн жумгалдык Малакени падыша амирине каршы сөз тараткан деп чоң күнөө тарттырып, сүргүнгө айдаттыңар. Анын көз жашы, көкүрөк дарты силерди кантип уктатат деп ырдады. Анын алган жарынын, жаш балдарынын, жакын туугандарынын көз жашы бирде болбосо, бирде кантип силерден кек албай койбойт деп ырдады.

Өкүтконгө кирем деп,
Өзүмдү өзүм билем деп.
Оозумдан ырды чуурутуп,
Эл ичинде жүрөм деп.
Акыры чыктым куулуп,
Арымдан өлбөй муунуп.
Баярлап келгем Мырзакул,
Чоңойгон жерге туулуп,—

деп сүйүндүм эле. Менин эми жай тапканым кайсы? Пейпайга түшкөндөрдү көрүп, жаным, оту алоолонгон казандагы сызык болду. Бу көрөкчө бул жарыкчылыкка жаралбай эле койсомчу! Жакшыларды ээрчип жаныма жай табам, ырыма күч топтойм деп талпынбай эле койсомчу байкуш жаным! — деген арман менен бүтүрдү ырынын аягын.

Баятан делебеленген мыктылар дымып калышты.

— Апеей, апеей! — деди Касымалы айгалактап, Калык-

ка карабай Мырзакулга бурулуп. — Мунуң бугуп кирип, үңүп жеген күбөдөй болуп, башкача го? Же өзүң маштап койдуң беле?..

Мырзакул көзүнүн чаарын чыгара Калыкка карады:

— Сенин бул эмне деп келжирегениң? «Ырдап бер» десе адашкан итче ар кимге жүгүрүп үрөсүңбү? Мен чатырына кире албай жүргөн төрдө эмне акың бар? Көргөн жоксуңбу дүрбөлөңчүлүгү үчүн айдалып кеткендерди? Көбө баштагансың го жаның тынч алып, кийимиң эки кат болгонго?! Сени көптүртпөйм! Төрөгө жеткиртпей туруп эле жерге тикенден кактырып жиберемин!

Калыктын ындыны өчтү. Өңүнөн сур качты. Дале болсо алабармандыктын айынан капканга балтырын чаптырып алды. Тамак жасап, Чоко арачага түшкөнсүдү:

— Ырчыда эмне айып? Өзүбүз сүрөбөдүкпү, көргөнүңдү айткын деп. «Сүйлөйт деп тил берген кудай. Ырда деп үн берген кудай». Кудайдын бергенин жашырабызбы? Хе-хе...

— Кудай берди эле деп, оозго келгенди оттой береби?

Калык далы түйүп, сыртка чыгып кетти.

— Анча-мынча шамшум эткенден кийин «жол кыскартып, капчыгай өрдөп барып жатабыз»,— деп, эки мыкты аттанды.

* * *

Мырзакул Калык жөнүндө тултуйду. Ачуусу бирде оргуп, бирде бастайт. Анын ачуусу жанагы ыры тууралуу эмес, ыр ырдалды да шамалга учту. Бастаган ачуусун кайра козгогон башка түпөйүл. Түпөйүл демекчи... Кышында жаңы кар жаагандан кийин дарбазанын айланасын Мамырбай күрөп жатып, Сейилдин терезесинин тушундагы эки-үч келип, кайра кеткен изди көрөт. Из Калыктын кепичинин изи экен. «Кыз менен жакындыгы барбы?» деп жүргөн ичи тар неме изди дароо күрөп жибербей, абайлайт. Издин далили боюнча анын келип кеткени чын. Бирок терезе ачылбаган. Кармалбаганы үчүн капкакка турган кар, бузулбай токтогон боюнча. Эмнеге келди быякка? Убаладашыппы, же...»

Желбегейленип басып жүргөн Калыкты жаңдап, чакырат. «Кар күрөшкүн» деп жатабы деген ал, басып келет. Бутундагы кара кийиз чокоюнун сыртында Анжыян кепичи. Сөөмөйүн соройткон Мамырбай шыбырайт:

— Алдагы сенин изиң менен, мобул из окшошпу? — дейт. — Анткорлонбой эле карасаң?.. Мойнуңа алсаң?

Калык бир аз токтоп, жылмаят.

— Меники...

— Сеники болгондо... убадалашып келдиң беле кыз селкиге?..

— Кой ээ! — деп чочуйт Калык. — Бозонун кызуусу да. Темтеңдеп баскым келген да.

— Темтеңдегенде... сенин темтеңдээр жериң ушу терезенин түбү болобу? Актыгыңа карганчы!

— Кудай урсун!

— Калп айтасың?!

— Кудай урсун, дейм. Бирдемелерди ойлоп, сендиректеп басканмында.

— Мегин, өзүң көргүн,— деп күрөктү карматкан. Ашыккан Калык терезенин тушун эле эмес, бүт айлананы күрөп чыккан. Чекесинин терин сүртүп жатып, өтүнгөн:

— Жаман пикирде болбогун. Из тууралуу эч кимге айта көрбөгүн. Кызымак түгүл мас болсом да бул жерге экинчи бассам бутум сынсын!

— Максатың орундагыдай болсо, басмак түгүл сойлоп келе бергин, кайталап жаңы жааганга чейин из түшпөйт. Хе-хе-хе...

— Болбогон жумушту койчу, ой! Карганып атам го?..

— Андай, «бейишке» чыкчу иш үчүн карганмак түгүл мүрзөөгө тегеренип бербейби?

Кылтыңдаган Мамырбай бул окуяны Кадичага айтат.

— Азезилдин арбаганына алданып кетпесин. Кызыңызга эскертип коюңуз? — дейт. Апасы ачык сырдашчу Сейилге ар демеден улам сөз кылып олтуруп:

— Сени «атасынын төрүндөгү кыз» дейт. Көп эле эркек бала кебетеленип шыпылдабай жүрчү? Жанагы, ырчы неменин изи терезеңдин тушуна нечен келип, нечен кеткенин Мамырбай көрүптүр. Өзүнө көрсөтүптүр кардагы изди.

Сейил апасынын үрпөңдөй айтканына чым этпейт.

— Буту бар неме, баспайбы? — деп күлөт. — Бирөөнүн басып-турганына Мамырбайдын ичи эмнеге тызылдайт. Кыйды көз ошол немеден Калык ак, Калык таза. Ошону билбейсизби? Ошентип жүрүп менден бирди көргөнү жүрөт аның.

— Кантесиң өзүң! Ырчыны коргоп, актап эмне кыласың. «Эл оозу элек». Майда-чүйдөдөн ушак уланып, эбир сөздөргө жайылып, жаманаттуу болуп кетет ак адам.

— Жаман аттууну чыгарчу эле атамын өз жигити болот анда. Өзүм сурап, өзүм сүйлөшүп көрөйүнчү?

Сейилди ким токтото алмак. Бөлмөсүндө жалгыз олтуруп, Мамырбайды жалгыз чакыртып алат, Калыктын өзүн жумшап. Мамырбай кирет. Сейил кичи пейилдик көрсөтөт, тура калып:

— Саламатсызбы, атамдын жигити? — дейт, ойсолоктогон кыязда.

— Саламатчылык, Сейил жан эрке!

— Эрке экенимди билесизби?

— Билмек түгүл көрүп, жүгүнүп жүрбөйүнбү.

— Жүгүнгүдөй келин белеңиз? Же сизге бутумду өптүрмөк белем?! Айтыңызчы, менин тереземдин тушуна кимдин изи түшкөнүн көрдүңүз?

— Анын эмнесин сурагыдайсыз, Сейил жан?

— «Жаны» жок эле, Сейилмин.

— Аа, түшкөн из Калык кийген кепичтики болуш керек эле?

— Такпы?.. Качан түшүптүр?

— Өткөн жаңы кардын, аркы жаңы карында.

— Ооз басырыгын «төлөсөм» аны эми апамдан башка кишиге айтпайсызбы?

— Төлөбөй эле коюңуз. Айтпайын...

— Төлөйм эле! Жаагыңызды тосуңуз, ооз басырыгым үчүн «өөп коёюн».

Жылмаңдаган Мамырбай жаагын оңтойлото калат. Кыздын ысык эрди эмес, катуу алаканы чак эте чабылат.

— Жогол, куйту шүмшүк! Ырчыга көө сүртчү болсоң, биротоло жайлаймын!

Бозала болгон Мамырбай чыгып кетет. Кебекке какагандай көргөнү көкүрөгүндө калат.

* * *

Эл жайлоолоп көчкөн. Шаркыраган тоо суусу. Суунун чарпындысы чачыраган жашыл жээк. Булуңдарда ыргалган кайың-тал. Бийик күңгөйлөрдө жашыл тукабадай жайылган жапалак арчалар. Тескейлерде түсү каралжын тарткан түнт шоо карагайлар. Учуп-конгон чымчыктар. Сонун жай таап чогулушкан келин-кыздар, боз улан-жигиттер. Сейилден коргонч тапкан, шайыр-шардыгы жүрөгүнө жаккан Калык комузун алып, араларында. Жигиттер боз уландар жаат, жаат болушту. Эки экиден жуп болуп, күрөшүштү. Жыкканын кубатташып, жыгылганын кордоп, шакабалашып, келин-кыздар ызы-чуу. Анан уй мүйүз тарта олтурушту. Алым-сабак ырдашты. Ыры жакшы жигиттерди келинге өптүрүштү. Үнү мукам боз уландарды кыздарга зордоп өптүрүштү оюн башкаргандар. Ырдын кени мында дешип, Калыкты сүрөштү. Комузун чалып, ыр тандап ырдап жаткан Калык бир ыңтайда Дилдени эсине түшүрдү. Бети алоо чалып, толкуп, Базар-Коргондогу чөп чапчуларга тамак

даярдап жүргөн кездеги чөп алачыктын ичинде ага чыгарган ырын баштады:

Орунсуз анда иш кылган,
Олтурсам-турсам кылт түшүп,
Оюман чыкпай койдуң да.

Ойношум болуп чоп өпкөн,
От болчу сенин эриниң.
Калтаарып туруп калганга,
Ыйлагым келет мен бүгүн.

Каранам улам кылчактап,
Сен калган алыс тарапты.
Делбиреп көзгө кебетең,
Кыр ылдый чуркап баратты.

Алдыңдан тосуп мен чыгып,
Айкалышаар күн барбы?
Кечирим сурап, чөгөлөп,
Кездешчү айлуу түн барбы?

— Ооуу! Күйдүм чок «күйгөндөн» экен ээ?

— Сыздатып жүргөн ким болуп кетти чиркин!

— Эй, оюн башчысы! — деди эркектер тарабын башкарган жигит. — Кызыңды сүйрөп чыгып, Калыкты өптүрбөйсүңбү? Болбосо, өзүң өпкүн?

— Өпсө өбөм эле. Мындай ырчыны өппөгөн эрин, муздак ташты өбөт беле! Өзү деле мурда өптүрүп алып, аңкайып туруп калган неме экен,— деп, башчы келин шакылдап келип, күлүп өптү Калыктын сол бетинен. Баары каткырышты.

— Баштачы дагы? — дешип, сүрөштү. Калык Дилдеге жолуккандан кийинки ырын даярдап турган. Ошону обонго келтирди.

Кайберендей жалтактап,
Качып келе жатканда.
Айланам тоо, токой, чер,
Шыгырап жылдыз асманда.

От чакырды жылтылдап,
Ошого ымдайт жүрөгүм.
Ойлонбой барсам жолукту,
Адашкан сулуум, түгөйүм.

Көлгө ыргыткан таш болуп,
Чөгүп кете таштадым.
Купуя жүргөн жүрөктүн,
Кусасын кайра баштадым.

Мен от болуп жармашсам,
Жалбырттап кетчү май белең?
Караңгы түндө жолуксам,
Толукшуп чыкчу ай белең?
Көрүнүп коюп бөлүнчү,
Шорума бүткөн жан белең?!

Кайрадан кыйкырык сүрөөн болду. Эмнегедир башчы келин берилгенин, ыраазы боло тиктегенин байкаганбы, айтор Сейилге жетип, жармашты:

— Болуш акенин кызы, тура калыңыз? Ырчыбызды өбүүгө сиз татыктуу болуп турасыз?

Ачык-айрым Сейил кымырынып-кымтынган жок. Шар турду.

— Өпсө өбөйүн. Эриним жабышып калмак беле! — деди да Калыкка жетип, эңкейип, оң жаагынан өптү. Бул жорук да Кадыйчага жетет. Кызы, болгон иштин чын экенин мойнуна алат.

— Оюнда ойноп өбөт. Чындаганда чындап өбөт. Анын эмнеси бар экен, апа? Сиз, атамды өпкөн жок белеңиз?

— Өпсө өпкөн чыгармын атаңды, — деп Кадыйча күлөт. — Ошентсе да сени барктуу атанын, нарктуу атанын кызы дейт. Чалма этектерге теңелип, анте беришиң өөн болот. Атаң укса эмне дейт?

— Укса уга берсин. Өзү ээрчитип жүргөн ырчыны өптү деп... Жакшы көргөнүнөн алып жүрөбү үйдө, же... — деген Сейил. Апасы жооп таба албай калган. Бир күнү эри менен ээн олтуруп, тиричиликтери тууралуу сүйлөшүп жатып, Кадыйчанын оозунан:

— Кызың, бой тартты. Сөйкө салган жери жок. Кулдук урган жер болсо узатсак болот эле? — деп калат.

— Кызың көзүңө көп көрүнүп атабы? — дейт Мырзакул курсагын көшүлтүп, мандашын алмаштырып. — Же «кызыма кулдук урбайсыңарбы?» деп, бирөөлөргө айт дейсиңби?

— Тиги Пишпектеги, Токмоктогу орустар кыздарын өз оюна коёт экен. Каалаганына тийип кете берет экен. Калың-салың да болбойт экен. Куда-сөөк издебей эле, колуңда жүргөн ырчыңа баш коштуруп койбойсуңбу?

— Тейт! — деп чочуйт Мырзакул. — Күлү додо болбогон Акы мага «куда» аталабы? Атымды даңктап, ак шумкардан бери мактап ырдаган Калык «күйөө бала» болобу? «Катындын оюна эмне түшсө, түшүндө ошону көрөт» деген чын окшойт. Бул эмне деп келжирешиң? деп каккан. Аялынын ошондогу сөзүн анчалык этибарга албаган. Унутуп да калган. Азыркы, Калыктын өткөн топтун түрү тууралуу жоболоңдуу ырынан улам Кадыйчанын сөзүнөн шек санап, жаны бышты. Эки мыкты аттанып кеткен соң, үйгө кирди. Жигиттерине өңүн бузуп, түнөрө карап:

— Бул, Калык кандай неме? — деди корс этип. — Ойлогонунун баары жамандыкко? Олтурган-турганынын баары арам го, дейм?

Мамырбай, бутакка илинип турган жемин көргөн түлкүдөн бетер жымырыла калды. Колун укалап:

— Арам экени байкалып эле жүрөт? — деди, Сейилдин алаканы чак эткен жаагы азыр дагы дуулдап, «кызыңды» деген сөздү айта албай. — Бүлөөңүздү жаман аттуу кылабы деп чочуйм, болуш аке?! — деди. Аялынын «ырчыңа баш коштуруп койбойсуңбу?» деген сөзү бекерден чыкпаганын арам ойго алган Мырзакулдун ачуусу окторулду. Ыза болуп жүргөн Мамырбай жаңдап көрсөткөн жыландын башы соо эмес экендей сезди. Тиш салчу жырткычтай жыйрылды. Бети-башы көгөрүп ыйынып-ыкчынды.

— Чакырчы? — деди бурк этип, чепкенин өңүрүн силкип.

Тескей-күнгөй ала көлөкөлөнүп, күн уясына батып бараткан. Түпөйүл Калык арык жээгинде эле.

— Эй, бери бас! — деди Мамырбай. Анын үнүнөн Калык селт этти. Жамандыкты сезди. Шамдагай туруп, жетип келди.

— Эмне болду? — деди Мамырбайга көзү айланып. Тишинин арасынан сүйлөгөнсүп ызырынган Мамырбай:

— «Кайнатаңдын» үстүнө кир! — деди. Калык селт этип:

— Оозуңа карап сүйлөгүн, Мамырбай?! — деди кыжырдана.

Калык эшикти серпип баш бага бергенде эле:

— Сабагыла, атаңдын оозуна урайынды! — деди Мырзакул. Арттан ээрчий келген Мамырбай көмөлөтө койду. Төрт жигит кийиздей тепкилеп калышты. Калык, жилиги чокко түшкөн чучуктай чыңырды. Беркилерден эки эсе Мамырбай буту менен, колу менен берип жатат. Мырзакул титиреп:

— Оозуна алы жетпеген иттин кийимин сыйрыгыла! Мамырбай Калыкты өлгөн кишидей чатка тээп туруп, өтүгүн сууруп алды.

— Өңчөй ноотудан кийинет акмак! — деди Мырзакул. — Кийимин алып чыгып, лампа май куюп өрттөгүлө! — деп, колун жаңдап, токмокту токтотту. Ыштан-көйнөкчөн Калык кулагын делдейтип, көзүн алайтып, бир ай суу ичкен немече каны качып, өң-алеттен кетип сыртка чыкты. Алыстап барып, онтолоп жатты. Беркилер буруксутуп, түтөтүп, өтүктөн башкасын өрттөп, үйгө кирип кетишти. Күн карамакча батты. Саал-паал гана кызыл нуру калды тоо баштарында. Аздан соң ал нурлар да жоголуп, караңгылык каптап келатты.

— «Кайда барса Мамайдын көрү» деген мен болгон турбайымбы! — деп муңканат Калык. — Кетмен-Төбөдө алардын айдагына кирип куугунтук жесем... Быяктан булардын

макулдугу менен чындыкты ырдап таяк жесем. Батаар жерим калбаган тура! Аяар адамым, корголоор адамым жок жалгыз турбайымбы!» — деп, эгилип ыйлады. Ичин басып, мойнун салып титиреп ыйлады. Бетин жууй салаалап аккан жаш, айрылган ак көйнөктүн ичинен төшүн жууду. Ушул тапта Калыктын жанына Жунуш келип, сыйпалап, жалынып жалбарды:

— Айланайын, Калык. Түн түшсө эле бутуңду бут, колуңду кол кескилеп, Жоон-Арыктын суусуна салып жибергиле деп жатат, Мырзакул. Кол тийип калды, ырдап жаман аттуу кылат деп жатат. Тетиги, талдын түбүнө атыңды жашырып барып байлаймын. Эски кийимиң канжыгада. Эптеп жетип, жаныңды ала кач. Антпесең ажалың жетти, айланайын!

Жунуш жылып кетти. Калык жан керегинен чыйралып ооруган жерин унутту. Күч жыйып, сойлоп жөнөдү. Болжогон жерден аты колуна тийип, шап минди. Атып албаса, шамал жетпес тору аты зымырап учту. Дили бийикке айдаган, тилинен шору кайнаган акындын карааны улам караңгылыкка житти. Арка сүйөгү жок, аяп коргоору жок акындын карааны жоголуп баратат. Күлүктүн күүсүнөн аркыраган шамал урат. «Ачылдыбы көзүң акын?» дегенсийт. «Тааныдыңбы, ак менен караны?» дегенсийт. «Жалгызмын дедиң эле, көрчү, Жунуш келип ажалдан куткарды. Сейилдей сергек кыз ылым тартты өзүңө. Ышкысын түшүрдү өзүңө. Өнөрүң болсо ошолорго жак. Ошолордон кубаттан. Уктуңбу, акын? Түшүндүңбү, акын?!» — дегенсийт, алдында алып учуп бараткан күлүктүн күүсүнөн дуулдаган тоонун шамалы акындын кулагына. Жалы сапырылып, куйругу созулган күлүк дүбүртү улам алыстап үзүлүп, ээрге өбөктөгөн акындын карааның коюу караңгылык ороп-чулгап, койнуна жымырып, көрсөтпөй жоготту.

## УЙКУСУЗ ТҮН

«Ар адам өзүнчө дүйнө»
М. Горький.

Күздүн муздак шамалы саргайыңкы жалбырактарды черткилеп, бутактан үзүлүп жатты. Жетимсиреген жалбырактар абада ала салып, нурга чагылыша жездин кесиндисиндей жалт эте калат да, айланып жол бетине түшөт. Көркүнөн ажыраган дарактар шаңда тарбайып, томсорушкандай. Куду ушул жалбырактар сымал абалдагы кичинекей Макиш

болпойгон чоочун кемпирден жатыркап үчүнчү койкада жатат. Соолук тартып, бышылдап ыйлайт. Түшкү тамакты канчалык алдаса да, алаксытса да ичпей кежирленген... Кызыл гүлдүү шалы жоолук салынган, көк пальточон Аясы (ал апасын Ая дечү) ушул үйгө жеткирип келген. Маңдайынан, алкымынан жыттап «Ыйлабай жүргүн» — деп айткан. «Аний, үйгө кетем» деп кежирленгенде: «Үйүң ушул. Мен күндө келип көрүп турам» — деген. Бирок келген жок. Эки күн өтпөй сагынып, бүркөлгөн Макиш койкасында олтурса босогодогу чоочун кемпир, терезени карап колун жаңсады. Жүрөгү болк эткен кыз дароо артына бурулду. Ошондо терезеден эңкее калган апасынын элесин көрүп, баа эте бакырды.

Жашы жаагы ылдый куюлуп, эки көзү шишиген Аясы, көрүп калган кызына токтоно албай жүгүрүп жетти. Макишин бооруна бек кысып, жыттап, өпкөсү көбө бышактады. Аясынын ушул жоругуна караганда, ал эч ажырашмак эмес эле. Анда эмне үчүн өз кызын, балдар үйүнө тапшырды? Баарыдан да, атасы кайда болду экен? Аны өзү эч элестете албайт. Аясы өз апасы болду бекен? Балким тууган ал эмес чыгаар? Жок, жок. Куду Макиштин өзүнө окшош болчу.

* * *

Ушундан кийин Макиш Аясы менен көрүшүп, жытташа албаганын билет. Үч маал жанында чоочун кемпир. Эткел колу менен кармалап кийинткен да, ботко куюлган тарелкага бир кесим нанды кошуп берген да ошол.

Макиштерди алып кетүүгө келген Ороз карыя бөлмөгө кирди. Карыяны, эки күн мурда балдар үйүнүн директору Калыя чакырткан. Эркек мүнөздүү, анын көк жоолугу мойнуна түшо, коюу кирпиктүү кара көзү бажырайып кабинетинде олтурган экен. Белиндеги куруна камчысын кыстарган Ороз киргенде обдулуп, чыканактай калды да, алыскы бир кыштактын адресин берип, андан балдар алып келээрин айткан.

Алды жамгырлап, артынан кар түшүп, күн ачылды. Жолго камынган Ороз күрөң атын арабага чекти. Саман төшөлгөн ящикте сабыры суз балдардын катарында эки жагын кылчак карап, жалооруп үч жашар Макиш олтурду.

Тобөлдөгү асманда күздүн сур булуттары үзүлүп, ажырап самсаалайт. Күн нуру жаркырай калып, кайра бүркөлөт. Күрөң кашка жан кайышты чирене тартканда ылай жерге темир жолдой из калтырып, дөңгөлөктөр айланды. Араба жылган сайын сейрек бак-дарактуу тамдар алыстай

берди. Тоо таяна өйдөлөп, кыя жолго келгенде, артына кылчактаган Макиштин көзү жүгүргөндөй болгон аялдын караанын көрдү да, токтоно албай:

— Ая! Аяма!.. — деп жиберди. Андан ары мөлтүрөгөн жашы карегин тунартып, караандан адашты.

— Ая дейт. Аяң курусун, сени калтырган. Деги, аңга түшкөн Аяң өзү ким? Но-но, чу! — Ороз серпкен камчы ат соорусуна, шак-шак тиет. Кыз үнсүз.

Араба кыядан секиге чыгып, коктуга түштү. Айыл көрүнбөй калды. Ороз кайрылып, Макишти сооротту:

— Ыйлаба чырагым, ыйлаба. Өзүм муунуп баратам. Мобулар да сендей. Баарын эле алдейлеп, ата сүйгөн чолпондор. Арга жок! — Ар кимин боз одеялга кымтып, жылуулаган карыянын кирпигиндеги сыгылган жашты булар сезишкен жок. Жетимдер тынч олтурганы менен Макиш Аясына күйүп, бышактап ыйлай берди. Арабакеч соороткко дагы кобурады:

— Дагы кудая тобо. Өз-ата-энеңер болбосо да, өгөй энеңер бар. ...Жакшы үйгө барасыңар. Даяр тамак ичесиңер. Но, чу!..

Ороз ойго чөмүп, үнсүз. Теребелге, сур булуттарга көз чаптырып алды. Тоонун муздак сыдырымы сакалын желпип өттү.

— Кара жер. Сенден баары жаралат экен. Баарын өзүң кымтыйт экенсиң. Күн нуру алдында жыргап жашаарын адамдар билет. Бирок... Бирок... Ну, чо! Илгери өткөн «Манас» казатын уккам. Он алтынчы жылкы козголоңду көргөм. Кордуктан, ачкадан, далай жан кырылган. Буларчылап жетим калган. Ар кимдин босогосун жыртып, жокчулук менен чоңойдум. Но, чу! Каран түн баскан капсалаңдуу согуш минтип башка түштү. Канга тоё элексиңби кара жер? Жок, сен каалабайсың. Түшүнбөйсүң да! Тынчыңды алган адамдар. Балээни баштаган ача буттуу, тоголок баштуу адам кейпиндегилер. Но, чу!

* * *

Күрөң ат тарткан араба эртеси түш оой райондун чет жагындагы балдар үйүнө келип токтоду. Аясы алыс калганын кичинекей жүрөгү сездиби, Макиш ыйлабай, эч кимге даттанбай делдейип маңыроо. Үйүр ала түшкөн Орозго имерилди.

Мында, башка жактан да балдар келиптир. Өз ыктыярлары менен асырап алууга чогулган адамдар. Алардын бири эркек бала багууга дилгир, экинчилери кызды сүйөт. Оң колу чыканагынан жок жарадар көк коён тумакчан адам

сол колун мултуңдатып, ак жоолукчан аялын капталга түрттү:

— Тетиги, кетик тиш кара баланы көздө...

— Кайсы?

— Мурдун жаныганды.

— Көрдүм, көрдүм. Көзү бакырайган бечара.

— Кызыңдын бирине бөбөк болсо, бирине ага болот буюрса. Беш жылга жетпей өтүкчү кылып чыгарам. Келеркиде кызылчаңа жардамдашып, кол араңа жарайт.

— Ыйманын берсин...

Жетимдерди кээси ороп-чулгап көтөрүп, кээси жетелеп кетип жатканда, Аясыныкындай чачылуу жоолук салынган аялга Макиш, жал-жал тиктеди. Кыздын тикирейген кара кирпиктери ирмелбей, жаагы бултуюп турду. Аял көз айырбаган кызга үч-төрт мертебе жалт карап, назар салды. Бул аял балдар үйүнүн директору, Калыя.

Макишке Калыянын ичи жылып, жанын сыйпалап, халатынын чөнтөгүнөн момпосуй алып сунду. Балким, Аясы да ушинтип момпосуй карматчудур. Кыз быйтыйган салааларын жазып ала койду. Өздөй чоочуркабай кабыл алганына директор жетине албай, болпойгон бырыш сөөмөйү менен ээгинен көтөрүп, эркелетип:

— Жакшы кыз тура! — деди.

Кыш күч ала баштады. Ой-тоонун баары кар. Арабалар кылдырттап өтүп, жөө кишилер агылгандыктан, борбордук көчөлөр гана кара.

Балдар үйүнүн морунан боз түтүн тынбай булап, капуста сорпонун жыты келет. Имараттын айланасындагы сегиз гектар аянт. Ичи толо мөмө жыгачтары. Чөпкө оролгон бүлдүркөндөр, саманга көмүлгөн жүзүмдөр, кар алдында жондоно домпоюп жатат. Өрүк-алмалардын шагында каткан кар, жел жүрсө төмөн үбөлөнөт.

Өкмөт уюштурган ушул имаратта ар кандай адам иштейт. Түктүү сукнодон кийим кийишкен балдар, кыздар, одоно кыймылдаган Калыя бажырайып алдыдан чыкса дүргүп, токтоп чуулдап учурашышат. Анан чоңураактары даттанууга өтүшөт.

— Эже, менин батинкемдин бири чоң, бутумду кысып жатат.

— Эже, менин байпагымдын мунусунан — мунусунун кончу узун да?..

Балдардын четиндеги бөжөйгөн Макиш гана үстүндөгү көлпөйгөн кең пальтосу жөнүндө, апын кайрылып коюлган жеңи тууралуу даттанбай мурдун тартып, таңыркап турат. Ал ошо момоюп турушу менен сүймөнчүктүү.

Калыя даттанган балдарды бөлүп алып, чарбаны тейлөөчү Шаршени чакыртат. Ал жакында армиядан келип, ушул ишке орношкону курсак күтүп, семирип алды...

Чакырыкты угаар замат карбаласка түшүп жүгүрөт. Айтылган буйрукка кымындай да каршы чыкпайт.

— Болот! Азыр! Мына, даяр,— деген сөздөр менен көңүл жайлайт да турат.

Үй тазалагыч Насип гана өз ишине келгенде майда балдарды бөөдөй куурат: эки жеңди чыканактан ашыра түрүп, сууга чыланган таарды шалбырата көтөрүп, полду сүртө баштаганда нары-бери өткөн балдарга:

— Мындай бол! Атта! Сүрт! — деп буркулдайт.

Насиптин каарына Макиш да кабылат. Ал арабанын дабышы угулганда, дароо терезеге жармашат. «Келип калдыбы?» — дейби, мойнун созуп үңүлөт. ...Асманда бозомтук булуттар коюуланып, күндүн көзүн тунартып, айлана сууктанган. Шалы жоолукчан аял элесин көрсө, куса болуп илмийген сөөмөйү менен айнектин кыроосун кырып алек. Качан гана Насип:

— Кибиреген бейбак, серейбей тур мындай! — деп, нукуганда каякка аттаарын билбей, ордунда титирейт.

* * *

Балдар арасында Нуркулов Аскар деген жетим бар. Аскардын мында келишине Шарше себепкер болгон. Ал өткөн кышта, армиядан үйүн карай поезд менен келатса, вагондун эшиктерин тындырбай ачып, бир бала ырдап жүрдү. Үнү мукам. Баланын бутунда олчойгон кийиз чокой. Үстүндө жамаачылуу таар шырмал. Өсүп кеткен чачы кулагын жаап, көкүлү оң жагына кыйгач кайрылган. Кара кашынын алдындагы коймолжун күрөң көзү чыйрак. Маңдайы кырылган чаар шапкеси колунда:

Жер чети кайда, жол ыраак,
Асманда муздап ай турат.
Бир үйдө той-тамаша,
Экинчи үй ээсиз кумсарат...
Баарына күн көз салат!

Шарше баланын шапкесине чака тыйын таштап:

— Кайсы жерликсиң? — деп сурады. Бала жооп кайрыбай нары басып кетти. Ошол баланын өзүн экинчи жолу завхоз болуп иштеп калган кезде райондун борборунун көчөсүнөн жолуктурду. Баягы, эски кийимдеринин ордуна кара күрмө шым кийип алыптыр. «Селсаяктыкка көнгөн тентек» деп ойлоп, жанына чакырды:

— Эй, мени тааныпсыңбы?
Бала тишинин арасынан чыйт түкүрүп:
— Жок,— деди кесе.
— А мен, таанып турам.
— Кантип?
— Вагондо ырдап жүрбөдүң беле.
— Ырдабасам көрбөйт элең аба.
— Жетимсиң го дейм?
— Балким.
— Сен шайтандабай мени менен сүйлөшкүн. Мен...
— Сүйлөшөйүн, өзүңүз тажабасаңыз.
— Балдар үйүнө өтөсүңбү?
— Документим жок.
— Документ мен боломун. Атың ким?
— Аскар.

Шарше Аскарды Калыяга алып келет. Директор баланын ата-энесиз экенин угуп, балдар үйүнө кабыл алат. Тарбиячылык көз менен байкаса Аскар зээндүү, бышык көрүнөт. Аскар бир күнү сабактан кийин руксатсыз кетип, тамактан калып калды. Киномеханикке жардамдашып, акысы үчүн кино көрүптүр. Чын экенин сурап билишти. Дем алышта кечке жок болду. Көрсө лесхоздун шофёрун ээрчип карагай тартышып кетиптир. Аны атайын телефон чалып билди да, экинчи жолу каалаган жагына кете бербөөгө убада алды.

Калык Аскарды Ороз чалга кошуп, айылдан бөлүнүп коюлган товарларды алып келүүгө жумшады. Түрмөк-түрмөк жүк тарткан күрөң кашка атты, кыңылдап ырдаган Аскар айдап келди. Ороз эки бутун салаңдатып, арабанын артында. Калыя терезеден көрүп:

— Оо, Аскарчик! Жардамдашып калган тура! — деп койду. Өтүгүнүн апкыты майрыйган Шарше тиги сөздү угуп, арабаны тосо чыкты.

— Аскар, мен сенин ушундайыңды билип, жакшылык кылгамын. Азыр... Аттын башын нары, складды карай бур. Стооп! Ороз, өзүң отун жаруунун милдетин алып, арабаны бу, менин өгөй иниме бербейсиңби?

— Араба качпайт. Алдагы сенин колуңдагы ачкычка жетүү кыйын!

— Хе-хе. Ырас, ырас. Ал ар кимдин бактысынан.

Жүк киргизилгенден кийин Ороз менен Аскарды Шарше өзүнө тиешелүү бөлмөгө алып келди. Калдырак кагаздын арасынан экөөнө эки сугум сары май берди да, Аскардын чөнтөгүнө бир ууч момпосуй салды:

— Иним болосуң. Колумдан келген жардамымды аябайм,

сенден. Жерге тыштабай угуп жүргүн, айткандарымды! — деди да адаты боюнча төмөн түшкөн сары галифе шымынын кашатын киндигине чейин ыкшап көтөрдү.

Чөнтөгүндө байлыгы бар Аскар жатаканага келгенде балдар алдынан чыкты. Алардын арасында бөжөйүп, Макиш да жүрөт. Аскар сунулган үч колго бирден момпосуй салды да, экөөнү кичинекей Макишке берип, анын шөлбүрөгөн жеңин кайрыды. Кыз момпосуйду тырс кетип, сүйүнө тиктегенде Аскар кыздын маңдайын төшүнө сүйө эркелетип: «Тийишпей жүргүлө буга» дегенсип, чоңураак балдарга сөөмөйүн кезеди.

* * *

Жетимдер райондун ортосундагы кызыл тунике чатырлуу орто мектепке топурап, чогуу келишет. Класстарга тарап кетишет, танапис болоору менен тез эле чогула калышат. Ойношсо дагы чогуу ойношот. Чыкыроондо мектептин күнөс бурчуна тизиле туруп чогуу күнөстөшөт. Арасындагы ата-энелүү балдар булардын четине келсе, үстүндөгү кийими менен дароо айырмаланышат. Алардын арасында булардан жүдөөлөрү көп. Бирок тентектер мактанчаак, тың. Алар үйдөгү апаларына демөөрлөнүшөбү, кези келген жерде жетимдерге кыр көрсөтүшөт. Коридордо түртүп өтүшүп, байкатпай бут тосо коюшат. Чалынып жыгылып калса атайын шатырап күлүшөт. Бир күнү Аскар менен бирге окуган мойну узун, кулагы калдайган, көзү чоң Эсейдин артына узун ак кагазды жабыштырып коюптур. Эки жагын абайлабай шашып басчу Эсей кетип баратса, терезедеги балдар эзиле каткырышты.

Балдардын эмнеге шакылыкташканын Аскар байкап калып, жолдошунун артындагы кагазды бурдап ыргытты да, ызырына түйгөн муштумун терезедеги агарган тиштерге, делдейген кулактарга кеседи. Ага жооп иретинде ондогон муштумдар көтөрүлдү. Ачууланган Аскар босогодон аттаары менен кезиккен сары баланы төшкө муштады. Ал дагы токтоп калбай өзүнөн кем эмес жооп бергенде мушташка бышкан Аскардын колу ойноп кетти.

— Мобу жетимди кара ой! — деп, бир топтору Аскарга кол салышты.

— Жетимди көргөзөм! — деп долуланган Аскар эми мушташка буттарын кошо жумшады. Коридордогу кыйкырык, түрсүлдөктөн улам чыккан мугалим:

— Эмне болуп кетти? — деп катуу унчукканда, Аскарга асылгандар чачырай беришти. Жыгылган экөө тизесин, жаа-

гын сыйпалап, ордунан турушту. Үстүн оңдогондор, жакасы айрылгандар бышылдап демигишет.

— Ким, муну баштаган?

Ууртка жеп, тишинин арасынан кан сызылган алгачкы сары бала.

— Мобу, жетим! — деп Аскарды көргөздү да, өзү ыйлап жиберди. Сестенбеген Аскар:

— Ким жетим? — деп, чаңырып, агайынын көзүнчө ичке койду. Көрүнө жасаган ушул күнөөсү бардык айыпты Аскарга жапты.

Сабак бүткөндөн кийин мугалим Аскар менен Эсейдин тентектигин билгизүүгө, балдар үйүнө ээрчитип жөнөдү. Аскар кулуюп, башын жерге салып баратат. Мойну узун Эсей кең пальтосунун этегин шөлпүлдөтүп жанында. Китептерин колтуктаган бир топ жетимдер топурап артта.

Сумка кармап, өтүгүнүн апкытын майрыйта баскан Шарше алдынан чыкты.

— Мугалим аке? — деди завхоз, кобурап. — Сен дагы бизге багылууга баратасыңбы?!

— Директоруңар кайда?

— Аткаруу комитетине кетти. Ишиңди айт. — Анан мага бул жигитибиз керек эле,— деп, Аскарды карады.

— Жигитиң Нуркуловбу?.. Курусун, мушташ чыгарды. Тартипке салбасаңар башкача сүйлөшөбүз.

— Койчу, ар ишке жараган тартиптүү эле балабыз ушул.

— Тартибин көргөздү! Менин көзүмчө бирөөнү ичке койду.

— Күнөө курсагы ооруганда болуп жүрбөсүн? Айтчы, эмне кылдың Аскарчик?

— Мен айтайымбы,— деп Эсей шашты. — Өздөрү тийишти. Агай... Бизди бекерге...

Мугалимдин алдында Шарше да булардын жоругун кайра баштан сурап чыкты.

— Кечирип коюңуз? — деп өтүндү мугалимден. — Калыяга айтайын. Өзүм да көз салам. Анан, мобу Аскар жаман бала эмес. Айтканында турган, убадалуу эле. Ыр жазат. Таланты барбы дейм.

— Жазсын, бирок тартип бузбасын. Экинчи жолу мындай кылса...

— Жок, экинчи кыйшык ишке кылчайбайт. Ушундайбы, Аскар?

— Агай, балдар өздөрү тийишпесин.

Мугалим кеткенден кийин Шарше Аскарды далыга чапты:

— Алың жетсе, катылган баланын кабыргасын талкала. Андан кийин сенин ким экениңди билишет. Көрдүңбү, дагы өзүм жакшылык кылдым. Баргыла, тамактангыла.

Жетимдер Шаршеге ыраазы боло, шердене түшүштү. Жатакананы көздөй дуулдап жөнөштү.

* * *

Жекшемби. Шарше балдар үйү үчүн мал сатып алууга базарга келди. Аскар жанында. Түрмөгү бузулбаган акча салынган жан сумкасын чолок тондун ичинен асынган завхоз мал базарды ары чалып-бери чалып кыдырды. Тигинде эки-үчтөн кошоктолгон койлор, ноктосун ээси кармаган карала бээ тайы менен дагы бир жалдуу карегер ат. Нарыта алдына салынган чөптү тили менен бурдап сугунган уйлар.

Союуга уй жакшы. Андыктан аларман Шарше «боозбу, кысырбы? деп уйлардын желинин байкады да, сербейген куйкум сакал чалдын колундагы кара ноопаска көзү түштү. Сыртта басып, эти менен майынын салмагын болжоду... Баш менен ичеги-карынды, кагазга жазылбоочу толгон майда этти өз ырыскысына чыгарды. Ошондо гана чалдын муздап турган манжаларын жаздырып, алаканына чак чаап:

— Канча? — деп сурады.

— Беш миң,— деди чал, чокоюн тушмугу менен чачылган чөптү ноопастын алдын карай шилеп. Шарше чалкалап, асманга ышкырды.

— Кудайдан корк. Учпагын анчалык.

— Коркпондо, уурдап алыптырмынбы. Адал малым. Сураарым ошол.

— Тураарын айт?

— Тураары да ошол.

— Ии де, абышка?..

— Дедим, балам.

— Мен муну, согумга сойбоим. Топ жетимдер бар, короо толгон. Ошолорго... Сөзгө келиңиз, ылдыйлатып бериңиз? Май кармаган бармак жалайт дейт, сиз да капа болбой, мен да суукта... Тос алаканыңды! Төрт?

— Жок, чака тыйын кемибейт.

Шарше тарс чапкан алаканды таштап жиберип:

— Ырыс кыркаар неме экенсиң! — деп майпаңдап басып кетти.

Тумагынын кулакчасын түшүргөн Аскар кошо ээрчиди. Чалдын ноопасын көз кыйыгынан ажыратпаган завхоз мал базарды дагы бир сыйра кыдырды. Акыры, абышкага кайра

келди. Дагы бир топко алакандар тарсылдап, акыры кара ноопастын баасы төрт жарымга бычылды.

Бир стакан «акты» эки кружка пиво менен бастырып алып, өтүгү майрыйган, ичи көшүлгөн Шарше ноопасты өзү жетеледи. Эки манты жеген Аскар чырпыгын серeңдетип артында. Базар менен балдар үйүнүн ортосу үч чакырымча. Жол ортосуна жетпей Шаршенин жаагынан сызыла тер акты. Солдат тумагын кежигесин карай түртүп, чолок тонун чечти. Демиге тура калып, Аскарга сунду:

— Ме, жамынып ал.

Имаратка кире бергенде кассир менен турган Калыяны көрдү. Тигилер да көңүл бурушту. Директор боргулданган завхозго:

— Эрип кеткенсиң го! — деди ал, алып келген малын мактап сүйлөдү. Жакшы, семиз экен, канчага түштү?

Жол бою ойлогонуна ноопастын жагып калышы шилти болду да, Шакең токтоосуз:

— Бешке зорго түшүрдүм! — деп салды. Бирок ишти Аскар бузду:

— Ооба! — десе болобу, бирөө кыйнаган немече чочуп: — Төрт жарымга албадыңбы, Шарше аба?

— Ыя?! — Шарше селт эте үтүрөйдү. — Кантип, сен эмнени билесиң жетимче? Аа, беш деп, мен беш миңди айтам. А сен... чаппа, жипти үзөт! Жапайы немеби, жөн баспай тартына берип, алаканым эзилди.

Шарше сөздү канчалык чаргытса да, директорунун алдында айыбы ачылды. Калыя көзүн бажырата башын чайкап жактырбагансыды.

* * *

Муз турган аянтта, балдар жылгаяк тээп жүрүшөт. Коньки байлангандар да бар. Колу бош Аскар буларга келип кошулду. Аскар келгенде айылдык төрт бала өздөрүнчө күбүрөшүп калышты. Булардын бири, мектепте мушташа кеткенде тиши канаган сары бала. Ал ошондогу эти ооруганын кек кылып, өчүн алууга жолдош чогулткан. Чогулткан жолдоштору менен жетимдерге атайы келген. Издеген Аскар жок. Эсейди колго түшүрдү.

— Силер өз музуңарга баргыла! — деди, тигилерге ич тарлык кылган Эсей.

— Тептирбей көрчү! — Сары бала шарт-шарт арыш таштап, муздун аяк-башына чыкты.

— Тарт дейм!

— Тартпаса!.. — Мүдүрүлүмүш болуп, Эсейди коюп кетти. Жыгылып турган Эсей канчалык тиртектесе да мококтук кылды.

— Суу төгүп, өзүбүз жасаганбыз. Калыя эжеге айтам! — деп, жатаканага карады.

— Калыя сени тууган эмес!

Муз тебишкен майда кыздар, балдар Эсейге арка боло алышпай селейип, мурундарын кашып, бириндеп турушту. Элеңдеп эки жагын каранган Эсей тиги аттын тезегин учура тепкилеп келаткан Аскарды көрүп, дароо баатыр боло түштү да:

— Мобулар урган жатышат! — деп кыйкырып жиберди.

— Уруп көрүшсүн! — деп эрдемсинди Аскар.

Төртөө бириге түшүшүп, муштум үйрүштү. Эсей байкатпай койгондо бирөө көмөлөндү. Экинчиси тайып, мүдүрүлдү. Кекенген сары бала Аскарды оозго сүздү.

Баятан топтон четтеп, тейпеңдеп жүгүрүп келип, муз үстүнөн жылып кеткенине ыраазы болуп жүргөн Макиш жаатташып урушканды түшүндү. Чапканыбы, колундагы конькини жыгылган чоочун баланын үстүнө ыргытты. Эсей муну капталга тээп калган. Эсейден муштум жеген мурдагы бала чөнтөгүнө катып келген ташты уучуна кымыра уучтап келип, байкуш Эсейди чекеге урду. Эсей бакырып, чекесин басты. Салаасынан кан чыпылдай түшкөндө, сендиректеп көзү караңгылады. Жетимдер чурулдап ийишти. Аскар болсо экөө менен мушташып жатат.

Чууну Ороз чал укту. Колун укалап, карап калды. Мушташкандарды карап:

— Эй, бул эмнеңер? — деп бакылдап ылдамдады.— Кандай немелер. Болду, кулагыңарды үзөм!

Мушташ токтогон жок. Сары бала чөнтөгүнөн маки суурду. Ошондо гана Ороз катуу басып жетти. Карылуу кол билегин бурап, куралын жулуп алганда сары бала мулуң этип чалга карап кол кайырганы жүрөт.

— Сенин бул эмнең? Иттин баласынын, маки суурганын! Эсейдин башын ким жарды?

Балдар үйүнүн короосунда балдар котолоп, чоң кишилер да чогулду. Директор ачууланды. Өздөрү келип урушкан төрт окуучуну күнөөлүү деп, ата-энелерин чакыртты.

Алар директордун көзүнчө балдарын уруп-согуп кетишти. Сары баланын атасы: «Эмитен минтип жүргөн, кимге оопаа бермекчи. Чоңойгондо, өзүмдү мууздайт. Муну, азыр соёюн!» — деп, баласын жаака эки чаап, жулкулдатты. Чуунун ичинде жүргөн Шарше.

— Мобу кылгыймада жатпайбы? — деп Аскарды кабыр-

гага нукуду. Калыя акырая тиктегенде гапа кыска тонун топчуланып, кийин боло берди.

Уюшуп уруш чыгаргандардын ата-энеси бышактаган балдарын түрткүлөшүп, үйлөрүнө кетишти.

Ороз кара поопасты сойгону чарыкка бычак тартып жатат. Ал чарыктын чыркырагы менен Шаршенин үнүн уккан жок. Шарше:

— Эй, бери болчу! — деди. Жүүнү чыйрак Аскар жанына келгенде нымдалышкан семиз кол, кулакка чап жабышты:

— Коёсуңбу, жөн жүрөсүңбү? Эмне, жүрөгүңдө отуң барбы? Ким экениңди билбейсиңби?

Кыңк этпеген Аскардын башы быртыйган семиз кол менен кошо буралып, өйдө-ылдый болуп жатканда көрүп турган Макиш эчкирип жиберди. Чочуп кеткен завхоз коё берди. Эки жакты жалт карап, Макишти чочута жерди бир тепти:

— Жогол азыр, таманга кирчү тикенектей болбой!

— Жамансың! — деди бышактаган Макиш. Шарше кичинекей кызга акырая караганы менен эткел эриндери бүлкүлдөп, унчуга алган жок. Себеби директор Макишти көп эркелетет.

Аскар жатакананы көздөй Макишти жетелеп бараткан-да толгонгон кулагын жеңи менен сүртүп алды да, алкымына бирдеме кептеле калгандай мукактанып, тоголок жаштар кирпигинен серпилип, жакасына тып-тып тамды. Жетекте бараткан Макиш жогор жагындагы көздүн жашын көргөн жок. Болбосо кошулуп ыйлап, өпкөсү көпмөк.

* * *

Адам көңүлү бирде бук, кабагы салыңкы, бирде көңүлү шат, кабагы ачык. Сыңарындай жылдын бир мезгили бүркөк, суук, биринде күн мемиреп ысып, нурун төгөт. Кар жыртылып, топурак бошойт. Чөп тамырына жан кирип, кыймылдап, жыбырап сыртка умтулат... Айтор, ушул жазда Ала-Тоо мөңгүсү көп эридиби, суу ташкындап катуу кирди. Адамдар аттап өтүүчү ичке суулар нугуна батпай жээктерин кемирип ашып-ташыды. Жээкке жакын көчөлөрдү суу каптады. «Темир жолду бузуптур, поездди жибербей калыптыр. Кант заводундагы кумшекерлерди сактоого шаардан жардам келиптир» деген сөздөр айтылды.

Калыя бул жерден которулуп, Ош тарапка кетти. Балдар үйүнө, жогорку билимдүү, куба жүлүн, бой жигит директор болуп келди. Анын оң ууртундагы бир тиши алтындан каптама экен. Жакшы күткөн кара чачы майланыша

жалтылдайт. Тынбай сылагылап, чачы менен көп алек болот. Ошол чачы сымал өзү да тынчы жок. Кабинетине көп байралбай көчөлөрдү, мекемелерди кыдырат.

— Балдардын жамбашы жука эмеспи? — деп, директор койканы басып солкулдатса, Шарше аскер шапкесин желкесине түртө:

— Министерствого сүйлөшсөңүз... Жаңы матрас алабыз. Буларды жараксыз деп, небак акты жазуу керек эле...

Жаш директор келгени чыртылдама Насиптин кыял-жоругу өзгөрдү. Улам бир көйнөгүн которуп кийүүчү болду. Айлык сайын жоолуктары жаңырып, чытырап толуп турган жаш денесинен атыр, бет майдын жыты урат.

Тактай жуур алдында манжаларындагы шакекчелерин чыгарып, туфлий көйнөгүнө чейин шифонерге илип, жеңи түрүлүү кара халатты киет. Чачтарын жымыра, жоолугун чың буунат. Кыңылдап ырдап, терезеден сыртты жал-жал карайт. Анан барып суу чалпылдатпай тактайды сүртөт.

Жазында трактор менен бузулган дыңдан төрт гектар аянт балдар үйү үчүн бөлүндү. Шак тартылып, чек урулган соң Ороз чал баш боло мекемеде бир киши калбай күрөк-кетмен көтөрүшүп айдоого чыгышты. Араба-араба картошка тукум келди. Көк жыттанган ак соёлуу картошкалардан челекке салып, буттары жумшак топуракка батып, балдар жүгүрүшөт. Ороз менен Насип казган чуңкурларга экиден картошка таштаган Аскар, кыр топуракты шилеп, чуңкурларды кайра жабат.

Шарше каптардын оозун улам түрүп, ичиндеги картошкаларды алууга оңтойлонтот. Нарыта, арык жээгинде күрөң ат. Ал соорусун мемиреп тийген күнгө тосуп, жабырап чыгып келаткан көк чөптү чырт-чырт үзүп оттойт. Кээде бышкырып, шыйпанат. Тээ, алыстагы трактордун мотору күрүлдөп, чөлмөк-чөлмөк көк түтүндү асманга бүрксө, ат башын жерден жула көтөрүп, эки кулагын тикчийте калат да, кайра оттоого жүткүнөт.

Кара плащтын этеги делбиреп, багалеги күрөң туфлийинин үстүн жаба бере, катыра тапталган көк шымы сүлкүлдөп, жылаң баш, башкаларга «алтын тиш» аталып бараткан директор келди. Аны көргөндө иш дагы чамдай түштү. Насип маңдай чачын саал чыгара жашыл жоолугун ондоп байланды да, көкүрөк бүчүсүнүн алкым тарабын чыгарды. Эңкейген сайын акырегинен ылдый, тарткыч көтөргөн эмчек жээги көрүнөт.

Матростук майкечен Шарше адаты боюнча шымынын кашатын өйдө-өйдө ыкшагылайт, каруу булчуңдары болк-болк титиреп, казысы былкылдайт.

— Ой, экиден кем таштабагыла ар чуңкурга,— деп балдарга эскертти.— Ороз, абайлагын, чала көмүлүп калбасын?

Директор талаанын жытын искейт. Колун чөнтөгүнө салып:

— Ишти жакшы баштапсың. Дыйкансың го? — деп, күлүмсүрөдү. Шарше шымын ыкшап:

— Дыйкан болбогондочу, Сали Садыкович! — деп, жетпне албайт.— Береке жерде эмеспи. Башканын чөнтөгүнөн он сом алсаң, түбөлүк колко болот. А кара жер байлыгын эшалондоп ташы, чети оюлбайт... Көрүңүзчү, Сали Сыдыкович, теңине картошка эгилет. Үч жолу чаптырып, төрт жолу сугарсак күзүндө картошка деген неме тоодой болот. Жетимдерибиз үчтөн бирин жеп түгөтө албайт...

— Да! Китепте баары жазылган. Бирок, ишке аралашсаң үйрөнгөнүңдөй болбой чыгат. Чыны, чарбачылыктан тааныштыгым аз. Аны моюнга алуум керек.

— Сали Садыкович, баарын бат эле билип аласың. Анан... Завхоз жөтөлүп:

— Сали Садыкович! Картошкадан башка, дарбыз-коон айдалат. Калган жерге, жарым кылым мурда кыргыздар «мал оттоочу чөп» деп жеришип жүрүп, эми уйдан кыйын бурдап сугунуп калган жашылчанын ар түрү эгилет. Акчалай киреше кирет.

Завхоз шымын ыкшап, бир сөздү айтмакчы болду. Бирок, негедир тамагын жасап, шаттыгын жогото томсорду да, каптын оозун кайрыды. Жүгүрүп келген Аскар менен Эсейдин челектерине күлдүрөтө картошка толтурду. Карачы, күз деген эми эле келет. Кара топурак берген түшүмдөрдү сатуу, түшкөн акчаны кириш кылуу счетовод-кассирдин милдети. Дунган кызы кассирге өттү дегиче, далай шыбагадан Шаршенин кур калганы. Ушуну ойлоп, Салинин алдында кайпактады Шарше.

Директор өзү картошка толгон челекти көтөрүп, тамандары ным топуракты чачып жүгүрүп бараткан балдарды ээрчий берип, Насипке жетти. Бой жигиттин ар кыймылын байкаган ал күлүмсүрөп, мойнун ойнотуп, күрөктүн сабын таянып, тура калды. Колунун сырты менен маңдай терин сүрттү.

Сали завхозго кобурады:

— Тиги биздин үй тазалагыч... Мен жашаган бөлмөнү врачтын кабинетиндей мизилдетип кармайт. Күзгү ордунда, тарак жанында. Жууп-таптаган көйнөгүн ууччасаң бырышпайт, тазалыкты ушундай сүйөм... Өзүң дайындагансың го ыя?

— Болсо болор.

— Билими канча?

— Оо, орусча ушундай так сүйлөйт, просто, орустун түшүн жоруйт.

— Ушундай жаш немелер, күнүн өлтүрбөй бир адистикке ээ болуп алышса.

— Адистиги барбы деп ойлойм. Жанагы, эсеп чотту бар эмеспи, Сали Садыкович, тарсылдатып каккандай болсо таштары көзгө илээшпейт.

— Жакшы. Өзүнө ылайык, кызмат таап алса... Кандай гана газетаны окубагын: «Баарын кадрлар чечет» дейт. Андыктан, жакшы кадрларга камкордукту ар жерде колго алган дурус.

Шарше күлдү:

— Укмуш сөз, Сали Садыкович! Мындай ой менин башыма насос менен үйлөсө да кирбес эле. Көрөгөчтүгүңүздөн айтып олтурасыз. Билимдүүңүздөн, байкап атасыз.

Жаздын эриген алтындай көлкүлдөгөн күнү бийиктей берди. Күн алыстаган сайын, нуру жерди кактады. Чөп арасындагы жайнаган курт-кумурска жыбырап, кычыктарга кирип-чыгып тынчышпайт.

Сали арык жээктеп, алыска чейин кетти. Башы бирде төмөн салынып ойлуу, бирде чачын силке жогору көтөрүп, ыр издеген акындарча толкундайт. Былтыркы өлүү чөптөрдүн алдынан кылтыйып чыккан жаш чөптөрдү жапыра басып, арабанын жанына келди.

Солдат көйнөгүн кийип, башкы көзөнөгүнө чейин узартылган кайыш курун курчанып, белин сындырган Шарше утурлап барып өтүндү:

— Сали Садыкович! Көпкө жүрүп калдыңыз, түштөнсөңүз кантет?

— Иштеш керек? Ну, кандай, бүттүңөрбү?

— Картошка бүгүн бүтөт.

Түшкү тамакка кеткен Насип балдарга борщ көтөрүшүп келди. Кетмекчи болгон алтын тиш директордон:

— Олтуруңуз, тамактаныңыз? — деп өтүндү кыз.

— Жо-жок,— деп Сали кетмекчи болгондо, завхоз чыканагынан жумшак кармады:

— Жүрүңүз. Тамак даярда деп айтып койгом үйгө. Жүрүңүз?..

Студенттик столдон өткөн жылы кутулган Сали галстук түйүнүн узун ак манжасы менен оңдонуп, ээрчип кетти.

Ороз балдарга көмүлгөн тукумду таптабагыла деп эскертти. Анан балдардан четкерек тамактанууга олтурду. Иштебесе да тобун ээрчип келген Макиш мурдун тартып, тамшанып коюп, четте.

Аскар кесим нан менен алгачкы куюлган табакты Ороз карыяга сунду да, экинчисин Макиштин алдына койду. Аскар Макиштин жеңин кайрып, түз олтургузгуча ал өзү камынып, бутунун башы менен табакты чайкап алды.

— Ашыкпа! — деди Аскар күлүп.— Төгүп алсаң экинчи жок. Макиш сөздү укпаган кишиче нанды бет алды. Кашыкты күтпөй эле нанын малып, жээгө киришти.

Бир аздан кийин чалпылдатып чайноо, шоркуратып ууртоо башталды. Күрөң кашканын бышкырыгы, бош оозduктун кылдырты, алыстагы трактордун үзүл-кесил каркырагы угулуп турду...

Тамагын ичкен карыя көк ала мурутун эки жакка жаныды. Эскирип калган өпкө кабынын кең чөнтөгүнөн бүктөлгөн газетаны алып чыкты. Бир катарын айрып, ошол чөнтөктөн үч манжасына чымчып тамеки алды да, рахаттана көк түтүндү бурулдатты.

Тамекиге магдырай түшкөн карыянын көзү тиги май майрамына карата акталып, заңкайып турган балдар жатаканасына түштү. Анын айланасы тазаланган. Жүзүмдөрдүн сабагы тирөөчтөргө арта салынып, алмалардын бутактары чатырап, өрүктөр ак гүл ачкан. Эсине Калыя түштү. Эркек мүнөздүү ал аял Ороздун артынан сарайга кирчү.

— Эмне кылып жатасың, карыя! — дечү.

— Көрүп турбайсызбы?

— Такасы жоюлган го күрөңдүн?

— Жаңыны урдуруш керек эле. Акча жок.

— Кассирге айтайын. Кассирден жаздырып, акча алгын.

— Ошент кудай жалгагыр! Мени силерге жакшы көргөзгөн ушул күрөң кашка.

«Мына, быйылкы тийген дыңдары Калыянын талабы боюнча ишке ашкан. Бирок өзү иш башында болуп, аралашып жүрбөй башка жакка жиберилди. Неге жакшы демилге көтөргөн кызматчыны пайда чыгаар иште кармап турушпай кетирип жиберишти!? Неге алар, тагдырды терең ойлоп чечишпейт? Же турмуш өзү ушундайбы?

«Анын ордуна Сали келди. Бул балдар үйүнө камсыз кылар байлыкты үнөмдөп, кызматчыларынын ал-жайын билип, башкарып кете алабы, же жокпу?» — Ороздун ою ушуга такалды. Деги карыя алтын тиш жигит келгенден бери күңкүлдөп өзүнчө бушайман.

— Көптү билсе керек,— деди Насип, карыя унчукпай калганда,— китеп колунан түшпөйт. Жатып-туруп окуганы китеп.

— Окусун. Окубаганыбыздан алысты көрбөй, акылыбыз өспөй калбадыбы Насипжан. Эми силер окугула, силер иш-

тегиле. Мына сени эле алалы, иш да келет колуңдан, сөз да чыгат оозуңдан. Али жашсың, азыртан келечегиңдин камын ойлон. Райондон чыкпаган менен мобу баш далайды көрдү. Нечен адамдарды байкадым...

— Туура айтасың аке. Жакшы жашап өтүүнү ким самабасын. Жетишпегендик кээде кендирди кесет экен. Күйөөмө баш кошкондо бактым ачылды го дедим эле. Тескерисинче чыкты. Бат эле ажыраштык.

* * *

Иштен келген Насипти көз ымдап, сөөмөйү менен завхоз жанына чакырды.

— Абалың кандай?

— Көрүп турбайсыңбы?

— Бактыңды ачайымбы? Хе-хе.

— Ачкычы колуңда турса, андан ким качсын!

Завхоз келинди складдын кире беришиндеги ящиктер чачылган бөлмөгө ээрчитип келди да, даяр турган салмактуу коробканы сунду:

— Мегин, үйүңө барып эс алгын. Мен анан барамын.

Насип жол бою турмушу тууралуу кыялданды. Жалгыз каалгалуу кичинекей бөлмөсүн ачып киргенде коробкадагы каймак май, шоколад, печеньелерди көрүп «ким болбосун чоочун бирөө келет экен» деп шашты. Арыдан-бери төшөнчүлөрүн короого чыгарып, керме арканга жайды. Шып-бурчтан бери шыпырып желелерди, чаңдарды тазалады. Жалгыз кишилик кроватын сүрттү. Тактайын жууду. Чыны-кашыктарын жаркыратты. Столдун үстүнө жаңы кагаз салды. Эшиктеги төшөнчүлөрүн чыбыктап кагып, кайра жыйнады. Бөлмөсүн салкындатып иреттегенден кийин таранып, боюн түзөдү.

Көкүрөгү ачык көк көйнөгүн кийип, шакектер жаркыраган манжаларын бырсылдата, жүрөгү алаптап карап отурганда, колтугуна эсеп чотун кысып майпая басып Шарше көрүндү. Насиптин ою боюнча анын жанында бирөө болуш керек эле. Ал жалгыз. «Артындадыр?» Жок, жан көрүнбөйт.

Каалга чертилди:

— Мүмкүн бекен?

— Киргин.

— Мына, мына! — Босогону тосуп тура калган Шарше таноосун дердеңдете дем алды.— Атырга кирингенсиң го ыя? Жөн эле буруксуйт. Жарайсың!

— Атыр болбогондо, дайыма тактайдын чыласы жыттанат дедиң беле? Иште терге чөмүлсөм үйдө муздак суугa чайканып, алма болуп алам. Анын эмнеси бар.

— Анық үчүн мен эки колума эки бутумду кошуп, төртөөнү көккө сунам! — деди да, колтугундагы эсеп чотту шарак эттирип, столго койду.— Тамактандыңбы?.. Бу, мен бергенден жеген эмессиң го?

— Ал эмне эле?

— Мына кызык, каймак май менен шоколад...

— Түшүңдөн чочудуңбу?

— Ошону менен багам өзүңдү.

— Жанагы айткан бактың ушулбу?.. Тамак менен бактылуу кылбай эле кой мени?

— Бакыттын башы башталды эжекеси. Олтурчу жаныма? Оолактагыдай беш көкүл кыз белең? Бери?.. Чукул?..

Башка ойдо болгон Насип али сыртка кулак түрүнүп, жанаша. Шарше келиндин көкүрөгүнө мойнун созду:

— Жытың, мас кылып жиберди.

— Бүгүн көргөнсүбөй келген жөнүңдү айтчы?

— Чын эле көзүмдү чел басыптыр. Мурдатан эле ушундай белең? Аа, кечиресиң Насипжан... Ии, келген себебим, келген себебим береги, эсеп чотту үйрөтөм. Эл үч жыл окуп бухгалтерликке жетсе, сен төртүнчү күнү жетесиң.

— Үйрөндүм, максатың эмне?

— Бала болбогун! Мобу кара кумалактан ылдый миңдик, жүздүк, ондук, акыры бирдик. Ачыкты, маңдай тиши түшкөн чал дейли. Эми тыйынга кетесиң... Ал, алдыңа! Сун сөөмөйдү... Менин жүз кырк үч сомум бар дейли. Анда, сөөмөйдүн башы муну, анан мунусун шарт эткизип, тартып коёт. Мунун үстүнө элүү жети сомду кошуп койдум. Анда, үчко жетини сүрүп кел. Шиштин сен жагына он кумалак бүт келди. Эми чогуусу менен шарт өйдө ыргыт да, он деп туруп, быяктан бирди ур. Элүү болду. Жана элүү сомуң кана? Ал мына мында тизилип турат. Шарт эткизе төмөн ур. Элүүгө элүү кошулуп — жүз. Баарын кайра өйдө серп. Жүз деп, мындай тартып кой. Бах, чөнтөгүмө эки жүз түштү. Ха-ха! Жоктон бар кылган чоң бухгалтер турбайсыңбы ой! Ха-ха!

— Сөөмөйдү соройтпой эле кагазга жазып чыгарсам эмне болот?

— Ал колуңдан келет Насипжан, бирок дейм да, кудай буйруп бир мекеменин эсеп-кысабынын ээси болуп калсаң зымга тизилген кумалактар тарсылдап, терезеден эшикке угулуп туруш керек!.. Түшүндүңбү, моймол көзүм! — деген Шарше шилекейине чакап алып: — Майга-сүткө дуушар бол! — деп жоруду.

* * *

Жетим балдар чубалжыта коюлган столдо маңдай-тескей болушуп, түшкү тамакта. Ар биринин алдында акшак ботко. Ботконун ортосуна ырымдалган каймак май балык көз болуп кылгырат. Тарелкалардын жанында кумшекери тунган маламтык сары чай толгон стакан. Ичинде сабы соройгон калай кашык. Тестиер кыз кабагын чытып, боткосун аралаштырып:

— Майы көрүнбөйт дейт. Катарындагылар:

— Күндөн күнгө азайып баратат.

— Мага тамызып эле коюптур.

— Тузу да кем.

— Кужурабагыла! — деп тыйды тарбиячы.

Балдардын нааразылыгы бекеринен чыккан жок. Дагы эле муну баштаган Аскар. Ал эки-үч жолу Шаршенин чоочун кишилерге кагазга ороп, корзинкага салып май бергенин байкап калган.

— Бизге келген тамак-ашты өзүмдүкү деп ойлосо керек. Сураган тааныштарына берип ийди,— деп Эсейге айткан. Эсей дагы бирөөгө, ал бирөөнө айтып, балдар күбүр-шыбыр.

— Директор агайга айталыбы?

— Ал, завхозду жакшы көрөт. Тилинен чыкпайт.

Нааразылыкты Ороз дагы уккан.

— Менин колумдан эмне келет, айланайындар? — деген карыя. Калыя болсо бирдеме демекмин. Алтын тишке дартыңарды айтып, жаман көрүнө албайм. Кыйкым таап, арабасын тартып алса карыганда кайдан издейм мындай ишти? Дагы чыдагыла. Өкмөттүн кайырмагы узун. Туура иштебей баратса бир жерден илип чыгаар... Ит болгурдуку, так иштешсе силер деле нааразы болбой, өздөрү деле тоюнат эле го деп капаланам. Ач көздүк, ысапсыздык адамды бүлүнтөт тура чырактарым.

Ошол ички буктарын жетимдер бүгүн ашканада олтурганда сыртка чыгарышты. Мамлекеттин камкордугу биз үчүн. Майды да, этти, нанды да биз үчүн берди. А ачкыч, кармаганына мактанган Шарше келемишче кетип жеп, нормадан кемитип жатат дешкен алар бир ойдо болушуп, ботколорун кабак бүркөп, чулгулашат.

Эчтеме менен иши жок эле Макиш. Ал мурдун тартып, боткосун четинен кетип сугунат. Селкилдеген кара чачы жаагына түшүп, кашагына тийсе ийин күйшөп, серпкенсийит. Чайдын түбүнө тунган кумшекерин улам чалат. Кумшекер мээлүүн чайга бат эрибей булуттанып, кайра тунса стаканын чыңкылдатып, кайра чалат.

Ашкананын терезелери ачык. Июндун көк жыттуу абасы бөлмөнү аралайт.

Балдардын датын уккан тарбиячы ашпозчудан:

— Канча май алдың эле? — деп сурады.

— Күндөгүдөй эле... — деп күңкүлдөп, колун алжапкычына сүрттү да, мен билбейм деген немече дулдундап чөмүчүн боткого тыгып, чулгуп алды.

Бардык тамак-ашты колунан узаткан Шарше өзү да бул наараЗычылыкты укту.

Ким антип айтты? — дегенде ашпозчу:

— Баары тең,— деп жооп берди.

Завхоз адатынча кашатын ыкшап, балдардын үстүнө түз кирип барбастан ачык турган терезенин түбүнө келди. Тарелкалардын, кашыктардын шаңгырттаганын, стакандардын чыңкылдаганын укту. Таноосу кыпчыла үтүрөйүп, мойнун созду. Издегени шектүү Аскар. Ал ордунан турду да тамак алчу терезеге барып:

— Эже,— деп ашпозчуга эскертти,— Шарше агайга айтыңыз, биздин шыбаганы кытпай жүрсүн. Болбосо...

— Болсо! — деген кекердүү үн терезеден чыгып, баарын чочутту. Аскар өзү да селт этти. Көкүрөгү бери саландап, завхоз көрүндү.

Шарше кулагын чойгондо да, анын май уурдап алганын көргөндө да Аскар жалтанбастан каяша бергиси келген. Бирок, өткөн күздө адамгерчилик кылып, ушул балдар үйүнө жеткиргени эсине кылт түшүп, аргасыз токтолчу, кээде бир тууган агасындай жазганып, ызаттагысы келчү.

Азыр, терезеге башын тыгып сырттан кекеткенде баланын тубаса жаалы кайнады. Агасы экенин унутту. Жалтанбай тик карады.

— Болбособу? Болбосо айтып коём.

— Эмне!?.

— Айтып коём.

Макиш бая эле ордунан ыргып турган. Азыр Аскарга жетти. Дагы кулагынан чоёт деп чочуду. Колунан тартып, эшикке жетеледи:

— Жүрү, кетебиз байке! Жүрү, кетебиз...

Жок боло түшкөн завхоз сыртка чыккан Аскардын алдын тосту. Кичинекей кыздын бакырып ийгенине карабастан, баягы көнүмүшүндөй кулакка умтулду. Аскар балыктай буйт берди.

— Алгын муну,— деп, Макишти Эсейге коргөзду да,

— Толготпойм кулагымды, жетишет, сиздики!

— Эми-не?

— Темене.

Шарше далдайып жалгыз, балдар чуулдап өздөрүнчө топ.

— Уруп көрчү?

— Уятыңыз барбы?

— Директор агайга айтабыз.

— Жүрү, Сали Садыковичке! — завхоз Аскарды бетте-ди. — Сенин көзүңдү биротоло тазалатайын!

— Жүрүңүз эле. Бизди тарбиялаш үчүнбү, же урдуруш үчүн бекен! Өзүңүздөн башканын баарын келесоо көрөт окшойсуз.

Көзүн ала качпаган Аскар Шарше менен директордун кеңсаларына жөнөгөндө балдар топурап жалпы ээрчитишти. Негедир Шаршенин ачуусу мокогондой, жай басып, баланын түйүлгөн муштумунан, жанган көзүнө чейин кайта-кайта карайт. Өткөндү эсине түшүрөт.

...Баягыда муз тепкендер менен болгон мушташтан кийин Аскардын күнөөсүн билүү үчүн Шарше мектепке барган. Жүрүм-турумун мугалимдерден сураган. Класс жетекчиси Шаршени дубал газетасы илинген жерге алып келип, анын «Китеп жана окуучу» деген ырын окуттурган. Ал түгүл:

— Аскар Нуркулов, тилгараак окуучу. Тарбияланса, мүмкүп акын болуп чыгаар кийин,— деген.

Ушуну эстеген Шарше: «Теңелбейинчи. Башка жакка арызданып, бир балээнин ичинен чыгарбасын»,— деп ойлоду. Аскарга кыйгач карады.

— Мен сени жакшы көрөм, а сен... Өңгө унутса да жакшылыгымды сен унутпооң керек эле. Көчөдөн жетелеп келгенимди билесиңби?

— Ал чын. Анан...

— Кел, элдешели?

— Элдешпегидей... Өзүңүз эле... Күнөөңүздү билбей, бакырасыз.

Экөө кайра тартмак. Бет маңдайдагы эшиктен эки колун чөнтөгүнө салып, кара чачы сеңселген директор чыга келди.

— Да-да. Эмне болуп кетти?

— Сали Садыкович? Мобу тентек инимди сизге... жолу болсун мунун.

— Кана, эмне, киргилечи.

Жашыл жабылуу столдун нары жагында, толкун сымал бүйрөмөлөнгөн ак жибек парданын бери жагында турган жаш директор сурдана каш кагып, Аскарга суроо берди.

— Айт, эмне үчүн тентектик жасайсың?

— Агай...

— Тентектик, жакшы ишке алып барбасын түшүнөсүңбү?

— Агай...

— Силерди... Сени бакканыбыз үчүн өкмөт менен пар-

тия күнөөлүү экен да? Тентектикке такыр жол берилбейт, окуучум!

— Агай...

— Угуңузчу Сали Садыкович. — Баржалактап күлгөн Шарше сөзгө аралашты. — Чымчыктарыңыз түшкү боткого тойбой калып, чокуша кетиптир...

— Кайсы, чымчыктар? Аа, ошондой дегин. Тойбой калышат имиш. Бир капты бир гана жолу кайнатып бериш керек экен да, ээ! Көзүңдү ач бала. Экономия деген болот турмушта.

— Агай...

— Ошондой болсо да Сали Садыкович,— деди Шарше тура калды,— экинчи тентектик болбойт, муну менен өзүм сүйлөшөйүн.

Директордун ачуусу ушунчалык келген экен:

— Давай сүйлөш! — дегенде моюн тамыры көбө түштү.

Такыр эчтекеге түшүнбөгөн Аскар жер тиктеп балдар менен жатаканага жөнөдү. «Бул тапан, адамга жакшылык кылбайт!» — деп арамзаланып келаткан Шарше Орозго жолукту. — Ороз! Бакчаны корубасак болбойт. Бадыраңдар үзүүгө жарап калыптыр,— деди.

Завхоз өзүнчө кобурады:

— Бала кезибизде оозубузду ачып, тамак менен уйкуну билчү элек.

Тетиги жетимдер, ботконун майы эмнеге аз дешет ой.

— Эмки балдар деген ошол,— дейт Ороз. Экөөбүз оозубузду ачып жүрсөк, шартыбыз ошондой болгон. Булар ата-бабабыз билбеген кинону көрүшөт, радио угушат. Жети жашынан тамга таанышып, гезитти, китепти койбой окушат. Анан эрте акыл кирбейби.

— Бадыраң үзүлүүгө жараппы? — деди Шарше ороңдой.

— Аскарды баш кылып, үч бала кошуп бер, түшүмдүн акырына чейин күзөтөлү.

— Аскарды баш кылып?!

— Ооба. Ал чыйрак, ушул ишке бир жараса ошол жарайт.

* * *

Аскар Нуркулов жоктон бар болуп, булуттун бурчунан үзүлүп түшкөн жери жок.

Мында ата да, эне да болгон. Анын атасы болгондо да, кандай ата эле! Бою бийик, булчуңдары буржуйган заводдун жумушчусу болучу. Шаардын бир көчөсүндө төрт кабат үйдүн үчүнчү кабатында, тогузунчу квартирада жашоочу.

Атасы Нуркул иштен келери менен баласын кош колдоп көтөрүп:

— Кана, айтчы, эмне иштерди жасадың? Кайда ойнодуң? Бүгүн шахматтан мени ута аласыңбы? Же уттуруп чекең томуйгуча черттиресиңби? — деп сурачу. Анда Аскар:

— Ойнойлу? — дечү. — Өзүң уттурасың.

— Мактанба, учурунда көрөбүз,— деп чечинип таштап, муздак сууга жуунуп кирчү. Үй кийимин кийип, чай коюп, уулу экөө олтуруп, тамактанар эле. Эгер Аскар үйдө жок болсо тынчсызданып, дароо көчөгө чыгып, эки жактан баласын издечү. Көрө калса жарпы жазыла сүйүнүп, кол булгалоочу. Чуркап жеткен Аскардын маңдайынан сүйчү да, ийнине кондуруп, үчүнчү кабаттагы үйүнө чейин жеткирчү. Аңгыча эрдин кызарта упа сүртүнгөн, колуна жалтырак кара сумка кармаган апасы Айсалкын кирчү.

Атасынын жайдаңдаган мамилесин апасы кабак чытып, үшкүрүк менен тосчу. Сырт киймин илгенден кийин, жамбаштап диванга кыйшайчу. Кызматтан жаңы келген аялына Нуркул унчукчу эмес. Чайын булоолонтуп кант-нанын даярдап, столго чакырчу. А кээде газетанын жаңы санын маңдайына кармап, өчөшкөндөй өзү да олтуруп алчу. Атасынын анда-санда каш алдынан тиктегенин апасы көрмөксөн болчу. Ал түгүл бир бутун дивандын бөктөргөсүнө арта, башын алаканына коюп, шыпка карачу. Ошондо Нуркулдун жоон үнү чыгып:

— Эмне, сен таш көтөрүп келдиңби? Дүкөндө турдуң алармандарга ар нерсе сунуп, акча алдың. Ошого чарчайсыңбы? Сегиз саат бою темир эриген ысыкта калыптардын кесегин кетирбей куюп чыккан, мен кандай чарчабайм? Жамбашың сынса да тур, тамак жаса!

— Керек болсо, өзүң жасап ич...

— Дагы?!

Эринин кыялын беш колундай билген Айсалкын астыртан байкап, жата берчү. Нуркулдун колундагы газета шарт түшүп, жаак эти түйүлө түшкөндө гана мышыктай жеңил ыргыйт да, дароо ага жабышып:

— Чалымдын, курсагы ачкан го! Тамак элеби? Кудай алсын аны. Саат чык эткиче, даяр болот да калат. Келчи, борбогой мурдуңдан аймап алайын?

Нуркул Аскарынын туулган күнүн жылыга белгилөөчү. Баласына алынган жаңы кийимдерден башка, чакырылган адамдар тартуулаган белектер бөлмөнүн бурчуна жыйылып кетер эле.

Аскар жетиге толуп, мектеп босогосун аттар маалында атасы курбуларын чакырып той берди. Шампан толгон бо-

калын баржайган колуна кармап, меймандардын алдында жогору көтөрдү да:

— Уулумдун адам болушу үчүн! — деп айтты.

— Болсун!

— Адам болсун!

Бокалдар чык-чык урула, тамчы калтырылбай шимирилди.

...Атасы кастарлаган Аскар үчүнчү классты бүтүп, пионер лагеринде эс алып жүргөн учурунда кара тумандуу согуш чыкты. Нуркул машина жалдап, уулуна өзү келди. Атасынын чөнтөгүндө чакыруу кагазы бар экенин, эл коргоого кетээрин бала кайдан билсин. Бооруна кысып эркелеткен атасы менен үйүнө келди. Үчүнчү күнү калың элдин арасында, вокзалда болду. Апасы бирге. Нуркул тамеки артынан тамеки тартат. Жаак эти түйүлө, кабагы түнөргөн. Айсалкындын жибек оромолу суу. Паровоздун боору шыркырап, көк түтүндү көккө ата ачуу чаңырды. Ошондо сабырлуу Нуркул Аскарын көтөрүп, көзүнөн, маңдайынан сүйдү.

— Жаның кубат берсин,—деди. Бакырайган көзүнөп сыгылган жаш мурдун жандап төмөн куюлду. Аялын эки каруусунан аткып туруп, муну айтты:

— Сага тапшырдым? Агер, башыңа иш түшсө, акыркы көйнөгүңө чейин сатсаң да уулуңду кор кылба. Ал эмгегиңди өмүр бою унутпайм. Кайрылып келсем, төбөмө көтөрүп жүрүп сыйлайын, Айсалкын?! Ушул тапшырмамды аткар, аткар жаным. Кош! Аскарды өзүңө тапшырдым!

Аскарды жетелеген аялы эчкирип, жай тегеренген дөңгөлөктү ээрчиди. Нуркулдун чоң колу алыска чейин абаны кесе шилтенип, булгаланып барды да, акыры чексиз талаага сиңип, жок болду.

* * *

Атасы барда күндүн кандай өткөнү Аскар үчүн сезилчү эмес. Экөө шахмат ойношот, чырдашып кайра табышат, киного барышат.

Күндүн өткөнү ушинтип билинчү эмес. Азыр Аскарга кеч кирбейт. Баягыдай көңүлдөнүп, кечке ойногон балдар аз. Кайгылуу согуш баарынын башына түшкөн... Апасы ачкычты берип, дүкөнгө кетет. Иш бүтөөрү менен үйүндө болчу апа жок. Улам жол карап, уйкусу келген Аскар каткан нанды катырата кемирип, ысык сууну ичет да, бүрүшүп диванга жатат. Түшүндө атасы менен көңүл ачып, куунак жүргөндө коңгуроо шыңгырайт. Атасын кучагынан жо-

готуп тура калат да, уйкусу менен бурчту бир сүзүп, анан барып эшикти ачат. Апасы бурулдап арак жыттанат.

— Ии, Нуркулчук үйдөсүңбү? Жакшы. Атаң жок. Иш оор. Өөх... Киши келдиби?

— Жок.

— Бар ордуңа жат.

Кээде түшүн аягына чейин көрүп, көзүн ачса таң атып калган болот. Бирок, апасы үйдө жок.

Окуу башталганга чейин атасынан үч кат келди. Каттарды Аскар нечен жолу окуп чыкты. Апасынын абалын сурап келип, өзүн жалынып туруп тапшырып «жакшы баккын» деген жерине келгенде, көз жашы көлдөп, бир дагы тамга көрүнбөйт. Бышактап жеңи менен жашын сүртүп, кайра окуйт. Андан кийин катты алып барып, апасынын жаздыгынын үстүнө коёт.

Окуу башталды. Саат экиге чейин мектепте болот. Үйүндө баягы көрүнүш. Бала үчүн чоң кайгы эми башталды. Күн алыста үйгө чоочун эркек келет. Ал өз үйүнөн бетер эркин басып, бөлмөлөрдү кыдырат.

Бир күнү коңгуроо шыңгырады. Эшикти ачса узун бойлуу жигит. Аскар каалгапы кыңкайткан боюнча босогону бербей сурады:

— Ким керек сизге?

— Квартира Айсалкындыкыбы?

— Атамкы.

— Атаң ким?

— Нуркул.

— Оо, ошонун аялы Айсалкынды айтам.

— Апам иште.

Чоочун киши саатына карады.

— Мүмкүн келип калаар апаң. Мен олтура турайымбы?

— Сизди тааныбасам...

— Ооба, анысы бар. Болуптур. Аа, жигит апаңыз келсе... Ну, ладно,— деп тепкич ылдый тарс-тарс басып, түшүп кетти.

Бул күнү апасы үйгө түнөгөн жок. Эртеси жарым түндө келди. Сумкасын шляпасын столдун үстүнө койгончо сурданган жүзүн, сүзүлгөн көзүн, кулагы делдейип, арыктап калган Аскардан айырган жок. Ошол эле калыбында тигиле тиктеп, сөйкөсүн тумбочканын үстүнө койду, шакектерин булкуп чыгарды.

— Уулум, үйгө келген кишини киргизбегениң кандай? — Жеңилденгенден кийин чачын жазып, төөнөгүчтөрүн алып:

— Айтчы, жакшы эмес го? Ал агайың менин чоңум, эгер жумуштан бошотуп жиберсе эмне кылмакпыз? Атаң

солдатта. Мылтыктан колу бошобойт. Жалынып жазган каты мага кандайча жардам берет? Кана, айтчы? Балким, үйгө мени да киргизбей коёрсуң ыя?

Аскар эки ийни менен дем алып, ыйлап жиберди.

— Болуптур. Бар ордуңа. Экинчи минтпей жүргүн. Уят болот. Өпкөсү көбө дем чыгарбай ыйлаган Аскар коңгуроо чырр этип, бирөө киргенин билди.

Эмне үчүн апасы ушунчалык өзгөрдү? Атасы бардагы апасы кайда? Эмне үчүн баласынын абалына карабайт? Эмне үчүн үйгө чоочун киши келет? Аскардын жүрөгүн өйүп, тынчын алган ушул оор суроолор.

Аскар окуудан начарлады. Өңү азды. Сүйлөшкөн адамдарды жалдырап тиктейт. Бирок, сырты мусаапырдай бүрүшүп жүргөн менен ичи кайнап тиштенип араң чыдайт.

Өзү менен бирге окуган балдардын чөнтөгүнөн жасалма тапанча көрдү. Ушул үндүү тапанчага Аскардын көзү түштү! Ал тапанчага кызыгып калды да, көңүл коюп карап чыкты. Өзү да бир топ аракет менен дал ушул тарс этип атылаар тапанча жасады. Ага шпренкенин күкүртүнө кадимки мылтык дарысын аралаштырып, куйгучунун түбүнө шыкады.

Дүрмөттөлгөн тапанчасын атасынын булгаары кол кабына салып өзү жатууучу кроваттагы матрастын арасына катты. Биринчиси апасына таарынып, экинчиси чоочун эркектин атасы жатчу төшөнчүлөрдү тебелеп, олтурчу орундуктары, диванды майыштыргандарына ичи күйүп, өлүүгө макул болгон бала кийинки күндөрдө андан бетер азды. Кантип атууну билбей, коркту. Этинин ооруурун, кандын агаарын элестеткенде көзү алайып, жүрөгүнө тамак баргады.

Ушул санаа менен терезени тиктеп, үйдө жалгыз. Күн эртеден бери бүркөлүп, асманды коюу булут тумчулады. Батыштан муздак шамал уруп, телефон зымдары боздоду. Шамал токтоору менен бирин-серин тамган жамгыр терезеге тийип. Аскардын көз жашындай сызылып, айнекке из калтырды. Жамгыр катуулаганда чатырлардан шорголоп суу куюлду да арты карлап, көчөлөр агара баштады. Аскардын эсине атасы менен лыжа тээп ойногону түштү. «Мен өлүп калсам, атама кыйын болот го? Келип калса издейт... ыйлайт!» дегенде, өзү да андан бетер солкулдап ыйлады.

Коңгуроо чыр этти. Жашын шашып аарчыды да, эшикти ачты. Апасы экен. Далистин караңгысында Аскардын көзүнүн шишигин Айсалкын көргөн жок. Колундагы оролгон кагазды столдун үстүнө коюп, терезенин шаңына келгенде байкады.

— Сага эмне болгон?.. Кайгы үстүнө кайгы. Үйгө келсем сен... Атаңдан кат алдым. Чукулда чабуулга өтүшөт имиш. Ыйлагансың го? Али далай ыйлашабыз өлбөй тирүү турсак.

— Апаке! Антип айтпачы! — Эчкирген бала апасын кучактап, жалынды. — Атам чабуулда эмне жасайт? Экинчи ыйлабайын. Айтсаң атам чабуулда эмне жасайт?

— Чабуулду билбейсиңби? Кинодо бирин-бири бишкектеп өлтүргөндөрдү көргөн жок белең? Ошондой аралашышат. Күчтүүсү нары өтөт. Күчсүздөрү кырылат. Тоголонуп, жерге жыгылат. Азыр душман күчтүү.

— Атам, атам... келеби анан? Ал күчтүү да?

Айсалкын баласынын кучактаган колун акырын бошотуп, телмире тиктеди.

— Өлбөсө келет. Эмне үчүн атаң сыяктуу мени жакшы көрбөйсүң?

— Жакшы көрөм, апаке!

— Жалган.

— Чын.

— Эмнеге азып баратасың?

— Билбейм?

— Балага атадан апа жакын. Жаныңда жүрбөйүмбү? А сен... Ыйлайсың.

— Экинчи ыйлабайм. Атам келеби, апаке?

— Тур, бетиңди жуу. Үйгө киши келет. Ыйлоочу болбо.

Жарым сааттан кийин баягы узун бойлуу жигит келди. Тамеки тиштеп, күлүмсүрөп алдынан тоскон Айсалкынды жылмаңдап туруп, колунан өптү. Байкап калган Аскардын жүрөгү муздай, уурту дирт этти. «Өппөгүн, апамдын колун!» деген сөз, жүзүнөн билинип турду. Апасы кылчайып, сурданып койгондо бала бөлмөсүнө кирип кетти.

Тигинде сүйлөшкөн кобур. Жарпты жазган күлкү, чык эткен бокал, буркураган тамекинин жыты.

— Аскар, Аскарчик?

Батыпбай эшик ачкан Аскарга апасы:

— Чай койгун,— деп буюрду. Демделген ак чайнекти көтөрүп киргенде:

— Агайың менен эмне учурашпайсың? — деди, кызыган Айсалкын. Кыйналган Аскар жигитке төбөсүнөн карап, кол сунду. Жигит шадылуу узун манжасы менен колун коё бербей туруп:

— Кел, экөөбүз дос болуп жүрөлү? Мен сага согуш тууралуу жазылган китептерди сатып беремин,— деди.

— Эмне унчукпайсың? Макул агай дебейсиңби? — деди апасы.

— Макул.

— Баргын, сабагыңды окугун.

Чыгып бараткан Аскар жигиттен:

— Бооруң бербейт, өзүңдүн уулуңбу? — деген сөзүн угуп, кулагын сала босогого тура калды.

— Өзүмдүн жатыныман чыкса, үлдүрөбөй калсын. Энеси төрөттөн өлгөн. Бир жашында Нуркулга келдим эле. Түк имерилбейт,— дегенин укканда башы зыңылдап, аз жерден жыгылган жок. Бөлмөсүнө жүгүрүп кирди. Кроватына үстөмөнүнөн жыгылды. «Атаке! Жетим турбайымбы? Эмне айтканың жок. Өзүңдү ээрчип кетпейт белем». Бетин жаш жууп, эки ийни солкулдап жатты.

Бир топ алсырап басылды. Сендиректеп терезеге келди да, чекесин муздак айнекке басты. Көчө караңгы. Чалмакейленип имериле жаңы кар сабалайт. Бою чыйрыга ызырынды. Матрасты кайрып, атасынын кол кабын алды. Эми өлтүрүүгө эмес, өч алууга камынды. Пальтосун топчуланып, шапкесин баса кийди да, тапанчасын оң колу карыша кармап, босогого келди. Каалганы кыңкайта ачты.

Сырт кийимин чечкен жигит, тикесинен турат.

— Айсалк... Жанымы... деп жалбара, бирдемелерди айтат. Мас көзүн зордоп ачып, кирпиктери ирмелет. Ич көйнөкчөн апасы ырсайып:

— Өчүр тигини? — дегенде жигит орундукту жөөлөй сандырактап келип, чырактын билигин басмак болду. Аскардын чыдамы жеткен жок. Тапанчасын суна, кирип барды:

— Токто! — Тапанча чак этти, от алган жок. Колдогу сүрдүү куралды көргөндө апасы чаңырып, жуурканга кире качты. Жигит эки колун көтөрө кыйкырууга чамасы келбей оозун ачып, көчүгү менен шалак олтурду. Аны орундуктар тосуп калганда Аскар эңкейип, столдун алдынан шыкаалады. Тигил балыктай туйлап, жанталашып, артка кетенчиктеди. Тапанча дагы шык этти. От алган жок.

— Дос, дос. Кечир-кечир. Апаңды ат, апаңды ат! Мен... Аа! Күшүлдөгөн жигит калчылдап, көздөрү чанагынан чыга чакырайып эки колу тарбаңдап, бурчка жабышат.

Тапанча үчүнчү урганда тарс эте, дары түтүнү бурк этти. Карышкан колунан тапанчасы түшпөгөн Аскар сыртка жүгүрүп чыкты да, темир жолду көздөй жүгүрдү. Тызылдап ачышканынан улам бармагынын үстүнөн жаая берген канды көрдү, тапанчасынын түтүгү эки бөлүнгөн. Жараксыз болуп калган куралын суугa ыргытты.

* * *

Аскар вагондун ичинде баратат. Дарыга күйгөн колу таңылуу.

Көпчүлүк түшчү вагондун проводниги баланы алгачкы киргенде эле көрдү, Бала батынбагандай, чочуркап, терезе жакта турду. Бирөөлөр баратса кысыла бурчка жабышат, тиктеп калса коркконгой көзүн ала качат. «Чукул станциянын бирөөнөн түшүп калаар, бужүрөйгөн бечаранын кайда бараарын сурап чочутпайын?» — деп ойлогон суйдаң сакал-муруттуу жигит көрмөксөн тартат. Түн ортосу ооду. Уйкусу келген бала бурчка тыгылып отурду. Вагондун ыргагында мойну шылкылдап, башы чайпалып баратты.

Таң атты. Станциялардан жүргүнчүлөр түшсө, жаңылары көтөрүнчөгү менен вагонго кирип жатты. Бирөөнүн зуңкуйган таңылчагы тизеге уруп өткөндө Аскар ойгонду. Тура калаарында талыган тизеси боюн кармай албай, жыгылып кете жаздап оңолду. Адегенде өзүнүн кайда экенин билбей элеңдеп алды да аднан кийин эсине келип, терезеден сыртка үңүлдү. Жол жээги артка зымырайт. Чоюн жол үстүндөгү дөңгөлөк шака-шака-шака-шак этип, чимирилип баратат.

Тамактануу үчүн кире бериштеги купеге жаңы олтурган проводник, өткөндөрдүн бутуна урунуп жолду тосуп калган балага:

— Карагым, бери, менин жаныма келчи? — деп чакырды. Текченин үстүндө калай табак толо жүгөрү талкан, ичинде кашык. Кружкада бууланган ысык суу. Кичинекей кара баштыгынан туз чымчып салды да:

— Мында олтур? — деп, балага жанынан орун көргөздү.

— Колуң эмне таңылуу?

— Темирге алдырып алдым.

— Вагонго жармашаардабы?

— Жок мыкка...

— Азыгың жокко? Кашык менен талкандан сугун... Суудан уурта. Кайдан келетасың?

— Фрунзеден.

— Үйүң кайда?

Бала шар жооп айтпай мукактанды.

— Кайда бараттың эле?

Сол колунун эби келбеген неме пальтосунун ички чөнтөгүнөн конвертти сууруп чыгып, көрсөттү.

— Атама баратам, агай.

Жигит конверттин тышын эрдин бүлкүлдөтүп окуду.

— Атаң кайда өзү? В. Ч. 7554 дейт. Аскер адреси го?

— Ооба. Атам согушта. Чабуулга кирмекчи болуптур.

— Карагым, сенин сапарың кызык го! Биз, Ташкентке баратабыз. А сен... Атаң согушта экен. Согуштагылар, экөөбүзчө бир вагонго олтуруп алышпайт. Жашынбак ойногонсуп бүгүн мында, эртең тигинде.

— Жок, агай. Атам ушул жол менен кеткен. Мен да ошол жол менен баратамын.

— Шешең кайда?

— Атамдан башка эч кимим жок. Апам, төрөттөн өлүптүр...

— Кароосуз шордуу дейин десем, кийимиң жүдөө эмес, Тентектенип үйүңдөн качып жүрбө?

«Бул кайдан билип алды?» дедиби, бала чочуп кетти.

— Жок агай. Тентектик кылганым жок. Атамды сагындым.

— Атың ким? — Аскар. — Талканга кара. Суудан ууртa... Жаныңда акчаң барбы?

— Бар, жыйырма сом.

— Жыйырма сом менен кантип жетесиң атаңа?

— Билбейм.

Жигит терезени тиктей кең талаага тигилип, ойго кетти. Жанын сыйпалап көк тамеки алды да, бурулдатып түтүн үйлөдү. Көк түтүн таноосунан, оозунан окторулуп чыкты.

— Мен сени Ташкентке чейин алып барып, кайра Кайыңдыга чейин жеткирем. Башка жардам колуман келбейт. Келген жериңе кайра баргын. Атаңа жетпейсиң. Бул адреси боюнча кат жазгын.

— Кайда барам агай?.. Үйүм жок.

— Жаныңдагы акча менен жашай албайсың. Кайыр сурагын.

— Кантип?

— Жалгыз жашоону каалаган соң... Башка түшсө, кантмексиң. Шапкеңди колуңа алгын. Аке, жеңе деп, ар кимдин алдына бар да, сун. Эл өлтүрбөйт.

— Бербей койсочу?

— Бирөө бербейт. Дагы бирөө берет. Бербегенге ызаланба. Бергенге рахмат айт. Ошентип, көнүп кетесиң.

Аскар жигиттин жүгөрү талканын жеп, Ташкентке жеткенде эл менен вокзалга чыкты. Аянтта бирине бири карабай, шашкалактап баскан адамдар көп. Кара сыр калем менен сызык тарткан сымал созулуп жаткан чоюн жол. Күпүлдөп каршы-терши өткөн паровоздор. Кайсы жол кайсы багытка жеткирээри белгисиз. Акылы жетпеген бала элее калды да, атасынан чын адашканын сезди. Кат жазуу үчүн

почтого кирди. «Атаке!» деп алгачкы сөзүн кагазга түшүргөндө көз жашы шорголоп кетти. «Сенден адаштым. Үйдөн качтым. Чабуулуң бүткөндөн кийин келип, мени вагондун ичинен таап алгын».

Адреси боюнча катты ящикке салды да көчөгө чыкты. Боз түтүн чүмкөй тунарган чоочун шаар. Моторлордун күүлдөгү мээни болкулдатат. Эки көчөнүн кесилиш бурчунда балалуу аял олтурат. Аялдын жалжылдаган көзүнүн алды болкоюп шишик. Бир байлам чаар жоолугунун төбө жыртыгынан үрпөйүп чачы чыккан. Кичинекей баласын көкүрөгүнө кысып, кара шырмал чапанына кымтылапат. Жанында кагаз коробка. Оң колунун үшүгөн манжалары келаткандарга сунулуп калат.

Аскар башкаларды тууран, аялга жыйырма тыйын сунду. Кайырчынын эрди бүлкүлдөп, ыраазы боло баш ийкеди. Койнундагы бала да көзүн жылтырата тиктеди.

Бөтөн турмуш, бөтөн шарт, үйрөнгүчө чоочун. Поездди күткөн жүргүнчүлөр арасындагы Аскар, кылчактайт. Уйкусу келсе да көзүн ирмебейт. Уктаса эле бирөө көтөрүп кетчүдөй, же бутунан сүйрөп бир чуңкурга ыргытып таштоочудай. Бир туруп, үйүнө кеткиси келет. Анда дубалда илинүү турган атасынын сүрөтүн элестетет. Келбеттүү атасы көз алдына тура калып, бети албыра бою чымырайт. Дароо жүрөгү үйгө жетелейт. Жансоогалап корккон кара чач жигитти элестеткенде коркунуч тооруп нары-бери баскан милициядан чочулап, жалт бурулат. Бурчка ыкталып, кылыйып чыкпайт. Бирок, бир жолу кызык окуя болду. Баягы аткан жигитти Жамбул станциясынан жолуктурду. Көзү алайган күнөлү Аскарды ал байкаган жок. Көк пальтосунун көрпө жакасын кайырган боюнча шыпылдай басып, өтүп кетти.

— Өлбөптүр го? — деп ойлоду. — Башка кишиби?

Аныктап таанууга туура салып жүгүрүп, адамдарга аралашып, байкатпай алдынан чыкты. Дал өзү экен. Эки колун чөнтөгүнө тыгып, камырабай баратат. Көк көрпө папагынын жээгинен тааныш чачы да кылаят.

Душманы тирүү болгондон кийин кайра кетеби? Ошондо апасынын кылыгын, атасына жасаган карасанатайлыгын көрүп коңүлү калган... Жини келип, чыйт түкүрүп жерди тепти да, тетири бурулду.

Адам адамга өзүнүн жаман жоругу менен суук көрүнөт. Адам адамга өзүнүн жакшы жоругу менен сүймөнчүктүү. Белетке акча төлөбөгөн Аскар вагон ичинде куугунтукка алынбады. Ал ар жерде иштөөнү өз милдетиндей сезип, станцияларда чака көтөрө чуркап, проводникке жардамдашты. Челектерге ысык суу, муздак суу ташышып куйду.

Шыпыргы алып купелерди шыпырды. Кеткен жүргүнчүлөрдүн төшөнчүлөрүн жыйнап, ордуна жыйды. Бул кылыгы каккы жебөөгө, батынып, эркин жүрүүгө жеткирди.

Проводниктер кезек алмашканда, кийинки келгендери:

— А, дагы эле бул жердесиңби? — дешет. Же бирөө өзү-отургандарга атайы жарыялап:

— Ырчы балабыз келди. Азыр ырдап жиберет,— дейт.

Анда Аскар токтолбойт. Китептен үйрөнгөн ырын, же атасы жөнүндөгү өзү ойлоп чыгарган ырды үн созуп ырдайт.

Талаа-талаа кыйырсыз,
Атам алыс чабуулда...

— Бул биздин артистибиз. Өзү вагондо туулган, паровоз баласы,— деп проводник көз кысып тааныштырат. Биринчи, экинчи анан үчүнчү адам акча сунат. Ырымдын акысы дейби Аскар камырабай алып, чөнтөгүнө салат.

Атанын тарбиясынанбы, Аскар бергендерге жалтак да эмес, байып калгандай сүйүнбөйт дагы. Бул мүнөзүн биринчи тааныш казак байкады.

— Жашоо, жан багуунун ыгын үйрөтүптүр го? А сен... Ырдадыңбы, уккандан кийин алар берсин. Демек, алар да башкалардан алат, өзү менен өзү жашап өткөн дегеле жер жүзүндө болбойт. Ошент, жашыңдан назарыңды ачка салба. Акыры тоюнасың деди.

Аскар поезддин ичиндеги ашпозчуларга да таанылды. Аларга станциялардагы даярдалган жыгачтарды ташышат. Жүргүнчүлөрдөн калган табак-кашыктарды жыйнап, стол үстүн сүртөт. Ак такыячан ашпозчу жанына келгенде баланып шапкесин кулагына түшүрө басып, жулкулдатып коёт.

— Тамакты актап ич. Кылтыйып арамза болсоң, бирдемени катып алсаң, небак көчөгө кубалап жибермекпиз. Болбосо милициянын колуна салмакпыз. Ал жерде сутка бою ачка жатасың. Анан балдар үйүнө жеткирилесиң. «Ууру экен» деп, ал жерде да кудай сага эшикти кең ачпайт. Уктуңбу? Ак жүргүн. Бар, акча чогулт. Биринчи вагондон акыркыга чейин жиреп өтүп, кайра кайрыл курсагыңды келтире тойгузайын. Карыныңа тамак толсо чарчоо да болбойт, үнүң да жакшы чыгат.

* * *

Аскардын ушундайча өтүп жаткан селсаяктык турмушундагы эстен чыккыс нерсе жай учурунда, Кайыңды станциясына чукул разъездден өзү кырлуу кызды жолуктурушу эле. Күндүзү баратканда бул кызды дайым көрчү. Ал кээде челекке жумуртка көтөрүп чыкчу. Кээде темир та-

бакка салып, үстүн кагаз менен жапкан, куурулган балык сатуучу. Бутунда жеңил кара сандал, колго түйүлгөн ак жүн байпак, күрөң атлас көйнөгүнө жашыл тукаба чыптама кийген кара көз ничке кыз, вагондон секирип түшүп жанына келген жүргүнчүнүнүн көргөзгөн балыгын сайгыч менен сайып сунат да, дароо акчасын алат. Жумурткаларын да ушундай тайманбай, шашпай туруп сатат. Жалтырап таралып, тарак сайынган чачынын учуна бекилген ак лента кыздын кыймылы менен бирге далысында ойнойт.

Аскар бул кыздан балык да алып жеди, жумуртка да сатып алды.

Кайра-кайра жолуга берип, жолуккан сайын колунан тамак сатып алган баладан кыз бир күнү:

— Поездде иштейсиңби? — деп сурады.

— Иштебейм.

— Дайым өтөсүң го бирде өйдө-бирде ылдый?

— Анан кайда барам?

— Кызык, кайда барчу эле, үйүңө барбайсыңбы?

— Үйүм жок.

Кыз Аскарга таң кала тиктеди. Аскар жумуртка сатып алды да, кычырап жүрө берген поездге жүгүрдү. Тепкичке секирип тутканы кармагандан кийин:

— Эртең балык сатасыңбы? — деп кыйкырды. Кылчайган кыз баш ийкеди.

Кыз бул жолу айран алып чыккан. Балык үчүн түшкөн Аскар.

— Балыгың кана? — деп сураганда:

— Агам экзамен берип, балыкка барбай калды,— деди.

— Агаң окуйбу?

— Окуйт.

— Өзүңчү?

— Өзүм да окуйм.

— Агаң, балыкка мени ээрчитип барабы?

— Билбейм.

— Балыкты ушунчалык келиштирип куурасың, алгандын баары мактап калышат.

— Куурагандын эмнеси бар. Кээде апам, ал кызылчага кеткенде өзүм деле...

Кийинки жолукканда балык сатып алган Аскар:

— Агаңа айттыңбы? — деп сурады.

— Айтканым жок. Уялдым,— деп күлдү кыз.

Поезд жүрүп кетти. Бирок Аскар түшкөн жок. Кыз ашыга:

— Түшпөйсүңбү, жүрүп кетти! — деди.

— Мейли, экинчиси келет да.

Аскар сатып алган балыгын тактанын үстүнө коюп, чөнтөгүнөн пан алып чыгып, жегени жатканда кыз кыйгачынан карап койду.

— Кел, экөөлөп жейли? — деп өтүндү Аскар.

— Өзүң жегин.

— Коркосуңбу тамак жегенден.

— Эмнеге коркмок элем?

— Уялып жатасың го. Атың ким?

— Өзүңдүкү.

— Аскар.

— Меники Айкыз.

— Ай, анан кыз, хы-хы!

— Эмнеге күлөсүң?

— Ай, анан кыз болсо күлбөйүмбү?

— Жаман бекен?

— Жакшы, күлкүм келип кетти.

Аскар тамактанып алды да, артканын кагазга ороп, чөнтөгүнө салды. Муундары карарган колу менен майланышып жалтыраган ууртун жаныды. Башындагы солдат пилоткасын желкесине түрттү. Муну айылына келаткан солдат ырчылыгын куттуктап берген эле. Кыздын көзү балада. Анын узарган кара чачы пилотканын жээгинен сеңселип маңдайы ак. Көзү шайыр. «Бул эмне жалгыз жүрөт?» — деп ойлоду кыз.

Аскар чыйт түкүрүп коюп:

— Калган балыгыңды да сатып алайынбы? — деп шоктонду.

— Акчаң көппү?

— Жетишет.

— Айлык аласыңбы?

— Эл берет.

— Кызык.

— Кызыгы жок. Мен ырдайм, жүргүнчүлөр угат. Күлүшүп туруп акысын төлөшөт. Угасыңбы ырдайын?

— Ырдап көрчү?

— Коё тур эмесе... Аскар желкесин тырмады. Чыйт түкүрдү. Койнунан дептер алып, такчага жөлөнду да бирдеме жазып, анан күлүмсүрөй күтүп турган Айкызга окуп берди:

Нары өтөм, бери өтөм,
Балыгыңдан жеп өтөм.
Ыйлагым келип бук толот
Айкыз сени көрбөсөм.
Далай чыгып жолуңдан
Даам татып колуңдан.
Дагы далай көрөрмүн,
Доңгөлок жапчып өлбөсөм.

— Ээй, ушундай ыр болобу? — деди табагын тактага коё койгон кыз.

— Анан кандай?

— Китепте мындай болбойт.

— Айтчы, билген ырыңды?

— Аний.

— Айтсаң?

— Унутуп калдым.

— Мектепте ырдайсыңарбы?

— Ырдайбыз. Тоголотуп топ тептик... деген ырлар ырдалат.

— Меникиндей эле го? Сен топ тепкенди айтасың. Мен балык бергенди коштум.

Жыгылганыбы, Айкыздын бети албырды. Аскарга карабай нары бурулду.

— Үйүңө алып барасыңбы агаң менен балык уулайын?

Кыз үнсүз.

— Сүйлөсөң?

— Уят эмеспи сени ээрчитип барганым?

Айкыз жөнөгөндө Аскар ээрчип алды. Бети албырып жер тиктеген кыз калгын деген жок. Көчө аралап бир топ жерге узаганда Аскар өзү:

— Айныдым,— деди да: — Мобу, акчаларымды үйүңө коюп коёсуңбу? — деп, кагазга оролгон акчасын сунду. Кыз албай кыйылганда:

— Чөнтөгүмдөн жоголуп кетет. Андан көрө сенде турсун,— деп ийди.

Кыз кыйылып барып алды. Эми ал байлыгын катып коюуга макул болгондо, Аскардын жүзү албырды. Сөз айтпай артына бурулуп, темир жолду көздөй жөнөдү.

Аскар мындан кийин да акчасын берди. Айкыз үн дебейт. Бирдеме сатса мурдагыдай такылдабастан, унчукпай жер тиктеп калат. Бала акча төлөбөсө да макул. Анткени, анын тапкандары мында эмеспи. А Аскар болсо, мурдагысындай эле алганынын баасын төлөйт.

Айкыз кийинки күнү жолукканда Аскарга атам сени үйгө келсин деди, деп айтты. Чакыруунун себеби бар эле. Аскардын катып кой дегенин апасына айтсамбы, айтпасамбы? — деп ойлогон. Өз акчасын апасына бергенде кызарып, уялып айта алган эмес. Апасы кызы станцияга кеткенде тарак издеп калып, анын чемоданынан акча көрдү. Ашыгып, эки башка оролгон акчаны эсептеп чыкса бир топ, «Ботом, бул кайдагы акча!» — деп чочуйт. — «Арттырып алганын катып жүргөнбү? Ушунча кайдан болуп кетти?» Муну эрине айтат. Эри бажактап: «Жакшы болуптур. Акчадан

коркосуңбу?» — дейт. Эне абалы сүйүнөт да, анын сапаасына ар нерсе түшүп, кызынан чочулайт. Күндөгүсүндөй айранын сатып, чыны салынган челек көтөрүп келген кызынын алдын тосуп чыгат.

— Саттыңбы, кызым?

— Саттым, апа.

— Канча болду?

— Канча болчу эле, ченеп бергениңче...

— Кызым, акча таап алгансыңбы?

Айкыз чочуп кетти. Апасына чынын айтты. Муну атасы да укту.

— Ошол баланы ээрчитип келгин... Ууру немеби. Андайдан болсо «чоң үйгө» тапшырайын.

Атасынын ушул сөзүнөн улам өзүн ээрчип үйүнө бараткан Аскардын колуна, кыймылына Айкыз назар салып, кабак чытты.

Кыштактын башындагы үйүнө жеткенче мурчуңдаган Айкыз, короосуна мурда кирди. Дарбазаны аттамакчы болгон Аскарды:

— Токтоп тур! — деп, кагып койду...

Короонун жанында тилке огород. Батыш жээги кара тал аралаш сыйда ак теректер. Огороддун бери жагында алма, өрүк жыгачтары. Жашыл сөйкөсүнө жарашкан өрүктөр саргарып, көк алмалар шагында тизилип турат. «Айкыз жакында алма-өрүк сатат экен»,— деп ойлоду Аскар. Огороддун аркы башы бир чабындысынан кийин сеңселген көк беде. Четинде көк уй аркандалуу.

Айкыз кирген эшиктен биринен бири кырдуу үч бала чыкты. Анын кичинеси Айкызга түспөлдөш, үч жаш чамасындагы сары көйнөкчөн жыңайлак кыз. Балдардын чоңураагы күлмүңдөп, эки кичинекейи таңыркай туруп калышты. Балдардын артынан тегерек кара киши чыкты. Ал жылаң баш, ак көйнөкчөн. Жоон сандарына жыгачтын сүрүндүлөрү жабышкан. Босогосунда турган Аскарды карап, сакалмурутун сылап алды да:

— Эй, балам, бас кир үйгө? — деди.

Келаткан Аскар Айкыздын терезеден караганын көрдү. Аркы, мал сарайдын көлөкө жагындагы жайылып турган торду, кайрымактын укуруктарын байкады.

Үй ээсин ээрчип, Аскар оозгу бөлмөгө кирди. Үч бала терезе жакка өтүп, чоочун немеге кызыгып, дубалга жөлөнүштү. Кара сакал жаткан жумуру как талды кармай олтурду. Төркү бөлмөнүн ичин көрсөтпөй көк чайкамага салынган марли парда түшүп турат.

— Ачкыл алып кел? — деген атасынын буйругунан ки-

йин, маалкаткан Айкыз парданы булк эткизип чыкты да, далистен аркы аштык бөлмөгө кирип кетти.

Кабагын чытыган Айкыз колундагы сыр аякка толо айран катыктаган жарманы атасына сунганда, атасы:

— Конок балага... — деп ишараттады. Кызынын күткөнүндөй атасы Аскарга орой сүйлөгөн жок. Баланын дайнын сурады. Жазганып үзүп-үзүп сүйлөгөн Аскар турмушун айтып берди.

— Болот. Турмушта ар кандай болот. — Үй ээси талдын эки жагын имерип, алаканы менен сылагылады:

— Эми эмне кылсам дейсиң?

«Жашыңда тартып мээнетти, карыганда көрөсүң дөөлөттү». Мээнетти тарт дегени, жашыңдан эмгектен, эмгекти сүй дегени. Эмгекчил болсоң, кийин кор болбоонун оокатын курап алаарың анык. Эмгексиз, бир тутам чөп да чогулбайт... Ырдагын, ырыңа каршы эмесмин. Бирөөлөр боор ооруп берген акчага көнүп, күнүңдү өткөрө берсең, кийин өмүрүң өкүнүчтүү болот. Сен, бир топ акча чогултупсуң. Жакында мамлекеттик заёмго жазылып, бирөөдөн жети жүз сом карыз алгам. Ан үчүн, жебестен тооктун жумурткасын саттырдым. Береги бөбөктөрүңдү карачы,— деп терезеге сүйөнгөн үч баласына кашын серпти. — Ушуларга уйдун сүтүн толук ичирбей айран уюттуруп саттырдым. Чоң уулум мектептен бошоор менен тоого, сарай куруууга кетти. Карыз үчүн ал, суудан балык улады... Угуп жатасыңбы?

Аскар баш ийкеди.

— Мен төккөн заём, мамлекет үчүн. Мен, мендей миңдегендердин бергени болбосо, башкаргандардын чөнтөгүнөн чыккан байлык кимдин чекесин торсойтот? Эркек бала «он экисинен кийин жоого аттанат» деген. Сен жоону коюп, бирөөлөрдүн чөнтөгүн кагып акча чогултупсуң. Атаң чабуулда жүрсө... Атаңы жакшы көргөнүң чын болсо, мобу тыйыныңа бир сыйра кийим кийгин да, китеп кагаз алып, балдар үйүнө бар. Билим ал. Адам болуунун жолуна түш... Айкыз, эшиктеги кетменди алып келчи. ...Ушундай, уулум, ата сөзүн капка сакта. Капка сакта дегени, көкүрөгүңө түйүп алгын дегени.

Кетменди алып келген Айкыз имерилип, туруп калды. Кыздын көңүл коюп тиктеген көзү, Аскардын көзүнө уруна түштү. Аскар ордунан турду эле, үй ээси:

— Кайда барасың, конуп ал,— деди.

Үй ээси, жаңы сап кетмени менен бирин-серин ак гүл ача баштаган картошкасын түптөп жатып Аскардан:

— Картошка чаптың белө? — деп сурады.

— Чапкам.

— Шаарда картошка болобу?

— Жыл сайын талаадан жер бөлүп берүүчү. Күн карама, картошка айдоочубуз. Алтынчы күнү атам экөөбүз барып, коно жатып эртеси кечке болчубуз.

Аскар картошка түптөй баштады. Ашыгып иштегенгеби, заматта эле чачы бир жагынан жүдөтө көзүнө түшүп, таноосу дерденщеп демикти.

Көкүлдөгөн күн тоо артына куюлду. Теребелге күңүрт көлөкөсү тийип, сүртүлүп, булут жээктери кызгылт сары боёкко малынды. Кечке жер чукуган көгүчкондөр, чымчыктар түнөгүн кайра учушту.

Иштен кайткандардын арасынан бир аял бери бурулду. Ал боз көйнөгүнүн этегин саал көтөрө, бел куруна кайра кайрыган, ийнинде узун сап кетмен. Жоолугун эңкейте салынган. Талаанын аптабы менен шамалында жүргөнгө жүзү күрөңдөнөт. Көзү жалтырайт.

— Уйду которуп койсоңор боло! — деп күйүндү аял. — Казыгына оролуп калыптыр, жанында жүрүп көрбөйсүң!

Айкыздын апасы экенин Аскар билди.

— Бул кайсы бала? — деп сурады да, уккандан кийин: — Ии, бечара ушул бекен? — деп назар бурду. — Эртең чоң арыктын суусун биринчи бригадага бурсун деди деп эриңе айтып, кетменин койду да, көк үйү жакка басты.

* * *

Айкыздын атасы базар күнү ээрчитип чыгып, өзү чогулткан акчасына бир сыйра кийим сатып бергенден кийин Аскар Шаршеге жолугуп, балдар үйүнө өткөн. Колуна тийген китептерди окуп, сабакка кунт койду. Бирок, мурдагы агасындай көргөн Шарше кулагын чоюп, кекетип, ыза кылгандан бери кайра дагы бир жакты карай кетүүгө көңүлү бузулуп ыргылжың эле.

Ороз абасы менен бакчага келгенден тартып, кайрадан чөккөн көңүлү ачылды... Кашка беде чыккан көтөрүңкү дөбөдө талдан ийип ала бата менен жапкан чөп алачык. Алачыктан чыкса аймакта баскан көк жашыл бакча титиреп, көз алдыда. Бүктөлгөн аркандай ийилген жөөктөрдү чылк баскан жашыл жалбырактар. Эңкейип жалбырак арасын шыкааласаң ак тумшук бадыраңдар шыгырайт. Нарыта жылдызча сары гүлдөрү жайнаган, сабак боорунда күн нуруна чалдыккан булуттай кыярып кызгылт түскө айланып келаткан сансыз помидорлор. Андан ары чылбыр таштап, боз түк баскан сүйрү коондор, дарбыздар, сай ташындай дөмпөйгөн дарбыздардын кара темгили кабыргалана жал-

тырайт. Ортону бөлгөн шактан ары, сабагы коюу жашыл картошка.

Мына, Айкыздын атасы мактаган кара жер. Эмгектен саймаланган коздук, коңул сергиткен таза аба! Алачык жайында ящиктүү араба. Жүнү түлөгөн күрөң кашка. Ал чөп тандап, беденин бүрүн иргеп, күрт-күрт чайнайт.

Ороздун буйругу боюнча Аскар менен Эсей эртең менен жөөк бойлоп бакчадан бадыраң үзүшөт. Чогулганда чөп төшөлгөн арабага ташышат да, үстүнө жашаңдан жаап, райондогу балдар үйүнө таандык көк ларёкко жеткиришет. Анда сатуучу болуп мурдагы үй тазалагыч Насип иштейт.

Эртең менен Ороз же Аскар айдаган араба келет. Ал жерде Шарше даяр. Бадыраңдарды таразага тарттырат. Канча килограмм экени өзүнө жана Насипке белгилүү. Балдар жегенден артканы сатылды болот. Бирок баланча аянт жердеги жашылчалардан түкүнчө салмакта жашылча алынат, сатылгандан кийин мобунча акча балдар үйүнө киреше түшүш керек деп, Шаршеден эч ким милдеттенме алган эмес. Ал райондун керек-жарак союзу менен сүйлөшкөндө ачык эле: «Бизде бакча бар. Анын бышып жээгө жарагандарын жетимдерге беребиз. Артканын ысырап кылбастан элге сатабыз. Түшкөн акча балдар үйүнүн каражатына сарп болот»,— деп айтып, ларёк ачтырган.

Абасы жумшак, күнү ысык жайдын мезгили менен табийгат жашыл жамынып жашарса, көңүлдүү иштеп, адам жашарат белем. Бедеге семирип, жүнү түлөп күрөң кашка ат кулун сынына түшкөн сымал Насип да бойго жеткен кыз кезегин экинчи кайталады. Дайыма жаңы бадыраңдан тандап, помидордун кызылын кыя кесип, каймак аралаштырып салат жеп, суусунуна муздак дарбыз белен болгон Насиптин бетинин отуна тарам-тарам кызыл тамырлар чыкты. Аны мурда көрүп билгендер: «Мээнет жүзү кара, дөөлөт жүзү ак» деген ушул. Жаңы кызматта иштегенден бери чырайына чыгып, көзгө көрүнө баштады дешет. Турмуш жолун басып, түшүнүп калган неме андан бетер суйкаят. Манжаларында шакек, билегинде саат. Сүйлөшкөн жигитке илебинен атыр урат.

Өзүнүн жетекчи кызматта экенин сезген Сали мурда бөлмөсүн иреттеш үчүн Насип кирип келгенде кабагын жасалма чытып, мындай боло берүүчү. Булчуңдары чың, жумуру, ак билек кыймылга келе китептердин бетин, текченин курбуларын шыпылдатып сүрүп жатканда көз кырын салуучу.

Сали азыр аны издеп өзү барат. Насип да жалтанбай калган. Сали кирип барганда назданып тосот.

— Келиңиз? Күрмөңүздү чечиңиз, илип коёюн? — дейт.

Сүйлөшүп олтуруусун суранат. Олтурса чачын уйпалап, балача эркелетип, эркин бийлеп, бул сөздү айтат.

— Капа, жигит, эркинче жүрөсүң. Кош, кийинки тагдырым эмне болор экен?

— Мен... Мен... Таң, кудай урсун... Убагында көрө жатаарбыз.

* * *

Бакчада жүрсө да Аскардын колунан китеп түшпөйт. Окугандары Горькийдин чыгармалары. Бала чыгарманын негизине жете түшүнбөгөнү менен кейипкерлеринин турмушу тааныш сыяктанып, көңүлүн бурат. Бирине кекенсе, бирин аяйт. Үчүнчүлөрүнө боору ооруйт. Жаңы кейип кичинекей Макиш эсине кылт түшөт. Ансыз да арабалап бакча тартып барган сайын ал үчүн дайыма жанынан арнап бадыраң же помидор салып алчу. Кынык алган кыз туура тушунан сербеңдеп чуркап чыгат.

— Аскар аке! — дейт да кол созот. Колуна тийген мөмөнү четинен кырс тиштеп, күлмүңдөп калат.

Жаңы баткан күндү кубалай ай чыгып, айлана ак шоолага бөлөндү. Аскар бүгүн эч нерсе бербегенин эстеп, чөнтөктөрүнө алмадан салып Макишке жөнөдү. Балдар толук уйкуда. Макиштин койкасы жактагы терезе ачык. Жаздык четин кыйгач кысып, кыз уктап жатат. Эриндери бүлкүлдөп, одеял сыртындагы колдору кыймылдайт.

— Макиш, Макиш. — Ойгоноор деп Аскар туруп калды. Шыбыр чыкканда кыз башын көтөрмөкчү болуп, колун сунду:

— Ая... Ая!..

— Аясы ким? Макиш, Макиш?

Уйкусу ачылган кызга алмаларды карматты да, Аскар басып кетти. Макиштин уйкусурап, аялаганы жөнүндө Орозго айтты. Чакага картошка асып койгон карыя саамга унчукпай отту тиктеп, жанынан сыйпалап, тамеки издеди. Чаканын капталын аймалаган жалын карыянын көк ала сакалына, жүзүнө жарыгын жаят. Түтүндү үйлөп, карыя:

— Аясы, апасыдыр? Ким билет. Мен бул кызды балдар менен бирге алып келгем. Дайынын сураган жок элем. Турмушта өзүбүз аралашып, бирге жашап жүргөн менен биз билбеген, биз туйбаган, жанга батып кейиткен машакаттар көп, балам... Китеп окуйсуң. Сен түшүнгөн китепти мен окуй албайм. Угуза окусаң түшүнөм. Китепти да оку, турмушту да үйрөн,— деп кобурады.

Аскар ыкшалып, карыяга ыктады. Эсей чаканын кап-

кагын ачты. Буу урганда башын тарта берип кайра эңкейип, бууланган картошкаларды оодарыштырды.

— Турмушта эмнелерди үйрөнүү керек, аба?

— Үйрөнүү керек дейсиңби? Көптү... Өкмөт өмүрүңдү сактоого шарт түздү. Бул кудай сүйгөн адилеттүүлүк. Минтип, энчиңерге жер-жемиш айдатты. Булар ким үчүн? Силер үчүн эле. Аны кагаздан документ жасоочулар уучтай качып, өз чөнтөктөрүнө салып жатышат.

— Кимдер?

— Кимдерби? — деп Ороз кебин үздү да илеп тарта тамекини соруп созолонгон көк түтүндү абага үйлөдү. Папирос кыпчыган манжасын жай шилтеп;

— Дагы бирөөлөр да,— деп сырын жашыра кырынан кыңкайып унчукпай калды.

Карыянын Аскарды баласынтып, жашырган сыры мындайча: Шарше кандайдыр эки автомашина айдатып келип, коон-дарбызга толтурат. Чолоодон пайдаланган Ороз шофёрдон:

— Кайда тарттырып жатат муну? — деп сурайт. Шофёр:

— Алыска,— дейт да, тиги Шаршенин жанында жүргөн чоочун кишини көрсөтөт. — Кайда алып барарды ошондон сура. Биз жеткирүүнү гана билебиз.

— Килограммы канчадан бааланды?

— Аны да өзүңүздүн завхозуңуздан сураңыз.

— Жеткиргенди сонун билип, калганын билбегениң кызык экен.

— Ийе, туура айттыңыз. Бакчаны бакканды билип, сатканга өзүң ээ болбогон сыңарында, мен рулду сонун айлантам да, машинанын кайда кетерин автобазанын директору чечет. Дирокторду малмага салган теридей жибиткен да тигил экөө.

— Мунуң жүйөлүү сөз. Экөөбүздүн тең билбесибиз чын экен да. Ушул окуядан аз күн өтпөй Сали Садыкович борбор шаарга кетти. Ороздун байкоосунда ал Шаршенин оюнан чыкпай бергенин алды окшоду. «Шаршеге кошулуп, алтын тиш сени кудай урду! — деп, карыя күңкүлдөдү. Чөнтөгүңдү томпойтуп, сени кубанткан акча бакчадан эмей, асмандан түштүбү? Шишиң толгондо, байкоочу көзгө чалдыгаарсыңар...»

...Баягыда Насипти кассирликке көтөрүп, ларёк колго тийип жашылчалар алгач сатыла баштаганда Шарше:

— Сали Садыкович! Аз да болсо турмуштун ой-чуңкурун байкап калдым. Кайда иштебеңиз, карамагыңыздагылар менен ынтымактуу болгондо гана ийгилик даңкталмакчы. Менин ак тилегим — сиз үчүн кылган далалатым, жакшылы-

гым, деген. Сали ушул жүрөктү сылагылаган кеңешке муюп, ал түгүл толкунуна да түшкөн.

— Туура, туура сөз. Давай, ынтымакта жакшы иштешели! — деп жооп кайрыган. Ошол эле күнү балдар имаратын кыдырып чыккан. Маңдайына түшкөн чачын силкип таштап, ларёкто да болгон Шымын ыкшап алган завхоз, жаш жетекчинин алды-артына өтүп:

— Биздин базар жакшы жүрүп жатат! — деп күлүп, күржүйгөн чүйлүсүн кашып койду. Сали Насиптин жоодураган көзүн байкамаксан болуп, ларёктун ичине эңкейди. Жөнөй бергенде Шарше кошо ээрчип, райондун чоң ашканасына кирүүнү өтүндү. Райондогу билермандардын көзүнө чалдыгып калбоо жөнүндө айтты эле:

— Өздөрү кекиртегине кебез тыгып жүрүптүрбү? Ойда, ыгын келиштире ошолор ичип жешет. Кээ бирөөнүн эшигинин алдынан козу жеткирген айыл активдери кетишпейт. Күн алыс, челек-челек кымыз келет,— деп далай жоруктарды төгүп жиберди демейде аңкоо көрүнчү Шарше.

— Да. Ошентишкендер жок эмес. Аларга теңелип...

Деген менен винодон эки стакан жутуп алган жаш директор сүйлөгүсү келип, сөзмөр. Али бою чымырай элек Шарше кайталоону өтүнөт. Кызыган адам кой дечи беле... Салинин студент кезинде да мындай олтуруштар болгон. Тийген стипендиясын ошол эле күнү ичип алып, акча сураш үчүн жездесиникине жөнөчү. Узун бойлуу, чийкил сары жездеси Ильяс жетиштүү турар эле. Кайниси келип кеткенден кийин: «Киши бол десеңчи. Студент китеп окубайбы?» — деп, аялы Асылжанга кобурайт. «Бергенден кемибейсиң. Ата ордуна карманган өзүңсүң. А көркчө мугалимдерине телефон чалдыңбы, экзамендеринен кулатып коюшпасын!» — дечү эжеси, буйра сүйлөп эрине.

Азыр андагы студент Сали эмес!

* * *

Сали министерствого чакырылды.

Шаарга жетери менен биринчи жолу жездесине жолугат десеңчи... Сали атадан ажыраган менен ырыс-кешиктен кемиген эмес тура. Өмүрү базар болуп бапырап келаткан жездеси бар болгону сабатын жоюп, бир топ жыл мурда курс окуган экен. Адегенде айылдык советке секретарь, анан шаты менен дубал кырына чыккан сымал өйдөлөп, акыры райондук аткаруу комитетинин председателдигине чейин келет. Олтуруштарда курбулары: «Билимибизди жогорулатабыз деп жүрүп чачыбыз агарды. А өзүң баягы эле боюн-

часың. Андап дагы «аксалдык» орунду туулганыңда эле маңдайыңа жазып койсо керек?! — деп тамашалаша турган. Ички кубанычын эки көзүнүн кычыгындагы жылмаюсуна каткан Ильяс, аларга: «Билимдүүлүк, чөнтөктөгү дипломго байланыштуу эмес! — деп учуру келгенде беттерин барактап, сүроттөрүн тиктеп койгону болбосо, окууга мойну жар бербеген текчедеги китептерине каш кагат. — Тигине, акыл, — алысты көрсөтөр дүрбү!»

Салини директорлукка жеткирген да Ильяс. Кийим менен аштан кемитпей өстүргөн да Ильяс. Кайнисин жөнөтөрдө жүрүм-турумду үйрөткөн да Ильяс.

— «Турмуш путевкасы колуңа тийди. Сен эми кызматтын рулун кармайсың. «Машинаңды» керектен чыгарып албас үчүн, жолду абайла. Алаптап кетсең, аңга оодарылганың. Же дубал сүзгөнүң. Анда сен жок. Уюлгуган гана чаң калат. Үстүңдөн караган начальниктериңдин буйругун лам дебей кабыл ал. Ошондо өйдөлөйсүң, өркүндөйсүң». Мындай жакынын ким урматтабасын! Сали бир жарым айлык акчасына тийген жок. «Жездемди сыйлоого аздык кылбас бекен?» — деп ойлоду.

Ушундай учурда Шарше менен Насиптин кирип келиши Салини жалт каратып, оюнан бөлдү. Кармалап жаткан чемоданынан оолактай бергенде серпилген ууртунан алтын тиши жылтырай түштү.

Столдун үстүнө жашылчалар жайнап, бир бөтөлкө спирт коюлду. Спирттин дарылыгы эскерилип, алды менен жүздөн ынак жутушту. Анан тамакты кууруп кетет экен дешип, суу куюшту. Кызып калганда күржүйүп Шарше сүйлөдү:

— Сали Садыкович! Өзүң билим алып, көгөрүп, бүр чачып өскөн борборго баратасың. Жолдош-жороң жолугар... Мобуга сыйлап келгин,— деп оролуу кагазды сунду.

Сали кагазды жазды да, акчаны көрүп:

— Бу эмне? — деп чочуп кетти. Насип көңүлдөшүнүн кулагынан акырын чымчып:

— Эмне деп ойлодуң эле, эркем? Шарше экөөбүздүн айлыгыбыз. Кино-театр көрүп, көңүл ачып кел деп жатпайбызбы? Чочуба, чоочун жан жок арада. Өзүбүз элебиз го?..

— Капа болбо, Сали Садыкович,— деп Шарше бир жагынан чыкты. — Чемичке чагып жүргөн бала эмеспиз. Экөөбүздүн айлык бул.

Эшик ачылды. Оролгон акчаны Шарше шып кымтыды. Кирген Ороз экен.

— Дарбыз тартып келдик эле...,— деди камчысын бүктөй кармаган карыя. Шарше кылчая.

— Күтө тургула!

Негедир туңжураган арабакечтин кабагы бүркөлө, жаак булчуңу түйүлдү. Муну Сали даана байкады.

* * *

От жээгинде кыңайган Ороздун Аскарга «бирөөлөр да...» деп унчукпай калганы, Шаршелердин бакчадан кымтып жүрүшкөнүн болжоп билет. Бирок сакалымды сүйрөп, эмнени айтайын деп сыр жашырды. Жашырбай айтканда баланын колунан не келмек? Аскар: «Алар кимдер?» — деп кайталап сурай бергенде гана:

— Аларбы? Алар Шарше,— деп көңүл кош айтты.

— Шарше! Койчу! — Аскардын кабагы чытыла түштү.

Шарше эми ага бөлөкчө көрүндү. Анын кылык-жоруктары көз алдынан чууруп өттү...

Куулук-шумдуктан али караманча бала райондун чоң ашканасында ичимдик ичип, тамактанып жаткан Шаршени көргөн. Босогого сүйөнүп таңыркаган. Ал үч киши менен олтурган. Бири райондук милициянын начальниги, экөө чоочун.

* * *

...Начальник кеңсалары жактан келатып, капысынан Шаршеге жолугат.

— Табарсыгыңа тирөөч койсоңчу, кардың эшилет,— деп тамашалайт.

Сөздүн таамай айтылганына Шарше өзүн-өзү күчтөп күлөт да:

— Эсте болсун аксакал, тирөөч жасай турган уста издеп көрөйүн! — деп тамашасына тамаша менен жооп берет.

— Өзүңө ларёк ачтырып, буржуй болупсуң?..

Өңү бир кызарып, бир кубарган Шарше сөздү башкага чаргытып:

— Бул, аксакалдар ким болушат? — деп, чоочун эки кишини сурайт.

— Областтан. Сени текшеребиз деп жүрүшпөйбү?

— Тамашаңызды коюңузчу!?

— Ишенгин... Так ошондой.

Күлүшүп ажырашкан Шарше басып кетет. Бирок, жүрөгү түпөйүл: «Жанагы неме, тамашаладыбы же?..» — деп, көңүлү алагды болот. Начальниктин элеси тартыла калса, тамырлары диртилдейт. Деми кысылып, аптыгат. «Неси болсо да байкайынчы? — деп, кайра басып, көчөнү акма-

лайт. Ээрчишкен үчөө өзүнө карап калса, шектүүдөй... Бирдеме жөнүндө сүйлөшүп, алаксышса залалсыз немелер өңдөнөт.

Акыры булардын жанына чукул келет да, начальникке күлө карап, шыбырайт:

— Тамаша, тамаша бойдон калсын. Эбин келтирициз тигилерди түштөнтүп коёлу?..

— Анын эмнесине эп. Бир мекемени соруп жаткан завхоз ушул, жүргүлө дейм? Же жегениң жалганбы? Кыязы, мындагылар кара айнек тартынса эле көрүшпөйт деп ойлосоң керек. Хе-хе...

«Ант урган неме го, бул!» — деп ойлоду Шарше араң шилекейин күрмөп жутуп.

— Сыйлаганды күпоолүү деп ойлосоңуз... Анда...

— Акчыланба, жүрү!

Ашкананын төрүнө маңдайлаша олтурганда Шарше жаяктамыш этип, каалаганыңарды айта бергиле? — деген менен, көңүлүнө ичимдик да, тамак да чаппай, кооптуу. Эки көзү тигилердин мамилесинде.

Чоочундун жашыраагы вино куйган стаканды көтөрөөрдөн мурда:

— Кана, сиз алыңыз? — деп Шаршеге кайрылды. Санаага чөккөн ал, селт этип:

— А, ала бериңиз, конок силерсиңер!

Вино денесине тараган начальник курунун тогосун кеңейте берип, чукулама сөздөн кайра баштап, беркилерге көз кысты:

— Жанагы арыз ушунун үстүнөн...

— Байкап көрөбүз да! — деп жашыраагы ормоюп койду.

Күмөндөр Шаршеге булардын сөзү бирде оюндай, бирде чындай көрүнүп жатты. Жалган деп жыйынтык чыгаруу да кыйын, чын деш да кыйын. Анан калса булардын издегени кем-кертикти табуу эмеспи.

Вино тамагына токтой калып өткөн Шарше мойнун кашып, кашатын ыкшап, эки жагын карай бергенде босого жакта турган Аскарга урунду. Бою дүр этти. «Шимшиген күчүктөй болгон шүмшүк, кайдан жүрөт?» деп күбүрөгүчө, кабак бүркөп таңыркаган баланын көзү көзүнө чалдыга түштү. Ал жалтанбай тиктейт, «Ии, шектүү жетим!» — деп күйүндү Шарше. Бекер келген жок, бул? Арызды берсе ушул берди, акмалаганын карачы. Муну эмнеге кийридим экен детдомго?» — дейт ичинде.

Коноктору токтотууну өтүнүп, Шарше акчасын төлөдү. Сыртка чыгып, үчөө менен кол алышып, коштошту. Анын эки көзү айланада. Аскар да кетпей, ушул жерде жүргөн.

Шарше баланы өзүнө чакырып алды да, ээрчитип, далдаага барды. Шаршенин жаак булчуңу түйүлө көзү суук. Аскар андан бетер жалтанбай тиктейт.

— Ой, сен эмне тиктейсиң ыя?

— Жөн эле.

— Айт, жөн эмес! Көзүңдү оюп таштайынбы?

— Кантип?

— Моминтип! — деп сөөмөйүн ойнотту.— Айткын, эмнеге тиктедиң? Арыз жаздыңбы?

— Жок.

— Жок эмес, айткын! — Айтпайсыңбы? Айтпасаң муунтуп өлтүрөм. — Семиз манжалары күрөө тамырдан аткыганда мууна түшкөн бала Шаршенин билегин тиштеп, бошоно берди да:

— Эмне муунтасың? Муунтчу көрөйүн? — деп ызаланды.

— Муунтмак түгүлбү, өлтүрөм! — Ачуусу менен чындап колун созо бергенде, Аскар ойт берди. Шарше баса калчудай качырды. Бала колуна тийбеди.

— Арыз жаздың беле?

— Жок.

— Эмнеге тиктейсиң?

— Документ даярдагансың?

— Кандай документ?

— Кагаз.

— Кана, кокуй?

— Билбейм.

Шаршенин денеси шыргалаң сууга түшкөндөй титиреп, эрдинен кан качты. Тили кургап, жаланып араң сүйлөдү.

— Ошол жөнүндө арыз жаздың беле?

— Жок.

— Анан эмнеге...

— Жөн эле... Муунтат мени. Урат... Шашпагын!

Шаршенин мээси баш сөөгүнө батпай чыңалып чыкты. Аскарды күнөөлүү дээрин да, күнөөсүз дээрин да билбей, тушта келаткан эки кишиден жазгана билмексен болуп, басууга аргасыз болду. Ийни солкулдап ыйлаган Аскар да окчунураакта кетип барат.

* * *

Назары сынган Аскар көз байланганда келди. Ороз менен Эсей кой короодон атайы тартып келип, чокко тутанткан кыктын коруна картошка көмүшүптүр. Улам бышканын көсөө менен тоголотуп чыгып, кулун үйлөп, былпылдап бышканын көрүшөт. Ороз кор жабыша калган оң колунун

үч манжасын эрдине койгулай, тилин өөлайлап ийгенде, Эсей каткырып калды. Бул жорукка кемеге четине тура калган Аскар да бырс күлүп ийди.

— Кайда жүрдүң кечигип? — деди картошкага алаксыган карыя. — Аз болсо куру калат элең. Кой кыктын коруна бышкан картошканы жеп көргөнсүңбү? Мегин, көрчү, куйруктай килкилдейт. Атакөрү, муну пайгамбар-забаалар да жеп көргөнүн кудай билет?

Аскар карыя сунган жарты картошканы алды. Көп кайнаган жумуртканын сарысы сымал кургап бышкан картошканын четинен тиштээрде: «Эмне үчүн, адамдын баары Ороз абадай болбойт?» — деп ойлоду. Шаршенин ыза кылганын эстеп, көзүнөн жаш кылгырды.

* * *

Сали үстүндөгү кийими, билегиндеги саатынан бери жаңыртты. Ошондон кийин жездесинин каалгасын тыкылдатты.

— Киргиле! — деген үн чыкты ичтен. Каалга кыңкайды. Эжеси саамга көзүн алайта таңыркап туруп араң тааныды да анан жалбарып, бөбөгүн мандайынан сүйүп тосуп алды. Арнап алып келген кол челекти ачып, балдан илип оозуна салып, тамшанып, андан бетер жетине албай калды.

— Каралдым... Менин да арка жөлөгүм... Адам болгонуң ушул,— деп, чайпала басып, балды куюуга идиш издейт. — Ишиң кандай? Айлыгың арбын бекен? Балды кайдан алдың?.. Мени унутпаган эсиңден тегеренейин!

Эжесинин сөзүнүн бирин укса, бирин укпаган иниси чоң күзгүнүн алдында. Чачын таранат. Галстук, жакаларын түзөйт. Үстөккө-босток суроо берген эжесине:

— Жакшы, абдан жакшы! — дейт, эжеси өзүнөн эмне жөнүндө сурап жатканын аңдабай.

* * *

Сали жездесинин конторуна келди. Үстүндө киши бар экен. Күрөң булгаары капталып, бөрктүү жез мыктар кадалган сүрдүү каалганы карап, кабыл алчу бөлмөдө отурду. Шаңгыр эткен сайын секретарь келин ашыга туруп, шып кирет. Каалга ачыла бергенде, кобураган үндөр угулат. Бир сапаркысында Ильястын «дал ошондой» деген үнү чыкты. Сагынган адамынын үнүн эшиткенге Сали тура калып, кайра отурду. Бир топтон кийин узунду кыскалуу эки киши чыкты. Узун бойлуусу:

— Көнбөйт дебедим беле. Жеткен кокуй киши! — деди. Башчысынын таламын талаштыбы секретарь туурадан:

— Көнүү, көнбөө ишке жараша,— деп ийди. Байкабай сүйлөп алганына кызара түшкөн тигил «кечир» деген кыязда башын ийкеп, чыгып кетти. Сөзүнө маш чыгып калган секретарша жымыйып:

— Кириңиз! — деди Салини.

Жездеси өзгөрбөптүр. Баягысындай олтургучунда какаят да какаят.

— Саламатсызбы?

— Өзүң кандай? Кел отур,— деди жүзүн муздай муздак кармап.

— Жакшы-жакшы.

— Байкап турам. Жүдөбөпсүң...

* * *

«Жан багууну билген адам, ириде өзүнөн баштайт»,— деп ойлоду Ильяс кайниси менен аңгеме чегишип көчөдө баратканда. — «Ботинкасын мыйрык баспай минтип тыңып алышы, демек, жемин таап жей алганы».

— Ошентип иш жакшы дечи! Жакшы болсун. Он жыл мектепте тарбияландың. Окуп, көзүң тунарды. Анан, институт. Ушунун баарына кан-жаның зарып болду. Эми, турмуштан өч алыш керек. ...Айткандарым эсиңдеби? Биздин өмүрдүн эсеп-кысабы документ жүзүндө такталып туруучу заманга туш келген.

Берки баш ийкей берди:

— Туура... Жезде ресторанга кирели. Алгачкы сыйымды көрүңүз!

— Сыйдан ким качсын. Тиги эжең таарынып жүрбөсүн экөө бөлүнүп кетти деп.

— А кишиге биринчи бардым. Сүйүнүп калды.

— Жолду ачып алган турбайсыңбы. Хе-хе. Жарайсың.

Ресторандагы көмүскө орунда олтурган Ильястын жарпы жазылып тамактанды. Колундагы сайгыч бычак да, жарк-журк этет. Шарапка толгон бокал шыңк эте кагышып, көтөрүлөт. Жартылай шимирилип, тып коюлат. Ильяс сөз арасында кайниси иштеген балдар үйүнүн чарбасынан, бакчадан түшчү кирешелерден кабардар болду. Өңүн көрбөсө да, андагы иштегендердин атын укту. Өзгөчө Шарше менен Насиптин аттары нечен кайталанды. Ильястын баамында аты аталган экөө тең кайнисине жаккан немелер болууга тийиш.

— Али опутуң аз турмушта,— деди жездеси сөз арасында. — Адам татаал организмден түзүлгөн. Башында өз

өңдөнүп көрүнгөн киши кийин жаттын жетип турган жаты болуп чыгышы мүмкүн. Көңүлүңө жага калганга ошол замат сырыңды ачпай, четтеп, сак, түнт жүргүн. Анын мамилесин чалгындай жүргүн.

— Ай жарыктык! Кызматчыларымды мактаганым жакпай калды шекилдүү? Адамга ишенүү керек. Андай болбогондо...

Тамактын баасын эсептөөгө келгенде Сали чөнтөгүнөн катталган жүздүктөрдү сууруп чыкты да, четинен ыргытып, калганын бурдап кайра тыкты. Негедир Ильястын өңү бүркөлө түштү. Официантканы токтотуп үстөк заказ берди.

— Жарыктык! Эсептеш дегениңизден... — Сали да тынчсызданды. Официант кеткенде жездеси кайнисине сурдана карады.

— Бул кандай жоругуң? Тутамдап акча чубаганыңды байкап калчу суук көз жок деп ойлойсуңбу? Алар эртең эле түшөт артыңан. Кара тизмесине бир илинсең, бура басып көр анан, жөн эле, сары изиңе чөп ченешет. Зымырайып, жымырайып жүрүш керек. Андай эле кирешең арбып, акчаң батпай баратса баасын жоготпос буюм сатып койгун. Аны да чоочун көздөр байкабасын. Ээй, акеси, сен али сары ооз балапан боюнча турбайсыңбы!

Шампан көтөргөн официант келгенде Ильяс тамак жасап, көрк көргөзүп чалкалай берди. Сали орундугун кычырата имерилди. Өңүнөн күлкү күбүлүп, томсорот.

«Айткандарымдын мээсине жеткени жакшы,— деп ойлойт жездеси ичинен. — Эмитен кагып-силкип, безин өзө кармап койбосо кийин... Капканга келемиштен да бат чабылат эмеспи».

* * *

Сали Насип менен жашырып-жаппай ачык жүрүп калган. Ал түгүл балдар үйүнүн туюк башындагы эшиги өзүнчө караган эки бөлмөгө киришкен эле. Август айынын башында үйлөнөөрү жөнүндө эже-жездесине кеңешмекчи болуп шаарга кетти да, ишти бир жаңсыл кылып келгенин мындай кой, таптакыр эч нерсе билбеген кишидей суз кайтты. Иши оңунан келаткан Насипти кырсык чалды. Ларёктун кулпусу бузулуп, үч миң сом киши колдуу болду. Корккон келин алаптап Шаршеге айтса, ал «шек чыгарба, Сали Садыкович келсин!» деп токтотту. Насип келечек жарым деп ишенген Салинин алдында жалтайлап, болгон окуяны билгизген учурда ал:

— Бул кечиримсиз күнөө! Мамлекеттик акча жоголбошу керек! — деп оройлонду.

— Жаным! Бери карачы! — деп Насип, тастая таралган чачынан бир байлам жашыл жоолугу артка жылмышып, дирилдеген колдорун көкүрөгүнө алып:

— Бейтап эмессиңби? Ишиңде кырсык жокпу? — деп сурады.

Сали ошондо гана анткор жылмайып:

— Кандайча болуп жоголду акчаң? — деген болду.

— Кеч болуп калганынан сумкасы менен калтырып койгом. Ачайын десем кулпу жулунуп калыптыр.

— Канча эле саны?

— Аз...

— Болгондо?

— Сегиз... Сегиз жүзчө,— деди.

Кабаарыган Сали боз чаар галстугун булкуп тартты. Жакасынын бүчүсүн чыгарып, мойнун бурагылап, өзүнчө алектенди.

...Мурда жашчылыктын мастыгы менен кенебестикке салып жүргөн Сали Насиптин боюнда бары билинип калгандан кийин бул жоруктун кызматына салакасы тиерин ойлоп чочулаган. Кайра туруп «биринчи бала» деген кабар жүрөгүн жибитип, жездесине акыл салганы шаарга кетти.

Аземделип саймаланган жумшак сандалчан эжеси мышыкча дабышсыз чайпала басып, ашканасынан чыкты. Мыртыйган семиз колун алжапкычына сүртүп, көкүрөгүн кымтынып, адатынча жетине албай тосуп чыкты. Столдун кырына чыканагын тирей тамеки чегип олтурган Ильяс оозгу бөлмөдөгү кобурга кулагын сала назар бурду. Залдын каалгасы ачылып, кайниси көрүнгөндө жылмайды. Янтарь табакчага тамеки күлүн чертип түшүрө:

— Жол болсун, директор аке! — деди да, нукабадан канжар жасап оюп жаткан уулу Бакытты таякеңе учураш,— деп буйруду. Сали бооруна кысып, маңдайынан сүйгөндө Бакыт:

— Дай деньги, киного барам,— деди, дароо.

— Сөзсүз! — деп, чөнтөгүн сыйпалады Сали.

Жездеси экөөнүн ортосундагы арактын шишеси бошогонго чейин Сали тартынды. Олтургучу кычырап, буттарын оңду-солду сунат. Күлүмсүрөй калат. Кайнисинин бир нерсе тууралуу айтууга оозу батпай жатканын Ильяс сезди. Акыры үйлөнүү тууралуу өтүнгөнү келгенин айта баштаганда эжеси бөбөгүн кучактап жашып жиберди:

— Каралдым! Сен ушул абалга жеттиңби? Кечеги сербейген көлөкөм бүгүн келиндүү кылмакчыбы? Боору кең кудайым өмүрүңдү берсин... Кана, андай болсо?

— Жетет, эжеси! — деп тыйды Ильяс бырс күлүп. — Аял дегениң качканга деле, кууганга деле кошула берсе керек. Эсиңе келсеңчи? Унутуп калдыңбы!

Асылжан эми чочуп, алаканын чаап, өз бетин өзү чымчыды:

— Апей, куруюнчу! Ушул мен куруп эле калсамчы, ботом...

Сали эч нерсеге түшүнбөй экөөнө алма-терме карайт.

Булардын бушайман түшүшүнүн себеби да бар эле.

...Ильяс илгери окуп шаарда жүргөндө өзү менен жашташ арык жигит Бегим тарыхтан сабак өтчү. Мартабалуу жердин баласы Ильяс Бегимди сабактан сырткары жолугушууларда теңине алчу эмес. Андан бери кыйла убакыт өттү. Республикалык чогулуштарда сыртынан көрүп калганы болбосо Бегимди Ильяс унутуп да койгон. Аны качан болсо сумка кармап, же китеп колтуктап жүргөн калыбында жолуктурчу. «Тырышкан кургур! Айга шаты болом деп жүрөбү? Эс алып, өңдөнүп албайбы?» деп бир чети корсунтуп, бир чети аяган өңдөнүп кетчү. Ошол Бегим илимдин кандидаты, кийин докторлук наамга жетти. Райондук жетекчи кызматтагы Ильяс аны укканда: «Өмүрүнүн жарымын сатып жүрүп, акыры доктор болгон экен»,— деп койду. Ильяс кийин борборго көтөрүлдү. Бегимге көздешкенде тамашалап калчу.

— Саламатсыңбы? Жашыбыз курбу болгон менен сени окутуучум деп сезем.

— Ыракмат, унутпаганыңа. Өзүңөр кандай. Бала-бакыра эсенби? — дейт, Бегим күлө багып дайыма катыш немече.

— Илимпоздор кызык элесиңер! — деди Ильяс кербезденип. — Көрө элек бала-бакыранын кандайын сурадың?

— Сурап коюу, сыпайкерчилик иш.

— Мейли, мейли. Көңүл көтөрүлүп калды мугалимим. Убакыт жеткенде бала-бакыраны көрүп да каларбыз.

— Ондурбай кеттиң го оролто согуп? — деп күлгөн Бегим.

Ильяс ошондо Бегимди кыябы менен кармаган экен. Айткан сөзүн күбө кылып туруп үйүнө конокко чакырды. Ал аялы менен бирге бойго жеткен кызын ээрчитип келди. Асылжан конокторун алп пейилдүүдөй тосту. Далай сыйда болуп, далай конокторду узаткан Асылжан, тажрыйбалуу Асылжан, канчалык күлмүңдөп, канчалык жетине калбагансып жаткан менен Бегимдин үстүндөгү баасыз кастюмду, шымынын бырышын, туфлийинин түсүн жактырбай салды. Кийген ээсин дагы төмөн санап, менсинип калды эми.

Аркы-беркилер жөнүндө сүйлөшүп чай ичилген соң бир-

ден-экиден көтөрүп да ийишти. Бегим ордунан турду. Бөлмөлөрдү кыдырды. Чирене чалкайып Ильяс коногун ээрчийт. Ар бөлмөдө ар түстөгү килемдер. Алайдын карала зор илбирсинин терисинен экөө илинген. Алардын көчөттөй кооз куйруктары чубалып, полго жетет. Бала бөлмөдө сүлөөсүндүн сары темгил териси, суусардын кара кылкан терилери илинүү. Мейманынын артынан келаткан үй ээси: «Буларды көрүп сүрдөп, менин ким экенимден сезденсин!» деп, кербезденет. Бирок окумуштуу баалуу көр-жерлерди көрбөгөн сыяктанды. Качан китептер тизилген бөлмөгө киргенде балыкча өзөндү көргөндөй күлүп жиберди. Эңкейип, кыйшайып, китептердин биринен сала экинчисине кол сунуп, кармалап:

— Мына-мына! Мунуң сонун министир аке! Өткөн кылымдардын өңчөй ширесин жыйнаптырсың. Мунуңа баракелде...

— Шириси турганда суусунун кереги эмне мага! Дүйнөгө даңкы угулган Чолоковдун да бирдемелери бар арасында.

— Чолоков?..

— Ананчы!

Бегим, текчеден текчеге үңүлдү.

— Чолоков? Кайсы Чоо-чо...

— Булчу? — деди Ильяс китептин кырын чертип.

Бегим кылчайбай:

— Шолоховбу? — деди, үй ээси көрсөткөн китепти суурүп жатып.

Эңкее калган Ильяс дароо сөзүн түзөт:

— Үйүмө конгон бир чал: «Чолоков» деп айтып, мени күлдүргөн. Ошондон кийин мен дагы «Чолоков» атап алгам хе-хе...

— Да. Шолохов, Шолохов да!

— Анан башкача болмок беле?!

— Биринин табылгасын көптөрү жамынып,— деди Бегим,— өз жүзүн көрсөтө албаган жазуучу сөрөйлөрдү аралап өтө албайсың. Жылдан жылга коолап баратышабы алар. Китептен өздөрү көп. Өздөрүнөн китеби көп. Окусаң тоң алмадай тишинди камап, баары эле көк.

Маекти Асылжандын үнү бузду:

— Ботом, аяш, тамакка олтурбайсыңарбы? — деди да көзүн кысып, эрин ашканасына чакырып алды. — Желпилдеген жеңил неме го? Үй көрбөгөнсүп бөлмөлөрдү кыдырат,— деп шыбырай мурдун чүйрүп, көзүн сүздү.

— Антпе! — деди алчы-таасын жеп бүткөн Ильяс,— Анын кесиби китеп менен. Антип жан бакпаса мендей ка-

рышкырлардын тепсендисинде жүрүп, күн көрмөк эмес.

— Ошондой де?

— Байкадыңбы бир нерсени?

— Жок.

— Кызы бойго жетип калыптыр.

— Жетсе эмне экен?

— Кулдук урбайлыбы?

— Кимге?

— Иниң турбайбы!

— Жупуну немелер го? — деди кабак бүркөгөн Асылжан.

— Орундалса Бегимдин кереги чоң тийер эле. Заман жолу ушундай, Асылжан. Казан-аякта жүрүп байкабай жатпайсыңбы?

— Андай жагы болсо өзүң билгин, берекем?!

— Тике киришсем...

Ошол замат эле үй ээлеринин мамилелери конокторуна өзгөрдү. Асылжан Бегимдин аялын «секет» деп, винодон дембе-дем кыстап, көтөрттү. Шоколаддын күмүш кабыгын сыйрып: «Өз колуман ооз тийчи, көзүмдүн кареги!» — деп, кызы Динарага сунду. Бегим стаканын бошоткуча Ильяс закуска сайып, оозуна кармайт:

— Мынаңыз агай! Кагып жиберип, артынан кепшеп калыңыз.

Дем алуу жарыялашты. Аялдар үй ичинде калышты. Ильяс Бегимди колтуктап, короосундагы бак-дарактын аллейинде басты. Түбү таш, дубалы карагай бул үйдүн ээси татардын чоң байы болгонун, акыры минтип өзүнө буйруганын айтып келип, сөз тизгинин көкүрөгүндөгү пикирине бурду.

— Бизге караганда Өзбекстан менен Казакстанда окумуштуулар көп да, күчтүү да болуп баратат...

— Аларда маданият эрте тирденди,— деди Бегим. — Биз кече эле камыштуу чаң баскан Пишпектин аймагында борборлоштук. Акын, жазуучуларыбыз өз киндиктерин өздөрү кесип, окумуштуулардын тунгучу эми башталып жатпайбы...

— Жакшы айттың, даана айттың,— деп Ильяс жарк этти. — Туңгучу эми башталса, жалгыз учпай канат-куйрук күтүүгө, борбашты таптап, шумкар этүүгө көңүл бургула окумуштуулар. Хе-хе.

— Туура-туура! Бирок, илимдүүлүккө желкелетип жетүүгө болбойт. Ар бир кесиптин окумуштуусу дилинин ырахатын алуусуна ишенип, издеп олтуруп жетет. Улам кийинкиге пайдалуу жол ачат. Бүтпөгөнүн калтырат. Аны кийинки муун аткарат.

— Кечирип койгун! Сүйөмөлөөсүз утуп чыккан адамды ушул өмүрүмдө жолуктурбадым.

— Ооба, колдоо керек. Анын эки жагы бар: адилеттүү колдоо, адилетсиз кордоо...

— Хо-хо-хо. Өтө чаппа, Бегим! Кош бой аял жолоочулап баратып, жылан тууйт. Таштоого ыраа көрбөй «Жылан да болсо ичтен чыкты» деп, канжыгасына чала кетиптир. Дегеним: «өзүм» деген жаштардан көгөрт. Өздөн баш тартпагын,— деп өпкөлөп койду. Басып, терезесин какты. Халатынын жакасынан төшү балкайган Асылжан өбөктөгөндө эки рюмка арак берүүсүн өтүндү. Асылжан наздана:

— Балалык кыялың калбайт да чалым! — деп ойдолосо, алтын сөйкө көнчөгүндө жалтылдайт. — Үй турса короодо жүрүп...

Кылт жуткан экөө аллеяда бир аз кыдырды. Бою чымыраган Ильяс Бегимден өтүндү:

— Бир учурда мугалим болуп, билим бердиң. Эми куда болуп, кол кармашып өтөлү:

Бегим камырабай чач сылайт.

— Ыктуу болсо... балдар өздөрү чечсин?

— Ата-баба салтынын туура дагы, туура эмес дагы жагы бар эмеспи. Ошентсе да ата эмгегинин, эне сүтүнүн убалын ойлоп, алдынан өтүнүп коюу парс. Же мунубуз эскини колдогондукка жатабы?

Ушул сыяктуу сөздөрдүн айтылганы болбосо жыйынтык чыккан жок. Муну Динара туйган жок. Сый көргөн коноктор кош айтышып, үйлөрүнө тарашты.

Турмуштан төө көтөрчү тажрыйбасы бар Ильяс ээн олтуруп, аялын маңдайына алды.

— Жакшы жашап келатабыз,— дейт акыл салып,— байкасам өмүргө кеч кирип, ала көлөкө түшүп барат. Бакыт жаш. Бала катары тарбиялаган Салини тигинтип, кызматка орноштурдум. Экөөбүз улгайганда кор болбойлу... Жолдош деген эмне? Колуңда болсо жолдош, болбосо кордош! Бегимдин кызынан да өзүнө кызыгып, куда болууну көздөп жатам. Өзүң эмне демексиң буга?

— Эмне дейин. Тапкан ашыңды даярдаганым болбосо сеникинен ашкан кайсы акылым бар эле, арыстаным?!

— Аял, аялга жакын. Бегимдин аялынан кол үзбө. Жаккын ага. Бизди карай имере бергин. Кызы кайда качаар дейсиң. Колго тийип калса иниңди илимге тартууга жол ачылат. Азыр илимдин кандидаттары көзгө сүртөр дарыдай керек. ...Мээңе бирдеме таамп жатабы башыңды эле ийкегилейсиң?

— Өзүң сүйлөгөндө оозум ачылып калат. Бирине түшүн-

сөм экинчисине эсим жетпейт да берекем. Же чоңдордун баары ушундай сүйлөйсүңөрбү?

— Өзгөчө жетекчилери. Анын ичинде сенин чалың, Хе-хе.

Асылжан Бегимдикине шылтоо таап барып жүрдү.

Айтор, бир утуш Ильястарды карай ооду. Ушул тушта Сали келди. Азыр жездеси Бегимдин кызы Динара тууралуу аялынын эсине салып олтурат.

— Акылдашайын дегениң дурус,— деп жездеси кайнисине тигилди. — Бизге келин болчу кишинин өзү ким? Иштейби... Ата-теги кайдан экен?

Сали мукактанды. Оңдонуп олтурду. Галстугун кеңейтип, бүчүсүн чыгарды. Асылжан да дым. Бирде сумсайган эрине, бирде кайпактаган бөбөгүнө карайт. Кагаз канжары белинде салактап Бакыт жүгүрүп кирди. Ильяс уулуна акырайып, колун шилтеди. Эри түктөйгөндө Асылжан да жылып сыртка жөнөдү.

Сали жонунан кайыш тилсе дагы Насиптин төркүн-төсүнүн каяктык экенин, алардын жашаган жеринин эмне деп аталарын кылайып айтып бере алмак эмес. Кызматы тууралуу «бизде иштейт» деп, күңк этти.

— Биздериң ким?

— Мектепте, менин карамагымда.

— Канча жаштарда?

— Өзүм кырдуу.

— Кызбы?

Салинин олтурган орунтугу кычырады. Иштин ойрондоп баратканына көзү жеткен Ильяс:

— Аты ким? — деп жиберди.

— На-Насип.

— Кулагым өз оозуңан бул атты небак чалган!

Жездеси каягынан болсо да сөзүн тосту. Бууп салды. Биринчиден Насиптин жубан экенине көзү жетип, силкинип алды. Экинчиден «кол алдында иштеген кишиге теңтуш болуп, көз артып» деген күнөөгө такап келип, мындай жорук жетекчи кызматчы үчүн жат болоорун, тарбиялык жыйналышта согулуп калаарын айтып, жемеледи. Жөн эле жер жеперине жетти. Мүгдүрөп, мокоп бүткөн Сали:

— Өзүңүздөн акыл сурап жатпайымбы, ошондуктан? — дегенге зорго жарады.

— Кош бойлуу эмеспи?

— Жо-жоок.

— Дурус. Эжең экөөбүз... Алиги институттагы мугалим, Бегимди билесиңби?

— Бегим Нааматовичтиби?

— Ооба. Таанıйсыңбы?

— Каптип тааныбайын мугалимимди.
— Ошонун кызын сага...
— Коюңузчу?! — Чочуганы же сүйүнгөнү белгисиз Сали обдулду.
— Билет турбайсыңбы? — деди жездеси, тамекисинин күлүн кагып. — Макул болсоң... Дегеним, иш жүзүнө ашпай койгон эмес.

* * *

Ошентип Сали шаардан бузулуп кайткан. Азыр сыртка чыгып кеткен Сали кечикти. Санаа жүрөгүн өйүгөн Насип стол четинде. Жаагын таянган. Көзүндө кылгырган жаш. Ирмелсе кирпигинен сыгылчудай.

Шарше кирди. Муну Сали жибергенин Насип билди. Муңайым тиктеди. Кайпактаган Шарше үйрүлүп:

— Капалуусуң го, Насике? — Жоголгон акчадан коркуп жатасыңбы? Эч коркпо! Биз турбайбызбы? Басып койсок болдубу?..

Насип үнсүз. Бирок сырын көзүнөн туйдуруп, көмөкөйүндө күбүрөйт. «Адам, улам жакшырам, улам жакшы турмушка жетем! деп жатып өмүрүн кемире берет белем? Алды-артын ойлонбой күнөөгө жолуккан адам сокурдан бетер жардан учат белем?..»

— Эй, Шарше! — деди келин чыйрала, мен сага бала эмесмин. «Акча, акча!» деп, таңдайың такылдап, тамагың кургай бербесинчи! Акча үчүн мен тутулуп, сен кутулат бекенсиң? Мен тарткан айыпты сен да тартасың! Көрсөң муну, суудан кургак чыккысы бар!

— Кантет, кудай урган! Эмне болуп калгансың — деп, жойпуланат Шарше.

— Эмне болуп калыпмын?! — деди ызалуу жылмайган келин,— Бүгүн көзүңөргө мокочо көрүнүп калыпмынбы? Айтсаң ачыгын, мокочо бекемин?

— Күлүп койчу, ой күлүп койсоң! — дейт Шарше жантыгынан жата. Деген менен Шаршенин бир ишти айта албай турганын Насип сезип жатты.

— Эмнеге келгениңди айт, ырсалактабай? — деп ордунан турчудай кейиптенди.

— Угасыңбы?
— Угам.
— Каап албайсыңбы?
— Азуум түшүп калган.
— Келе колуңду каппай турган болсоң?
— Мына.

Кол алышканга баржактаган Шарше кайра олтурду. Жайдары өңдөнгөн Насип Шаршеге дит бурду.

— Өзүңдөн бир эле өтүнүч... Бирөө эле? — деди завхоз мукактанып.

— Айта бер экөө болсо деле? — деди Насип жибибей.

— Кош бойлуу экенсиң. Боюңан бошон?

— Ыя? — деп чочуп алды Насип. Өңү кубарып, кумсарды.

— Башың жаш,— деди Шарше сөзгө келтирмекке асылып,— бала табылат... Боюндан бошон! Сенден Сали экөөбүздүн өтүнүчүбүз ушул гана?!

Келиндин кайрылган кирпиги улам ылдыйлап, улам түшүп баратты. Сыгылган жашы «Адам азезили адам болобу?» — деп, өзүнө-өзү суроо салды. Анан адамды азгырчу азезил, адам экенине көзү жетти. Бир нерсе кежигесинен жерге ныгыргандай ал күчү кетип, бою шалдырады. Өзүнө-өзү жооп берүүгө даремети жетпей дендароо. Жаак эттери жыбырыла болгонсуп, денеси дүүлүктү.

* * *

Санаага баткан Аскар бакча жээгиндеги арыктын кырында жалгыз. Тигинде түшүмдөрүнүн көбү жыйналган аңыз. Дарбыз менен коондун үзүлгөн, аңтарылып чачылган чылбырлары дагы эле жашыл. Жегенден кийин ыргытылган кабыктар чүрүшүп, ар кайсы жерде додо. Быша электери, жаңы түйүлгөндөрү жайнап, чылбыр боюнда тизилет. Учуру өтүп кеткендиктен, кийин түйүлгөн коон, дарбыздын түктөрү түшпөй жалтырайт.

Уйпаланган сабактарында шыгырай салаңдап кыярган помидорлор. Камыш менен жабылган чөп алачыктын саргарып, куурайы куурап, самсаалаган. Берки капталынын жарым жартылайы жылаңач. Казыла элек картошка аянты гана кадимкидей.

...Жазда ушул аймак жаңы айдалбады беле. Нымдуу айдоого уруктар көмүлүп, адамдар жабыла иштешип, шаңга бөлөнду эле. Жаңы директор алтын тишин шоолалантып далай баскан. Азыр ал биротоло бошоп, бул жерден кетти. Баягыда бой жигитке жагына албай айласы түгөнгөн Насипчи?.. Ал өлгөн. Тээ, кыштак четиндеги мүрзөгө сөөгү коюлду. Молосу али эскире элек.

Айтмакчы, өлөөрүнө жакын, Насип мурдагысындай жаяктабай калган. Шаршеден боюн оолактатканы да байкалган. Аскар алдынан чыкса муңайып карачу. Бир күнү Макиштин башын жууп жатыптыр. Мурда, «тирмийген бей-

бак» деп какчу неменин минтип боорукерге айланышы Аскарды таңгалтты. Ал имерилип, тура калды.

— Аскар, садагасы,— деди Насип,— чөмүчтү алып, чакадагы суудан куюп койчу?

Аскар жылуу суудан сузуп, чуурутту. Алмадай башы Насиптин колунда ушаланып, тырмалат. Тыржыйган арык мойну кежендеп, күрөө тарамышы чыңалып, диртилдейт.

Макиштин башын жууп бүттү. Майда тиштүү тарак менен тастайта тарады. Маңдайдан жара эки бөлүп, өрдү да куурчакка окшошкон немени: Мага кыз болосуңбу? — деди. Макиш башын ийкегиледи. Анан Насип сүт толгон эмчегинин үстүнө бек кысты. Маңдайынан сүйдү. Жетимдин көзүнө өзүнүн жаш кылгырган көзүн кадап:

— Кудай бактылуу кылсын сени? — деди.

* * *

Аскардын көз алдынан андан кийинки окуялар да чубалды... Турагы белгисиз, кийми комсоо, аза таяк таянган кемпир чоң көчөдөн көрүнөт. Ар кимдер ага күзгү ачтырышат. Бирөөлөр: «Тобо! Бирге жүргөндөй эле айтты. Жарыктык!» деп таңданат. Дагы бирөөлөр: «Каралашаар бирөөсү болбосо күнүн өткөрбөйбү картаң неме?» деп, аяшат. Ошол кемпир дарак көлөкөсүндө олтурган. Шынаарлап калган Аскар жанына барды.

— Жакшы жүрөсүзбү, энеке?

Кары башын ийкеди. Аскар жанына жүүрүтө басып олтура калды.

— Жетимсиңби? — деди күзгүчү, Аскардын үстүндөгү балдар үйүнүн кийиминен улам билип. Өзүнүн жетимдигин билип алганга бала таң болду.

— Ооба, энеке жетиммин. Атама күзгү ачып берер бекенсиз?

— Атаң кайда эле?

— Аскерге кеткен.

— Түтүн аралап жүргөн аны менин күзгүм көрбөйт го, уулум.

— Каап. Күзгүңүз мени көрө алабы?

Жүн жоолукчан ак чачы булайган кемпир, кепшенип, күзгүнүн бетин жеңине сүрттү. Тиктеп туруп, божурай берди:

— Тил караак экенсиң, азабың канча болсо, таалайың ошончо. Ала жипти аттабай жүргүн. Арам ишке каттабай жүргүн. Улуунун сөзүн уккун. Азезилден качып кутулгун.

Күзгүчүнүн ырдай уйкаш, угумдуу сөздөрүн жаттап алган Аскар Ороз абасына жетти. Ал арабасынын бирдемелерин тууралап жатыптыр.

— Абаке! Күзгү ачтырып келдим. Жалгыз экенимди дароо эле билип алды,— деди.

— Билбей коймок беле! — дейт, бери бурулган карыя. — Жер бетинде башы эсен, боору бүтүн бир дагы жан жок. Баары жалгыз, жетим, жесир болот. Ал эмес жараткан кудайдын өзү жетим. Бул шумдуктуу баяндамага Аскар андан бетер аңкайды.

Ошол күзгүчүнүн жанынан Насип көп күрүнчү. Бир күнү Насипке кемпир минтип айтканын Аскар өз кулагы менен уккан:

— Убайым жебегин, жарыкчылыкка келаткан наристенин убалына калбагын. Залалы башыңа тиет.

— Эр болбойт. Бөлүнүп кеттик! — деген Насип.

— Эри жок көз жаргандар азбы? Шайтан азгырса кыз деле тууп коёт, төрүндө.

— Тааныгандардын бетин кантип караймʔ..

— Эстүүлөр кечирет. Ушакчылар божурайт. Анан бат эле унутуп коюшат,— деген кемпир.

* * *

Дем алыш күн болчу. Таң атпай балдар үйүнүн короосунда адамдар жүрүшөт. Үч милиция кишилерди бак жакка жолотпой, кубалап жатат. Аскар да жүткүнүп, моюн созду. Теректин бутагында адам асылып турат. Чачы чачылган, жашыл көйнөк этегинен сары чыт дамбалдын багалеги чыгып, жыңайлак. Ороз ийнинен тартты:

— Тур, эсиң чыгат.

— Асылган ким, аба?

— Насип...

— Коюңузчу? Чын эле Насип эжеби?

— Калп айтмак белем. Шору катпадыбы, бечаранын!

Ичинен жетилип калган баласы чыккан Насип жөнүндө көмүлгөнгө чейин, көмүлгөндөн кийин да чөйрөдө ар кандай имиштер сүйлөндү. Акыры: «Киши колдуу болуптурду» врачтардын «өзүн өзү аскан» деген аныктамасы төгүнгө чыгарды. «Шаршө суралып жатыптыр, камалат экен», ичтен чыккан бала бошоп кеткен директордон болуптур, сурак болот экен жакында ага дагы» деген сөздөрдүн да аягы сууду. Кайнаган казан муздак суу куюлгандай имиш-имиштер дымыды. Бак бутагына илинип, чоюла салаңдаган дене көз алдынан кетпей, Насипти унута элек Аскар гана. Азыр да

ошол окуя мээсин айлантып, арык жээгинде жалгыз олтурат.

...Кайсы бир күнү Аскар Насип асылган теректин түбүндө бир топ бала менен турган. Колун серепчилеп, бирдемелерди айтып жаткан. Анын сөзүнө кулак төшөгөн балдар тынчсызданышып, жогору чалкалашып, бутакка жарданышат. Баш чайкашат. Окуяны терезе аркылуу көргөн Шаршенин көзү чанагынан чыгат. Ороз жанында.

— Желмогуз! — дейт Аскарга ызырына муштуму карышып. — Эмне деп жатат?! Жыйналыш куруп алыптыр. Өзү өлгөн неменин ага эмне кереги бар! Көрсөң-көрсөң! Бирдемелерди эле айтып жатат. Деле... Ушундан келгенди...

— Бала деген бала,— деп Шаршенин ачуусуна Ороз арачы болду.

— Бала болбосо башын жесин? Тойгузуп жиберди. Эл оозу элек, кай тешигин бүтөйсүң? Чукулана берип, бир балээ жармашпасын?

Ошол күндөн Аскардын өмүрү тууралуу Ороздун жүрөгү түпөйүл. Азыр жалгыз олтурган балага басып келди. Селт этип ал абасына карады.

— Ыр жазып атасыңбы?

— Жок.

— Кардың ачтыбы?

— Жок.

— Качаган элең качканы жүрөсүңбү?

— Ушу көрөкчө качып кеткен жакшы окшойт аба?

— Анына мен кошулам. Акылды эми абдан туура таапсың. Алсыз нерсе алдуудан из жашырып, караанын көргөзбөгөн оң деп, өзүнчө сүйлөнө берди Ороз,— жаңы бүрдөгөн көчөттү мал да жеп коёт. Кол да жулуп таштайт. Ал ошентип бат эле жаш өмүрүн сүрбөй калат...

— Чыныңыз менен айтып жатасызбы?

— Кымындай калпы болсо оңбоюн!

Жылдыздар көмөргөн жыгач чаранын түбүнө шыгырата күмүш кадоо уруп койгонсуп жаркырашат. Жылдыз сымал Аскардын да санаасы чачылды. Кейүү жүрөгүн тыз тилди.

...Чепкенин айкарасынан жамынып, оң капшытта тетири карап жаткан карыянын коңуругу башталды. Отко көмүлгөн картошканын күйүгү жыттанган Эсей да уйкуга кирди. Аскардын көзү ирмелбейт... Анын көз алдына Макиш тартылат. Күн өткөн сайын боорун берип, бир тууганындай болуп бараткан кичинекей жетим кызды таштоо кандай оор. Кийинтип-ичинткидей жардам бербесе да көрүп коюу, эркелетип мандайынан сылоо кубат эмес беле Макишке?!

Кулагы делдегей, мойну узун Эсейди жалгызсыратуу да

жанга батат. Баягыда мултук маки камдап келген сары бала кегин унутпаптыр. Эки бала ээрчитип, бакча аралап жүргөн Эсейди тооруптур. Жалтанган Эсей помидордун кызылынан, дарбыздын бышыгынан үзүп берген экен. Бул сыйды алар кыйындыгынан көрүп жатышкансып манчыркап, чыйт түкүрүп олтуруп жешип, «дагы бергин» деп жатышкан эле. Ошол маалда арабада келаткан Аскарды көрүшүп, ойноп келген болушуп басып кетишкен.

Кезеги келгенде алар Эсейди токмоктошору анык. Ате, атасы Нуркул болсочу. Турмуштары калыбына келбес беле. Атасына ыйласа да Макиш менен Эсейди жанына алмак. Эч кимден ыза көрбөй бирге окуп, бирге ойноп чогуу жашашмак! Ушул ой Аскарды чабалактатты. Санаасы орундалбаганына каңырыгы түтөп кетти. Ороз өзүн эркелеткендей бырылдап уктаган Эсейди маңдайынан сылады. Же муну ала кетсемби? Каякка барабыз?..»

Аскардын көз алдында Айкыз турду. «Үйдөгүлөрүн жаман көрөт го» деген ал, Аскарды атасы жылуу кабыл алганда, абалкы таанышкандай жайдары тиктеген. Жаңы кийинип, балдар үйүнө кетмекчи болгон Аскар белек үчүн сатып алган сүрөттүү китепти берсе, күлүңдөп колуна алган. Ошол замат барактап чыккан. Кетээрде терезенин түбүнө бөбөгүн эркелетип туруп: «Дем алышта келип тургун?» — деген эле. Бирок, Аскар канчалык камынса да негедир алардын үйүнө барууга батынбады. Айкыздан уялды. Эки жолу кат жазып конвертке салаарда кайра бир сыйра окуп чыгып, ыр кошуп койгондугу үчүн тытып таштаган... Ушул сапар барсамбы? Эмнеге барам?

Баланы ой чарчатты. Чекесиндеги чыбырчыктаган терди сүрттү. Эсине үйү түштү. Атасынын портрети. Атанын коюу каш алдындагы мээримдүү көзү уулун маңдайынан сылагандай. Кайда жүрөсүң? Мага көрүнүп турсаң боло? Үйдө жүрсөң боло? дегендей. Бирок сүрөт алсыз. Ордунан жылбайт. Алдуу-күчтүү өзү алыста, согушта жүрөт.

...Бала үшкүрүндү. Ороз түйшөлдү. Жөтөлдү. Кудайга сыйынып келме келтирди.

— Аскар! Аскарбай...

— Эмне, Ороз аба?

— Бу сен... Кыйналып чыктың. Неге уктабайсың?

Күйүт алкымын бууган балага ушул эле керек эле. Тура калып карыянын көөдөнүнө кулады. Солкулдап ыйлады. Обдулган Ороз куудураган колу менен маңдайынан сылагылап, далысынан таптап төшүнө кысты.

— Кантет, кантет чырагым! Эмне болду сага? Мен сага китепти оку, турмушту үйрөн деген элем. Үйрөнө башта-

ганың ушул. Дагы эле болсо уя ичиндеги балапансың Өзүңчө учуп... Өзүңчө кол салып... Өзүңө өзүң жем табар күнгө келе элексиң. Учуп калаарсың канатың жетилгенде...

Карыянын үнү чорт үзүлүп, тулкусу таштай катты. Каалгып соккон карт жүрөгүнүн тушунда Аскардын тынчсызданган жаш жүрөгү дик-дик урат. Ай шооласы карынын маңдайынан баланын жонун аралап агат. Жүрөктүн дабышына кулак түргөндөй айлана жымжырт. Күздүн ызгаары алдында жалбырак бетине турган шүүдүрүмдөй ай шооласына чагылып, алсыз жылтырашат.

— Тур, турагой! — деди Ороз Аскарды ордуна баруугa буйруп. — Шарше курусун! — деп, жатууга кыңкайды. Жамынчы алдынан күңкүлдөп жатты. — Эс алган жакшы, уулум. Укта, уктап калсаң баары тыйынга арзыбаган иш болуп калат эртең. Кетүүң тууралуу кийин сүйлөшөбүз...

Жарыгы өчүп жанган үркөр кулак тушка келиптир. Чыгыш жактан таңдын агыш алкагы кылайганга тоо чокулары шаң чайынып, коктулары сагалана, караңгылык жукара таң да сүрдү. Жылдыздар суюлуп, ар кайсы туштан балык көздөнүп шоола чертет.

Таң жели үйлөп өткөндө алачык капталы шуудурай шоокум жойлоду. Шоокумду пайдаланып Аскар дагы сыртка чыгып, жолго түштү. Кылчайбастан шуулдап жөнөдү. Тигине балдар үйү. Анын ай жак терезелери ак-кара тарта кубулат. Жаркырап, чайпалгансыйт. Пенде аяган кичинекей Макиш уйкуда. Балким эрдин бүлкүлдөтүп колун созуп: «Ая, Ая!» деп уйкусурап жаткандыр. Ким билсин!

Темир жолду багыт кылып, таманы жерге жукпай тызылдап бараткан Аскарга өз айылындай болуп калган райондун көчөсүндөгү тааныш үйлөр ак жол каалашып сүйлөп жатышкансыйт. Беттегенинен кайтпоого демөөр беришкенсийт:

Ак талабына жетпеген пенде жок. Ушул, абалтадан бери түбү бек, солк этпес чындыкка суйөн. Ошондо, турмуш толкунунда бирде чөгүп, бирде калкып, кыйналып, акыры жээкке сүзүп чыгасың?! Кагылып, такшалып, бийикке чыгып колуңду маңдайыңа серепчилейсиң. Серепчилейсиң да, тээ артта калган узак жолуңа көз саласың. Көз салып, акыл калбырын ыргап,чындык менен жалганды бөлө чабасың! Эч качан кайра кошулгустай бөлөсүң. Айтканга ишен, бөлөсүң жалгандан чындыкты.

Чымыркан, Аскар! Ак жолуң ачылсын ылайым! — дегенсийт атасы...



# БҮРКҮТЧҮ

Сырттан кол салып, кара чабуулга түшүрчү жоолорунан кутулуп, тиричилигин тынч өткөрүп калган мезгил болсо керек. Айланта тоо курчаган, өрөөнү суу, жылга-жыбыты булак бул аймактагы эл бейкут. Ошондой заманда айлана жашыл түскө бөлөнүп, жай айынын чатырап толуп турган мезгилинде, тескейлери карагай, өтөктөрү ат кулак, жон-жондору бетеге-тулаң, түзөңдүү конуштагы Сатыбалдынын үйүнө чукул, дүп этип бирдеме түштү. Алты түтүн айылдын балдар-кыздары булак бойлоп жөргөмүш тергени, саз-чалардан кемирчек казганы, тескейлердеги мөңгүлүү жылгалардан баштары кызара муштумдай түйүлгөн солкулдак ышкын, кымыздык издеп кетишкен. Зайыптары козу-музоолоруна көз салып, кургак тамызгы, как чегелдек үймөлөнгөн агынды чогултканы сай-сайлап, жым болушкан. Эркек атангандары өгүз-танаага учкашып, чукулдагы айылдардан кымыз уулап жоголушкан.

Тыштагы дабышты ашкана тарапта ийик ийирип олтурган байбичеси да эшитти. Чимирилген ийигин токтотуп, кулак түрдү.

— Түрс эттиби, ботом?

Капшытта уйку соонун арасында жаткан көк ала сакал Сатыбалды да чочуй баш көтөрүп, элеңдеди.

— Эмне болду?.. Сайгактаган торпок-танаа эмеспи? Экөө сыртка чыгышты. Шаркыраган суунун берки көк ыраң үстүндө эки канаты кере кулач жайылып, тумшугу чымга батып, жорубу, башкабы бирдеме жатат. Сатыбалды энтеңдей жетип барды. Имере карап, байкады. Бүркүт окшобойбу? Тырмактары кыртышка баткан. Сатыбалды айланага, асманга карады. Талпайып жаткан немени бирдемени жаза тээп майып болду го дейин десе, чукулда томурандап качкан жандык көрүнбөйт. Желеде каршы-терши баштанган кулундар дүргүп тура калышкан. Суу боюнда ылаалап турган жылкылар дабышты угушканбы, кулактарын тикчийте моюн

созуп, таңыркашат... Асман чаңкайып көпкөк. Бийик чокулар учунда үзүндү-үзүндү, түрмөк-түрмөк булуттар каалгышат. Муну жайлап салып кайра сызган канаттуу көрүнбөйт. Болгону карагайлуу кырдан ары бир канаттуу зыпылдап ашып кетти. Аны ылаачын же күйкө деп ойлогон Сатыбалды, бүркүттү мүрүдөн аткып козгоду. Эти ысык бойдон. Деле оңбогондой оор.

— Кайдан жүрүп бу жерге түшүп калды экен?

— Башы айланып кеткен го! — деди байбичеси. Сатыбалды бышкырды:

— Ашуудан-ашуу ашып чабыттаганда айланбаган баш биздин үйдүн үстүнө келгенде айланып кетеби! Кой, бирөө укпасын. «Баягы Сатыбалды байбичесинин айтканындай» деп күлкү болобуз. Кудай алсын. Жарасы жеңил. Сазаны алып келип көрсөтсөм талпайып жаткан өзүн эмес, жерлеген тоосу, учкан уясынан бери билип берет,— деди да бүркүттү кош шыйрактан ала, көтөрүп, үйүн көздөй сүйрөдү. Баятан суур аңдып өтөк-өтөктү кыдырып кеткен иттер ар кай жактан соксоңдоп жүгүрүп келишти. Алар чукулдап тап койгондо Сатыбалды жазгап, кубалады. Бүркүттү үйдүн түбүнө таштады. Тезекке жаба койчу таарды алып жапты да:

— Иттер тытып кетпесин, карап кой,— деп, байбичесине тапшырды. Чукулдагы тору чобурду ноктолоп, жайдак минип, Сазаныкына чапты.

* * *

Саза деген мүнүшкөр. Аңчылык дегенде ичкен ашын таштай койчу Каргабий деген курбусу бар, мына ошо экөө тоо башын кар алып, булак көзү тоңуп, эл жайлоодон көчкөндө аксак-тексек малдан эки-үчтөн алып калышат. Мерчемдүү жерге мууздап, ташка бастырышат. Суур, кашкулак чээнге кирип, эчки-теке аскалап качып алдырбай калганда карышкыр ойрондор мал изине түшүп, айыл-айылды тоорун, кыштоого түшкөндө, айлакер эки аңчынын жемине чычкандан жолу болбогон түлкүлөр кынык алышат. Чарадай таштын алдындагы тоңгон этти тытмалап, кемирип-жалап ошол аймакты баймакташат.

Ашууларда кар калыңдап чайлап калгыча, аткөлдүү, азык-түлүктүү жигит менен кербилек кара тайганын көк канчыгына коштой жетелеп, Каргабий жөнөйт. Бүркүтүн кондуруп, тармал жүндүү, кулагы қере карыш, сары жон, агыш төш тайганын Сатыбалдыга жетелетип Саза чыгат. Эки аңчы эки тараптан келип, болжошкон мерчемдүү жерден кездешет. Буйгага кошундары жайланышат. Сатыбалды

менен берки жигит чыргай аралап, шыргыйдын узунунан кыйышат. Баштарын бууп тик коюп, бөктөрө чыккан шалчаларды арыдан-бери жаап, алачык тургуза коюшат. Алгачкы түнү булар сукулдашып жан казанды астырышпайт. Эртеңки ак жол үчүн кудайга сыйынышып, эмне окуялар болорун ар түрлүү элестетишип, бүкүлүү кыңкайышат. Түн ортосунда турушуп, жер жарылганда түлкү жатактарда болуп калууну боолголошуп аттанышат. Кээде алдыларынан куугун жей элек түлкү кездешет. Булак этип чукулдап качса үч тайганды тең агытпай, макулдашкандары боюнча шамалдай катуу чуркачу курчун агытып, «айт!» дешет. Табында турган көк канчык зымырап жөнөп түлкүгө жетет. Борбуйдан каап, булкуп таштайт. Түлкүгө сары тайган жеткен болсо, белден серпет. Кер тайган ооз омурткадан силкет. Тайгандар алгач машыкканда биринчи жолуккан айбанатка кандай тиш салган болсо, акырына чейин ошол ыкмасы көнүмүш болуп, жеткенде толорсуктан, же белден, болбосо моюндан алмайы өлгөнгө чейин өнөкөт. Куугундан шашкан түлкү, кашкулактын же суурдун ийинине кире качмайы болот. Мындай учурда ийиндин оозун таш менен корумдап бекитишет. Чолоолору келгенде ийиндин ичине, суу тезекти быкшытышат. Түтүн каптаганда көзү шоролоп, тумшугун тытмалап бышкырынган түлкү ырсайып өзү чыгат. Аны жыга чабышат, же тайган баса калат. Күтпөй ийинди бекитип кете беришсе түлкү оозуна келип өлөт. Ошол жерден эртеси сууруп алышат. Оттун кору өчө электе жыгылып, капталы сарала болуп күйүп, териси бузулгандары да болот.

Түлкү алыстан качса бүркүтүн салмай Сазанын милдети. Бийикте кыр-кырлап бастырып ал кол кыймылы менен «Пө-пө, ал!» деп, бүркүтүнүн томогосун шыпырат. Көзү жарк эткен бүркүтү түлкүнү ирмелбей көрөт. Жылуу эт чокууну эңсеген неме жапырыла түшүп, шилтегенде абага канат жаят. Бир тутам бут боо, түйүлгөн тырмактары менен боор жүнгө катылат. Алатемгил өтөктө урган таштай качкан түлкү кылчактап, шуулдап келаткан бүркүттү көрөт да, андан бетер жан алакетке түшүп бежийт. Машыккан кыраан бежигенине болчубу,— жазгыртпай жетип шыпырат.

Түлкүнүн түз качканын бардык эле бүркүт алат. Бирок, түлкүлөрдөн, жедеп закы болуп бүткөн «керечен» аталчу куулары жолугат. Ал, өзүн карай качырып келаткан бүркүттү көргөндө ач тырмактын чеңгээлинен жан айла издеп, куйругун чычайта тик көтөрөт. Учун чагарактатып, бүркүттү жазгырмакка алаксытат. Бирде каршы туруп, арсылдап үрөт. Көзүн жалжылдата карап, арбашууга чакырат. Ушинтип нечен алакеттен өтөт да, оопай бүркүт түшө калып

мыкчырына ойт берет. Жаман бүркүт жер чапчыйт. Үрпөңдөп, лапшыйып, конгон жеринде олтуруп калат. Жанын сактап калган түлкү жымырылып, алдагайда качып бараткандын көрөсүң.

Каргабий менен Саза кырда ыкчамдай бастырып келатышкан. Маңдайкы алтыганалуу күнгөйдүн этегинен кызыл түлкү булайып кача берди. Саза темине чү коюп, бүркүтүнүн томогосун тартты. Бүркүт эки-үч канат сермеп качыра бергенде эле, өйдө зымырылган түлкү коктуну көздөй имерилди. Адегенде бийиктеп учкан бүркүт түлкүнүн абалын көрүп, ылдыйлап, капталдап сызды. Түлкү кайра бүркүттүн өлчөмүнөн бийиктеп кетүүгө өйдө качты. Түлкү кутулуш үчүн өзүнө кандай ыңгай издесе, бүркүт аны алыш үчүн ыңтайын түлкүгө жараша оңоп, куткарбоочудай көрүнөт. Акыры бүркүт чукул жетти. Жетерин жетти, бир жарым аркан бою аралыкта, бирок түлкүң түшкүр тик турган суур кебетеленген ташты имерилип, бир амал менен ошол ташты бүркүткө тептиргиси келип, мант берди. Баятан качырып түлкүнүн шаштысын кетирген бүркүт, эми алуудан айныгандай кайра өйдөлөп, түлкүнүн үстүндө ары-бери айланып алса болобу? Чаап келаткан Каргабий:

— Ой, мунуң чычкан алчу күйкө болду го?! — деп бакылдайт.

— Эмне кыласың, түлкүнүн керечен куусуна жолуктук! — дейт, бүркүтүнө ишенген Саза кенебей. — Машыккан кыраанным, түлкүнүн өзүнө жараша кыял көрсөтүп жатпайбы. Жердеги куу ойрон көзүн кадап, жазгырсам дейт. Үстүндөгү ага болбойт. Сабыр кылгын! Керечендин чечекейи талысын, көзү шоролосун. Саза оозун жыйгыча бүркүт түлкүнү көздөй ылдыйлады. Канатын кымтып, тап берип, кайра өйдөлөп, ары кетти-бери кетти. Насвай түкүрүм убакыт өттү. Бүркүт мүрүсүн сала кыңырая тартып, шуу этө сайыла түштү да баятан «азилдешкен» немени бөктөрүп, аркан бою жерге барып конду.

— Баракелде, алгырлыгына! — Карап туруп ыраазы болгон Каргабий атын желдирип баратып бакылдайт. Кыраандардын кайсы түрүнө кирет сеники?

— Саза да камчыланып катуулап, жооп берет: — Меникинин жогдору сеңселип деле узун. Андайды жогдорунан улам «Каркыра жогдор кара баш» дешет. Өзүм «Карабаш» атап алгамын.

— Баракелде, баракелде! Мурда угуп жүрдү элем бүркүтүндүн алгырлыгын. Бүгүн көзүм менен көрбөдүмбү. Керечендин чечекейин талыгыча асманда күйкө болуп калкылдап чайпалышын кара, тобо!

Карабаш Саза жеткиче түлкүнүн көздөрүн алма-термө олуп, илингенин жутту, тилин чокуп, жулкуп тартты. Аткый тиштеп, бутуна күч келтире өзүнө чойду. Жогдору үрпөйө көзү чакчаңдады. Кыпчуурдай тумшугуна кыпчылган түлкүнүн тили чоюлуп, узарып, чытырап барып, коко менен кызыл өңгөчтөн үзүлдү. Биротоло өзүнө тийген тилди ансайын бурдап, мойну жүкжүңдөйт.

Саза жетип атынан ыргыды. Томогосун даярдап, бүркүтүнө ыраазы болуп:

— Жылуулай минтип албасаң, арманда калбайсыңбы? Ошент, мант беречек немеден өчүңдү ал!

Аңчылар кечинде кошундарына келишти. Карга оонап жүндөрү майланышкандай жылтыраган, тырмактарынын түптөрү менен кулактарынын учтары кара, боору агыш кызыл түлкүлөрдүн терилерин жандоочулар туюк сыйрышты. Муруттары ийнедей тумшуктан көтөрүп, куйругун чубалта булак-булак эткизе силкип-силкип Сатыбалды бакылдады:

— Карга жакшы оонаган окшойт жүндөрү тегиз.

— Мобу каапырың жатакчыл немеби капталдары такырайып, теринин көркүн бузуп турат.

— Алачыктын очогунда арчанын дүмүрлөрү чатырап, алоолоп, жалыны эт салынган асма казандын боорун жалмалайт. Май боткого тойгон тайгандар өз-өз орундарына байланып, ичмектердин үстүндө жатышат. Саза сырттагы Карабашын колуна кондуруп, эртеңкиге чейин сиңгидей кылып жем берди. Томогосун кийгизип, дөңгөчкө кондурду. Бүркүт тумшугун дөңгөчкө алма-телме жанып, вссак-вссак эте шаңшып алып, күпшүңдөп кагынып, койколоктоп, орoктой тумшугун көтөрө эки жакка обдулат.

Төрчөдө Каргабий. Башында ышкын түпкө боёлуп, коччкул сары болгон төбөсү шоңшоюп, жээгине көк көрпө кармалган малакай. Күрөң көзүнө жалын чагылышат. Андан бери олтурган боз малакайчан, чекир көз Саза. Алтымышты сермеп калганына карабай ыкчам кыймылдап, көрүнүшү дайыма таптоодо жүргөн күлүктөй. Жан казандагы оргуп кайнаган этти Сатыбалды оттон кийиндетип жатканда Саза чекир көзүн жымың эткизип, сөз чыгармакка Каргабийге кайрылды.

— Баягыда сеникинен «карк» болгон Чоң Карач береги төртөөбүз тоёбуз деп топук кылып олтурган жан казандагы аш бышкыча күтүп олтураар беле? Ошондогуну кайра бир айтсаң, уга элек булар угушсун.

— Дайыма антпейт дечи,— деп Каргабий кулак кашыды. — Антип олтурса анын тамак жегенине ким түтөт? Өз үйүндөгү оокатты койбой жалмап, айыл-апага батпай басып

калмак. Ооба, жайлоодо болчубуз,— деп өткөн окуяны эстейт Каргабий. Кеч кирген. Сырттан иттер үрүп калды. Аттын дабышы оолактагы мамыга токтоду. Кобур чыгып, бирөөлор түшүп жатты. Эшикти бала көтөрүп, зоңкойгон бойлуу Карач кирди үйгө.

— Ассалоом алейкум, Каргабий мырза!

— Келиңиз-келиңиз,— деп, кош колдоп кол кысышып,— төргө өтүңүз,— дедим.

— Айыл жымырап калгычакты жетип калайын деп, бу Жоошбай жубарымбекти куналы менен кошо ашыктырып катуулап бастырдым эле, жер өрүүлүк кылып, кеч келип калдым. Кабак чытыба Каргабий мырза?

— Эмнеге кабак чытымак элем! — дедим. Казан асчу үйдөгү жигитке куйругу чайпалган көк шишекти жетелетип келип, мейманга бата кылдырдым.

Башка үйдө аш даярдалып, Чоң Карач кош колдоп чапма аяк менен кымыз жутту. Келин тура калып саба бышып улам сары саамалдан кайталайт. Ал учурда Жоошбай чүчөктүн куулук-шумдугу, аты угула элек. Көзү тикирейген он үч-он төрттөрдөгү ал, чөйчөктөгү кымызынын кезегин кетирбей Карачтан төмөнүрөөк отурат.

Ого эле жайдын кыска түнүнүн ортосу ооган ченде кулактуу жез чарага үймөлөнүп, булоолонуп, семиз шишектин ак чамбыл эти келди, табитти тарта жыты бурулдап. Колуна суу куюлуп, астына тасмал жайылган Карач кестигин алып даяр. Жоошбай да чөк түшө калган.

Мен баштын ууртун кыя кесип, ооз тийип, үй-бүлөм үчүн арка-моюн менен жөргөм, төштү алып коюп, калганын чыпчыргасын коротпой бастырылган баш менен куйрукту килкилдетип Карачтын алдына койдум. Ошондо капшыттагы окуйган Чоң Карач ооз тийелек жатып,минтип айтса болобу:

— Аа, катагандын Каргабий! Сенин чамгарагың жакшы, дасторкону кең деп укчу элем. Бу тарткан тамагыңа мен тоёмбу, же ээрчитип жүргөн жетим жубарымбек Жоошбай тоёбу?!

— Карач аба! Бир конокко эки кой союлат деп кимден уктуңуз эле? Кеч келдиңиз... Жылкы агытылып кеткен... буюрса конок камы дагы көрүлөөр.

Карачтын түндөгү сөзүнө чыйрала түштүм. Эртеси асый чыкма кара жол тору байталды кошкуртуп туруп:

— Карач аба! Түндө «ачкаңыздан» кыңырылып чыктыңыз окшойт. Бата тилеңиз, балдар түшкүгө даярдап ийишсин,— дедим.

Бутунда кончу тизесинен өткөн кара булгаары кең өтүк,

жалгыз бүчүсү менен кокосун кыстырган сур мата көйнөктүн сыртынан жеңи узун, этеги апкытка тийген, тик жака шырымал кара чапанчан Карач негедир үйдөн чыккандан эле эки этегин барбайган манжалары менен апчып келип, эки тизесине кысып жаткан. Азыр дагы этектерин кымырайтып кыскан кечки көлөкөдөй далдайып, балага көмөрө койсо басып калчудай саңсаң кара тебетейин маңдайынан желкесин карай сүрүп, колун сунуп дуба айтты.

— Корооңо бөрү жолобосун, ууру тонобосун, өрүшүң малга толсун, келгениң карк болсун — оомийин! Батасына ичим жылыды. Көрсө кымырынганы бекер эмес окшобойбу. Үйгө кирери менен эле өзү жаткан капшыттын эки жагынан сыйпалап бирдемени издейт. Эмне издегенин жан адамга айтпайт. Басса-турса жанынан чыкпаган Жоошбай:

— Аба, эмне жоготтуң? — дейт.

— Анчейин эле... бирдеме эле...

Чынында «анчейин» эмес, «бирдеме» эмес, чоң «балакет» болчу! Түндө алдыга эт тартылганда абасынын «Буга мен тоёмбу, же Жоошбай жетим тоёбу?» деген сөзүнө майда тууралган ак чамбыл майлуу үйүрмөдөн үч алганда кекейген Жоошбай нааразы болот. «Атайы ак пейил менен сыйлаган жерде абамдын бул эмне дегени? Буга бир сыр көрсөтпөсөм болбойт!» — дейт. Таң бүүрүлдө абасы аялуу дамбалын өзү жаткан төшөктүн алдына бастырып, даяр кепичти коңултак салып, кумгандагы сууну алып, даарат алганы чыгат. Жоошбайың түшкүр катылган жерден дамбалды алат да жоготот. Абасы намазын окугандан кийин дамбалын таппай, тигинтип эки этегин кымтылоо менен алышып калат. Муну бир кудай билет, бир Жоошбай билет. Сунган кымызды да чактап шимирип, абасы ордунан жылбайт.

Түш болду. Меймандын колуна суу куюлгандан кийин:

— Карач аба! Кече, жылкылар агытылып кеткенде келдиңиз. Көп айып, аз күнөөбүз болсо кечириңиз? Азыр капа болбосоңуз табак ордуна мобуну коёюн? — деп, тигинен келген уруна элек кокон казанын алдына тууралапдым. Бычагы жаланган төрт жигитке тууратканы этти кулактуу коло чарага колдотуп кирип, казанга күр төктүрдүм. Бир чака чык аралаштыртып бөртө-бөртө кесилген бир табак чучукту үстүнө үймөлөттүм. Арка мүлжүгөн Жоошбай шум, күлмүңдөп казанга моюн созуп, катарда. «Абам, Чоң Карач түгүл Төө Карач болсо да муну кантээр экен!» — дегенсийт.

— Алыңыз, Карач аба! — дедим. Барбайган салааларын арбайтып, кыра тууралып, чыгы келишкен этти чучук кошуп ала баштады. Он жолу алгандан кийин эт капортодон ылдыйлап, Карач тик казандын түбүн көздөй обдула баш-

тады. Жана үч-төрт алгандан кийин чык шылпылдап, казан кыры колтугун тирей баштады.

— Каргабий мырза! — дейт түзөлө, Карачың түшкүр түгөтө албай калды дебе. Кешик жээр келин-кесек болот сыртта, казаныңды ал эми?

Тыштан киши чакырып, казанды көтөртүп ийип:

— Карач аба! Этке тойгонсузбу? — деги, дедим.

— Ийе. Жыл мурда Улаколдо бирөө той берди. Чакырткан экен бардым. Эт жээгө оомайым кармаганын той ээси билди окшойт, кыркалай асылган бир канча казанга колун сунуп: «Мобу казандарда өңчөй козунун эти. Сиз эл менен кошо олтуруп убара болбоңуз. Өңчөй куйругун гана жеп бериңиз? — деди. Макул болдум. Улакол шыбак өскөн кум-кайрак жер эмеспи. Үч ашкананын чийин үстү-үстүнө жазды. Бышкан куйруктарды улам бирден алып, суусун деп, чий үстүнө таштады. Эжигейдей эзилип турган козунун куйруктарын Карач эмне кылчу эле?! Куймулчактан аткып көтөрүп, бир жагын «оп» тартып анан экинчи жагын «оп» тартып,— коройгон эле чычаңдар калды. Ошондо бир карк болгом. Бүгүн сеникинде экинчи жолу карк болуп олтурам, Каргабий мырза,— деди.

— Жакшы, жакшы. Аш болсун аба! Жеш болсо бул экен. Күчүңүз кандай болду экен? — дедим.

— Күчпү?.. Эртең менен желенин башында турат элем. Үчөө-төртөө асый чыкма улоого укурук салалбай ызы-чуу түшүп жатышат. Жин ургандай качкан сары кашка асый чыкма желенин башына келип капталды. Ачуум менен чычаңдан толгой алдым да, жерге чаап салдым. Оoз омурткасы үзүлүп, тырп өлдү. Ушуну күч деп ойлойм. Каргабий мырза!

— Болсун, болсун. Карач аба! Бекеринен Чоң Карач аташпаган экен! — дедим, ыраазы боло.

Сөзүн бүткөн Карач «атты току» деди Жоошбайга. Элпек көрүнгөн Жоошбай аттарды даярдады. Этегин кымырынган Карач кош айтышып жүрүп кетти. Жол бир топ кыскаргандан кийин Жоошбай чүчөк абасын кытыгылай баштайт.

— Аба! Айыл кыдыртам. Бир топ конуп келебиз дебедиңиз беле?

— Ээ, жетимим! Ушул да жетишет. Ушул сый кут болсун. Жегенибиз аш болсун.

— Бир эле түнөдүк, аш болмок түгүл курсагым ачып, баратат, сиз эле ток болбосоңуз.

— Кийин дагы болоор. Ошондо да айылчылап алаарбыз.

— Эй, аба! Сизди баатыр дешет. Найзага түшкөн дешет. Кана кантип качырчу элеңиз. Көрсөтпөйсүзбү мага?

— Тек-тек. Качыргамын кезинде. Сайышка түшкөмүн учурунда.

— Кантип?.. Чү коюп көрсөңүз, байкап, элестетип алайын?!

— Тек-тек дейм? Мобу мен минген карагердин оозу катуу, ала качмасы бар чатак неме.

Улакка чаап жүрчү карагердин оозу катуу экенин, жанында бараткан киши чү койгондо өзү эле алып-жулуп кетээрин Жоошбай тапан эң сонун билет. Жарыша кетсе, карагер атырылып чуркаса, Карачтын эки колу тизгинде болуп, кымтыган жерден эки этегин шамал жулуп, көйнөгү көкүрөгүнө жыйылып, сан эти киндиктен бери жылаңачтанып, Чоң Карач абасы сонун «көркнө» келсе деп самайт. Аны абасы да туюп, шумпайдын сунушун каккан болот. Шумурай ага болобу. Эптеп шылтоо чыгаргысы келет.

Аңчыга айыл үстү көрүнөт. Ар кайсы жерлерде бирден кишиге кулун салдырып, аялдар бээ саап жатышат. Жоошбайдын күткөн чеги да ушул эле баятан берки.

— Аба дейм, аба! — дейт, үйүрүн көрүп ыргыштаган карагердин тизгини менен алышкан Карачты жандап.— Үйгө деги келдик. Келиңиз, дыр берип жарышып, шайтан мойнун сындыралы?

— Тек-тек дейм! Шумданба дейм! — дейт Карач.

— Этке карк болуп, кымызга жык тоюп алып, айылга томсоруп түшөбүзбү?! Жүрү кеттик, куу! — деп, сур кунанына камчы баскан Жоошбай түгөт чү коёт. Аа-ал, алкынган карагер «куу!» деген сүрөөн кыйкырыкты ээрчий алып учуп, желедеги жардангандарды көздөй зымырап ала качат. Күлүктүн күчүнө каршы шамал дуулдап, кара чепкендин эки этеги карагердин соорусун жаба дирилдеп, артка шиленип, абасынын тизеден өйдө сандары кубакайланып, болгон «дүнүйө кенчтери» ачылыптыр. Жоошбай сезгенгир кылчайып, кыйкырып баратат имиш:

— Оо, абакем! Найзага түшкөн анык баатырлардан турбайбы! Энеден туума жылаңач баатырлардан турбайбы! Мына-мына! — деп бакырып. — Дамбалыңыз тердиктин каттоосунда найзакер аба! — деп алып, тетири качыптыр. Жоошбай ошондон көпкө көрүнбөй Чоң Карачтын ачуусу тарагыча жоголгон. Жылкы аралап кирип келген Карачты көрүшүп, келин-кесектер беттерин басып, тетири качышып, кыйрап күлүшкөн. Бүгүн Каргабийден жөн жайын уккан жолбун үйдөгү аңчылар да боорун тытып күлүштү Жоошбайдын жоругуна.

* * *

«Түн бакырдыкы» дегендей бая кепке муюп олтурган Саза эми узак аңгеме баштады.

— Сазанын таятасы «топозу бардын жаны тынч» деп, малдан топозду жактырчу. Жаны тынч экени жалганбы. Топоздор карышкырга да алдырышпайт. Кыр-кырлашып, чокуларда оттошуп, көчкүгө да кабылышпайт кыш күндөрү. Чакылдап суук түшүп, камыш-талдар бубак кийгенде куш салуунун мезгили башталат. Кыргоол менен өрдөктүн, коён менен кекилик, чилдин эти батпай кетет, таятасынын үйүнө. Сазанын мүнүшкөр таятасы согум этин коротпой, илбесиндин этин жечү. Канаттуулардын жумшак, сиңимдүү эттеринен да,— кошо чапкылашып куш ыргытып, ителги шилтеген шарапаты сонун эле Сазага анда.

Кыштоолордо карышкыр күч болуп, айылдагылар чогулуп карышкырга уу кылмай болуп калышты. Таятасы эки бүркүтүн кондуруп, аттанды. Куйругу шарт түйүлгөн жээрде кунанчан Саза кошо жөнөдү. Артылма ашып, өрүүлөп, кадуулап мерчемдүү бийикке чыгышты. Туш-туштан тосоттогондор карышкырлардын жаткан жерлерин баамдап, союл сермеп, каптап жөнөштү. Бир оокумда дөбөттүү эки канчык шоңшоңдоп ачыкка чыкты. Багыт тандап, желип, кутулуунун амалын кылышып баратышты. Бүркүтчүлөр чаап жөнөшкөндө, бирөөлөрү тайган агытпагыла деп кыйкырып жатышты. Таятасы көгала жоргосун бежинтип: «Бөлүнгөндө шилтегиле! Бөлүнгөндө шилтегиле!» — деп тыйып баратты. Аңгыча, көптөн салынып жүргөн саргыч бүркүттүн томогосу алынды. Бүркүт көрүп, умтулганда мүнүшкөр шилтеп калды. Бүркүт сызып жетти. Жуп жетип, чеңгел жазып мыкчырында көк канчык айбат көрсөтүп, тикесинен тик атылды. Бүркүт кол салалбай кайып өтүп, нары жактагы ташка конду. Куугунчулар кыйкырык чуу менен күчөп кеткенде үчөө үч бөлүнүп качты. Албай калган бүркүтүнө жаны кашайган таятасы жоргосунун оозун коё берип, айкырды:

— Ал, алдагынын томогосун ал! — Салынганына бир жыл болгон каралжын бүркүт шилтегенде эле зыпылдап жөнөдү. Вссак-вссак эте, ачуу шаңшып, тетири багыт алчудай оболой берди. Карааны каргадай болгуча бийиктеди. Ызычуу түшкөндөр саамга тынып, карааны кичирейип бараткан бүркүткө акыйышты. Бир оокумда баягы бардык көздөр кадалып жаткан каралжын бүркүт тик сайылды. Канаттарын бүгө, жебенин огундай куткуп келатканда ободон шуулдаган үн чыкты. Ал бүркүт, зымырылып качып бараткан дөбөткө тийди. Дөбөт ар эте кылчайган болду да, бүркүт менен

думбаланып калды. Таятасы көк ала жорго менен кар бургутуп жон ылдый чаап жеткенде бүркүттүн бир чеңгели карышкырдын тумшугун кабыштыра мыкчып, экинчи чеңгели көчүккө жетпей такыр колтукту мыкчып калыптыр. Буту бош карышкыр бүркүттүн төшүн чапчылап, жемсөөсүн жарып ийе албай жаткан экен. Жоргодон ыргып түшкөн таятасы серпилип жаткан шыйракты бириктире толгоп, жан чөнтөгүнөн макисин тапты да, жаагын тиши менен ачып, толорсукту кыйып жиберди. Дөбөт карышкыр суналды. Тумшугун бүркүт бошотоор эмес.

Ушул жылдын жазында Сазанын атасы Бердике аялы менен келди. Таятасынын колунда чоңойгон Саза аны билип турса да «ата» дешке батынчы эмес. Кол алышканда моюн салып, мойноп кетчү. Апасы Бурул да аз каттоочу. Ал баласына ичи эзилип турса да сырын сыртка чыгарбай «чоңоюп жүрөсүңбү, таенесинин уулу» деген болуп, маңдайынан, жаагынан искечү. Анан бир-эки конуп, кетип калышчу. Бул сапар караманча алып кеткени келишиптир. Аны таята-таенеси деле билишет окшойт. Тынч, сыпаа мамилелеринен улам он алты жыл баккан таятасынын каршы эмес экенин Саза сезди. Сезген сайын ичи ачышты. Бүркүт түгүл итке каргы тагып көрбөгөн Бердикеникинде эмне бар? «Барбайм! Кете бергиле өзүңөр» дөмекчи болду. Үй-бүлө жайнап олтурганда таятасы сырттагы кыр салып жолобой турган Сазаны чакыртты. Билип туруп билмексен болгон ал мурчуюп мойнун салып, босогого жүйүртө басты.

— Сазантай! — деди таятасы. — Чоңоюп-чочойдуң, эс тарттың. Ата-апаңды ээрчип, өз үйүңө, өлөң төшөгүңө кеткин. Айлыңды тапкын. Урук-тууганыңды тапкын.

— Кетпейм! — деп корс айтты Саза.

— Опей! — деп чочуду таятасы. — Ал эмнең? Быякты бөтөн айыл, бөтөн уруу дейт,— деп күлдү, эркелетип.— Таенең «белим ооруду, колум жооруду, алып кеткиле» деп атпайбы? Анысынан да, Бердикенин мал өткөрүп кулдук урган жери бар экен. «Келиниңерди алгыла» деп, кудалар киши артынан киши жиберип атышыптыр. Барып колуктуңду үйгө кийрип, таенең экөөбүздү конокко чакыр, көк кушту тартууңа алып барайын!

— Колукту албайм! Андай алып беречээк немелер экен бүркүттүн кызын алып беришсин! — деп жиберди.

Баары дуу күлүштү. Күлкү шакардай кайнап, ар кими көз кычыктарындагы кубанычтын шүүдүрүмүн жең учтары менен сүртүп жатканда сырттан чочуп бакырган жаш баланын үнүн, ага удаа:

— Кокуй наалат! — деген аялдын чаңырыгы чыкты. Үйдөгүлөр жалпы учуп турушуп, эшик талашып, сыртка жамырашты. Саза мурда жетти, бүркүттөр байланчу алачыктагы шойкумду билип. Көрсө таятасынын басып жүргөн небереси бүркүттөрдүн үстүнө кирип, үйүр алган тежемел Сары бүркүттүн бутун кармалаган окшойт. Бүркүт баланы апчыйт. Келин баласын бошото албай бакырып; Саза бүркүттүн мойнун толгоп ийгенде бүркүт баланын сол акирегин чеңгелинен бошотту. Көгөрүп-татарган баласын ала койгон келин өмүрү кайнатасына көрсөтө элек чачын саксайтып, эшикке шыкалгандарды жөөлөп жөнөдү. Окуяга түшүнгөн Сазанын таятасы кыбыланы карап чөк түшө калды да, курун мойнуна арта салып, жалбарды:

— Жараткан аллам! Күнөөм болсо өзүмдөн ал! Неберемдин жамандыгын көрсөтпө! — Эки ийни титиреп, сакалы ылдый жашы тамды. Шарт туруп, алачыкка кирди. Босогодогу керкини алып, Сары бүркүттүн чыпалагын керте чапты, сыртка алып чыгып, томогосун шыпырды, бут боосун кыйды да, обого ыргытты:

— Жогол! Экинчи кайрылба! — Кара бүркүттү да алып чыгып, боосун шыпырып ыргытты. Ителги, куштун биринен сала экинчисин алачыктын эшигинен учуруп жатты. Өң алети кетип, сакал-муруту бириндеген таятасы калчылдап:

— Сары улак таап, балага садага чапкыла! — деп, куш шилтеп шаттануунун да бир азабы болбой койбосу жөнүндөгү ой жүрөгүн өйүп, небереси кеткен өргөөнү карай жөнөдү. Эми эле каткыргандар оозунан алдыргандай селеишти. Саза үйдүн артына чыгып, дөбөт карышкырды апчып жаткан кара бүркүт көз алдынан кетпей, уңулдап ыйлады. Анын учуп барып айыл четине конуп, андан көтөрүлүп, улам тоо чокусун көздөй жогорулаганын байкады.

Күнөөнү булар кылгансыгандай айтапта болгон ата-энеси менен бүркүттүн кызын алачаак Саза, он алты жылдан кийин ошентип биротоло айылына жөнөгөн.

Эскерүүнүн ушул жерине келгенде алачыктагы кепке кулак каккандардын өңү өзгөрүп, тынчсызданышты.

— Жаман иш болгон экен.

— Бала аман калдыбы?

— Аман калаарын аман калыптыр... Апамдын ошол жылы бир буту үйдө болсо, бир буту таятамдыкында болду...

— Тежемел, эркек беле?

— Ии, уул болчу. Улуу уулунун ортончусу. Жүрөгү түшкөн немени көрсөтпөгөн эмчи-домбу калбаптыр. «Атам-

тырган денеси жумшак да, жылуу да Мейизгүл «туруп кетпеди бекен?» деп, элеңдедим. Сыйпалаган колум колуктума урунду. Санаам тынып, жүрөгүм элжиреди. Сүйүнгөнүмөн үшкүрүнүп кубүрөндүм: «Кагылайын ата! Сонун эле кылган турбайсыңбы! Кечир, кечирөгөр!?»

Кепке кулак каккандар күлүштү.

— Колуктуң ошол түн менен өтсүн... Бүркүткө качантан бери илээштиң? — деп калды Каргабий.

— Кийин, бала-бакыралуу болуп калганда. Бу турмушта суусун буруп, ташын чегип, барасын айлантып алган соң, бир гана тегирменчинин иши бир өңчөй болбосо, калганы жан сабамайын күн өтпөйт го.

* * *

...Деген менен, наристе кезде ышкыңы түшүргөн бир жорук өмүр бою сендик болуп калса керек. Баягы таятасында жүргөн учурдагы баш алган эгиндин арасынан чурр этип учуп чыккан бөдөнөнү илип түшкөн кыргый, асманга тик сайыла барпырап жөнөгөн кыргоолду бөктөрүп барып конгон куш, коёнду жаза тээп, кайып кетсе далбага келбей, үндөтө барып ат чарчаткан ителги, жоон топ киши менен чыгып, жатактан чочутуп түлкү кубалап, ал жоосун кылчак карап кача бергенде кырдагы бүркүтчү томого шапырып, бүркүт шилтеп, канаттарын кере кулачка жайып сызып жөнөгөн бүркүт аңга жетип, ак кар үстүнө будалап басып калган куштарлык, Сазанын жан дүйнөсүн делбелентип жүргөн кез.

Дөбөдө олтуруп узун сабак кеп козгошуп, өткөн ата-бабалардын таржымалдарын, тиричиликтин зарыл кемчилиги үчүн Тогуз-Торо элин аралап, Кетмен-Төбө тоосун кыркып Анжиян, Ташкендин базарын жойлоп келчүлөрдөн көп болумуштар козголуп жүрдү. Күндөрдүн биринде Кабак чертокою, тоо-зоолору тууралуу сөз козголот. Жалгыз жарым киши аралап жүрө албастыгы жөнүндө, бугу-маралдары маңкайып, кулжа-аркарлары кумай беттерде жайнап... эчки-текелери аска тектиринде сүзүшүп... балта жутар жорулар көктү сайган арсак аскалардын кыл учунда сороюп эшик төрдөй жерге чубалган илбирстер жемин өңүп, бучкагынан май аккан аюулар балпактап карагат сыдырып, азуусу айкашкан камандар кабылары айтылат. Акыры олтуруп Кабак зоокаларындагы бүркүттөрдүн бул аймактагы урунуп жүрчү бүркүттөрдөй эмес: ак карлуу төрлөрдү жердеп, кийик алып жарган, көзүнө көрүнгөн азуулуу жырткычтардан кайра тартпаган кыраандыгы тууралуу айтылат. Андайлар «төө

комдот муз мурут» «ак ыйык байчегир» кара көмөкөй карачык» делинет экен. Муз муруттун тумшугундагы тешигин көпө деп, жана ошо көнөсүнө жылкынын туу куйругу сымал эки же үч кылы болот имиш. Кыраандыгы таңгаларлык. Аны менен аңга чыкканда, эт жүктөп келиш үчүн бир топтор аркан-жип бөктөрүлгөн унаа коштоп, кошо жөнөшөт. Жер шартына карап, төө комдоп да алышат.

Эки мүрүсүндөгү топ-топ ак жүндөр ак ыйык байчегирдин белгиси. Көздөрү сүттөй аппак, жүндөрү үкүнүкү сымал сарала, булуттай жумшак. Алдынан эмне жолукса кайра тартпай ала берет. Чарчабас, кечке салса кечке алганынан улам ак жолтой, ырыска шерик, кирешелүү кыраан аташат... Илгери, Ысык-Көлдүн Тосор, Тамга тарабында жашаган Борош деген саяпкер Алай тоосундагы уядан алып келген «Айранкөз» атанган бүркүттү таптап, салыптыр. Ал, түлкүнү коён ордуна, аркар-кулжа, элик, карышкырды түлкү ордуна алчу экен. Борош күндөрдүн бириндe Айран көзүн кондуруп, Байчоро дегенди ээрчитип, Таралган деген аймакка барат. Карагайлуу тик беттин этегинде туруп, бүркүтүнүн томогосун тартса, бүркүтү көзүн жалтылдата койколоктоп туруп, жапырыла теминет. Борош бүркүтүн шилтеп ийет. Бийиктеп сызган неме бара-бара ылдый түшүп, анан канат сермеп, күүлөнүп көккө атып чыгып, тик сайылып, куткуп, калың бадалга житип жоголот. Экөө чапкылап жетет. Шек-шоолат жок. Борош: «Түшүп, бадалды аралап карачы? — дейт. Байчоро жөө басып, акмалап келе жатса ыргайга далдайып жабылган бүркүттүн канаты турат. Алдында торпоктой сарала чаар неме. Байкаса Айранкөз аны толорсуктан чапчый чатырата тартып, экинчи буту менен ыргайды чеңгелдеп, керип алган. Шырп алдырбай жеткен Байчоро кийиктин жилигин чакчу бычагын кындан сууруп, сарала чаарды жара тартат. Маалына жеткен жолборс экен. Кайберендердин эти жүктөлгөн атка терисин арта жаап келгенин көргөндөр айтчу экен.

Уядан учкан кезинде бүркүттөрдүн куйруктары аппак келип, канаттары да ак ала болот да, кийин темгил-темгил бозомук, кара чаар боло баштайт. Бүркүт бир түлөгөндө бозум, экинчисинде таш түлөк, анан кум түлөк, ным түлөк, бешинчисинде барчын аталат. Андан ары эки барчын, үч барчын делинип кете берет. Ал эми «кара көмөкөй карачык» аталган бүркүт балапан кезинен эле куйругуна барчындын белгисин салат да, таңдайы, тили, көмөкөйү көө сыйпап койгондой кара болот. Шумкар сымал кайкалап тик конуп, буту, тумшугу ителгиникиндей, көзү карышкырдыкы сымал көк чекир, тумшугу айбалтадай жазы, кабагы бийик болот.

Чочко же too кийиктерин алса буту сынып кетмейин бошотпойт. Ошондуктан кыраандардын өжөр баатыры делинип жемди канча берсе жей берчү сорготун бири.

Бүркүттүн дагы башка түрү — жанбуз. Тап тилебей турган, тойгузуп алып сала берсе ала берчү ырыска шерик кыраан. Дагы «үч кашка» деген чыгат. Балапан кезинде куйругунун ортоңку үчөө түбүнөн учуна чейин ак болгонунан улам «үч кашка» аталат. Алар чөлдөгү бөксө тоолордоң кездешет. Буту арыштуу, тумшугу оroктой өтө иймейип курч, көгүлтүр жүндөрү кубулжуп, түзөң чөлдөрдө жейрендерди алат.

«Куу чегир» жана «такыр чегир» аталган бүркүттөр да бар. Уламыштарга караганда куу чегирдин кырсыктары көп, экөөнү бир адам салууга тыюу салынат имиш. Куу чегирдин шыйрагы шилби сыяктуу купкуу. Эгер итти жакын чакырып алып, куу чегирдин томогосун тартса ит каңк этип, куйругун кыпчып качып жөнөйт дешет. Такыр чегирдин көзүнүн тегерегинде кирпиги да, түгү да жок, жаргак сымал.

Бүркүттөрдүн арасында жамандары да, чабалдары да кездешет. Алардын жүнү карганыкы сыяктуу тайкы, төштөрү кууш, көздөрү отсуз, аякка куйган суу сымал бирдеме. Колго кондурса канаттарын кайчылаштыра албай, ийиндери шөлбүрөй куйругу мээлейге жабышып, төшү түшө бөкчөйүп олтурат.

Бүркүттөр тууралуу айтылган ушундай даңазалар, уламыштар Сазанын мээсине уялайт. Кабакка бир каттап, чалып келүүгө делбеленет. Алиги дөбөт карышкырды такымына сийдире кыйнап басып өлтүргөн кара бүркүттөй бир бүркүт колуна тийсе таптап, ашуу ашып, жер кыркып, чер токойду аралап көрбөс беле! Ушундай ынтаасына Кабактын Чоң-Жекатында жашоочу атасынын карындашы шылтоо болду. Ал эжеси жай мезгилинде Кабактын камчы саптай кабыгы кызыл, аарчыса көздөн жаш агызган согонунан, Сары-Камыштын жапайы алма-өрүгүнөн атка сылай жүктөп, балдарына жеткирип турчу. Өзү да жездеси менен каттап, жээндерине энчиленген тай табырды жетелеп кетчү. Ошол, мурдунун учунда меңи болгону үчүн аты Калжан коюлган эжесиникине Саза таң бүрүлүндө жөнөйт.

Жолдо үч-төрт жерде арчадан же кайыңдан чабылган буурусундары менен айдалган эгиндеринин четинде көгөнчиркейге таланып жүргөн аштыкчылардан башка жан учурабады. Сары-Булуң аталган камыш, терек, жийде тыгышып, чиркейи тумандаган өрөөндүн жайыгына келди. Бул жерге чыгыштан Миң-Куштун суусу куят да, батыш ыптадагы тоо менен зоонун кемерин жалмалап, сүрүнөн адам

дит багып карай албастай жээги кылкылдап, ортосу түрмөктөлүп аккан Көкө-Мерен дарыясы жатат. Айлампаларда чабактар секирет. Куган суунун көбөрлөрүн өрдөй, быкпырдай жайнап сазандар сүзөт. Кадам сайын коёндор булт коёт. Кыргоолдор бырпырайт. Заңгил тоолорду аралап келаткан Сазанын көзү булут илээшкен көк асманда. Айланып бүркүт көрүнөөр бекен дейт. Топ-топ учкан карга, көгүчкөн. Үнү басылбаган кекиликтер. Төбөдө кулаалы айланат. Бийикте жору сызат. Тээ алыста алп кара куш өңдүү кажырлар айланышат.

Болжолунда Чоң-Жекатка жетчү жол жарымынан ооду. Чандып, тоо боорлоп келип түзөңгө чыкты. Бул Үч-Калпак аталган жер. Көкө-Меренге куйган Табылгытынын суусунун боюнда жалалабаддыктарча кыркалай салган коргондуу бир топ там. Жашагандар нургун эчки багышкандыктан койлуу айылдардай кийиз жасап боз үйгө жетишпейт да, жайы-кышы тамда олтурушат. Колунан келгендери алачык көтөрүп, өйдөлөп, мал байыгыча коргондорунан оолактайт. Колунда жоктор эчкилерин төшкө айдап, улактарын бөлүп кайтарып, эки маал саашат. Бетеге, шыбак менен тулаңды айтпайлы, суу боюндагы кашка беде, караган табылгылардын шактарын оттогон эчкилеринин семизинен жону билинбей үйлөгөн чаначтай тарсаят. Улактары суурдай тоголонуп, күзүндө союлган эркечтин жумуру менен жоон чучуктары оодарылбай, сызгырган ич майына казан мелтилдейт. Ошентсе да мал деген мал тура! Тойбогонсуп кырдан-кырга ашып жайылат. Саксактап имерип турбаса короого жолобой жапайы болуп кетишчүдөй.

Чак түш. Дүпүйгөн чоң түп талдардын көлөкөсүндө көгөн тартылган. Тизилген улактар, жуушаган эчкилер. Арасында каркайган мүйүздүү эркечтер, умасы шалбырап белдик сүйрөгөн текелер жүрөт. Кол арага жараган балдары менен үч аял мал саап жатат. Саза эки жагын кылчак карап, бүлө башкарчу эркек көрүнбөгөндүктөн ат тизгинин тартты:

— Жакшысыңарбы! — деди. Балдар мурун чукуп серейип, аялдар эриндерин кыбыратып, алик алган болушту.

— Чоң-Жекатка кандай кетет?

Четки аял тестиер кызын даам алып келүүгө үйүнө жумшагандай болду да, өзү туруп, чакасын мындай коюп, колун жаңдады:

— Берегн кашаттан нары бастырсаңыз Жер-Көпөрөгө жетесиз. Суу тартылып калды го, аман өтсөңүз... Кызыл-Түздү басып, Боз-Жонго чыгып, үч айрылышка кезигесиз. Бет маңдайдагы жолго кирсеңиз Сары-Камышка, ортоңкусу сиз сураган жерге, оң тарабы Кичи-Жекатка жеткирет.

Саза кыз сунган кырма аяктагы айранды алып жуткуча чаткаягына көгөн толгон кара ат куйругун чапкылайт, эки санын алма-терме силкет. Кан таттуусун соргусу келген көгөндөр ага болчубу, түгү жок такымга, ума-казага үймөлөктөшөт. Аякты кайра сунган Саза:

— Үйүңөрдөгү эркектер кайда кетишкен? — дей калды.

— Бүркүт-Уя тарапка...

— Бүркүт-Уя?! — деп селт эткен Саза жанданды.— Кандай Бүркүт-Уя ал?.. Бүркүтү болобу анын? Аял жылмайды. Жоолугун түздү.

— Бүркүт болгон үчүн «Бүркүт-Уя» — аталгандыр. Капкан жаткырышкан ошол аймакка...

— Кай тарапта?

— Өзүн деле көргөн эмеспиз. Ушул Табылгытынын өрдөшү алып барат шекилдүү.

Ушул кабардан кийин Сазанын Калжан эжесиникине бараткан жолу токтогон. Чоң-Жекатты сурап жатып, тескери багытка кеткен. Бөктөрүнчөгүндө кол чанач азыгы менен кыл арканы бар кара атчандын артынан эчки сааган аялдар күлүп калышкан.

Саза шар сууну нечен жолу тепчип кечип, кете берет. Күн кеч бешим. Асманды карап, бүркүт көрө албайт. Оң-сол тарабындагы коктуларды, тоо-ташты чалып капканчыларды жолуктура албай жүрүп олтуруп, жайкалган түзөң өрөөнгө туш болот. Оң жакка кеткени даңгыр жолго түшсө Киндик-Дөбөгө, мүйүздөрү кагыраган эчки-текелүү Ак-Зоого барар эле. Карагай черлүү тик беттерден түлөгөндөн кийин, жалындай кызарган куран менен чабыйын ээрчиткен телкилерди көрөөр эле. Бет маңдайда тик кеткен жалгыз аяк жол. Башаты тээ заңгил тоолордон нары ак мөңгү тараптан чыккан, баятан бойлоп келген агыны чарпылган кашка суунун сол өйүзү бийик. Аяктан да куюлуп түшкөн сууну жээктеп кетчү бир таман жол. Адамдар аз, деле чукулдан айыл шеги билинбейт. Үйүр-үйүр кайберендер каттайбы, же азуулуу айбандар таптайбы айтор жол нугу даана. Саза токтоду. Үч айрыктын бирине түшпөй, же эчки сааган айылга кайра тартпай туш тараптан адам караанын издеп, Бүркүт-Уянын делебеси көңүлүн суутпай турганда... ботом, дал көк желкесинен шуулдак чыкса болобу! Укканга жалган, көргөнгө чын, кара аттын тизгинин тартып имериле берсе акетай, кийиктин улагыбы, текечерибп бутун серейте ак чандыр кылып мыкчып алган бүркүт сызып баратат! Көргөн көзүнө ишенбеген Саза өзүн жоготуп, аңкая карап бүркүттү узатты. Кыраан караанны закымга житкенде ошол багытты беттеп кара аттын оозун коё берди. Суу кайнам

убакыт не өттү — не өтпөдү шаңкайган көк зоону көрдү. Ошону карай бурулду. Зоону түптөп тик кетчү кыя. Таң бүүрүлдөн бери тынбай келаткан ат терге чөмүлүп, күн кылкылдап кыядан кызарып батаарда көк зоонун кежигеси өңдөнгөн кыраңга чыгып, токтоду. Болду-болбоду жанагы бүркүт ушул зоонун бир тарабында! Солуган атын шилбиге байлап, белин бошоткон Саза, чалгындап арсактарды аралап жүрөт эле... тескей ыптанын бир шоңкулунда сороюп бирдеме олтурганын көрдү. Саза жапырылды. Кийиндеди. Чекир көзүн жайната тигинин эмне экенин аяк-башына чейин тинтти. Жору эмес. Кажыр да эмес. Зор бүркүт экен. Башын бурду эле, бүркүттүн башы, кабакка катылган көздөрү, оroктой тумшугунан бери байкалды. «Даана бүркүт экен. Жанаракы көргөндүн өзү болсо, жеми кана? Ооба, бул уялуу бүркүт. Жемин уяга таштады. Мунун түгөйү кайда? Кеч маалында кошо болот эле? Уядабы анысы? Неси болсо да, эртең буйругандын көрөм». Бир чечимге келген Саза буйта тапты. Аттын тизгинин жалга каңтара байлады. Ээр токумун шыпырды. Жайланып, кол чаначтан кымыз жутту. «Кудай! Ишти оңунан чыгара көр!» деген тилек менен жайдын түнүнө чулганды.

Таң атты. Таң ашкан атын чидерлеген ышкылуу Саза кол чаначтагы азыгын ойлоп да койбой көк зоонун арсак чокусун аралады. Ыңтайлуу тектирчелерине туруп, баш айланткан төмөнтөгө моюн созду. Тескей тарапты, күнгөй тарапты абайлап байкады. Таманынан омурулган шагыл жылып барып, андан ары кулап, бийиктен ылдый зыргып аска бетине урунуп-берингенде аска ичи жаңырды. Ушул маалда бир урчуктагы жапкактын астынан шап этип бүркүт сызып чыкты. Ал үстү жагындагы соройгон Сазаны көрдү. Багытын кайра артына бурду. Бийиктеп көтөрүлүп, кайра имерилип, арсактын чокусуна конду. Жогдорун үрпөйтүп, көзүн жаркылдатып, адамдан тайманбастай, кол салуудан кайра тартпастай. Бул жерде уя барын билген Саза жалгыз келүү опурталдуу экенин ойлосо болмок. Жедеп максатына берилип алган неме кайра ордуна келди да, убакыт өткөрдү. Күн тоо баштарын нуруна көйкөлтүп, канаттуулар самсып, чуусу көбөйдү. Алиги бүркүт чөйрөдө айланып жүрүп, кайдадыр чабыттап кетти. Ал учуп чыккан жапкактын алдын көрмөккө кыл арканын алып, арсактын ыңтайлуу жаракасыаркандын учу күрмөлгөн карыдай арча дүмүрүн кептеди. Опколжуп кетпесин үчүн асканын тепшидей сыныгы менен бастырды. Аркандын экинчи учун белине күрмөп курчанды. Жогор жагын улам саап тартып, таманга ыңтай тепкичтерди терип басып, ылдыйлай берди. Чынында, көп замандан бери

жок болгон кыраандардын кийинки тукумдары чабыттап кайрылып уяга жумуртка таштаган. Жоогалаңсыз мезгилдин мүнүшкерлери учууга аз калган балапандарды нечен жолу алышкан. Кээ заманда кыраан уяласа да адам кайрылбай, адам кайрылса кыраандар үзүлүп, бирок көк зоо атадан балага «Бүркүт-Уя» аты менен жетип олтурган. Бүгүн минтип Саза туш болду. Асканын берки бетинен аркы жапкак тоскон коңулдагы уяны даана көрүп, бутун курбуга коюп тура калды да, күчүн жыйнай жыйрылып серпилди. Дал уянын ичине түштү. «Уя» аталганы эле болбосо алачыктын журтундай ичи кең экен. Канча мезгилдерден бери ныкталып, түбү бозоруп, топурак түскө келген. Уя бузса эки төөгө жүк болчудан. Кыл тытышкан төрүндө килейген сары ооз балапан, сарыгер тарткан канаттарынан чанда бир ак күбү булайып учууга бир-эки жума калгандай. Шоп этип түшкөн адамдан балапан чочуп жалтанды. Ороктой тумшугун ача ссак-ссак этти да төшү кериле канат күүлөдү.

— Көзүңдөн тегеренейин! — деди Саза өзү баккан немедей үйрүлүп.— Сени издеп келбедимби! Коркпо, дос! Качпа! Сен экөөбүз буйурса ажырашпайбыз! Деген менен талпынган неме уча качпасын деп, жанындагы даяр кайышты алып балтырынан шакек байлап, учун бекитти. Санаасы тына үңкүрдүн төрүнө көз салды. Кечеги төбөсүнөн бүркүт көтөрүп өткөн текечер экен. Көкүрөк жагы желиниптир. Калганы жаңы бойдон, кан-сөлү менен турат. Жүктүү унаа баткыдай бул үңкүрдүн түбү кайда? Кайсы жылдардан бери жаткан текенин, курандын кагжыраган мүйүздөрү, кубарган сөөктөрү суунун агымы сүрүп келип үймөктөгөндөй. Учурунда текелерди көтөрүп келген кандай кыраандар болду экен? Колго тийчү балапан дал ошолордун тукумубу?

Үңкүрдүн төрүнө чейин карап келмекке аркандын учун белинен чечти. Уругуй ташка чалып, имерди. Кагыраган сөөктөрдү аралап баратып, адамдыкы өңдөнгөн сөөктү көрүп, жыйрылды. Сезденген Саза имерилгиче үңкүрдүн оозу тапыр-тупур болуп, бүркүттүн шаңшыганы, балапандын вссагы аралашып, дабыш чыкты. Үңкүрдүн жарыгын жаба канаты далбактаган чоң бүркүт балапанын жөөлөп, чокуп, чапчып тартып жаткандай. Саза «ой-ай!» деп бакырып, тап койду. Бүркүт уча качпастан канатын күүлөп чаңызгыта шамалдайт. Ээндик болсо тайманбай Сазага кол салчудан. Анткен менен эки аяктап тик баскан адамдан өткөн сүрдүү, коркунучтуу барбы! Саза «Куу, кайт!» деп бакырганда жаңырык бараң атылгандай күчөдү. Бүркүт ошондо айбыгып уча качты. Анын алыс кетпей айланып жүргөнү маңдайкы аска бетинен жылып өткөн көлөкөсүнөн байкалды.

Имерип койгон аркан ордунда жок! Саза жүткүнүп келип караса жанагы бут токтотуп серпилген зоокапын бетинде илген жыландай чубалат. Көрсө, өзүнө тап койгон кыраан келгенде эле чапчып, жулкуп кетиптир. Эми айла канттп катыгүп! Саза тиги адамдыкына окшош сөөктү көз алдына келтирип аптыкты. Балким бир мезгилде уядан балапан алам деп келип, кайра чыкпай калгандыр? Бүгүн өзүнүн сөөгү үңкүрдө калабы? Секирсе, арканга жетип чапчып калаар бекен? Жаздым кетсе, баш айланткан тик зоодо сөөгү жерге бүтүн түшкүдөй эмес.

Ошентип айласы кетет. Мындай окуя жөнүндө качандыр бир жомок чалыш икая уккан: Текени союп жаткан мергенчини бүркүт көтөрүп кетет да, уясына алып келип таштайт. Уяда кызыл эт эки балапан. Балапандар жетилгиче бүркүттор көтөрүп келген кийиктин эттеринен күнгө катап жеп жан бакчу мерген терилерди ийлеп, жумшартып, кайыш даярдайт. Ал-күчтөрү дагы жетилсин үчүн балапандарды уяга матап, мезгилинен көп өткөрөт. Балапандарга кайыш боо арчындап, өзү да арчынданып кошо учуп, жерге түшкөн имиш. Сазанын демөөр кылчу балапаны жалгыз. Жалгыз неме бир кишини көтөрүп уча албайт. Балапанга жем жеткирип жаткан бүркүт колго тийсе томого кийгизип, туурга олтургузуп, жемдеп, үндөп жатып толгон машакаттан кийин жөнгө келери белгилүү. Үңкүрдүн ичинде ал шарт жок. Чекир көзү жылтыраган Саза четке олтуруп аңсап жеткен балапандын мыкты болоорун турпатынан байкап, алаксыйт. Ушундай абалда үч күн-үч түн өтөт. Мурда чочуган балапан эми Саза кармап берген жемди улкуп-жулкуп, чокуп, тартып жечү болду. Адамды карай ыктап, жапырылып үйүр алды. Бул жакшы жышаан, санаа менен ачкалыктан жаагы шимилип, ырайы кеткен Сазаны сактагансыйт. Жем ташуучу чоңу да алгачкы күнкүдөй кайра-кайра уясына кайрылып конуп, ойдолоп тынчы кетпестен чабытынан кечигип кайтып калды. Эки жолу тең улар көтөрүп келип, тынч конуп, камырабай калды. Кийинки күндөрү кадимкидей уясына түнөдү. Сазага имерилип, мурдагыдай үрпөңдөбөй, жүндөрү жата кымпыйып, сүрдүү башын эки мүрүсүнө алма-терме жанып, ымалага келчү түрүн көрсөткөнсүйт.

Төртүнчү күн эле. Бүркүттөрдүн кагынып-силкингенинен, шаңшый калгандарынан башка зоок кылар эчтеме жок кагыраган сөөктөр толгон үңкүр ичинде Сазанын көңүлүнөн, жакшылык жардам болоордой бир үмүт үзүлбөдү. Ал үмүт эчкилүү айыл. Үйүнө кайрылып келчү капканчылар. «Адам болушкан соң бирине бири кеп козгоп, Чоң-Жекат жолун

сурап атып быякка кетип дайынсыз болгон мен жөнүндө тынчсызданышаар. Билгилери келип Бүркүт-Уяга чейин издешип көрөөр? — деп ойлоду. Үңкүрдүн оозуна туруп, чакырык салып көрмөк болду. Ээсинин ушул абалын туйгандай аңгыча кара аттын кишенегени чыкты. «Адамдардын караанын көрдүбү, же жалгызсырап мени издедиби?» — деп бушаймандадды Саза.— Үч күндөн бери кишенебеген неме... Кабактын кишисинен аюусу көп дечү эле, аюу кол салып жаткан жокпу?! «Эмнеси болсо да байкап көрмөккө тынчы кеткен Саза найза жегендей үч кайтара бакырып алды. Адам ээй, кара ат андан бетер удаа-удаа кишенеди. Ээсин жоктоп жалгызсырап жаткан окшойт жаныбар. Чөлкөмдө адам болсо экөөбүздүн бирибизди таап, жардамы тийээр деген Саза удаама-удаа кыйкырды. Ат дагы шаңгыраган үн менен, жооп кайрып кишенеди. Ооба, ат аман эле. Үйүргө, адамдарга каралачу неме чер токой, ээн тоодо жалгыз калганга караан таппай жалгызсырап жатат. Мурда шырп чыкса чочуп, койкоктоп, канатын жайып орун которуп олтурчу балапан да бул сапар кыйкырыкка бир гана селт этө калып, анан камырабады. Кулагы добушту сүйүп жаткандай көздөрү жалжылдап ормолоңдойт. Кайдан-жайданы белгисиз, чоңу да учуп келди. Тынч конду. Жүнү сыланып, кымырылып, үңкүрдөгү өзүнөн оолак турган адамга сыпайыдай. Уянын кырын апчыган эки буттун ортосуна тумшугун алма-терме жанып, башын көтөрүп, адамга мойнун бурай кылчайып, ымалашчудай.

Кечинде кара булут самсып, асман түнөрүп, караңгылык калдайып басты. Оозунан башка тешиги жок үңкүр ичи көргө окшошту. Шамалдын дуулдагы күчөдү. Уйгу-туйгуланды. Үңкүрдүн ичи андан бетер күүлдөп, сүрдөнүп, жүрөктүн үшүн алды. Бирок, бардык жандууга жакшы паанай берип, тиричилигин баштатчу ак таңдын алдында укканга жалган, көргөнгө чын, Бүркүт-Уяда бир ажайып иш болот. Кыйсыпыр чыгарган шамалдын аскага согулуп имерилген күчү серпип келгени, же чоң бүркүт өзү чапчып жеткиргени белгисиз, сүйөнүп олтуруп көзү илинген Саза караса, аркандын учу уяда жатат!

— Кудай, айланайын кудай! Сыртта соколокто олтурган чоң бүркүт учуп кетет. Уядагы балапандын бутундагы кайышты чече салган Саза арыдан-бери аркандын учун курчанып, курбуга түшөт. Андан өйдө арканды саап тартып, тепкичтен тепкичке көтөрүлөт. Арча калтек жаткан жаракага келет. Жерге таман тиреп, абалы асманды, анан жөө жүрүп ыракат алчу айлананы көзү чалгындайт. Ажал жандаган коркунучтан кутулганына көзү жетет.

* * *

Арадан жылдар өтөт. Тоо текенин текечери, аска зоонун улары менен жемденген Кабактагы балапан эсинен чыкпаган. Саза жумуштап Соң-Көлдүн Нарын жак жээгиндеги айылда жүрдү эле. Бирөөнүн үйүнүн жанындагы эки бүркүттү көрүп, имерилип калат. Сураштырса Ак-Сай тараптан алыптыр. Экөө тең байлооч балапан. Ал жактын бүркүттөрү кыраан чыгаарын уккан. Атынан түшөт. Малын издеп кеткен үй ээсин күтөт. Күткөн кишиси зарыктырып, түштү оодарып келет. Кийгени чокоюнан малакайына чейин жаргак, курчанган курунда кандуу бычак кисе, оттугу салбырайт. Үйүнүн ичинде теке, кулжанын терилери жатканын, улагаларында кагырап «азыл» аталчу тиштүү капкан; жөн капкандар жатканын жана көргөн. Мергенчилик менен бала күнүнөн бери, кудай билет ата-бабаларынан бери асылып келаткан немелер экенин баамдайт. Эмнеси болсо да байкайын, ыгы келсе бир бүркүтүн сурайын деп ниеттенет. Кара атын өрөөлөп отко коюп, тирилик ээси — аялдын колунан айран ичет. Бул бүлөнүн оокаты жалаң аңчылыктын кирешеси менен өтөөрүн сезет.

Ак көз чаар атын мамысына байлаган адам үйүнө тартканда, Саза озунду:

— Ассалоом алейкум.

— Алейкума салам. Андай болсун. — Жандуу сүйлөгөн тамашакөй жан окшойт, кыйык көзү күлүндөп, баштаганда эле биринчи көрүшкөн Сазага асылды.— Көзүң менин атымкына окшош чекир экен. Ат менен тууган болуп жүрбөгүн? Мамиленин тамашалуу башталышы «жакшы жышаан» деп кубанган Саза да:

— «Айгыр ала болсо, кулун кула болот»,— дейт эмеспи. Сиз минген ат менен бир тууган болсо болгондурмун. Аны да бир билсе алла билип, сиздин дилге салып аткан чыгаар, — деди.

— Күтүп калсаң керек? Өгүз издеп кеттим эле.

— Күтүп атканым чын. Баштаганда эле атыңызга агаини кылып таштадыңыз. Жакындыгыман пайдаланып, сөздү кайпактатпай тике айтайын: — бүркүтүңүздүн бирөөнү сураганы олтурам.

— Бекерге турбаганыңды кырда келатып эле сездим. Анда мен дагы тик айтайын: мергенчинин үйүндө илбирс менен аюунун, суусар менен калтардын терилери илинип турса күмүш кемер курчанган манаптар жаланып-жуктанып илип кетет экен. Бирдеме уроолоп кутулат экен да, мергенчинин үй-бүлөсүнө көз салышпайт экен. Улуу кызым он

бирге чыкты. Аты Уларгүл. Ага удаасы уул, тогузга толду. Аты Чилбай. Андан кийинкилери да уул-кыз болуп, алты жаман немем бар. Шартың болсо, мына ошол Уларгүлүмө куда түш, же Чилбайым менен достоштур. Анан алгын бүркүттүн бирин!

— «Айыгаар оорунун дарысы өзү табылат» дечү эмес беле, деп жагалданат Саза,— Байыш аттуу уулум он бирге толот күздө. Кызыңа кулдук урайын. Куда кошкон куда бололу. Ысымыңыз Соорун экен. Менин ысымым Саза.

Балапан бүркүт Соорундан ушундай жол менен колго тийген. Соорундан томого кийгизилген балапан бүркүттү кондуруп келип, туурга кондурган. Аз-аздап, үч маал жемдеген. Тери мээлейди апчытып, атка минип ары-бери бастырып көндүргөн. Суурдан туюк союлган терисин ийлеп, ичине бетеге шыкап, түлкүнүн куйругун улаган. Бышык эшилген узун жипти тулуптун башына байлап, жонуна жаңы эттен чырмаган. Атчан бирөөнү түзөңдө сүйрөтүп чу койдуруп, өзү кырдан, тапка келген бүркүтүнүн томогосун алып шилтеген. Бүркүт шуулдап учуп, чырганы шыпырган. Жонундагы жаңы этти чокуп, улкуп-жулкуп жеп, кыныккан. Эл кыштоолоп, маалы келгенде анык түлкүгө салуусу гана калган Сазанын бүркүтүнүн.

Кашайып, ошол жылы карышкыр күч болот. Бердикенин тайын жеп кетет. Андан соң сүттүү боз бээсин жарат. Малына жаны кашайып, өмүрү уулуна катуу айтып көрө элек Бердике:

— Катын-балаңа карабай... Малга да карабай эртеденкечке алышканың бир чымчык болду! — деп Сазаны жон талаштыра камчы менен тартып-тартып жиберет. «Жезде» дегенин кийин зорго таштап, «ата» деп чакырганга көнүп келаткан неме бүркүтүн коё коюп качат. Атка минип, мал тосконго кетет. Таза балээ ошол күнү болот! Жылкыларын бир өрөөнгө имерип коюп, кайра келип түн күзөтөйүн деген ойдо Саза үйгө келсе, кондурган дөңгөчтө бүркүтү жок. Өргөсүнө кирсе кереге башында томогоосу менен бут боосу илинип турат. Аялынан сурагыча эртеден абайлап жаткан апасы кирип келет үстүнө.

— Бүркүтүм кана, апа?! — дейт.

— Атаң менен кагышпа, айланайын. Карышкырга жедирип ийген тай менен боз бээге жаны кашайып атпайбы анын...

— Бүркүтүм кана дейм, апа?!

— Томогосун алып, учуруп жиберди атаң. Саза апасын жеңден апчып, дегдеңдетип сыртка алып чыгат.

— Кандай учурду?

— Моминтип учурду. Биртке учуп барып конду эле, кыйкырып-өкүрүп, жер чапкылап, тебетейин алып ургулап, чочутуп кайра учурду. Жана конду эле, жана кууп жетип кубалап учурду.

— Каякка кетти?

— Мобуякка учту.

— Катуу кеттиби, жай кеттиби?

— Канатын ирмеп сызып, кайрылам деп кайрыла албай... тээ чокуну ашкандан кийин көрө албай калдым.

— Көрө албай калсаң, эми жездемди көрүп олтур! Бүркүт жоголсо, кошо жоголом! — деген Саза томогону, бут боону, чырганы алат да, кара атын бар күчүнө салып, бүркүт ашкан чокуну көздөй чү коёт.

А күнү канча кырды ашпады. Эки көзү сур булуттуу суук асман менен кара таштуу тоолорго арсактын учтарына ыйламсырап тиктебеди. Бирок, бүркүтү көрүнбөдү. Жарыгын өчүрбөстөн токтотуп коюуга Сазанын кудурети жетпеди. Күн уясына житти. Ала көлөкө улам коюуланды. Карайлатып караңгы түн түштү. Жинкини сууган кара атты ыргалтып бастырып, кез келген айылга түнөдү. Эрте турду. Таң ашырып, түн ортосунда отко койгон кара атын кайра токуп минди. Кечеги ызага жеңдирген ачуусу бүгүн сабырга айланды. Эс токтотуп, бүркүтүн кайра эле өз үйүнө чукул тоолордон издемек болду. Минтиши жөн. Кармалып тапталган бүркүт качса бир эле түнөгөн соң дароо жапайылыгына айланат. Сазаныкы уядан алынып, сары ооз кезинде адамдын жытын искеген, адам колунан жаңы эт жеп тоюнган, адам кыймылына, адам кобуруна үйрөнгөн. Ошондуктан алыс кетпес. Бат эле жапайылыкка айлана койбос. Үч ай бою Сазанын колун карап балапан жүнү оролгон, бул чөйрөдөн анчалык алыстабастыр. Кайирдин боло калбастыр.

Жакшы үмүттө кайрылып келаткан Саза апасы көрсөткөн чокунун чөйрөсүнөн бүркүтүн көрөт. Ачуу менен аша чаап кеткени үчүн өзүн жемелейт. Кара атты жиниктире чү коюп, мерчемдүү жерге жетет да, көрүнөөрлүк ойдуңча түзгө чыргасын чубалтат:

— Куу, пө-пө! — деп чакырык салып, чапкылайт. Өзү бирдеме алалек бүркүт жем жээр маалы үчүн үндү уккан-да арсактан көтөрүлүп учуп, айлана калат. Чакырык күчөгөндө чырганы даана көрүп, шукшурулуп, качырып жөнөйт. Апа-мына дегиче чырганы шыпырып алып, жаңы этти улуп-жулкуп чокуп кирет. Кара аттан ыргып түшүп жетип бут боону байлап жаткан Саза жалбарат.

— Айланайын асылым! Көзүңдөн тегеренейин, асылым!

Саза ушул кышта жаңы тапталган жаш бүркүтүнө ондон

ашуун түлкү алдырат. Түлкү ичик киймекчи болгон бардалдууларга тартуулап, төрт тай өндүрөт. Төртөөнү тең малга кошуп, атасын ооз ачкыс кылат.

— Бүркүтү үч түлөктөн өтөт. Жолуккан түлкү ийинге кире качып же караган-чыргайды аралап жаны калганы болбосо, бирин да жаздым сермебейт. Алган түлкүнү чаап жетип ажыратканча өлтүрүп жиберген күчтүүлүгүн сезген Саза, неси болсо да карышкырга салып көргүсү келет. Күндөрдүн биринде Бөлтөктүн бөксөсүнөн көк карышкыр жолугат. Жолдошу экөө куугунга алышат. Мерчендеп чаап бараткан Саза: «Салсамбы, салбасамбы? — деп, эки ойлуу болот. Кызып кетип, бүркүтүнүн томогосун шыпырат да, шилтеп ийет. Ал көрүп эле, алып жүргөн немече качырат. Бакырып Саза кошо чабат. Бүркүтү кылчая берген карышкырдын оозун кабыштыра мыкчып, ныгырат.

* * *

— Саза!.. Соорун кудаң кайда калды? — деп калды Каргабий.

— Калбай калсын. Кийин Уларгүлүм келин болгон. Жаман неберелерим бар.

— Ошол бүркүт эшиктеги Карабашпы?

— Ананчы!

— Качантан бери салып жүрөсүң?

— Сегизинчи кыш быйыл.

Аңгыча казанды тейлеген Сатыбалды:

— Конок каадасы кылып сыртка чыгасыңарбы, же этти чыгара берейимби? — деди эле, Каргабий, шыргыйга жөлөй боосу байланган чаначка кол жандады.

— Аксеркеге сүзмө алып алгыла.

— Сорпого талкан чалсам кантет?

— Өзүң бил. Сүзмө катыктасаң андан бетер келишет. Тур, Саза, чыкса чыгалы сыртка, ай да көтөрүлгөндүр. Эки аңчы бирипен сала бири обдулганда баятан ийрилип тынч жаткан тайгандар жылуу колтуктарынан тумшуктарын сууруп көздөрүнөн от чагыла комдонушту. Карабаш да канаткуйругун кагыратып, кагынды. Ооба, кыраан бүркүттөрдүн жүнү оор келет. Кагынып-силкинсе темир сымал кагырайт.

* * *

Эл арасында, бул чөлкөмдөрдө мурда болбогон айбанаттар жөнүндө имиштер жорткон жөлдей жайылды. Бири жалгыз көрүптүр десе бири кошогу менен жүргөнүн айтыптыр. Өндөрүнүн каралыгы болбосо кадимки эле көк карыш-

кырдын өзү дейт. Башка калк, башка өлкөдөн ооп келген болуш керек дешет. Дагы бирөөлөр өңүттө жатып аскадан кийик ыргытканын көргөн имиш. Ошондон улам кадимки илбирстин бир түрү окшойт дешип да чыгарышты. Туюктун капчыгайынан, Улар-Тоодон, Эт-Бербестин зоокасынан көрүнгөн ал айбанаттардын сырткы көрүнүштөрүнүн чымкый кара болбой, тескейде баратканда, күнгөйдө жүргөндө, кырга чыгып шаңда турганда, нурдун чагылышына жараша каралжын-бозомтук, же каралжын-керче, же кулпунуп-кубулуп, түр алмашып кетеринин талашы да жүрдү. Акыры ал айбанаттардын барып олтуруп азуулуу жырткыч экендиктери маалымдалгансыды. Мындай кабарды Каргабий да угат. Саза да кур калбайт. Бирок, «Буга чейин биз көрбөгөн бул эмне деген жандар? Азуулуу жырткычтардын кайсы түрүнө кирет болду экен? Айтылган жерлерди чалгындап көрсөк кантет?» деп экөө баш кошуп кеңешпейт. Көптөн бери келаткан ынтымактары калыпка чууруган коргошундун эриндиси сымал үстү-үстүнө чокмоpолошпостон, тамчы тийген чоподой эзилип, упуроого өтөт. Ал түгүл бирине бири ууртгарынан жылмайып да коюшат. Ар ким өз бетинче аракетке өтөт. Аларды ошондой абалга алып келген баягы ар ким көргөн аңдын сырткы түрүндөгү кубулуш. Атам заманынан бери айтылып жүргөн жаныбарлар колго тийсе чоң байлык! Укум-тукуму үчүн кетпес кут! Неге дегенде терисин үйгө илсе түнкүсүн шоола чачат. Кумга аралаштырып силксе чаңы-куму күбүлөт да, арасындагы алтындын кабырчыктары жабышып калат. Ээси ошентип уюган алтындуу болот. Уламышка айланган ошол айбанаттын өзүн колго түшүрүш оңойго турбайт. Аны шагылдуу тик беттерден шыгыр эткен дабыш чыгарбай басып кетерин, зоодон тайгаланбасын, сууга чөкпөсүн, кирпик ирмегенче көздөн кайым болоорун тамшанып, айтып келишкен.

Туюктун капчыгайын чалгындап жүрүп, Каргабий кара айбанатты байкайт. Алгач бирөөнү көрөт. Кийинки күндөрү экөө экенин билет. Алардын дөбөтү менен канчыгы сырткы турпаттарынан эле ажыратылып турат. Түстөрү каралжын тартып, жерге жукпай тез жүрүшөөрү чын окшойт. Бирок, түктөрүнүн кулпунаары анчалык байкалбайт. Же карга оонап, берметтери узарган кезде өзгөрчү немелерби? Айтор, капканга оңой менен алынчудай эмес. Тайгандын күлүгү менен кошо карышкырга кол салчу жүрөктүүсү жарай турган. Алгыр бүркүткө ишенсе болот. Баарынан да булар кеч күздө кайда оойт? Кышта кайсы жандарга кол салат болду экен? Ушул сыяктуу ойлор менен башын катырат Каргабий.

* * *

Саза да жан адамга билгизбей жалгыз чалгындайт. Акыры учурайт. Көрүп туруп, карышкыр дейин десе буттары кыска, илбирс дейин десе куйругу түлкүнүкүндөй барак, жүгүрсө жапыз учкан каргадай зымырап, тез кеткен эки эле эмес, майдараактары менен жетөө. Аларды жан адам жок, ээн жаткан Былкылдактын-Сазы делинчү чөлкөмдөн көрөт. Жашыл өлөң арасында кара немелер бирин-бири куушат. Ала салып, оонашат. Тик туруп жалмалашып, бирин-бири уйпалап, кабышып жаткандай. Түлкү сымал чочоюп олтурушат. Ырас, жондору кара, куйрук учтары агыш, боорлору түтүн сымал кыярат. Кара калтарлардын бир түрү окшойт. Неси болсо да колго тийсе териси баалуу. Булар ушул жерде кыштаар бекен, же ооп кетчү немелерби? Дегиче, чоңураак экөө агыны билинбей тунуп жаткан кара суунун кемерине келишти. Кулактарын кыцырайтып, суунун тереңине үңүлүшкөндөй болушту. Удаа-удаа чулп-чулп, сууга секиришти. Калтар суудан сүзүп өтөт, сууга чумубайт. Кара суунун түбүндө кундуз жүрөт. Алардын кебете-кешпири кадимки суурдун өзү. Эмелеки сууга чумуп кеткен экөө кайра балтайтып балык тиштеп чыгышты. Ооздорунда туйлаган балыктарды тигилерге таштaшты. Чабалактаган балыктарды беркилери тегеректеди. Колдору кыймылга келип, балыкты чапчып көтөрүп, жалмалашса мамалактын кыймылына окшошту. Кызы булар жайда да, кышта да жем таап жешет... Чөлкөмдөн көп оолактабайт... Саза бүркүтүнүн томогосун шыпырып бийиктен бир шилтебесе өмүрү арманда өтөөр! Анда, Каргабий кантээр экен? Каргабий демекчи...

* * *

Ал күнкү шыбыргактаган шамтырак, жаанга айланган. Каргабийдин аялы очокко жамгыр тийбес үчүн түндүк жабуунун алдын бакан тиреп көтөрүп, бакандын түбүн желбоо менен чалып, желбоонун учун керегe башына бекиткен. Кире бериште, бутактарын айра тартып келген жапалак арчанын ным болгон көк шырылдайлары додо. Тулга алдындагы кызып күйө элек отко салса, шырылдайлар май чачкандай шатырап тутанат да бат өчүп, түтүн бырыксып, өзөктөрүндө алсыз жалын калат. Казан толо сүттүн үстү чымырабайт. Аял шырылдайдан отко кайра таштап:

— Бул сүт быйыл бышпайтко! — деп капааттанат. Капшытта кайыш чокойдун таманын көктөөгө көк тилип, шибеге даярдап алаксыган Каргабий отко тиктеп калат. Чын эле оттун бул кейпи менен сүт быйыл бышаар эмес. Ушул

учурда суу болгон канчык эшикти жөөлөп кирип, босогодон боортоктоп Каргабийди карай жылат. Аял кычкачын ала койт.

— Өлүгүңдү көрөйүн! Улам кууса эле, улам келет! Үйдө эмнеси бар, жатпайбы сырттагы ордуна! Көсөө жаза тийип, канчык кайра качат... Андан калса быйыл жаздан бери күн жакшы пейлин салбады. Кудайдын куттуу күнү эртең менен шыбыргак жаан. Жөө туман. Түш ченде кара туман тытылып, шамал сүрө, көчүп, асман көтөрүлүп ачылган болот. Кайра эле түш оой баягы калдайган бозомтук калың туман басат. Чылбыр бою жерди көргөзбөй жөө туман сойлойт. Жон-жондордо карышкырдан чочулап айт-уйт деп, кыйкырган койчулардын үнү. Иттердин үргөнү. Күн жаадырап кактабаса көк да узарбайт тура. Жону жылып мал да эттенип, желини чыңалбайт тура. Эмчегин тартса шылпылдап сүт аз. Тайлардын мойну зорго түлөп, жондору менен такымдарында курумшудай уюлгуп, бөртүк-сөртүк даакылары салпылдайт. Желелерде кулундар чыйрыгат. Кеч байланып, эрте агытылат. Кымыз да тартыш. Ороп-чулгабаса айран да уюп жарытпайт.

Мурда чакырмайынча башбакпоочу буту жоон, көкүрөктүү куу канчык үйгө дагы кирди. Аял кычкачты дагы алды.

— Чык! Силкинип жиберип, сүттү булгайт экен! Бул эмне болуп калган, ыя! Өлөөрүнө көздөнүп турабы, ыя! — Жазганып имериле берген канчыктын көчүгүнө кычкач жаза тийди. Күнөөлүүдөй болгон ал, каңк этип, жоголду. Каргабий жылмайып:

— Байбиче, канчык экөөң аяздашып калдыңар да! Отун бир жагынан быкшып... Быйылкы жылдын бир билгени бар. Тезек кургабай кирпиктен бери суу болуп бүттүк. Жаандан корунуп суур чыкпай, кашабаң да малга асылып алды, тынчыбызды алып.

— Билбейм! Жарыктык кудай да таарынгансып күндүн кабагын ачырбас болду. Экөөнүн кобуру аяктагыча куу канчык кайра кирди. Бул саамкысында канчыктын эки көзү Каргабийге чырак болуп көрүндү. Колундагы көгүн таштап, пейилин сала калды. Кычкачты ала койгон аялына «Токтот!» дегенин билгизе колун жаңдады:

— Тийбечи, байкушка! Жөн койчу, бечараны! Кыңылдап-кыңшылаган канчык эркиндик берилгенин сезди белем, керегенин түбү менен боортоктоп жылды. Башын көтөрбөдү. Канчык жылган боюнча Каргабийдин далдоосунан шып өттү да, жүк жыйылган тактанын алдына сойлоду. Тактанын алдын тоскон таар көшөгөлөнүп көргөзбөй калды. Аңгыча күчүктүн кыңылдагы чыгат. Ошентип, бир чака жу-

гунду, айранды жалмап алып, локуюп жатып алчу канчык жалгыз эркек күчүк тууйт. Окуя ушинтип башталат. Күчүк көзүн ачып, шимшилеп баскыча Каргабий тактанын алдынан чыгарбайт. Ал түгүл маалынан өтүп, көкүрөктүү көгүлтүр сурча дөбөт болгучакты Каргабий айыл-ападагылардын көзүнө да көп чалдыктырбай үйдүн артына аткулактын арасына багат. Минтип дөбөтүн асемдеп багуунун себеби бар эле... Куу канчык күчүк туурдан мурда бир учур улуп калат. Иттин улуганын кыргыз жакшылыкка да жоруйт, жамандыкка да жоруйт. «Бу, кара башыңды жуткур эмнеге улуп атат!» — дейт. Же дин санжырасындагы адамга ырыскыны асмандан ит сурап алганды эсине салып, «жакшылыкка көрүнсүн» деп, тим болот. Куу канчык улуган күнү алыстан-алыстан дагы бир башка улуган чакырыкты Каргабий эшиткен. Улуган немеге кош көңүл бурган. Ошол күнү куу канчык көздөн кайым болгон. Үч күнү жоголуп, анан кайра келген. Моюн жүндөрү, жон жүндөрү жаланып, өзү ичкергенсип, буттары узаргансып калыптыр. Бир кылмыш кылгансып, кылмышы үчүн кечирим сурагансып, Каргабийди көрүп кыңшылаган. Боортоктоп, жерге сойлоп, Каргабийдин жанына жетип, бутуна сөйкөнгөн.

— Кантет-кантет. Тарт-тарт. Кайда бардың? Кайда түнөп келдиң? — деп койгон. Куу канчык ичи жетилгенде аткулактын арасына барбай, шилбинин түбүн таппай, чукулдагы жар таштын коңулуна кетпей кайра-кайра үйгө кирип, тактанын алдына күчүктөгөнүн, күчүгүнүн жалгыз болушун Каргабий жакшы жышаанга жоруган да, күчүктүн атын Саккулак койгон. Саккулак башка иттерчилеп атчан чоочунга асылып, жүгүрүп үрбөйт. Дабыш укканда башын селт көтөрүп тиктейт да, кайра комдонуп жатат.

Каргабий Саккулактын багылышына күчүк кезинен көңүл бурду. Башка иттерче жугунду ичирбеди. Мал союлса канын тосуп бердирди. Бодо союлса өпкөсүн сактап, кесип ыргытып сугунтту. Арткан сорпого суу коштуруп тойгузду. Жай күндөрү Саккулак өзү да суур аңдып, ийининен алыстаганда жүгүрүп жетип, баса калып жеп жүрдү. Жүнү түлөп, килейди, сүрүнөн адам даабайт.

Жайы-күзү айыл-айылда малдын ызы-чуусу. «Төмөнкү айылдын малына жайыттан карышкыр тийген экен: үчөө-төртөөнү тамактап, бирин тытып кетиптир. Наркы айылдын короосуна карышкыр түшүптүр. Келиндер таң аткыча көз ирмебей короо кайтарышыптыр. Эртең менен көгөндөгү эки козунун артынан кан агып турат. Шумдугуң курган кашабаң! Өңүп жетиптир да, байлануу козулардын куйругун шалап-шалап алып, жолго түшүптүр»... Каргабийдин гана

малы андай коогаландан аман. Саккулак түндөсү короодон окчундап, таш таянып, бийиктеп барып жол тосуп жатчу. Кийин короого чукул жатчу болот. Бара-бара кепшөөр тыңшачудан бетер малга аралашып калат. Акыры малдын арасынан чыгып, үйгө чукулдайт. Каргабий ар бир кыймылды тап кетирбей байкап жатты. Дөбөтү мурунку күнү босогонун сыртына жатты да, кийинки күнү ичке кирип, улагага жатты. Каргабий ошол түнү аялын балдардын өргөөсүнө кетирет. Өзү ашканадан жогору бүкүлү кыңкаят. Сырт көөдөй караңгы. Асманда сансыз жылдыз. Түн ортосу. Мемиреп жатып көзү илинип кеткен Каргабий дабыштан кирпигин көтөрөт. Капшыттан сыртты тиктеп коомдонгон дөбөтү арылдап жатыптыр. Каргабий байкап эле өгүнтөдөн бери болуп жаткан сырга түшүндү. Түшүндү да, шырп чыгарбай турду. Акырын басып, дабыш чыгарбай эшикти ачып, үйдү дөбөтү беттеген жагынан эмес, өзү кырданган тескери тарабынан акырын айланып басты.

...Саккулак иттин сырттаны экенин, ошондон улам короосуна карышкырлар жолобой жүргөнүн Каргабий сезген. Саккулактын бийиктен улам ылдыйлап, акыры үйдүн ичине жатып калышынын бир сыры бар экенин сезген. Бүгүн түнү иттин сырттанына карышкырдын, ыгын келтирип кол салалбай жүргөн көкжалы келген. Көкжал тыштан, Саккулак ичтен: бир-бирине көздөрүнөн от чачышып тиктешип, айыгышып, арбашып жаткан. Кимисинин көзү ирмелсе, ошонусунун алдырганы. Дал ошону даана түшүнгөн Каргабий көкжалдын артына дабышсыз жетти. Жетти да:

— Айт! — деп, жер тепти. Шамдай көзү жанган көкжал кылчая бергенде Саккулак босого тараптан шып чыгып, лап секирип көкжалды тамактан алды. Азуусун батыра эзип-эзип тыбыратты. Акыры көкжал бут серпе албай дымып калды, Каргабий жакшылыкка түлөө өткөрүп, айылдагыларга эт жедирген менен чамгаракка тумшугунан илсе куйругу жерге тийген көкжалдын терисин көргөзбөйт. Ашатып, бөздөй ийлеп, силкип-силкип көмүскөгө илет. Эми, тиги илбирс өңдөнгөн кара айбанатка, кер тайганына кошуп, карышкырдын көкжалын жайлаган дөбөтүн алып чыкмай болот. Кер тайган өзү да беш кар басып, курчу кайтып, тиши мокоп, карып бараткан. Жалгыз алдырып коюшу мүмкүн. Күлүк неме жетип серпсе, калганын Саккулак жайлайт.

Каргабий сыртынан акмалаган кара айбанаттар суук түшкөндө Камыштуу-Аралга оойт. Баамында алар туюктун Капчыгайындагы кийикке кол салбай эле чил, кекилик, улар басып жеп жүрүшкөн окшойт. Эми шартына карап коёндуу, кыргоолдуу чөлкөмгө түшүшсө керек. Жемин жеп, жойлой

турушсун. Биринчи кар жаасын. Экинчи кар жаасын. Семирген немелер карга оонасын. Жүндөрү оңолсун. Бермети узарып, селкилдеп кулпурсун. Ошондо, кыламык түшкөн жаңы кардын таңында, кар бетинде бадырайып чубалган жаңы изге кер тайганын шимшитип, Саккулакты ээрчитип Кара айбанатты таап чыгат Каргабий. Буюруп колго тийсе туюк союп, терисин силкет. Ушул ой менен Каргабий кыштоосуна көчүп келди. Качантан бери урунган таш короо. Өткөн кышта үч жолу керткен сары көң кырына жыйылган. Көң жай бою күнгө какталып, кургаган. Катуусуна жараша узакка күйөт. Жалыны да күчтүү, чогу да таптуу.

Балдарынын өргөөсүн өз журтуна. Өзүнүн чоң үйүн өз журтуна тикти. Кышка жылуу болсун үчүн керегелерин тик жайып, ууктарын жыш сайды. Кар калың түшсө ууктарга күч келбес үчүн керегенин сыртынан чий ороп, туурдуктарды эки каттады. Ага карабай кышкы аяз түндүктөн эмес, кереге түптөрүнөн ызылдайт. Ошону үчүн туурдуктун сыртынан дагы камыш менен калап, камыштын түбүн кара коңур кык менен кыркалай ныктап, таманы менен таптады.

Жаңы кар бир эмес үч жолу кайталап жаады. Күнгөйлөр күн тийгенде эле эрип, кайра карарып, тескейлер ак күмүш жамынып кычырады. Жана кечикпей жаңы кар жаап, эски чыйырлар басылып, жаңы из бадырайгандын эртеси аттанганы жатса ботом, жанына сары тайган жетелеген Сатыбалдыны ээрчитип, бүркүтүн колуна кондурган Саза чекирдин үнү тиги кырдан чыкса болобу бакылдап. Атын токуп, аттанганы жаткан Каргабий элейди. «Аа, ачык төш чекир! Камыштуу-Аралдагы аңдын жайын бул дагы уккан экен. Билип алып, мени жүрү дегени келген экен,— деп күбүрөдү.— Мейли. Ате, болбостур! Кыскангансыбай, мурда эле кабардап койсом болмок»,— деди ичинде.

Саза Каргабий ойлогондой эмес. Жетип-жетпей утурлай басып Каргабий өзүн ичинен айыптуу сезип, озунду:

— Ассалоом алейкум!

— Сабыр эт! — деди Саза бакылдап.— Жашың улуу, саламды мурда мен айтуум керек. Андан дагыңкысы, шыралга берейин деп кайрылдым.— Атынын тизгинин буруп, канжыгасын сала берди. Эки кызыл түлкүнүн, бир кара аңдын териси бөктөрүлүп жүрөт булая чубалып.

Ат алынды. Саза бүркүтүн ыңырчакка кондурду. Канжыгадагыны чеч дегендей Сатыбалдыга жаңдап, оозу創 сөздөн бошобойт:

— Биздин чөлкөмдө мурда болбогон чоочун кара аңдарды, булгун калтар деп жүрчүмүн. Сенден мурда алып, берметинен чачыраган шооласын көрмөккө үйгө илейин деп

жүрчүмүн. Кумга булап, алтынын күбүп чогултуп, алтын уютайын деп жүрчүмүн. Ха-ха! Булайып кача берди ак кар үстүндө көөдөй көрүнүп, зымырап. Кырдан Карабашты шилтедим. Кадимкисиндей тик качырып шыпырды. Жеткиче тилин сууруп жеп жиберген экен кырааным! Булгун калтар эмес, кундуз калтар экен. Үйгө бурулбай сага алып келдим, тартуулап!

— Болсун-болсун, Саза!

Үйгө кирипти. Кундуз калтар Каргабийдин колуна тийип, төрдүн сол бурчундагы ичик илчү күмүш баканга илинди чубалжып. Каргабий ичинен сынып, андан бетер уялды.

— Тартууң мыкты экен, эмне аласың? — деп жиберди. Саза каткырды. Чекир көзү жайнап, малакайын көтөрүп, кулак кашыды.

— Тартууга сурап сунбай бергенди алчу эмес беле Каке!

— Деги айтчы, тартууң мыкты экен? — Саза, жана эле сырттагы кара ооз сур дөбөттү көрүп баалаган. Бирок аны сурайын деген ниетинде жок. Тамашасын улантмакка деп койду:

— Итти сураган да ит дейт. Бербеген да ит дейт. Эшиктеги кур дөбөтүңдү бергин? Хо-хо.

Каргабий селт этти. Кайпактап калды.

— Олдо, чекирим ай! Байкагычсың. Кудай сага көздү тартуулаган. Эми баатыр, дөбөттү койгун? Дөбөттүн бир кирешеси бар эле, ошону алгын,— деп аялына каш какты. Башка адам көрө элек көкжалдын терисин аялы катылуу бурчтан алып чыкты. Каргабий кара кылкан көк терини силкип-силкип, Сазанын алдына таштады.

«Бөрү жатыш» чыгып, тырманып кууругандарды тердетип туруп, бир эле оро — күбүнүп тура келет. Өтүн да кургаткам. Андан да берем. Кызыл өңгөчү ооругандарга, аш казанынан кыйналгандарга эзип берсе, дарылыгы чоң. Балдарга такканга чүкөсүнүн бирин, азуу тишинен ал...

Каргабийдин өтүнүчтөрүн уккан менен Саза терини кармалабады. Тиктеп, башын көтөрүп:

— Каке! Тамашамды кечирип койгун,— деди күлкүсүн тыйып,— сенин эшигиңде чоңойгон күчүк мага ит болуп бербейт. Ал да сенин ырыскыңа келген. Мунуңду да албайм. Бул дагы сенин ырыскыңа түшкөн. Түшкөн ырыскыңды мага берсең, үйүңөн кирепе кетет. Баалуу нерсе ээсинде турганы жакшы. Сазанын сөзүнө эстүү Каргабий дагы сынды. Сазага мээримдүү тиктеп, көңүлүндө күбүрөдү: «Кудай буга мүнүшкөрлүк өнөрдү эле бербей, жакшы пейилди кошуп берген тура. Пейилинен таап, аскадагы ачка өлчү Бүркүт-Уядан аман чыккан тура!»

— Саза! — деди Каргабий баятан көңүлүнө түшкөн бир ойду чечмелеп.— Кычырап жатчу кар кетет. Таштай катуу жер жибийт. Кара жер майланышып, камырдай ачып жумшарат. Ошондо чөп узарат, ыргалат. Жаш чөптүн бутакчалары да, өзөгү да жумшак. Тийип-тийбей борс сынып, сүт. Оттогон малдын эти да жумшак. Ширелүү. Сорпосу да сиңимдүү, жеңил. Сүйлөшүп олтурган, тиктешип олтурган экөөбүз деле чөп сыяктуу окшодук. Бирок, Саза, биз «бышкан» сайын «морт» кезибизди, «сүт» кезибизди жоготуп, «өзүм» деп, «өзүмө гана» деп пейлибиз бузулууга өтөт. Ысыктыгыбыз сууп, ынактыгыбыз жиктене баштайт окшойт. Жаман жорук эки тараптан тең башталса андан бетер жаман. Бир тарабы кечиримдүүлүккө салса, атаганат... анда чоң ырыскыны жылдыруу кыйын. Сен, бүгүн «бузулбас» тарап болдуң. Мени уттуң! Тирүүчүлүк жакшы адамды ылайым айкөл пейилинен, жаркын мүнөзүнөн ажыратпасын.

— Кайран, Какем ай! Калтырган изиңди, жасаган ишиңди кайра кайталап карап чыкмай акылмандуулугуң бар ээ? — дейт, ички сырын коонун шамалынча сыртка айдаган Саза.— Бир күнү сени да кара жер алаар! Бөрүнүн тулубунан мынабу сөзүң өтпөдүбү. Эсте калчу, элге айтылчу ушул сөз накта тартуу эмей эмне, ыя?!

* * *

Карабаштын ургаачы экенин Саза алгач колуна тийгенде эле билген. Бүркүттүн ургаачысынын башы сулууча, сүйрүчө, канат-куйругу узун келет. Эркегинин башы чоң, далылуу, көрүнүшү тоголок көрүнөт. «Тиштээк тайгандардын, алгыр куштардын эркегинен ургаачысы кыраан чыгат. Алардын күчүк көтөрүп, жумуртка басканы кендирин кесет, алгырдыгы көп билинбейт» деген сөздү Саза бала кезинен уккан. Уя көрүп, жумуртка баспаган Карабаш карышкырдан бешти, түлкүдөн далайды алды. Жайында бүркүт салынбайт. Мүнүшкордүн багуусунда, кароосунда болот. Саза да бул мезгилдерде бүркүтүнүн томогосун алып, Карабашын күнгө олтургузчу. Күн чымылдап катуу ысыса карагай, шилбинин көлөкөсүнө кондурчу. Томогосуз бүркүтү туш-тарапка олуп карап, тээ бийикте бүркүттөр айланса обдулуп, канатын желпип, учкусу келчү. Муну Саза туюп: «Атаңдын көрү эңсөө, ай!» — дечү көңүлүндө. Чынында, тирүү жандын баарында эңсөө бар. Эңсөөнүн орундалышы тукумдун уланышы эмеспи. Сазанын Карабашы да эркегин самап, ойдолоп, обдулуп жатпайбы. Ушуну билген Саза «Жакшы эле байладым, көп жылы салдым, мунун дагы убал-сообунан кутулайын деп, эч кишиге айтпай Карабашын кондуруп

жөнөйт. Капчыгай өрдөп, улуу тоонун чокусуна чыгат. Томогосун алат. Бут боосун көктөөдөн сөгөт. Карабашты маңдайынан сылап, мүрү далысынан сылагылап, канат-куйругун жазып сыдырат. «Кош! Мен сага ыраазымын. Калган өмүрүңдү эркинче чабыттап өт!» деп абага шилтейт. Колго көнгөн ал далбактап учуп, көп алыстабай жар ташка конот. Канатын кымтып зымпыйып, мойну койкоктоп турат да, атайы ачка алынып келген неме кайдандыр алыстан бирдеме көрүп, ошого далбактап учуп, сызып жок болот.

Арадан эки-үч жыл өтөт. Карабаш унутулат. Ат чабылчу тойго чакырылган Саза, курбулашы Сатыбалдыны ээрчитип, демге мас бир топ жигиттер аралашып жолдо кетип баратышса, асманда үч бүркүт учуп жүрөт. Арадагынын бири бакылдайт, бүркүттөрдөн көз албай:

— Үчөөнүн бирөө Саза абамдын колуна тийсе сонун болоор эле ээ?! Бүркүт дегенге жагалданган Саза:

— Кана-кана? — дейт. Беркилер көккө жаңдайт камчыларын сороктотуп. Улгайган Саза көзүн сүртүп, колун чекесине серепчилеп, калап:

— Ата көрүү! Баягы, менин Карабашым эңсөөсүнө жеткен экен ээ! Эркегине жолугуп, эки балапандуу болгон турбайбы. Болсун-болсун! Кыраан тукумсуз өтпөсүн! Балапандарын машыктырып, ойнотуп өзү жүргөн чөлкөмгө бир келген тура айланып.

Жигиттин бири кокосун созуп каткырат.

— Аба! Ченеп калп айтсаңыз боло? Асманда жүргөн неме кайдан сиздики боло калат?

— Меники экенин далилдесем, атыңы бересиңби?

— Берейин эле! Болбой калса, сизди жөө калтырабыз.

Оюндан от чыгып, ооздон сөз чыгып мелдеш башталат. Саза беркилерди токтотот. Өзү кырга чыгып тебетейин колуна алып:

— Пө-пө, Карабаш! — деп айкырып, кыр ылдый чабат. Адам ээй, баягы үчөөнүн бирөө үндү угуп, үч жолу шукшурулуп Сазага чукул үч түшүп, кайра үч атып асманга көтөрүлөт. Таңыркап тигилген топ жигиттер, Саза көп жыл салып жүрүп коё берген Карабаш экенине чындап ишенишет. Ошол Сазага тору быштысын ноктолоп минген Сатыбалды келди. Ал үйүнүн көлөкөсүндө бычагын бүлөп олтуруптур. Сатыбалдыны байкабады. Торусун мамыга чала койгон ал:

— Ассалоом алейкум Сазаке! Ошондо бурулуп, ишин токтотту.

— Алекума... Оо, кайдан, үйүнөн чыкпас үй күчүк Сатыке!

— Үйдөн эле.
— Жайчылыкпы?
— Ботом, үйүмө чукул дүп этип бүркүт түштү...
— Бүркүт?..
— Ооба, бүркүттүн дал өзү.
— Ал эмне болгон бүркүт экен, мен турсам сенин жанына түшкөн!
— Өлгөн бүркүт.
— Өлгөн немени мага эмне кабардап келдиң? — Саза карыя эригип олтурган го. Курбусуна асыла берди.— Өлгөн немени тирилте албасак, коңдуруп-салалбасак. Экөөбүзгө кереги канча анын, ээ маңгим!
— Билип бергениң кызык мага.
— Дөөрүбөй олтур! Эй, үйдө ким бар? Даам алып чыккыла. Берки ичке «токтомдуусунан».
Келин сунган аяктан кылт жуткан Сатыбалды тамшанып алды да:
— Саамал ичсе кекиртет, шамалдатып секиртет! — деди. Атайы саамал сураткан Саза жарпы жазылып күлдү.
— Саамал кекиртеби, же жапсарды карай чуркатабы?!
— Экөөнү тең кылат!
— Адам улгайган сайын маектешер курбу издейт экен. Үй оокат үчүн күңкүлдөшүп атып, кемпириңдин да кызыкчылыгы кетет окшойт. Баягы жаш учур болсо тоо кыркап кетпейт белем... Ушинтип бычак курчутуп, кажанып олтурам. Өзүң кандай абалдасың? Ай, уйкучул ит элең, сага баары бир болсо керек.
— Шакабаңды коюп, бүркүттү көрүп берсеңчи барып?
— Бүркүтүң менен бирге жерге кир! Кайра эле өлгөн бүркүтүн козгойт. Сүйлөсөң, атка минишиң кандай?
— Үзөңгүсүз шап коном.
— Ашты сиңиришиңчи?
— Бергенден кайра арттырбайм.
— Сенден кантип түп артсын! Тартып ий, алдагыны! Аа, уктооңчу?
— Башым жаздыкка тийгенде эле корр этем!
— Санааң болбосо ошо да! Жел чыгарышыңды таштаба!
— Көп шакабалабасаңчы!
— Жаман! Сенин дениңдин соолугун билейин деп атам. Жел чыкса тумоологон бала сакаят. Ичтеги дарт тарап өңүнө кирет адам. Түгөл айтпасаң барбаймын, тилиңди такыр албаймын.
— Дамбалым бөздөн болсо бат эле тамтыгы чыккыдай. Шымым жаргактыгынан чыдайт. Болдубу эми?!
— Кемпириң оокатын кам бышырса керек! Жеңил сөз-

го экоо карсылдап күлүштү. Торуга учкашып, бүркүткө келишти. Сатыбалды шалчаны сыйрыганда эле Саза бүркүттү көрүп, күлдү.

...Айбанаттар дагы биринин кыраандыгын бири жектеп, бирине-бири илгертеден өч. Уламышта айтылып жүргөндөй мелдеше кетип, тегирмендин айланып аткан ташын жара тээп таштаган ителгиге бүркүттүн кекенип калганы бар. Андай өчүн сабалап учкан чоң ителгинин өзүнөн алалбай, кээ бир бүркүттүн жаманы ителгинин уясын издейт. Уяны байкап калса атайы келип, темир канат балапандарды мыткып, тирүүлөй үзүп-жулкуп сугунат. Тоюп алып, далбактап учуп жөнөйт. Ошол тапта ителгилер алдынан чыгып калышат. Жан алакетке түшөт да, узай элек бүркүткө качырып тийишет. Ителги улам жеткенде бүркүт аласалып чалкалап, бүт сырын көрсөтүп тептирбейт. Кегин алалбай айласы кеткен ителгинин бири кайдадыр зыпылдап учуп, жок болот. Ал адам жеткис ашуудагы булут челген аскага уялачу кумпайдын уясына жетет. Чый-пыйы чыгып, уясын печен айланып шаңшыган ителгини көрүп, кумпай учуп чыгат. Ителгини ээрчип, зыпылдап жөнөйт. Ителги жемгө тоюп далпылдап учуп бараткан душманы бүркүткө кумпайды урунтат. Кумпай бүркүттү көрүп эле атып асманга чыгат. Корголдой болгуча бийиктеп, анан жебенин огундай тик сайылып, бүркүттү качырат. Кумпайдын куушурулуп куткуп келаткан канатынын күүсүнөн шуулдак күчөп, жел ызгыйт. Кирпик ирмелгиче, бүркүт аласалып чалкалап айбат кылгыча кумпай тээп өтөт. Оозунан кан келген бүркүт талп этип кулайт, дүп этип жерге тиет. Сатыбалдынын үйүнүн жанындагы бүркүт дал ошондой мертинген неме экенин Саза дароо билди да:

— Кыныңан бычагыңды алып, жемсөөсүн жарчы? — деди Сатыбалдыга.— Мүрт өлгөн немени жегени сиңе элек. Сатыбалды Сазанын айтканындай жарды эле, сары ооз үч балапандын үзүлгөн денеси жемсөөсүнөн түштү.

— Ушундан өлгөнбү? — дейт таңыркаган Сатыбалды.

— Ушундан өлгөн! Балапандар тыбырап жибергенде жан соогалап сенин үйүңүн жанына кулап түшкөн тура!.. Андан эмес, бөксө мээм. Муну кумпай тепкен. Балапандарынан ажырап бейпайга түшкөн ителгилердин өчүн алган ушул бүркүттөн.

— Болсо болот. Мен үйдөн чыкканда мобуреки карагайлуу чокуну эбелектей канаттуу неме зып эте ашып кетти эле.

— Ошол, көзгө илээшпей зыпылдап учкан кумпай кыраандын өзү.

— Баракелде, кумпай эрге! Эми ойрону чыккан бул бүркүттү эмне кылсам болот.

— Аземдеп көөмп, күмбөз салдырсам дейсиңби? Ак кепиндеп аруу жууп, айпооч салып белин бууп, зыярат көрсөтсөм дейсиңби? Хе-хе. Бул бүркүт деген аттан айлансын! — дейт Саза.— Уялбай уяга конуп, балапан жеген неменин жазасы бул — канаттарын мүрүдөн кескин. Эки канатын эки келиниңе бергин. Алып шыпыргы ордуна урунушуп, үй шыпырышат. Мунун өлгөндөн кийинки жазасы ошол болот.

## НАМЫСТЫН АЗАБЫ

Оо, бизден карааны бүл-бүл алыс калган кылымда айылы жакындар, ат-көлүгү барлар «аш» болот, «той» дегенди угушса, көңүлдөрү куунактанып, дүрбөлөңгө түшүшчү. Күлүк аттуулардан, чыгаан жорголуулардан уйку да, тынчтык да кетчү. Алып жүрчү балбандар таш көтөрүп, дүмүр жулуп, даярдык көрчү. Бийлик тизгинин жыя кармаган болуштар өз жонунун намысын коргоп, баарына даяр...

...Ошондо маал күз эле. Кетмен-Төбө, Талас аймагынан бери чогулуп, Анжиян, Фергана Жалал-Абад элинен катышып, өткөн чоң ашта өзүнүн айтылуу Аксурун минип Акбалбан эңишке түштү. Күчү өзүнчө ов! Бирок мактоо, даңк аны журт көзүнө эки эселентип жиберген. Азыр отуз экиге чыгып, булчуңдары бултуюп, бели катып, кармаштын кыйла амал-ыктарына каныккан Акбалбан кезинде күрөшкө да түшкөн. Жамы аттуу жигит бет чыккан. Теке териден жасалган сары жаргак шымчан, жыңайлак, көөдөндөрү жылаңач балбандар эл ортосунда чапчышып, силкишип, аябай мыжышты. Таман алдыларынан топурак бурт этип, сүрүшүп, жыгылып тура калышканда чаң көтөрүлүп жатты. Акыры чай кайнам ашык кармашканда Жамы көмөрөсүнөн жыгылды. Акбалбан лап басты. Моюндан, каруу булчуңдан эзди. Жарданган эл, балбандарга чукул жүргөн жыйын башчылары экөөнү ажыратпай жайына коюшту. Көптө көөдөн күшүлдөп, таноосу кыпчыла энтигип, Акбалбан турду. Жамы топурак каап өлүп калган экен.

Акбалбан эңишке да түшкөн. Анда Шадыкан деген бет чыккан. Акбалбандын малдан башкача машыккан Аксуру Шадыккандын алдындагы күрөңдү тиштеп, чарпып тээп, кошо алышкан. Акыры Шадыкан эңилип, акыреги сынып, майып болгон. Айдаган малы, агыткан жигиттери бар Акбалбан булардын эч бирине кун төлөбөгөн.

Ушул жосун Акбалбанды «канчеңгел» атанткан. Ага

айбат, сүр берген. Бет чыгаар балбан күн мурда коркуп, качкан.

Тигине, куйругу шарт түйүлгөн, ээрине кош басмайыл тартылып, бөктөрүнчөгү куюлуп, жер чапчыган Аксур үстүндө дагы Акбалбан. Кыл чайнап, ал ортодо ары-бери бастырат. Тизгинди жыя кармап, кепшенип, жаак булчуңдары түйүлө жалт караса, касаба болуп жардангандар шүйшүнүшөт. Өз тарабы көтөрүлүп, шанданышат. Берки балбан чыкпай жаткан жак басырынып, ызырынып, күйпөлөктөшөт. Бул баарынан да тарап башчысы Адыл болушка катуу тийди. Акбалбанды чыгарган жаатка жарчы болгон, ырчылык даремети алыска угулуп бараткан Токтогул ак жал чабдар ат минип, ойдолотуп ырдап турду:

Арстандай айбаты,
Акбалбан чыкты көргүлө.
Армапы жок кармашып,
Алышаарың келгиле.
Айлыңда «эркек» жок болсо,
Алдырганым ушул деп,
Байгени бизге бөлгүлө.

Намыска камчы тийгенде азаматтар ажалга тик карашат. Жарчынын «Айылында эркек жок болсо» деген үнү угулганда Адыл болуштун алдына колун көкүрөгүнө алып, таазим этип, шыңга бойлуу, көзү алагай, кара каш жигит тура калды:

— Арбаңыз болуш! Рахим этсеңиз мен чыгайын.

Тургандар дүр эте жанданышты. Акырын кобурлар болду.

— Кыйын жоо го Акбалбан!..

— Майып кылып койбосун!

Өзүн тынч кармап, айбыкпай тиктеген жигиттин тулкусун Адыл сынай тиктеди да:

— Журтум. Баланын бешенеси жакшы. Көзүнөн от жанып турат, талабын орундаталы,— деди.

Бул Арстанбаптын чарбагынан келген Балтабай деген жигит эле. Жашы жыйырма жетиде. Айылында жөө күрөш, оодарыштан алып жүргөн төрт балбан менен кармашып, күч сынашкан. Бул ашка тымызын даярдык көргөн. Минтип, эми суурулуп чыкты.

— Өз атым жармачтык кылат,— деди Балтабай убадасын беките, Жусу бийдин Бозун сурагыла. Аксурга Боз гана теңтайлаша алат.

Бул тараптын жарчысы айтылуу Эшмамбет. Балтабайдын түрүн көрүп, сөзүн укканда суйдаң жал карагер чалышын камчыланып, тигил тарапты беттей Токтогулга беттеп заңкылдады:

Арстапбап жерибиз,
Арстандай элибиз.
Алладан бийсиз озунуп,
Байгени бер дедиңиз.
Ак боз ат минип алкынтып:
Алдыңа келет Балтабай
Аны байкап көрүңүз.

Сурамчылар, Жусу ат күчүн аяп кылчактаганын айтканда, Адыл саргашкасынан түшө калды:

— Атынын күчүнө муну ээр-токуму менен алсын. Баланын өмүрү сая кетпесин. Берсин атын!

— Коюңуз камыкпай. Берет, бербесе! — деп, жигиттери кайра чапты. Өркөчүнө кол жеткис боз атты жетелеп келишти. Ээр токулду. Кош басмайыл тартылып, куйругу түйүлдү. Чечинип теке шым кийип, чепкенди желбегей жамынган Балтабай аттын күчүн сынап, такыр колтукка муштап көрдү. Экөөндө былк этпей, үчүнчүсүндө бутун серпип, жөткүрдү.

— Жарайт деди да, суулуктаган боюнча сыңар тизелей бата сурады. Эл дүр эте кол жайып, «оомийин» дешти.

— Ийиндүү, бели ичке, шадылуу Балтабай Бозду алчылантып Акбалбанды беттеди. Түрмөк-түрмөк боло жардаган эки тарап тынчсызданып, ээн ортодогу балбандарга тигилишти. Дасыккан Акбалбан кенебегендей. Астындагы Аксур ойт берип, туйлап алган. Эми жалын көтөрүп, чунайып, ооздук кемирип бетегелүү талаа бетин каза басты.

Экөө чарт беттешти. Шап-шап билектен жулкушуп, имерилишти. Аттардын аяктары топурак серпип, чаңдай түштү. Жотолуу тулкусу эл көзүнө толо түшкөн Балтабай Акбалбандын билегин батыра мыкчып, жулкуп алганда шады издери тура калды.

— А, бош келбейт! — деп дуулдап калышты.

Акбалбан өзү да сезди. Үзөнгүсүнө таманы жабыша ээрге нык олтуруп, жомоктолгон айбаты жүзүнө чыга Балтабайды сүрдүктүрө теминип, ач билектен чап кармады. Ал мындай оңтойдо бурап келип, ээр кашына баса, чыргадай сүйрөчү. Азыр Балтабай колун буйдалтпай жулуп кетти. Боз ат да чуная Аскурдун жалынан башын ашыра, омуроо кагып сүрдү.

Көрүнүш кимге болбосун, дааналанды. Бирок, Балтабай кыймылындагы табышмак жандырылбайт. Кабак түйүп, айбыкпай эрегишкен ал, Акбалбандын капталына жабыша калып жатты. ...Кымындай бoштук кылса, өңүт кетирсе Акбалбан ага ырайым кылбайт. Ат аягында сүйрөлүп, туяк аягында жанчылып турса да кыбасы канбайт. Түбүнө чейин

эзет. Буга Балтабайдын көзү жетет. Жеңилиш үчүн эмес, жеңүү үчүн жанын оозуна тиштеп, тайманбайт.

Көпкө кармашты. Аттар оозу көбүктөнүп, моюн-сандан майланышкан тер акты... Ык ушерде экен. Балтабай Акбалбандын оң бөйрөк үстүн мыжып өттү. Аксур тик секире ойт берип, ээсин куткарды. Акбалбан эгиле, оңолду. Жардангандар дуулдап, чайпалышты. Балтабай купуя милдетин орундап алган, кош сүбөнү сый кармаганын кырт эткенинен билди да, тыным бербей демиткенге өттү. Көзүнөн от чагыла капталы чымырай түшкөн Акбалбан бөксөрө да, жалтайлай да түштү. Балтабай эми билегине жабышып, булкуп ээргө басты. Басты да Бозду күргүштөтүп жөнөдү. Ат туйлатып, жаатынын намысын талашкан ырчынын оозун ким тыят. Эшмамбет үнү:

> Арстанбап, чарбактан келген Балтабай,
> Оо, сенин балбандыгың айтам ай.
> Артыңда жүрөт сүйрөлүп,
> Бир сарттар,
> Асылып калган калтадай,—

деп шаңшыйт.

Акбалбан ээрден ооп, кыңкайып түшүп калаарында Аксур чапчына кишенеп, Бозго көчүк бура кош аяктап тепти. Туяк күүсү ээсинин бутуна шак тийди. Сүбөсүнө кошула буту сынган Акбалбан, эңилди, жерге сулады. Кимди ким көрдү, кыйкырык-бакырык, уу-дуу. Ураан чакыруу. Жеңишке жеткен Балтабай терге чөмүлгөн Боз атка камчы уруп, жаатын карай чапты. Этек-жеңди коё берип камчы үстүнө камчы баскан Эшмамбет кыйкырып, жар чакырып бирге.

* * *

Керт башыңын кызыкчылыгы үчүн эмес, башкалар үчүн жасалган эмгегиң, эл жонуна алып берген намысың — бийлик башында калыс адам турса, ал төрт тарабы келишкен кыраа болсо бааланат. Ал өзү аралашып, өз колу менен маңдайыңды сылап, арбагыңды көтөрүп коёт. Анан сага кыя кароочулар, өйдөсүнө теңтайлашчулар өзү эле жапырылып, алдыңды тороп басышпайт. Атың оозго кирет. Кыйшыгың түздөй, кичинең чоңдой көрүнөт. Балтабай өңдүү шар эрге бул кайда! Бая Акбалбанды Бозго сүйрөтүп эңип таштап, тиги тарапты сындырып, өз тарабын кубанычка бөлөгөндө көзгө бир көрүнгөн. Анан ар ким жайыла бастырып өз тиричилигине кетип, Адыл болуш бийлигине алаксып, унуткан. А кек жүрөгүнө кайнаган Акбалбан аны эми жутмайынча эстен чыгарбайт. Башын сайып, мал-мүлкүн чачса да пенде чыдагыс өч алат.

Табышка түшүп дарыланып, жигиттерине ууру топтотту. Балтабай айылынын жылкысын тийип алды. Батынып куугунчу чыкпады. Мейли, мал баштан садага. Өз жаныңды корго» дешип, Балтабайдын өзүн качырышты. Балтабай топко жолобой, үйүнө түнөбөй токой аралап, тоо-таш таянып качып жүрдү. Муну тыңчы аркылуу Акбалбан да билди. Өзүн кармап бергенге беш асый тартуу берилерин айтты.

Жүрөгүндө от, билегинде күч турса да, Балтабай катуу бекинип, катуу сактанды. Кыш кетип, токой чатыраган жай учур. Жолдоштору жеткирген азык-түлүктү алып, жалгыз түнөп, жалгыз жүрүп зериккен Балтабай из жазгырып, салт атчан келаткан... Чычкан жөрмөлөй алгыс түнт токойлуу чоң өрөөн. Ортосунда шаркыраган суу. Суу жээктей ичке. жол. Тээ, бийикте күмүш табактай жалтырап, жай жылган толук ай. Ай нуру төгүлүп, бадалдуу токой арасы жыбырала. Үйүнө ушул жол менен каттоочу Балтабай чокморун оңтой такымга басып, көнүккөн Сарторусу да шагыл баспай, кыртыштай ыкчамдап келатат. Ай нуруна кабылганда жарк эте көрүнөт. Көлөкөдө жоголот. Көңүлүндө кош уйкулуу жарын элестетет, Сарторуну чыргайга байлап, эки жагын кылчак карап үйгө жетип эшик серпкенде, көйнөкчөн жаткан жары ыргып турат. Эринин көкүрөгүнө жабышып, бышактап жашыйт.

— Кандай мүшкүлгө жолуктуң! Унутуша турганбы!

— Кантет. Унутушаар.— Жабдыгын керегеге илген Балтабай уктаган балдарын жыттоого эңкеет. Бири төрттөн бешке караган, бири экиде. Экөө эне жаткан төшөктүн эки жагында.

Балтабайдын күн алыс үйүнө келип жүргөнүн, кайсы жол менен каттаарын Акбалбан билип алган. Анын колго жөн түшүп бербесин ойлоп, буктурма амал тапкан. Балтабай азыр, тигинтип ай көтөрүлгөн тынч түндө бейкапар келатты. Чоң түп четинди имерилип өтөөрдө Сартору кетенчиктеп, кошкурунду. Ээси согончок менен капталга нукуп, темине берди. Ат жалт берип, секире бергенде билгизбей үстүнө таштап койгон жаш бадалдар кычырап жалп этти да, Балтабай ат-маты менен көтөрмө бою орго түшүп кетти. Үргүлөгөн канаттуулар чочуп, шуулдап учту. Дүлөй түндү жаңыртып, адамдар үнү чыкты. Алар сороюп, орду тегеректеди.

— Аа, балбан! Колго түштүңбү акыры!

— Күчүңдү көрсөтпөйсүңбү?

Ат оонап бутун баса жыгылган ал ашыгып, жулкунуп тура калды. Сыйпалады, чокмору колго урунбады. Мойнуна шап кыл аркан түштү.

— Кеч болуп калды, укам!

— Таман тузак сени тапты.

Ушинтип торго чалынган Балтабай Акбалбандын күн мурда даярдаган экинчи оруна салынды. Үстүнө кайың чамгарак жабылды. Үч күнү түн коюсу менен ачык асман жылчыгынан башка жан шыкаалабады. Дабыш угулбады. Балтабай деген болгонбу, бу жарыкчылыкта же жокпу унутулуп, көр түбүнө түбөлүк калгандай. Ор, жан байкабас окчунда, тескейин бадал жапкан дөбө түбүндө.

Адамга жакшылыктан жаманчылык бат жугат эмеспи. Акбалбан бүктөмө боз үйдө, тоо-түздө көчүп-конуп өскөн кыргыз болсо да хан ордосунан үйрөнгөн бул зынданы үчүн тобосу көккө жеткендей... ...Баягыда, буту сынып, сүбөсү кыйрап үйүнө жеткирилгенде, «жакшы мал жанга аралжы» дечү эле, туягы мага тиет, «төлгөңөн жаңылган арам!» деп, Аксурду кескилетип жиберген. Көз салып жүргөн буурул быштыны минүүгө тандаган. Азыр асый болгон буурулдан ор жапына түштү. Сылтыганын түзөп, керешкенин үстүнө талтая туруп, таман алдындагы Балтабайга мыскылдуу жылмайды.

— Кандайсың, Балтабай?!

Ал сабыр тутту. Канатын кырккан куштай ордо жаткан-да силкинди, силкинбеди эмне!

— Көрүп турбайсыңбы, баатыр.

— Чамаңды боз ат үстүндө эстесең болмок.

— Аксур үстүндө сен, Боз түстүндө мен, эки жаатка бөлүнгөн элдики болчубуз. Анда мен Акбалбан менен эңишейин деп ойлобогом, балбан чыкпай жатканда, ырчынын сөзү намыска тийип турганда түшкөмүн. Эңиште, кармашта «күч атасын таанбайт» болду. Аны эмне мынчалык кектегидейсиң?

— Саймердендетип сүйлөп, акыл кирип калган экен... ...Сеп менин кош сүбөмдү сындырдың. Эми, мен сендей иттин башына жаңгак чактырамын. Дал ушул, даярдалган көрүңдө сөөгүңдү калтырамын.

— Эрк өзүңдө, баатыр. Жашың улуу... Айтайын, тил кесмек жок. А сен, эл атынан кармашка түшкөндө, Жамы менен Шадыканды жеңип байгени алганда кайда элең?

— Ошолордун кунун куумакчысыңбы? Ошолордун кунун кууп түштүң беле?!

— Кудай бирөө болсо да кезек экөө экенин бусурман пендеси сезүү керек да. Бирөөгө кордук көрсөтсөң, сага да кордук көрсөтөөр экинчи баланы дагы бир аял төрөп жатканын унутпаңыз.

— Ыя! — Акбалбан түнөрө түштү. Ичине ыйман жаа-

дыбы, «бирөөгө кордук көрсөтсөң, сага да кордук көрсөтөөр экинчи баланы бир аял төрөп жатканын унутпоо керек да» деген сөздү кайталап, чатын жыйып, четке бурулду.

Жигиттери куржундагы козунун этин, киши бою кош чанач кымызды, көөкөрдөгү кымыздан тартылган шарапты алып келишти. Ор жээгинде дасторкон жайылды.

Балчая мандаш уруп, ойлуу олтурган Акбалбан башты алды. Күмүш макини жарк эткизе ууртунан кесип, оозуна салды. Кулакты кесип жигитке сунду. Көзүн оюп алды да, устаканды Балтабайга ыргытты.

— Мегин, эрмектегин.

Каржиликти, жамбашты да четинен кыя кесип жеп, Балтабайга ыргытты. Кабак түйгөн Акбалбанга батына албаган көк ала сакал сынчы бирдеме демекчи болуп, бирок сүйлөй албай түйшөлүп, тынчсыз. Кырма аякка кымыз куюлду. Алды менен дагы Акбалбан кылт жутуп, анан чылбыр байланган аяк капка салынып Балтабайга түшүрүлдү.

Шарап шимирилди. Акбалбандын бети албырып, көзү канталаган менен баштагысындай колундагысын кыйратчу мастыгы кармаган жок. Ал ээн талаадагы жалгыз түп кайыңды «кыйсамбы, кыйбасамбы» деп, ыргылжың болгон жыгаччыга мээсине жабышып алган ой менен алектенди. «Кудайсыз кумурсканын буту сынбайт» деген,— деп ойлонот. — Өз атымдын туягы өз бутума тийди. Бул кудайдын буйругу эмей, эмне?.. Жаздымбы бир жеримен? Тобо келтирип, намаз окуп, мекеге барсамбы?» Ичтен толгонгон ой, шараптын күчү жүрөгүн демиктирип тамырларын кан тепти. Оң колун, бөйрөгүнө таяй калды. Сүбө сыныгы томпоюп билинип турду. Кол тийгенде ошол жери сайгылашып калбаспы. Капшытынын оорушуна себепкер Балтабай экенин, ал жанында экенин эстеди. Эстеди да зөөкүрлүк кебин кие обдулду.

— Ыя, сен гана менин...— деп ызырынды да ор үстүндөгү кайың шатыга чыкты. Кара баркут шымдагы чачылуу сайма ычкырдын илмегин тартып, чаптыра-чаптыра бүркттүрдү.— Көмөөр алдында «адал сууга» алайын. Жалтанба! Качпа! Кымыз сундурат имишмин. Ушуну жуткурушум керек болчу алды менен.

Тиги көк ала сакал сынчы күйпөлөктөп, этек-жеңин күбүнүп, кейип айтты:

— Ате, баатыр, болбостур... Кетирдиң боюңдагы сыймыкты. Душманың басынбай, ирденип кетти.

— Оо, сенин олуялыгыңды... деп силкине бурулду. Шымынын кашатын киндигинен ашыра ыкшап, ычкырын буунуп, сынчыны жекирди.

— Төбөсүнөн тебелеп туруп бүрктүргөнүм үчүн ирденеби?! Ор ичине корум шилетсем, ирденеби?! Отун үйдүрүп, өрт койсом ирденеби?! Кана, кандайча ирденет! Айтпайсыцбы, олуям?!

Көргөнү менен билгенин түз айтуу, сынчы мойнуна абалтан парс. Акбалбандын сиркилдешине көп кенебей сакалын мойсоп, тике сүйлөдү:

— Адегенде башты алдың, ооз тийип орго ыргыттың. Устукандарыңды да ошенттиң. Кешигиңди кошо жеп, душманың сага ырыскылаш болду.

Бышкан аш менен жайылган дасторкон адам ырыскысы. Ырыскы түгөнгөн күнү өлөт. Эс кире элек бала, эпкин даарыган жинди кылбоочу жорукту өзүң кылып, бүрктүрүп олтурасың,— сыймык, эми качпаганда кантти?!

«Өрттөп ийем» дейсиң, иш аны менен бүтпөйт. Издеп алчулар, намыс үчүн кун доолачулар чыгат.

— Сенин! — деди Акбалбан тигинин көзүнө сөөмөйүн кезеп.— Зилиң кыпчак. Тартып жатасың канынa. Сенин олуялыгыңды...

Баятан булут көчүп турган. Түнөрүп жамгыр дыбырады да, окторулуп күн күркүрөдү. Акбалбан сөөмөй кезеп жатканда, сынчы менен машташып алгансып асман чарт жарыла чукул жерге чагылган түштү. Өйүз-бүйүз кабышып, кулак тунду. Акбалбан сестейе калды. Жаратылыштын сүрүнөн денеси дүрүлдөгөн неме, орду көзөмөлдөөгө киши калтырып, аттанып жүрүп кетти.

* * *

Аялдабай туугандары шек алып калып, Балтабай жаткан орду табышты. Кароолчуну жыга чабышып, балбанды чыгарып кетишти.

## КЕК

...Береги суйдаң жээрде сакал, бийик кабак, кыр мурун, карасур Алман эс тартып мылтык көтөргөндөн баштап ат туягы баспас аска тоолорду, карагай чер чырмаган капчыгайларды аралады. Жылдын аз күнү балдарынын маңдайында өтсө, көбү зоо түбүндөгү үңкүрлөрдө, ашуудагы таштардын коңулунда өтүп келет. Конуп-түнөп жүрүп илбирс менен суусардын баалуу терилерин, кулжа менен текенин сүрсүгөн эттерин артынып келгенде — күндө алыскы булут

чалынган чокуларды, андан ылдыйлап түшчү кыяларды, үй айдаарда же ийик ийрип үйүнүн түбүндө олтурганда, болбосо суу алууга чыкканда көз албай кароочу аялы жайнап тосо турган. Эри жетелеген жүгү оор чабдар аттын чылбырын тез алып:

— Эсен-соо келдиңизби, дениңиз сакпы? — деп сурайт. Тоо суусуна чукул карагай бетке салынган, дубалы таш үйгө мурда жеткен көк кашка тайган мергенчинин аялынын этегине сүйкөнүп, бойлой секирип, кыңшылап куйругу менен чапкылап эркелейт. Тайгандын сүйлөөргө тили жок, болбосо сагынганын бүт билгизет: тармал жүндүү кулагын силкет, кең төшү менен жерди сүрө сойлойт. Секирип туруп аялды жыттагылайт. Анан эшикти ачып атасына,— биздин атабызбы же чоочунбу дешкенсип батына алышпай күлүмсүрөп тиктеген чачы эки тал өрүлгөн кызга, там-туң баскан көкүлдүү кара балага жетет. Тайманбай колу-буттарын жалмалайт. Сүйүнгөн кыз «чык!» демиш болсо, бала дароо кулактан апчыйт. Алман жүктү түшүрүүдөн мурда балдарын көкүрөгүнө кысып, маңдайынан сүйөт:

— Күчүктөрүм... Сагындыңар го! Көп сака алып келдим сага — дейт, уулун эркелетип. Тайган кайра жетет. Секирип, кыңшылайт.

— Тайбас, Тайбас! — Аял маңдайынан сылап, жонунан таптайт. Болду, болду бечерам, болду эми!

Тоо ташты аралап, жапайы жандардын арасында өмүрүн өткөрүп келе жаткан Алман эмнелерди гана көрбөгөн! Бир күнү атын ойго тушап, азыгын үңкүргө калтырып түнката келип кийик оттоочу бетти тосту... Таңга аз калган. Маңдайкы беттен таш кулады. Калың теке жайылып келатканы белгилүү. Тартмасынын учун белине чалган Тайбасы тура калып, кулагын көтөрүп, жалапып кыңшылады. Алман:

— Тарт! Тынч! — деп шыбырайт. Маш тайган комдонуп, алдын тиктеп сойлоп калат. Таңдын атышын, кароолдун көрүнүшүн күтүп, арчанын түбүндө бүк түшүп отурганда, арттагы соройгон асканын астынан дампайган караан чалдыкты. Караанбы, «бадалбы» дегиче болбой, жандуудай жылып калды. Караан чукул эле. Тайганды арчага байлай салып, билмекке караан алдын тосту. Бул аюу экен. Мылтык октолгуча качырып сала берди, бойлошкон мергендин колун артына кайрып кучактады. Азуусу аркайган оозунан адам чыдагыс сасык жыт бур этти. Көз ирмемде тиш салдырбай Алман тик турду. Адам амалдуу. Мерген артка чабылган оң колу менен кындагы бычагын сууруп жатты. Бул кармашууну Тайбас дароо сезген. Канчалык жулкунса да тартма үзүлбөдү. Ошондо өжөр тайган каргыны кырчып бошонду.

Шамалдай учуп келип ээсине бойлошкон аюупу толорсуктан алып, булкуп өттү. Аюу «аау» этип күрүлдөп артка бурулаарда Алмандын бычагы такыр колтугуна мылгый түштү.

Ээн тоодогу эң күчтүү жырткычтарды амал менен, жүроктүүлүгү менен багынткан Алман мерген үйүндө туруп илбирстин кайсы жерден жемденээрин, кайсы тоонун калың кийиги каякка оттоорун биле турган. Корум арасына жыланча житип кетүүчү суусар үчүн абалы чоң кесим этти ташка бастырчу. Аны жеп кеткен соң «бул колдогу бакмам» деп койчу. Бирок жакындан бери карышкыр аны адистигинен катуу жаңылтты. Изин таптырбай адаштырды.

* * *

...Кайсы мезгилде кайсы аңды уулоону мергендер жакшы билишет. Ноябрь аяктап, декабрь башталды. Жерде ат тизесинен кар. Буга чейин үңкүрлөрдө жатып жамбаш жүндөрү менен каптал жүндөрү сынып уйпаланган түлкүлөр чычкан менен чил-кекиликке тойгондон кийин, каткан карга печен оонады. Жүндөрүнүн уйпаланганы жазылды. Кум чаңы күбүлүп, кылкандары берметтене кулпурду. Ушунун баарын күн эсептеп билип жаткан Алман, Тайбасын таптады. Үч маал тузу кем сорпо бердирет да, жуп жатаарда суурдун муштумдай тоң майына кебез кошуп, сугунтат. Мунусу тайгандын ичегисин артып чыгаары. Табы келишкен Тайбастын ичи тартылып, көөдөнү кеңиген. Көзү балбылдап, күнүгө таралган кулагы шалбырай май шыбагансып жүнү жылтылдайт.

Уу билбес мергендер жаңы кар жаамайынча түлкү табышпайт. Мындайлар дайыма жатаарда эшикке чыгышат. Күн бүркөө бекен дешип, асманга чалкалашат. Эгер, экиүч кымкаар бетине тийип, нымдана түшсө аялы эркек төрөгөндөй сүйүнүшөт. «Буйруса, эртең түлкүгө кездешем» деп күбүрөп, тайганы менен алышып, уктабай чыгышат. Бүрүүлдө аттанып, жаңы баскан изге түшүшсө болду. Түлкү эмне жорукту көрсө булар да ошону көргөнү! Айбандын куусу түлкү эмнелерди жасабайт дейсиң. Ал жем таап жесин, жебесин, бадалдан бадал, аңдан аң, кырдан кыр койбой ашат. Бир түндө кеми он чакырымдан ашык аралыкты жойлоп чыгат. Өңгүл-дөңгүл адыр-түздөрдү кыдырган аңчынын аты ууга чөмүлгөндөй тердеп, ээсинин эки этеги шылбырай бели ооруп, көзү шоролонсо да из кайда кетсе ошонун соңунда. А, кудай алсын ошону. Ошондой аңчы болгуча төштү отко кактап жаткан жакшы,— деп сынтакчу Алман алардай кор бол-

бойт. Элирип турган көк тайганын жетелеп, абалы издин каякка багыт алганын бир байкайт. Анан мурутунан күлүп, дабыш алдырбай шектүү жатактардын кежигесинен чыгат.

Бул учурда көзүн кылтыйтып, түлкү жайлапын жаңы жаткан учур. Адамдын «Айт-айт!» деген сүрдүү дабышы чыкканда, учунда көөдөй карасы бар кулагын селт көтөрүп, чочуп кетет. Чыдай албай ак кар үстүндө булайып, каптал менен кача берет. Тартмадан бошоп жаа огундай зуу койгон Тайбастан ал кутулсун көрөйүн! Күлүк түлкү үч кыр ашаар. Көбүн жатактан узатпаган Тайбас бир гана силкип таштайт. Көк тайган ээси келгиче комдонуп, түлкү жанында. Козү жашылдана аң жээгинде өлүп жаткан түлкүнү Алман белинен кырс сындырып, нары бир, бери бир силкет. Анан бөктөрүп экинчи, үчүнчү жатакка жөнөйт.

Декабрь ортосуна чейин тогузду тиштетип, терилерин керип, кургатып, мергенчилер коомуна өткөрүүгө даярдаган Алман жыгач сарайын жаап жатканда боз атын шолп-шолп желдирип, кара тебетейчен койчу Насир келип түштү.

— Ассалоом алейкум, Алман мерген.

— Алейкум салам... Жол болсун.

— Жол жомуран калсын! — деди, койчу капааттанып.

— Ийе, эмне болду анчалык?

— Кырсык чалды мерген аке?

— Түндө түн оой үйгө кирип, төшөккө бүкүлү кыңкайгам. Кара басып уктап кетипмин. Дүр этип кой үркту. Иттер чуулдады. Чуркап чыктым, кыйкырдым. Мылтык аттым. Тумшугу кан болгон карышкыр жөнөп кетти. Короочу иттер кырга чейин кууп барып, кайра келишти. Баарын сабадым. Короого кирсем эки ирикти жарып таштаптыр.

— Жарып таштаптыр деп!.. Атпайсыңбы. Ошентип да малчы болосуңбу?

— Анын чын, уйкулуу козум, бир жагынан туман саат кылды. Деле акыңы берейин, эсебин таап бер ошол капырыңдын Алман аке?

— Кайсы тоону карай беттеди?

— Каякка барарын билбедим. Желе баскан караанын короо четинен кордум.

Өрөөндүн баары жайылган малдын чыйыры болгондуктан Алман мерген тайганын ээрчитип жүрүп карышкырдын изин таппады. Багыт-багыттагы жатактарга келбегенин билди. Бир жерге из таштабай чыйыр менен кеткенинен улам «Далай жолу каккы жеп, заки болгон неме экен ээ?» — деп күңкүлдөдү. Тайбаска кылчайса, ал «биз издеген жакын арада жок» дегенсип жыт искебейт.

Коогаландын изи сууп, жума өткөндөн кийин, карагер

атын алкынтып, укурукту каруусуна иле сүйрөтүп жылкычы келди. Ал тетигиндейден кыйкырды:

— Оо, Алман мерген үйдөсүңбү?

— Мына, эшик алдында турам.

— Убайыңды качан көрөм! Күрөң тайды карышкыр жарып кетти. Казысынан жарты чучук калтырбай жолго түштү.

— Чучукка күйүп жүргөн тура!

— Анысы да бар дечи...

— Кайсы убакта тийди?

— Убагы жерге кирсин. Үркөр төбөдөн ооганда ат жалын таянып уктап кеттим эле. Айгыр азанап, жылкы кишенеди. Айланага чапкылап кыйкырдым. Кудай бетин көрсөтпөсүн Кар үстүндө кызыл ала болуп тай жатат. Бөрүңдүн караанын да көрбөдүм. Ичим күйүп сага чаптым. Казы сиңе электе очүмдү алып бер. Аттанчы болсоң, аттан. Чабдарыңды аясаң мегин карагерди. Карышкырыңды эмес, илбирсиңе жетет качырсаң.

— Андай атың күлүк болгон соң түндө эле тебелетип алууң го өзүң?!

— Көрбөсөм кайсы ташка барып урунам?

Адис мерген келсе өлгөн тайдын айланасын жылкылар таптап таштаптыр. Из чалып коктуга түштү, тоого чыкты, кыр ашты — дайын жок. Тайганы балтырына турган муздарды сыдырып, таманын жаланды. Өзү кабагын түйүп, жакасынын бубагын күбүп, атынан түштү. «Мен карып, баамымдан жаңылдымбы, же ал бөрү ичипен чыккан куубу? — деп күбүрөдү.— Коё тур. Кабыларсың!» Эки жолу жаңы кар жаады. Чуу салчу карышкыр кабарсыз. Малчылар «Адамдын сырттаны Алман мергендин караанын көрүп, бөрүң түшкүр башка жакка ооп кеткен экен» дешип калышты. Миптип жай баракат жатканда балээнин так өзү дал очоктон башталды. Түн ортосунда мергендин жыгач сарайы дүңүлдөп, улагада кийик көлдөлөңдүн үстүндө чынжырлануу жаткан көк тайган сыртка жулунду. Алман чепкенин жамынып чыкканча ашыкты.

...Акырдагы чабдар аягын серпип, жер тепкилеп жанталашат. Кекиртеги шалбырап жерде. Корулдаган сайын күрт-күрт кан кетет. Сарайдын жабылуу каалгасы ачылыптыр.

— Келе, катын шамды? — Жарык кылып ичин караса, түлкүлөрдүн териси тытылып, чачылып туш-тушка ыргыган. Тайбас али жулунуп, босогого секирип, нечедир айыгышат. Сакалы бириндеген мерген сурданып, заматка тура калды. «Бул эмне кырсык?.. Тайган эмнеге айгышты? Агытып көрсөмбү? Майып кылып албайын?» деп чочуп агыткан жок.

Жанталашкан атын мууздады. Таң атты. Жолго секирген жырткычтын кар үстүндө эки арткы изи жатат. Күч менен секиргендиктен изге кар куюлуптур. Алман чөк түшө үңүлүп изге толгон карды үйлөдү. Издин бири тырмактуу, экинчиси казык сымал мулук. Мерген тапты. Бир бутунун манжасы жок карышкырдын изи экен. Тайбас али тынчый элек. Чынжырды тиштеп, босогону чапчып бошоно албайт. Көзү чакчаңдап, эки уурту көбүк.

— Сага эмне болду! — деди Алман сурдана. Тайган бошот дегенсип куйругун чапкылап кыңшылады. Мерген ыргылжың болуп турду да:

— Асылымдын билгени бар го? — деп, Тайбастын каргысына илинген тээкти ачты. Аттиң, ушул гана экен. Көк тайган атырылып капчыгайды беттеп зымырылды. Анын эки кулагы куш канатындай дирилдеп артка учканы бир байкалды.

Аттиң, тайганды түндө эле бошотсо мөрөй болмок. Эми иш өтүп кетти...

Баласындай сүйгөн жолдошун жалгыз жиберип мерген кантип турсун. Шашкеде жылкычыдан ат сурап минип, тайгандын артынан чапты. Капчыгай бүтүп, өрүлөп тоо таянганда зоо түбүнөн качкан түндөгү чолок жырткычтын изин көрдү. Ал капчыгайда келаткан тайгандын караанын алыстан көрүп качыптыр. Тайган соңунан түшүп, карышкырдын арышынан ашык секирип кууптур. Алты чакырымдан ашык жол жүрүп, Алман экинчи тоого такалганда топ карышкырдын изине аралашты. Кармашуу болгон ушул аймактан үзүлгөн куйруктарды, териси менен жулунган жүндөрдү, ооналашкан тепсендилерди көрдү. Ошондо эзели селт этпеген мергендин жүрөгү оозуна тыгылды. Чочуганы көк тайганы эле. Байкаса жырткычтар жайыла басып кетиптир, Тайбастын буга чейин келген изи бар, башка кымындай белги жок.

— Тайбас, Тайбас! — деп бакырды. Чакырыкка сары аскалар гана кабыша жаңырыктап жооп кайтарды.— Аа-ааа! Тетиги кар жамынган арчалардын, наркы каралжын жашыл түстүү карагайлардын арасынан сындуу Тайбас шып этип чыга калчудай үмүттөндү. Бирок Алман канчалык кайышып күтсө да үмүтү орундалбай, эл жата үйүнө келди. Кире бериштеги ал байланган ак чынжыр, ал жаткан талпак бош. Атиң арман! Алмандын жүрөгү оозуна тыгылып, жарым өмүрүнөн айрылгансыды.— Не болду, не болду буга?! — деп, туруп калды, башын маң кылып.

* * *

Мөңгүнүн эриндиси кошула өлчөмүнөн ашып, таштарга урунуп, күпүлдөп чамынган тоо суусунун жээгиндеги ыраң чоп, кайың-талдар көк-жашыл тартса сеңселип, жайдын толуп турган кези. Сары жон, ак чандыр багып, атын Учар койгон Алман бул кезде жетилген суурлардан бир канча жүздү капканга алуу үчүн шибердүү беттердеги үңүрөйгөн ийиндердин оозунда. Учарына үч ай толду. Суурдун этине семирген күчүк чымчыктарды кубалап өйдө-төмөн жүгүрөт. Кулагы шалбырап, көөдөнү чыгып, мүчөсү оңолуп келатат. Алман мунун эки жагына карап, шоңшоюп келаткан чокусун, кеңип бараткан учасын сыйпап: «Тайбастай болсоң экен түп каныңар бир»,— деп кобурайт. Ээрчитип алсам капканга түшүп, чолок болбосун дейт да, ээн коктудагы чатырына чынжырлайт. Өзү ийиндерге салган отуздай капканды кыдырат. Түшкөн суурларды жыйнап, капканын экинчи ийинге которот. Тосоң сээп кургаткан терилери сексенге жетип, эриткен майы ак челекке толду. Буларды төгүш үчүн үч күндөн кийин ойго жөнөмөк. Бүгүн кийиктемекке көк атын минип, тоого чыкты. Карагай аралап кетчү жолдон суур уулап, кийик оттоочу аскалардан берки, корум таштардын этегине жеткенде көп алыс эмес жерден теке аралаш жоон топ эчкинин жатканын көрдү. Кийикти көргөндө ооруп турган мерген да кулангдан соо боло түшөт эмеспи. Кечө бийик беттен сыйгаланып кетип бутунун кызыл ашыгын оорутуп алган Алман атын тушай салып, улам бир ташты бетине ала мөңкөлөңдөп кийикти өңүп жөнөдү. Ал ок чыгаар жерге аз калган. Кучак-кучак ак булуттар каалгыган кок асмандан курулдаган сүрдүү дабыш чыкты. Алман кыңкая калып тиктеди. Бүркүт экен. Ал төмөнкү кең өрөөндү карай шукшурула куткуп кирип, атып асманга чыкты. Анын канатынын күүсүнөн аба жарылып шамал улуду. Алман атмакчы болгон кийиктер тура калышты. Текелер мүйүздөрүн каркайтып, таштардын үстүнө чыгышты да, кулактары тикчие көздөрү балбылдап эки жакты элең караршты. Мерген атууга мылтык сунду. Бирок, ошол замат бир ой эсине кылт түштү. «...Кийикти атпай жүрдүм беле, мылтыктын үнү кыраанга тоскоол болбосун, коё турайын» — деп, асманга кылчайганда бөктөргөн бирдемеси бар бүркүт көтөрүлүп калган экен. Ал алганын таштабастан сызып олтуруп, Алмандын үстүнөн өттү да, тээ ак зоонун берки четиндеги соколокко коно калды. «Оо, бүркүт болбосоң коё кал! Баракелде күчүңө. Бул биздин тоонуку эмес, башка жактан ооп келген кыраандын кыраны болуш керек!» —

деген Алман, көз албай карап турганда, соколокко жаңы эле конгон кыраан канатын бир делбең серпти. Анан кум менен чаң буруксуп, таш кулап, аска жаңырыктады. Чочуп кеткен мерген:

— Ах, балаа баскырдыкы ай! — деп тура калды. Кийиктер качып жөнөдү. Алман ага бурулган жок. Тике зоонун түбүнө барды... Карышкыр жатат. Карышкырдын оозун кабыштыра мыкчып, чеңгели карышкан бүркүт канатын жайып үстүндө. Экөө тең жансыз. Кыраандыгы кыйын болсо да азили айбан неме ыңгайсыз соколоктун учуна жаздым коно калганын, жаны чыга элек карышкыр бутун серпкенде кулап кеткенин Алман билди. Бүркүттүн ороктой өткүр тумшугун кармалап, маңдайын сылап, кыраандыгын аяп жашыды.

— Кайран асылым. Кайран кыраaным. Болбос жерден өлдүң ээ, болбос жерден өлдүң ээ! Орунуңду таап консоңчу, орунуңду таап консоңчу! — Карышкан тырмактарын жазып, карышкырды ала салдырды. Алмандын колундагы карышкырдын оң буту тырмаксыз мулук, санында ок жарып өткөн эски тырык турат. Ошондо мерген жаш толгон көзүн жанып:

— Аттиң! — деп бармагын тиштеди да, муңайып, нес боло туруп калды.

...Үч жыл мурда жайлоодогу Насыр короосунан эки күнү эки козу алдырат. Күйүтүнө чыдабай чапкылап, Алманды издейт. Аны алыскы тоодо суур уулап жүргөн жеринен табат.

— Алман аке! Суур планың толбосо өзүм жардамдашайын. Ийинге капкан жаткырган кантип келбесин колумдан, мени балаадан ажырат. Эсебинен эки козу кемиди.

— Жеп кетиппи?

— Жесе тарпы калбайбы. Багышып, акысы өткөн немече көтөрүп кетти. Киши эмес, карышкыр, карышкырдын кылганы.

— Канчык экен ээ, урганың?! Козунун башын кыр ылдый кулатып, бөлтүрүктөрүн машыктыраар учуру болгону ошол.

— Койчу ой?!

— Ананчы.

— Ишиң оңолгур, кулатып жаткан жеринен жайлап бербейсиңби, мен анын этин арам болсо да чийки жейин?

— Көрөбүз.

Бөрү артынан мерген сая түштү. Чокусунан мөңгү кетпеген ашуулардын чыгыш жагын, батыш жагын чалды. Ашуунун беттери арсактуу зоолор, андан төмөн үйдөй таш-

тар, кайсы кылымдан бери кулап чогулганы белгисиз — тоодой-тоодой корум. Дал ушундай шектүү корумдун четиндеги, жарымын арча калкалаган үйдөй таштын коңулунан адис Алман үңкүрдүн ичин шимшип калган беш бөлтүрүктү тапты. Кулактары тик, көздөрү тикирейген, бөрү тукумдары этке тоюп моюн алышып уктап жатышкан экен. Кобулдун оозун тоскон мерген моюн созгондо чоочун жытты искей коюшуп, жабыла баш көтөрүштү. Кетенчиктешип, үңкүрдүн төрүнө качышты. Тикчийип, көздөрү жылтырай таңыркап туруп калышты. Алман тиги кыяда атын жетелеп артта келаткан Насырга кол булгады. Ал энтигип жанына келгенде үңкүрдүн экинчи кобулун көрсөттү:

— Таанычы?

Мүлжүгөн жаңы жилик, моюн, аркалар. Түгү менен козунун баштары жатат. Энтеңдеген койчу:

— Алман аке! Анов, эки баш меники,— деди.

— Сеники болсо өчүңдү ал береги тик кулак желмогуздардан.

Үңкүр түбүндөгү кыймылдаган буттарды, жылтыраган көздөрдү эми көргөн Насыр кетенчиктеди.

— Ээй, тиштебейби буларың? Майдасы го, өчтү чоңунан алсакчы. Ээй, жаланабы капырың!

— Аяп жатасыңбы? Кийинки жылы озойду ушулардан көрөсүң. Бооруң ооруса жөн кой! — деп Алман тамашага чалып артка кетенчиктеди.

— Анысы да бар,— деди Насыр шилекейин жутуп, тебетейин кежигесине түртүп,— булар торолсо козу болбойт. Азуусу жетилип, жырткычка айланат. Келе, союлду! — Насыр үңкүрдүн төрүнө жабышкан бөлтүрүктөрдүн бирөөнү башка чапты. Кыңк этип тумшугу менен жер сайды. Экинчисин өпкөгө сайды. Андан да аянычтуу үн чыкты. Үчүнчүсүн бешөөнүн тең эсин оодарды. Улам бирин бутунан сүйрөп чыгып, капка салды. Жаны чыга элек немелер кап түбүндө былкылдап, солуп жатышты.

— Булар талаа жырткычы. Мен дагы жырткычтардан кем соккопум жок,— деди Насыр.— Козуга тийбесе өч албайт элем. Ушул ашууга карышкыр издеп кайсы ант урган малчы келет эле, аа?!

Алман Насырга бөлтүрүктөрдү өңөртүп айылга жөнөттү. Өзү үңкүрдүн оозун аңдып, арчанын арасына житти. Чынында бөлтүрүктөрдүн энеси коркунучтуу душманынын жытын алыстан сезип, үңкүрдөн чыгып кеткен. Тээ маңдайкы асканын жаракасындагы кызыл кумга барып жаткан. Атчандар үңкүргө улам жакындаган сайын кыңшылап, ырылдап башын көтөрүп, кайра комдонуп тынчы кеткен. Тишин

шакылдаткан. Алар үңкүрдүн оозунда жайланып олтурганда тумшугун көккө көтөрүп улуган. Бөлтүрүктөрүнөн айрылганын да сезди. Көзү жашылданды. Өжөрү кармап ордунан турду. Үмүт үзбөй үңкүргө жылып жөнөдү. Улам жакындап, күчүктөрүнүн жыты келген сайын кулагын жапырып, куйругун булгап катуулап жылды. Үңкүргө жетип, жабылып чыга калчу бөлтүрүктөрүн жыттагылоону самап, жанталашып баратканда андып жаткан мергендин мылтыгы тарс этти. Ок жырган оң санын каап алып, качып кетти.

...Бөлтүрүктөрүнүн айынан тынч албай түн катты. Жонжондо, чокуларда жүрүп улуду. Адамдардан кун кууду. Нары күлүк, нары машыгуусу күчтүү Тайбаска алы жетпесин билгенде, алып олтуруп топ карышкырга урунтту. Алар тайганды талап, тытып, жеп кетишти. Акыры душманынын соңунан дагы калбай ушул чөйрөдө жүргөндө бүркүткө кездешти.

Ушунун баарын көз алдынан чууртуп, өткөн окуялардын жандырмагын чечкен Алман «Аттиң! Бул дагы жырткычтардын ичинен чыккан эр. Байкабапмын. Көрсө кек кууган тура»,— деп баш чайкады. Терисин сыйрып бөктөрүндү, бүркүттү да таштагысы келбей өңөрүп жолго түштү.

...Береги, канаты көк аттын жалын жаап, башы шалактаган кыраан, Алман мерген болжогондой алыскы Памир тоосунан эле. Эркеги ашууда жүргөн дөбөт карышкырга кол салат. Карышкыр күч менен тик ылдый жанталашканда токтотмокчу болгон бүркүт бош буту менен шилбини апчыйт. Күү менен бараткандыктан чатынан чарт айрылып, бир буту шилбиде калат, экинчи буту карышкырдын тумшугуна кетет. Күйүтүнө чыдабаган ургаачысы ушул тоого оойт. Аскадагы уясында калган жумурткасын басып чыгарат. Карышкырда жанбас кеги бар кыраан жем издеп жүрүп буга кездешет. Ачуусу менен мыкчып, асманга көтөрүп чыгат. Жаздым конуп, эми минтип куланып өзү да жайрады. Ак күбүн күбүп, канаты жетиле элек жалгыз балапан көк мелжиген асканын жаракасында, уянын ичинде калды.

...Алман аянычтуу балапан дайнын билген жок. Башка, өткөндөр жөнүндө, кектин түбү кек менен бүтөөрүн ойлоп, күңгүрөнүп, капчыгай ичинде келатат. Башын ой чырмап, кабагы салыңкы, мергендин.

## БООРУКЕР

Атасынан ажырап, энеси менен калган баланы — «бул шордуу бешиктен бели чыга электе атасын жутту. Эми, боорун көтөргүчө жетим аты өчмөк беле!» деп, кейимиш болгонубуз менен жетимдин ичинен ар кандай жетимдер учурайт экен. Жумгал өрөөнүндөгү жети үйлүү кедейлерге баш калкалап күн өткөргөн Апын Кайкыча мурдунун учу көмкөрө кармаган топчуга окшошуп кетет. Көзү тегерек келип, оттуу кареги тынч жатпай шоктуу. Анын тагдырдан ата-энесинин бирин да кармабай калды. Кур дегенде алардын өңүн түкшүмөлдөп калса эмне. Анан ал «менде ата-эне болгонбу же чын эле болгон эмеспи?» деп, турмушта күмөн санайт. Айтор ар кимдердин айтуусуна караганда Апында ата да, эне да болгон имиш. Бирок, алар Жумгалдык эмес экен. Кандайдыр бир алыстан тентип келишкен. Аялы боюна бүткөндө эри дүйнөдөн кайтат. Бала жарыкчылыкка жаңы келип, киндиги ката электе эне «соңку толгоону» көтөрө албай мүрт үзүлөт. Жада калса аты коюлбай калган кош башындай ымыркай наристеге сооп үчүн, бир боорукер аял эмчек сордурат. Сүт берет. Ошентип, ажалдан коргойт.

Апын кабагын ачпай жоош неме. Алеттен чыккан кара таар шымы салбырап, курсагын чандайтып, Нарынбай деген ашпозчунун үйүнө киргенде, эки көзү тиги ашкана жактан өтчү. Нарынбайдын семиз аялы кудай жалгаган күнү челектеги арпа максымдан кара аякка мелт-калт куюп бере койчу. Кыртышы сүйбөсө көзүнүн үстү менен карап:

— Ии, мен ичип, сен кур калдың жетимче,— деп какшыктачу. Муну уккан жетим жылып сыртка жөнөчү.

Күндөр кубалашып, өтө берди. Апын эми, кимге болсо да салакасын тийгизбей калды. Бирөөлөрдүкүнө куурай көтөрүп келет, экинчилердин отунун жарып, ошентип курсагын кампайтат. Ушул учурда: «Эл артелдешип жатат. Жетимдер үчүн бекер аш, белен үй даярдалды» деген жанга жагымдуу сөздөрдү укту да, дайыма башын жерге салып жүрүүчү Нарынбай менен коштошуп алып, жолго чыкты. Кубанычы колтугун кытыгылайт. Сербелеңдеп желе басат. Жол кыскарбайт. Ошол кездеги өзү айткандай «кубанганы менен курусунчу» күн мурунтан жол тосуп жүргөнсүп, коктудан чыга бергенинде орус учурап калса болобу. Корkконунан алапайын таппайт. Кантип коркпойт? Айылдагы энелер кокус баласы ыйласа: «Басыл эми эшикте орус турат»,— деп жекирише турган. «Үнүңдү укса кирип келип, кулагыңды кесип алат. Бол, басыл». Энеси минтип коркутканда ыйлап жаткан бала тып соороног. Береги, талаадан учураган орус

Апындын кулагын кантип кеспесин! Апын шарт бурулду да келген жагын карай тыс койду. Бирок, тиги тарталандап кубалап алды. Акыры орус куткарар эмес. Апын алты се кирген жерди ал бир гана аттап койду да, кичинекей кыргызды кармап алды. Бала артына кылчайып, жаш чайга көзүн алайтты. Аралыкты чуркап келип, энтигип турган кер муруттуу, жаагы узун, жазы маңдай, зыгырдын даны түспөлдөнгөн күрөң чачы бар, сары кишинин оозунан:

— Айланайын! Кимдин баласысың? Ушундай да болобу,— деген кыргызча сөздөрдү укту. Көмөкөйү кургап, жооп кайтарууга чамасы келбеди. Кийими тытык баланы береги адам ак китель кийген көкүрөгүнө кыса кучактап, жайын дагы сурады:

— Айтчы, жетимсиң го?

Береги кыткылыктап агып жаткан ичке булактын боюнда өрөөлөп койгон эки күрөң ат жана дагы бир ала туяк, жээрде кашка ат ылаалап, куйругун шыйпанып, оттоп жүрөт. Аттарга жакын жерде күнгө оңгон саргыч чатыр турат. Чатырдын түбүндөгү асманга илинген кара чаканын түбүнөн куу отундун саргылт жалыны жалбырттап, суюк түтүн көтөрүлөт. Бооруна алжапкыч тартынган матростун майкесин кийген, кетик тиш, көзү жүлжүгүй, мурду кайкы, карасур жигит таңдайы менен кыңылдап, бир ырдын обонун издеп, чаканын илебинен сороюп чыгып, калган жиликти сууруп алып, экинчи башын кайра ныгырат. Ал адегенде чукул келген өзүнүн начальнигине көргөн адам бышкырып жиберчүдөй жасалма купшуңдап:

— Шумдугуң курган Владимир Михайлович,— деп утурмалап басты,— мага жемек тапкансың го? Деги бийкеч бекен?

— Тамаша өз убагында,— деди Михайлович,— балага кара, кардын тойгузчу абалы.

— Кудай жалгагыр. Биринчи тааныштырсаң? Колунан бир неме келчү немеби? — Танцыда жүргөндөй белин ыргап, куудулдугун токтоткон жок. Ал Апынга жанаша тура калды да, көзүнүн кыйыгын сала жалгандан эле аны туурап, бышактап койду. Китеп окуп, шибердин үстүндө оонап жаткан Горькийдин Челкашы кебетеленген узун киши да көз айнегин маңдайын карай жылдырып, башын көтөрүп:

— Бул тоолук кайдан түштү? Асманданбы? — деди.

— Экөөң тергөөчүлүгүңөрдү жыйыштыра тургулачы,— деди, чыны менен Владимир,— качанкы өлгөн апамды ойлоп, каңырыгым түтөп турат. Тамак бергиле буга.

— Анча болду апаңды жоктоп деле кой.

Тиги кетик тиш куудул:

— Көрсө, азык түгөткөнү келген жигитко! — деп, кобуран кулагын кашыды да, чатырдын ичинен бир кесим нан менен жарымы желген консерваны алып чыкты. Тамактана баштаган кара көз, азыңкы кыргызды үчөө ортого алышып, өзү жөнүндө үзүп-үзүп баяндаган кебин ынтызарланып угушту.

— Да, уулум,— Владимир, муундарын сары түк баскан узун шадысы менен Апындын маңдайын сылады.— Тамакка чукул олтур. Ошончо күндөн бүгүн ушул аймакка түнөй калганыбызды кара? Уулум, сен бактылуусуң. Шашпа, окуйсуң, үйрөнөсүң, жетилесиң. Бир кезде кен издеп жүрүп, бул тоонун арасынан сен да мүмкүн бир бечаранын маңдайын сылаарсың. Турмуш оомал-төкмөл.

Владимир Михайлович жабыркаган жанды мамыкка ороп терметкендей жылуу сөздөрдү сүйлөдү. Апын куудул жигиттен чочуганы болбосо, «мага да сурап алчулар табылдыбы?» деген пикирде санаасы тынч. Жаман жери гана колунун кычысынан уялып, тамакты ойдогудай жей албады.

— Тамактана бергин,— деди Михайлович. Апындын жазганганын сезип,— корунбагын. Уялууга али эрте.

— Мал багып чоңойгондун тукумдары да. — Куудул Апынга тийишкенин койбойт. — Эт жегиси келип тургандыр? Азыр эт да бышат. Бирок, койдун эти эмес, камандыкы. Эмитен айтып коёюн, менин шыбагама кол салчу болбо! Өзүңүзгө тиешелүүсүн гана...

Ызакор Апын кулагынын учуна чейин кызарып:

— Сугалак эмесмин! — деп жиберди.

— Ээй, ысык эле буламык деп олтурса, жүүнү тирүү окшойт? Кана, колуңду берчи? — Куудул мойнун ие калды.— Оцой менен жемиңди жедирбейт окшодуң. Мага да чыйрак жолдош табылбай жүргөн.

Экөөнүн эрегишине беркилер күлүштү.

Куудул жигит түбүндөгү шагалаңды шилеп, булакты тосмолоп көлчүк даярдады да, боорун бербей турган Апынга кекиреe кабагын түйдү:

— Инженерлердин тамагын бышырганым аз келгенсип сен да, жүк болдуң окшойт го чамасы! Болуптур, дырдай чечинип көлчүккө олтургун. Болбосо, алтүндө карын жеген мышыкча кырт-кырт тырманып мени кууратасың... Эмнеге уяласың? Чөк түш. Ыктайлуу болуп тургун. Анан далысын куушуруп, көлчүктүн ичинде куудул самынды баржактата кобүртүп, анын кир баскан кыр аркасын жышып, кобурай берди:

— Жигит, сенин келишиң мен үчүн оңдой берди болду. Эртели-кеч эрмексиң.— Анан анын төмөнкү «киндигин»

чымчып тартты да мунуң эмне акетай?! — деп, ха-халап каткырды.

Владимир өзүнүн түнкү кийип жатуучу жука шымынын багалегин ичин көздөй кайрып тигип, жибек көйнөгүнүн жеңин түрүп, колдон келишинче кичирейтилген кийимдерди алып келип, куудулдун жанына таштады.

— Жетишет, шакабалай бербе. Кыйнабай киринт. Эрийип жүрөт окшойсуң. Бала үйүр алганча мени менен күрөшө турчу, болуптурбу? — Ушундайча эскертип, чатырды көздөй кетти.

Куудул чатыр тарапка кашын серпип:

— Береги, тартайган немелер кум көрсө элеп, таш көрсө талкалашат. Ала-Тоонун жумуруна каткан сырын билгилери келишет. Укмуш бекен ыя?

— Калп айтпаңызчы. Тоодо эмненин сыры болот?

— Ээй, кеп жебейт окшойсуң. Минтип олтурсаң экөөбүздүн отубуз күйүшпөйт. Инженер кылып чыгарам деди го? Таштын сырын сен да ачасың. Акыркы айтарым: буруп айткан сөздүн түйүнүн чечкидей болуп бышык бол. Сен, иним, нанды чайнап бермейинче жута албай калгыдай жаш эмессиң. Он бир жаш аздык кылбайт, билсең,— деп айтты да, мачалканы Апындын колуна карматты,— ме, такымыңа кошуп, чедирейген курсагыңды өзүң эзгин. Кеп жебейт окшобойбу. Ха-ха-ха. Тартынбайт. Кийин тарбия жетпей эле калбаса бир неме өнөт мындан. Көрөөрсүң өнөөт, оңбогурдан.

## ӨГӨЙ

Абыл он бирден он экиге карады. Күндүн көп учурун оюн менен өткөрөр кези. Бирок турмуштун запкысынан, колу жумуштан бошобойт. Атасы буурусун кармап жүргөндө, Абыл буурусунга чегилген мурду жырык таргыл өгүз менен сыңар мүйүздүү көк өгүздү жетелеп, узунду күнү кечке кычы баскан ичке шыйрагын бороздон чыгарбайт. Ошондо да элүүлөрдөн өтүп калган, тартайган Багыш мойнун созуп, күрөө тамырын көптүрө бакырганы бакырган:

— Көзүң кашайгыр! Көк өгүздүн мурунтугун ичке тарт, ала болуп калат.

Бир аз күндөн кийин эгиндин отоосу башталат. Мында далысын түйгөн Абыл отоо үстүндө, атасынан калышпай күндү-кеч бирге. Эри менен баласын түштөнтүүгө Айымкан кол челегине талкан чалынган арпа максымын көтөрүп келген учурда, Багыш чоң аякты тартып, кезек алган Абылга суук карап:

— Тамак келгенде калышпайт, а арпа менен арпаканды эмдигиче ажырата билбейт. Акыры жер сорор сени, кирбийген шайтан,— дейт.

Жамачылуу боз көйнөгүн этине жымырып, Айымкан бала менен атанын ортосуна түшпөй сырт салат. Бул сыр, бала Абылга табышмак.

Жумуштан жумуш туулат тура. Отоону жуп аяктаар менен таруунун коругу келет. Абыл тарууну карай жабылган таранчылардын алдын тосмолоп, салмоорун күүлөп, урат да:

— Куу-куу, айт — деп үнүнүн бардыгынча кыйкырып, таруунун бир тыягына, бир бул четине чебеленип жүгүрөт. Окчунураак жерде арпанын дан суусун берип жаткан Багыш жаңы кулак ачып коюп, кыйкырат.

— Үнүң эмне чыкпайт ыя?

— Билбейм ата, бүтүп калса керек.

— Тамагыңа күч келтирбей кыйкырууң го? Ошону да билбейсиңби?

— Куу-куу, айт!! Куу-куу, айт! — Абыл салмоорундагы шагаланды жоон топ таранчыларды карай чачылта ыргытат. Майда таштар дабырап таруунун арасына түшкөндө дагы Багыштын тула бою дүркүрөйт.

— Жардамың менен сууга аккыр. Тарууну таранчыдан мурда эле сен сабап түгөтөт турбайсыңбы. Баштары кыйрап бүтпөдүбү. Күбүлбөгөн кайсы даны калды?

Бала бул жемеден кийин, таранчыларды башка жол менен жолотпоого амал табат. Укурукту учуна байланган жорунун канатын абада булгалактатып.

— Куу-куу, айт! Куу-куу, айт! — деп учуп-күйүп жулунат. Бирде тияк четине, бирде быяк четине чымын куюн болуп жүгүрөт.

* * *

Багыш беш теше жердеги эгинин жыйнады. Оруп, боолап, бирөөнүн даяр кырманына үйдү. Шериктешип, оп майдалап, торпок танаага тебелетип бастырды. Кызылын сузду. Жөн тура албай кыш бою айылдагылардын уйларын багууга убадалашты. Ай сайын уй башына эки кадак арпа, бир кадак буудай акы белгиленди. Мал ээлерине Багыштын макулдашканы гана болбосо көк өгүздүн жонуна конуп, Абыл уй артынан түштү. Уйларды айыл четинен күндө самсытып айдап өтөт да, кайра суунун боюндагы калың камышка жабылтат. Өзү өгүзүнүн мурунтугун бош коюп анын өлөңдү бурдап, күш-быш дем алып, өлүп бараткандай жулунуп от-

тогонуна таң калат. Качан күн уясына чукулдап, муздa шамал бетин тызылдата баштаганда огүздү таяк менен ко гулап, уйларды чогултат. Үйүнөн чыга калган Багыш Абы ды утурлай басып:

— Оюн дегенде омурткаң сынгыр, огүздү нары өшүрө дөтүп, бери өшүрөңдөтүп, бүтүргөнсүң го?! — дейт.— Отт то келсең боло, көчүгүң жабышып калса да түш! Казыкк байлап, топондон сал.

Камыш калангаn алачыктагы Айымкан баласынын кел генин билип, бир жагына таш жөлөнгөн эки буттуу тулга сына казанын асат. Максымды тез жылытууга кам уруп көңдүн чогун көсөө менен кагыштырат.

Эненин көкүрөгүндө кандай сыр жатканын ким билсин Баласы томуга жаздаган колун чокко кактап олтурганда анын суукtан корунган кебетесин аяп, оор үшкүрүнүп, тел-мире калат да Абылдын кичине кезин эсине түшүрөт.

...Ооба, ошол учурда да Абылдын бешигин очокко чукул коюп, жалаяктарын кордун табына жылытып олтурган.

— Айымкан, өлгөндүн артынан эч ким өлбөйт, өлгөндүн өз шору,— деп, капшытта кырынан жаткан Багыш кеп жо-ноткон,— кой, Абылыңды жетим калтырба. Мага да канат-бутак керек. Чекеге чертпей, өз атасынан кем асырабасмын.

Айымкан боорундагы наак-наак этип ыйлагандан баш-каны билбеген кол башындай баласын таар чепкенинин өңүрү менен кымтып, жылбырскы кара чачын сылагылаган. Эңкейген жагын карай шылк-шылк жыгыла берип токтоло элек башын көкүрөгүнө жөлөп, колундагы бүктөй кармаган чүпүрөктүн учу менен баланын кабагындагы каткан какач-ты сүрүп жатып, акырын сүйлөгөн.

— Ушул ишке көзүм жетпей турат. Шордуу атасы «Ичиңдеги эркек болсо, атын Абыл койгун. Бойго жетип эс тартканда капкандарым менен мылтыгымды колуна алып, кесибимди улантсын» деген эле. Атын койдум. Эми...

— Атасынан кем корсөм, арбакка койгун,— деп Багыш тура калып, очокту карай жылып олтурган.— Бойдок жүрүү жолбун иттен артык эмес окшойт. Сөзүмдү эки кылба, ар-бакка койгун?!

Айымкан ошондогу убаданы эскерип: «Ылайым арбак урсун»,— деп күбүрөдү. «Баламды тайынан минген жыл-кыдай урунду. Жаның тирүү болсо бир оокат өтөөр. Кан-тейин, убалың мага жетсин»,— тегерене түшкөн көз жашын Абылга көргөзбөй ашкана жакка бурулуп кетти апасы.

Энеси туюнтпагандан кийин, атасынын өгөй экенине Абыл түшүнбөдү. Мойнундагы милдетти аткаруу менен ка-наттуу күндөрдүн нечени узатты.

— Сен эми боорунду көтөрүп калдың,— деди Багыш бир күнү Кара-Сууга чейин уйларды сүрүшүп келип.— Ичинттим, кийинттим. Онго карадың быйыл. Кана, мени менен качанкыга чейин бирге болоюн деген оюң бар? Андан көрө бир байга койчу болуп, жан багуунун камын жесеңчи аа?
Жалтак болгон Абыл Багышка тике карай албай:
— Апамды да ала кетейинби? — деди.
— Аны өзүң бил. Жок. Кара башыңды кор кылбасаң эле эрдегениң.
Багыш үй жагына кеткенден кийин Абыл көкүрөгүнө чап кенедей жабышкан кайгынын ызасына чыдабай көз жашын көл кылып, өгүздүн үстүндө жүрдү. Илкий бастырып уйларды бир багытты карай тосту. Шоокумдан чочуп, Кара-Суунун көбөрүнөн учуп жөнөгөн өрдөктөрдү көрүүгө канчалык аракеттенсе да, жашка толгон кареги тунарыктап көргөзбөдү.
Тырмагы өскөн, муундарын кычы баскан колу менен көзүн жанып-жанып алды. Моюндарын жебенин огундай алга созуп, каркылдап, өзөн бойлоп учуп бараткан жети өрдөктү бети чамбылала болгон, көзүнүн жээги кызарган Абыл таңыркап тиктейт. Бир аздан кийин жанагы өрдөктөр учкан жерден кичинекей чулдук учуп, абага көтөрүлдү да, тигилерди ээрчибей темгил канатын сабалап, тетири карай зымырады.
«Эмне үчүн жалгыз калды экен? — деп ойлоду Абыл чулдук жөнүндө.— Бул дагы менин сыңарым окшойт. Шордуу жетим окшойт!»

## СОГУШ ЖЫЛДАР

...Күн керели кечке жаркырап, кечтен кийин кылт жашынын, абалкысындай эле өтө берди. Тигил жалгыз тал чырпыктын өсүшү сыяктуу күндү ээрчий биздин кыштактагы турмуш улам башкача, улам жаңыча өзгөрүп барат. Бирок муну да көп адамдар байкоос алган жок.
Адегенде жүк тартуу үчүн төөгө күнүбүз түшсө, анан төрт дөңгөлөктүү арабага таң калып ыраазы болсок, эми араба айыл ичинде калды. Узак жол аралыгын машина кыскартты. Ушул өзгөрүүнүн баары биринчисинен экинчиси туулуп, жыла-жыла келе берди. Ар бир жаңы нерсенин саамалыгы карапайым калкты таң калтырды, көзгө үйүр алгандан кийин боло жүрчү болмуш катарында көңүл бөлүнбөй көндүм болуп кетти. Ушундай чоң турмуштун токтобос сансыз чимириктеринин арасында, аккан суу менен

чыккан чөптөн башкага залалы жок, жада калса өз бүл сүнө өкүм сүйлөп көрбөгөн Нияздын да тиричилиги гөрүүдө... Нияз ата-энесинен жашынан айрылды да, ж багуу милдети алтыга чыкканда мойнуна түшкөн. Бирө лөрдүн малын кайтарып, бирөөлөрдүн отун-суусун алып, к рүнгөн үйдүн эшик алдында жүрдү. Жашынан башкаларды буйругун аткарып көнгөнгөбү айсыз караңгы, нөшөрлөгө жамгыр учуру болсо да, бригадир колхоздун бир ишине жу шаса, илинбей кете турган. Анын мындай элпектиги билген дерге өзүн сүйкүмдүү көргөздү. Кечээ жазда, чакан эки бөл мөлүү үй курмакчы болсо, коңшулары жабыла жардамга чы гып, ылай уютуп, кышын куюшту. Бири устундук карага берсе, экинчиси шыптык тал берди. Ашар менен жума ичинд үйү бүттү. Өзү теңдүүгө үйлөндү. Аялын этегинен айтып, уу төрөдү. Уулунун атын Эмилбек койду. Эмилбек таянар тоо су. Кара жоролу тууганы. Ал былтыртан бери китеп баш тык асынып, мектепте окуп жүрөт.

Нияз ансайын демөөрдөнөт. Кайгы-кападан четте, эл ичинде тиричилигин өткөрөт. Ошентсе да адамзат дагы да жаңы кубанычка жетүүгө ой жорубай коймокпу! Кээде олтуруп «Дагы балалуу болсом. Эмилбегим бойго жетсе. Он жылдыкты бүтүрүп, тиги чоң шаарга барып окуса. Билимдүү болуп чыкса. Анан өзү теңдүүгө үйлөнсө. Үйүмдүн жанына чатырлап, заңгыраган жаңы үй курсам. Келиним өбүрө-чөбүрөлүү болсо. А карыган мен неберемдин бирин мойнума мингизип, бирин жетелеп бакчага жеткирсем. Кечинде барып тосуп алсам!»

Па, Нияздын жакшы тилеги нөшөрлөгөн жамгырда уюгунан адашып саздактуу өлөң арасында тентиреген кумурска сыңарында, арты чечилбеген кандуу согушка туш болду. Күтпөгөн учурда согуш чыкты. Маңдай терлери менен жаңы турмушту куруп жаткан журт эми, кесепеттүү согуштун чамынып аккан кыянын гүл бакчасына жеткирбөөгө колдоруна курал алып, жапырт чыгышты.

Жумушчунун жаңы курулган үйүнүн чатырына ким от ыргытып, ким алоолонгон өрткө айландырганын билип-көрүп турган ар бир адам кыжынды. Жаак эттери түйүлө ызырынып, азуусун кычырата тиштенди! Тиштенип, согушка аттанды. Биринчилерден болуп, Нияздын кошунасы жесир аялдын жалгыз уулу Иса кетти. Иса быйыл үйлөнмөк. Келиндүү болом деп каниет кылган Калбү Исасынан айрылып, могдоп кала берди.

...1942-жылдын жазында «үч күндөн кийин жөнөйсүң» деген чакыруу кагаз Нияздын колуна тийди. «Мына, соолгон согуш ушуну кылмак» деп, калай кружка, жалгыз ка-

шык, азык-түлүк шыкалган карала куржунун көтөргөн Нияз, согуш комиссарынын алдында жүрдү. Бура бастырбай ээрчип ыйлаган Эмилбегин акыркы жолу алкымынан жыттап, туулуп өскөн айылын калтырып, жөнөп кетти.

* * *

Нияз Н. районунан тааныш адамдар менен жөнөгөн. Фрунзеге жеткенде өздөрүнөн бир канча эсе көп адамдар кошулду. Ташкентке келгенде адамдын көптүгүнөн жол таап баса албай калды. Жолдоштору ар кайсы взводго бөлүнүп олтуруп, Нияз Тянь-Шандан коколой жалгыз калды. «Жалгыз аялым, жаш баламдын көргөн күнү не болор экен!» — деп, ичинен сыза, сабыры суз келаткан неме, эми копчүлүк арасындагы өзүнө окшоп жонуна баштык асынган тили буруу момун адамдарды көрүп: «Мунун да, балким кызыл чиедей балдары калган чыгар? — деп, кейий ой жүгүрттү. Кайгы менен канды колтуктаган шум согуш кимдерди какшатпай жатат. Калктын башына түшкөн алааматка көп бел алдырбайынчы? Катын-бала да таалайына жазганын көрөөр. А көрөкчө түбөлүктүн түз болушун тилейин!» Өзүнүн кайратынан соң тыканданып, чыйрак болууга тырышты. Вагондорго киргизе баштап, мурдагысындай жөөлөшүү күчөгөндө катардан суурулуп калып, жол бошогончокту артка келип туруп албастан, азыр алдын талашты. Онунчу кишинин соцунан астында саман төшөлгөн вагонго кирди да серүүн орун издеп, кичинекей терезенин түбүндөгү текчени көздөй тырмышты.

Нияз бир кездерде Пишпектен Н. районуна жетиш үчүн жети түнөөр эле. Анда мингени жүк, жүктөлгөн төө. Ошо ийри моюн төөлөр жаргылчактай таманын жер бетинен зорго көтөрүп, маалката арыш алчу. А азыркы мингени чоюн тулпар. Тулпардын туягы да чоюн, жолу да чоюн. Ташыркабас бу жаныбар түн да, күн дагы тыным албай жүрүп барат. Ар түркүн ойлор башынан кетпеген Нияздын көзү илинсе шака-шак, шака-шак эткен дабыш кулагына түбөлүк жармашкандай. Анан нечен күн, нечен түн вагондон түшпөй ушунчалык узакка жол жүргөнүнө акылы айран! Кыялында жер кыйырын тепсеп бүтүп, кайдадыр ааламдын чегинен өтүп кеткендей! Кээде кулак тушундагы кичинекей терезеден сыртка көз чаптырат: бирде бозомтук ээн талаа көрүнсө, бирде адамдар жашаган кыштактар кездешет. Жыгач челектин капталын айлана имерилип кеткен темир алкак сымал чоюн жол үстүндө көзгө илешпей чимирилген паровоз кээде түнттүгүнөн чычкан жөргөлөй алгыс токой

арасында сойлойт. Береги аймактын тоо экенин, же тү
экенин ажырата албайт.

...Бир күнү кем жарым ай өттү. Паровоз биротоло токто-
гон сыяктанды. Ойгоо жаткан Нияз талыган бутун суна об-
дулуп, терезеге жабышты. Айлана көзгө сайса көрүнгүс.
Жаздын кара жамгыры чакалап чачкандай төгөт. Бийикте
туруп, миң такта темирди таштак жерге ыргыткан сыма
асман кабыша күн күркүрөйт. Чагылгандын октору булу
арасынан соймоң эте жарк-журк этет.

Адамдардын үндөрү угулду. Үндөрү улам чукулдап, ки
дир бирөө эшикти таш менен муштагылап такылдатты. Б
кылдаган адамдардын кыжы-кужусунун арасынан (орусч
сүйлөнүп жатса да) бир жаңдоо түшүнүктүү. Ооба, түшкү
лө деп жатат.

Биринчи взводдун артынан экинчи, үчүнчү, төртүнч
болуп, куду жипке тизилгендей чубалжып кеткен катарла
эң алдыңкы адам кармаган асма чырактын шооласын ээр
чий жылды. Таман алдында балчык эзилип, суу чалпылдай
Шамалга удургуй чаба жаап, шабырттап жамгыр куя
Нияз өз кошунунун арасында. Көөдөй кара чулганган түнд
эч нерсени баамдай албай ээн талаада бараткансыды. Ба
көтөртпөй төгүп турган жамгырдан шүйшүнө ийнин куу
шуруп, колун боoруна ала жеңине кийиштирди. Кыязы ка
тардын алды токтогонсуду да, үнү жоон бир адам взво
башкаруучуларды чакыра баштады. Анын кайда турганы
жүзү көрүнбөсө да үнүнөн улам улгайып калган киши эке-
нин сезди. Он минутча убактан кийин үч взводдон биригиш-
кен топ, белгиленген жайларды кайра бул жерде көнүккөн
солдаттын соңунан бириндей баштады. Нияз бастырмага
кирип, жону жамгырдан кутулду. Аңгыча бет маңдайынан
каалга ачылып, жарк эткен жарык бөлмө көрүндү. Бөлмө
кең, шыбы бийик, алты көздүү чоң төрт терезесинин айнек-
тери сырдалган. Төбөдө бал-бал жанып, эки чырак асылуу.

Нияз беркилер сыяктуу көтөрүнчөгүн чечип, дубалга
сүйөнүп олтуруп жаңы эле жайлана баштаганда жанына жаш
жигит ээрчитип, жаан өтпөс чүмкөмө плащ кийген аскер
кирип келди. Нияз сестее боюн оңдонду. Тиги киши башын-
дагы чүмкөмөсүн көк желкесин карай каңтарып таштап,
маңдайына кызыл жылдыз кадалган шапкесин көтөрө бе-
реги жол жүрүп келгендердин ар бирине көзүн жалтылдата
карады. Капталындагы жан сумкасын алдына имерип, ичи-
нен бир барак кагаз сууруп чыкты. Кагаз бетин тиктей ар
бир сөзүн тактап окуду. Анын үнүнөн улам жанагы жүзү
көрүнбөгөн кишинин дал өзү экени даана. Бирок орусча бил-
беген Нияз анын эмне дегенине түшүнгөн жок.

Өзүнөн бир канча жаш улуу болсо да бели какайып, шайдоот кыймылдаган, сакал-мурутун кырынган береги адам чыгып кеткенде түнөргөн Нияз жонундагы жүктү бирөөлөр алып кеткендей жеңилденип, жүрөгүн кубат сылады. «Бул да мен сыяктуу адам. Менин жаным башкача жаралыппы...»

Таң кылайганда тынч ала уктап калган жүргүнчүлөрдү дүбүрттөтүп ойгото башташты. Түндөгү шыбырттаган жаан бир аз алда эле басылса керек. Денени чыйрыктырган муздак сыдырым жортуп, бирин-серин жамгыр бетти нымдап өтөт. Калдайган калың булут ыркы кете тытылып, ар кайсы туштан көк асман шыкаалайт.

...Аскерде иш бир башталса, буйдалбай шар кетет тура. Бир канча күндөн бери бүкүлү жатып-туруп жүрүп, үстү-башы кирдеп, кычышпаган жери калбай жүдөгөн адамдар мончодон кийин аскер формасындагы жаңы кийим кийишип, сергишип, тынығып калышты. Эртең мененки катарын бузбай кайра келатып, жолдо согуш куралын алышты. Беш атар толгон дүрмөттөрү менен колуна тийгенде Нияз: «Душманга бүгүн беттешет экенбиз!» — деп ойлоду. Жүрөгү опколжуп, кандай жер экенин билмекке эки тарабын элең каранды. Кең көчөлүү, оболоп өскөн бак-дарагы бар, өзүнүн Н. району сыяктуу, бирок үйлөрүнүн салынышынан деле, иреттүүлүк жагынан деле түзүк шаарча экен. Бир көрүнүш башын маң кылды: «Ушунча үйлөрдүн эшигинин алдында алектенген үй ээлери көрүнбөйт. Шаарчанын ар четинде аскер тобу жүрөт. Муну көрүп, «Бул аскерлер үчүн гана курулса керек» деп чечти. Андай десе үйлөрдүн көбү аңгырап ээн».

Душманга бүгүн беттешет экенбиз деп Нияз ойлогондой болбой ушул күнү согушка чындап машыгуу, куралдарды колдоно билүүчү үйрөнүү сабак башталды.

Сабакка беркилер сыяктуу кулак салып, Нияз көз айырбайт. Бир жаман жери бөлүнгөн тээк-буроолорду кайрадан калыбына келтирип, кайсынысын кайсыга бириктиргенде кандайча айтыларын айта алар эмес. Болбосо бириктирүүгө көзү жетип эле турат. Анан аны үйрөтүү үчүн узун бойлуу Андрейге тапшырды. Ал: «Атың ким?» — деп жаңдап сурады эле Нияз көзүн алактатып, кайсактап жөн болду. Андрей тизмени карап Нияз экенин билип алды да:

— Николай! — деп атады.

Жаңы ат Нияздын кулагына улам үйүр алды. Андан калса взвод, ротасы менен эле «Николай» деп чакырышчу болду. Өз жолдошунун атын такыр так айталбай, кээде таза эле унутуп калып, жүгүрүп келип далыга чапмайынча өзү-

нө карата албай койгондуктан ага өз тилинде жеңил ат коюп алды. Мындан кийин аны «Арпачы» деп чакырчу болду. Бул ат Андрейдин кулагына сиңди. Бирок Андрейди «Арпачы» деп жалгыз гана Нияз чакырчу.

* * *

Бир айга жакын убакыт өттү. Үч күндө, төрт күндө бир арачоло боло калганын эсептебегенде жоокерлердин жаны сеп албай уруш амалдары менен алпурушат. Нияздын байкоосунда бир топтору кайдадыр жөнөп жатса, бир канчалары кандайдыр келип, кеткендердин ордун толуктайт. Иштин сырткы көрүнүшү чак-челекей сыяктанган менен, негизинен ирэттүү экенине карапайым немелин көзү жеткендей. Арачолодо ар кимдер дептерлерин сууруп алыстагы үй-бүлөсүнө салам дуба жазышат. Мындай учурда Нияз Андрейдин жанынан чыкпай, төш чөнтөгүнөн айлынын адресин алат. Андрей өз катын жазып бүткөн соң экинчи барактын бетине Нияздын үй-бүлөсү үчүн чиймелейт. Өзү айтып бере албагандыктан, каттын өтө эле супсак экендигине көзү жетет. Бирок арга канча? Чынында эле катта кайсы жердө турганы жана ден соолугунун тазалыгы, «кыязы, бул жерде көпкө болбойт окшойбуз» деген ой жазылат. Эгерде катты өзү жаза билсе, «Карегиңден кагылайын Эмилим! Деникардың соо, окууңду окуп жүрөсүңбү?! Алыстагы жоокер атаң ушул кат аркылуу сени тоодой медер кылат...» деп баштап, андагы курбу-курдаштарынын ал-абалын сурабас беле! Минтип жазып, жазганын кайра окуп чыкса, көөдөнүндөгү сагынычынын күйүтү бастап үшкүрүнүп, жеңилденип калбаспы... Ошондой болсо да, караманча калгандан көрө алакандай кагаз аркылуу дайынын билгизгендиги үчүн Нияз Андрейдей досуна ыраазы.

Ойдо жок күн эле. Жүрүштөн, машыгуудан чарчап кайткан жоокерлер тамактанышып, жатууга уруксат болор менен жайларына сулашып, бут серппей чырм этишкен. «Тревога» башталды. Бир батальонду катарга тизип алып, түн жамынта шаардан алып жөнөдү. Куйругун толорсугунан кырккан, жээрде ат минген комбат үзөңгүнү чирене тебе, ээр үстүндө өпөңдөй чалышын таскактатып, катарды жандады. Чылым чегишке уруксат бербей, жоокерлерди бөрү желишке сала чамдатты. Комбаттын бул түрүнөн улам өтө шашылыш аткарыла турган бир иш бар экени ким-кимисине болсо да түшүнүктүү. Бирок, алдыдагы окуялардын белгисиздигине Нияздын жүрөгү күчөп сокту. Өзөгү сызыла ысып, коңулу уйгу-туйгу. Катарындагы Андрейди нукуй, «Кайда

алып барат?» — дегенин туйдура жаңдады. Ал: «Ким билсин» — дегендей ийнин какты эле, бул кыймылы караңгыда көрүнгөн жок. Экинчи жолу кайталап жандаганда Андрей далыга таптады. Мунусу: «Сурап эмне кыласың. Сен экөөбүз азырынча балабыз»,— дегени эле. Ырас, Андрейдин түшүнтмөкчү болгон ою толук жетпей, жарымы көкүрөгүндө калды: «Кызыл кыргактуу шым кийген ак чач генералдар бизди урушка машыктыргыла деп түн-күн кубалатып коюп, өздөрү жер тамда капуста тоорап жатыптырбы. Душмандын кайсы багыттан кол саларын, күчү канча экенин үкүдөн бетер күн бою жашынып байкап, түнкүсүн учуучу чалгынчылардан бир иштин шек шоолатын билишкен чыгар. А бизди ошол тапшырманы орундоого алып баратпайбы...»

Эртеси күүгүмдө аскерлерге аралашышты. Көрсө бул жерде он күн чамасынан берки душман менен айыгышып жаткан полк бар экен. Полк түштүктөн түндүктү көздөй созула казылган траншейге жайланышыптыр. Траншейдин түштүк ийнинде селкилдеген кайыңдуу токой созулат. Тереңинен не бир узун солдаттар кайкайып басса да төбөсү кылайбайт.

Күч толуктоого келген батальон крокодилдин аңырдай ачылган оозуна жутулган чиркей сыңарында траншейге убап-чубап кирип, сол канаттын мүрүсүнөн орун алды. Жаңы эле жайланыша баштаганда, эки-үч кадам нарытан сүйлөп жаткан бир адамдын, эмне дегени түшүнүксүз болсо да (ал орусча сүйлөп жатат) үнү кандайдыр Ниязга тааныш угулду. Бул үндү эсинен чыгарбай таң атканда ошол тарапка мойнун созду. Ал тараптан жооп иретинде сакалмуруту өскөн үч-төрт жоокер жүздөрүн бурду. «Бул жерге эмне, өңкөй чалдар жыйналып калганбы? — деди Нияз көңүлүндө.— Өңдөрү азыңкы. Көздөрү эле жалтырайт...» Аңгыча тиктешкендердин арасынан бир «чал» селт этти да, таңыркаганын көпкө созбой:

— Нияз байке! — деп бакыра солдаттарды жөөлөй чуркап келип кучактады.

Нияз өпкөн чалды олурая тиктеп, анан барып Иса экенин тааныды. Иса кайра кучактап, кайра өптү.

— Чын эле сенсиңби? Ээ, катыгүн! Мынчалык неге жабыркагансың?

Иса мыйыгынан күлө акеси таң калган кара сакалын сылап, жөнүн туюнтту:

— Жабыр, көрүп турбайсыңбы?! Башканы коюп, айыл тараптан сүйлөңүзчү! Кат алып турарсыз, эмне дешет?.. Кандай жаңылыктар бар? Бизде тамеки чегүүгө убакыт жок.

— А деген арып билбеген менде эмне! «Жер үстүндө

тирүү бар» деп, куш тилиндей кагаз аркылуу өзүмдөн кабар эткен тиги Арпачыга ыракмат.

Береги кучакташып көрүшкөн экөөнү тааныштар экен деп сезген Андрей мылтыгын жөлөп, кыскача жай сурады.

...Энчилерине тийген сорпону бир жан челекке куюшуп жалгыз кашык менен үчөө тегерек олтуруп ичишти. Иса бирде Андрейге орусча сүйлөп, бирде Ниязга:

— Биринчи жарадар болгондо,— деп кыргызча айта салды,— госпиталда эки айдан ашуун жаттым. Кайра келсем, өз ротамдан тааныштардын бирин да кезиктирбедим. Баары жаңы, баары башка. Бир айга жетпей дагы жарадар болдум... Бул согушта беш атарыңдын коркойгон найзасы көсөө катарында болуп калды. Аке! Ураалаган үн чыгып, эки тарап аралашып калганда, океңдин уландары көргөзөт да сонунду муну менен!

Нияз кашыкка сузулган картөшкөнү кармаган бойдон оозун ача аңкайып тиктегенде, кашыктын кезегин күтүп турган Андрей анын кейпине балача бышкырды.

— Бешатардын огунан тентек нерсе жок! — деп Иса тамашага чаргытты.— Мээ менен жүрөк экөөнөн башкага тийсе көзөгөн боюнча көгөндөй дыңылдап талаага учат. Жанагы тукумуң курган бомба барбы! Бүркүп таштайт!.. Ойдон башы жыдып, кош дөңгөлөк көз айнек тартынган окумуштуулар ошону ойлоп тапкыча эки түп картошка өндүрүшсө эмне. Минтип эт аралаш жаркөп жеп курсакты керет элек! Көрүңдөн таш чыккан душман адам баласын карышкырча чайнаштырып салбадыбы! Көрсө, чайнаштырганды башкарган бийликтин ээси, окумуштууларыңды да өзүнүн кол жоолугундай урунат тура.

...Тынч мезгилде атып келаткан таң, уюган түндү четинен таркатып, ак күмүшкө айлананы чайкап келатканда, боз торгойлор чулдурап, канатын дирилдете абага көтөрүлчү. Жашыл жалбырактуу токой ичинен булбулдар таңшычу. Канаттарында кымындай коездук жок, боз чымчыктардын тааныш күүсү кубулжугандан кубулжуп, айлананы жандантып, таң көркүнө чыкчу эмес беле! Таттуу уйкуда жаткан адамдар керилип-чоюлуп ойгонуп, төшөктөн туруп, муздак сууга жуунуп, тамактанган соң кечээ кечки токтогон ишин улантуучу. Эми ошондой сонун таңда биздин жайланышкан үч катар траншейден алыс тээ, батыш тараптагы көзгө бүдөмүк көрүнгөн адырдын колтугунан бир-эки, анан жүз тешиктен түтүн бурк этти да, кирпик ирмелгенче көчкү келаткандай айлана күрүлдөп, ок жаады. Снаряддардын кээси траншейден ашып, кээси жетпей, кээси дал түшө баштады.

Снаряддар учуп чыккан адырчанын колтугун душмандар уюктаган. Алар дзотторунун тешигинен коргошун менен чоюнду бүркүшөт. Алардын түндүк тарабында бүлүнгөн кыштак. Полк ошо кыштакты бошотобуз менен кармашты. Бирок, бек жашынган душмандын зым кермеси үзүлбөдү. Полкту талкалап, Москваны карай каптоого тигилер да нечен жулунушту. Биздикилер аларды дал тумшукка коюп, артка шиледи. Ушундайча он күндөн ашуун убакыт арбашууда эки жоонун ортосундагы талаада адам каны чылпылдады. Кармашуудан ара-чоло таппаган жоокерлердин сакал-чачы өстү, кийимдери кирдеп, ырайлары бузулду. Кансырап, бели майышкан полк арттан күч сураганда, Нияз, Андрей арасындагы батальон жардамга келди. Кайратын жыйып алган биздикилер бүгүндөн баштап душманга кол салып, уюгун жанчмак эле. Бирок абасы таза агарып аткан таңды түтүн, көө менен чалмекейлеген душман азыр да замбиректерин улутуп, күрс-күрс жөткүртүп кирди.

Октор үстүртөн жандап, пыш-пыш ышкырынып тынымсыз учту. Траншейдин жээги жемирилди, топурактар шыгырап куюлду. Снаряддар сулп этке тийгендей жерге былч этип түшүп, жарылып чачырай бергенде айлана онтоду.

Алгачкы күр эткен дабышта эле Нияз мурда тура калды. Төбөсүнөн ышкырынган октор учканда кайра бүжүрөдү.

— Иса!

— Чочуба, аке! Согуш деген согуш да,— деди. — Алардын жини ошентип эртең менен башталат. Эми кеми бир саат мookуму канганча ок чачат. Анан кутурган итче жулуна убап-чубап ийиндеринен чыгып, бери көздөй каптайт. Биздин кезек ошондо.

Траншейдин ичинен команда чыкты:

— Камдангыла!

Жоокерлер куралдарын оңтойлоштурушуп келтиришти. Иса ордунан чуркаган соң, беркилер сыяктуу беш атарын даярдап, Нияз Андрейдин оң колтугуна ыктады.

Он минутага жетпей душман тараптан кара түтүн уюлгуп көккө көтөрүлдү. Түтүн коюуланып, дзотту чылк тумчулады. Бирок күн мурунтан өлчөп койгон куралдарынан жааган снаряддар, октор алгачкысындай эле адашпай траншейдин жака-белин, боорун тыткылашат. Антсе да бул сапаркыда душмандын октору адашпаганы менен көздөрү адашты... Полк көз боёмолоочу челектерге от койду. Заматта түтүн көшөгө булут сымал траншейдин бет алдына тартылды. Жоокерлер оюла казылган жашыруун жол менен токойдун далдасындагы траншейге өтүп кетишти. Бул амалды жакшы түшүн-

гөн Андрей жаңы орунга жайланышып жатканда, жоону жеңип алган немедей мулундап: «Бир демени байкадыңбы?» деген немече көзүн кысып, Николайын маңдайынан өөп алды. Денеси чымырап кеткен ал Арпачысын ээк алдынан өптү.

Кудай бетин салбасын! Кишисиз калган үч траншейдин душмандын огу кемирип, жүндөй сабады. Балчыктай тебелеп, чачып, оюп жиберди.

Убакыт өттү. Ажылдаган куралдардын жаагы талыган окшоду. Мурдагыдан сээлдебирээк жөткүрүп калды дегиче болбой мотоциклчен, жөөлөп-жалаңдап жайнаган сансыз жоо качырып чыкты. Алардын башында чоюн каска, эки ийинде арчындана асынган курал. Мурдагы ордунан ойт берип, жолборсчо комдонуп жоонун кабыргасында жаткан полк, эми тиги кажылдап айгай салып, жер-сууну буза абалап келаткандардын берилешин чыдамсыз күттү. Жашыруун траншейдин кырынан кабагын гана ашырып көзүн тикирейткен беш жылдыздуу жоокерлердин жаак эттери түйүлүп, бириндейт. Бул учурда Андрейдин көзү кароолго жабышты. Нияз мылтыгын бош кармап, ичи ысып-күйө, душман деп билген немецтердин сөлөкөтүнө кабак чытыды...

Эгерде апыртпай чынын айтсак, өмүрүндө киши эмес, айбанатка мылтык мээлеп көрдү бекен? Анан эми, тигилер канчалык душман болгон күндө да ача буттуу, башы тоголок, адам сөлөкөттөрүн мээлеп кантип атса болот?! Адамзатты карап ок чыгарууга жүрөгү даабаган неме өзүн унутуп, дал болду да калды.

Полктун амалкөйлүк менен тарткан түтүн көшөгөсүнөн көзү байланган душман айгай сала айкырып, тынымсыз атып, полктун алдынан жайнап өтө берди. Самаган учурдун кыябы келгенде ким турсун! Буктурмада бугуп жаткан жоокерлердин колундагы куралдар безилдеп тилге кирди.

Корккону, коркпогону билинбеген Нияз, милдети ок атуу болгондон кийин душмандын тобун болжоп, затворун жандантат. А Андрей, кутуруп кеткендей! Атып жатканына ыраазы болбой тиштенип, траншейден секирип чыгууга ашыккансыйт.

— Эки-үч жолу атуусун токтотту да, гранатасын жулуп алып, бет алдыдагы топ немецтерди көздөй берип-берип калды. Эки ийнин күйшөп, тиштенип кайра атканга киришти. Нияздын катарынан беш-алты жоокер кулап түштү. Алардын не болгонун сезип чочуп кеткен Нияз имериле калганча жанындагы бирөө «Аа!» деп бакырып, шалак жыгылды. Кыязы, ок мунун маңдайына жаңылган окшоду.

Жоо — өжөр. Жоо — өрт. Бирок, өжөрлөр адам күчүнөн жаза алат! Өрт адам колунан өчөт! Баш калкалар томуктай торпу жок ачыкта жайнап качырган сайын чалгы тийген чөп сымал боо түштү. Алар ансайын күчөп, өз өлүктөрүн өздөрү тебелеп жайнап келет. А биздикилер траншейди жамынып, куралдарынын жаагын жанытып ок чачууда. Замбиректерден учкан снаряддар душмандын дзотун тытып, чачып, коңторуп, тымтыракайын чыгарып жатат.

Баятан демин көөдөнгө жыя ыйынып, ычкынып дөлөөрүп ок аткан жоокерлер чыдабай кетишти.

— Ураа!

— Ураа!

— Ураа-аа!

Бирин миңи ээрчий селдей күрүлдөп качырышты. Ма! Жоо менен жоо алышты. Өкүрүк, бакырык, түтүн, чаң уюлгуп, айлана алеттен чыккандай. Ай алыстыгынан сынбай, жер калыңдыгынан оюлбагандай...

Андрей траншейден секиргенде Ниязды ийнинен бир чапчыган:

— Николай за мной!..

Жөөлөшкөн көпчүлүктүн арасында Нияз, Арпачысынан калбай жүгүрдү. Андрей жүгүрүп барат, мылтыгын бетине ала коюп атып барат. Нияз ок чыгарган жок, өзүбүздүкүлөргө жаңылып калабы деп коркту. Андрейди жандап жүгүрдү. Жүрө түшкөндө Андрейге шырыктай узун неме бет чыгып калды. Андрей ага штык урганча экинчи бир немец капталынан качырды. Ошондо Нияз алдастай:

— Аа, кысталак! Тарт! — деп бакырып, бешатарын баканча көтөрүп, экөөлөмөкчү болгон немени дал чокуга чапты.

Андрей узун бойлуусун көөдөнгө бышып алганда, ал ыңк эте узунунан түштү. Чокусуна мылтык тийген берки сендиректей мүдүрүлүп кеткенде, Нияздын артындагы кызыл жылдызчан аны капталга малды. Өзүнө ок жаңылды белем, найзасын кайра тарта албай бөйрөгүн мыкчып, көмөлөндү.

Бири менен бири жумаланып, кимдин ким экени ажыратылбайт. Өкүрүк, кыйкырык, бакырык, атылуудан кулак дүңгүрөйт. Жоонун топону тос. Дарыгын жыты, ыш, түтүн тамагын бууп, дем алалбай жүгүрүп бараткан Ниязга эки кадамча кыйгачтан:

— Апа! — деген кыргызча бакырык кулагына шак этти.

Айсыз караңгыда жер сыйпалаган кишиче үн чыккан тарапты кайсактай карады. Бул Иса экен. Нияз жуп жетип, кучактайын дегенде ал очорулган ордунда ичи эшилип, жер-

ге чубалган көк чаар ичегилерин кош колдоп жыйнап, шилеп, жанталашып, алдастап жаагы тынбай:

— Апа! Апаке!.. Айланайындар! Жардам, жардам!.. — деп жатты.

— Иса! — Нияз мылтыгын таштап жиберип, очорулган Исаны мойнунан кучактай жүзүн өзүнө бурду.— Садагасы, садагасы... Иса!!.

Көзү тунарып бараткан Иса Ниязды тааныды. Колу ичегисин мурдагыдай бат-бат жыйнай албай бошко кайсактап, тереңге чөгүп бараткандай мемирегенсийт. Каны кача көгөргөн эриндери бүлкүлдөгөндө сөздүн шоокуму угулду:

— Айланайын... Апакем...

Нияз эчкирип, Исанын шылк эткен башын кучактады.

* * *

Душмандардын өлгөндөн, колго түшкөндөн калгандарынын чый-пыйын чыгара сүрүп таштап, советтик жоокерлер кыштактан нары өтүп, жайланышып тартипке келип жатканда, Андрейдин эсине Николай түштү. Ал адегенде эки жагын элеңдей кайсактап чочулады да, аралашкан жоокерлерден өз взводун издеди. Күйүгүп, бышылдап чекесинен аккан киргил терди көйнөгүнүн жеңи менен сүртө мойнуна камытча кийилген шинелин көтөрө-көтөрө желденди. Кеңкең арыштап үн салды:

— Николай! Николай!

Жооп берген жок.

— Оов, Николай! Киргиз Николай!

Ал «мен мында Арпачы!» деп, чыга калбады.

...Иса жан берген соң Нияз анын кан-сөлсүз жүзүнө көз жашын көлдөтө тиктеп туруп, анан алдыны көздөй жүгүргөн. Эшик-төрдөй ченде найзалашып жаткан эки башка солдаттарды көргөндө тиги, шинели жашыл душман атангандын бирине ызырынып:

— Эшек! Исанын ичин жардыңар. Жаш өмүрүн кыйдыңар! — деп качырып сала берди да, душман буйтай бергенде капталга малып алды. Адамдын аянычтуу бакырыгын кулагына илбей, урганда бырт этип, анан жумшак нерсеге мылгый түшкөн найзасын суура, экинчисине кыйкырды:

— Эшек! Токто!

Ал токтогон жок. Артына кылчак-кылчак корко карап, тетигиндеги кайыңдын далдоосун беттеп жүгүрдү. Күйүгүп, сөгүнүп, жаалданган Нияз ага жетпесин билип, жана ал кайыңды жамынып алса балээ башталарына көзү жетө

затворун тартып, атып жиберди. Ок тийген неме дабдырай түшүп сулаганда ого бетер албууттана алга жүткүндү.

Жашыл шинелчендердин көбү куралын ыргытып, кол көтөрүп багынып жатты. Нияз бул учурда душмандын траншейине жетип калган. Бир окопко секирип түшкөндө өзү тарыздуу немецке беттешти. Тигил автоматын ыргытып жиберди, көзүн чакчайта кол көтөргөндө тике союудан айнып, мылтыгын союлча абага көтөрүп, төбөгө чапмакчы болду да, шилтеп жибербей токтоло калды... Кол көтөрүүгө чамасы келбей көр оозунда калчылдаган адамдын купкуу өңүн көрүп, кирпик ирмегенче көз алдына жалгыз Эмилбек тартылды... Ушинтип адам өлтүрүүгө аргасыз болгон өзүнө да, аны аргасыз кылган бул касына да жаалы келди жана аяды. «Балким, мунун катын-баласы да алыста аргасыз калган чыгар?» — деп ойлоп:

— Ок, кейпиңди, шайтан соккур! Мында бок жегени келдиңерби? — деп чаңырды.— Безгек болгонсуп калчылдайт да! Тур, колго түшкөндөрүңө кошул. Антпесең дагы бирөө ыргыта коюп кетет, байкуш! — деди, ал кол кайрыбай нары чуркады. Нияз узаары менен берки таштап жиберген автоматын ала коюп, кармай берди. Нияздын оң колу арт жагына чабыла сендиректеп ыргалып, ычкына кылчайды:

— Кан... кор...

Өлгөндөрдүн денеси ар жерде домпоюп, топурак каап, кээси чалкасынан сулаган. Траншейдин кырына арта салынгандар. Кармашып кошогу менен жыгылгандар. Ушул дит багып карай алгыс кырылгандардын арасында эрдин кырча тиштеп, ычкына Нияз да калды... Чиркин ай! Аба каңырсыйт. Кан жыттанат. Күн булут чүмкөнө айлана шыйырланет. Көрүнүшкө чыдабай жүрөк сыздайт, каңырык түтөйт.

## БУТУ КЕСИЛГЕН ЖИГИТ

Келбеттүү жигит Ишен эсинен танып жатты. Мурдунан тынoo чыккансыйт. Жүрөгү көөдөнүн дабыштантат. Бул абалда ай бою жаттыбы, же жума өттүбү, билбейт... Кирпигин көтөрүп, карегин жылтыратса дүңгүрөөлөргө жер солкулдап, түтүн чаң аралаша тумандап, дары менен кандын жыты каңырсыган согуш талаасында эмес, таза, жарык бөлмөдө сыяктанат. Ошондо халатчан санитарканы таанып, жарадар экенин сезди. Түйшөлүүгө аракеттенди. Башы көтөрүлбөй шылк этти. Баарыдан да бел көчүктөн төмөн жагы таш басып калгандай салмактуу. Жардам суроого көзүн алактатканда сестра үйрүлө калды. Бул учурда башка па-

латадан бойлуу, жээрде мурутчан, такыясынын жээгинен көк ала чачы көрүнгөн хирург башын ийе үңүлдү. Жарадар жалооруй күбүрөдү:

— Мен... Менин кайсы жерим... Оор...

Көк ала чач адам «эчтеке эмес, жоокерим» дегенин билгизе күлүмсүрөдү. Күлүмсүрөгөндө мурут жамынган эрди саал көтөрүлүп, таңдай тиштери ачылды. Артына кайчылаштырылган оң колун түшүрүп, жумшак манжасын жоокердин маңдайына коюп эркелетти. Мындай сүймөнчүккө Ишендин чочуганда аптыга калган жүрөгү ылдыйлап, кубана тынчыды. «Жеңил экемин!» деген ишенимде көңүлү көтөрүлдү.

...Кадимкисиндей сергип калган эле. Чочулоодон, корккондон мертинбей турган болгонуна, балким хирургдун көзү жеткен чыгар, ким билсин? Бир күнү Ишендин сол ныптасына орундук коюп, орундукка жай олтурду да, жоокердин кан-сөлсүз кубарган алсыз колун одеялдын ичине катып, көкүрөгүн кымтылады. Хирург көптү көргөн ишенчиликтүү көзүн Ишенге кадап жай сүйлөдү:

— Жигит, ажалдан кутулдуң. Сен эми жарадар экениңе капаланбагын?

Аталык мүнөзүнө, жагымдуу сөзүнө магдырап бараткан Ишен селт этип алды.

...Арман! Оң колунун үч манжасы кыркылып, ачакей жыгач сымал бармагы менен сөөмөйүнүн калганын, эки буту жоон сандан кесилип, тоголок болуп, көөдөнү керебетте жатканын эми билди...

Чыдабай өңгүрөштү салды, туйлады. Укканына көңүлү ынанбай жаратын көзү менен көрүүгө ынтызарланды. Жулунду. Үстөккө-босток:

— Жолдош профессор!.. Ушунчалык жарадармынбы? Чын элеби? — деп безилдей суранып, даттанып жатып чарчады.

Акыры эти албырып, сөөк-саагы шалдырай көңүлү караңгылады. Толкун жээкке тээп таштаган балыктай чабалактап, жан алакетке түшүшү буларга да жеңил эмес белем! Алы кеткен жоокердин жүзүнө карай тикесинен туруп ойго бата тунжураган хирургдун көзүнөн чыккан жаш, анын кең таноолуу кыр мурунун капталдай сызылды...

Ишен бир аздан кийин эсине келди. Хирургдун көзүнөн кылгырган жашты көрүп, анын эмнеге жашыганын баамдады. Көк ала чач болгонго чейин адамдардын өмүрү үчүн жугуштуу оорулар менен күрөшүп, ата-журтуна эмгек сиңирген өзүнөн улуу адамды аяй үнү дирилдеп чыкты:

— Жолдош профессор! Жарадар болгонума сиз күнөөлүү эмессиз. Түшүнөм...

Кайгыга болоттой бек тулкусу азыр сары жездей майышкан хирургдун үнү ыргактуу:

— Мен да түшүнөм. Өзүң да күнөөлүү эмессиң, жигит.

Жарадар үзүп-үзүп сүйлөп, даттана баштады:

— Карыган энем бар эле! Бир уядан жалгызмын. Тоголок көөдөнүмдүн алар үчүн кандай пайдасы бар? Ойлосоңуз, кандай пайдасы бар?.. Жаш колуктумдун бактысын байлап, бүлөөмө салмагымды салгыча... Сураганым, ууртам ууну аябасаңыз менден?

— Уу? — деп, чочуп кетти хирург.— Сабыр эткин! Сага өмүр берүүгө даярмын. А, андай таш боордук эч качан колумдан келбейт!

* * *

Эки буту жоон санынан кесилип ташталган тоголок Ишен январь айынын орто ченинде жаратынан айыкты. Эки күндөн соң госпиталдан чыгаарын укканда, өнүп-өскөн айылы, чамынып аккан Нарын дайрасы, карегинен тегеренген энеси, мойнуна асылып эркелөөчү келинчеги тартылды. Кем мүчө болуп калганына ичинен сызып сары убайым тартып чүнчүгөн жүзү нурданып, көзү жайнай бир эсе толкундандты. Тешик таппай турган чилденин суугу каалга ачылганда палатаны аралай удургуп, жүзүн муздатып өткөндө Ала-Тоосунун абасын жуткандай сергиди.

— Асманда бүркүтү айланган Ала-Тоом! Аралай чаап кыр-кырында жүргөндө баркыңды билбепмин. Булагыңдын жээгине боортоктой жыгылып, кана шимирсем!..

Бирок, кайра ошол замат өз үйүнүн төрүндө энеси менен аялына салмагын сала отурганы башын тегеректей калып, супарасы сууй шалдырады. Кубанган жүрөгү өйүп, кабагын чытыды. Санаага чөгүп, мөгдүрөгөн боюнча эки күн жатты. Качан жасалма буттун боолорун арчынданып, аскер кийимин кийгенде соо кезиндей шыңга бойлуу азамат экенин күзгүдөн көрүп, жарпы кайра жазылды. Бирок, ушунча жылга чейин ден соолугунун баркын, денесинин келбеттүүлүгүн бир жолу да сезбей келгенине азыр өкүндү. Өкүндү! Эки колтугуна эки балдагын тирей кармап, жылып басып, палатадагы ар улуттан жаткан жарадарлар менен коштошту. Хирург көңүлү көтөрүңкү Ишендин колун кысып, узатаарда бул сөздү айтты:

— Сен жоокер, заманыңа кор эмессиң. Кана, саксаламат бол. Үйүңө жеткирүүгө жаныңа Люданы коштук. Маңдайына жылдыз кадалган боз тумак, үстүнө аскер кийимин кийип, белин кындыя курчанып, жолго чыгууга даяр турган

тарас бойлуу кызды көрсөттү. Ишен анын тумагынын жээгинен кылайган сары чачына карап алды. Ата-журту үчүн кашык канын аябай жоону тик качырганын, эми бул абалда калганда мекени минтип кам көргөнүн акылына тегеретти. Шердене көңүлүндө күбүрөдү:

«Заманымдын жабырына да ыраазымын, шаттыгына да ыраазымын эми!».

* * *

Госпиталдын карамагында иштөөчү далысы эңкөө, чоң көздүү жоон чал өзүнө түгөй келгендей жарашкан шалпаң кулак, башы тепшидей, жал-куйруктуу, балчайган чабдар атты чанага чекти. Чананы кыроо басып, тоңуп турат. Кайсы жерин кармаса да колду каарыйт. Чалдын бутунда боз кийиз чокой, башында аскер тумагы, үстүндө ак кой тери жакасы ийиндеринен бери жапкан саргыч, узун тон. Кары тактайдан жасалган кичирээк сарайга кирип кетти да, кайра чоң кучак кашек көтөрүп келип, чананын үстүнө таштады. Булар чанага чыккан соң чал тизгинин жыя кармап, алдыга жамбаштап, шапалагын абага булгай булгай, атын ооруга бир салып жөнөп кетти.

— Ноо!

Баятан чалды өңүнө карап «дудук го?» деп бүшүркөгөн Ишен анын сүйлөй турганына көзү жетти. Тиги госпиталдын эшик алдына бири балдакка сүйөнө, экинчиси гипстелген колун мойнуна асына кол булгай коштошкон жарадарларга баш ийкей алыстай берди.

Аба тынч. Үлп эткен ызгаар жортпойт. Кайдадыр алыста-алыстагы тереңден күүлөп атылып жаткан зор куралдардын доошу жай, үзүлүп-үзүлүп угулат. Тээ, чыгыш тарапта арасынан мыдыр эткен жан көрүнбөй кар басып калган кичирээк кыштак турат. Шалпаң кулак чабдар дүкүлдөй желе басып кызууланган сайын бутактары кыроого ийилген токой арасындагы жолдо чана зымылдайт.

Чана токойдон суурулуп чыкканда чатыры бийик, морунан түтүн булаган жыгач үй көрүндү. Бул үй разъезд эле. Үйдү айланып келип чана токтоду. Люда түшүп, баштыктарын алган соң, абышка абалкы олтурганы боюнча жамбашын копшоп да койбой, коштошпой да жөнөй берди. Балдагына сүйөнө карыга назар бурган Ишен каргылдана катуу унчукту:

— Чоң ата саламат болуңуз!

Чал ошондо гана артына имериле күрөң сакалын жарк эткизе баш ийкеп, кайра тез бурулду.

Ишен тапталган карды чоочун буту менен чукуй качырата басып сонуркайт. Люда жоокердин шаттуу кейпине тең орток боло күлүмсүрөйт.

Ак кар жамына ою-дөңү билинбей тунарып жаткан токойлуу жеринен тээ алыскы мөңгүнүн кобулунан чыгып келаткан кара аюу кебетеленип, анан берилей-берилей өгүзгө окшоп, дагы жакындаган сайын көөдөнү далдайып, көк түтүндү бүркө, поезд сойлоп чыкты. Баятан Людалар менен жай сурашып турган темир жол сакчысы сары желекчесин сууруп, жол жээгин көздөй басты.

Ысыган ичегилери шыркырап, тешиктеринен атылган көк буу аязды теше күш-быш этип, паровоз токтоду. Ишенди вагон курсагын карай жымыра жай чайпала, солк этип кычырап, ордунан жылды.

Вагондун ичинде айылына кетип бараткан солдаттар экен. Биринин сол билегине снаряддын чачырандысы тийип, сол колунун манжалары чүрүшкөн. Экинчи да бирөөнүн манжасы кырчылып, калак сымал алаканы жеңинин ичинен мултуят. Үчүнчүнүн бош калган оң ийни шөлбүрөп жеңи чөнтөгүндө жүрөт. Кээ бирөөлөрдүн айнектен салынган бир жак көзү берки соо көзүнө окшошпой жансыз жылтырайт.

Эх, кылайып эстен кетпес согуш күндөрү ай! Баарын көтөргөн адам баласынын чыдамкайлыгы ай!!

Кара сур орто жаш солдаттын жогор жагынан Ишен орун алды. Нары терезенин түбүнө баштыктарына чыканактай Люда олтурду.

Тааныштар вагон ичинде убакытты карта ойноо менен кыскартууга өтүшүп, бөөдө санаадан четте шаттанып, оюндун эрегишине берилди.

Поезд кайсы бир вокзалга токтоп калган эле. Вагондордогу жоокерлердин бир канчасы биролото түшүп калып, бир тобу сонуркап сыртка, абага чыкты. Ишен жыла басып, терезеге келди. Люда соңунда. Ушул учурда, кыязы вагондун аягынан кирип, бирин койбой кыдырып келаткан болуш керек, ар тилди аралаштырып бакылдаган адамдын үнү угулду:

— Мамашы! Братья! Сестры! Помогите! Аталар! Хамы карындаштар! Жардам этиңер? Хайры — саховад бериңлер?..

Мунун кайырчы экенин, ал түгүл дени соо, алдуу экени үнүнөн улам даана. Үн бир аз басыла калып, кайра муңкана чыгып, жанагы эле айткандарын жабырата кайталайт. Ишен кабагын чытый үн жакка имериле калганда, кошуна купенин каалгасы шарт ачылды да баятан үнү угулуп, өзү көрүнбөгөн адам Ишендин үстүнө кирди. Анын жаш экенин туура болжоптур. Башында тери тумак, таноосу быйпыгый шиш тумшук неме. Кыркылган сакал-мурут кыртыштана

өскөн, чарчы бойлуу. Мойнуна капкалдырыктуу булгаары баштык асынган. Баштыгынын капкалдырыгы каңтарылуу. Оң колунун казык сымал билеги тынч албай култулдап, баштыкты чапкылайт. Оозунан баягы сөздөр жаайт:

— Апа аталар! Хамы карындаштар! Хайры-саховад бериңлер!..

Кайырчы маңдайына тура калганда, Ишендин денеси дүр эте, тамагынан башталган муздак төбөсүнө чыкты. Негедир нес боло кайырчыны тиктейт. Безгек болгондой балдакты мыкчый кармаган колдору калчылдап, жыгылып кетеринде Люда кучактап, көзүн алайта безеленди:

— Эмне болду сага? Эмне болду?

Кайырчынын оозунан арактын жыты бур этти. Купкуу жүзү, калтылдаган башы анын ичимдикке ооп кеткенин билгизди.

...Санаа нурдан учкул, токтон күлүк тура. Саат баскан кайырчы бет алдына тура калганда, абалы оор Ишендин башына эмне өңдүү жамандыктар келе калбады!.. «Мунун эки колу жок болсо, менин эки бутум жок! — деп кабыргасы кайышты.— Колу болбосо да каалаган жагын көздөй илинбей жүгүрүп, бирөөлөрдүн бергенин алып, күн өткөрөт экен. Менчи? Тирүү жүрүп кайырчылык менен күн көргүчө өлгөнүм... Өлгөнүм артык эмеспи!..»

Кулагы чуулдап эсинен танды...

Поезд жылганда зорго эс алды. Карта ойногон тааныштары түшүп калып, алардын ордуна жаңы жүргүнчүлөр келип олтурган. Жүргүнчүлөр баштыкка кежигесин сүйөй деми кыстыга чалкасынан жаткан кыргыз солдатка, анын чекесине муздак сууга малынган чүпүрөктү басып, үйрүлгөн орус кызга назар бурушту.

Жүн оромол салынган татар кемпир орус кызды тигинин колуктусу го деп жооруду. Бирок башын көтөрүп эс алып калган жигиттин суз мамилеси андай жоромолду төгүнгө чыгаргандай. Кемпир жолдон кошулган чоочун неме го дейин десе, кыз жүз арчысы менен жигиттин ным болгон маңдайын сүртүп, айтор бир боорундай үйрүлөт.

— Бу, балам, күйөөң го — деди кемпир Людага карап,— Армиядан келатабы?

Кемпир, жарадарды айылына жеткирип бараткан санитарка экенин угуп, шыпшынып, кейиген болду. Ишен кемпирдин кейип, аяп кеткенин: «Бирөөгө салмак артып жашагандын азабынан көрө жаныңды кыйганың жеңилдир!» — деп жаткандай жанына батты. Кумсаңдап обдулду. Люда колтугунан жөлөп:

— Каякка, терезегеби?

Ишен үнсүз. Вагондогу дааратканага жыла баса жетип, каалганын туткасын кармаган соң:

— Ыракмат, сиз кайра басыңыз! — деп Людадан өтүндү.

Люда мамлекеттик жоопкерчиликтен баш тартпай, «Ызалуу неме алда эмне болуп кетпесин!» деген ойдо, Ишендин колтугун коё берген жок:

— Кире бериңиз? Айбыкпаңыз. Кире бериңиз?..

Ишендин жаны ансайын ачыды. Намыс жүрөгүнө бычактай сайылды. Гүл бакчада ээрчитип жүрчү кызды дааратканага ээрчитип кирүүгө дити чаппай төбө чачы тик тура Людага жалбарды.

— Людочка, өзүм эле кирейин, терезеге жөлөнө турчу, садагасы?

Кайырчыдай мүгдүрөп өтүнгөн Ишендин көңүлүн кыйбай Люда сыртта калды. Ишен ичке киргенде каалгадагы уркуйган темир тутканы көзү чалды. Уурту диртилдеп туткадан көзү өттү. Анан... Анан жаны кашая тутканы далдап сүзүп, өлүүнү ойлоду. «Бул кордук аздык кылып, дагы жарадар болбоюн? Тутка! Баш сөөгүмдү талкалап, мээме мылгы. Мылгы!.. Курун курчана, боюн жыйып, чымырканганда Люданын жөтөлгөнү угулду. Ызанын отуна куйкаланып, каны кайнай, күрөө тамыры көбө алоолонгон денеси таанып жөтөлдөн селт этти. Селт этти да, өзү үчүн Люданын жоопко тартылары эсине кылт түштү!

— «Өлгөн өзүм өлбөй аны жооптуу кыламбы? Оо кудай, биреөлөргө зыяндан башка кымындай пайда калган жокпу менде?!» — деди оюнда.

Сулк тарта денеси титиреп, буркурады. Жамгырда айнектин бетинен мөлт-мөлт сызылган тамчы сымал көзүнүн жашы он талаа...

* * *

Боор ооругандыкты да, айтылган насаатты да, камкордук жардамды да өзүнө каршы алган жаралуу Ишен тоо койнундагы өзү өнүп-өскөн районго келип жетти. Райондон арабага олтуруп айлына жөнөдү. Россиянын токойлуу талаасына көнүккөн Люда жолдо катар шампан баштуу шоңшойгон бийик чокуларды, чокудан аркы арсайган аскаларды таңдана карайт... Жаралуу жоокер кыска көчөлүү кыштагын көргөндө, жүрөгү бир эсе кубана опколжуп, бир эсе мөгдөдү... Кыштактын кээ бир үйлөрүнүн морунан түтүн созолонот. Кыламык кар каптап саргайыңкы тарткан саз үстүндө жайылган уйлар. Наркы төө карын адырда чачырап оттогон жандыктар. Тетигинде коргонуна жал-жал чөп жыйылган чоң сарай. Сарайды айлана баскан торпоктор,

уйлар. Кыштактын башынан келаткан боз атчанга айыл иттери абалайт. Чыгыш тарапта терезелери заңкайган ак мектеп. Айланасында кубалашып кар чапчып урушкан балдар.

Ишендин келетканына сүйүнчү жеткен белем, эшик алды адамга толгон. Үчөө-төртөө арабаны карай жүгүрдү. Алардын артынан бирин-сериндери чубай басышты. Жүгүргөндөрдүн алдыңкысы — сүйүүлөрү тарабай калган жаш аялы Нуруя экен. Нуруянын чачылуу кызыл жоолугу артын көздөй жылмышкан. Кара чачы үрпөйө маңдайы жаркырап, бети албырат. Көзүнөн сүйүнүчтүн жашы мөлтүлдөп, арабанын үстүндөгү боз тумак, боз шинелчен эрин басып жыгылды. Келинчеги алкымынан алма-терме жыттаганда, Ишен көзүнүн жашын кылгырта өзүн-өзү зордоп жылмайды да, өбөктөгөн Нуруяны бош кучактай муун-жүүнү калчылдап сурады:

— Жакшысыңарбы?.. Апам күүлүбү?

Нуруя сөзгө жооп берүүгө чоло таппай өпкүлөп жабышты.

— Кантет? — Ишен келинчегин ээгинен сылап, маңдайынан жыттады.— Келбедимби эми... Тур, мени сага жеткирип келген тигил, Люда менен таанышчы.

Ашыккан Нуруя баятан аны жигит деп ойлогон. Эми жаш чайган көзүн ирмей Люданы кучактап өптү. Жоокердин жарын сын көз менен караган санитарка анын оордукка майышпас көңүлүнүн актыгын сезип, толкунданып, жашып кетти.

Ишенди эки жигит арабанын үстүнөн көтөрүп түшкөндө энеси Мистебү колундагы суу толгон сыр аякты баласынын башынан үч имерип, сууга түкүртүп, күрөндүнү көздөй чачты:

— Кайгы-капа, саат-сабыр кара суу менен кет! Мээнетиңди алайын кулунум!.. — деп жалбара баласын өпкүлөдү. — Көзүңдү көргөзгөн жаратканга ыраазымын! Ыраазымын!

Үстүндөгү чолок ак тонунун эки жеңин түрүнө шымаланган кара мурут жигит тик мүйүз көк серкени маарата жетелеп келип, Ишендин алдына жыкты да, күмүш толтолуу бычак менен мууздап жиберди. Жаны чыга электе ичин жарып, өпкөнү жүрөгү менен сууруп чыкты. Элинин ырасмысына түшүнгөн жоокер башын ийди. Бекене бойлуу ак сакал чал булоолонгон өпкөнү кекиртектен кармап:

— Менин колум эмес, умай энеңдин колу! — деп бат-бат сүйлөй Ишенди далыга үч чаап, башынан тегеретти да, сагалап турган иттерди көздөй ыргытты.

— Ал! Ooру-сыркоо, кырсыктан эсен болсун, бала!

Сырттагынын баары эми үйдү көздөй жабылышты. Конок дешип Люданы эң алдыга киргизишти. Жетине албай барбалаңдаган эки жигит Ишенди бастырбай балача көтөрүп, Люданын соңунда.

Качыраган бутунун бирин бүгө, экинчисин сунуп эки кишилик орунду ээлеп, Ишен төрдө. Катарындагылар мандаш урунуп, чыкыйып олтурса, өзүнүн олдоксон абалын көрүп, ансайын ичинен сызды. Ага-туугандардын үстү-үстүнө кирип кол беришип, кээси кучакташа өбүшүп көрүшкөндөрүнө Ишен тоңдоосун эсендешти. «Киши санынан чыккан менин эмнеме сүйүнүшөт экен!» — деп ойлоду. Кээ бир кыраакы адамдар Ишендин негедир суздана маанайы пастыгын байкап, «Кан аккан жерде жүрүп каны суюлган чыгар. Каны толуп, калыбына келээр. Ошондо согуштун жайын сурап, көргөндөрүн айттырарбыз» дешип, алдыртан абайлап, аз сүйлөштү. Өпкө чапкан чал жетине албай:

— Кыбырап жаның, айнектей көзүң келгенине биз таалайлуубуз! — деп сакалын сылады.

Бул сөздү уккан Ишен ичинде «Ии, эми эки колум эки ийинимден ажырап, томолой болгондо ыраазы болмок экенсиңер го! — деп табалайт.— Ате, немецтердин снаряды эси жоктук кылыптыр, омуроомду кошо жулуп кетпей!».

Эл толгон үйдүн каалгасы шарак ачылганда, заңк эткен үн чыкты:

— Ассалоом алейкум! Ушинтип жүз көрүштүкпү?

Босогодогулар жарыла берди. Аскерден жаңы кайтып, өзүнүн эски кесиби — бригадирлигин уланткан, далдайган зор Жумалы Ишен обдулганча кучактай калып, өбүшүп көрүштү. Тургандардын кээси, жашыса, кээси жетине албай кобурайт.

— Оңбосун согуш!..

— Бу дегенине шүгүрчүлүк. Кандуу казаттан балдарыбыздын алды келип, жүз көрүштү.

Жумалыга көрүшкөнгөбү, айтор Ишендин түнөргөн жүзү саамга жайдары... Баятан үйгө кирип-чыга жарына алдыртан сөз салган Нуруя: «Кадимкиңдей ачык олтурчу жаным!» — деп күбүрөдү. «Эл-журтуңду эсен көргөнүңө кубансаң? Же жаратың ооруйбу?»

...Айча мурда Жумалы деле оң колунун манжалары чүрүшүп кайткан. Ал мындай жаратын эске алмак түгүл, учурашкандарга сыймыктана колун сунуп көрсөткөн:

— Мына, Мекенин коргогон уулуңардын колу.

— Колуңдан айланайын! — Карыянын бири Жумалынын жарадар манжаларын өпкөн.— Ушундай абалда кеткендер түгөл келсе кана...

Ортодо дасторкон жайылып, май томурулуп, боорсок чачылган. Ар ким өткөн-кеткенди айтып, баж-баж сөзгө кирди. Бир карыя сакалын сылап, үн сээлдегенде Жумалыга кайрылды:

— Кана, Жукентай, чабыш учурунда күчүңдүн пайдасын көрсөтө алдыңбы? Ушу жагынан айтып берчи?

— Ап бали, сөздүн падышасын сен баштадың.

— Ийе...

— Така урдурбаган атты кулактан толгой мыкчып, улакча кармоочу элең, тээтиги эрдемсип келген гитлердин иттеринин бирине сыр көрсөтө алдыңбы ой? Мына ошондон баштап койчу, апыртып да болсо таштап койчу.

— Таң калгыдай эч нерсе болгон жок.— Жумалы жылмайып баян этти.— Жай учуру. Кара жамгыр төгүп турат. Көзгө сайса көрүнгүс түн. «Душмандан тил алынсын» деп биздин батальонго буйрук келиптир. Василий аттуу жигит экөөбүз блиндаждан жылып жөнөп кеттик. Мындай тапшырмаларды нечен жолу орундаткан Василий алдыда... Бирде мөңкөлөңдөп басып, кайра эмгектеп, кээде сойлоп олтуруп, мерчемдүү жерге жеттик. Оро-парабыздан жылт эткен шоола көрүнүп, жалп өчтү. Ооба, жакасына тумшугун катып, папирос тарткан адам сөлөкөтүн баамдадык.

— Тобо! — Кимдир бирөө сөздү үздү.— Илгери мал уурдаганы барчу элек. Булар адамга кол салганы... Заманына жараша адамы, адамына жараша жарагы, тобо!

— Тобоңду коё турчу. Айта бер, Жуке?

— Биздин милдет шырп чыгарбай баса калып, оозуна жоолук тыгып алып кетүү. Караанга чукулдап, мышыкча секирүүгө учур күттүк. Чүмкөмө плаш кийген тигил, жаандын суусун шалп-шалп кечип, ары-бери басып жүрдү. Жок, караан экөө болуп калды. Экөөнү алып кетүү оор. Андыктан бирин жайлаш керек... Василий бирине канжар урат. А мен беркини баса калам. Ушул эки иш тең кирпик каккыча тырс эткен дабышсыз орундалсын. Убада ушундайча болду. Жанды оозго тиштеп, ишке кириштик. Тигинисине Василий лып жабышканда, беркисин сол колум менен шап ооздон басып, оң кол менен эргүүлгө берип, тумчулай калдым. Көрсө, эргүүлгө алгачкы сокконумда жаагын талкалай коюпмун.

Кепке кулак салган карыя солдаттын колун кармалап чыны менен.

— Ошондой болмок. Күчүңдүн бекер жаралбаганына көзүм жетчү. Бах, жаагы быркырап кетиптир де?! Бах-бах-бах!— деди моокуму кана.

Бир топтор каткырып калышты. Улага жактагы келин-

дердин катарында олтурган Нуруя, «Ишеним Жумалыча казаттан кайтар күн болсо, кандай бактылуу болор элем!» деп тилек кылган. Ал түгүл каңырыгы түтөп, жоолугунун учу менен жашын тымызын аарчыган. Мына, ошондогу тилеги кабыл болду. Өмүрлүк жары төрүндө олтурат. Бирок, негедир кабагы бүркөө. Көпчүлүктөн чоло таап сүйлөшө албаган келиндин санаасы санга бөлүнөт. «Баягыңдай жаркылдасаң боло, берекем?» Ушундай суроолуу ойлор менен алп урушкан Нуруянын таманы жерге тийбей, кирген чыккандарга чай берип, эшик ачып жүрөт. Олтургандарга чай суна бергенде, Ишенге жалт карады. Анын өңү Жумалы учурашканда гана ачыла түшкөнү болбосо али бүркөө.

Нуруя эшикке чыкканда айылдагы теңтуш куба келин колунан кармай калды.

— Жараты кайсы жеринде экен, ыя?

— Өзүм да толук биле элекмин, секет. Аксайт, кыязы, бутунда го...

— Мейли, аман келди болду.— Келин каткырып калды.

— Аны бир айтасыңбы, эки айтасыңбы!..

Нары эшиктин алдындагы топурагандардын арасынан кимдир бирөө Ишен тууралуу кейип жатат:

— Кайран жигит, кайран жигит!.. Ченебегендей жаралуу болуптур, эки буту жоон сандан кесилиптир дейби...

Муну уккан Нуруя өз кулагына өзү ишенген жок. Денеси дүр эте өңү бузулду. Куба келин кучактай:

— Эмне болду? — деп үйрүлдү.

— Эч нерсе...

Нуруянын жүрөгү бирде чок тийгендей тыбыраса, бирде туз куйгандай ачышты. Заманасы куурулду. Жылдызы түштү.

Түн ортосу ооду. Түлөөнүн эти желип, эл тарады. Нуруя ичин эртеден бери куйкалаган жалынды үшкүрүк менен сыртка үйлөдү.— Мейли... буту жок болсо... Эсен келгени кубаныч, таалай,— деп, тагдырына шүгүрчүлүк кылды.

Эртеси Люда кайтмак болду. Айылдагылар сары чач чыйрак мейманын урматташты. Меймандостуктарын билгизе чөнтөгүнө акча салышты. Ишенге өпкө чапкан чал да көп катарынан калбай нечен бүктөлүп, катылып жүргөн отуз сомду кызга сунду:

— Алып кой, чырагым, тылда жүргөн атаңдын колунан келгени ушул.

Мистебү козу карын сары майын газетага ороп, баштыкка салып жалбарат:

— Көзүңдөн тегеренейин, сары кызым! Жериңе жеткиче береги майдан томуруп, тамак алдында оозуңа сала жүр. Ата-энеңе салам айт. Кел эми, маңдайыңдан сүйүп коёюн!?

Ишен каңырыгы түтөй кол алышты:

— Ыракмат. Кыйналбай жетиңиз, полкко.

— Сиздерге чоң ыракмат. Нуричка менен бактылуу жашаңыз!

Армандуу жоокер үнсүз балдагына салмак артып, башын иет.

* * *

Бир жума бою тынбай келип учурашкан ага-туугандар, кайын-журттардын аягы сээлдеди. Кишилер кирип-чыгып тыным албай ачылып-жабылган каалга, тебеленген төр, опур-топур болгон үй, эми шарактап кайнаган чайга муздак суу куюп дымыткан сымал үч баш кишиге тийип, ээн да, тынч да. Үйдө Ишен, Нуруя, Мистебү.

Эртең менен. Муз турган кош терезеден таңдын шооласы чууруганда Нуруя жууркандын аягына жабылган күйөөсүнүн боз шинелин жамынып, сыртка чыкты. Кайта уйкана жактан чылапчынга үймө көң көтөрүп кирип, мешке от жакты... Түтүн тарткан керней дүрүлдөп, мештин капталынан тап көтөрүлдү. Таза аба кириш үчүн кош каалганы тең ачык коюп, Нуруя сыртка кетти. Башы-көзүн ак жүн оромол менен ороп, терезенин түбүндөгү бийик жаздалган төшөгүндө жаткан Мистебү түйшөлүп, козголуп турууга кам урду. Эненин эки көзү уулунда. Жалынып-жалбарып күбүрөйт: «Кудайым өзү жар болуп, чымындай жанын калкалап, маңдайыма жеткирбедиби. Мээнетиңди алайынымдын кабагынын бүркөөсү ачылса экен!»

Аяк жагы басырылып, көөдөн жагы домпоюп сарала жууркандын алдында жаткан Ишен оң алаканын жаагына төшөп, муз турган терезени тиктеп, ойлуу. Терезеге турган муздар жалбырагы жыш, түнт токой сыяктанат. Абайласа, чокусуна булут чөккөн тоо кыркаларына да окшоп кетет. Бир туруп капчыгайдын кысыгында ит ээрчиткен салт атчан адам баратКансыйт. Ишен мындай көрүнүшкө бир аз алаксыды. Анын кандайча болгондо карыган энесине, өмүрлүк жарына салакасы тийбесин чечмелөөгө өттү... Баарына кайыл боло көздү жуумп туруп, бастырмага асынып өлүүнү да ойлоп көрдү. Бирок, береги өзүн бел кылып, таманы жерге тийбей үй оокатын жасаган ачык кабак Нуруясын, караанын көргөнгө канымет кылып, бетине кызыл жүгүрө бели түзөлгөн картаң энесин кыйбоочудай! Болбосо жанын өлүмгө кыюу кымбат эмес: Эл уктаган кезде жылып чыгып, төш жары жиптин бир учун бастырманын устунуна бек байлап, илмегине башын илсе болду, суналат да калат!

А ага дем байлаган тигил экөөнүн күнү не болот? «Сабырдын түбү сары алтын» дейт эл. Сабыр этсе не болот?.. Ушинтип, намыскөй неме өлүм менен өмүргө өзү арачы.

Ишен бетин жууп жатканда суу куюп жаткан Нуруя ичи ысып эринин мойнунан чоп өптү. Кытыгысы келип кеткен Ишен самын жабылган жүзүн ала качып, бышкырды:

— Кантет...

— Кантпесе, суу куйбай коёюнбу? Эр экенсиң көзүңдү аччы эми?

— Мына.— Ишен көзүн алайтканда Нуруя шашып кетип, кумгандын чоргосун эңкейте сууну шорголотту.

— Ачышат! Жуун, жуун. Ишендим! — Эркелей сүйлөп өтүндү.— Башта шайыр элең го капыр?.. Мурдагыдай эле жүрчү...

— Сүйбөгөнгө шылтоо оңой табылат. «Кабагы ачылбайт мунун» деп чана баштаганың ошо. Али үч гүлүңдүн бири үзүлө элек, шайыр таап аларсың шашпай.

Нуруя чок баскандай секирди:

— Кой! Ошентип да сүйлөйсүңбү! Кабагыңды ачпаганыңды айттым.

* * *

Деги Нуруя бир нерседен шектенгендей жарына назар буруп, алдан акмалайт. Пенсия алганы районго кетип баратышканда жолдо, кептин жүйөсүн келтирип бир нерсени айтууну ойлоду. Арабада тетири карап олтурган Ишен күтпөгөн жерден күйүтүн дааналай үшкүрүндү. Эринин кол кабын чечип таштап, анын колун өз жеңине сала ушалап, жылытып бараткан Нуруя селт этти:

— Койчу! Ушинтип да үшкүрөсүңбү?

— Үшкүрүнбөгөндө кантем. Ыйлайымбы?

— Эмнеге ыйламак элең?! — Келин көзүн бакырайта аң-таң болду. — Колуңа камчы алып, жонума минсең да ыраазымын, үшкүрүнбөчү? Үшкүрбөчү кудай жалгагыр!

— Жонуңа көтөргөндөй балаң белем?

— Бала? Өзүң турганда балаң токтой турсун.

Унчугушпай бирин-бири жал-жал тиктешет. Жай баскан кош аттын айдыңында кычырай тегеренген арткы дөңгөлөктөр тоңу эриген жолдо жумшак ыргалат.

Райондон ишин бүтүргөн Ишен балдагына салмак арта көчө жээктеп келатса, бейтааныш казык бут адам каршы чыкты. Ал каалгасы жок дубалдын ачыгынан бурулмакчы болгондо, үч жаш чамасындагы алагай көз, жылаң баш эркек бала короонун ичинен чуркап келип, канатын жая жар-

машты. Баланын өсүп кеткен кара чачынын алакандын отундай жери кайчыланган боюнча. Анын чала алынган чачы киши күлөрлүк. Бирок, кайра өз кейпине ошонусу жарашкандай. Атасынын мойнун кучактап, элтеңдеп, элеңдеген сайын анын күлкү келерлик кейпинө көргөндүн ичи элжирейт. Казык бут атасы кол таягы менен бирге көтөрүп, дал кайчыланган төбөсүнөн өөп, жетине албай жамактатып кобурады:

— Кайчы баш, кайчы баш. Ушуга берген кайран аш! Муну көргөн кайра кач. Атаңдын көрү, кайчы баш!..

Бала менен атанын эзилишкенин көрүп, Ишен бир түркүн ойго батты. Денеси балкый көз айырбай какая түштү. Тиги киши тентегин тонунун өңүрүнө ороп, өзүнүн тумагын кийгизип көтөрдү да (эгер Ишен көпкө тиктеп калбаса үйүнө кирип кетет беле) аскер кийимчен жигитке карай бурулду. Тоңголок жолдун бетине казык буту доп-доп урулуп, чукул жетти:

— Ассалом алейкум, солдат мырза!

— Алеким салам, аке.

— Аскерден келаткансың го?

— Келгениме бир топ болуп калды.

— Жакшы, жакшы. Кайсы айылдан болосуң? Эл-журтуңа эсен келип, сонун болгон тура, баатыр.

— Бутуңуздан согушта айрылгансызбы?

— Жок,— деп жылмайды,— илгери жаш кезимде суукка алдырып ийгем.

— Оокатыңыз кандайча өтүп жатат? — Ишен бул сөзүн чогоол айтып жибергенине уялып кетти. Берки өйдө-төмөндү көрүп, кагылган кишиликтүү адам белем, бир нерсеге көзү жете калгандай жымыя, чырт түкүрүп коюп сүйлөдү:

— Тирүүчүлүктө да оокат өтпөй калабы. Башы-көзүң соо, колдо күч турганда кор болбоонун камын күтүш керек. Иштесең — тиштейсиң да. Соо жүрүп жалкоо болсоң да кор болосуң. Иштеген жакшы. Балдагың бар экен, кызы, жаратың бутуңда го?

— Бутумда. Чолокмун. Экөө тең кесилип салынды!

Жоокердин оозунан «экөө тең кесилип салынды» деген сөздү укканда баятан илинбей сүйлөп жаткан неме мостоё да, мукактана да түштү. Ошентсе да, шилекейин күрмөп сөзүн улады:

— Чолокмун деп оозду ачып, чалкамдан жатсам асмандан алма түшкүдөй эмес. Ополу өз чокоюмду көктөй албаган мен, башка иш түшкөндө өтүкчү болуп кеттим.

— Өтүкчү?

— Ооба, өтүкчү болуп кеттим.

— Канча балаңыз бар?
— Бул эң кенжеси.— Кайчы башын жыттап койду.— Жеткен чыр. Эрке күчүк. Улуусу да уул. Жетинчиде окуйт.
— Иштеп жүрөсүзбү?
— Иштебей, иштебесе болобу. Артелде өтүкчүмүн.
— Сизге жолугат окшойм. А ким деп сурасам болот?
— Карынбай десең, же артель жакка бара калсаң... Жүрү, үйгө кир, чай ичип чык.
— Жок, Ыракмат. Эсенчилик болсо ичээрбиз. Карынбай аке, эртең сизге жолукпай койбойм.
— Жакшы болот, жакшы болот. Жолук.
Карынбай кол алышты да ыргалып, сылтып үйүн көздөй бурулду. Баласын өөп-жыттап кобурап, короосуна кирип кетти. Ишен бир аз болсо да капаттуулуктан сергий, жеңилденгендей бери басты. Ал ушул учурда негедир, бир нерседен иренжигендей, ошо иренжиген нерсесинен улам оолактап, бир күн болобу, миң күн болобу жарыкчылыкта жашоо кызык экенин баамдагандай абалга мойнунан байлап бирөө сүйрөгөндөй жылды...

* * *

Жарадар болгондон бери биринчи жолу ушул түнү гана жашоо тиричиликти жакшыртууну кыялданып, эртеңки турмушту көз алдынан чуурутту. Ал бирде жанагы алдынан жүгүрүп чыккан кайчы баш баласын өөп-жыттаган Карынбайды элестетип, бирде «Өзүмдүн алдымдан балам чуркап чыгаар бекен?» деп тилек кылды.

Адам түнкү төшөгүнө жатар алдында көңүлү көтөрүңкү болсо, же жакшы түш көрүп куунак ойгонсо, эртең менен жүрөгү кубанып, эмне ишке болсун шыгы келип, тамакка табы чабат эмеспи, Ишен бүгүн эртең менен кабаарыбай, жайдары турду.

Саат он ченде Нуруяны ээрчитип, артелге келди. Түштүк-батышты караган үч терезенин түбүнөн өтүп, кийиз капталган каалганы ача салганда Ишендин мурдуна булгаарынын ачкыл жыты бур этти. Бөлмөнүн ичи баш-аламан. Ортодо сүйрү текче, текченин үстү андан бетер бытырайт. Түрмөк-түрмөк жиптер, ныл, кайыңдын таарындылары, калай челектерде тарактын тиши сымал жыгач мыктар, учук сапталган ийне, шибегелер, кесинди-өөндөр, чала тигилген конч, өтүк баштар.

Текченин наркы четинде карарып жылтыраган алжапкыч тартынып чокчо сакал татар чал олтурат. Чал калып кептелген өтүктүн таманына мык уруп жаткан балкасын

коюп бир жагына жип байлаган көз айнегин кашка мандайын карай көтөрүп, кош балдакчан жигитке аяк өйдө карады.

Эшик жакта эки киши. Наркысынын оң көзүн ак чөл каптаган, бети чаар, үкү баш, көсө. Ал бычылган кончтун ашык четтерин шырт-шырт эттире кесип, тез-тез серпип таштайт. Андан бери далылуу, селкилдеген кара чач, өзүбек жигит. Ал тең ортосунан мыкка илинген жипти алаканынын ортосуна сала шыйт-шыйт эттире эшет. Терезеге чукул таш көмүр жагылган чоюн меш. Суу куюлган жез чара, чыланган таш тамандар. Текчелерде калып урулган, ичилик тартылган өтүктөр жайнайт.

— Ассалоом алейкум! — Салам айткан Ишен босогого токтоду.

Ишендин ээк астындагы кара чач жигит жип тиштеп алгандыктан чачын селк эттире баш ийкеди.

— Карынбай аке ушунда иштейби?

Жоокердин суроосуна тиги көз айнекчен чал жооп иретинде оң бармагын далы жагындагы каалгага шилтеди. Аңгыча көргөзгөн тараптан кечеги Карынбай чыга келди. Колундагыларды таштап:

— Кел, баатыр, кел,— деп эт-бети менен кетти.

Ишен учурашып, акыбалды сурашып алган соң, нускалуу адамча токтоо сөз баштады:

— Сиздерге, Карынбай аке, келишимдин себеби... Согуш не өңдүү уландарды жок кылып, не өңдүүлөрдү мунжу-чолок кылбады. Минтип өзүм да чолокмун... Эби келсе өтүкчүлүктү үйрөткүлө. Адам эмесминби, отуруп алып аракеттенсем үйрөнүп кетээрмин.

Тигил дудук немече иштеп жаткан үчөө колдорун тынымга токтотуп, сөзгө муюшту. Чолоктук башынан өтүп калган, экинчиден жигиттин күрсүнүп айткандагы максатына айдан ачык түшүнгөн Карынбай шарынан кетти:

— Аның ырас, аның ырас. Сөзүңдүн калети жок, баатыр. Эгер адам кааласа, ташты нан жасап жейт. Ал чын. Эми мындай кылалы: Жамачылыктын шаймандарынан бир аз жардам берейин... Азыр кыш күнү. Мына, бир-эки айдан соң кар кетет. Күн жылыйт. Ошого чейин үйүндө бол. Айылда бут кийимдери жыртылгандар аз эмес. Кыргыздын макалы бар «Кулча иштеп, байча тиштегенге не жетсин!» деген Анын сыңарындай ар-кор кылбай бирөөлөрдүн кепичин жамап, дагы башканын өтүгүн жамап көнүгө бер. Анан барабара эшиктен төргө өтөт да. Туурабы, Абзий? — Карынбай көз айнекчен татарга карады.,

— Ие, шундый бала,— деп ал кашка башын ийкегиледи.

* * *

Карынбайдан кол баштык менен толтура керек-жарактарын алган Ишен үйүнө келгенде, биринчи жолу апасынын маасысынын ыдырап кеткен жулугун жымылдатмакчы болду. Эгер, учук тарамыш болсо эле ийнеге саптап алып, мурдагы тешиктерге ийнени сайып тартып, сайып тартса сөгүлгөн жулук жаңы кезиндей бүтөлчүдөй.

Бирок турмуштан өз үлүшүн талашкан Ишен атайы камынды. Шинелин желбегейленип, терезени карап олтурду. Тарамыш учук сапталган жоон ийнени көрүнөө сайып, балка даярдады, баштык ичинен жука өөндөр чубады. Айтор кыймылы, кармалышы эп келише бербей колдоюп чоочун.

Маасынын кончун кайрый баштаганда көз кыйыгын салып жанында турган Нуруя бышкырып жиберди. Кыязы, Нуруя мындай иште көзү каныккан көрүнөт мурдатан. Ооба, айтса-айтпаса өз атасы жүгөн-куюшкан өрчү эмес беле түрлөнтүп.

— Мык урулбаган соң балканын эмне кереги бар? Кончту эмне үчүн кайрыдың? — деп сурады да, каткырып келип Ишендин мойнунан кучактай, балача жонуна арта салынды.— Эгерде апкыттан жогору конч сөгүлүп кетсе кончту кайырсаң болот эле, жулукту сыртынан, мына, мобуреки жерден мындай тегерете жамайт...

Көзү жете калган Ишен күлүмсүрөй сөөмөйү менен оң таноосун ышкылап, маасыны өз колуна алды.

Жамалган маасыны бутуна кийгенде Мистебү жаңы сатып бергендей кубанды. Баласынын айтуусу менен нары басып бери басты. Бутунун башын мындай оодарып, тигиндей оодарды. Маасынын кандай жамалганын сынап жаткан кезде үйгө баягыда Ишенге өпкө чапкан ак сакал абышка кирди. Анын шиш тумшук кепичинин апкыты тик айрылган. Жазылыгы үч эличелик булгаарынын өөнүн тиликке көмөрөсүнөн салып, муну да жамады. Ойдо жок кире калган кары кепичин кайра-кайра карап жалбарат:

— Ате, кудай жалгагыр ай! Айрылгандан бери дагы чоңоюп кетээр бекен деп, кыпылдап жүрдүм эле. Колуңдан айланайын Ишентай, оңдуруп салбадыңбы. Көп жаша ылайым!

Эки күн өптөй Жумалы келди. Адегенде эле келген адамдардын аяк жагын абайлоочу жамакчы бригадирдин бутундагы аскер өтүктүн үзөнгү боо өйкөп тешилгени бараткан кончуна шабыра салып, четтерин кайып жамады. Бригадир өтүгүн кийип, жамалган жерин камчысы менен тарс-тарс чапты. Жерди күрс-күрс тебе кубанып, Ишенди ийнинен чапчый булкулап, далысынан таптай бакылдайт:

— Азаматсың! Жарайсың... Ушинт. Күн жылып, кар жукарып, жаз келатат. Жакында кошту чыгарабыз. Үйдө жатып, жамбашың да талыгандыр. Элинин ичине чык. Жан кайыш, камыттарды ремонттошуп жардамыңы көрсөт!

Жумалы чыгып кетти. Бирок анын акыркы сөзү жаралуу жигиттин мээсинде калды. «Жардамыңы көрсөт!.. Кызык! Менден да жардам болобу?! Каамыттарды ремонттосом... Аларсыз араба, соко сүйрөлбөйт. Соко болбосо жер кантип айдалып, тукум кайдан себилди? Булар аткарылбаса турмуш кайдан оңолот? Капырай, керекминби? Чын элеби?»

Жонундагы оор жүктү бирөө силккендей Ишен жеңил обдулду. Көчөгө чыкты. Айланага көз чаптырды... Тээ чокуларда түрмөк-түрмөк булут калкыйт. Төбө жак ачык. Арык жээктери карарып, сүрүлө берген кар четиндеги жылтыраган муздан тыпылдап тамчы тамат. Кары кеткен жерлер майланышып жумшак. Аттиң, күн нуру кимди ыракаттантпайт! Тетигинде жайнаган таан, көгүчкөндөр чурулдашып, канаттары шатырап саманы көрүнгөн кырманды карай учушту. Моюндары жебедей созулган жоон топ өрдөк саз үстүнөн зыпылдаша айланып эңиштеп, кара сууга конушту. Балдагын жол бетине ныгыра батырган Ишен кампаны карай жөнөдү. Жүткүнө аяк шилтеген сайын далысы жазылып, маңдайы нымшыйт. Жүзү ойлуу, ууртунда жылмаюунун сызыгы... Адамды алсызданткан ой. Адамды алдууланткан да ой. Эмне үчүн көгүчкөнгө өрдөктөр аралашып, бир жерге чогулушпай: бири аңызга, экинчиси көлчүккө энтелешет? Ооба, бири сууда сүзүүгө, экинчиси кургакта жүрүүгө жөндөмдүү. Ошо жөндөмдүү жеринде алардын жеми. Ишендин шыбагасы адамдар арасында. Өлүп тирилген ал, бүгүн эл арасына кетип баратат. Кыйындыкка моюн сунгуча, эми турмуш менен күрөшүп өтөт...

## МЕНИН АТАМ

Чоң көчөнү бойлото тигилген тал-терек. Оболоп өскөн бул дарактын эртең мененки көлөкөсү биздин боз тамды каптайт. Абайлаганга биздин тамдын көрүнүшү кызык! Көчө жагы ак, тыяк ыптасы салынгандагы кара шыбагы боюнча. Мунун кубулуп көрүнүшүнүн себеби болгон. Май айынын жаңырышына чукул калганда сельсоветтен башкармага айтылып, башкармадан өзүнө милдеттендирилген бригадир атын чапкылап түтүнмө-түтүн кыдырат. Эшик алдындагы үй ээсине жете бербей бакылдайт. Сырттан киши жолукпаса терезени камчысынын сабы менен тукулдатып:

— Ээй, дубалыңарды шыбагыла! Кол арыктар чабылып, үйүңөрдүн айланасы мизилдесин. Жыты жыпар май келатат. Май!

Ак калпагын баса кийген сур атчан бригадир биздикине да келди. Апам күздө бүгүп таштаган боз үйүн чечип, үзүк туурдуктарын күнгө жаюу менен алек. Атам керегенин көгү үзүлгөн чыканактарын бекитип жатат. Бригадир озуна салам айтып, эсендик сурады. Анан:

— Шамшы аке! — деп атамдын назарын өзүнө бурду да, жогорку сөзүн кайталады. Шадылуу чоң колун бир булгап, кайра мурутун сылап-сылап алган атам өкүм унчукту:

— Өзүм жашаган аймакты таза кармоону эч кимден үйрөнбөйм! А дубалды... Көрүп турбайсызбы, эртеңден баштап боз үйгө чыгабыз.

Чыны, үйдүн тышын актоого атамдын мойну жар бербеди. Анын үстүнө боз үй тигилген соң тамдын зарылдыгы жок болчу. Бирок экинчи күнү колхоздун кеңсаларына барып келип, канжыгасындагы куржун көзү акиташты чечип жатып, Шамшыкем апамды ашыктырды: (апамды туурагаңыбызбы, айтор келиндеринен башка бүлөсү атамды «Шамшыке» деп атынан айта турганбыз).

— Апасы! Айыл-апаны байкабаппыз. Баары эле шатысына чыгып алып, дубалдарын актап жатат. Тур. Тепшигө суу куй... Бол, элден калган жаман.

Бул күн отузунчу апрель эле. Антип-минткиче кеч кирди. Ошентсе да, оңой иш бүтүргөнүбүз жок. Үйдүн көчө жагын актоого үлгүрдүк. Эртең мененден баштап майрамдын дүрбөлөңү башталды да, биздин там ала бөйрөк бойдон кала берди... Шамшыкемдин айтуусунда, бул тамдын салынганына отуз жылча болуптур. Ошол учурда береги, өзүнүн карамагындагы тогуз баш бүлөнү ың-жыңсыз башкарчу атам «отуз үчтө болчумун» деп далилдейт. Бирок атамдын таскылдай жүзүн, шайдоот кыймылын көрүп, алтымыш үчтө дээгө ооз батпас... Неси болсо да, минтип аңгеме салмакчы болгон атам бүлөнү кызык башкарат; ачуусу келген учурда келиндерине беттешип калса сакал-муруту бириндеп, кабагы түйүлө, көзү аңтарылат. А балдарына жер сыйпалап, демите чакырат. Шамшыкемдин мындай кыялына жалгыз апам гана туруштук бере турган.

— Ой, балдарың өзүңдөй болгуча жаман кыялың калбайт да сенин? Уялсаң боло! — деп бет алдына тура калат.

Атам ошондо бир аз тыйылып:

— Кезек айбандар! Малдар! — деп сөгүнүп, тетири басат.

Эң улуу агабыз колхоздун чабаны. Аты Бакир. Ал кыркка чыкты. Андан кийинкиси борбор шаарда иштейт... Ба-

кир чилетир, көсөө, кара киши. Бирок көзгө чабал көрүнгөнү менен ишке бышыктай. Айтор жыл сайын кошумча эмгектен кур кала элек. Бакирдин эмгегине тийген жандыкты атам малдан бөлүп алып, аттанаар кулагына ата-бабасынан бери келаткан «бакан» энин сала турган. Мындан соң жалгыз улакты атамдан бийсиз эч ким бийлей албайт. Ал түгүл ыктуу козу соём деп, Бакир камчы жеди. Бул мындайча болот: атам Саргашка атын сылап-сыйпап токунуп алып, сапарчылап кеткен. Барган жеринде жумача жүрүп, үйгө күүгүмдө келип түшөт, Тердеп келген атты апама ары-бери желдеттирет. Тери кургаганда гана мамыга байлап, таң ашырып коёт. Сөзсүз бул түнү Шамшыкемдин уйкусу бөлүштү болот. Кеч күздүн сыдырымына ат чыйрыкпасын деп, же суубай калбасын деп улам ойгонот. Көк чепкенин желбегей жамынып, улагадагы кепичин коңултак салып, жөтөлүп эшикке чыгат. Саргашка ээсин дабышынан билеби, айтор кулагын кайчылаштыра ооздукту карс-карс кемирет, окуранат, солбуп турган буттарын түзөйт. Атам кубанып кетет белем, үнү ыргактуу:

— Так, жаныбар! Так жаныбар! — Колун жалдын алдына салат, омуроосун таптайт, соорусун сылайт.— Да бир аз чыда жаныбарым, да бир аз...

Таң үрүл-бүрүлдө акырга жарым боо беде салып коёт. Ошо боюнча үйгө кирбей короодогу койлорду аралап жүрөт. Колхоздун беш жүз коюнун ичиндеги өзүнүн менчиктерин көзү менен таанып, эсептеп чыгат. Эми эсептесе да, жана санаса да бирөө кем! Өңүнөн чыгара келсе, куйругу жаргылчактай кара козу жок. Жок экенине көзү жетип, өңү сурданат. Бастырманын оозунда тигилип турчу боз үйгө (Бакир жатчу үйгө) кирүүгө умтулат. Бирок тура элек келинин жазганып, эшикти серперде токтолот да, кайра тамга кирип төшөктүн аягында маасысын кийип жаткан апамды каптайт:

— Апасы! Кара козу көрүнбөйт да?

Мен мектепке жөнөөгө камынып калгам...

— Сиз кеткен күнү сойгонбуз. Жеңем кудалардыкына барып келди,— дей салбасмынбы.

Кудай салбасын. Токтоо көрүнгөн Шамшыкем буркан-шаркан түштү:

— А-а, бийлей баштадыңарбы! Көзүм бурулары менен үзгүлөй баштапсыңар да! Апасы, бул эмне кылганыңар, ыя?

Окуумдан кечикпейин деп чыгып кеттим. Апам айтышып калды:

— Өзүнүкүн өзүнөн аяйсыңбы? Ага эмне ачууланасың!?

Тамдагылардын бакылдаганын угуп, Бакир шырымал кур-

мөчөн кирип келет. Жаалданып турган Шамшыкем кайра тартпай мыкта булдургөсүнөн илинип турган камчысын ала коюп, Бакирди жонго тартып жиберет:

— Мени чиркейдей да көрбөй калыпсың го! Кеңешиң кана, иттин баласы?!

Кыркка барып калса да, Бакир балача жүгүрүп, эшикке качат. Апам атамдын камчысына тырмышып, наалатты жамгырдай төгөт:

— Ташта камчыңды! Сабаганы калбайт мунун! Кайдан кутулгөн мал экен ал? Өзүнүкүн-өзүнө ээ кылбайсыңбы? Деле сеники өттү, сотко жүрү!

Акыркы сөз атамдын шилисине чыга түштү белем. Аскага урунган толкундай ачуусу боюнан таркап, мукактанды:

— Апасы!.. Алып барарың сот болдубу?.. Карыганда керегим жок болуп калдыбы? Мен... Бир ооз сурооңор керек эле?..

Бакир атама коркок билиш болуп жүрдү. Кулагын жапырып, айылдын сыртындагы адырга кой жайып кетет. Атам кой чыккан соң чолок кемселин кийип, белин кындыйта курчанып, короонун ичин имере карайт... Кокусунан түшүп калган сакадай ташты, же домпойдой чополорду терип, дубалдан алыс ыргытат. Үймөлөнгөн коргоолдорду бутунун башы менен жазып, таманы менен ныктай таптайт. Жада калса, койдун жүнү менен илээшип келип түшүп калган уйгактын, алтыгананын сөңгөктөрүн искеп, кобурайт:

— Талаага сүрүп ийип, кайра айдап келсе эле мал болот деп ойлошот, кезек айбандар! Көрчү, бир аз көз салбаса... малдын жамбашына өтөт, жүнүн тытыштырат булар.

Бакир малды короого кийирип коюп, тамакты Шамшыкемден мурда ичип, же кийин ичип жүрдү эле, бүгүн арбынураак эт салгандыктан чогуу тамактануудан атама батынышa албай үй-бүлө күбүрөй түшүштү да, тамдагы Шамшыкем үчүн көк сыр табакка башка жасашты. Калган бүлө чогуусу менен боз үйдө. Шамшыкемдин жанында мен жана Бакирдин үч жаштагы ортончу кызы Айнаш. Айнаштын тилинин таттуу кези. Ал бөйрөктү «бөйөк» дейт кулакты «уяк» деп коёт. Андан калса төбө чачын эки тал кылып өрдүрүп, кызыл көйнөк кийген бул кыз чоң атасына ынак. Атам чакырган жерге барган сайын ак кагазга оролгон бир кесим эт менен сырткы кабырганы жүз аарчысына түйүп келип, алдынан канат жайып жүгүргөн Айнашка карматат. Кынык алган бул капыр, Шамшыкем чакырган айылдан келгиче боз үйдүн капшытына жөлөнүп, кырчоону тарткылап, бирдемелерди айтып ырдай берет, ырдай берет. Тажабайт да, чарчабайт.

— Атам ээ, атам... Чоң атам кейет... мага эт бейет...

...Шамшыкем үчүн жасалган табакты жеңем көтөрүп келди. Эгер апам келген болсо атам «Отур апасы, бул тамак менин кекиртегимден өтөр эмес» деп, айткыдай түрү бар. Жууган колун майлыкка сүртө берип, улутунду. Макисинин жаагын ачып чайкады. Оң тизесин чыканактап олтурган Айнаш:

— Чоң ата, эт,— деп чычкыланып кеткенде гана жамбаштын майлуу жеринен кыя кесип, оозуна салды. Анан арканы Айнашка, жамбаштын устуканын мага карматты. Тиги үч баланын энеси болгонго чейин кайнатасына тике карабай кыйгачынан бужүрөп олтура сорпо куюп жаткан кызыл жоолук жеңеме кабырганы сунду.

— Ме, айланайын...

Бир аздан соң эттен кесип, мага көргөзө чай чыныга таштай баштады:

— Бул апаңа, бул эжеңе... — Ошентип, боз үйдө канча киши олтурса, ар биринин атын айтат. Аларга арналган кесим этти алмаштырып албас үчүн мен атамдын колун тиктейм. Акыркы чоңураак майлуу кесимди:

— Бул Бакирге,— деди.

Кесим эт үймөлөнгөн чай чыныны көтөрүп боз үйдөгүлөрдү көздөй ат койдум.

* * *

Ата менен баланын таарынчысы узакка созулган жок. Мал кыштоого эртең көчөөр күнү кам-кечекти Бакирден мурда атам жеди. Ферма башчысына барып, шаа мүйүз кызыл өгүз, шалпаң кулак, бакайынан чачпагы сапсайган, курсагы каптай күрөң ат жетелеп келди. Экөөнү эки башка байлады. Тишин кыйыч-кыйыч кепшене, тилин таноосуна алма-терме соймоңдото жаланган өгүздүн алдына топон аралаш чоң боо өлөң таштады. Күрөңгө, Саргашка үчүн атайын жыйылган бедеден айрыга сайып келатып кобурайт:

— Унаанын курсагын жарылганча тойгуз, чарчаганча иштет. Иштин нашаасы ошондо чыгат.

Бул күнү үч буттуу тулгага чоң казан асылган. Калган көңдөн мала кызыл жалын экиленип, казандын капталын жалмалайт. Суюк көк түтүн чамгаракты карай созулат. Үй-бүлө жадырап чогуу. Атам төрдө. Анын жүзү да ай сыяктуу албырат. Айнаш мандаш уруңган чоң атасынын алдында. Тынч алалбай отуруп-туруп, Шамшыкемдин сакалын кармагылап, бабырайт.

— Чоң ата, буй кый, кый ээ?

— Ооба чырагым. Кыл деген ошол. Саргашканын куйругунан жабыштырып алгам...

Бул сөзгө апам бырс күлдү да, Айнашты жаңсады:

— Кежир. Ал сакал деген болот.

Айнаш оюн бербейт:

— Ооба десе сага, кый деген... Кый ээ, чоң ата?

Жеңем күлкүсүнө чыдабай ашкана жактан бирдемелерди издемиш болот. А Бакир оттун жанында. Колунда кычкач. Чала күйгөн көң сыныгын ичкери түртүп, жаңы сындырылган көңдөн кыпчып калайт. Мен Бакирдин жогору жагына боортоктоп алып, китептин кызыгына жетеленүүдөмүн. Маңдайымда эсеп чыгарылган тор сызык дептер ачылуу. Жанымда сары калем сап жөлөнгөн ак сыя челек. Сыя челектин капталында куйругу жерди карай ийилген, желбиреөчү салактаган короз. Ал азыр кыйкырып жиберчүдөй мойнун созгон. Кээде муну тиктей берип, «Кукулдап жибербегей эле»,— деп үмүттөнө тургамын.

Эртең көчүү-коюу жөнүндө үй ичинде сөз болду. Сөз улам кызууланды. Шамшыкемдин үнү чыкканда баары анын оозун караштьы.

— Кышта мал бечара жатынынан союлат,— деп, койчу баласынын кулагына куя баштады.— Чилде учурунда оттуу жерди күн мурда ылгап алып, анан койду жайытка жай сүрүп жүр. Кечинде короонун жылуусу кеткиче киргизип калгандай бол.

* * *

Шамшыкем малды кыштоого жайлаштырып келгенден кийин жакага тынч алып тура албады. Үйгө бир-эки түнөп, кыштоону көздөй кайра жөнөйт. Аякка да консо конуп, болбосо түн катып жетип келет. Ичигинин кара көрпө жакасы ийнин жаба берген эпсиз зор Шамшыкем Саргашгасынан түшүп жатканда эле апам экөөбүз чыга калабыз... Сөзсүз, канжыгага бирдеме байлануу, баштыкта эт-аш. Болбосо кол чаначтын бучкагынан орсок саалчу кысыр уйдун сүтү. Апам дайыма айта жүрчү сөзүн кайталап, тоодогулардын эсендигин сурайт. Саргашкасынын белин бошотуп жаткан атам жыңайлак мени зекийт.

— Кийин бол, ат тебет... Окуу кандай?.. Жыңайлак жүргөн эмнеси!

...Үйдө көңүлдүү кужурашып жаткан элек. Көчөдөн машинанын дабышы угулду. Мен терезеге жүгүрүп бардым... Жүргүнчүлөрдү ташуучу автобус экен. Автобус өтө берип токтоду. Эмнегедир жүрөгүм туйлап кетти. Аңгыча шаардагы байкемдин жүзү көрүндү.

— Ээ, Асан байкем! — деп кыйкырдым да сыртты көздөй жүгүрдүм... Чылк кара кийинген, колунда чемодан, сымбаттуу агам көкүрөгүнө жабыша түшкөн мени чекемден өптү. Аңгыча апам келип басып калды. Тиги, ичигин желбегейлене эшик алдында турган Шамшыкем мурутун жанып, токтоо.

— Кантет, сагынып калган го,— деп апамдын күйкөлөктөшүнө жылмайды да, шадылуу манжаларына шаардык баласынын ак колун кысып, учурашты.

Байкемдин үйдү сагынганы ажарлуу жүзүнөн билинип турду. Ал үй ичиндеги өзүнө тааныш буюмдарга берилип көз салды. Терезенин бурчунда түрмөктөлгөн жиби, шакектүү түйдөгү менен турган апамдын таш ийигин кармалады. Атамдын небактан бери урунчу бардаңкесине, аны менен бирге илинген дүрбүгө карады. Дүрбүнүн булгаарылары түлөп кара алкактарынын каны жоюлуп, сары жездери жалтыраган.

Байкем чемоданын ачып, алып келген базарлыгын берди. Мага калың мукабалуу чоң китеп сунду. (Муну башка тилден агам өзү которгон китеп экенин кийин билдим).

Коңшу-колоңдор агама учурашканы топурап келе беришти. Алар аркы-беркини сурап, бакылдашты. Бир оокумда таргыл мышыктын терисинен тебетей кийген, көзү бакыракай, мурундуу, көк ала мурут Өмүр аттуу солкойгон киши камчысын сүйрөй далдайып кирип келди да, бак-бак унчугуп, кепке алаксыган агама салам айтты. Анын жоон үнү таасир эттиби, же урматтагандын белгисиби, айтор агам ордунан учуп турду. Өмүр агамдын колун коё бербей:

— Аманбы баатыр?.. Узакка келдиңби, же биздей колхозчунун үйүнө эки күнү зорго түнөп, кайра качмайбы? — деп тамашага чалды. Агам канчалык сүйлөмөкчү болсо да Өмүр аке баягысындай эле тикесинен туруп, күлө бага келекесин уланта узак сүйлөдү:

— Шаардыктар эмнеңерге мактанасыңар, ыя? Бетиңерде кырып аларга кызыл жок! А базарыңарга жембаштыктай булгаары «кабыңарды» көтөрүп чыгат экенсиңер да, төрт тоголок картөшкө, бир баш пияз, куш жеминдей этке соода жасайсыңар. Анан үйүңөргө келгенде бир жылдык азык тапкансып, кур чабуул түшө бышырганга кам урасыңар. Мурут майлар майыңар мискенин түбүндө түтөп, пиязыңар тууралып, картөшкөңөр аарчылат. Кудай бар, ошо бир үйбүлө үчүн даярдалчу немеңерди чогултуп туруп, жеке сугунсам жумуруума жук болбос эле. Ха-ха-ха.

Өмүргө кошулуп Шамшыкем баш боло үйдөгүлөр жалпы каткырышты. Улуу адамдын азилине агам андан бетер же-

тине албады белем, күлсө маңдай бырышы жазылып, жүзүнө кызыл жүгүргөндөй.

...Агама учурашууга келгендерден жатарда гана үй өзүбүзгө тийди. Байкем эшикке чыкты. Караңгы небак кирсе да айлананы, бастырманын ичин бир сыйра кыдырып жүрдү... Төргө жайланып олтурганда гана атама мындай суроо койду:

— Шамшыке, канча жандыгыңар бар?.. Түзүк. Өзүңүз көрүп турасыз бир канча жыл окудум. Кесибиме туура келип шаардык болуп кеттим. Жаз алдынан баштап, катарга жаңы үй тургузуңуз. Жардамым бул.— Чемоданынын түбүнөн жыйырма бештиктин төрт пачкесин атама сунду.— Жандыктардан сатыңыз. Жайында эс алууга чыгам. Мүмкүн, кышка өзүм жардамдашаармын.

Атам менен байкемдин сөзүн угуп олтуруп, көз алдыма жаңы үй тартылды!.. Үйдүн чатыры шифер, терезелери чоң, каалгалары бийик. Бул бөлмөдөн тигил бөлмөгө бассам тактайдан дүң-дүң дабыш чыгат. Ортодо чоң стол. Орундукка чыкыйып олтуруп, сабакка даярданам. Па, ошол жаңы үйдүн чатырына чыгып, береги, жайында үстүнө арпакан өсчү боз тамга карасам,— жоголгонуна ай болгондо чаап жаткан бедениң арасынан табылган менин көк тырайке шапкемдин айрыгына жеңем боору эзиле күлгөндөй — эски тамдын тоокканадай кейпине, күзгүнүн көлөмүндөй терезелерине бышкыра тургамын.

* * *

Шаардык агам жумача туруп жөнөп кеткен. Негедир, ушул күнү окуудан тараган соң арыктын ичине тоңгон муздарга жылгаяк тээп жүрүп, үйгө кечирээк келдим. Эшиктин алдында китеп баштыгымдын боосун мойнумдан чыгарып жатып, тиги бастырманын алдындагы Шамшыкемди көрүп калдым. Ал Саргашкадан обочо байланган күрөң кашка атка чөп салып жатат. Мурдумду шыр тартып, тумагымды кежигемди карай түрттүм. Тердеген маңдайымдан буу көтөрүлдү... Береги жал куйругу сыйда, сындуу атты кайдан көргөнүмдү эстей койдум...

Бир ай мурда Октябрь майрамы болду. Биздин эл майрам күндөрүндө эмне гана оюн-шоокторду башташпайт! Күрөш, эр эңиш, кыз куумай, ат чабыш, дагы-дагы толуп жаткан тамашалар. Тамаша үч күнгө созулат. Ошондо да кыбаалары канбай: «Кайсы жерде көк бору бар экен, ыя?» — деп, этек-жеңин жайылта атын чапкылап жүргөн ышкыбоздорду көрөсүң.

Майрам күнү жыйырмадан ашуун күлүктөр чубатууда

жүрдү. Баарынын үстүндө он эки, он үч жаштагы топшойгон тоголок балдар. Балдардын башына ак жоолук буулган, кээсинде кызыл жоолук. Күлүктөрдүн көкүл-куйругу түйүлүү. Соорусунда жабуу. Катуу тер алынып, түн бою таң ашып, эртең менен жарты боо беде, алтын кочуш таза сулуу жешкен немелер уйкусу келгендей моюндарын жерге салып, кулактарын шалпайта аягын жай шилтешет.

Тамашаны башкарган комиссиянын башчысынан буйрук алган милиция жигит саяпкерлерди чакырып:

— Атыңардын жабуусун алгыла!.. — деп бакылдады.

Баятан эшейип, көзгө комсоо көрүнгөн күлүктөр басмайылы бекилип, ат айдоочунун алдында таскактай, чубай беришкенде кулактары тикчийип, төрт аягы жерге жукпай эликче туйлашты. Көкүл-куйругун түйүп койгонгобу, айтор, бул көрүнүштө күлүк аттуунун баары эле сүрөткө тарткандай койкоюшат. Анан кайсынысы шумдуктуудай чуркап, чыгып келерин ким билсин!

Мен курсактуу көк кунан минип, эдиреңдеп нары-бери кур чаап жүргөм. Аңгыча Шамшыкемдин жоон үнү кулагыма орной түштү. Карасам, Саргашкасын алчылантып топ элдин арасынан кол булгалады. Кунандын тизгинин дароо буруп, камчы бастым. Кулагын жапыра, таноосунан бырбыр дем ала күдүрөңдөп аяк таштаган көк кунан менин байкоомдо малга жеткирер эмес! Атам тилимди албайт да, болбосо муну чапса болмок...

Шамшыкем:

— Тополоңдо жыгылып каласың! — деди да, кыйыктанганыма карабай чылбырымды колуна алды. Негедир Шамшыкемдин бирөө менен кызуулашып айтышкан түрү бар. Мурутун жанып, сүлөөсүн тебетейи желкесин карай көтөрүлө жүзү айбаттуу... Үзүлгөн кебин кайра баштады:

— Эй, башкарма!

Узун жаак, бетинин оту тарам кызылдуу, кара мурут башкарма атамдын сөзүнө назар бурду.

— Колхозубузда жылкынын саны канча? — деп сурады атам.

—Жарыктык, майрам күнү анын кереги эмне?..

Атам демите сурады:

— Дал майрамда керек мага. Саны канча?

— Миңден ашуун.

—Баракелде. Ошончо жылкынын ичинен баланча колхоздун күлүгү дедирип, майрамда чабууга бир күлүк чыкпадыбы, а? Же биздин бээлер букадан чыгып, музоо тууганбы?..

Тургандар кокосу үзүлө каткырышты. Муруту биринде-

ген Шамшыкем Саргашкадан күчүн чыгарып, камчысын санга басып-басып алды.

— Уят, башкарма, уят. Намыс керек, намыс! Бир жарым сааттан ашуун убакыт өттү. Аңгыча, ат келатат! Ат келатат! Тигине, тээ тумшуктан чаң созулду! — деп эл дүргүдү. Менин чылбырымды бек кармаган Шамшыкем ээринен обдулуп, мойнун созуп делебеленди. Он мүнөтчө өтпөй топ караандан бөлүнүп, жебедей созулуп, аяк таштап келаткан жалгыз күлүк көрүндү. Мына, ооз жыйып алгыча эл алдына жетип да келди. Чыгып келген күлүктү көргөндө жөөлөр топурап, атчандар ыкыс берип, бирок жабыла чаап жөнөөдөн тамаша башкаруучулардан айбыгышып, орду-ордунда кыйкырып жаткан жан. Мен канчалык жан алакетке түшүп кекиртегимди созсом да, алдымдагы каз катар турган атчандардын далысынан башка эчтеке көрө албадым.

— Чыккан кандай ат экен? — деген сөздү кулагым чалды. Да бир баркылдаган неме ага жооп берди:

— Кашка экен, кашка экен! Жаныбар, марага күүлү келди.

Мурдагы үнү чыккан кишини көрө койдум. Чокчо ак сакалчан, бели эңкейген абышка. Таягын бир мындай, бир тигиндей таянат. Көзүнүн курчу кеткен абышкага жооп берип түшүнтүп жаткан кара атчан, шырыктай узун бойлуу жигит экен. Жигиттен абышка дагы сурады:

— Чыккан күлүк кайсы колхоздуку экен?

— Мөнчик дейт. Жогоруда Жеңиш айлынын жылкычысынын аты экен.

— Баракелде! Аты чыгып, жылкычыны кыдыр даарыган экен... Деги кайсы жердин жылкысынын тукуму болду?

— Мен муну башынан билем! — деди шырыктай жигит. — Жабагы кезинде колхоздон кошумча эмгегине тийген. Ошондо эле күлүк болот деп, кочуштап жем берип, чакалап суу берип, багып жүргөнүн өз көзүм менен көргөмүн.

Абышка таягынын учун жерге тык уруп, тамшанды:

— Баракелде! Жаныбардын айбан да болсо жолу ачылсын эмесе!

Шамшыкем Саргашкасын теминип, чыккан күлүктү көздөй бастырды. Мен чылбырымды өзүмө алып, атамдан мурда жеттим. Ошондо береги, биздин бастырмага бүгүн байланып калган күрөң кашканы бир атчан жайдак нары-бери жетелеп жүргөнүн көргөмүн. Анда ат үстүнөн суктансам эми жанында турам. Кулагы шамдай, көкүлдүн алдынан ноктого чейин сүттөй ак кашка, көзү жайнап, сагагы тутам. Кыскартып айтканда, мунун сыны — байланып турган күлүндүн өзү. Кубанчым койнума батпай атаман сурадым:

— Шамшыке, майрамда чыккан ушул эмеспи?

— Өзү чырагым, өзү!

— Ким алып келди?

— Ким дейт тура. Мен татыксыз бекемин буга! Мындан нары биздин күрөң кашка атыгат.

— Ээй! — деп кыйкырдым да, үйгө кирип жеңилденип, анан чыгып, жакшылап көрөйүн деп жүгүрүп кеттим. Жерге батпай антаңдаган мени, апам коңур үн менен тосуп алды:

— Эмне кечиктиң арам?

Жооп берүүгө үлгүрбөй төргө өтө чаптым.

— Бүгүн унутпай Асан байкеңе кат жаз,— деди апам.

— Эмне деп?

— Жаңы үй кургула деп берген акчаңа атам күлүк сатып алды дегин. Көзүм бакырая, оозум ачыла түштү. Кирпик ирмелгенче койнумдагы кубанычым күбүлгөн окшоду. Жай басып Шамшыкемдин жанына бардым. А киши мага байкоор салбады. Чыны көзүмдөн жаш кылгырды. Бул жерде, мен жаңы үй курбай калганга ызаланбадым. Калпычы болгонума күйүндүм. Себеби, барагы калың альбомдун бетине түр карандаш менен көлечектеги биздин үйдүн сүрөтүн тарткам. Морунан түтүн булап, кызгылт сары түр сүртүлгөн терезелери кечте жанган электр нурун элестетет. Чатырына тийген жамгыр тосмолор аркылуу бурчтагы кернейге куюлат. Тигиндейрээкте, ичигин желбегейлене, мурутун чычайткан Шамшыкемдин келбети турат. Бул сүрөттү мактанганымдан досторумдун баарына көргөзгөмүн. Жаңы үй жөнүндө баян эткем. Ал түгүл эки досум кыш куйган учурда ылай тебелешүүгө макул болушкан. Эми аларга эмне деп айтам? Мындан кийин алар калпычы, калпычы дешип, кордошоору бышык.

А Шамшыкем күрөң кашканын эки жагына чыгып, сылап-сыйпап өзүнчө кобурайт:

— Жаныбарым! Бир ай деген бир күн. Жакында ак тонун сүйрөп кыш келет. Мал төлдөйт. Ой-тоо жашылданат да, гүл жыттанган 1-Май майрамы келет. Ошондо сени колхоздун наамы үчүн байгеге кошом. Маңдайыңды жаркылдатып, аркардай бүгүлө аяк таштап, алдыга келе көр!.. Мендей ээңди уяткарбай намыска жара!

Шамшыкем күлө багып мага бурулду:

— Мурдуңду тарт!.. Окууңду жакшы окусаң, күрөң кашканы өзүңө чаптырам.

Чыдай албай кетсем керек. Жеңим менен көзүмдү сүртүп терс бурулдум.

— Чаба бер, өзүң!..

# ӨКҮМ КАРЫЯ

Кыргызстандын төрт түлүк малы семирүүчү жайлоону, чиркин, көргөн да арманда, көрбөгөн да армандадыр! Тээ алыстан тарта коргон сымал имериле курчаган зор аскалар. Аскалардын мунарадай сороё көк челген учтары булут чалып, кайкысында жуураттай уюган мөңгү. Ой-кырынан жашыл шибер сеңселген сеңирлер керилип, этек жагы чыбырлуу адыр. Ортодо ат кече алгыс чоң суу. Салаа-салаа жылгалардан жүрөктүн тамырындай сызылып түшкөн тунук булактар дал ушул чоң суугa куят. Өйүз-бүйүздө өзөн бойлой чукул тигилген малчылардын үйлөрү. Ак чатырларынын бир жак капталынан кернейдин учу соройсо, сайма алачык менен боз үйлөрдүн чамгарагынан көк түтүн созолонот. Эшиктин алдында экиден-үчтөн байланган токулуу аттар. Ээлери үйдөн окчун, шибер үстүндө мандаш ура, кээси кырынан жата маек курат. Туш тарапта жыбырап жайылган жандык. Четтеринде таякчан койчу. Ээсине чукул комдонуп жаткан көк, кара, ала дөбөттөр. Аркы жыбыттан чочуп чыкса короочулар кулагын тикчийте, жеңдей куйруктарын чамгарактатып тура жүгүрүшөт. Иттен жалт бере дыр үрккөн койлорго карап:

— Ча-ай кайрыл,— деп койчу үн салганда, дөбөттөр жер чапчып арылдаша токтоп, койлор да тынчый жыбырап, кайра жайылат. Жел жортсо көбүргөн аралаш дүйүм гүлдөрдүн жыттары каңылжаарыңды өрдөп, көңүл сергийт. Боюң жазылат. Ашуу ашып, чарчап келсең да айланаңды имере карап алганда, уйкудан жаңы ойгонгон бүркүттөй ачыгасың. Тиги күмүш зымдай жаркыраган булакты бойлоп басасың, болбосо дөбөлөргө чыгып, колуңду серепчилеп, алыскы-алыскы теребелге көз чаптырасың.

Ушундай адам суктанган аймакта дамамат жашап келаткандыктанбы, же өзүнүн сөөгү мыктыбы — алтымыш жашты аласалдырып жиберген жылкычы Дөөттүн кыймылынан, өңүнөн кылайып карылык сезилбейт. Же, рас эле айылдаштары айткандай «мүрөктүн суусун» ичкенби, болбосо усталар жашык темирди көөрүккө басып, чыйкандай кызарганда гана суугa мала коюп, таш жаргыч болот шынаа кылган сымал Дөөттүн денесин эмгек чыңагандыктанбы, айтор кырчын бойдон. Болсо болот! Түнкүсүн шиберге кыроо турчу жайлоонун суук таңы тоо башынан кулан өөктөнө жаңы сүргөндө, Дөөт төшөгүнөн турат. Аркандап койгон атын токуп, мамыга байлап даярдайт. Анан кол какшаткан суугa жуунат да, кымыздын жыты буруксуп турган сары сабааны бышпай туруп, эки керден тундурманы тартып жиберип,

жайыттагы жылкыны көздөй жөнөйт. Тек эл жылуу төшөктө уктап жатканда Дөөт: «Айт, чу, круу-круу»,— деп бакылдай кыр-кырда үйүр чогултуп жүрөт. Айгырлардын азынашы, кулун-тайдын оюн салган дүбүртүнө кошула Дөөттүн заңк эткен добушу чамгарактан үйдү каптап, койчуларды селт чочутат.

Эгерде, жонуна токулган түшө элек улоону кармоо керек болсо, Дөөт сал туздун жанына тузак тартып, имерет. Аркан тостурат. Кемерге камайт. Качанаак тажатып бараткaнда, өзү «жел жетпес» деп кунанынан атап, тогуз асый болбогонго чейин бапестеп бакчу учкаяк жээрде кашкасына жүгөн ката жайдак бойдон ыргып минет. Ылоону топ жылкыдан бөлүп чыгып, камчы ура укурук сундуруп, кууп жөнөйт. Баятан кармашууга жардамдашып, желе тегерегинде догдогондор эми Дөөт кокту-колотту ылгабай чапкылап бараткaнда өздөрүнүн арка-мойну үзүлчүдөй шүйшүнө жалтанышат. Жылкычы болсо ылоонун шайын кетире кубалап жүрүп, жинигерде өрүүгө таянтат да, шап мойнуна укурук урат. Укурукту бурап-бурап, кашкасынын капталына оодарыла чиренип тартканда, баятан атып эле албаса карматпоочудай көрүнгөн көк бышты азыр көзүн чакчайта титиреп туруп берет.

— Бачагар! Кылтакка илиндиңби. — Карыя эрдин тиштене, бак-бак сүйлөсө, чокчо сакалы дирилдеп, күрө тамыры көбө, жошодой жүзү ансайын албырат.

Анан, Дөөттүн бул жоругун көргөндөр аны «Карып калды. Жайыт толо жылкынын милдетин алалбас» деп айтууга оозу батпайт. Ырас, өткөн жазда, карыянын булут чалган төбөсүн көрүп аядыбы, кара мурут башкарма минтип айтты:

— Дөөт аке, ал-күч кандай?

— Ии, кандайын сурайсың? — деп ормоё күлдү, чымчып сүйлөгөндү сүйчү карыя.

— Кайратың кадимкидейби дейм да!

— Кадимкидей болбогонумда эмне кылмаксың, борго байлап күрөшкө салмак белең!

— Отуз жылдан бери жылкы артыпан жүрөсүз. Чарчаңыз чыныңызды айтыңыз?

— Баланын сөзүн баштаба! — деп, Дөөт кол шилтеп күлгөн.— «Атаң алтымышка чыкканда, алдап-соолап күчүн ал» — дейт. Билсеңер, эрте ойгонуп, кеч жатып, жылкы артында жүргөнүм мага кубат.

Ушул сүйлөшүүдөн ай өткөндөн кийин карыяны башкарма чакыртып калды. Чынын айтыш керек, Дөөттүн жүрөгү түпөйүл тартты.— «Ата көрү башкарма, баягыда, карып ба-

ратасың го» деп сөз башпактатты эле,— деп куңкулдөдү,— жылкыдан түшүрмөкчү болгонго». Кайра туруп:

— Жылкы башкарманыкы эмес, элдики! Өлмөйүнчө өзүм багам деп айтам. Эгер аа болбой «өткөр» дешип кыңкылдашса, кайберен жайылчу төрлөргө түн катып сүрүп кетейин. Анан аймактан таап алышсын мени! — деп өз сөзүнө өзү шерденди. Шерденди да, чаңкагандар жутсун деп эки чанач кымыз артына желжетпесин шайбырлата бастырып, жакага жөнөдү. Кеч бешимде колхоздун кеңсаларынын эшигине жетип токтоду. Кымыз артынган жылкычыны терезеден көргөн кызыл үйчү жүгүрүп чыгып, ат алды. Ага удаа бухгалтер чыкты:

— Айланайын, аксакал! Таңдай катып турганда, тамашаны баштадың ээ...

Андан калса активдин баары чогуу экен.

— Кеп эмес бекен! — деп, бири маңдайын жышыйт.

— Баракелде! — деп, экинчиси кежигесин кашыйт.

Дөөт болсо «Чакыртканыңардын жөнүн айткыла, жылкыдан түшүрмөккөбү?» деп, сүйлөп ие албай араң турганда, ак калпагын эңкейте кийген, кара шабыра пальточон ферма башчысы Суксур жылкычыны четке чакырды. Окчундагы тал түбүнө ит олтурушка салып, чыйт түкүрүп, камчысы менен жер чукуй сүйлөдү:

— Кварталдык отчётко карата чакырттык,— деп үнүн бөлдү.— Сизде, жыл башында субайы болуп, эки жүз он үч эле. Азыркы эсепте эки жүз сегиз болуп кетмекчи, буга макулсуз го?

Жүрөгү бастай түшкөп Дөөт:

— Канча жүз экенин кудай билсин,— деп колун сермей тебетейин желкесин карай түрттү.

— Менден кеткендерди өңүнөн чыгарайын.— Ар бирин айткан сайын бармак-сөөмөйүн бүгүп далилдеди.— Ысык тамак үчүн чыгарылган үкү аяк күрөң бээ — бир де. Койчунун минээрине берилген мааникер — эки. Төл кара — үч. Бар болгону ушу. А сенин эсебиң боюнча бешөө жетпейт имиш.

— Экөөбүз жекече сүйлөшүп жатканыбызды түшүнсөң боло?

— Эмнесин түшүнбөйүн?!

— Карып калсаң керек.

Дөөт чыйрала:

— Жашмын деп айта элекмин! — деди.

Суксур жапырыла шыбырап:

— Арак менен алкымын майлап ветврачтан эки башка акт алдым. Анан... Түшүнбөй...

— Тобо! — Жылкычы аң-таң боло сурданды.— Оюн салып жүргөн немелерди өлгөн дедирип эсептен чыгартсам — сакалым өрттөнбөйбү ой?!

— Маңыз экенсиң! — Наараазы болгон Суксур этегин кагынып ордунан турду да, экинчи жылкычыны чакырды.

— Сейталы, бери бас! — деди да: — Сага ишенген киши арам өлгүдөй тура,— деп Дөөттү кекете кобурап, тигини беттеди,— оокат кылсын деп боор ооруса боорго тебет!

— Суксур, бул эмне дегениң? Сенсиз оокатым өтпөй калабы?! — деп Дөөт ансайын олоңдойт.

Мына ушундан тартып ферма башчысы менен жылкычынын бири бирине жасаган мамилелери сыртынан камырабаган сыяктанганы менен ичтеринде быгыша албай жүрдү. Жылкыны эски журттан жаңы журтка көчүрүүдө, же жайыт тандоодо экөө чын ыкластары менен кеңешип, иш кылбастан, кандайдыр күч сынашкандай: «Мен ферма башчысы экенимди көзүңдү ачып, таанып ал» — дегенсип, жүрүштүү жээрде атты сылай камчыланып, жакадан келген Суксур кабак чытып, Дөөткө өкүм унчугат:

Кымызды чайкап ичип, курсагыңды сылап, салкында жатасың. Жакадагылар көгөн, чиркейге талатып, күн-түн эмгек үстүндө. Ушул ырысты көтөрө албай эсиресиң да, чал! Ай, мээси кошо катып бараткан чал ай!

Баккан малына жан-дилин берип, өз күчүнө чиренген Дөөт ансайын тырчыйт: «Мени жөөлөгүсү бар адам. Сендей ферма сөрөйлөрдүн эченин өз колум менен узаткам» — дегенин билгизе бетке чаба жооп кайрыйт:

— А кымызды чайкап ичсем, кыш чилденин узун түнүндө мурутума муз тоңдуруп, жылкы четинде жүрөм. Анда, эгинчилер жылуу төшөктө жатышат. Анын эмнесине кекердейсиң?! Анын, эмнесин мага түшүнткүң бар?

Эгерде Суксур Дөөт үйүндө жокто келип калса, анын улуу-кичүүдөн көп ыйбаа кылчу эткээл байбичесин опуруп-жапыра тилдеп, үрөйүн учуруп, анан өз тамагынын айынан атынан түшөт. Бөйрөктүү сыр аякка мелт-калт сунган кымыздан экини тартып ийип, үчүнчүнү алдына коё берип:

— Кымызың эмне болуп калган? — дейт, тамшана даамын аныктап.— Пейлиң кеткен экен! Ынак эмес, кымыран кошупсуң. Ачыткысын бузупсуң го!

— Койчу ботом! — Күнөөсүз аял ордунан ыргыйт.— Эки желе бээ саап жатып, кымыран кошкудай... Сүт сабага батпаганынан эки-үч саамынан кийин кулундар агытылып иет.

— Жоош өңдөнүп туруп, сүйлөгөн сөзүң бутага тиет да. Чалың экөөң кудайды да алдайсыңар го! Мобу, мен жуткан

кымыз кымыран эле. Пейлиңер кетти. Эртерээк жылкыдан бошотпосо, эл-журтка кеп кыласыңар силер.

Аял бул сөздү ферма аттангандан кийин келген эрине айтты. Жылкыдан бошотуу жөнүндөгү сөз чыкыйына тийген Дөөт жер сабап күүлөндү:

— Кысталак! Мени бошотот экен го! Сага кылбаганды гана кылайын... Жыга чаап, атка сүйрөтпөсөм эле арбак урсун! — Жулунган жылкычы атын минип, Суксурдун артынан жөнөөрдө аялы чылбырына жармашты:

— Дайны жок ачууланбай, түш аттан. Жыга чапкыдай басмачы белең сен. Киши өлтүргүдөй канкор белең сен. Укуругуң колуңда, жылкың жайытта. Обу жок күпүлдөбөй түш аттан!

— Бир эсепте экиге акт алган жылкынын басмачысы так ошол билсең! Жай учурунда кышта соёр согумуна камынган анык канкор так Суксурдун өзү.

Кымыз уулап келген кара сакал адам Дөөттүн атын суулуктап:

— Бир ачууңду бизге бер! Жаман болсо да фермаң тура... Анча-мынчасын кечирип, айтканын угуп кой,— деп жүйөгө келтирди.

— Адамдай адамдыкын угам! Мындай... Кудай берген жанды кудай алат, коё бергиле, ушундан келгенди көрөм!

— Кантет. Көрөм деш да эрдикке жатабы? Сабыр эт. Сакал турбайбы өзүңдө.

Тургандар Дөөттү жөнгө келтиришип, токтотуп калышты. Бул жорук Суксурга жетти. Мойнунда кылмышы бар неме мындан соң жылкычыга ичинде арам ойлосо да, бет келгенде жалтактап калчу болду.

... Кымыздуу Дөөттүкүнөн бүгүн эле эмес качан болсо, киши үзүлбөй турган. Коюн жайып баратып, таягын босогого жөлөй коюп, койчу да кирет.

— Ассалоом алейкум,— дейт койчу, төрдөгү али жыйыла элек төшөнчүлөрдү капарына албай, улагадагы ээрге көчүгүн коюп. Жылкыларын жайыттан жаңы айдап келип, үйүнө эми гана кирген Дөөт кабагы ачык турса:

— Аллейкума салам,— деп кабыл алат да, алтыгатын өйдө түрө баштаган аялына буйрат:

— Бол, койчу акенин суусунун кандыра сал. Койлору кошулуп кетип, бөлө албай чаң-тополоң түшөт. Анан эки койчу сабашып, эсти кетирет.

Эгерде Дөөт түндө алыс кеткен жылкыларын издей улам бир кырга чыгып, коктуларга түшүп жүрүп, зорго таап, чарчап келип, терс кыялы кармап турса, саламын алик албай:

— Карга каак дегенче босого жөөлөбөй, күн көтөрүлгөн-

дө келсең өлүп кетесиңби. Жылкыны кошо багышкансып... аласасы бар немече кузгун заардан жетип келипсиң да мойнунду созуп!

Кээде талаага түнөгөн торпокторун түгөлдөп келатып, уйчу да кайрылат. Дөөттүн оор басырык байбичеси сунган керме аяк кымыздын биринчисин тартып жиберип, экинчисин тамшана алдына коёт да:

— Баракелде! Кымыз деген ушул, арты бал даамданып, — деп мактай баштаганда Дөөт какшык жылдырат:

— Өткөн жылдарда «Эки бээ жетим торпокко чыкпай калды» деп кесир сүйлөдүңөр эле го? Жутсаң кымызы, кыбаңды кандырып атабы? Көнүлүңдү көтөрүп атабы? Адам ээй, жылкы да керек бейм?!

— Ээ, а да болсо, шартка жараша. Машина көбөйдү, жылкынын пайдасы жок эми дешет экен билимдүүлөр. Бизде эмне кеп, баарына баш ийкей беребиз. Бел байлап ойдогу пикирибизди да шар айта албайбыз.

Дөөт обдула уйчунун сөзүн оозунан жулат:

— Андай кепти түз жердин адамдары айткан. А аймагы аркайган ашуу, аңгилден-саңгил адырлуу бизге жылкы табылбас канат. Жылкы бел, жылкы ден соолук. Жылкы сенин жайыттагы уюң менен коюңду ууру-бөрүдөн сактайт. Майрам-тойлордо жыйынга көрк берет. Ышкылуулардын черин жазат, көпчүлүккө күлкү-тамашалуу зоок болот.

Дөөттүн кызуулап сүйлөгөнүнө бет тура албай уйчу кымызын жутуп, жыла сыртка жөнөйт. Муну менен кара сабаанын оозу кайра байланбайт. Биринин соңунан экинчилери келе берип, мамыдан ат, капшыттан эл үзүлбөйт. Бирок Дөөттүн үйүнүн жанындагы бүгүнкү көпчүлүк күндөгүдөй кымыз уулагандар эмес. Жакадагы эгинчилерге, жайлоодогу малчыларга жетекчилик кылган башкарма өзү катышкан той. Бороондуу кышта, кара нөшөр төккөн жазда түндөсү уйкудан, күндүз тынч алуудан безишип, чыгашасыз мал баккандарга башкарма өз колу менен сыйлык тапшырды. Кээсине пальто кийгизсе, кээсинин колуна саат байлады. Жоподой жүзүндө бырыш жок, кыймылы шайдоот Дөөткө эки кийимдик кара чийбаркут тийди. Айтор, албады деген малчы — чайы менен канты оролгон беш метрден чыт колтуктады. Ар кими күдүндөп:

— Малдын асылын ушинтип көрөбүз! — десе, тиги сыйлыкка тийген пальтону жамынган мурутчан неме эки ийинин кагып, камчысын суна тестиер уулун шаштырат:

— Тур, чап! Койдун алдын тос, беркилерге кошулат.

Бир гана Дөөт жайдандабайт. Сабаанын түбүнө балпая олтуруп, керденДерге кымыз куюп жаткан аялына эскертти:

— Кемпир, кымызга кыргыз тойбойт. Берсең жута берет. Ала чокул кылбай киргендерге текши жеткидей өлчөп куйгун.

Мындай учурда азили адам кайкалатчу кары жылкычынын сузданып турганын башкарма алдан байкады: «Сиз, эмне, алган сыйлыгыңызга алымсынбай, таарынып калдыңызбы?» — деп, айтып ийе албай турду.

Башкарманын жанында жүргөнүнөнбү, же жатыктыгын көпчүлүккө билгизүү үчүнбү, бүгүн Суксур өтө шаттуу. Купшуңдап, куудулданып тургандарды күлдүрөт. Кымыз куйган аялга чукул жүүртө отура калып, биринчи керденди кош колдоп туруп, алды менен Дөөткө сунду:

— «Мал ээси менен, баш мээси менен»,— дейт. Астын өзүң ооз тий! Тоо башында түнкү албарстылар менен аралаш жүрөсүң аруу-марууң болуп, даамыңды алгач ичип ийгендер кусуп, тоголонуп калбасын!

Сөздү башкалардан кем сүйлөбөөчү карыя бу сапар жооп кайтарбады. Кымызды колуна алганда гана жаак эти түйүлө дирт этти. Суксур эмки чыныларды катары менен баш ылдый суна берди. Кезек уйчуга келгенде:

— Ии, сары майды эле мактайсыңар, биздин кымызды жутуп көрчү! — деп каш какса, койчуга сунганда:

— Козу-коюңду жеке жебей кайрыла жүрсөңөр! — деп көз кысты.

Бардык сөздү тамаша деп түшүнгөн көпчүлүк, күжүлдөп күлө беришти. Кезек эми башкармага жетти. Суксур мурдагыдан жатык ийиле калып, тартынбай аны да кыябы менен чымчыды:

— Бүркөк күндөрдө убакытты билгизчү сааттын бири, менин билегиме жаркырай түшсө жаман болбойт эле, бухгалтер мырза сизди жазгырып, бурмалай салышса керек го?!

Көпчүлүктүн каткырыгына үй ичи титирегенде, Дөөт тамагын жасап, мурутун жанып, обдулуп, кайра олтурду.

Кимдир бирөө эшиктен баш багып, кымыз ичкендерден өтүнөт:

— Жайлоонун агы качпайт, акелер. Кассирдин жанында тамаша үчүн арналган «ак куйруктар» жүрөт. Кичине, абу дешип, шайтан мойнун сындырсак боло?! Көбүргөндүү көк өтөктө кең олтуруп, эңиш, күрөш тамашаларын көрсөк боло?!

Жакадан келип, кымызга канбай жаткан сары жигит:

— Антаңдабай токтой тур, байгени жеке алсаң да! — деп тизгиндемекчи болду эле, ышкыбоз уйчу:

— Ошо тамашаны баштатып бер, башкарма аке? — деп тигини кубаттады.

«Ак куйруктар» дегенде көз алдына «элүүлүк» тартылып кетип шаша түштүбү, айтор, Суксур селт этти:

— Бая эле эскертүүңөр го! — деди көзүн алайта.— Эңишке канча сом байге болот?

— Отуздан.

— Аз экен. Бери болгондо жетимиштен берилсе...

Уйчу:

— Ырысыңды жебесең! Жетимиштен райондо өткөн майрамда берилбейт,— деди көзүн акшырайтып.

Жердеги жемге ободогу куш түшөт эмеспи. Суксур отуз сомго кызыккан чыгар, болбосо күчүнө ишенгендир. Сунуп жаткан кымызын таштай, шып эшикке чыкты. Жээрде атындагы сары чийбаркут көрпөчөсүн алып, басмайылын бекитти. Кара күрмөсүнүн жеңин чыканактан ашыра түрүп:

— Кана, эңишчүлөр болсо чыга койгула? Байге отуз сом. Эй, кассир, он мүнөткө чейин киши чыкпаса, байгемди бересиң. Угуп кой. Кана? Эй, бет келчүүң чыга кой зарыктырбай! — деп атын камчыга алып нары-бери ойдолотуп чапкылай баштады.

Жардангандар каткырып, кээси кобурап күлүшөт:

— Ушундай ачык жигиттен айланып кетсе!

— Чын эле чабендес окшойт ой.

— Төгүнүнөн жылкы ферма болуп жүрүптүрбү?

Суксур ан сайын жээрдени шарт-шарт камчыга алып, шиберди бырчылдата сындырып таптатып, кассирди омуроолойт:

— Киши чыкпагандан кийин, байгемди берсеңчи? Келе, бере бер.

— Тамаша баштаардан мурда экиге бөлүнбөйбүзбү? Сороктогондор көп болсо, оюн кызыктуу өтпөйт. Ушул сунушту уккан башкарма:

— Чогуу эле болобуз. Каалагандар бет чыгышып, жеңгендери мөөрөйүн ала беришсин,— деди. Суксурга кыжынып жүргөн Дөөткө башкарманын сөзү кандай гана жакты белем! Желжетпесин минип, баятан байге доолаган немеге карай атына камчы урду. Бели эңкее, кең көкүрөк, жошодой жүзүндөгү кара көзү айбаттуу тиктеген Дөөт, жоон билек, шадылуу колун суна:

— Кана, күч атасын таанybaйт. Жигит болсоң кармашып көр! — деди.

Суксур эл көзүнчө аттан түшө кача албай кетенчиктеген жээрдесин теминип:

— Кантет, аксакал, кантет? — дей берди.— Жылкычы-

ларга койчу менен уйчудан бет чыкканы дурускО? Экөөбүздүн эңишкенибиз... уят болуп калбайбы көпчүлүктүн алдында?

— Жөө жүргөндө сүйлөөчү сөзүңдү ат үстүндө айтпа!— деп жекире омуроолотту Дөөт.— Ким күчтүү ким күчсүз, өнөрүң болсо көргөз азыр!

Жардангандар тамаша сөздөрүн жаадырышты:

— Жылкычылар көпкөн экен.

— Ичкендери кымыз. Мингендери күлүк. Булар көппөй мен көбөмбү!

— Ха-ха-ха...

— Хо-хо-хо...

Балбандар биринин колун бири жулуп алып, жулкуша баштаганда беркилер олтуруп тура калышып, бажылдаша күлүшкөн. Эми Дөөттүн көк ала муруту ачуусу келгенин туюнта арбайып, жаак эти түйүлө тиштенип, чындап кармашканын көрүшкөндө ар кимдер өздөрүнчө күңкүлдөштү:

— Чоң майрамдан бетер каны ичине тартты го, чалыңдын?

— Байгеси өткөн немече...

— Уят эмеспи, фермасы менен кармашып...

— Эмнеси уят. Жөн кой, кармашсын. Намыс кичинечоңдо эмес, бардык учурда бир.

Бабырашкандар оозун жыйып алгыча, чыңданган жылкычы душманынын оң билегин таасын кармады да, толгоп, эзип, анан күч менен булка ээринин кашына басты. Кашкасын согончогу менен бөйрөккө ныкып, чучулап күшкүштөдү. Шайы кете атынын капталына ооп бараткан Суксур:

— Жеңилдим, абышка! Коё бер! — деп жалбарды.

— Боло элек! — кыжаалы келген неме атын ансайын теминип, алкынтып-жулкунтат.

Ферманын буту үзөңгүдөн тайыды. Сүйрөлө түшүп, жерге согулду. Алдырган Суксур бозала болуп, тура албай жатканда: «Эңишти болтурбай эле койбой!» — деп кейий уялган башкарма кассирдин колундагы акчаны өзү ала коюп, ат үстүндөгү далдайган карт жылкычыга сунду:

— Күчүңүзгө ыракмат!.. Чебердеп жыксаңыз болмок? Мынаңыз байгеңиз! Ачуусу боюнан тарай элек Дөөт башкармадан айбыкпай кол шилтеди.

— Мен, байге үчүн эңишкеним жок! Бер Суксур иттин өзүнө, ушуну менен тоюнгудай болсо!

## МАЗМУНУ


Түн жамынган акын . . . . . . . . 6
Уйкусуз түн . . . . . . . . . . 147
Бүркүтчү . . . . . . . . . . 210
Намыстын азабы . . . . . . . 248
* Кек . . . . . . . . . . . . 255
* Боорукер . . . . . . . . . . 265
* Согуш жылдары . . . . . . . 271
* Буту кесилген жигит . . . . . . 283
* Менин атам . . . . . . . . . 300
* Өкүм карыя . . . . . . . . . 311



*Качкынбай Осмоналиев*

ЛИТЕРАТУРНО-ХУДОЖЕСТВЕННОЕ ИЗДАНИЕ

**ПЕВЕЦ В НОЧНОЙ ТЕНИ**

**Повести и рассказы**
**Издательство «Адабият»**
**На киргизском языке**

АДАБИЙ-КӨРКӨМ КИТЕП

***Осмоналиев Качкынбай***

ТҮН ЖАМЫНГАН АКЫН

Повесттер жана аңгемелер

«Адабият» басмасы

Рецензиялаган *А. Карыбаев*
Редактору *К. Каракинов*
Сүрөтчүсү *К. Давлетов*
Көркөм редактору *С. Ямгырчиев*
Тех. редактору *Ж. Сооронкулова*
Корректору *Ф. Урмашева*

ИБ № 27

Терүүгө 04. 04. 88. берилди. Басууга 20. 12. 88. кол коюлду. Д—01861. Басмаканалык китеп — журнал кагазы. Адабий ариби, жөнөкөй ыкма менен басылды. Форматы 84×108¹/₃₂. 10,0 физ. басма табак, 16,80 шарттуу басма табак, 19,71 учёттук табак, 17,12 боёк түшүрүү. Тиражы 19000. Заказ № 92. Баасы 1 с. 40 т.

«Адабият» басмасы.
720737, ГСП, Фрунзе шаары, Совет көчөсү, 170.

Кыргыз ССР басма, полиграфия жана китеп соода иштери боюнча мамлекеттик комитети. Кыргыз ССРинин 50 жылдыгы атындагы Кыргызполиграфкомбинаты. 720461, ГСП, Фрунзе, 5, Жигули көчөсү, 102.